Скарг
Ж64



Суранчы
ЖЕТИМИШОВ

ЖАРАКА

(Жаныбек казы)

Сыр
ЖС 64

Суранчы ЖЕТИМИШОВ

кр

ЖАРАКА

(Жаныбек казы)



Токтогул Сатылганов
атындагы
Ош облустук китепкана
ИНВ № 483646

к

Токтогул Сатылганов атындагы
Ош облустук китепкана
МЕКЕН ТААНУУ
БОРБОРУ

«Улуу Тоолор»
Бишкек – 2021

УДК 821.51
ББК 84 Ки 7-4
Ж 64

Китептин демөөрчүсү ***Суранчиев Бекболсун***

Ж 64 **Жетимишов Суранчы.**
Жарака: Роман. – Б.: Улуу Тоолор, 2021. – 384 б.

ISBN 978-9967-29-376-2

Төңкөрүш канчалаган кайгы-муңду, кандуу окуяларды өзүнө камтыды. Өлгөндөрдө да, тирүүлөрдө да мекендин улуулугу, келечекке болгон үмүттөрдүн бийиктиги кымбатка турду.

Уруят заманын орнотууга катышкан каармандардын даректүү баяндары окурмандарды кайдыгер калтырбайт.

ISBN 978-9967-29-376-2

УДК 821.51
ББК 84 Ки 7-4

© Жетимишов С., 2021

Сагынбай бай жубайы экөө, Толкун, Айбарча, Бакын, Сайкал төрт кыздуу, Тыныбек, Калыбек, Жаныбек аттуу үч уулдуу, жалпысынан жети перзенттүү болушуп, балдарына колдорунун келишинче тарбия беришти. Бай өзү жаш кезинен айылдык молдодон окуп, кат таанып, сабатын жоюп, таалим-тарбия алган эле. Билимдүү адам, көзү ачылып, китеп окуп, кат чийгенди билип, сабаты жокторго караганда дүйнө таанымы алда канча кеңири болоорун баамдап, ага чоң маани берип, балдарынын келечегин ойлоду. Алардын тили ката элек, тестиер кезинен баштап, окутуунун камын көрдү. Айылдагылар гана эмес жаамы Өзгөн аймагындагылар:

– Палан жерде кат-сабаты бийик, күчтүү молдо бар экен. Маселе айтканда калган молдолор «чук» этпей, башын ийкеп угуп олтурушту.

– Ооба, Курани Каримди бала кезинен окуп, жатка билет экен. Пайгамбардын хадистерин чечмелеп айтып, ислам илимин жат кылганына мечиттеги молдолор өздөрү тан беришиптир дешип, элдин элегинен, каарылардын сынынан өткөн молдолорду издештирип жүрдү.

«Уядан эмнени көрсө, учканда ошону алат» демекчи балдарын тестиер кезинен баштап, кат чийип, китеп окуганга гана эмес, андан да бийик каары-аалымдар чечмелеген маселелерди билүүсүнө кам көрдү. Кудайга шүгүр колунда бар. Өзү айтмакчы:

– Алтын башым аманында, балдарымдын таалим-тарбиялуу, чоң аалым болушунан эмнеге аянам. Дүнүйө-мүлкүм жетет. Балдарыма, алардын балдарына улуу мүлк аталган билимди калтырууга аракеттенейин. Ата-бабамдан калган чагатай тилинде окуп, жазгандар көзү ачык, баарынан бийик болот экен го. Не бир өткөн замандагы окуяларды бир карап туруп билип алышты,

олуядан артык болсо болоор, азали кем эмес. Ал эми пайгамбарыбыздын хадистерин чечмелеп берүү тим эле жомоктогудай. Кой, мен да балдарымды ошолордой болушунун камын көрөйүн, деген бай Бухара, Кашкар аймактарында көп жылдар медреселерде окуп келгендердин арасынан терең билимдүү, балдарына таалим-тарбия бере турган ылайыктуу билимдарын издештирип жүрдү.

Кудайга шүгүр, байдын ниети кабыл болуп, кара-тегиндик жаш жигиттин бардыгы, ал өтө илимдар экендигинин кабарын угуп, атайын киши жиберип, аны алдырды. Сүйлөшүп, таанышып келгенде, ата тегинен бери илим кармаган, атактуу Максым Касымдын улуу Эргешбай молдо болуп чыкты.

– Жашыбызда айырма бар экен. Мен иним деп кайрылайын. Жашоо тиричилигиң, баскан-турганың менин мойнумда. Үстүңө үй көтөртүп, айылдагы кыздарга жуучу түшүп, аял алып берем. Айылыбызда молдолук кылганча, балдарыбызга таалим берип, кат-сабатын жойгонго, Курани Каримди жат кылып окууга үйрөт, – деп, кара-тегиндик жигитти айылына алып келип, тууганларынын балдарына, өзүнүн балдарын кошуп, жаш молдонун колуна тапшырды.

* * *

Бай күндө болбосо да күн алыс балдарынын окуусунан кабар алат.

– Балдарыңыздын кызыгуусу жакшы. Айрыкча эң кичүүсү эстутуму өзгөчө. Куйма кулак. Сабакка да жөндөмдүү. Бирөөлөрдүн куран окуганын угуп жүрүп жаттап алыптыр.

– Куран окуп берейинби? – дейт бир күнү.

– Оку десем, фатиха сүрөөсүн кыраатын келтирип окуду, – деп мугалими мактай кетти.

Сагынбай менен кошо тургандар таң калыша:

– Молдоке, биздин көзүбүзчө окутуп көрүңүзчү? – дешти.

– Бул баланын зээндүү экенин байкап жүрөм. Дайыма даарат аларымда, кызматкерлерден озунуп, жылуу суу даярдап, намаз окуучу жайга жайнамазды да белендеп коёт, – деди бай жетине албай.

Молдо сыртта балдар менен ойноп жүргөн Жаныбекти чакырып:

– Кана, куранды кайталап окуп берчи, – деди.

Жаныбек жай олтуруп, куранды кыраатына келтире, «Аррахман» сүрөөсүн окуду.

– Кайдан үйрөнүп алдың? – деди угуп тургандардын бирөөсү.

– Атам эрте менен намазды үн чыгарып окуганда аяттарды үйрөнүп алдым, – деди ал.

– Оо, уулумун окууга, илимге болгон шыгы бар экен. Чоңойгондо чоң молдо болот окшойт?

– Кудаа кааласа, бул уулуңуздан чоң аалым чыккыдай.

– Кудай өмүрүн берсин. Суук көздөн сактасын. Балдарымдын ар бирине алейне тумар чийип бер, молдоке. Акысын мына, азыр берейин, – деди Сагынбай кошо тургандардын көзүнчө молдого кайрылып.

– Байым, уулуңуз мен ала жүргөн китептердин дээрлик баарын окуп чыкты. Ал тургай Курани Каримди да эки-үч сыйра окуп, айрым жерлерин жатка билип калды, – деди молдо сыймыктана.

– Түркий тилде жазылган адеп-ахлах тууралуу китептердеги мыкты окуяларды, айрым улуу-кичүү чогулгандарга айтып берип жүргөнүн, баамдай да калам.

– Калган балдар, кандай? – деди бай кызыга.

– Кат таанып, шар окуп калышты.

Жай-кышы үйдөгү молдодон үзбөй таалим алган балдар куранды өз ыкмасы менен жаттоону, кырааты менен окуу эрежелерин өздөштүрө беришти.

Тоо жеринде эртели-кеч малга, тиричиликке аралашып, түрдүү жумуштарды аткарууга көнгөн балдардын ден соолуктары чың. Ары ысык-суукка чыдамдуу, кайсыл гана жумушту аткарууда, ары өжөр, кайраттуу, чыйрак байдын балдарын, жашынан көп медреселерде көп жылдар окуп, көптү үйрөнгөн молдо, сабактан сырткаркы учурларда, өз алдынча улууну сыйлап, кичүүнү урматтоого, адамгерчиликтүү болууга, жүрүм-турум эрежелерине, сылык сүйлөөгө көнүктүрдү.

Окутуу тартиби бир жактуу болгондуктан, ыйык Куран китебин көркөмдөп окууга, тилди жатыктырып, аны жаттоого өзгөчө

көңүл бөлдү. Жаш молдо куран китебин көркөмдөп окуу менен бирге, аны жаттоодон тышкары, өзү кызыккан Чыгыш поэзиясынын алптарынын чыгармаларын билдирүүгө көп аракеттенип, Саадинин, Жаминин, Фирдоусинин, Алишер Новоинин ырларынан, дастандарынан үзүндүлөрдү окутуп, чыгыш элдеринин жүрүм-туруму, шарият эрежелери менен тааныштырды. Көбүн жаттаттырып, тилдерин жатыктырды.

Күндүзгү тиричиликтеги ызы-чуу токтоп, түнкү жымжырттыкта, куптан намаздан кийин, байдын балдары шам чыракты тутандырып, ыйык Курани Каримдин аяттарын өз эрежесине, ыргагына салып, созолонто, кыраатын келтире өз алдынча окуса, экинчиси угуп, бир жерин туура эмес айтканын оңдоп, биринен экинчиси улап окууну адатка айландырышты. Айрыкча эң кичүүсү Жаныбек Ыйык Куран китебин үнүн бийик чыгарып, кыраатын келтире окуп жатканын, сыртта жүрүп уккандар, олтура калышып ого эле кулак төшөшчү. Ичкериден курандын «Ар-рахман» сүрөөсүн ушунчалык уккулуктуу, мукам үн менен созолонтуп окуп, эрежесин туура сактап, уккан адамды өзүнө тарткан, көркөм окуунун бир сырдуу күчү менен катасыз окуган баланын үнүн уккандардын эч кимисинин козголууга чамалары келчү эмес. Уккулуктуу, мукам үн көл бетиндеги жыбыраган майда толкундар улам бири-бирине кошулуп, бара-бара чоң өрдүйнөсүн өзүнө имерип алып, кандайдыр бир керемет күчкө ээ көчтөнгөн толкунга айланып, кандайдыр бир ырахатка батырчу. болгондой, бир сырдуу күчү менен өзүнө тартып, уккандын жан

Дарс берген устат Курани Каримден башка Ибн Синанын ден-соолук боюнча канондорун, Аль Фарабинин алгебра, математика, философиялык ой жүгүртүүлөрүн, Мырза Улукбектин күн алкагынын жана ааламдын түзүлүшү тууралуу астрономиялык илимий китептерин тааныштырып, ошол кездеги Орто Азиядагы белгилүү аалымдардын, дин илимдери менен табигый илимдеринин айкалышын, адамзат бул жарык дүйнөгө эмнеге келгендигин, кандай максатта өмүр сүрүп, акыры кайда барарын кеңири, кызыктуу кылып айтып берчү.

Аалам жөндөн-жөн жаралып калбагандыгын, ар кандай затгын өзүнө жараша кызматы жана милдети болоорлугун түшүн-

дүрчү. Улуу кудуреттүү Жараткан бардык ааламды, улуу адамзаты үчүн жараткандыгын, ал адамзат Алланын бергендерине шүгүрчүлүк келтирип, Аллага ибадат кылуу үчүн жаралгандыгын, курт-кумурска, жан-жаныбарлардын, өсүмдүктөрдүн, жерден көккө чейин болгон, сан жеткис заттардын баарын адамга кызмат кылдырып, күндү жылуулук берүүчү, жерди – турак, айды – шам кылып берген Кудайдын улуулугуна чек жоктугун белгилеп, кайта-кайта кайталап айтчу.

Көз ченеми жетпеген кең Ааламда Ай, Күн, миллиондогон жылдыздар өз жолдору менен бири-бирин кубалап, бирок кагышып кетпестен бири-бирине зыян келтирбей, улуу адамзатка кызмат кылаары, жаратылган бардык зат Алла алдында өз милдеттерин ушул күнгө чейин, мындан кийин да так аткарары, күн жылуулуктарын берип, суу булутка айланып, ал кайра жамгыр, аба болуп табиятка, жан-жаныбарларга жашоо ыроологонун баяндоочу. Алардын баары адамзат үчүн жаралганын, ал адамзат Жараткан алдында өз милдетин так аткара алабы? – деп суроо коюп, уккандарды түйшөлтчү.

Адамзат акылдуу макулук. Бирок акылдуу болгону менен кайсы жерде, кантип күнөө жасабай жүрө алат? Анын баары Ыйык Китепте жазылуу. Анын баары Пайгамбар аркылуу адамзатына жеткирилген. Аны талдоого адамзат үчүн акыл-эс ыйгарылган. Бул дүйнө – адамзаты үчүн сыноо. Ал сыноону напси аныктайт. Напсинин кулу болбой жашоону Жараткан өзү талап кылды. Канткенде, адамзаты ал милдетти аткара алат? Бул суроо адамзаты жаралгандан ушул күнгө чейин уланып келген. Түгөнбөгөн түйшүк, улуу күрөш ушинтип уланып, кете берерине балдардын көңүлүн бурчу.

* * *

Байдын такай көзөмөлгө алганынанбы, же окуткан молдонун билимдүүлүгүнөнбү, кыздарынан мурда Тыныбек, Калыбек, Жаныбектер тез эле кат таанып, тамгаларды жат кылып үйрөнүштү. Балдар эртели-кеч гана сыртта болбосо, калган убактарда күн бою окуу менен алек. Ал тургай түнкүсүн да, бөлүнгөн үйдө шам жагып алашып, курандын сүрөөлөрүн жатташат.

Бир күнү бай боз үйдөн чыгып, серүүндөй басып баратса, аркы тараптан чоочун караандын айылды көздөй келе жатканын байкады. Ал түз эле, атайылап келгендей, балдарга арналган үйдүн эшигин серпе, баш бага, кирип баратып, кайра чочугандай, качып чыкты.

– Эмне балакет болду? Бая агалары ойноп кеткенде, жалгыз Жаныбек эле калды эле, – деген ойдогу бай дубананы утурулай, артына кайрылды. Салам-алик алышкан соң:

– Дубанам, тиги үйгө кирбей жатып, чочугандай, эмнеге кайтып? Эмне, корко турган бир нерсе көрдүңбү? – деп сурай кетти.

– Ооба. Бир жаш бала, жанында жаткан жолборсту эркелете сылап отурат, – деди дубана өңү-башы кубара.

– Баламын жөлөп-таяганы бар экен. Оомады жүрүшкүдөй, – деп ичинен күбүрөнүп алды муну ойлогон бат.

– Бул көргөнүң, оозунда болсун. Эч бир жанга айтпагын, билдирбегин, – деп дубанага кайыр-садаганы арбын берип, айылындагы аксакалдарды баш кылып чакырып, түлөө өткөрүп, сырын эч бир жанга билдирбеди.

* * *

Тоолуктардын балдары тез торолот. Там-туң баскандан баштап, атасы агалары ат бастырганда өңөрө калып, мал тоскондуктан, жылкыны көргөндө каз-каз баскандары талпынып турушат. Босогого иле койгон камчыны ала, же чыбык, куурайды «ат кылып» минип ойнойт. Тестиеринен тартып айылда өткөн той-таамашалардагы эңиш, улак тартыш, ат чабыш көрүшүп, ат оюнга эртелеп көнүгүшөт. Эртели-кеч желедеги кулундарды минип үйрөнүшсө, анан эле тай жарышка катыша башташат. Баланын чыйрак болуусун каалаган ата-эне, көп деле тыя беришпейт. Тай, кунанга ылайык жабдык жасатышып, өздөрү менен аш-тойлорго ээрчите барышат. Тоолуктун баласы жетиге чыкпай жатып, үйүрдөгү тайды кармап үйрөтүп, өзү тенДүүлөр менен «тай жарыш», «улак чабыш» өткөрүшүп, улуулардай «соорун» талашып, баш байгени алууга кызыгышат. Ат үстүндөгү балдар ары тың, ары чапчаң. Эттеринин көк ала болгонуна, ооруганына да кайыл. Талаа-түздө мал кайтарып, суукту суук дебей, ысыкты ысык де-

бей, тоонун бардык шартына ого эле чыдамкай болушуп, эр жетишет.

Аларга баам салган улуулар: тигини кара, аябай эле чапчаң, тим эле жүрүш-турушу чоң адамдай.

– Ооба, шамдагайлыгын айт. Колундагыны эч кимге алдырбайт.

– Тил алчаак. Шылтоо таап, моюн толгогонду билбейт.

– Саламкөйлүгүн айт, – дешип, ары-бери өтүп баратып балдарга кызыккандар, кайсыл бала эмнеге жөндөмдүү экенине баа берип өтүшөт.

«Көрүнгөн тоонун ыраагы жок» дегендей, кечээки эле ойнок балдар торолуп, элдик оюндарга катышып, айылынын намысын талашып, бири улакчы, бири чабандес, бири балбан болуп чыга келишет. «Болор бала богунан» демекчи, ата-бабаларынан оошкон оюнду ойношуп, мелдешке катышышып, көпкө тааныла башташат. Эртели-кеч эл чогулган жерде, же аш-тойлордо шыпылдап кызмат кылышып, ат алып, мейман күтүшүп, колго суу куюп, тамак ташышып, аба-аксакалдардын сынынан өтүшөт.

Улуулар насааттарын айтып, кеп-кеңеш беришет. Алардын тескөөсүнөн улам, тескери жүргөндөр, айыбын сезгендер оңдонуп, иш көзүн билбегендер билип, анча-мынча аңдабаганын үйрөнүп, таалим-тарбия алышат. Илгертеден аба-аксакалдар, улуу кичүүлөргө үлгү. Туура айтып, калыс сүйлөп, жаман жакшылыкта ортого алышып, кемчиликтерин бетке айтышат. Нак айтылган сын, таамай белгиленген кемчилик эч бир жанды капа кылбайт. Ар ким күнөөсүн, жосунсуз жоруктарын, кылыгын моюнга алууга аргасыз болот.

Коңур күз кош айтышып, эртели-кеч ашууларды кыроо чалып, тоо баштары муздай баштаган. Аркыраган шамал аркы-терки согуп, күн табы кайткандан улам, күндөн-күнгө булуттар да коюуланып барат. Жайлоодогулардын алды эрте күздө эле кетип, кеч күздүн отуна кеңири мал жайгандар ар жылгада бирин-деп отурушат. Жай бою желеде байланган кулундар агытылып, кеч калган бээлер алыстабай конуштун тегерегинде. Ал эми суук байлар кечки күздүн суугунан улам, кыр жондордон эңкүүлөшүп, шамал тийбеген ыктоо, кокту-колот ичине байырлашкан.

Баягы жайындагыдай кыдырып кымыз улоочулардын аягы суюлуп, жакынкы коңшулар гана бири-бириникине киришпесе, көп деле топтошкон караандар жок. Анда-санда гана чачылчыга калышпаса, бийиктеп ат бастыргандар байкалбайт. Таң эркүүлөй оттоп келишип, кайра кайтып кетишет. Кайберендердин карааны көрүнгөн сайын тоолуктар тополоң салчуу ит-куштун жоктугун баамдашып, жайыттагы малдарын көп деле сак-сактап тосмолошпойт.

Көбүн эсе күчүнө кирген күзгү кымызга ныксырашкан эркектер короо четинде, уйку менен алек. Бүгүн да төрт-беш үйдүн эркектери чогулуп, ар кептин башын айтып, эрмектешип олтурушкан. Аялдар баш болгон кыз-келиндер жай бою сереге жайган куруттарын жыйыштырып, топтолгон каймактарын сызгырып, карындарга куюшуп, очок менен үй ортосунда ары-бери чуркашат. Кээлери күзгү кыркылган койлордун жүндөрүн сабашып, кийиз басышып, бири-бирине кол кабыш кылуу менен алек. Жаш балдар энелери тапшырган иштерин аткарышып, алардын бутуколдоруна оролошуп, ого бетер жүдөтүшүп, айланчыктап алыс кетишпейт.

– Силер жасай турган иш жок. Бизди жүдөтпөй, ары барып ойногулачы. Силерге алаксып, ишибиз арбыбай жатат, – дешкен энелер, жандарынан кетпей, улам кошо кармалышкан балдарын какыс-кукус кыла, сабоолорун шилтемиш болушат Энелерине жеткизбей качкан балдар үйүлгөн жүндөрдү аралай чуркашып, андан бетер энелерин кейитишет. Ошол кезде короо четинде ныксырап жаткан ит башын көтөрө, бир тарапты карай үргөн болду. Арыда теринин бучкагын талашып, ойноп жаткан күчүктөр, кандай кабар болгонун аңдоос албай «чөңк-чөңк» эте карт дөбөттүн үнүн коштоп кетишти. Кеч күз болсо да, али өңүн өзгөртө элек жайлоонун жумшак тулаңын «дүп-дүп» баскан ат туягынын үнү чыгып, арыдан атчан бирөөнүн карааны көрүндү. Үргөн иттер, ойноп жаткан жаш балдар жабыла, ошол тарапка тигилишти.

– Иттерди тоскула, балдар. Келген меймандын атын алгыла, – деп, улуулар моюндарын созо, орундарынан козголушту.

– Ассалоом алейкум!

– Ваалейкума ассалом!

– Амансыңарбы?

– Шүгүрчүлүк. Келгиле? Аттан түшкүлө?

– Жок, ырахмат. Тойго айтканы келдим.

– Кандай? Кимдин тою?

– Аба-аксакалдары менен түгөл, неберемин тушоо кесүү тоюна келишсин? – деп Мамыр абам чакыртты.

– Тою качан? Кайсыл күнү кеңеши болорун айттыбы?

– Келерки жума кеңеши, ишемби, жекшемби чоң мааракеси дешти.

– Эмне мынча шашылыш кабар айттырып калды?

– Кыш-кыроого калбай, суук түшө электе эл чакырайын десе керек.

– А, жакшы экен. Аттан түшүп ак ич?

– Шашылышмын. Кечке чейин жайлоодогуларга кабар беришим керек.

– Күңгөйдөгүлөргө да, сен кабар бересиңби?

– Кайдан. Ал тарапка башка чабарман кетти.

– Ак алып чыккыла! – дегенче, үй ээлеринин улуурагы, жабалактай карап тургандарга белги бере, кайра суроо узатты.

– Анда кечке чейин бул тараптагыларга үлгүрбөсөң, калгандарды мал тоскончо барып, биз айтып коёбуз.

– Сизге ишендим. Кокустан кабар жетпей калып, аба-аксакалдар мени тилдеп жүрбөсүн, абаке?

– Ал жагынан, бейкам бол. Жайлоодогулар кандай кабар болсо да, кошо аттанабыз. Анын үстүнө эки-үч күндүн ичинде, өөндү көздөй өзүбүз да жүк артканы жаттык эле, үлгүрөт экенбиз.

Чабарман кара аякка мелт-калт куюлуп, сунулган кымызды алып, ат үстүндө туруп аякты ат жалына тийгизе ырымдап, кериле кенен жутту. Чоң кеседеги жайлоонун нак кымызы капшытын кере койду окшойт, аяктагыны жарымдай жутуп, ууртундагы кымыздын жугун сылай, тегерегине сарасеп салган болуп, «бак-бак» үн катты:

– Быйылкы жай, ого эле жаанчыл болуп, тигил бийик беттердеги жайыттын оту желбей калган окшойт? Тим эле тоо желине тулаңы сеңселгени айкын эле билинип турат.

– Жайыттын отун малга жегизбей кеткенге көз кыйбайт, кеч күзгө чейин отурбайлыбы. Быйыл сен айткандай жайдары жаз болуп, жайыттардын кыртышы бузулбады. Мал да конуштун жака-белинен эле тоюп, алыстап кетпеди.

– Жолду ката жолуккан мал от алуудан эрингенсип, көрүнгөн жерде ныксырап жатканын көрдүм.

– Кымыздан жут! Дагы бир кайтарсын.

– Шашылбасам болбойт. Кабар жеткирейин деди, чабарман кымызга кысталганын билдирмексен боло.

– Айттым го, калган-каткандарга өзүбүз кабар берип, чогуу аттанабыз.

– Жиберген чабарман, жайлоодогуларга толук айтпай, бирөлөргө айтымыш болуп, четтен кайта бериптир, – деп айыл аксакалынан тил угуп жүрбөйүн.

– Тил укпайсың. Андан көрө, таң-тамашалар кандай болорун, аларга кандай байгелер коюларын айта кет?

– Улак тартыш, эңиш, күрөш, бука тартыш, өпкө чабыш, ат чабыш, тай жарыш, кыз куумай.

– Оо, оюндун баары эле болот окшойт? Соорундары кандай болду экен?

– Мамыр абам: – Неберемден аямак белем. Оюнду ак кылгыла. Күчү, илеси барлар, белинде, билегинде кубаты барлар ак алып кетишсин. Көргөн, укканлар да ыраазы болушсун, – деп, жыйнаган, кармагандарын ортодогуларга түгөл өткөрүп бергенине туугандардын баары ыраазы.

– Огоо, байге мол экен. Биз барсак, биздин мына бул балдарга, ал байгелерден тиер бекен? – деп, жардана келишип, алардын сөзүнө кызыга карап турган балдарды, тамашалай кетти.

– Айттым го. Той ээси Мамыр абам: « Белинде, билегинде күч-кубаты барларга, бергиле» – дебедиби. – Буларыңыз барып, жеңгени байгеден ала берсин, – деп, чабарман да тамашага-тамаша менен жооп берди.

– Охо! Ана, эртерээк улоолорго жүк артып, көчүп барганга шашылалы, – деди үй ээси.

Сүйлөшүп жаткандардын сөзүнөн улам, жарданып турган балдар:

– Балбаныбыз мына, баарыбызды жыгат.

– Буга балдардын эч кимиси тең келе албайт.

– Беш-алтообуз көптөсөк да, моюн бербейт, – дешип, чурулдашкан балдар, өзү теңдүү балдардын арасында зоңкоюп көрүнгөн, сөөк-саактуу баланы түрткүлөй алдыга чыгарышты.

Ал да камырабай, өзү теңдүүлөрдүн баарына алы жетерине меменсип, кабагын бүркөй, үн дебестен, атчанга көрүнгүсү кеменсип, алакандарын ушалай, уялыңкы карады. Атчан баланын көлип, ңүлүн көтөргүсү келдиби:

– Оо, азыртан эле, булчуңдары буруюп, кары жиликтери калдайып көрүнүп турат. Баралына келгенде балбан болгудай. Чындап эле сен барып, тоолуктардын намысына жарап жүрбө? – деди тамашалай.

– Аябай чыдамдуу.

– Такыр үшүгөндү билбейт.

– Кулундарды байлаганда, шыйрактан кармап тутат.

– Өткөндө күрткүгө түшүп калган букачарды, колтугуна чылбырды байлап, өзү сүйрөп чыгарды, – дешип, балдар биринен-бири өтүп, мактай башташты.

– Балдар чаңкап келген чабарманды, сөзгө алаксытпагыла. Жайды жайлай какшыган көкүрөгүн кымызга чайкап алсын, – деди айылдагылардын бириси.

– Ит менен бала турган жер ушундай. Деги эле, кеп коштурушпайт.

– Сөзгө аралашпай, тиякка барып ойногулачы!

– Ар нерсеге кызыккан, баягы балалык да. Андан көрө, бул чабарман жигитти аттан түшүрүп, жай отургузуп өөндө болгон жаңылыктардан угалы.

– Ал кон дегенге, ынабай жатпайбы.

– Кымызга кыстайт деп, коркуп жатат.

Жанындагылардын сөздөрүнө көп эле көңүл бөлө бербеген, улуураак бирөөсү:

– Кел эми, жолду ката ичкен кымызың сиңгендир. Кара кесени дагы бир кайтаралы?

– Жок, жок. Кысталып калдым, ырахмат!

– Кысталганыңды бая эле байкагамын. Ат үстүндө жүргөн кишиге, кымыз тез сиңет. Эртең кыштоодо, жайлоонун кымызын эстеп, таңдайың так катып жүрбөсүн?

– Ал айтканыңыз да туура. Ысыктын күнүндө, орок оруп жатканда, жайлоонун нак кымызын эстеп, тоо тарапты карап, таңдайыңыз так катары ырас. – Атаганат! Кымыз болсо кана, – деп шылдыраган чалапка, күч чыгарабыз.

– Кээлер кечээрге кечүү таппаса, кээлер ичерге суу таппайт, – деген сөз жалганбы? Арманда калгыс болуп, кечки күздүн кымызынан каалашыңча тоё ич! Иче албаган кымызды атыңын бөктөрүнчөгүнө бөлүп, чаначка куюп, артып берейин. Бүгүн түнөп, эртең кет?

– Коюңуздар! Айылдагылар атайлап ишенип, чабарман кылып жөнөтсө, барган жерди байырлап, түнөп калганымы укканлар «ашкор» атап, насакка калбайын.

– Билип турам. Атайлап, кымызга кыстайт – деп аттан түшпөй турасың. Ушул кесени толук ичсең, жолго суусундукка, кол чаначка кымыз куйдуруп берем.

– Муну ичсем, кайт кылып коём.

– Кайт кылсың, каада боюнча, бир кой бересиң.

– Жогуңуз? Аштыгыңызга бир кап буудай берейин, мени кыстай көрбөңүз?

– Мейли. Ушунча келипсиң. Жөн-билги жигит экенсиң. Аштыгыңдын акысына бир күрпөң берем. Келе колду, – деп экөө бажандаша кол алышты.

Экөө тең эл ичиндеги салты сыйлашып, кол кысышты

– Жайлооого барып келди, – деп, муну жибергендер үмүт кылбасын. Бул да жайлоодон кур барбасын. Эки чаначка кымыздан куюп бергиле. Бирисин өзү үйүнө алып барсын. Бирисин айылдагы аба-аксакалдарга ооз тийгизесин, – деди баягы улуурагы өзүнүн үйү тарапты карай үн салып.

– Өөндөгүлөрдүн дале кымызы бардыр, – деди чогулган топтогулардын бириси.

– Жайлоонун кымызындай болмок беле? Бир кеседен дем албай жутушуп, тегиз отургандардын арасындагы кымыздын кадырын билгендер таңдайларын такылдата, тоо тарапты бирден карап алышсын, – деди кыштоодогулардын абалын билген бирөөсү отургандарга кайрыла.

Аңгыча үй ээсинин келин-кыздары куюп берген, эки серке чаначтагы кымызды килкилдете кош колдоп көтөргөндөр, ат-

чандын ээрине арта байлашып, бири-бирине жардам бере кетишти. Ичкен кымызы кекиртегине келген атчан, эптеп, ушул жерден эртерээк узап кетүүнүн айласында, атын теминип, кош деп айтууга алы келбей, шашыла жакынкы тумшукту көздөй атын теминди. Анын абалын көрүп-билгендер, артынан ээрчий карап күлүүгө аргасыз болушту.

– Кана, Мамыр аксакал атайлап ат чаптырып, тойго айттырыптыр. – Кантип барабыз? – деп үй ээси коңшуларына кайрылды.

– Куда-сөөк, жек-жаат болсо, бир ай башта айттырмак. Көпчүлүк катарында айттырыптыр, баралы.

– Барышы барабыз. Барганда, кандай кылабыз?

– Кошумча кошпосок уят.

– Бейгараздар келсе да «элдик каада»деп, бир караны жетелей келишет.

– Ооба, жакын тууган болбосок да эртели-кеч жолугуп, алабалдарды сурашып турабыз.

– Ортодон бир кара, жетелей баралы.

– Кара болгондо кандай?

– Бир жабагы. Болбосо кысыр эмди тай.

– Койгула, төрт-беш үйлүү бир жабагы деп, тай кошсок, көрүп-билгендерге сөз болобуз.

– Кунан чыкмадан жетелейлиби?

– Айта жүргөнгө жакшы. Бир бээ жетелейли.

– Андай болгондо, көптүк кылбайбы?

– Беш үйгө бөлө келгенде, аздан эле тиет.

– Ал киши бирин-экин биздин тойго келбесе, эмнеге эле чыгым тартып, чоң союш алып барабыз?

– Андай дебе, иним. Жашоонун жолу узак. Буйруса, сен да той кыласың.

– Мен той кылгыча Мамыр чал күтпөйт. Кетчү жагына, кете бербестигине ким кепилдик бере алат?

– Жашоо кепил. Кошумча, кашык салгандай эле. Сен бирөөнү жөлөсөң, дагы бир жолу ал сени жөлөйт.

– Менин кошумча кошконумду, ал өткөндөн кийин ким билет?

– Кошумча-алымча деген катталуу китеп. Эч кимдин эсинен чыкпайт. Сен бергениңди унуткан жоксуңбу, ал алганын унутпайт. Ата карызын, бала төлөйт.

– Кимдин эмне бергени катка чийилбесе, кимдин эсинде калат?

– Илгертен ата-бабаларыбыз «берген март эмес, алган март» деп келишет. Алмайдын бермейи, эч унутулбайт. Эч болбосо коңшу-колоң, тууган-урук, ата-эне өткөндө, же той кылганыңда.

– Тигил ата-энеңе мындай алып келген. Ата-энеңдин кадырын кетирбей, кайтар! – деп айтат. Эч ким, эч бирөөдөн жеп кете албайт. Сен бербесең, башка бирөө берет. Сен албасаң, башка бирөө алат. Аш-той кайрымжылуу буюм. Бир кишинин жамандыкжакшылыгын эл көтөрөт. Эл кенч. Байлык менде болбосо, сенде бар. Сенде болбосо, дагы бирөөлөрдө бар. Намыс, ариет элдики. Элден калбагыла! Элден чыкпагыла, – деп Байымбет аксакал коңшуларына насаатын айта кетти.

Отургандар анын сөзүн туура табышты. Туу калган бир бээни жетелемек болушту.

Болжогон күнгө жетпей жайлоодогулар кыштоого көчүп келишти. Бийиктегидей ызгаар жок. Салкын жайда, кенен жайылып, кеңири от алган мал кыштоодо ысылап, шапаталуу дөңдөрдү, жел жүргөн суу бойлорун байырлашты. Чачылып кеткен малдан бейкам болгондор, керээлден кечке бекер. Барган жериндеги сөз тыңдашат.

Той кабары, кай жерге чейин айтылды? Ким дегендер келет? Кайсыл жерде, кандай балбандар бар? Байгеге чабылчу күлүктөр, улак тартыш, эр эңиш, күрөштөгү чабандес, балбандар биринин артынан бири айтылат. Баары эле тойдун өткөрүлүшүнөн да, тамашанын болоруна ынтызар. Айрыкча Арзыбек баягында тойго айткан чабармандын кабарынан улам:

– Биздин балдарга да байгеден тийер бекен? – деген айылдыктардын сөзүнө чабарман:

– Жеңгени байгени ала берсин, – деген той ээсинин убадасы, ага кошул-ташыл айылдыктардын өзүн макташы, бир топ өрөп күтүп койгон болчу.

– Кандай шартта болсо да, күчүмү бир сынап көрөйүн деген балалык ой таптакыр кыялынан кетпей койду.

Болжогон күн келип, Байымбет карыянын сөзү боюнча айылдагылар желедеги туу калган, бир бээни тутушуп, жөнөп калышты. Алар конгон жаңы журт менен той берген айылдын аралыгы бир күндүк жол экенин, мурда чоңдордун сөзүнөн улам билген. Арзыбек эч кимге айтпастан, ал тургай балдарга да билдирбей аларга удаалаш, артынан ээрчип жөнөдү. Топ атчан кадуулай жол алышканынан улам, батыш тараптагы ашууну ашып барышары белгилүү болду. Алар улам өр тартып ээрчише бастырышканын байкап, черлүү колотко салып, тик өйдө ашууга чыгып барып, белден күтүү оюна келди. Өр тартып, шыпылдай басып, өйдөлөй берди. Бүткөн боюнан тер кетти. Улам кезиккен муздак булактын көзүнөн, жата кала суусунун кандырып, ашууга жакын калганда, артына кылчая караса, атчандар ашуунун жарым жолуна араң келишкенин көрүп, алар келгичекти талыган буту-колдорун жаза, куусаң чөптүн үстүнө кериле жатып, кантип уктап калганын өзү да билбей калды.

Ашуунун шамалы куурайлардын башын дирилдете соккононунан улам, ойгонуп кетти. Жалаң куусаң тулаң бетинде жатып, денеси чыйрыгып калыптыр. Кериле-чоюла, буту-колун жазып, төбөсүндөгү күндү караса, эчак эле тоодон кыңкайып, тескей беттерге көлөкө түшүп калган эле. Ордунан шарт туруп, көп малдын туягынан улам, жешиле, топурагы көрүнгөн кыя жолго түштү. Ойлоп көрсө, кыя жол, бурум-бурум боло тумшуктун арыбери жагына өтүп кадуулап кеткидей. Ал жүктүү көчкө ылайык, тик түшпөстөн, узак болсо да, кадуулай жүрүп, этеги тээ төмөндөгү кашкайган чоң жолго кошуларын билди. Адатынча эликтин жүрүшүндөй ары-бери бурулбай, тик ылдый салып, денесинин күүсү менен улам кыялай жүргөн жолду тепчип, заматта, түзөңгө түшө келди. Атчан жанаша бастырганга ылайыктуу жол, бир тараптан эңкүүлөй келип төмөндү көздөй уланып кетиптир.

– Болду-болбоду ушул жол барса керек,– деп, төмөндү көздөй жүгүрдү. Тескейдин көлөкөсү коюуланган чакта, айылындагы аксакалардын аркасынан жете келди. Алыстагы түзөндө, бадырай тигилген боз үйлөрдүн карааны үлбүл көрүнгөндөн улам, той ушул ортодо болоорун боолголоду. Заматта суу боюна жете келгенде айылдаштары улоолорун сугарып, өздөрү муздак сууга

Токтогул Сатылганов
Ош облустук китепкана
ИНВ № 483646

бети-колдорун жууп, сырт кийимдерден күүп, аттанышка, камданып калышкан экен.

Өйдөдөн келе жаткан Арзыбектин караанын алыстан таанышып, баары делдейе, суроолуу тиктешти.

– Ассалоом алейкум, – деди Арзыбек өзүнө тигилген айылдаштарына, алыстан эле.

– Ий кайдан, жетип келе калдың? – деди алар, алик алыштын ордуна, жабыла суроо узатышып.

– Мен да силерге кошулуп, тойго барайын – дедим эле

– Бул оюңду жана эрте менен биз жөнөп жатканда, айтпайсыңбы?

– Анда мени, ээрчитпей коёт элеңер да.

– Ошондон бери, бирөөлөр менен келдиңби, же өзүң элеби?

– Өзүм эле.

– Жөө жүрө бердиңби?

Ал жооп бербей башын ийкегиледи.

– Балалык а, балалык. Узак жолдо куп эле чарчагандырсың?

– Жок. Чарчоо оюма да келбеди.

– Мейли эми, кайра кетирмек белеңер. Жакшы болду. Аттарды каратасыңар. Бириң учкаштырып ал, – деди Байымбет карыя башын чайкай.

– Учкаштырып эмне, уруксат сурабай келгени үчүн алдыга салып, жөө айдап алабыз, – деди атчандардын арасынан бири.

– Өзүм деле, жөө кете берем.

– Муну кара, «Жөө кете берем» – деп, догурунуп коёт. Үйдөгүлөр издесе, эмне болот?

– Ооба. Жакын жол болгондо, камчы менен сабап, кайра артына айдайт элек.

– Эми дале айыбы үчүн тойго чейин, алдыга салып, айдап баралы, – дешти бири-бирине көз кыскан айылдаштары.

– Ии, билдим, билдим. Өткөндө муну айылыбыз менен мактап, күрөшкө салабыз деп койбодук беле. Ошого эрдемсип, келе берген го? – деди айылдаштарынын бирөөсү өткөндөгүнү эстеп.

– Балбандардын ушуга эле күнү түшүп калды дейсиңерби?

– Жок, балбанга салабыз. Жыгылып кала турган болсо, кайра кайтканда, шыйракка чаап, жөө айдап кетебиз. Макулсуңбу? – деди дагы бири.

– Кокустан, байге алып калсачы?

– Эгер байге алса, бирибиз атыбыздан түшүп, жөө кетебиз.

– Чындап эле, өзү теңдүү балдардан чыгып калса, күрөшкө салып көрбөйлүбү?

– Сөзсүз. Ушунча келгенден кийин. «Тоолуктардын балбаны жок экен» – дегизбей күрөшкө салып көрөлү.

– Жыгылып калса, тоолуктар маскара болобуз.

– Маскара болсо, өзүнөн көрсүн. Биз муну тааныбайбыз, – дейбиз.

Атчандар улам Арзыбекти оюн-тамашага алып жатып, той болоор айылга жакындап келишти. Алардын алдынан атын чаап келген жасоол, утурлай:

– Келгиле меймандар? Жол болсун? Кай жактан? Кимдер дейбиз?

– Той маарек болсун!

– Болсун!

– Тоолуктар Байымбет аксакалыбыз баш болуп келдик.

– Келгиле, келгиле? Күтүп жатканбыз. Силерге бөлүнгөн үй даяр.

– Айылдан сырттап барып, тээтигил арчалуу белестин түбүндөгү Жаныке дегендин үйүнө барасыңар. Айтып койгула! Силерге ылайык дасторконду, союшун, үй ээси өзү келип, алып кетсин.

– Кошумчабызды берип, кутулуп койбойлубу?

– Аны, анан. Азыр сырттан келгендерди күтүп, баарынын көөнү тыяк менен болуп калышты. Силер эмне болсо да, өзүбүздүкү эмессиңерби? Бөлүнгөн үйгө жеткирип, силерди дайындап келиш менин милдетим эле, кечирим сураймын? Бейтааныштар ар тараптан келип жатат. Жетише албай, уят болбойлу. Мына, күтүнгөн жигиттердин бирөөсү да жетип келе калды. Түшчү үйүңөргө ушул жигит баштап барат. Кошумчаңарды ушул жигит алып барып, каттатат. Мага уруксат? – деген бойдон утурлаган адам, жаңы келген жигитке меймандарды тапшырып, шашыла атын «чу» койду.

Меймандар бөлүнгөн үйгө барышып орун алышты. Дасторкон жайылып, даам татылган соң.

– Атайын арналган союштун эти бышканга чейин дешип, Байымбет карыянын тобундагы жаштар аттарын ишеничтүү жайга жайгаштырып келишти.

Адиялар жайгашкан ар бир үйдө кыраан -каткырык, созолонто үн салып, күү төгүлгөн комуз үнү өзүнө тартып, айыл ичи шаңга толуп турду. Комуз чертилип, ырдаган үндөрдү сүрөгөндөрдүн доошу алыска кетип жатты. Эл котолоп, эшикке батпай, боз үйдүн туурдугун сыйрышып, кереге, ууктан шыкалашкан көпчүлүк аарынын уюгундай, үймөлөктөшкөндөрдөн орун тийбейт.

-Баягы баланы таап келгиле, – деп Байымбет карыя кошо келгендерди туш-тарапка жөнөттү.

Тамаша кургандардан оорун тийбейт. Айла кеткенде алардын буттарын аралай сойлоп барган Арзыбек айтышып, жамгырдай жабырата ыр төккөн акындарга эми гана жакындай келип, кысылганына карабай, сыңар тизелеп отурганда, аны көрө калган шериктеринин бирөөсү улам биринен-бирине шыбырап айттырып жатып, эптеп өзүнө чакырды. Ырга муюп, ыңгыранып жатып, улууларды сыйлаганынан улам козголуп эптеп, эшикке чыкты.

– Байымбет абам таап келгиле! – деп, шериктердин баардыгын ар тарапка жөнөтүп, издетип жатат. Бас, аларды убаракерчилик тарттырбай, эртерээк баралы, – деп, анын кылчактаганына карабай, ой-боюна койбой, дегдеңдете жетелеп, турак алган жайга алып барды.

– Кел балам! Сени бул боюнча койсом, эртең «бутуна жем түшкөн аттай» болуп, аягыңды шилтей албай каласың. Узак жолду, аттар менен тең басып келип, күйүктүң. Бутуңа күч келип, эртең баса албай каласың. Тилимди алып, бул жерге кел, – деп үйдүн капшыт тарабына отургузду.

– Аба, бутум ооруган жок. Убаракерчилик тартпай эле коюң? – деди ал, моюн толгой.

– Улуу адам айтканда каяша кылба. Айтканын аткар, – деди баягы эрчитип келген жигит.

Карыя түндүктүн жел боосунун бир учун анын бир бутуна, экинчи бутун экинчи бого аса байлап, керегени тептире, чалкасынан жаткырып:

– Таң эртеңге чейин, ушул бойдон жатасың, – деди.

– Аба, бутум талысачы?

– Талыса, чыдайсың.

– Ии-ий.

– Ии,– дебе. Эртең сени күрөшкө салганга даярдап жатат, – деп кошо келгендердин бири тамашалады.

Арзыбек алардын тамашасын чын көрүп, айласыз ынады. Таң аткыча анын кулагына ырдаган үндөр, чертилген күүлөр угулуп, делебесин аябай козгоп өзүнө чакырып турду. Айласыз абасынын айтканына көнүүгө туура келди. Байымбет карыя эрте менен туруп, даарат алганы чыгып баратып, Арзыбектин жел боого асылган буттарын бошотуп:

– Бар эми. Бутуң оорубайт. Каалаганча чуркап жүрө бер, – деди.

– Абаке анын буттарын, эмнеге эле жел боого асып салдыңыз? дегендердин суроосуна:

– Ээ балдар, баштан нелер өтпөгөн. Мени да бир кезде Кашкардын узак жолун жөө басып келгенимде бир карыя таң аткыча бутумду аса байлап кам көрдү эле. Ага мен түшүнбөптүрмүн. Биз менен эрчише, жөө келген топтордон бирөөсүнө эч ким көңүл койбой койгон экен. Эки күн буту ооруп ордунан жыла албай жатканын көрүп түшүнгөнмүн. Ага чейин, аса байлаган карыяны аябай эле жек көргөн элем. Көрсө, көп жашагандар көп нерсени билет деген сөз ырас экен. Элде айтылган сөздөргө там бере жүргүлө.

– Анча-мынча, узакка минилбей жүргөн жылкы баласын көп жол басканда, барган жайда, эти сууганга чейин сугарбайт. Аса байлап койгондун себеби бар. Узак жол баскан аттын эти ысып, тердейт. Терин кургатпай, денеси сууй элегинде, муздак сууга сугарган кезде, эртеси аксап, жол жүрө албай калат. Качан гана, эки-үч күн өткөндөн кийин, араң сөкүрөңдөп зорго аяк шилтегендиктен, аны чарбагерлер «бутуна жем түшүптүр» дешет.

– Абаке, аны кантип айыктырууга болот? Же ат ошол бойдон аксап калабы? –деп шериктери суроо бере кетти.

– Анын жайы билгенге оңой. Табын билбегендер майып кылып алышат.

– Табын кантип билүүгө болот? – дешип, биринен бири өтүп, кошо келгендер кызыгып калышты

– Табы ушундай. «Бутуна жем түшкөн» атты, таң эртеден сөөк какшаткан аккан сууга аса байлап койсо, бир эт бышым убакыттан соң, аттын эти чыйрыгып, кеңейген кан тамырлар өзүнө келип калат.

– Узак жолду улантып, минип кеткенге жарайбы?

– Жарайт. Акырындык менен аксап барып, эти кызыган соң түзөлүп кетет.

– Мунун узак жол басып, кызыган тамыры аса байланган бутунан улам, калыбына келди. Эми кадимкидей жүрө берет – деп карыя Арзыбекти көрсөтүп.

– Күрөшкө салсак, жарай береби?

– Күрөшкө турмак, байгеге кошсоңор да боло берет, – деди карыя карс-карс күлүп.

Сырттан салам айтканча, үй ээси кирип келе:

– Меймандар, силердин шартыңарга карап, тойдун атаган даамын, эртелете тартмай болдук. Көбүн эсе тамаша башталып кетсе, көпчүлүккө алаксып, той ашынан ооз тийбей калаарын, той башкаруучулар айтышып, түнү менен этин да, ашын да даярдашып, силерге кабар билдиргиле,– деп жиберишти.

– Абдан жакшы. Көңүлдөгүдөй болуптур. Тамаша башталып кетсе көпчүлүк:

– Аш жегени келбедик. Тамаша көргөнү келдик, – дешип, туруп кетишип тополондо ачка калгандарды көрүп жүрөбүз. Той ээси да, той башкаруучулар да билермандык кылышыптыр. Эрте мененки насиптен ооз тийип чыгалы дешип, тоолуктар дасторконду орой отурушту.

Жаштары улуу тоолуктардын баары устукандарын Арзыбекке ыйгарышты.

– Ырымы, тойдун эти деп барганда досторуңа ооз тийгизесиң. Түйүп, бир куржунга салгын да, тиги аттарды алып келип, токугун. Бардык иштерибиз төп келип турат. Жолубуз болот окшойт. Же сен күрөшкө түшүп, балбандар менен күч сынашып көрсүңбү?

– Тойго эмне, бекер келди дейсиңби. Кече күндөн бери муну «кожо колдогондой» колдоп жатабыз. Бир намыска жарап берер,– дешип бир чети тамашалашып, экинчиси аны сынамакка тийишип жатышты.

Шериктеринин суроолоруна «ак» деп, же «көк» деп жооп кайтарбаган Арзыбек ичине сыр ката эч кимисине үндөбөдү.

Таң эртеден тойдун ашын жегендер агылып, тамашалар өткөрүлүүчү кең жайыкка келе башташты. Кең аянттын бир тарабы дөңсөө болуп, аркы тарабы тоого уланып кеткенинен, канча адам болсо да, бийик дөңгө батып, кең аянттагы тамашаны айкын көргүдөй. Аттуу, жөөлөр ар жерден орун ала башташты. Адаттагыдай эле улак тартыш башталып, ар тараптан келген чабандестер өздөрүнүн күчүн, аттарынын ылдамдыгын, шамдагайлыгын сынап жатышты. Быкпырдай кайнаган элдин, улакчылардын көпчүлүгүнөн, кимдин-ким экендиги таанылбайт. Баары эле жерде жаткан торпокко умтулушуп, ортодон алып чыккан эч ким жок. Күйүккөн аттардын деминенби, же ат үстүндө улам умтулган улакчылардын терименби, кең аянттын үстүнөн көк буу көтөрүлүп, уюлгуп турду.

Акырында соорунга таштамайга кезек келди. Баягы комоктошкон көпчүлүк чабандестерди, биринен-бири өтүп, алга умтулган сайын, ортолук боркулдап, кайнаган суудай серпиле бир тарапка сүрүлө албай, «тумчугуп» тургансыды. Бир кезде чабандестердин бирөөсү жерде жаткан торпокту көтөргөнбү, улакчылардын ортолугу бир тарапка сүрүлгөндөй болуп, кайра талаштан улам, аарынын уюгундай боло калыңдап, комоктошту. Минген атын, же бирин-бири сүрөгөндөнбү:

– Аа! Аа! – деген добуштар көтөрүлүп, кыйкырык-чуу калыңдап жатты. Көп аттын туягына тебеленген торпокко бир азаматтын колу барып тийгенби, ортолук кайра калыңдап иримденип турду. Бири-бирине жардам бериштиби, жаат-жаат боло, жаткан торпокту ороп алышканбы, ортолук бир тарапты көздөй сүрүлө, кайра токтой калып, талаш күчөй берди. Аттын күчүнөнбү, же чабандестин алгырлыгынанбы, бакубат бирөөнүн алдындагы атына дем бере кыйкырганы угулуп, комоктошкондор бир тарапка сүрүлүштү. Чабандести ортого ала калкалашканда, башкаларды ага жакындатышпай чай кайнам убакыт аралыгында быкпырдай кайнаган топтон, үзүлө четке чыгышты. Аты да, өзү да тер,

чаңдан өң-түстөрү билинбеген чабандес артынан илеше келип бучкактагандардан бөлүнө аргымагына камчы басты. Күүлөнгөн күлүк, эч бирине моюн бербей, канаттуудай алга сызып жөнөдү. Аны куугандар көбөйүп, алдырып койгонуна ызаланган улакчылар, эптеп жетип барып, андан жулуп алуунун аракетинде куйрук улаш кууп баратышты.

Улакты өңөргөн чабандес, улам күлүгүн буйтата, кууп баратканда жазгыра барып, белгиленген паттадан өтө түшкөндө, ээр кашка арта салпыган торпокту оодура таштап өттү. Дөбөдөгүлөр чуулдаша кыйкырышып:

– Бали, бали!

– Азамат, азамат! – дешип кубаттай кыйкырып жатышты.

Биринен-бири кыйын чыккан чабандестердин өнөрлөрүнө эл ыраазы болушуп, ысымдары айтылып, калың элге таанылды. Кийинки күндүн таң эртеңи күрөш оюну менен башталды. Той башкаруучулар көпчүлүк ортосунда тартиптин болушуна кам көрүшүп, келгендер нааразы болбогудай ортолукка кеңири аянт калтырышып, анча-мынча тил албагандарды опузалашып, айдап чыгышканын көргөндөр көп деле илгери умтулушпады. Калың эл той бергенге да, тойду тейлегендерге да ыраазылык билдиришип :

– Бали, ырахмат. Тартип баарыбызга керек.

– Эли камдуу, жери жайлуу ынтымак экен, – деп айтып жатышты.

Келерки күнкү улак тартыштан соңунда той башкаруучу калың элге кайрылып:

– Эртеңки улак тартыш той ашын жегенден кийин улантыла турган болду. Аламан көпчүлүк, угуп алгыла! Укпагандарга айта баргыла! Көпчүлүктү аралай бастырып, улам сөзүн кайталаган той башкаруучу тамаша боло турган жайды кыдырып айтып жүрдү.

– Эмнеге той ашын жегенден кийинкиге дейт?

– Ар кими адия болгон үйлөргө тарап кетип жатышты. Айрымдары тердеген аттарынын терин кургатыш үчүн шапаталуу дөңдөргө байлашса, кээлери тери кургаган аттарын оонатышып, кээлери көңүл коё кашып, түнөгүнө кетүүгө шашылышкан жок.

Тоонун кечи улам коюуланып, түн кирип келе жатты. Чабандестер минген аттарына көңүл бөлүшөт. Ат да ээси астейдил караган сайын көркүнө келип, сынына чыгат. «Ат адамдын канаты» демекчи, адам затынын кайсыл капаа, зарыгына болсун аты жарайт. Аны жакшы түшүнгөн ээси өзү ичип-жебей, зарыл болсо тамагынан бери атына тартуулайт.

Тойго ар жерден, ар кыл өнөрдүн ээлери жабыла келет эмеспи. Адиядагы көпчүлүктүн көөнү ар кыл өнөрдө. Кээлери ыр уккусу келсе, кээлери күү тыңшап, кээлери жомок айтышса, урук-уруу териштирип, санжыра тыңшап, эл ичиндеги акылман баатырларды эскеришкен көпчүлүк улуулардын сөздөрүнө кулак түрүшөт. Байымбет аксакалдын тобу да бүгүнкү улактагы чабандес улакчыларды, жакшы аттарды бир сыйра кеп кылышып, жаштары карыяга суроо беришип, анын кебин тук этпей угуп отурушту. Бир маалда жаштардын суроолоруна маани берип:

– Ээ балдар! – деди карыя сөзүн улай, – ата-бабаларыбыз тоого байырлап, тиричиликтерин мал менен өткөрүп калганынын чоң сыры бар. Канчалаган душмандар менен кармашты. Чаап, чачылды. Акыры көп элге, күчтүү жоого көз каранды болууну каалабай, шарты татаал, тоо койнуна келип байырлашты. Ага кан төгүлгөн кармаштар себеп болсо, экинчи жагы уруулук, уруктук жагдайлар түрткү болду. Улуулардан уланган салт, текти, урукту сактоо деген талаптар бар. Ал да болсо согуштун кесепетинен пайда болуп, кандаш туугандык байланыш бааланды. Ошондон улам кыргыз деген эл сакталып келет.

Тоонун шарты малга ылайыктуу. Төрт түлүк элдин тиричилиги үчүн азык-оокат, кийим-кече деги эле эл мал менен ыңгайлашкандыктан, мал-мүлк, байлык катары бааланды. Мал сырын тоолуктардан ашык эч бири билбейт. Башкасын айтпайын, күндөлүк жашообузда, кече күндөн бери өтүп жаткан тамашабызды, малсыз өткөрүү кыйын. Төрт түлүктүн бир эле бөлүгү жылкы баласын мисалга алып көрөлүчү. Жылкысыз кандай жашоо болот? Кыргыздын жылкы катышпаган тарых-таржымалы, жомок-окуялары жок. Күндөлүк турмушунан орун алып, айтса жомок, ырдаса ыр, чертсе күү, күндөлүк сөзүндө, макал-лакабында жыл-

кы баласы оозго алынбай койбойт. «Ат – адамдын канаты» дейт эл. Жылкыга мындан артык эмнени айтууга болот.

Өзүбүзчө жай отурганыбызда билген макал-лакаптардан айтып көрөлүчү? Кана ар кимибиз канчалык деңгээлде эл сөзүн эске алат экенбиз? Карыянын сөзүн, муюп угуп жаткандар билгенин, эстеринде барын талаша айтып киришти.

– «Ат ээси баш мээси менен», «Ат бир баспайм деген жерин миң басат».

– «Ат сүрүнбөй жер тааныбайт, эл сүрүнбөй эл тааныбайт», «Атка бергис кунан бар, кызга бергис жубан бар».

– «Жакшы атка бир камчы, жаман атка миң камчы», «Ат башына күн түшсө, ооздугу менен суу ичет, эр башына күн түшсө, өтүгү менен суу кечет», «Элин сагынбас эр болбойт, үйүрүн сагынбас ат болбойт».

– «Ат сыйлаган жөө баспайт, эл сыйлаган жөн калбайт», «Жакшы аттын жалын сакта, жакшы эрдин кадырын сакта», «Атты арыганда, эрди карыганда көр» дешип, талаша макалдарды айтышты.

– Көрдүңөрбү, эл канчалык деңгээлде жылкы баласын баалап, сөздөрдү таап айткан, ал тургай жакшы аты өлсө, кыргыз анын башын бийик жайга кастарлап илген. Ат сырын жакшы билген сынчылар, басып кеткен аттын изинен, таштаган тезегинен, талаада калган куу сөөгүнөн, куу башынан күлүктүгүн Толубай сынчыга окшоп айтып берген. Үйүндө отуруп, сырттагы аттын дүбүртүнөн күлүктүгүн байкашкан. Желедеги күлүктү, талаада оттоп жүргөн тайды көрүп, сындуу ат болоорун, күлүктүгүн, же чобурдугун байкаган. Айылдагы баамчыл акылман аксакалдарга жаштар атайлап келишип, улоолорун көрсөтүп, сынынан өткөрүшкөн.

Жылкы сырын жакшы билген чарбадарлар:

– Тамашага жарай турган атты таптап-куштасаң, оокаттуу бир үйдүн бүлөсүнө сарпталуучу азыктай азыктар керектелет, – дешет. Айткандай эле, ардактап арпа берип, таптап сулу берип, суутуп, жыл бою оттон үзбөйт. Күнү кече улам карап, түнү кабар алып, оту түгөнсө чөп салып, маалында сугарып, жакшы каралган ат, эсинин ишеничин актайт. Сапарга минсе арыбайт. Ишке

салса чаалыкпайт. Эсине жан жолдош болгондуктан эл да: «Ат, аттан калсаң жат» деп белгилешет. Ал эми жоокерлик замандагы адам качса кутулган, кууса жеткен. Кандай коркунуч болсо да ат азаптан куткарат.

Пешенеге жакшы ат келсе, байгеге кошсо, баш келет. Улакка чапса соорун алып берет. Бир жылдап кеткен мээнетти, бир күндө актаган жайы бар. Кыргыз жылкы баласын үй-бүлөсүнүн бири катары куштап таптап көңүлүн бөлөт. Баатыр, балбандардын даңкын чыгарган да ат. Аны билген, ага астейдил көңүл бөлгөн кыргыз баласы жылкы жаныбарды «шамалдан бүткөн» деп, жакшылыкка ыроолошуп, «камбар ата» тукуму дешип, ыйык көрүшөт.

Ата-бабалар тоо таяна жашап, тирилигин өткөрүүдө жылкы жаныбар ашык аткандыктан, көчүп-конууда аттын асылдуулугун, астейдил карап аябай кастарлашкан. Жоо менен беттешкенде ат үстүндө туруп кылыч чаап, найза сунган. Меймандостук миледе, сый-урмат көсөткөндө ат тартуулап, кастарлап минип, кооптуу жайларда, минген атына ишеним берип, «туманда адашпайт, караңгыда чалышпайт, бийик жарда мүргүбөйт, тайгакта тайгаланбайт», – деп ар бир адам башына келген коркунучта атына таянган.

Жылкынын күчүн пайдаланып, ачка калса этин жеп, суусундукка, дарылыкка кымызын ичип, жылкы баласы туурасында сан жеткис сөздөрдү табышкан. Айылдагы жаштар, айылдагы улуу кишилерге келип:

– Атымы сынап бериңиз, байгеге салсам болобу?

– Улакка жарайбы? Узакка чуркай алабы? – деп кеңеш сурашат.

– Атың чалпоо, чобур болчуудай, аягы жеңил, кырс, үркүнчөөк, тойгондо өнөрү чыккыдай, этине толсо качаак, өпкө, көйгөй, терiси жука, тебенек, тиштек, ж.б. деп карыялар кыял мүнөзүн төп айтып сыпаттап беришкен.

Сынчылар күлүктү көрүп, түргө бөлүп, сын берип, сыпаттаган учурда, кандай гана таамай сөздөрдү таап, көркөмдөп белгилешкен.

– Кулун сындуу, куран сан, кулжа моюн, куланга чалыш, арыта чуркаса аягына чаң жукпайт. Кашка тиши кадоодой, кара тили

бүлөдөй, кара кушу калкандай, жазы жаак кең маңдай, балык эти баладай, жотосу сонун жонгондой туяктары чарадай, илбирстей ичи тарылыптыр, бөрү кулак, бөкөн сан, бууданга чалыш жаныбар. Турушу башка саадактай, кар жилиги кадоодай, тоо кайыбынан жалгашыптыр. Далысы тик, элик баш, эңчер бойлуу, жайык төш, кара саны түрүлгөн, эрди шалпык чымыр туяк, туягы тегиз кеседей, көкүлүн серпип, көркөмү башка, жал куйругу суудай төгүлүп, денеси жалаң тарамыштан бүткөндөй, нукум ашык эти жок, жалаң эле булчуң, – деп жана башка сыпатта сүрөттөп, салыштырып, көргөндүн көөнүн суктантып, уккандын кулагын кызытып, сынын келтире айтышып, көркүнө көңүлдү бургузган, көрөгөч сынчылар, табын билип суутуп, табына келтирип байге ге коштурган. Кайсыл аралыктан, канчанчы келээрин алдын ала айткан.

Жылкысынын сырын, куштун тилин кыргыздарчылык эч бир калк биле албайт. Карышкырдай улуп, кайберендей үн чыгарып, куштай сайрап, эркек-ургаачысын, короз-мастегин айырмалашкан. Жайдын-кышын, кыштын-жазын, кандай болоорлугуна көздөрү жеткен. Кыргыздын артыкчылыгы, баамчылыгы, сергектиги, сезимталдыгы, кыраакылыгы, акылмандыгы артык экендигин, моюнга албай коюуга болбойт.

Дал ушул маселелер аш-тойлордо айтылып, кептин кадыры көтөрүлгөн. Алыскы жууктан келген акылмандар сынчы, саяпкер, саятчылар, мүнүшкөрлөр, баатырлар, балбандар ушундай жайда таанышышып, биринин шыгы бирине дем берип, бириндин баалап, ардактап айта кетишкен. Акындар айтышып, комузчу-кыякчылар деги эле өнөрдү өзгөчө баалагандар, биринен бири үйрөнүшүп бир укканын сая кетирбей:

– Тигинден уктум, ошондон үйрөнгөм, – деп, уккан, көргөн, билгендерин жашырбай айтышып: өнөр элдик экенин даңазалашкан. Биринен бири сырларын жашырышкан эмес. Көрө албастыкты, ичи тардыкты, кызганууну жек көрүшкөн. Жакшы өнөрдү үйрөнүшсө ат мингендей, тон кийгендей сүйүнүшкөн. Кең пейил элдин урпактарынын көңүлү көктөй таза, суудай туунук, тоодой бийик болгонун кимдер билбейт.

* * *

Күрөш адаттагыдай эле жаш балдардын күрөшү менен башталды. Он, он беш жашка чыккан бала балбандар ортого келишкенде калыстар: күрөшкө чыккан бала кайсыл жердик, аты ким, жашы канчада экенин, элге жарыя кыла, тааныштырышты. Ыктыяры менен чыккандар улам, иргеле берди. Атаандаштарын так көтөрө чаап, жеңгендерге карап тургандар:

– Атаңа ырахмат!

– Эркек бала ушундай болсун!

– Элдин, журттун намысына жарай турган азамат экен! – деген алкыштар жаш өспүрүмдөрдү шерденттиби, өз күчүн чамалагандар:

– Мен чыгам!

– Мен күрөшөм! – деген өзүн эр ойлогондорду калыстар ортого отургузушуп:

– Балбандардын ордун баса тургандар!

– Намыс үчүн төрөлгөн азаматтар! – деп ээликтиришип, көңүлдөрүн көтөрүштү.

Өзү теңдүүлөр болбосо да, өзүнөн улуу балбандардын күрөшүн көргөн Арзыбек:

– Ортого чыксамбы? Же чыкпай эле койсомбу? Менден 4-5 жаш улуу көрүнөт. Бир алышып көрсөмбү деп арсарсып турган. Улам күрөшкөндөр терилип, эч кимге жыгылбаган үчөө-төртөө калган кезде бар тобокелге салып, ортого чыга келди.

Кулагынын үстү тарабы, желкесиндеги бала түгү кете элек Арзыбекти көргөндөр «дуу»эте күлүп жиберишти. Көпчүлүктүн күлкүсүн этибар албай, калыстар турган жайга барып күрөшөөрүн айтканда, улам алышкандарды чаалыгышты деп ойлогон калыстар, тандалгандарды:

– Дем алгыла, – дешип Арзыбекти ортого алып келишип:

– Балапан түгү түшө элек бала экен. Түшчүүлөр барбы? Жашы тогузда экен. Тоодон келиптир. Он, он бир жашка чыккандар болсо да, күрөшө берем деп жатат, – дешип ары-бери жетелешти.

Өзү теңдүүлөрдөн эч кимиси чыкпаганда, жаштары улуу көрүнгөн өспүрүмдөрдү көрсөтүп;

– Мына бул турган акелериң менен күрөшөсүңбү? – деп колунан жетелеп жүргөн калыс ары сынай, ары тамашалай сурады:

Арзыбек күрөшөрүн билдирип, башын ийкеди. Калыс жеңүүчүлөрдүн ар-бирине барып:

– Сени менен күрөшсө, макулсуңбу? – деп сурады.

Эрдемсип, жеңүүчү болуп турган чет тараптагы толмоч бала, шарт эле ортого чыга, чоң балбандар баштанып тизелей отурду:

– Эй, калыстык болбой калат. Бул бирин-экин күрөшкө чыга элек жаш бала экен. Тигил 5-6 жаш улуу көрүнөт. Кой, ортодон чыгарып жибер, – деди тургандардын арасынан бирөөсү.

Калыска тигинин сөзү таасир эттиби:

– Тигил, сенден беш-алты жаш улуу экен. Күрөшпөй эле койбойсуңбу? – деди.

– Жок. Күрөшө берем, – деди Арзыбек тартынбай.

– Өзү күрөшөм деп ынабай жатат, – деди калыс көпчүлүккө кайрыла.

– Баланын акылы кемирээк көрүнөт. Кой дегиле.

– Соорунуна кызыгып жатса керек.

– Бала да, күрөштү оңой көрүп турат.

– Койгула. Атайлап ортого чыгыптыр. Бел боо байлап, тиги менен алыштырмыш болуп койгула. Кийин, тойдо күрөшкө түшкөнмүн деп айта жүрөт.

Ар кимдин сөзүн укkан калыс, ортодо тизелеп отурган өспүрүмдүн жанына барып:

– Күрөшүмүш болуп кой. Анан, ажыратып коёбуз, – деди.

– Мейли. Тигил аган менен бир алышып көр. Жыгылып калсаң ыйлабайсыңбы? – деди калыс Арзыбекке келип.

– Жок. Күч атасын тааныбайт, – деди ал чоң атадай болуп. Аны жалт караган калыс, сынай тиктеп, күлгөнүн билдирбеске жер карап:

– Мейли. Күрөшкүлө, – деп экөөнө бел кур байлап, далыларынан таптап койду.

Өзү тендүүлөрдү жыгып көнгөн өспүрүм, ичинен:

– Экинчи эл алдында чыгып, күрөшкүс кылайын дедиби, анын бел курун кармаары менен өзүнө имере тартып, сыга кучактап, энтиктире жерге чабарында, Арзыбек аны бир тарапка катуу силке көтөрүүнүн аракетинде болду. Атаандашы серпкен жакка бир бутун таканчык кыла, экинчи бутун бошото бергенде

Арзыбек аны каршы тарапка күч менен серпкенде, ал тең салмактуулугун жоготуп бошошо калганда, шарт жамбашка сала, чалкасынан чапты.

– Кантээр экен? – деп, карап турган көпчүлүк, «дуу» эте кыйкырып жиберишти.

Боз ала болгон өспүрүм, жаш баладан жыгылганына ызалана түштүбү, анын белиндеги курун колунан бошотпой, кайра күрөшүүгө камданды.

– Болду! Чындап жыкты.

– Азамат! Нак көтөрдү.

– Анык ата баласы экен, – деп ортолукту ороп тургандар Арзыбекти мактап, кыйкырып жатышты.

Экөөнү ажыратууга келген калыска, жыгылган өспүрүм:

– Байкабай, алдырып койдум. Кайрадан күрөшмөй сайын, кетпейм, – деп туруп алды.

– Бул балбан кайрадан күрөшөм деп жатат. Макулсуңбу? – деп калыс Арзыбектен суранды.

– Күрөшө берем, – деди ал.

– Мейли. Экөө тең күрөшүүгө макул болду, – деди калыс элге карап.

– Өспүрүм капылеттен алдырып койду. Ыза болуп калды. Эми оңдурбайт деген ойдогулар, баары бир өспүрүмдү жеңилерине ынанышып, жаш баланы аяй баш чайкашты.

Көпчүлүк ойлогондой, өспүрүм ызасына чыдабай, кызарып-татара орой, булка кармап өзүнө тартты. Арзыбек ага солк этпеди.

– Муну уйпалап, шайын оодара, чаалыктырып, «өзүм билген ыгыма саламын» деген өспүрүм, Арзыбекти өзүнүн боюнан оолак кармап, ортолуктун аркы-берки тарабына сүдүрөп жүргөнүн мурда аны менен күрөшкөндөр байкашты.

Арзыбекке өзү күткөндөй ыгы келе калдыбы, өзүн сүдүрөп баратканды, шап ылдамдык менен артка сүрүп, боюн токтотууга, таканчык кылаарында, белинен сыга кучактап, так көтөрө, жерге чапты. Муну күтпөгөн көпчүлүк:

– Бали, азамат!

– Ак күрөштү.

– Анык балбан экен, – дешип, кыйкыра кубатташты.

Жеңиш Арзыбектики болгонун жар салган калыс, ортолукту тегерете жетеледи.

Бала балбандын күчүнө ишенген көпчүлүк, калган эки балбан менен күрөштүрүүнү өтүнүшүп, калыстарга кайрылышты.

Мурдагы күрөшкөн балбандардын өнөрлөрүнө суктанган Арзыбектин шериктери, аны күрөшкө чыгат деп, такыр ойлорона алышкан эмес эле. Жаш баланы эрмектешип, биринен-бири өтө, тамашалашып:

– Күрөшкө салабыз. Намыс алып бересиң. Күчүңү сынап көрөлү, – деп аны калп эле сынап жатышкан. Шериктеринин тамашасы ага чындай сезилип:

– Мени айылдаштарым күрөшкө салабыз деп айтышпадыбы, Байымбет абам да мени аларга дайындаса керек. Күрөшкө салабыз деп устукандарын да берип жатышканы, мага ишенишкени да деген ойдо болгон Арзыбек эч ким сүрөбөсө да, өзү ортолукка чыккан болчу.

Шериктери аны байкаган эмес. Качан гана белине кур байлаган кезде көрүшүп, бири-бирин тиктешкен.

– Мейли, жыгылса, жыгылаар. Көпшүнү сууганда, экинчи чыкпас болот – деп ойлошкон.

Экинчи жолу күрөшкө салаарда да:

– Кантээр экен? – дешип, этибар алышкан эмес.

Эми, эртеден бери эч кимден жеңилбеген эки балбандын бирине салышарын туюшуп, шериктеринин бирөө-экөө ортого келишип, Арзыбекти четке жетелей басышты:

– Кой. Чыкпа. Байымбет абам чакырып жатат, – дешти.

Өзүнүн жеңишине шердене түшкөн Арзыбек, шериктерине кыйыла, карап кетенчиктей:

– Түшсө түшөйүн. Көпчүлүк колдоп жатышпайбы? – дегенде, жакын жердеги калыс:

– Бул баланын ооматы келип турат. Көңүлүн суутпагыла. Эл да алкап жатпайбы, – дегенин макул көрүштү.

– Тоолук бала балбан. Аты Арзыбек. Таанып алгыла. Мына, эки жеңилбес балбан менен күрөшкө чыгат. Эгер, экөөнү тең жыкса, баш байге, бала балбанга ыйгарылат, – деп баягы калыстан башкасы, тургандарга жарыялай кетти.

Өздөрүнө ишенип турушкан жеңилбес балбандар:

– Сен чык!

– Сен чык! – дешип, бири-бирине жол беришти.

– Баш байгеге эмне коюлду? Билсек болобу? – деди тамаша кылып тургандардын арасынан бирөөсү.

– Баш байгени айткыла. Биз да билели? – деп, дагы бир-экөө мурункуну коштоду.

Калыс шериктерине барып, кеңештиби, кайрыла келип:

– Баш байге, жабдыктуу ат, – деди көпчүлүккө карай, удаа кайталап.

– Биринчи, экинчи орунга, эмне коюлган. Аны да билсек болобу? – деди ортодон дагы бирөө.

– Бирден серке, бирден кой!

– Оо, мелдеш катуу экен.

– Туура эле. Балдарга ылайык коюлуптур.

– Калайык калк! – деди, мойлоосун ак аралаган зыңкыйган адам, ортолукка чыга калып.

– Бала баатырга, бата берип коёлу! Ылайым Эр Төштүк бабасындай алышса алышканын, булкунса тирешкенин жеңип жүрсүн! – деп алаканын жайды.

Карап тургандар «чур» эте, аны коштоп, беттерине бата тартышты.

– Бала баатыр, күрөшө бер! – деп баягы киши Арзыбекке дем бере, четке чыга берди.

Жеңилбес өспүрүмдүн бирөөсү ортого келип, тизелеп олтурду. Ал көп жолу күрөшкө түшүп, өнөргө такшалганы, ар кыймылынан айкын байкалды. Жүзүндө эч бир кабатырлануу сезилбейт.

– Баары бир жеңиш мен тарапта, – дегенсип, жаш баланы теңсинбегендей мыскылдуу, сынай тиктейт.

Экөөнө бел боону шалкы байлап:

– Баштагыла, – дегенсип, калыс далыларын таптап койду.

Арзыбек көпчүлүктүн мактоосунанбы, же удаама алышканынанбы денеси бир аз титиреп, өпкөсү көөп чыкканынан энтиге, тез-тез дем алып жатты.

– Шайы оop, күчү кетип калган окшойт, – деген ой менен каршылашы шапа-шупа кыймылдап, тез эле уйпалагысы келди.

Өзүн бир аз токтото, энтиккенин баскан Арзыбек оор кыймылдап каршылашынын кандай ыгы бардыгын билмекке, боюн кетенчиктете тартып, эки аягын жая, аны эки колу менен аркага түртө, өзүнө жакындатпады.

Атаандашына каалаган ыгы, дал келе калдыбы:

– Ыйа! Айт! – деп кыйкырганча, так көтөрүп ыргытууга камданды.

Эки аягына ишеничтүү салмагын салган бала балбан, так көтөрүүгө камданган балбанды сыга кучактап, оңго-солго удаа-удаа шарт серпкенде, ал тең салмактуулугун жогото, алдастай түштү. Ошол учурду пайдаланган Арзыбек оогон тарабына сүрүп барып, кыры менен жерге чапты. Жер чаңый түштү. Чуу көтөрүлдү. Жүгүрүп келген калыс Арзыбекти жетелей, жеңип алганын билгизип.

– Азамат анык балбан! – деп кыйкырды.

– Ата баласы! Чыныгы балбан! – дешип көпчүлүк чуу боло, коштоп жатышты.

– Бала балбан чаалыгып калбасын. Дем алдырып салгыла! – деп, эл арасынан бирөө кыйкырды.

Көпчүлүктүн чуусу, ызасын келтирдиби, же шериктеринин жеңилишин «кокустук» – деп ойлодубу, жеңилгендин шериги, жете келип, бала балбандын куруна кол сунду.

– Бир аз дем алсын. Сабыр кыл, балбан, – деген калыска, ал көнгөн жок.

Бел бооого колун ороп, өзүнө силке тартты. Демиккен Арзыбек аны жалт карап, анын колуна айкаштыра колун сунду. Экөө калыстын ажыратканына көңүл бөлүшпөй, кармаша кетишти. Атаандашы оройлоно өзүнө тарта, силке кармап, күчүнө салды. Катуу силккенден, мүргүй түшкөн Арзыбек, тизелей калаарында көпчүлүк, «чуу» эте кыйкырышты. Өзүнө дем бере, коштоп жаткан көпчүлүктүн үнүнө шыктанган бала баатыр, атаандашын өзүнө жараша силке кармап, аркасын көздөй сүрдү. Ары сүр, бери сүрдөн экөө тең кышылдай, оор дем алып жатышты. Каршылашын көпкө созбой, чарчаган кезин пайдаланып калайын деген өспүрүм, тогонек сала, артка булка бергенде, Арзыбек ага моюн бербей каршылык кылгандан улам, экөө тең тартыша, айкашкан бойдон бир демге туруп калышты.

– Бала баатыр көтөр! Так көтөрүп, чаначтай чап! – деген үндөр өзүнө дем болдубу, тогонек чалгандан улам, бир бутуна салмагын салган немени, булка-силкип, артына түрткөндө, ал таканчык кылган бутунан тайгылып, бошошо түшкөндө, так көтөрө, аны ойлонууга буймасын келтирбей, жерге чапты. Эл «чур» эте кыйкырышып:

– Бала баатыр алп экен.

– Таза жыкты.

– Мээнет бала баатырдыкы деп кубаттап жатышты.

Шериктери ортолукка чуркап келишип, бириси үстүндөгү желегин ага жаба салып, колунан шашылыш жетелей, өздөрүнүн конок болгон үйүнө чуркашты.

Той башкаргандар баш байге менен кийинки балбандардын соорундарын кош-коштоп айдатып келишти.

Байымбет аксакал бир серкени сойгузуп, «бала балбандын» башына садага чаптырып:

– Баш койду каалаган балбандарга бересиңерби, же өзүңөр аласыңарбы, бизден силерге тартуу, – деп, калыстарга ыйгарды.

* * *

– Жаныбек казы той берип жатыптыр.

– Кандай той? Аш берет экен деп укпадыкпы?

– Ашка деп эл чакырылса, этеги тойго айланат да.

– Аш-тойго кимдерди айтыраар экен?

– Кызык. Казыны бир эле айылындагылар, Өзгөн эли эле тааныйт дейсиңерби?

– Анда Ош, Жалал-Абад аймагындагыларга түгөл кабар берилеби?

– Аны өзү билет. Бирок, казы Анжиан, Аксы, Арка элине аттын кашкасындай таанымал адам.

– Маргалаң, Наманган, Кокон, Ташкент дегендерди эмнеге айтпайсыңар?

– Огоо.Түркстан аймагындагылар түгөл келишеби?

– Башкаларын билбейм. Искөбөлдөгү губернатор баш болуп, келээри анык экен.

– Казы ар жагы Кашкар, Кулжа, Кытайдан, Ат-Башы, Нарынга, Олуя-Ата, Жети-Сууга эчен жолу кербен тартып, соода жүргүзүп, барып-келип, көбү менен каттоо болуп жүргөнүн укчу элек.

– Охоо! Оңой эмес. Жаамы мусулман элдеринен тышкары, орус, ногой төрөлөрдөн да келээри анык экен да?..

– Бий, болуш, казы болуп, көп жылдар калк бийлеп, көбү менен барыш-келиш кылганы тааныш ашыраары анык.

– Аш-тойдун тамашасында, кандай оюндар, ага кандай соорундар коюлар экен?

– Орус төрөлөрү өз оюнчуларын алып келет имиш.

– Өзүбүздүн элдик оюндарга орун тийбей калабы?

– Койсоңорчу, улак тартыш, байге, эңиш, күрөшсүз өтмөк беле?

– Казы, оожалып турганда, соорун бергенден аянмак беле?

– Казынын тою элдин эсинен кеткис бир окуя болот окшойт.

– Аны да көрө жатарбыз.

Тойдун кабары алыскы элдин аймагына, кыска элдин кыйырына кетти. Ар элдин билермандары балбандарын даярдатып, күлүктөрүн таптатып, жорголорун суутуп, намыс алуунун камын көрүп жатышты. Казы атасынын ашын берет дегени менен аягын тойго улантууну чечкен. Той берүүгө көптөн бери күтүнүп жүргөн.

– Казы атасына аш берет. Бийлик даражасы, кызматтын шылтоосу менен көп жерге барган. Көп элдин даамын татып, бийге бийдей, байга байдай, сый тартуулаган. Алардын эчен жолу кадырлуу коногу да болгон.

– Казым, бийим төргө өтүңүз?

– Өзүңүз жол баштап даам татып, ооз тийип бериңиз?

– Сизден кийин биз деген Өзгөн аймагындагы эчен сыйлардын башы болгон.

Эчендеген эл топтолгон жыйындарда, андан озунуп эч бири сөз баштабаган. Эчендеген сый дасторкондордо андан оозунуп эч ким кол сунбаган. Ал кишинин билгени билгендей, айтканы айткандай, дегени дегендей аткарылып келгендиктен, канчалаган алыскы жайдан атайлап аттанып-тондонуп келгендер адеп сактап, казыга киришке кезек күтүп, ыңгайы келгенде:

– Сизге кур кол келе албай, атаганым ушул эле, – деп, тартуусун тартуулап, берчүсүн берип:

– Ойлогон ойго, тилеген максатка жетейли? Дубаңызды бериңиз? – деп чекесин жерге тийгизе ийилишкен.

Кокустан иштери жүрүшүп калышса:

Казынын берген дубасынан, же ыраазычылыгын алгандан, касиеттүү казынын батасын алдым эле. Ишим, ырбааш таап жатат, – дешип, казынын касиети олуя-машайыктай, колдогон пайгамбардай эле деп билишкен.

Бабалардан калган ирасим.

– Той-аш элдики делет. Аймактагы бир уруудагылар аш-той берсе, аларга жанаша жашаган уруудагылар кызмат кылып, келген-кеткендерди кошо узатышкан. Күнү-түнү тыным албай, жогун жоктотпой, кемин толуктап:

– Ариет-намыс үчүн тикесинен тик туруш милдет, – дешкен.

Алыскы-жууктан келгендерди тосуп алгандан баштап, аларды адия кылып жаткыруу, аттарынын жем-кашегине чейин ал тургай, кондура келген кушуна, ээрчите жүргөн итине чейин көңүл бөлүүдө ыраазылык да, нааразылык да уруудагыларга гана эмес, жалпы элге айтылган. Аны жакшы билген Өзгөн аймагынын эли басыздардан башка, оң-сол канаттагы уруу башчылары тикесинген тик турушту. Анын үстүнө Жаныбек казы да Ош, Жалал-Абад аймагынан башка жерлерге барганында, бир эле Өзгөндөгүлөрдүн гана эмес, Ош, Жалал-Абад аймагынын таламын талашып, намысын бирге көтөрүп жүргөнүн эл билет эмеспи.

Бүгүнкү тойдун башталышынан аягына чейин, жанаша аймактардагы басыздардан башка баргы, жору, бөрү, каңды, тейит, найман, кыдырша, моңол, мундуз жана башка журт бийлери, уруулардагы эл башчылары: келим кетимге көз салса, бириси тамак-ашка, дагы бири тамаша-оюндарга берилүүчү соорун-байгелерди тескөөгө башчы болушкан. Эл башы, эл аксакалдары ар келген меймандардын артынан ээрчип жүрмөк беле. Алардын бөлүнгөн адамдары, көрсөтмөлөрүн аткаруучу кызматкерлери бар. Кем-карчты, кай жерде, кандай абал, эмне кем, эмне жетишпейт баарын алдыртадан билип, алдыртадан аткаруучуларга кабарлап турушат. Ар тараптан келгендердин ашык-кемин эсеп-

ке алып, ар бир үйгө он экиге конок толуктап, бир адия кылып, тамак-аш, союшун белендеп, аларды астейдил карап, кызмат кылуучулар эчак эле дайындалган. Келгендерден ат багар, жандамайчыларына чейинкилерге камкордук көрүү эске алынган. Ар бир адияга союштан тышкары жылкынын этин тартуу, дасторкон бетиндеги жашылча-жемиш, суусундук, таттуулар алдын ала, ашыгы менен даяр болуп, эт бышыруучу, устукан узатуучу, колго суу куюучу, суу ташып, отун жарып, от жаккычтар баары эске алынып, алдын ала даярдалган.

Илгертеден элде, берилген аш-тойлордогу нааразылык, чырчатак да келим-кетимден башталгандыктан, эл башчылар ага астейдил көңүл бөлүшкөн. Келгендердин тосуп алынышы, аларга урмат көрсөтүлүп, адия кылуудагы кемчилик, бир уруудагыларга гана эмес ошол аймакта жашаган уруу элдин намысына барабар болгон. Ошол жагдайлардын баарын, жакшы билген казы бир ай баштагы «кеңеш ашында» чакырылып келген уруу башчыларына, эл аксакалдарына кайра-кайра дайындап:

– Туугандар уруубуз ар кыл аталса да, элдигибиз бир. Бир уруудагыларга айтылган насаат, баарыбызга тиешелүү. Илгерки ата-бабаларыбыздан бери бири-бирибиздин жаман-жакшылыгыбызга бир намыс деп, кызмат кылууну колго алып келгенбиз. Мына ушул күнгө чейин, көбүңөрдүн берген аш-тоюңуздарда мен өзүмү ала качып беките албай, намыс аракетиңерди бирге тартып келдим. Мен аны колко кылбайм. Буйруса, аман турсак, дагы да көп милдеттерди бирге көтөрөбүз.

Мен силерге таянып, алыскы-жууктагылардагы тууган-урук, тааныш-билиштерден сырткары бирин-экин билишпегендерди, барыш-келиш кылбагандарды, аш-тойго шылтоолоп, катташууга чакырганы турам. Анын үстүнө илгертен элибизде ким аш-той бербесин, өзү тааныбак тургай, ата-жотосун билбеген бей тааныштардын келиши адат. Аларды тааныштан, жек-жаат, куда-сөөктөн ашык кылып ардактап, сыйлап, көңүлүн алыш, кадырлап, узатышты, элибиз милдет деп санаган. Келген мейманды пайгамбардай куштап, көңүлүн алуу, ага ак кызмат кылуу, чоң адамгерчилик, милдет экенин баарыңар жакшы билесиңер.

Бир диндеги өзбек, казак, тажик туугандардан тышкары, орус улутундагы губернатор баш болгон, ак падышанын өкүлдөрүнө, жаамы эле орус төрөлөрүнө кат чийдирип кабар жөнөттүрдүм. Алар да келиши мүмкүн. Ошондуктан, жаамы келгендерди тамак-аштан өксүү кылбай, убакыт-сааты менен күттүрбөй, тейлөөгө көңүл буруңуздарды өтүнөм? Башка жайдагыларга караганда бул жерде отун, суу кеңири. Бир милдет тамакты түрлөнтүп, астейдил бышырып, кеңири тартууга көңүл буруңуздар. Бир келген меймандарды кушкер даам таттырып, кушубак кылып, качан гана «кайтабыз» дегенге чейин кызмат кылууну унутта калтырбагыла?

Анан дагы айта кете турган маселе, мен мал-мүлкүмдү аштойго, элге насип кылсын деп жыйып, тергем. Аянбай тарткыла! Меймандарга арналган мал жакынкы жайлардагы короолордо кармалат. Керегинче алып, адиячыларга бүтүндөп, устукан алдырып, улууга улуудай, кичүүгө кичүүдөй тартуулагыла.

– Кыргыздар сый көрсөтүп, эт тартуунун, устукан алдыруунун жолун билбейт, – деп башка эл-жерден келгендер айта кетишпесин. Эгерде короолордогу мал жетишпей, же талаага жетүүгө үлгүрбөй калсаңар, жака-белдеги коңушу-колоңдордун малдарынан тартынбай алып келип, керекке жарата бергиле.

– Малым кетти дегендерге тойдон кийин эки эселеп төлөп берүүгө кудуретим жетет.

Ал эми той-тамашадагы соорун ыйгарууга мени аралаштырбай, элдеги каада-эреже боюнча, ар кимиң өзүң билгендей ыйгарып, эч кимин нааразы кылбагыла. Той берген мен, намыс силердики. Деги эле өзгөндүктөргө сөз тийбесин. Мен силерден өтүнөмүн?

Жабыла тургандар уу-дуу боло, өз ойлорун билдирмекке кайрылышаарында:

– Мен ток этээр оюмду айттым. Калганын, өзүңөр билгиле, – деди казы, сөз бүткөнүн билдирип.

– Казым, сен айтканга билермандар макул. Менде бир ой пайда болуп калды? – деди, баятан бери үн катпай отурган төрдөгү аксакалдардын арасынан бирөөсү.

Дуулдаган көпчүлүк аксакалдын сөзүнөн улам жым боло калышты. Карыя шашпай сөзүн улай кетти:

– Жана сен мусулман милдетинен тыш, орус улутундагы төрөлөргө да кат чийдирдим дедиң. Аларың ак падышанын өкүл-

дөрү болсо, келбей койбойт. Бир чети кызыгып, экинчиси кандай болорун сынап да келээри бышык.

Казы карыянын сөзүнө ынангандай баш ийкеди.

– Алар биз ичип-жеген даамдардан эле татабы, же алардын өздөрүнүн каада-салтындай тамак-аш тарттырасыңбы? Экинчи-си кыргыз элинен башка эл, жылкы этин жебейт деп укчу элем. Анан да, алардын жатак жайы, кандай болот. Ушул ойду эске аларсың? – деди аксакал, ортого ой таштап.

Баарын өзү билип, чечкен казыдан эмне деген жоп болот де-генсип, көпчүлүк үн катпады.

– Бул айтканыңыз туура, абаке. Кат чийдирип, кабар берди-рер алдын Оштогу губернатордун өкүлүнүн өзү менен келиш-тим. Орус төрөлөр кайда барбасын, кайда жүрбөсүн, жолум үйүн, барган жайга курдурар экен. Ал эми тамак-ашын бышырып бе-рер ашпозу, идиш-аягын тейлеген жардамчыларын ала жүрөр кызматкери бардыгын айтты. Кошумча дагы айтып коёюн. Ыр-чы-чоорчуларын, тамаша көрсөтөөр оюнчуларын, балбандарын ээрчите жүрөрүн билдирди.

– Ого! Алардын оюн-тамашалары өтө кызыктуу болсо керек? – Бу Куршаб, Мырза-Акедеги орустардын кыякчылары кыя-гын тартса, катын-эркеги аралаша, кыйкыра-бакыра беререн угуп-көрүп жүрөбүз го, – дешип, ар кими, билгенин айта башта-ганда, казы аларга көңүл бөлбөгөндөй сөзүн улай кетти.

– Орус төрөлөр жеңил тамакты, кайберендердин, илбесин-дердин, канаттуу куштардын, этинен жасалган тамактарды жак-тырышаарын айтты, – деп, казы көбүнүн оюна келбеген ишти алдын ала эле өзү билип, бүтүрүп койгонун көпчүлүктүн эсине салды.

Сагынбай байдын балдарынын ити чөп жеп, таштары өйдө күлап, оожалып турган кези. Чоң уулу Тыныбек Көлдүктө бий, андан кийинки Калыбек Көлдүк, Ак-Жар, Кашка-Булак айылда-рын башкарган болуш. Эң кичиги Жаныбек бүтүндөй Өзгөн ай-магынын казысы.

– Оо туугандарга оомат келген экен.

Мындай бийлик, байлык даражасын көрүнгөн эле кармана бербейт. Кана, кимдер карманган? Кимдер кармана алат? Аны да

көргөн баккан, таги таза адамдар карманбаса, азали ата теги бай, бий болуп көрбөгөндөр кайдан кармана алмак?

– Ошону айт.

– Көрбөгөндүн, көргөнүнөн түңүл деп, эл бекер айтпайт.

– Көргөн көргөнүн, көсө түрткөнүн кылат.

– Дүнүйө кармап, эл башкарыш оңой дейсиңби?

– Жаманга амал тийсе, көчүнө шамал тийет дешет көпчүлүк.

– Жакшы аталыш да кыйын. Жакшы болуш аста-аста, жаман болуш бир паста.

– Бийликтин да, байлыктын да кадыры болот. Ар нерсенин кадырына жетүү оңой эмес. Кээ бирлери тез эле элге таанылып кетет.

– Кандай адамдар элге жагат?

– Акыл керек, акыл.

– Эч ким өзүн акылсыз сезбейт. Баары эле акылдуу. Бирок, эс дегенди эч бири назарына албайт.

– Акыл-эстин айырмасы барбы?

– Анан эмей. Акыл деги көктөгөн чырпык. Суу берсе, азык алса өсө берет. Эс деген мөмөлүү дарак, азыктанышка бутакта-нып, мөмө байлашка эмнелер керектелээрин, канткенде тамы-рым бышык, бутагым кубаттуу, мөмөм даамдуу болот? – деп ой-лонуп кам көрөт .

Сагынбай бай да жашынан улуулардын кебин укkан. Атасы-нын насаатын, жакшы, жаманын көкүрөгүнө сактап, эсине алган. Өзүнүн балдарына билгендеринин баарын үйрөтүп:

– Акылдын баарын эсиңерге сактагыла, – деген.

Атанын айтканы балдарына сабак, таалим, тарбия, үлгү бол-гон. Атанын баары эле балдарын жаман болсун дебейт. Ошол ай-тылган насаатын, осуятын укпагандар, ага маани берип эсине ал-багандар, баардык жакшы нерселерден кур калып жатышпайбы.

– Буга ким күнөөлү?

– Албетте, ар бир адам өзү күнөөлүү. Ошол үчүн элде: «Ата-нын акылын арта сакта, сөөгүн апта сакта» деген лакап айтылат эмеспи.

– Туура айттыңыз «Атанын сөөгүн апта сакта» – дегени кан-дай?

– Апта сакта дегендин маанисн терең. Адам өлгөндө анын жакындары, же балдары, алыскы-жууктагыларга, маркумдун зыйнатын кылып, кабар айттырат.

Маркумду акыркы сапарга узатууга, андагы үрп-адаттарды аткарууга, алыскы жууктагы кабар жеткендердин баары, жакындарына көңүл айтууга келишет. Элде: «Өткөндү бааламайын титирүүлөр үчүн сабак, окуу.

Келгендер маркумдун бала-чакасына, тууган-уругуна көңүл айтып, жакшы сапаттарын, адамгерчилигин, акылмандыгын, өнөрпоздугун, деги эле жашоо мүнөзүндөгү, жүрүш-турушундагы оң жактарын баалап, эскеришет эмеспи. Анын баары укканга үлгү. Терс аяктарга тыюу. Бала-чакаларына, тууган-уругуна сыймык. Ошон үчүн элде: «Атам өлсө өлсүн, атамды көргөн өлбөсүн» делет. Ар бир адам жакшылыкты унутпай, эсине албай койбойт. Тажиянын шылтоосу менен бирин-бири таанып, билбегендер сурашып, сыйлашып, баркташат эмеспи.

Маркумдун сөөгү жаткан үйгө алыскы-жакынкылардын арты үзүлбөй келип жатышты. Жоктоп (өкүрүп) келишкендерди, айылдын аба-аксакалдары, туугандары тосуп алышып жайгаштыруунун камында болушту. Жоктоп, ыйлап жаткандар басылганда келгендер ал абалын сурашып, көңүл айтышты. Үй ичинде кошок кошкон аялдар, мунду үндөрү менен созолонто кошок кошуп, сырттагы келгендерди ойго салып, жашоо-турмуштун, өмүр менен өлүмдүн чиеленишкен табышмактарын ойлонууга суусу түгөнүп, бул дүйнөдөн түбөлүккө көз жумарын, бул дүйнө убактылуу экендигин, адам убактылуу гана жашарын, түбөлүктүү эч нерсе жоктугун, аз күнчүлүк өмүрдү, ардактап өтүүнү (араптар айтмакчы «фании» дүйнөдөн «бакый» дүйнөгө кетери аныктыгы) эске салгансыйт.

Элде илгертеден эле өлгөн адамдын зыйнатын, анын арбагын ыраазы кылуу жерге берүүдөн баштап, үчүлүгү, жетилиги, кыркы, акыркы аш берүү салтын өткөрүү эркек балдарынын милдети делет.

Салт бул – жазылбаган коомдук мыйзам. Аны эч ким жокко чыгарып, өз алдынча элден бөлүнүп чыгып кете албайт. Анын баарын аркада калган урпактар эске алышат.

Байдын өткөнүнө жыл толгон чакта:

– Ата арбагын ыраазы кылып, балалык карыздан кутулалы, – деп, байдын балдары камданып жатыптыр деген, кабар тууган-уруктан элге тарады.

Жылдыгын чыгаруудагы аш камын, бир туугандар өздөрүнчө эчен жолу ийри отуруп, түз кеңешишти.

– Келээрки жылга, мал эттенип, чучугу толгон учурду, «ак төөнүнүн карды жарылган» күз мезгилин тандашкан.

– Туура. Жайкы жашаңдан от алган мал, чөп боткок алгандан эт май ала баштайт. Күзгү каткан чөпкө мал нык семирет. Экиүч жылдан туу калган субайлар, байлабас кулун-тайлар салкын төрлөрдүн жайын жеп, жалдары кармалбай калат дешкен аба-аксакалдар, алардын сөзүн эп көрүштү.

Көптүн көңүлүнө жаккан масилаттан улам, бир туугандардын улуусу Тыныбек бий тууган-уруктун чоң кичинесинен, байкедейине карабай Көлдүктүн этегине кеңешке чакырды.

– Кана, ашты кандай өткөрөбүз? Кимдерди чакырабыз? Адияга канча үй тиктиребиз? Кайсыл оюн-тамашаларды өткөрөбүз? Аларга канча соорун коебуз? Ашты кимдер тескеп, бийлейт? Кимдер кандай кызмат аткарат? – деген толгон-токой суроо ортого ташталды.

Келгендин баары кайсы сурооого, кантип жооп беришет? Баштары маң. Бирөөсү дагы баш көтөрүп: «мындай»– деп айта алышпады. Айтууга алардын чама-чаркылары жетпесин билип турса да, бий сынамакка сурамыш болду. Көптөн сөз чыкпасын билген, бир аксакал гана ордунан козголо сөз баштады:

– Ырахмат бийим, биздин төбөбүздү көккө көкөлөтүп, кеңеш сурадың. Айталы десек, артыбыз бош. Айтпайлы десек кеңешке чакырып отурасыңар. Кандай кылып өткөрүш өзүңөрдөн. Ага кызмат кылыш, мына, бизден, – деп, чогулгандардын баарынын колунан келээр келбесин ойлобой Бакир карыя жооп бере кетти.

– Учурунда айтпаса, сөздүн атасы өлөт. Ошондон улам менин жаныма келип отургандарга суроо бере кетейин. Калыстыгын айтып, ак жүрөктүк кылган Бакир абамдын сөзү туурабы, туура эмеспи? – деди Көк-Арттагы басыздардын билерманы Нүсүп бий.

Көпчүлүк дым боло, калышып,

– Туура десек биздин эмнебиз кетмек эле, – дешкенсип.

– Туура, туура деп коштоп кетишти.

– Ап-бали. Тууган, ушундай кысталышта тууган. Жабыла убада бердиңер, ыраспы?

– Ырас.

– Андай болсо мен айтайын. Аш ээлери бир эле бий, болуш, казы эмес, жалпыбыз. Себеби, баарыбыз басыз уруусунун урпактары болгондон соң, намыс-абийирибиз бир. Бирөөбүзгө сөз тийсе, баарыбыз арданабыз. Бүгүнтөн баштап, «басыздар аш берип жатабыз» – дейли.

– Ап-бали, ынтымакташкан иш жакшы.

– Кимде ким бүтүмүбүздөн баш тартса, өзүн басызмын деп ойлобосун! Макулсуңарбы?

– «Макул» дебешке, көпчүлүктүн аргасы жок эле.

– Анда эмесе, ушундай. Отун, суудан баштап, мейманды тосуп алгандан, узатканга чейинки кызмат бардыгыбыздын мойнубуздa.

– Огоо! – дешти көпчүлүк чурулдап.

– Болбосо, биздин бири-бирибизге тууганды гыбыз кайсы? Эсиңерге дагы салып коёюн. Бул жерге келгендер гана эмес, Көк-Арт, Жалал-Абад аймагындагы «басызмын» дегендер, жабыла кызмат кылабыз.

– Көпчүлүк дымый түштү. Кээ бири Нүсүптүн көңүлүн улады-бы, же чын көңүлүнөн айттыбы:

– Азамат-ай! Намыска гана жарай турган жигит экен!

– Ооба. Намыс десе, көкүрөгүн төшөгүдөй.

– Намыс элдин абийири эмеспи.

Көптүн кобуру, шерденттиби же, бүтүм «бүттү» дедиби, Нүсүп бий жанында отургандарга кайрыла:

– Кана казым, калкыңа ашты кандай өткөрөбүз? Кимдерди чакырабыз? Ушул тууганды рдын пикирин угуп, кеңешип алалы, – деп, отургандардын көңүлүн ала сүйлөдү.

Казы, ордунан тура, агаларын караганда:

– Сен айта бер дегендей алар баш ийкешти.

– Силердин колдогонуңарга, биз ыраазыбыз. Көптөн бери, аба-аксакалдар менен кеңешип келдик. Кудайга шүгүр, атабыздын мал-мүлкү өзүнүн ашына кенен жетет деп такалбай айта алабыз. Жетпесе мына деп, бир тууганды ры жакты жаңсай:

– Биздин колубуз да кур эмес, атабыздан эч нерсе аяган эмеспиз. Аябашыбызды дагы билесиңер. Канча болсо дагы, ыгым-чыгымына чыдап, аш берели, – деди.

– Казым, ачык айт. Илгертен аш-тойду эл кошо көтөрүп келген. Бизге бөлүнөөр чыгым канча? Атаң ыраматылык да элдин кишиси эле. Көп элге барып, көп жерди көрүп, ызатташып сыйкарыган. Алдын өзүбүз билели. Кызыгып сурашкандарга тагылашкан. Алдын өзүбүз билели. Кызыгып сурашкандарга тагыла

наалатта каласың. Кандай маселе болсо да катуу турганың жакшы.

– Жардамчыларың да ишенимдүү, оюн-тамашанын тартип-эрежелерин туура туткандар болуш керек. Ушул туугандарыңа кандай кызмат, эмне тапшырма береринг дайындуу болсун.

– Шамшы аба, ага-туугандар мага чоң ишеним кылып, жамы намысты колго алсын деп, жооптуу милдетти моюнга артып отурасыңар. Силерсиз мен эч нерсе аткара албайм. Силердин намысыңар менин намысым. Бул милдетти аткарууда биринчи тартипти, жоопкерчиликти тактыкты талап кылалы. Өз милдетин аткарбай, оюн-тамаша көргөнү кетип калгандарды элдин көзүнчө жазалаймын. Басызмын дегениң, кары-жашыңа карабай, күн сайын таң эртеден бир өгүзгө отун, бир өгүзгө суу жүктөп келесиңер. Ар бир адиякеч жаткан үйдүн алды шыпырылуу, жыйынтыктуу, отун-суудан кем болбосун:

– Очогунда от күйүп, казан асылуу, үй ичиндеги жайылган дасторкон бети даамга толуп турсун.

– Кырк күн кызматына чыдап, өз милдетин аткаргандарга сыйлыгым бар. Өзгөн жерин жерден, ушул аймакта көптөн бери бирге жашап калган кыргыздын оң-сол, ичкилик туугандардын уруу, урук, топ башчыларын, оюн-тамашаларды башкарууга кеңири тартып, алардын бүтүмүнүн аткарылышын колдоймун.

– Туура айтты, Нүсүп бийди колдойбуз, той башкарууга ылайык, деп жыйындагылар жабыла кубатташты.

Какырдагы Сагынбай байдын ашына келгендердин аягы тыйылбады. Он эки канат ак өргөнүн ичинде да, сыртына да эл батпайт, байдын балдарына тууган-уруктарына маркумду эскерип, алыскы жууктан келгендер, көңүл айтып жатышты. Аялдар азалуу кийимдерин чогуусу менен сыртка алып чыгышып өрттөштү. «Ак кийдиден» соң, эркектер маркумдун тажыясындагы кемеге казылган жердеги очок кемегени көөмп, аялдар каралуу кийимди (көктү) кайсыл үйдөн кийсе, ошол жерге чечип өрттөө салт. Бул жөрөлгө. Ушуну менен аза күтүү убагы бүттү. Ага келгендердин баары күбө дегенди билдирет.

Элдик салт боюнча «ак кийди», «кемеге көмүүдөн» соң каралуу маркумдун балдары, тууган-уругу, эл катары көпчүлүк арасында өткөрүлүүчү оюн-тамашаларга кеңири катыша беришсе айыбы жок. Эми аштын таң-тамашасын баштаса боло берет. Аны эч ким айып көрбөйт. Кемеге ашына арналган улак тартыш, тай чабыш, эңиш, күрөш, оюн тамашалар өткөрүлүп, майда соорундар жеңүүчүлөргө ыйгарылат. Бул кийинки күндөрү өткөрүлүүчү чоң аштын оюн-тамашасына даярдык болуп эсептелет. Кемеге ашында иргелген балбандар, күлүктөр, чабандестер, кийинки күндөрү өткөрүлүүчү оюн-зоокторго катышышып, аш берген тараптын намысын коргойт.

* * *

Той баштала элек жатып, Өзгөн калаасынын айлана-тегереги жык-жыйма, тамаша көрүүгө келгендерден жол тийбейт. «Кеңеш ашына» «чаң улагын» чапка баскан чабандестер, биринин артынан бири келишип, тамаша өткөрүлүүчү аянт элге толду.

Той башкаруучулар өздөрүнчө маслатташып:

– «Кеңеш ашына» жалаң жакынкы тууган-урук, жек-жаат, «чаң улагы» менен келишет. Тойго арнагандан башка, тамашаны кызытуучулар ушулар. Соорундарды ыйгарбасак болбойт дешип, атайын көрүнө жайга, берилүүчү соорундарды үйүп, тизип коюшту.

Көптөн бери баккан аттарын, тойго чейин таң ашыра суутуп, даярдашкан чабандестерге алты айлык торпок союлуп, атайлап алынып келинди. Жаат-жаатка бөлүнбөй, жалгыздап чапкан чабандестердин «галасинан» жол тийбейт. Ортого таштalган торпокко жетиш үчүн баары эле аттарын теминишет. Мындай көпчүлүктүн арасынан, аттардын аты, чабандестин чабандеси жетпесе, чабалыраак аты барлар, көпчүлүккө даап, кире алышпайт. Чет-четтеп моюндарын созушуп, кимдер жетип, алып чыгаарын күтүшөт.

Заматта аянттын үстүндө чаң көтөрүлүп, бозомук боло уюлгуйт. Кагышкан үзөңгү, энтиге жөткүргөн аттар, бирин-бири сүрөгөн үндөргө кошул-ташыл «кимди ким көрүптүр» демекчи, баарынын эле көөнү галанын ортосундагы улакта. Каршы-терши темине, умтулгандардын эч бири жаткан торпокко жетип, «шарт» көтөрө, көпчүлүктү жиреп чыга алышпады. Чай кайнам

убакытка жеткенде торпок жаткан ортолук жанданып, ары сүр, бери сүрдөн улам, торпокко жетип, жерден көтөргөндөрдүн бардыгы билингендей болду. Улам жылып, кайра токтоп кайра-кайра комоктошкондор, аларга ортолуктан жулунуп чыгып кетишине, мүмкүндүк бербей жатканы сырттагыларга билинип турду.

Бир кезде ортолук, бир тарапка сүрүлгөндөй болуп барып, ошол тараптагы атчандар чачылгандай бириндеп, кимдир бирөө атына кубат бере, кыйкырыгы чыгып, заматта четке чыга түштү. Чабандес жалгыздап калганынан пайдаланып, ээр каштын үстүндөгү өбөктөп баскан торпокту оңдой, эки бутун ашыра чапка басты. Аңгыча эки тарабынан талаша тарткан чабандестер анын алдынан сууруп алчудай, булкуп-жулкуп артынан калышпады. Экөөнө тең моюн бербеген чабандес, атынын тизгинин тарта калганда, бучкактап келаткандардын колдору бошоп, күү менен алга кетишти. Чабандес атынын тизгинин бир тарапка бура «чу» койду. Ары күлүк, суутулган ат, кубалагандарга жеткирбей алга сызды. Улам топту жара, ары-бери тепчиген улакчы, бир кезде белгиленген жайга барып, өңөргөн торпокту «шалак» эттире жарга таштады.

Тер, чаңдан улам, аты да, өзү да таанылбайт. Ар кими биринен кызыга сурап жатышты.

– Атына өзү, өзүнө аты жарашкан, кайсыл чабандес экен?

– Алыстан таанылбайт .

– Азамат! Анык чабандес экен.

– Кеп атында. Атын айт.

– Көрүнүшүнө караганда, Кайыппы, – дейм.

– Кайсы Кайып?

– Түрк жигитчи.

– Өзүбүздүн Кайыппы? Ал чыныгы чабандес.

– Чабандестигинен, ушунча улакчыларды кечип барып, галаны бузбадыбы.

– Кайып эле болсо, башкаларга улак бербейт .

– Ошончолук эле, кыйынбы?

– Кыйындыгын көрбөдүңбү? Ал улак дегенде, жанын аябайт. Топту биринчи бузуп, улакты паттага биринчи таштаган чабандеске соорун ыйгарылып, ээр берилет! – деген, тамашаны башкаруучунун үнү чыкты .

– Соорунга, ээр дейби?

– Кандай ээр болду экен?

– Ушунча чоң улакта, жөн ээр соорунга коюлмак беле?

– Ооба, баягы бүт тулкусуна, күмүш чегерилген «ак каңкы»ээрден болсо керек.

– Ээ, ээрдин да, ээри бар. Ары жеңил тарамыш менен чарымдалып, төөнүн, же топоздун териси ийленип, аябай бышырыла, капталган ээрлердин көрүнүшү көрктүү, ары жеңил, аябай эле бышык болуп, токулган аттын сээрине тегиз тийип, жоорутпай турган ээрлер, аттын кунуна барабар.

– Анда жөн экен. Соорун чабандеске бап экен.

– Кой, кобурашып, кепке алаксып жатып, тиякка көңүл бурбай калган турбайбызбы. Кайра гала башталган окшойт?

– Ооба, улак эми кызып, талаш катуу болуп жатат.

– Кийинки соорунга эмне, коюлду экен.

– Аны, эми көрөбүз.

Улак тарткандарга кызыккандардын, ар кими, ар кыл оюн билдирип, чабандестерге баа берип жатышты.

Аарынын уюгундай комоктошкон улакчылардан жол тийбейт. Баары эле аттарын теминишип, ортодогу улакка жетүүнүн аракетинде. Тыгындын көптүгүнөнбү, анча-мынча чабал аттар кетенчиктешип, четке сүрүлө, артта калып жатты. Ортодогу галага жеткендердин көбү, көп аттардын кысындысына калып, эңкейүүгө жол табышпайт.

Анча-мынчасы ортодо туруп, эңкейишкендери менен улакка колдору жетпей, аттардын башы, улакчылардын үзөнгүлөрү тийип, башы-көздөрү канжалап, жарылганы көпчүлүккө айкын көрүндү. Бир мезгилде ортодогулар бир тарапка сүрүлүп, улакты эптеп жерден алган чабандести ээрчий сүрүлүштү. Ар тараптан бучкактаган, көпчүлүктөн улам, торпоктун бир санын чапка басканы менен ээр кашка арта салууга, эч кими мүмкүндүк бербегендиктен, атына сүйрөлтө, ортолукту жарып, чыгып кетүүнүн аракетинде, аргымагына камчы үстүнө, камчы басат. Жаңы ачышкан ат, оор торпокту сүйрөй чуркап, алдынан тосмологондорду буйтап өтөт. Аттын күчтүүлүгү, чабандестин карылуулугунан улам, чабандестердин көпчүлүгү артта калып жатты.

Улакчылардын сээлдегенинен, чабандес бир топ четке барып, сүйрөлгөн торпокту, ээр кашка арта салып, ондолуп алган соң, артынан жетип баргандарга моюн бербей заматта белгиленген жерге жетип барды.

– Бул чабандес өтө олбурлуу, кубат-күчү ташыган жигит экен. Оор торпокту атына сүйрөтүп жүрүп, паттага дадил таштады. Мээнет нак ушунуку, – деди көпчүлүктүн арасынан бирөө бакылдап.

– Ким деген, кай жерлик экен?

– Кай жерлик болсо да, ата уулуна ыракмат!

– Баягы эле, Кайып окшойт.

– Койсоңорчу, ушунча улакчылардын ичинен, бирөөсү да Кайыпка тең келе албайбы?

– Тең келе алса, торпокту андан жулуп алганды көрөлүчү?..

– Кайып түрктүн ооматы келген экен. Чыныгы чабандестиги билинди .

– Кайып эле болсо, эч кимге соорун тийбейт.

– Соорунга ээр берилет! – деген той башкаруучунун үнү чыкты.

– Соорунга ээр дедиби?

– Ооба. Ээр берилет, – деди.

– Басыздар көп жылдардан бери, очокко ээр жагышат – деп укчу элек. Ээр дагы эле түгөнбөгөн окшойт?

– Жагып түгөтө алышпаса, басыздардын баары эле, ээр чапкан уста окшойт?

– Кебиңерге түшүнбөдүк. Бириң «отко ээр жагат», – дейсиңер. Бириң «басыздардын баары эле, ээр чабат» – дейсиңер? Сөзүңөр какшыкпы, же лакаппы, – дешип, башка жактан келгендер той башкаруучунун айтканына кошул-ташыл. Ага жооп иретинде айтылган сөздөргө таңданыша, суроо узатышты.

– Анын жөнү бар, балдар. Чын. Кийинкилер билбей калышты. Мурунку аксакалдар айтып калышчу эле, – деп ортодогу карыя, бири-бирине суроо бергендерге жооп кылып:

– Кеп төркүнү, башка окшойт, угалычы?

– Айта бериңиз, аба?

Сөз баштаган аксакал, өзүн жабалактай тиктегендерге көңүл бура, кебин улай кетти.

– Тээ илгери калмактар менен кыргыздардын кан кечип кырчылдашкан кармашында калмактар өктөм чыгып, аз сандуу кыргыздарды ортого ала кырып, аман калгандарын тыркыратa ар тарапка кубалашат. Тоо-ташка, колот-жарга пааналаган кыргыздар эптеп аман калышат.

– Кыргыздарды кайрылып келгис кылып бириндетип кубаладык. Тоо-ташка жашынгандар кара түндө жол таап келе алышпайт. Ушул жылганын оозун тосуп жаталы, – дешип калмактын тайчылары ар-ар жерге отту улуулата жактырышып, минген аттарын Туюк-Жылгага кое беришип, тартып, тоноп алган олжолорун бөлүшүп, колго түшкөн жылкылардан туу калган бээлердин кардын жарышып, кандуу булоо боло жатып калышат.

Кыргыздардын Басыз уруусунан чыккан Улак баатыр качкан кыргыздарды кайра топтоп:

– Калмактар олжолорго карк боло, бейкам жатышат. Куралдарын бир жайга топтошуп, аттарын Туюк-Жылгага айдашып, жылга оозунда «кандуу булоон» үстүндө, карындарын тойгозуу менен алек. Мындай учур дайым эле келе бербейт. Жер өзүбүздүкү. Тоонун шарты белгилүү. Түнү менен ашууларды ашып барып, таңкы уйкуга киришкенде, ар тараптан басып кирели. Алар тополоңдо алдасташып, куралдарын таппай калышканда, ар тараптан ороп, талкалайлы деп шериктерине айтат.

Баатырдын сөзү менен болгон жигиттер, болжогон мезгилде, бири-бирине белги беришет. Оор уйкуда жаткан калмактарга капыстан кол салышат. Кыргын болгон көп калмактардын ээрлерин жүктөп келишип, отун катары кышы бою жагышса да ээр түгөнбөгөндүктөн:

– Басыздар от тамызгыга ээр жагышат, – деген лакап Улак баатырдан улам узактан бери айтылып калгандыгынын жөнү ушундай, – дейт карыя, кеп маанисин түшүндүрүп.

Аңгыча болбой, улакчылардын арасынан ачууланган Кайып чабандестин үнү чыкты

– Эй, Жусупбай казы! Бул эмне кылганың? «Казы, элге калыс» – деп, басыздар сени «улакты башкарып бер» – деп сыйлашыптыр. Сыйга сыйдай мамиле кылбайсыңбы? Кайда сенин калыстыгың?

– Эмне балээ болуп кетти?

– Кайып ачууңу жут! Тойдо чыр чыкпасын?

Ар ким, ар тараптан аны бас-бас кылып, тыйып жатышты.

– Кайып, мындай жоругуң жок эле. Эмне болуп кетти?

Анын жанына бастырып келген аксакал суроо бере, аны тыйып жатты.

– Соорунга ээр ыйгарды. Ыраазы болуп калдым. Экинчи жолу ээр бергизди, тамаша экен деп түшүндүм. Үчүнчүсүндө да ээр берди. Эмне, казынын мени шылдыңдаганыбы?

– Катуу кетпе Кайып? Жөнүн сурайлы.

– Казынын көп жолу көчүгү жооруп, ээр көзүнөн учкан экен да? «Бар, ошол ээрлерди сага берейин. Жооруган көчүгүңдү, айыктырып ал» – деди, Кайып «заң-заңк» эте, көпчүлүктүн ортосунда кыйкырып.

Казыга, болгондо да, бүгүнкү аламандын көзүнчө, бул сөздөрдүн айтылышы, өтө осолдук экенин, көпчүлүк түшүнүп турушту. Көптөн бери эл башкарып жүрүп, өзүнө даректелген жаман сөздү укпаган казынын осолу чыгып, кубакай жүзүн кан тээп, ачуусун келтирди.

– Кармагыла, сасыган айранды! – деп казы чаңыра катуу кыйкырды.

Казы тууганына айтылган, ачуу сөзгө териккен, тазбаргылар аттарын темине келишип, Кайыпты ортого ала, ай-буйга карабай көптөп, сабап киришти. Заматта улак токтоп, капылеттен боло калган чырдан улам, көпчүлүк камчы шилтегендерди ороп, туруп калышты. Мындайда намысты бийик коюп, калыстыкты кастарлаган уруу аксакалдары ортого түшө калышып, эки тарапты «бас-бас» кылышты.

– Улакты уланта бергиле!

Эки бир тууган өздөрү элдешип алышат дешип, көпчүлүктү таркатышкан, эки-үч аксакал, ал экөөнү ортого алышты.

Көп камчынын заарынан, жылаңач денесинин таза жери калбай, көк-ала болуп, заматта шишип чыкса да, күпчөктөй болгон башынан көзү көрүнбөгөнүнөн улам, атынан түшпөй, ээр кашты эки колу менен кармап, Кайып ортодо турду .

– Жинди иниси, тил албай кер сүйлөсө, салт боюнча агасы жазалап, урат деп, басыздын билерман аксакалы, Кайыптын көңүлүн жактай сүйлөсө:

– Эки элдин ортосунда бизди эш туткан, бир ууч эл ушулар эмес беле? Сени менен мени «ага» деп, кичүүлөрдү «ини»-деп, аш-тойду дайыма бирге өткөрүп, бир дасторкондон даам татып, бири-бирбизден сыйыбызды аябай жүргөнүбүздү эмнеге эсиңе албайсың. Бул эмне деген жоругуң? – деп, Кайыптын көңүлүн көтөрүп, Жусупбай казыны Чүрөк болуш тилдеп жатты.

– Бир туугандын урушу, бөз матанын жыртышы.

– Экөөнүн көңүлү бөзчө жокпу. Жарашкыла! – дешти ороп тургандар.

Улуулардын сөзүн жерге таштабаган Жусупбай казы менен Кайып күлө бага, бири-бирине кол берише, көңүлдөрүндө кир жоктугун билдиришти.

* * *

Топтошкон бийлер байгеге кошулар аттарга суктана карап жатып, байгеде кайсыл ат чыгарын өз алдынча түспалдашат.

– Бул ат чыгат.

– Жок. Тигил ат чыгат, – деп, өз ара божомолдошуп жатканда, кимдир бирөөсү:

– Байгеде кайсыл ат чыгарын так билген саяпкерге, эгер ошол ат чыгып, байге алса, бир ат беремин дейт бирөөсү.

– Бийлер өз ара талашка түшүп, ат таптаган саяпкерлерин алып келишет.

– Кайсыл ат байге аларын айткын дешет.

– Көпчүлүк саяпкерлер биринен-бири сындуу шумкардай болуп, заматта эле учуп кетчүдөй талпынып турган күлүктөрдү көрүп, баш чайкаган бойдон үн катышпайт.

– Баарын үндөбөй байкап турган Жолборс казыга кошо барган бийлер:

– Кожомкулду ат сыноочуларга кош. Эмне деп айтаар экен? – деп, кулагына шыбырашат.

Казы Кожомкулду өзүнө чакырып:

– Байгеге чабылаар күлүктөрдү мен айтпасам деле сыдыра карап, сыныңдан өткөрдүң окшойт. Ачык айт. Кайсыл күлүк баш келип, мөрөй алат?

– Кулагыңа эле айтып берейинби, же көпкө угуза айтайын-

бы? – дейт саяпкер.

– Айтканга жараша элге угуза айт. Эл элан кылып, атынды аңыз кыла айта жүрсүн.

– Менин айтымым менен сен бир атка ээ болоюн деп жатасың ээ, казым, – дейт саяпкер теңтушун тамашалай.

– Сенин айтымыңдай болсо, өзүм бир атты мойнума алам, дейт казы чычалай.

– Бирин-бири тамашалай кыйкырып сүйлөшкөндөргө тургандын баары көңүл бөлүп калышат. Кожомкул маңдай тараптагы тизилип турган күлүктөрдүн арасынан тору кашканы көрсөтүп:

– Чабандеси атына сырдаш болсо, ушул ат келет, – дейт.

– Карап тургандардын көбү сыны келишип, асманга карай атырыла учуп кетчүдөй, ойноктоп турган аттардын арасында эч нерсени сезбегендей түрдө үргүлөмүш болуп, көзүн ачып-жуумп турган күлүктүн чыгарына күмөнсүшүп, Кожомкулду мыскылдуу карашат.

Аңгыча болбой, ат айдоочулардын белгиси менен жол талаша опур-топур болгон күлүктөр алыстап кетет. Кеч күүгүмгө жакын, таң-тамаша менен алек болуп жаткандардын көңүлүн:

– Ат келатат, деген кабар алаксытып, элдин баары жабыла аттар келүүчү жакка чуркашат.

Эң алдыда тору кашка ат чаңдан, баткактан чамбыл-ала болуп, чуркап өтөт. Кожомкулдун дарегин уккандар калган аттарга көңүл бөлүшпөй эле, көптүн арасынан анын карааның көрүүгө куштар болушуп, издеп жүрүштү.

* * *

Тойго айтылгандар келип жатты. Алыскы аймактардан ашуу ашып, тээ мунарыктап баш-аягы билинбеген чөл аралап келгендер кийген кийимдери, минген улоолору менен айырмаланып, алардын кимдер экендиги тургандарга дайын эле.

Меймандарды утурлап алуучулар да, жөн адамдар эмес. Эчен эл-жерди кыдырып, барган жерлердеги каада-салттарды, үрп-адатарды терең билген, алардын түшүн жоруган, саякатчы, соодегер, тил билип, кат окуган молдо, аалымдардан тандалган

топтордон эле. Алар алыстан жол күткөн жарчылардын кабарын угушкан соң, белгиленген жерде, меймандардын тилинде, салтына жараша тосуп алышты. Амандашып ал-жайды сурашкандан соң, казыга баштап келишип, учураштырып дайындалган үйлөргө жайгаштырып жатышты.

– Меймандардын баары келишти. Белгиленген үйлөрдөн орун алышты, – делгенден кийин да, казы өзү келип, бийик дөбөгө чыгып, алыскы тарапты карап, тынчсызданып турду.

– Эки-үч күндөн бери, бул жайга келип, жол карап, эч кимди минтип күткөн эмес. Ак падышанын өкүлдөрү, чоң төрөлөр келишкенде да, үй алдынан жылбай тосуп алган. Кокон, Ташкен, Кашкардан келген кадырлуу коноктору деле алдынан тосуп, утурлап албады эле. Келе элек ким? Утурлаганы кандай адам болду экен?

Казынын ар бир кадамына, аярлап көз салып тургандар ушундай ойдо болду. Ал тургай:

– Таң тамаша көрүүнү самагандар күтүнүп турушат. Казы өзү келип баштап берсин? – дешип той башкаруучулар эчен курдай биринин артынан бири келгенде:

– Өзүңөр билгендей баштай бергиле, – деп казы күн чыгыш тарапты караган бойдон беркилерге кылчайбады.

– Казыда мындай пейил жок эле, көбүн эсе:

– Элди күттүрүүгө болбойт деп көпчүлүктү пайгамбардай сыйлаганын билчү элек. Бул эмнеси? – деп, аны жакшы билгендер таңданышты.

Колун серепчилеп, улам алысты акмалап карап турган казы, бир учурда атын дөбөдөн куюлта теминип, чыгышты көздөй утурлай жөнөдү. Алыстан топтошкон караан, жол жоргонун жүрүшүндө жакындап келе жатты. Алардын алдында чылбыр бою илгери бастырган ак элечек аялдын карааны айкын көрүндү. Казы аларды утурлай заматта жете барып, жолоочуларга тай чабым аралык калганда атынын тизгинин тарта, аярлады. Аңгыча маңдайдагылар да жете келишкенде, казы аларга каршы тике бастырып барбай, кыйгачтана тизгин буруп, жумшак үн сала.

– Амансызбы Датка эне?

– Шүгүрчүлүк казым, той кут болсун!

– Бирге болсун. Узак жолдо кыйналбай келдиңиздерби?

– Ырахмат!

Аңгыча, арттагылар жете келишип жабыла салам айтышып, аманчылык сурашты.

– Биз көпкө күтүрүп койбодукпу? – деди Датка эне, жумшак үн менен.

– Сиз тең, келгендер бир тең, байбиче эне. Тамашаны сиз келгенде баштайлы деп турабыз.

– Андай болсо элди күттүрбөйлү. Бастыралы, – деп Датка эне атына жеңил камчы шилтеди.

Алдында жүрүштүү аргымак кой жоргосу аркыраган бойдон алдыга түштү.

Заматта Датка энеге атайлап арналып көтөрүлгөн өргөөгө жете келишти. Күтүп тургандар, жабыла ат алууга камданган чакта:

– Оңдун атын, сол албайт. Сол улук, билип жүргүлө! Өзүбүздүн эле жигиттер алат, – деп тизгинди тарта бергенде, кошо келгендер шапа-шупа аттарынан түшүшүп, бири байбичени колтуктап жөлөй түшүрүп, бири ат үстүндөгү куржунду алып, дагы бири жол жүрүп келген аттардын басмайылын бошотуп, кермеге байлап жатышты.

Үйгө кирип, жай алышкандан кийин, кошо келгендерден бирөөсү ордунан жеңил тура келе, этек тараптагы илмектүү чыйратылган жиптери бири-бирине өткөрүлө чие байланып кулптанган, ак куржундун илмектерин чечип, бир көзүндөгү аяр матага оролгон калтар тебетейди алып, кайра-кайра аяр силке, Датка энеге сунду.

– Кана, Сагынбайдын «жетими» атаңа арналган аш-тоюң кут болсун! Ак жолтой ашка ырым кылып, кундуз бөрктү кийип кой. Мындан ары да зоболоң оожала көтөрүлүп, алтын башың аман, даражаң бийик болсун! Элге-журтка ак кызмат кылып, кайрымдуу бол! – деп айтканда меймандардын арасынан улуурак бирөө суурула чыгып, тебетейди казыга аяр кийгизип, куржун ичиндеги аземделип оролгон карышкыр ичикти силке, далысына жапты.

– Сарпай кулдук болсун, казы! Өмүрүң узун, өрүшүң кенен болсун! – деп меймандар жабыла казыга куттук айтышты.

– Ырахмат, казы колун көкүрөгүнө ала, ийилди.

– Казым, убактынын кыскалыгына карабай, жол күзөтүп, тосуп алганыңа рахмат! – деп, Датка эне өзү менен кош келген небересине ымаа кыла, карады.

Ал ак куржунду кош колдоп, чирене көтөргөндө, алтын тыйындар шыгырап, салмагы оңор эместиги билинди, баягы куржунду чечкен жигит шыпылдап, күмүш табакты алдыга тосо койду. Ак куржундун көзүндөгү сары тыйындар шыгырап, табак бетине толо төгүлтө, Датканын небереси кош колдоп казыга узатты. Аны аяр колуна алган казы, жанында турган Тыныбекке сунду.

Бийдин кабагы, жарк эте ачылып, Датка эне тарапка илбериңки ийиле,

– Ырахмат Датка эне! – деп ыраазычылыгын билдире, жумшак үнү менен сөз улады.

– Сиздин колуңуз тийген буюм, бизге таберик. Мынча сөлкөбай Какырдын бетине батпаган малдын баасынан ашык. Мен сизди тополоңдон сырткары көрктүү, ары салкын, эч бир жан тынчыңызды албай турган жайга жайгаштырам, – деп кубанганын билдирди.

Тыныбектин бул сөзү жөндөн-жөн эле айтылбаган эле. Бийдин кубанганынын биринчи эле себеби, жамы орус-кыргызга, опол тоодой көрүнүп, калың элдин кастарлоосуна ээ болгон, аял затынан чыккан акылман Курманжан Датка-энени атайлап, үй көтөртүп, тынч жайда эс алышына шарт түзүп ыраазычылыгын алуу. Экинчиси орустар айтмакчы, айтылуу «Алай ханышасына» ак дасторкон жайдырып, түрлөнтүп тамак-аш койдуруп, уул-кыздарынын кызматын көрсөтүп, Умай Энедей болгон Датка Эненин батасына арзуу. Үчүнчүсү аш берилген күндөн баштап, Какырга жакын отурган өзүнүн малы эсепсиз эле союлуп, элге таркатылып жатат. Ага эч кимдин ичи кайышпайт. Бирок, алдыртадан катын-балдары:

– Ашка жалаң эле биздин малдан союла береби? Казы абам менен болуш абамын малынын чети оюла элек деп айта калышканы күнөөкөр кулагыма илинип:

– Кыргызга мал, боор эти менен барабар демекчи, бир туугандар аягында, той этегинде эсептеше келгенде, сөз чыгып ке-

теби деген чочулоосу да бар эле. Айтса айтпаса да, «сенин малың, менин малым» дебей эле, четинен сойгуза беришкен эки иниси-не, ичи тартыла калганы бар, Датка Эненин кошумчасынан улам, бир туугандардын көңүлү үчүн:

«Какырга батпаган малга тең» деп да айтып жибербедиби. Эмне болсо да, үйүндөгүлөрдөн ашыкча сөз чыга бербестигин ойлогон бий өзү айтмакчы.

– Аштагы төбөсү көрүнгөн бай-бий, болуштар бир тең да, Датка Эне жалгыз өзү бир тең. Кылтыксыз сыйлоого жан үрөп, ырчы-чоорчу, сөзмөр-чечендерди атайлап ат чаптырып алды-рып, жатты.

* * *

Илгертеден аш-тойго улуу-кичүүлөр келишсе, той башка-руучулар да аларды бөлүп-жарбай, жакын-алыс дебей, бай-кедейине карабай, кастарлап, ызаттап күтүп, узатууга аракеттенишкен. Сый-урмат чын пейилден тартуулангандыктан, көптүн көөнү кушбак болуп, таң-тамашага тегиз катышышкан.

Ачык асман, таза абада, сандаган гүлдөрү, тулаңдуу талаалар-да кары-жашы, чоңу-кичинеси дебей, тегиз, бирдей болушкан. Күлсө кошо күлүшүп, күлүктөрдү кошо сүрөшүп, баатыр-балбан-дарды кошо кубатташып, кымырынып, кысынбай өздөрүн эркин сезишкен. Өнөрү бары өнөрүн көрсөтүп, аксакалы акыл айтып, жакшылык-жамандыкты тегиз көрүшкөн.

Өткөрүлүп жаткан тойдун тамашасы көпчүлүккө жагып:

– Бали той бергенге да, тойдо кызмат кылгандарга да ырах-мат. Байы камдуу, жери жайлуу, эли барктуу, баштуу, биринин сө-зүн бири укkан, ынтымак экен деген алкоолор айтылып жатты.

Бүгүнкү оюн күрөш менен башталып, чоң-кичинеге чейин баары кызыгышып турушту.

– Балбандар бала кезден тарбияланып, баралына келгенде аты чыгат. Оюнду балдар баштап берсин. Кезеги келгенге чейин, атактуу балбандар калыстык кылышсын, – деген той башка-руучусунун талабы менен жалаң жаш балдар ортого чыгышты.

– Күрөшкө түшкөндөрдүн даректери айтылып, кай жерден келгени, кимдин баласы экендиги элан болгон сайын, «жаш бал-

бандар» шерденишип, жалтанбай күрөшүп жатышты. Жыгыл-гандар боз ала болуп, четке чыгышса, жыгып алгандары марда-йышып ортодо отурушту.

– Атаңа ырахмат! Эркек бала болсоң ушундай бол. Баралына келгенде, балбан болчудай деп, аз болсо да, байгелерин да берип жатышты.

Бирин-бири көрүп, шерденген балдар, талаша чуулдашып:

– Мен чыгам.

– Мен күрөшөм дешип, бел боо курчанып, күрөшүүгө кызы-гышат.

Калыстар да балдардын жашына, боюна, келбетине карай, тең чамалаштарын таап, алыштырышка аракеттеништи. Чуруль-дашкан балдардын катарлары сээлдеп, эки-үч жеңүүчүлөр кал-ганда, калыстар:

– Азыраак болсо да, дем алгыла. Ага чейин чоңдордун күрөшүн көрөлү. Алар чарчаганда, баш байге талашына силер түшөсүңөр, – дешип, балдарды ортодон чыгарышты. Кезек чоң балбандарга берилип, эскиден балбандыкты өнөр кармашып, көпчүлүккө таанымал болгондор, биринин артынан бири чыгы-шып, катарлаша олтурушту.

– Көпчүлүк! Бүгүнкү тамашанын кызыктуу болушу үчүн бал-бандардын тандоосуна жол берели. Жашына, көлөмүнө карабай-лы. Ким-ким менен күрөшөөрүн өздөрү тандашсын. Маакулдаш-тыкпы? – деди калыстардын башчысы.

Ортодо ар кыл курактагы, аттары таанымал, кээ бирөөлө-рүн эч ким билбеген балбандар бош аянттын четинде тегерене отурушту. Бир кезде бири жашыраак, андан бири улуурак, экөө чыгышып, катардагы чоңдордун арасынан, өздөрү каалаган бал-бандарды жетелешип, ортого алып келишти. Эки жупка, эки ка-лыс, бел боо байлашып, ортого узатышты. Кармашкандар бири-бирин серпишип, күчтөрүн сынап, чамалап жатышты. Бир топко алышып, жыгыша алышпады.

– Дем алгыла, – дешип, калыстар төртөөнү тең, ортодон чы-гарышып, башкаларга кезек беришти.

Бир кезде олбурлуу жигит чыгып, жай басып келип, ортолук-ка сыңар тизелеп отурду. Көпкө чейин, ага даап, чыккан эч ким болбоду.

– Балбанга тең, эч ким жок экен. Соорунду бергиле.

– Башкалар күрөшсүн, – дешти, чуулдаган көпчүлүк.

– Жок. Күрөштө жеңгени гана балбан аталып, соорун алат. Чыдагандар чыгышсын деди калыстар.

Ортолукка чыккан балбандардын арасында, көпчүлүк тааныгандар, тааныбагандар да бар эле. Ары көпчүлүктө аты аталып, даңаза болгон балбандар.

– Жаштарга кезек берели, же жеңүүчү аталгандар менен күрөшөлү, – дештиби, көпчүлүк арасынан эч бири суурулуп, ортого чыгышпады. Баягы ортого чыккан балбан зериккенин билгизип, ортолукка жанбаштай жатып алып, балбандардан башка да, мага тең келээр эл ичинде бар болду бекен? – дегендей ортолукту курчап тургандарга көз салды.

– Балбанга тең келе тургандардан барбы? Энеси эркек төрөгөн, ата уулдарынан чыкчулар болсо, келгиле! – деп калыс үн сала, айланадагыларды карап жатты.

– Мен чыгам! – деген үн, оң тараптан угулду.

Жарданып тургандар, үн чыккан жакты жабыла карашты. Болугураак келген сары жүздүү өспүрүмдүн жүзү көрүндү.

– Азамат. Намыстуу бала окшойт.

– Намыстуулугу каякта. Ала өпкөлөрдүн бири го?

– Күчүнө ишенген бирөө көрүнөт.

– Кайдан? Тиги ортодогу аюудай болуп турбайбы? Бир чапчып ыргытса, талп дей түшөт.

– Намыстуулугунан «мен чыгам» деп жатпайбы! – деген күбүр-кобурлар угулду.

– Кой бала! Сенин атаң теңдүүлөрдөн, же андан чоңураактардан бирөөлөр чыгаар. Баралыңа келе элек, балтыр этиң толо элек бала көрүнөсүң. Оолукпай туруп тур! – деди бирөөсү.

– Ооба, сага эртелик кылат! – деди дагы бири беркини коштоп.

Көпчүлүктүн арасында аны тааныган, тааныбагандар да бар эле. Тааныгандар:

– Баягы, «жөө балбан» турбайбы!

– «Жөө балбан» дегени кандай?

– Баягындагы тойдо, өзү теңдүүлөрдүн баарын жыккан, балачы?

– «Бала балбан» деген ушулбу?

– Атын укканыбыз менен өзүн көргөн эмес элек?

– Тоолук болот. Аш-тойго көп деле келе бербейт.

– Аны, эмнеге «жөө балбан» дешет?

– «Дөө балбан» десе бою анчейин окшошпойт.«Жөө балбан» аташса, ат минбей жүрөбү?

– Ким билет. Билгендер «жөө балбан» дешет имиш.

– Баягындагы тойдо, коңшуларын ээрчип, күнчүлүк жолдон келип, күрөшкө түшкөнүн билгендердин тамашасынан улам, «жөө балбан» атыгып кеткен болчу. Анын «жөө балбан» атыккандар да калыс экен. Чыныгы балбандарды кубатташып, дем берише, кыйкырышкандары, балбандарды шыктандырганын сезди. Улам отура-тура кала, алардын кыймылына жараша тынчсызданганын сездирбейин десе да, билинип эле калгандай болду.

– Баягы тоолуктар бири-бирине:

– «Бала балбан» – деген жаш балбан, эч кимден жыгылбаптыр. Өзүнөн чоңдорду так көтөрүп жыккандын эл айтып жүрөт,– деп кеп кылышчу.

Тери шымынын багелегин, тизесинен жогору көтөрүп, күрөшкө камданып алган. «Жөө балбандын» көрүнүшү, жаш баладай болгону менен дене түзүлүшү чоң кишидей бар эле. Балтыр, билектери буруюп, көргөндүн көзүн өзүнө тартпай койбойт. Эч ким аны, он бешке чыга элек бала деп ойлобойт. Али бетиндеги сары түгү түшө элек, уурутунда эми гана сары түк билине баштаганы көрүнүп турат.

– Сен бала коё тур. Атагы чыккан балбандар күрөшсүн. Күрөшкөндөрдү, байкап отур. Качан гана жеңүүчү аталганы менен кармашасың, – деди, анын мүчөсүн көрүп, күчү бардыгын туйган калыстардын бири.

Арзыбектин мүнөзү жумшак, тил алчаак жайы бар эле. Анын үстүнө калыс кишинин айтканы ага туура көрүндү.

– Чындан эле, күрөшкөндөрдү кунт коё, байкайынчы. Кандай күрөшүшөт болду экен? – деген ой келди:

Күндүн табы көтөрүлүп, түш болоор чакта, алышкан балбандардын карааны улам суюлуп, бириндей баштады. Карап тургандар да калыс экен. Чыныгы балбандарды кубатташып, дем берише, кыйкырышкандары, балбандарды шыктандырганын сезди. Улам отура-тура кала, алардын кыймылына жараша тынчсыздаганын сездирбейин десе да, билинип эле калгандай болду.

– Ал антип көтөргөндө, берки минтпейби. Так көтөрүп, бурап серпейби! – деп, ар биринин ыгына паам салды. Акыркы эки топтун жеңүүчүлөрүнө кезек келди. Алар көпкө таймашышып, өз ыктарына келтире албай жатышты. Экөөнүн тең, күчтөрү да, илаалары да тең экендиги билинди.

– Эки балбан, өз ара сүйлөшүп алышкан көрүнөт.

– Байгени тең бөлүп, алалы дешкенби? Бири жыксын. Болбосо, экөөнү ажыратып, башкага салгыла! – дешти көпчүлүк.

Калыстар элди чуулдатпай, экөөнү ажыратышып, азали далиси жерге тийелек, атагы ашкан балбанга салды. Жаңы балбан баягы жыгыша албаган эки балбанды удаасы менен так көтөрүп чапты, көпчүлүк дуулдап:

– Мына, балбан деген, ушундай болот.

– Ай-буйга келтирбей, так көтөрүп чаап, мөрөй алды, – деп баалап, мактап жатышты.

Жыккан балбанга Намангандан келген Нематжан балбан түштү.

Нематжанды эч бир балбан жеңе алган эмес. Калайык калк, тамашаны эми көрүп алгыла! – деп кимдир бирөөсү сүрөп, кыйкырып жатты.

Ал айткандай эле Нематжан өзүнүн балбандыгын көрсөтүп, каршылашын жерден так көтөрүп, айландырып-айландырып барып, чалкасынан таштады. Эл ичи «дуу» ач кыйкырыкка толду. Жарданган элдин арасынан эки-үчөө ортого чуркап келишип, Нематжанды колтуктап отургузуп, бириси белиндеги кур менен желписе, экинчиси буту-колун ушалап, бириси үстүнө тон жаап, элге түрлөнүп көрсөтүштү.

– Нематжан балбанга, чыгамын дечүлөр барбы?

– Үч жолу айтамын. Эч ким чыкпаса байгени ыйгарам! – деди калыс.

Эки жолу кыйкырганда эч ким чыкпады. Үчүнчү жолу үн салганда Арзыбектин чыдамы кетип:

– Мен чыгам! – деп, кыйкырды.

Эч кимди теңине албай, тескери карап олтурган Нематжан, кимдигин билмекке, аркасына жай бурула, карап баратып:

– А баягылардын биридирсиң! – дегенсип, ордунан козголоду.

Арзыбектин белине бел боону курчап жаткан калыс:

-Этиятта, майып кылып койбосун! – деп кулагына шыбырады. Уюган денеси эми гана жазыла түшкөнсүп Нематжан мойнун ары-бери буруп, далыларын күйшөп, жай басып жанына келди. Арзыбекке караганда бир топ олбурлуу, эттүү экени билинди. Экөөнүн далысынан таптаган калыс кетенчиктеди. Нематжан эңкейген бойдон келип, аны шарт кучактап өзүнө тартты. Арзыбек аны, боюна жакындатпай, бел боону кыса кармады.

-Эсине келтирбей, көтөрүп урам деген меймандын ою ишке ашпагандыктан, туш келген жеринен аткый кармап, мыжыга сыгып, шаштысын алууга аракеттенди. Анын кылыгына кыжыры келген Арзыбек сыга кармаган эки колун анын бөйрөгүнө такап, өзүнө жакындатпады.

– Балбансынган немени уйпалап, жүдөтүп, шаштысын алайын деген таризде ал Арзыбектин бел боосун колуна орой кармап, катуу кысып, ары-бери булкту. Арзыбек ага былк этпеди.

Меймандын кычылык кылганын көргөндөр:

– Кычылык кылбай, ак күрөшсүн!

– Бел боодон колун чыгарсын! деген кыйкырыктар чыкты.

– Көпчүлүктү дуулдатпай, бир жаңсыл кылайын деген ойдогу Нематжан, бел боодогу оң колун Арзыбектин ичине такап, бир колу менен боор тушун мыжыга кармап, оңду-солду серпе, күчөнүп кирди.

Каршылашы оңго серпсе, ал аны солго серпип, солго серпсе, ал аны оңго серпип, тең салмактуулугун жогото, артка сүрдү. Нематжан кара күчүнө сала, ичке кире калып, так көтөрмөк болду. Арзыбек ага салмагын сала, артка сүргөнүн токтотподу. Экөөнүн тартыша кармашканын көргөндөр, «уу-дуу» чуубулдаша кыйкырып жатышты.

– Айланайын Арзыбек, так көтөрүп, ур!

– Кошой бабабыздын арбагы колдосун, былчыйта чап! – деп сүрөгөн үндөр аны шерденттти.

– Эки балбан бири-бирин сүрүп баратышып, капылеттен жамбаштай жыгылышты. Жабыла кыйкырык чыкты. Арзыбек жамбаштап бараткан денесин токтото, шарт оодарыла туруп Нематжанды белден көтөрө, боюн түздөгө жардам берди. Каршыла-

шы эгиз жерде, тез эле чаалыктыбы, же тоо бийиктик кылдыбы, оор дем алып, кышылдай баштады.

– А кубатың кете баштаган чагың экен. Көпкө кармаша алгыдай эмессиң! – деп жаш балбан ичинен ойлоду.

Баятан бери өктөмсүп жаткан Нематжандын кубаты кетип, дем алуусу ого эле оорлоду.

– Бир аздан кийин, өзүң эле жыгылгыдайсың! – деп, ичинен сынап, буттарын кенен жая, жер таянып, шарт көтөрүүнүн ыгын келтире албай турду. Бир кезде, болгон күчүн топтоп, адатынча ыргытууга аракеттенген Нематжанды, Бала балбан өзүнө кыса тартып, бекем кучактай, демиктире бир азга туруп, кап көтөргөндөй жерге чапты. Эл «чур» дей түштү .

– Атаңа рахмат!

– Мээнетиң ак!

– Балбан сага ыраазыбыз! – дешти көпчүлүк.

Нематжан окшуй, жөткүрүп, эңкейген бойдон четке чыга берди.

Арзыбектин колунан жетелеген калыс:

– Жеңүүчү деген ушундай болот. Кана, баш байгени алдырбайм дечүлөр барбы? «Бала балбанга», «Жөө балбанга» ким чыгат? – деп ар тарапка, карай кубана кыйкырды.

Анын күчүнө ыраазы болгондор:

– Башка балбандар чыксын?

– Жөө балбанды эс алдыргыла! – дешти жабыла көпчүлүк.

Ортого чыккан эки балбандын аты аталды.

– Кокондук Абдиашим балбан менен Жалал-Абаддын Базар балбаны күрөшөт. Экөө тең атактуу балбандар. Тамашасын көргүлө! – деп жарчы кыйкыргыча болбой, Абдиашимди курунан кармап, жулкунтуп эки тарабынан эки адам, ортого узатып келишти.

– Качкыла, качкыла! Туш келгенин аябайт! – дешип, шериктери аны ого эле сүрдүү көрсөтүшүп, көбүн теңсинбеген балбан экенин айта келишти.

Булкунган Абдиашим ээрчиген экөөнө моюн бербей, дегдете алга сүрүп, жерди чаңыта чапчып, бук болгон букадай, туш тарапты карай кыйкыра, тим тура албай, ары-бери басып бул-

кунуп жатты. Ошого жараша көлөмү да эпсиз чоң, бели, чулу далысы туташып, кыймылдаган сайын эттери былкылдап, ого эле сүрдүү көрүндү. Ал эми Базар балбандын бою узун, бүткөн боюу тарамыш экендиги бөлүнө-бөлүнө көрүнгөн булчуңдарынан айкын билинип турду. Калыстар экөөнү ээрчите келишип, учураштырышып, курларын кармаштырыша:

– Баштагыла! – деп, жондорунан тапташты.

Эки балбан чарпыша түшүштү. Абдыашим берки балбанга салмагын сала, туш келген жеринен мыкчый кармап, чымчып, жүдөтүүнүн аракетинде болду. Карап тургандар:

– Нак кармашышсын. Чапчышкан жарабайт.

– Ак күрөшсүн, эрежени бузуп жатат.

Чапчыганын, аткыганын токтотсун! – дешип кыйкырып жатканда Базар балбан Абдиашим балбандын бел боосун өзүнө шап тартып, аны так көтөрүүгө аракеттенди. Абдиашим Базардын бел курун оң колуна орой кармап, өзүнөн алыстата түртө салганда, экөө тең очорула тизелери бүгүлдү. Көпчүлүк «чур» эте:

– Көтөр!

– Чап! – дешкенинен улам, кимиси-кимисин сүрөгөнүн белгисиз, эл ичи жандана, моюндарын созушту.

Калыстар чуркап барышып экөөнү эки тарапка ажыратышты. Базар балбандын буту кокустап калганбы, кызыл ашыгын кармана чолоңдоду.

– Мээнет Абдиашим балбандыкы.

– Мөрөйдү бергиле! – деди анын шеригинин бирөөсү өктөм кыйкырып.

– Оюн так болгон жок. Базар балбандын буту кокустап калды. Кайра салгыла? – дешти көпчүлүк. Арасыздан бирөө барып, Базар балбандын бутун кармалап көрүп:

– Кызыл ашыктан чыгып кетиптир. Суу кайнам убакыт аралыгында ордуна келип калат. Аңгыча, бөлөк бирөөнү күрөшкө салып тургула! – деп калыстарга кайрылды.

– Көпчүлүк, Базар балбандын айтканын аткаралы. Кайра түшөмүн деп жатат. Маакулсуңарбы? – деди калыстардын арасынан аксакалы

– Ап-бали! Акыйкат оюн болсун!

– Ага чейин кокондук балбанга башка бирөөнү салгыла! – дешти, жарданып тургандар.

– Туугандар, Абдиашимге бет келем деген, талапкер барбы? Ким чыгат? – деп калыстардын бири, ороп турган элди кыдырта тиктеди.

Эч бирөөнөн үн чыккан жок. Өзүнө пар келер балбандын жок экенин белген Абдиашим букадай бөкүрүп, көкүрөгүн койгулап:

– Энеси уул төрөгөндөр, чыккыла! Мага тең келем дечүлөрдү аябаймын! – деп балбан зоңкулдады.

– Кантип эле, ушул балбанга тең келээр элден чыкпасын деген ойдо турган Арзыбек, мойнун созо көпчүлүктү карады.

Эч биринен дайын жок. Баятан бери көп балбандардын кармашканына көңүл бөлүп, жалтанбагандар, күчү барлар ийгиликке жетээрин билген эле. Алышууда көбүн эсе каршылашканын эске албаган жактарын туйган болчу. Көбү күчүнө ишенген менен башкаларга билинбеген ыктардын бардыгын байкаган. Каршылашын алагды кылып, дайыма пайдалануучу ыгынан жазгырып, алдастата кармаганда, беркил бардык күчүн ага каршы коёт. Дал ушул учурда, ойго келбеген ыкка салып, толук күчтү пайдалануу керектигин, аңдаган жаш балбан, күрөштү күч менен эмес, акыл менен жеңүүгө болорун эске алды.

Көпчүлүктү теңсинбей, чамынган Абдиашимди карап:

– Тең келээр эч ким чыкпайбы? Ушунча эл туруп, бир балбан чыкпаса уят эмеспи! – деп ойлоно кетти.

Алдыртадан үмүттүү топту карады. Баары эле тартынып, жер карап тургансыйт.

– Күчү бар экен. Бирок, ага Базар балбан тең келди. Бутун гана кокустатып алды. Болбосо, алышат болчу. Мүмкүн, жеңип алар беле? Ал бир азга, бутунун оорусу басылганга чейин! -деген калыстардын сөзү менен ортолуктан чыкты. Ал жеңиле элек. Кайра чыгат. Тең келе кармашат.

– Тең тайлашаар балбан жок экен. Мөрөйдү бергиле! – деди талап кылган чоочун үн.

– Эл ичинен кантип, тең келээр балбан чыкпасын? Балбандан барбы? – деп, бирөөсү элге кайрылды.

– Бар. Мен чыгам деген үн, шаңк этти.

Көпчүлүк жабыла, ал тарапка тигилишти.

– Кой, бала балбан. Сен жаштык кыласың. Баралың келген чакта түш.

– Сүзөнөк букадай чамынган немеге, сен бала тең келе албайсың!

– Жөө балбанды кой дегиле? Башкалар түшсүн!

– Азамат! Эч ким түшпөгөнүнөн намыстанып мен деп жатабы? – дешип, ар кимиси, ар кыл айтып жатышты.

– Мына, мен таймашып, мен күрөшөм! – деп, эл арасынан сууруулуп чыккан Арзыбек калыстар тарапка өттү.

– Эй бала, көп өпкөлөнбө! Тигил аюудай неме, сени аяп коёт дейсиңби, кой, отуруп эс ал. Ылайыгы келгенде, сени чакырабыз. Бар, ордуңа барып, отур! – деди калыстардын бири аны көкүрөгүнөн түртө.

– Эй балапан, алыңа кара! Аман калышыңды ойло! Майып болуп каласың! – деди Абдиашим алыстан кыйкырып.

Заар сөзгө уккан Арзыбектин өңү кызара, ачуусу келгени билинди.

– Ачууга жеңдирбе балбан. Ал оозуна келгенин айта берет. Терикпе! – деп мурдагы, ага жан тарткан калыс, тыйган болду.

– Балапан деп коёт! Балапандын ким экенин көрсөтөмүн!

– Эй күчүк, тим бол! Атаңы таанып, ажалыңан мурун өлүп калба! – деди Абдиашим. Жаш бала туруп, «тең келем» деп чыккан Арзыбекке ачуусу келип.

– Сен. Кутурган итсиң! Сенин атаңы мына мен таанытам! – деди «бала балбан» анын сөзүнө теригип.

Эки балбан бири-бирине ызырына, ортого түшкөн калыстарга карабай, жулкунушту.

Бирөөлөрдөн жаман сөз укпаган, «балапан», «күчүк» деген сөзгө териккен Арзыбектин ачуусу ташып, денеси титиреди. Арданып, кайра кайраттанды. Шарт жетип, Абдиашимдин бел боосуна жармашты. Ал дагы сүзө келип, Арзыбектин билегин мыкчый кайрып, өзүнөн алыстаткысы келди. Калыстар ортого түшө калып, экөөнү ажырата кетишти.

– Эми, эмне болуп кетет? – дегендер демдерин ичке басышып, окуянын кантип уланарын күтүп калышты.

Калыстардын бири Абдиашимдин көңүлүн тынчытмакка, жайкай сүйлөп:

– Балбан, абийириңди кетирип, балаңдай немеге теңелбе. Жаш бала экени көрүнүп турбайбы. Көңүлүн көтөрүп, белинен бир кармап кой. Эртең «Абдиашим балбан менен кармашканмын» деп, досторуна мактансын. Сен ким, ал ким? Ачууңду тый да, көңүлүн жайпап, тамашага сала, ары-бери булкуп койсоң, жаны ачышканда өзү качат! – деп балбанды көндүрдү.

– Бул бала балбан, «балбан» десе эрдемсип кеттиби? Бала да. Мактаганга көтөрүлө түшүп, өзүн чыныгы балбан сезип калды окшойт. Балаң түшкүр, мертинип калбагай эле. Ого эле көк, өжөр неме көрүнөт, калыстар кой-ай дешпейби! – деп көптүн арасынан бири айтса, дагы бири:

– Дөөдөй болгон Абдихашим балбандын түрү, түсү жаман экен. Кутурган иттей чамынат. Колуна тийгенди тирүү калтырбагыдай. Баланы аяйт беле? Мертинтип, керектен чыгарат. Балаң түшкүр, күрөшпөй эле койбой! – деп чочулагандар да арбын болду.

– Кыргыздын энелери уул баланы, намыска жарасын, элге кереги тийсин, элине калкан болсун, – деп төрөйт. Илгери мындай балдар 13-14нөн баштап, колуна найза, кылыч алып, эл коргоп, жортуулга барып, жоо чаап, керек болсо эрөөлгө чыгып, эр-сайышка түшкөн. Кыргыз илгертен намыска бек. Өлсө да намысын алдырбайт. Ар-намысты ак сактайт. Көрчү, бала баатырдын келбети келишип турат. Баралына барганда баатыр аталары аныкмуну эч ким, бала дебейт. Алп мүчөлүү азамат. Эл керегине дагы да жараар учурлары али алдыда. Эркин мокотпой намыс-ариетке кайрап, курчутуш керек. Ушундай эрки күчтүү, кайра тартпас баатырлары жок эл, эл эмес. Карачы, коркпой, жеңилип калам дебей, тике басып барды. Калыстар эмне дээр экен? – деп, ага ары сыймыктанып, ары аяп, ичинен дем-шык берген карыя өз алдынча ортолуктан бөлүнө чыгып жарданган элге кайрыла:

– Оо, эл-журт! Кокондон келген Абдиашим балбанга, өзүбүздүн «жаш балбан» аталган Арзыбек бала, талапкер болуп, күрөшөм деп чыкты. Кой-ай десек болбоду. Кана эмесе, жаш балбанга жабыла бата берип коёлу. Жараткан эгем өзү, Манас бабабыздын

арбагы колдосун! Оомиин! – дегенде, эл «чур» эте беттерине бата тартышты.

– Ии-й чыкпай эле койбойбу!

– Алдагы желмогуз жейт!

– Мертинтип койбосо экен?

Көбүнүн ичтери имериле, аяп жатышты.

Канткенде да, жаш балбандын демине дем, күчүнө-күч кошулушун, ичтеринен тилеген көпчүлүк, Жараткандан анын аман-дыгын сурап:

– Жараткан өзүң колдой көр! – дешип, дуба кылышты.

Абдиашим балбан баягыдай көп деле ороилонбой, көпчүлүккө абийирдүү көрүнүүгө аракеттенип:

– Жаш балага теңелбеди. Анын шагын сындырбай, кармашып жүрүп, элдин көңүлүн алды. Жанын ачыштыра булкуп-силкибей алышып, көңүлүн көтөрдү. Балбан болсо, ушундай болсун! – деген көптүн каалоосун аткармакка бош кармап, жай кыймылдады.

Тырмыша кармаган Арзыбекти өзүнө жакындатпай, бир колу менен аны артка түртүп,

– Кана, күчүңдү бир сынап көрөйүн. Алың канчага жетээр экен? – дегенсип, сынай баштады.

Анын тоготпогондой болуп, сынаганын түшүнгөн Арзыбек:

– Мен дагы буга күчүмү таанытайын дегенсип, бел курунан катуу булка, кармады. Абдиашим теңселе түштү. Карт балбан жаш болсо да, анын карылуу экенин байкады. Булчуңдуу денеси катык, колго токтогудай эмес. Эки колу менен бирдей кармабаса болбогудайын сезип, атайлап бел курдан бурай кармап, өзүнө тарта береринде, жаш балбан ичке кире кала, кучагындагы Абдиашимдин оор денесин, так көтөрдү.

Дым боло, демин ичине ала Алла, Кудайлап турган көпчүлүк, бакырып жибериштн.

– Аа-ал! Көтөр! Ээ Алла, дем бере көр?

Буту жерден үзүлгөн карт балбан, ойдолоктоп, анын кучагынан чыгып кетүүнүн камында, жерге ныгыра, салмагын салды. Анын оор денесин, күрөшкө түшкөн анча мынча балбандар көтөрө алчу эмес. Эптеп көтөрүп, алгандарды салмагын сала, артка түртүп, күү менен аны баса жыгылчу адатын карматып, өзүнөн

алыс түртө, бирде бир тарапка, бирде экинчи тарапка ооп, бултактап, канчалык бошонуунун аракетин кылса да, анын кыса кармаган кучагынан бошоно албастыгын туйган балбан.

– Ээ, Куда. Шерменде кыла көрбө? – дегенче болбой, жерге сулк жыгылды.

– Качкан да, кууган да Кудай дейт демекчи, экөө тең Жараткандан колдоо суранышса да, оомат бБала балбанга ооп, дөңгөчтөй болгон Абдиашимдин үстүндө жатканын көргөндөр, жабыла чуркап келишип, аны төбөгө көтөрүп кетишти.

– Азамат, ата уул!

– Намыска жарайт деген ушул!

– Энеси анык, эркек төрөгөн экен!

– Атаңа рахмат!

– Энеңе алкыш!

– Чыныгы эр экенсиң! – дешип, биринен сала бири өөп, кучактап жатышты.

Ким бирөөсү кесе толо суу алып келип , башынан тегерете:

– Түкүр сууга. Балекет, салакет жармашкан, жабышкандар суу менен кетсин!

– Жараткан жамандын көзүнөн, сөзүнөн сактасын! Көрө албагандын көзүнө көк турпак. Башың бийик, атың улук болсун! – дешип ырымдап жатышты.

Кээ бир ырымчылдар жердеги боз топуракты колу менен таптап келишип, балбандын бетине, жылаңач этине сүртсө, кээлери эски малакай кийгизип, жылаңач денесин кара ниет, көрө албастардан кызганышып, үстүнө чапан жабышты. Көпчүлүктүн кээси кубана күлүп жатса, кээлери жүрөгү жарыла кубанычтан ыйлап алышкан. Жабалактаган, көпкө аралашкан той башкаруучу Нүсүп бий да жөн тура албады. Ат үстүндө аярлап, ээр кашындагы ала келген алдыңкы сорунга ыйгарылуучу кымбат чапандын бирөөсүн ала, өйдө көтөрүп, элге көрсөтө, айкарасынан балбандын үстүнө жаап.

– Кыргызга намыс алып бергениң, эр Кошойдой эмгегиң үчүн кымбат чапанды сага ыйгарып, өз колум менен жабайын! – деп эл ортосуна атын чаап келгенде курчап тургандар кубана кол булгалап, коштоп кетишти.

– Баракелде! Балбанга да, той башкаруучуга да ырахмат!

– Сый тон кулдук болсун балбан! – деп алкашты.

Көпчүлүк балбан менен болуп жатканда, теңине албаган «балапандан» жеңилип калган Абдиашим балбан намыстанып, калыстарга келип, чыр салды:

– Бул калыстагыңар болбойт. Күрөштүн эрежесин билбейт экен. Мен жыгылган жокмун. Атайлап, кармагыча болбой, камынтпай көтөрүп жиберди. Мен башкадан күрөшөмүн. Эреже, күрөш так болсун! – деп бет тырмачылык кылды.

– Күрөш таза болду. Күрөшпөйт. Жыгылган күрөшкө тойбойт. Чычалаган чычымга соорун берилбейт! – дешип, бала балбанды жактагандар кыйкырышса, кээлери шакабалашып, Абдиашимдин жандоочторун жандарына жакындатышпады.

Ортолукка чыккан мойсопут адам, кеп талашкан эки тарапка кайрыла, колун оозуна тосуп, өзүнүн калыс сөзүн айта кетти.

– Туугандар! Күрөшкөндөргө рахмат! Маз-за кылып карап турдук. Жүда жакшы болду. Биз курсантпыз. Лекин, жамы карап тургандар Абдиашим балбан менен Арзыбек балбандын жана бир чырайлуу күрөшүнө күбө болуп, курсанчылыгыбыз артсын! Жана бир күрөшүн көрүп мазза кылайлы! Сиздерден илтимас? – деди көптөн ийиле суранып. Эки балбандын күрөшүн көрүп, курсанчылыгыбыз дагы бир артсын. Ыраспы, туугандар?

Көпчүлүк аны колдоп, кызуу кыйкырышты.

– Жана бир, күрөшүшсүн.

– Ким болсо да арманда кетишпесин.

– Суранабыз, уруксат бергиле?

Калыстар Арзыбек балбанга келип, кайрылышты.

– Эл суранса, жок дебейм. Майли, күрөшөм! – деди ал.

– Балбандар силердин өтүнүчүңөрдү жерге таштабайт. Күрөшө турган болушту. Жакшылап көңүл бөлүп, тынчтаналы деген калыстын жанына Нүсүп бий келип, элге кайрылды.

– Туугандар! Бүгүнкү тамаша, оюндарыбыздын так, таза, калыс өтүп жаткандыгына күбө болуп жатабыз. Мына, эми балбандар кайра күрөшөбүз деп жатышат. Кычылык, алдамчылык болбосун! Күч атасын тааныбайт дейт. Күчтүүсү жеңсин! Бүгүнкү аш берген казыбыз, жыйган-тергенин элге чачып, келгендер

курсант болуп кетсин деп, алыскы жууктагылардан жакынкылардан ыраазычылыгыбызды алып жатат. Казыбызга жалпы улуу-кичүү баарыбыздын батабыз тийсин! Балбандардын баш байгесине жабдыгы менен күлүгүн сайды. Жараткан буйруп, насип эткени алсын! – деп айтканда калыстардын аксакалы:

– Оомийн! – деп алакан жая бетине бата тартты.

Көпчүлүк ыраазычылыктарын билдире, «чур» эте коштоп кетишти.

Калыстар эки балбанды ортого алып келишип, бел курларын бири-бирине карматышып, далыларынан таптап, белги беришти.

Кармаш башталды, көпчүлүктүн көңүлү экөөнө бурулду. Экөө тең этияттана, биринин кыймылын бири аңдып жатышты. Арзыбектин жамбашка салалыгын байкаган Абдиашим аны өзүнө жакындатпай, алыстап жүрдү. Көбүн эсе каршылашын так көтөрүүгө көнгөн балбанга алдырбас үчүн Арзыбек кулачын кере, кетенчиктеп, ыңгайын келтире албай, улам пайлап, бирде силкимиш боло, бирде өзүнө тартымыш боло, алаксытып кармады. Бир маалда өзүнө жакындаган Арзыбекти, ал так көтөрө сыга кармоого аракеттенгенде, ал каршылашын алаксыта, артка кетенчиктей берип, кайра шап капшыра ичке кире: – Аа! – деп кыйкырганча, бир тарабына булка кеткенде Абдиашимдин буттары буйдала, жерден үзөлө калганда, башынан ашыра ыргытканча, үстүнө басып түштү.

Бир топко кармашып, энтеңдеген немени кубатын кетире, чарчаганда көтөрүп чабууну көздөгөн Абдиашим балбандын оор денеси жерге «талп» эте тийип, «ык» дей түштү. Көз ачып жумганча үлгүртпөй башынан ашыра ыргыткан «Бала балбандын» алдына жатканына ишенип, ишенбеген балбан, элдин чурулдаганынан улам, өзүнүн алдырып койгонуна ынабаска чарасы жок башын шылкыйта жер карады.

– Оомат келген экен балага!

– Так көтөрүп урду!

– Ырахмат!

– Ылайым көз тийбесин! Өмүрү узун болсун, көп жашасын! Элинин намысын коргогон азамат! Ылайым бар болсун! – дешип,

эл алкашып, төбөгө көтөрүп кетишти. Кубанып, балбанга ыраазы болгондор, алардын артынан калышпады. Чет тараптагы боз үйдүн алдына көпчүлүк келгенде, мурдагы эле балбандын кабарын укканбы, же чурулдап, кыйкырган көпчүлүктүн кубанычынан улам, утурлай чыкканбы, үй ээсинин карааны көрүндү. Боз үйдүн эшигинен баш бага, чыга берген байбичени көргөн көпчүлүк:

– Касиетиңен айланайын эне. Балабыз эл намысын алып берди. Жеңиш биздики. Башына суу тегеретип, ырымын жасап коюңузчу?

Балбанын төбөсүнө көтөргөн көпчүлүктүн кубанычына ортоктош болгон эне шашкалактап, кайрыла калып, суу толтурулган кесени, кош колдоп, алып чыгып:

– Эл намысына жараган, эрдин башы сак болсун! Суудай өмүрүң таза, узун болсун! Жараткан сага жердин күчүн, күндүн тарбын, айдын шооласын, көктүн бийиктигин берсин! Эр эл үчүн туулуп, элди коргойт. Биссимила рахманни рахим. Пайгамбар өзү, ата-баба арбагы колдоп жүрсүн! – деп, эр башына кесени эки үч жолу тегеретип:

– Тфу! – деп түкүр балам. Балакет-салакеттин баары кетсин. Шайтан-шабыр азгырбасын! Көрө албастан, ниети жамандан, Кудайым өзү сактасын! – деп, балбанды сууга түкүртүп, кеседеги сууну жан боорду карай серпе, бошогон кесени босогого көмкөрүп койду.

– Ырахмат эне, айтканыңыз келсин!

– Балбаныбыз бар болуп, көп жашасын! – деп чурулдагандарга эне кошулуп алкап жатты.

Көпчүлүк Арзыбек менен алек болуп жатканда, тамашанын эң бир кызыктуу кезеги келди.

– Эч бир жандан жыгылбас, теңдеши жок балбан деп, Анжиан өрөөнүндө даңазасы дың болгон анжиандык Апсатар балбанды шериктери ортолукка алып келишти.

Коюлган соорун калбаганда, алышып, күрөшкөндөр чарчаганда:

– Соорунду биз коебуз. Апсатар балбанды кими жыкса, бүгүнкү коюлган соорундун баасынчалык мал-мүлк коёбуз. Кана ким чыгат? Алыша тургандар барбы? – дешип элге жарыя кылышчу.

Алардын талабына чыдагандар чыдап, чыдабагандар Апсатар күрөшпөсө да кеткен соорундун чыгымындай, чыгымдарды той ээлери төлөп беришчү. Бүгүн да анжиандыктар кечке күрөшкө чыккан балбандарды сынап, келген элден, ага тең келээр эч бир балбан калбаганда гана, баягы адаттарынча, Апсатар балбанды ортолукка алып чыгышкан болчу.

Анжиандык балбандын аюудай болгон түрүнөн сестеништи-сун жарып, эч бир жан чыкпады. Кокон, Ташкенден келген мыймандардан да:

– Бизде да балбан бар. Чыксын. Тайлашсын деп, эч бири үн катышпады.

Кырк уруу кыргыздар арасынан да өздөрүнүн балбандарын аташпады.

– Балбаны жок деген уят, намыс. Бир уруунун эмес, жаамы кыргыздын ариет, ар-намысына доо кетет. Аны эл бийлеген бийлерден тартып, балдарга чейин билет. Баятан бери жандана, кыйкырып, бакырып отургандар бир азга дымый түшүштү. Жыгылганды шылдыңдап, жыккanга кубангандар маң болушту.

– Кантип эле, ушунча эл туруп, бир балбан чыкпасын? – дешип, алдыртадан ар топтогулар, өздөрүнүн бийлерин уруу аксакалдарын үмүттүү карашты.

– Ате, биздин урууда балбан болбосо да, тигил урууда бирөө бар эле. Ага эмне болгон? Же аш-тойдун кабары жетпей калды бекен? Кап. Кыргыздын намысы кетмек болду. Ушунча эл туруп, бирөө кантип чыкпасын? – деп ар кими, ар түрдүү ойго кабылышты.

Баятан бери, көптүн ичинен бирөө чыгаар деп, умсуна карап турган Нүсүп бий жарыла жаздап, ачуусу келе кыйкырды.

– Оң, сол, ичкилик бийлери, барсыңарбы? Ушунча эл-журт болуп туруп, бир сартка чак келээр балбаныңар жокпу? Катыңар эмне, балбан төрөбөс болгонбу?

Эл ичи дымып турду.

– Балбанды бастырып тургула! Басып турсун. Кыргыз тууганда биздин балбандын балбандыгына ынанып айта жүрүшсүн! – дешти.

Анжиандык билермандардын арасынан бир-экөөсү көпчүлүккө угуза кыйкырып.

– Келгиле, биздин балбандын күчүн сынап, маза кылып көргүлө! Апсатар Алпамыш. Ушу күнгө чейин ага эч бир балбан тең келе элек. Апсатар балбан менен таймашып, күчүн сыноочулар барбы? Соорундан качпагыла. Ким Апсатар балбанды алышып жыкса, бүгүн коюлган соорундан ашык байге берилет! – деп, башына курун орогон ала допучан бирөөсү, эки алаканын оозуна тосуп, мойнун созо кыйкырып жатты.

Ушунча күндөн бүгүнкүгө чейин ыгым-чыгымдан качпай, төгүп-чачып, сооруну болобу, тартуусу болобу, дегеле кандай эле ыгым-чыгымдан баш тартпай, жалаң бергенге камынган басыздарга, келген мыймандардын:

– Соорунду биз беребиз деши, ары намыс, ары уят иш.

Илгертен кыргызда: «Аш берсең аянба» дешет. Ата-бабалардан бери аш-тойдон аянбай келгендигин меймандар билбейт окшойт деген ойдогу Нүсүп бий ат үстүндө түнөрүп турду. Калың элдин ичинен «жарк»эте, бир балбандын чыгышын күттү. Эч ким жок, бир жан кыймылдабады. Катуу арданып, жабалактап турган элди түрө кыдырата карап баратып, четте, көптөн бөлүнө бир тарапка бараткан Чомонун уулу Сакынын тааныш караанына көзү түшө, эч болбосо:

– Кыргыздардан балбанга ылайык бирөө чыкты деген сөз калсын деген ойдо, жаны ачыша, кыйкырды.

– Басыз! Барсыңарбы? Кайда баягы Чомонун уулу чоң чокой Сакы? – деп, ат үстүндө элди тегерене кыйкырды.

– Бийим, мен бармын! – деди, эл четине эми эле келе калган Сакы.

Басыздын жакшылары аш берерден башта, масилатка чогулганда, ашты башкарууну Нүсүп бийге тапшырышкан. Ал жалпы чогулгандарга эскертип:

– Басызмын деген улуу-кичүүң, баарың кызматта болуп, аш өткөнгө чейин адиячылар жаткан үйлөрдү отун-суудан өксүтпөйсүңөр. Ар бир адияга тигилген үйдүн алдында отун тирелип, суу камдалып турсун! Кимде ким бекитилген үйдө, кем-өксүк болсо аябаймын. Болгон акылыңды, амалыңды, күчүңдү өнөрүң-

дү мейманыңды тейлегенге арна. Басыздын намысын өзүңөрдөн бийик койгула. Муну оң кулак, сол кулагыңар менен угуп, акыл-эсиңерден чыгарбагыла! – деген эле.

– Көптүн көзүнө көрүнүп, оозго алына баштаган өнөрпоз, балбандар, өзүбүздүн той тамашада соорундун баарын башкаларга алдырбай, өнөрү бары өнөрүн, күчү бары балбандыгын көрсөтөлү дешкен көпчүлүк.

– Жок. Келген эл басыздардын балбандыгын, ырчы-чоорчулугун, өнөрүн көргөнү меймандар үчүн ызат. Басыздардын уртын, көргөнү келишет. Буга көңүл бөлгүлө. Экинчиси:

– Тамаша көрөмүн, оюнга катышамын деп барып, мойнундагы милдетиңден алагды болбо! Келин-кыз, катын-калач ашкана менен дасторкондун башында, эркектери үйдүн улагасы менен очок боюнда меймандy тосуп алып, атказганыңарды, эшик алды байкоого алдырам! – деп кесе сүйлөгөн.

Сакы да көпчүлүк туугандары катары кызматта жүрүп, боюбашы суу болуп, бутундагы чоң чокою, баскан сайын сууга малына, балбырагандыктан, көптөн коруна, тейлеген үйү тараптан өтүп жаткан тамаша тарапка кызыга мойнун созо, өтүп бараткан болчу.

– Басыз! Барсыңарбы? – деген жаны ачыша бакырган бийдин чакырыгынан чочуп, кулак түрө калганда, – Чоң чокой Сакы! деп өз атын атаганда: «Бармын!»– деп шашыла, алдыга жүткүнгөн.

Жалал-Абад аймагындагы Көк-Арт менен Өзгөндө боло турган аш тойлордо:

– Чомонун уулу Сакы балбан чыкты. Бирок, өнөрдү көп эле, тарпи кылбайт.

– Чарбасы менен болуп, аш-тойго көп эле бара бербейт.

– Балбандын күчүн, эч ким этибар албай жүрөт! – деген сөздөрдү бий эл арасынан уга калып жүргөн. Анжиандык балбанга тең кыргыздан бир балбан чыкпаганына арданган бий, Сакынын карааның көрө кала, намысына келе кыйкырган эле.

Бою-башы суу бойдон, бутундагы чулгоосун былбыратып, кадам сайын «быж-быж» эте үн чыгарган чоң чокоюн сүйрөп

баскан Сакы, тартынчаактай айбыгып, көпчүлүктү аралай, Нүсүп бийдин жанына жете келди. Ушунча элден балбанга ылайык бирөө чыкпай, коруна, жер карап тургандарга арданып, намысына уугуп турган бийдин муруттары бириндеп, Сакыны көрө калганына каниет кыла, кайрыла кетти.

– Чомонун аныk уулу, Сакы балбан сенсиң ээ? Тиги анжиандык балбан менен күрөшө аласыңбы? – деп «бурк» эте, ары буйрук бере, «чык» деген таризде кашын серпти.

Сакы өзүнө ишенеби, же бийдин намыстанта сүйлөгөнүнө ардандыбы, ойлонбой туруп:

– Сиз: «Чык!» десеңиз, чыга беребиз, бийим! – деди ал балбан жакка көз салбай эле.

Кармашаар балбанга көз салып койбой, анын кимдигине маани да бербей, болгону өзүнүн бир тапшырмасын оңой эле аткарып койчудай болгон Сакыга карап:

– Эй, тигини кара! Алың жетеби? Жыгылып калып, бүтүндөй элди маскара кылба! – деди бий ага эскерте.

– Бийим, аныңыз адамбы? Күч атасын тааныбайт. Алышып көрөйүн, ким маскара болоорун Кудай өзү билет! – деп Сакы шыкалган элди жирей, алдыга умтулду.

Күрөшкө чыкпай жатып соорун талашып, ушунча элди теңине албай, балбанынын жеңерине бөркүндөй ишенген анжиандыктардын дымагын этибар албай, шыкалган элден сыгыла, алдыга умтулуп, адам эле болсо алышаарына ишенген Сакыны, колундагы камчы сабы менен булгай көрсөткөн бий:

– Мына бул, бараткан балбанга жол бергиле! Алышып көрөйүн дейт,– деп үн салды.

Шыкалган топту жара чыккан Сакынын келбети тартайган жыгач баштанып, аябай эле арык болчу. Ортодогу балбандын алптай болгон карааның төрттөн биринде болгон Сакы, калыстарга кайрылбай, түптүз алга умтулду. Өзүн аябай эле теңдешээри жок, санаган балбан, көптөн бери өзүнө тең келээр балбан чыкпаганынан улам, эрингендей оозун чоң ача эстей, баятан бери зеригип тургандыгын билгизе, далысы менен башы бирикен күржүйгөн мойнун күйшөй, бейкапар турган болчу. Жалтанып да койбой, өзүнө карай түз келе жаткан Сакыны байкамасан боло, тескери бурулду.

– Ассалом алейкум, балбан! – деп жанына жакын келген Сакы кол бергиче болбой:

– Сен кимсиң? – дегенсип, анжиандык балбан долдойгон эки элиден арткан калың эриндерин араң кыймылдата, какырынып, түкүрүнө, көзүнүн төбөсү менен карады.

– Мейман, сиз менен учарашып коёюн! – деп Сакы колун суна бергенде, ал колунан шап силке кармап, өзүнө тарта берди.

Өзүн теңсинбей, көзүнөн төбөсү менен караганына арданып да койбой, баягы тоолук адатынча.

Көптөн бери кара жумушка бышып, таштай каткан Сакынын алаканына анын жумшак, былбыраган колу тийгенде:

– «Балбаны» балбан эмес эле, кам эт экенин билип, Сакы колун «шап» сууруп ала, кетенчиктеди.

Колун өзүнөн ала качканынан:

– Коркок экен. Жүрөгүнүн үшүн алып койдум. Эми, даап жаныма келе албас! – деген ойдогу анжиандык балбан, кетенчиктеген Сакыны камынтпай эле, кучактай кармап, жерден так көтөрө чимирилткенде Сакынын суу боло былбырап, эбинен эчак кете, чылгый териге айланган чокою бутунан «шоп» эте чыгып, топтошкон элдин ортосуна барып түштү.

Кыраан каткы күлгөн эл, балбандардын алышканын эстен чыгарыша, буттан ыргыган чокойдун кейпине, башкаларга окшоп, чечинбей эле ортодогу балбандын бардыгын, анын кимдигин эске албай, ага маани да бербей, тойго келген мейманга салам айта, кол бере учурашканын шылдыңга алып, кээси чалкалай кала, кээси ичин басып, кээлери бирине-бири таянып, колдору менен серепчилей көрсөтүшүп.

– Ха-ха-ха-лашты.

– Эй, чокойчон балбан!

– Чокойду көр, Чокойду!

– Баари бир, чокойду чечет эле да!

– Эми чокойдой болуп өзү «талп» этпегидей эле! – деген көптүн кыраан каткырыгы көтөрүлдү.

Көптүн күлгөнүн барк албай, ал тургай эсинен чыгарган балбан, капыстан үлгүртпөй шап кармаган анжиандыктын кучагынан эптеп чыгуунун аракетинде өзүнөн алыстата түртө кетенчиктеди. Экөө көпчүлүккө күрөшпөй эле, аймалаша, алышып жатышкандай көрүндү. Сакынын жумушка кийген эски кийими, дал-дал боло айрылды. Апсатар балбандын май баскан, жумшак булчуңдары балбандын кычкачтай болгон карылуу колунан канталап, көгөргөнү билинди. Ортодо каткырык тыйылып, тең келише, тайлашкан эки балбандын алышы, улам кызып, көптүн сүрөгөн үндөрү көтөрүлдү.

– Катыра карма!

– Белден ал!

– Курдан колуңду чыгарба!

– Чапчышпагыла!

– Кучактап көтөр!

Апсатар алышып, ала албастыгын билди. Кара күчүнө салып, Сакыны «шап» көтөрө айлантып, жерден буту үзүлгөнүнөн пайдалана, так көтөрө, туурага чапты. Сакы чапчаңдык кыла, бир бутун жерге такай калганда, анжиандык балбан болгон күчүн, салмагына салып, артка түрткөндө, Сакы буйдала түштү. Шамдагайлык менен оңдоно калган Сакы аны катуу булкканда, тең салмактарын жоготкон экөө тең уйпалана жер чапчышты.

– Чап! Карма! Көтөр! Бошошпо! – деген үндөр удаа-удаа көтөрүлдү.

Балбандар тура кала, кайра кармашышты. Көпчүлүктүн чуусу дем бердиби, же чокою бутунан ыргып кеткенине ардандыбы, Сакы оңдоло кармап, беркинин белинен сыга көтөрүп, жерден буту жерден үзүлө тыбырады.

– И-я! – деп күчөнө кыйкырган Сакы, кучагындагы каптай болгон балбанды сыга, силкип көтөрүп чапканда, ал «ык» эте жыгылып, ордунан турбай, сулк жатты.

Кубанган эл Сакынын бутун жерге тийгизбей, көтөрүп кетишти.

* * *

Кырк күнгө созулган аштын этегинде Чыйбыл бий, эл ортосунда турган Жаныбекке:

– Ушул, сага кошумчам! – деп чакан сандыкчаны кош колдоп казыга сунду.

– Кырк күн кызмат кылгандарга үч теңгеден тегиз таратып бер! – деп Жаныбек сандыкчаны ачпай туруп, ичиндеги теңгелери менен тойду башкарган Нүсүп бийге узатты.

* * *

Алыскы жууктан келгендердин баары кетишкен соң, казы Датка энеге келип:

– Кырк күндүн ичиндеги тамашалар, көңүлүңүзгө жактыбы? – деп сурай кетти.

– Баары жакшы. Бирок «төө чечмей» оюнун өткөрүүгө тыюу салган элек. Берген тамашаңа бекер киргизипсиң!

– Ате! Дүнүйөңдү аяйсыңбы? Илгертеден калган каадада калпыстык болбойт дегендердин, сөзүн жерге таштабайын деп алабармандык кылган экенмин. Айыпты моюнга алам? Үзүр? Акмактык кылыптырмын. Мындан кийинкиде эске алалы.

– Экинчиси, өзүңдүн адам экениңди эсиңден чыгарбагын! Ушунча чыгым кылып, аш бердиң. Сенден кийинкилер да той-аш беруүлөрүн неге ойлободуң?

– Даткам, ушул айыптарым үчүн мындан кийин сиздин алдыңызда озунуп сөз сүйлөп, бүтүм чыгарбайын? – деп, казы дудалана жер карады.

* * *

Какырдын кадыры башкаларга билинбегени менен Сагынбайдан таркагандарга ого эле азиз, кастарланган аймак.

Сагынбай бай ары-бери баратканда Какырга бир токтомой сайын кетчү эмес. Аймактын баш-аягын көз чени менен өлчөп, өйүз-бөйүзгө парасат салып, туура бастырып, дарыяга чейин барып келчү. Өзүнчө бирдемелерди кобурап, көзүн сүзө ойлонуп, анан макул келгендей, баш ийкеп, кылчая карачу. Аны менен кошо ат бастырып бараткандар, байдын кылыгына таң кала, ары кызыгып,

– Кыялындагы сөздү өзү айтаар дешип, оозун тиктешчү.

– Кел-кели келээр учуру болот. Бул жердин өзү гана эмес, эгилген эгининин таңдайды такылдаткан даамы, дарылыгы кыйла элдин кыйырына жетет. Элдин да, жердин да ооматы келээр учуру бар деп ойлоно күбүрөнчү.

– Байым, бул жалаң карга тырмактан башка чөп чыкпаган Какырга, кандай эле ыкласыңыз түшүп калды? – деп шериктери таң кала сурашчу.

– Мени, бир айтты дээрсиңер. Бул жер, күн сүйгөн жер. Күндүн табы да, нуру да ушул жерге куюлуп түшөт. Эрте жазда, жаанчыл жылда бир табырка кылып көргүлө, Чөптүн түрү, гүлдүн гүлү да ушул жерге батпай кетет. Кокустанбы, бир баамдуу, же белдүү кетменчинин колуна тийсе барбы, бейиштин төрүндөй көрктөнүп, бир айлык мээнеттин акыбетин, опол-тоодой кылып, бир эле күндө кайтарып берет.

– Андай болсо, чокоюн сүйрөгөн томаяктарга ыйгарсаңыз, ирденип кетээр беле?

– Томаяк качан эле эл-жер, мал кадырын билчү эле. Ошол билбегени үчүн томаяк аталып жүрбөйбү.

Бий шериктерине дагы көп нерселерди айтмак. Бирок, алар да кептин, жердин кадырына баам салып, көп эле биле бербестигин туйган бай, башын чайкай, атын темине алдыга бастырып кетчү.

Сагынбайдын жерди баалап, ал аймакка саресеп салып жүргөнүн байкаган туугандары кийин, бай көз жумганда сөөгүн Какырга коюуну туура табышкан.

– Бай ары-бери өткөндө Какырга токтолуп, көпкө чейин айланасына көз чаптырып, ичиндеги сырын эч кимге сездирчү эмес. Байдын ыкласы түшкөн жердин, кандайдыр бир касиет-сыры бардыр. Мүмкүн, аны балдарына айткандыр. Жай казар жерди алдын ала кеңешип көрөлү дешти байдын көзү өткөндө айылындагы аба-аксакалдар.

– Андай эмес. Балдарын таарынтып алабыз.

– Эмнеге таарынышат?

– Сагынбай байдын жасаты, мурдагы маркумдардан бөлүнүп, ата-бабаларынын сөөгүнөн алыс жатмак беле?

– Аның да туура, жандуу айттың. Жалгыз бейит, шейиттерге гана буюрган. Элге-журтка кеп болобуз.

– Эл эмне деп кеп кылмак эле?

– Басыздар аттуу-баштуу адамын, ата-бабаларынын сөөгүнөн адаштырып, алыс алып барып, жалгыз коюптур дешпейби!

– Ооба, «жукма, кесели барды» жалгыздап көмөт дешчү эле. Алды-арканы карап этияттаналы.

– Андай эмес. Жер кенен. Адам өлсө ченеп-өлчөп, тардыгыбызды билгизебизби? Туулган жердин топурагы алтын дейт. Өлөр-өлгүчөктү байдын көңүлүн эч ким ооруткан эмес. Какыр байдын ниетине туура келген экен. Ниетине жараша иш кылалы, – деди аксакалдардын бирөөсү, баягы тоолуктардын адатына салып .

Бүтүм, бүтүн болду. Эч ким ал сөздү бузган жок.

– Атабыздын оюна туура келгенине, биз макулбуз, – дешти балдары.

Сагынбай көңүлүнө туура келген Какырга ортончу уулу Калыбекти алып келип:

– Ушул жер сенин олутуң болот. Жерди өздөштүрүп, мээнет кылсаң, байлыгың артат. Эми, мындан кийин, заман түрү башка болчудай. Тоолуктар ишенген төрт түлүк каарына алса жуттуку. Чабуулуна алса жоонуку. Жер байлыгын сенден эч ким тартып ала албайт. Жерди иштете бил! – деген эле.

Ата сөзүн жерге таштабаган Калыбек белсене киришти. Астейдил, арык каздырып, суу алып келтирди. Дарак эктирип, жер иштетти.

Сагынбай байдын сөөгүн тирүү кезинде өзү баягы адатынча келип токтоп, айланага сарэсеп салып турган жерден жай даярдоого айылдын аксакалы, байдын тун уулу Тыныбекти ээрчитип келип, уруксат берди.

– Бай элге таанымал адам. Көп жерге барып катташып көбү менен сыйлашкан. Анын аброю Ош, Жалал-Абад аймагына чак келбейт. Анжиан, Арка аймагындагы аттуу-баштуу адамдарга кабар жиберели. Сөөктү эки-үч күнгө түнөтүп, алыскы тууган-урук, куда-сөөктөр түгөл келмейинче, жерге берилбейт. Кара ашына союлуучу малга чек койбойлу, колунда жоктор баштанып:

– Аркасында калган малы жетим-жесиринин акысы. Алар кандай тиричилик кылат эми? – деп, бушайман тартмай жок. Кара ашынан аянбагыла. «Байдын малын, байкуш аяйт» болуп, чөлдүк сарттар баштанып уй баласын союп, насакка калбайлы. Жалаң согум жылкыдан болсун. Короолуу койду жакын жайга жайгаштыргыла. Керегинче, четинен алып келип, пайдаланып

турасыңар. Байдын мал-мүлкү кара ашына гана эмес, жылдык ашына да жетет. «Бар болсо малыңды чачам, жок болсо абийириңди ачам»– дейт өлүм. Жетпесе, аркасында атасынын ар-намысынан аянбай турган үч арыстаны турат. Ар биринин аброю дабандан дабан ашат. Аларда чак келбесе, аталаш ага-туугандары биз турабыз, – дешти, басыздын жакшылары.

Батага келген эркек аттуулар аттарынан түшүшүп, катарлаша аза күтүп, ыйлап-жоктоп тургандарга кол бере учурашып, жакын санаалаштары менен кучакташа көрүшүп, көңүл айтып жатышты.

– Кайрат кылгыла. Ажалга айла жок. Пенде баласы ичээргe суусу, татаарга даамы түгөнгөндө, ушинтип кете берет тура. Арты кайрылуу болсун! Сабыр кылгыла.

– Тирүүлөрдөн топурак буйрусун. Ажал улук деген ушул. Таш боор ажал кимди гана албаган, – дешип, айылдын аба-аксакалы, эл башкарган билармандар маркумдун жакындарына кайрат бере, көңүл айтышып:

– Бай акебиз, жөн киши эмес эле. Алты урууга эмес, алты дубан элге таанымал адам болчу.

– Барыш-келиштүү, алыш-бериштүү, калың элге башы таанылган, байлардан бири эле. Кең пейил, жакшы-жаманды, байкедейди ылгабаган, элге кеңири кайрым кылган, колу ачык, берешен болчу, – десе, жабыла келип турган туугандарынан арасындагы аксакалдардан бирөөсү:

– Тирүүнүн көркү сый, өлгөндүн көркү ый. Үнүңөрдү бийик чыгарып, жаш балдар, неберелери «жан атам»,»бай атам», «базарым атам», «күйөрүм атам», «белдарым», «кеңешчим», «кубатым», «кайратым», «дөөлөтүм», «кутманым», «асылым атам» деп добуш чыгаргыла!

– Ырас. Ата деген балага жакын, тууганга дөөлөт, кубат, аскар тоо экендиги жалганбы? – дешип жанаша турган карылар биринин айткандарын экинчилер кубатташты.

– Ооба, атаны асылым, бейишим, хан атам, падышам, айдыңым атам десе, башкалар кой демек беле?

Ариетке чогулгандар бирин-бири кубаттап, насат-накылдарын эскерте айтышып, маркумдун абийирин көтөрүүнүн аракетинде болушту.

Азага келген аялдар эркектерден ыйбаа кыла адеп сактап, кыйгачтай турушуп, боз үй алдындагы топтолгондордун азайышын күтүштү. Качан гана үй алдында эркектердин карааны сээлдегенде, маркум жаткан үйгө биринден киришип, кошок кошуп, боздоп-сыздап ыйлаган жакындарынын жанына аяр отурушуп, алардын мойну-башын кучактай, алар менен кошо кайгырып, кошок кошуп, көңүл айтышты.

Мурункулар жаңы келгендерге орун бошотушуп сыртка чыгып жатышты.

Баам салгандар маркумга арнап кайсы аялдары, кайсы кыз-келиндери эмне деп, кошок кошуп, арманын айтып, кантип ыйлап жаткандарына кулак түрүштү. Жашамал байбичелер:

– Сырттагы эркектердин өкүрүгү чыкканда жабыла, чуркурап ыйласаңар да, өкүрүк сээлдегенде бириңин кошогуңду бириң угуп, биринди бириң улай, кайгы-капаңарды кошок айтып кошкула!

Теңтушунун айтканына кошулган дагы бир байбиче:

– Азада да адеп бар. Байбичелердин, улуураактардын кошогуна, кыз-келин кошулбай, качан гана басылганда, башкаң улап, биринди кошогуңду, экинчиң кайталабагыла! Кыз-келиндер кошокту кантип айтсаңар да «бай абабыз,» «бай атабыз,» «бай акебиз» деп кошок кошкула!

– Бай акебиз канчалык даңаза кылып айтканга татыктуу болчу. Келиндер «кан акем», «кадырман акем», а кудагыйлар «кан кудам», «кадырман кудам»деп кошкула, – дешип эскертип жатышты.

– Азанын арты узак. Алыскы-жакынкы катташкандардын келгени бар, келелеги бар. Дос-душманга кеп болбогула! Тойду сый, өлүмду ый кызытат. Үнүңөрдү үнөмдөп, сызылта чыгарып, кепти кебинен, ырды уйкашынан бузбай, куюлуштуруп так айтсаңар угумдуу болот.

– Айрыкча жакынкы кыз-кыркын, күйгөнүңөр чын болсо, жөн ыйлап уңулдабагыла! Күйүп, жоктоп ыйлаганыңарды кошокко кошуп айтып, кайгыңарды да, бугуңарды да ыр менен чыгаргыла. Келген-кеткен жөн кетпейт. Армандуу өлүмдүн аркасында өксүп, жоктогонуңарга баа беришет.

– Азага келген алты катын, жөн келбей, ар кими укkан-көргөнүн башкаларга айтууга ылайыктап, «алты каптык» сөз кылып кетет.

– Паланча деген аял, мыкты кошот экен. А тигинин үнү билинбейт. Тигисинин үнү заңкылдап, бийик угумдуу чыгат экен. А берки аялдын кошогу сай-сөөктү сыздатып, укkандын көбүн ыйлатты, – десе анын жанындагы:

– Күйгөн катын кошокчу демекчи, жан күйөрү ошол да. Бир чети ыйлап, экинчиси сыздап, кайгысын чындап айтып жатпайбы, – дешип, азага келгендердин көбү кошок кошкондордун үнүн байкап, сөзүнө баа берише кулак түрүштү.

Тааныпп-тааныбагандар кайгырып, жоктоп, күйгөнүн кошкон жакындарына ынанышып, аны да айтышып, кааданы кастарлап, салтты сактагандар үй ичиндегилерге көңүл бөлүшүп:

– Байдын төрт кызы бар дешчү эле. Кимиси кандай кошот экен? Ата кадырын баалашабы? Канчалык урматтап, сыйлагандарын кошуп, жоктошоор бекен? Угалычы?

– Башына кайгы түшкөндөр, кандай кошмок эле. Буркурап, боздоп, өлүмгө нааразы болуп, атасын жоктойт эмеспи.

– Жо-ок, аял киши ичиндеги күйүтүн кошок менен чыгарат. Кимиси кантип күйгөнүн, атасын канчалык бааларын, кошогунан билели, – дешип, ар кими бирин тыйып, бирин тыңшайт.

– Ырас. Атасынын даңкына ылайык, балдары канчалык билермандыгы, жаман-жакшылыкты көтөрө билгендиги, жүрүш-турушунан, сүйлөгөн сөзүнөн, кыз баланын кошкон кошогунан билинет.

– Туура. Угалы, – дешип, андайга бир эле аял заты эмес, уулукичүү да кызыкдар.

Келип-кеткендер, ичкеридеги жакындарынын башын кучактап, көңүл айтып, кошок кошкондон соң, маркумдун кыз-келиндери кантип кошок кошкондоруна кулак түрүшө, баам салышат.

Бир кезде Сагынбай байдын чоң кызы, эки-үч күндөн бери жоктоп, ыйлап жаткан Толкун, кардыккан үнүн акырын созо баштаганда, жанаша ыйлап отургандар тым боло, кулак түрүштү.

Атасын жоготкон күйүттөн улам, дене бою солкулдап, салаалаган көз жашын тыя албай, эки бөйрөгүн таянып, буулуга үнүн созду.

– Абалап учкан зар өткөн,
Бул жалган дүйнөдөн,
Ар жакшыны баары өткөн,
Аламга аты угулган о,
Азирет Аалым шер өткөн,
Аргымак минип такалап,
Акшумкар салып бөпөлөп,
Атакем,
Алты ата журтка тең өткөн о,
Көкөлөп учкан зар өткөн,
Бул жалган дүйнөдөн.
Көп жакшынын баары өткөн,
Кылымга аты угулган аа,
Азирет Аалы шер өткөн,
Көк шумкар салып бөпөлөп,
Көк боз ат минип такалап.
Атакем,
Көпчүлүк элге тең өткөн,
О дүйнө жолу он эшик,
Оң колу тийбей ачылсын,
Оозунан келме чачылсын,
Ошондо көөнү ачылсын,
Айланып учкан о-ой ак шумкар а,
Билинбей боосуу илинер а,
Кайраттуу атам өткөнү а,
Кадыры элге оо билинер а,
Күүлөнүп учкан оо көк шумкар а,
Көрүнбөй боосу оо илинер а,
Кадырман атам оо өткөнү а,
Эми,
Кадыры калкка билинер а,
Кер жорго минип оо жол жүргөн а,
Кан атам,
Көпчүлүк менен бир жүргөн а,
Сур жорго минип жол жүргөн а,
Кан атам
Көп элди сурап бир жүргөн а,

Кернейлүү тойдо оо көп жүргөн а,
Кернейи сынып оо жай болду а,
Келбеттүү атам аа, жай болду а,
Кайран бир атам оо, өттү эми а,
Кайрылгыс болуп, оо кеттиң а,

– деп оор үшкүрүнө, токтоно албай өксүдү.

Ага жанаша отурган, байдын кийинки Айбарча кызы улай кетти:

– Кайрылып чыккан бутакка ия,
Карчыга эргип коно албай а,
Кайран бир атам өлдү эми ия,
Калкы бир айлап таба албайт а.
Туура бир чыккан бутакка ия,
Турналар келип коно албайт а,
Кайран бир атам өттү эми ия,
Туугандар ыйлап таба албайт а.
Алтымыш эки периште ия,
Атамы,
Алып койсун бейишке а.
Жетимиш эки периште ия,
Атамы,
Жетелеп кирсин бейишке а.
Бейиштин жолу беш эшик ия,
Беш колу тийбей ачылсын а.
Бейиштин жолу кең болуп ия,
Бейиштин нуру чачылсын а,
Атамын,
Ошондо көөнү ачылсын а.
Айдын бир көзүн торгогон а.
Аяктай булут турбайбы ия,
Азиз жанды кор кылган а,
Азаптуу өмүр турбайбы ия,
Күндүн бир көзүн торогон а,
Күрөктөй булут турбайбы а.
Гүлүстан жанды кордогон а,
Күйүттүү өлүм турбайбы аа-ао,

– деп бүткөн бою эзиле шолоктоду.

Эжелеринин кошогун угуп, көөнү эзилген байдын Бакын кызынын үнү сызыла өксүп чыкты.

– Ак теректин бутагы а,
Айтылуу элдин султаны а.
Көк теректин бутагы а,
Атакем,
Көп элден чыккан султаны а.
Курбусун таап аш берген а,
Кудайым сүйүп жаш берген а.
Теңтушту таап аш берген а,
Теңирим сүйүп жаш берген а.
Чылбыры болчу буудаңдын а,
Чындыгын айтып ырдайын а,
Бейишим атам,
Чынары болчу туугандын а.
Камчысы болчу буудандын а,
Канаты болчу туугандын а.
Калысын айтып ырдайын а,
Жан атам,
Кайраты болчу туугандын а.
Чылбыры болчу буудандын а,
Бейишим атам,
Камчысы түштү буудандын а.
Кан атамдын көзү өтүп,
Канаты сынды туугандын а.

Өксүп өксүп ыйлап, муундары бошошо «Ох!» – деп оор үшкүрүндү.

Байдын Сайкал кызы үнүн созуп:
– Алтындан сөйкөм бар эле,
Аяктары зар эле.
Айланайын атакем а,
Айтканымча бар эле а.
Күмүштөн сөйкөм бар эле,
Күбөктөрү зар эле.
Кагылайын атакем а,
Күткөнүмчө бар эле.

Жабыгынан ай өткөн,
Жалпы атасы бай өткөн,
Түндүгүнөн ай өткөн.
Түп атасы бай өткөн,
Басмайыл салбай ат минсе,
Өргө бир басса, эл билет,
Таанымал элге атамы,
Өзбек-кыргыз эл билет.
Куюшкан салбай ат минсе,
Ылдыйга басса, эл билет.
Даңазасын атамын а,
Уйгур-кыргыз эл билет.
Аркадан келген алты каз,
Айдың көл таппай адашат.
Алты атадан бер жакка о,
Ардактап айтсам жарашат,
Ар жакшынын ичинен а,
Алты дубан алптары,
Атама,
Акылман деп, баа берет а.
Желдей учкан жети каз,
Желени таппай адашат.
Жети атаман бер жакка,
Жеткире айтсам жарашат а.
Жети дубан элдери а,
Атамы,
Жетекчидей баалашат о-уу-у...

Алыскы жууктагы куда-сөөктөр көзүн көрбөсө да, топурак салып, жаназа намазына катышышсын дешкен байдын балдары, атасынын сөөгүн эки күн түнөтүштү.

Үчүнчү күнү байдын ортончу аялы эрте менен кошогун баштады:

– Кыргыйек учуп жем алган,
Кыйладан тандап мени алган,
Кыямат жайга кеткенде а,
Кымбатым эстейт деп алган,

Жагалмай учуп жем алган,
Жактырып тандап мени алган,
Жаннатка жаны кеткенде,
Жабыркап ыйлайт деп алган аа,

– деп келип, эки күндөн бери тескери карап, кошок кошушту билбей, үңкүйүп – «Үү-ү...» – деп ыйлап отурган, байынын көрөр көзү, өзбек күндөшүн кошо кетти.

– Каркыра таптап куш салган а,
Калктан бир тандап бизди алган.
Кадырын кошуп ырдабай,
Катыгүн дудук, бул токол,
Караны кийип тул калган а.
Кыргыйек таптап куш салган,
Кыйырдан тандап бизди алган.
Кымбаттыгын айта албай а,
Катуурак үнүн созо албай,
Катыгүн дудук, бул токол,
Караны кийип тул калган а.
Жашылдан менин көйнөгүм,
Жашымдан кошкон түгөйүм.
О, түгөйүм сенден айрылып,
Томсоруп ыйлап күйөмүн.
Алластан менин көйнөгүм
Алдастап согот жүрөгүм.
О, түгөйүм сенден ажырап,
Томсоруп ыйлап жүдөдүм а-а, у-у...

Кошок кошо албаган байдын токолу катуу сынды. «Күндөштүн күлү жоо» демекчи улуу күндөшүнө жооп кыла албай, токол ал күнү үн дебей кутулду.

Байдын өзбек аялынын абысын-ажындары намыс кылышып, аркы айылдагы атагы элге элан болгон, кошокчу кемпирге адеми буюмдардан берип, атайлап ат жиберип алдырышып, түнү менен кошок үйрөтүштү.

Эртеси байдын көрөр көзү күндөшүнүн жанына жакын отуруп, кошокчу кемпирдин үнүнө салып:

– Адеми шаар Өзгөндөн,
Атайлап жүрүп бизди алган,

Алты байтал жоготуп,
Алымына сизди алган,
Жеткилең шаар Өзгөндөн
Жактырып жүрүп бизди алган,
Жети байтал акыга,
Жеткирип келген сизди алган,

– деп кошогун кошкондо, сын таккан күндөшүнүн оозуна кеп кирбей, осолу чыгып, кошо отургандардын беттерин батынып карай албады.

Көрсө, бир топ жылдар мурун Сагынбай байдын жылкылары жайлоодо жайылып жүрсө, Кара-Кулжа тараптан бирөөлөр кежилишип, бөлүп айдап кетишет. Уурулуктун арты билинип калып, жылкыларды айдап кеткен тарап, айыптарына кыз берип кутулганы, элге билинет.

Кошокчу кемпир да, айылдагы келиндер дал ошол окуяны кошокко кошуп, байдын токолуна үйрөтүшкөн болчу.

* * *

Кыргыз эли жердин шартына карай аркалык жана анжиандык делип айтылганы менен, уруулук, туугандык байланыштары күч. Кышында кар оор түшүп, ашуулар бекип гана калбаса, эрте жаздан, кеч күзгө чейин жек-жаат, куда-сөөк, тууган-уруктардын катташтары калың. Айрыкча Ат-Башы, Нарын аймагындагыларга жакын дагы, ыңгайлуу дагы. Жай бою жайлоодо мал семиртип, эти толгон чакта, көпчүлүгү биригип, короолуу кой, үйүрлүү жылкы топтошуп, зарылдыгына жараша базарга алып келишет. Анын дагы бир ыңгайлуу жагы, кең аймактагы жайлоонун салкын төрүндөгү жашаң тулаңынан от алган мал кеңири семирет. Чөп каткан мезгилде Анжиян аймагынын тоолоруна жакындап келишет. Атайлап сапарга аттанып, ашуу ашып, жол түйшүгүн тарткысы келбегендер, жайлоонун түрлөнгөн чөбүнүн түрүн жеп, нык семирген малын, жакын аралыктагы Анжиян аймагындагы базарларга сүрүп айдап келишип, каалаган буюмтайым, азык оокаттарга алмашып кетишет. Көбүн эсе Ак-Талаа, Арпа, Ат-Башы, Нарындыктарга, Көк-Артты ашып, Өзгөнгө келүү ыңгайлуу. Ошондон улам жек-жаат, куда-сөөк, келин алып, кыз берүүдөн улам каттоо калың.

Көзү жетип, соода ишине маш болгон айрымдары тууган-уругунун малын топтоп алып, зарыл буюмдарга ооштуруп пайдасын көрүшөт. Көбүн эсе тоолуктар темир буюмдарга: балта, орок, казан-аяк, эндей кездемелерге, кыз-келиндерге ылайык буюм-тайымдарга зарык эмеспи. Ар кандай буюмду топ-тобу менен малга айрыбашташат. Алган жердин, барган элдин зарыгын билип, шартын байкаган соодагерлер тоолуктардан этке ылайык кой, жылкы, тиричиликке зарыл жүн, аң терилерин киреге жүктөп келишип, калаадагыларга күн болжоп, насыя деп таркатышып, белгилеген убакта акысын алып, же буюмдарга айрыбаштап кетишет.

Андайлардын бири Керималы. Ал да соода өнөрүнө ооп, тоолук тууганлары менен алака кылып, малдарын алып Анжиян, Өзгөн, Мырза-Аке калааларына келип, баягы сооданын өтүмдүү ыкмасы болгон, бир эки жумалык мөөнөт менен тааныштарына малын берип, кийинки келгенинде насыя алгандардан акысын алат. Бул ыкма ары опурталдуу болсо да, айла кеткенден, же чоң жоопкерчиликти моюнга алгандагы ишеним эле. Себеби, көп сатарман алган малынын акысына өзүнүн чыгымын кошуп, алган жердин баасынан ого эле ашыра сатууга тырышчу.

Тоолуктардын жайлоонун салкын төрүндө жайлап жүрүп, чөлдүн аптабына чыдай албастыгын билген далдалдар, алардын малын тобу менен арзан баалап алышып, теңме-тең, же ашык баага башкаларга сатышчу. Же бириндетип, «чай пул» табуунун кыныгын алышкан эле. Сатарман далдалдын көзмө-көз туруп, чай кайнам убакыт аралыгында, оңор эмес, алган акысынан экиүч эсе ашыра пайда тапканын көрүп, таң калчу. Же айласы жок, өкүнгөн бойдон кайра тартчу. Далдалга окшоп пайда табайын десе, жаны жок далдалдар, кем баага сурап, башкалардан алакчылап:

– «Алып койдум», »Өзүбүздүн малыбыз эле», «Ашинам малын сатып бер» дейт. «Мага карыздар эле», «Малын алып келиптир», – деп түрдүү жалган-жашыктарын айтып, тоолуктун малына башкаларды жакындатпайт.

– Амакибиздин малын биз алабыз. Бизди сатып бер? – деп жатат дешип, үчөө-төртөө бирге келишип, бири алармандыкындатпайт, экинчиси тобу менен мал алганга кардар издеп барып, заматта өздөрү айткан баадан ашырыша:

– Ширинкана дешип, саткандарына акы доолашат.

Андайга да ынабаган тоолуктарды далдалчылар өз ара сүйлөшүп, малына кардар келтирбей кечке кезертишет. Ысыктын күнүндө тердеп, суусап, ачка калып, күн кыңкайганда кетүүнүн айласын кылып, улам төбөсүн карап тынчсыздана баштайт. Анын үстүнө алармандан азайып, далдалдар «кете баштаганда» баягы улам, колун булкуп:

– Бер эле, бер дегенге өзү барып:

– Айтканыңызга берейин баягы баада алыңыз? – деп жалбарат.

– Бая, канча айттым эле?

– Тобу менен «мынча» дегенсиз.

– Жо-ок, анчага базар көтөрбөйт. Ал баа, бая эле кетти. Малың өтпөй турса мен кантип алам?

– Анда айтыңыз, канчага аласыз?

– Бардыгына пулум жетпейт, – деп кылыя тиктеп, калп эле боор ачыган болуп. – Башка да, кардар издеп көрөйүн деп, жолпуланат.

– Пулуңуздун жетишинче алыңыз? Күн кеч кирип баратат. Мен кетейин?

– Коюңа-а. Ушунча малды таштап, кантип кетесиз?

– Жата турган жайым жок. Жай тапсам да, ат-улоолорумду кайда алып барам? – дейт ичиндеги кыжаалаттыгын ачык билгизип.

– А аныңыз да туура. Калаа ичи тар. Өзүңүз батсаңыз да, малыңыз батпайт.

– Өзүңүз билип турасыз? Мени эптеп кетириңиз? – дейт мал ээси жалдырай тиктеп.

– Мынчалык пулум жок. Сатып, кийинки, эки-үч базар өткөрүп берсем болобу?

Бүгүнкү базарда өтпөгөн мал, кийинки базарга чейин кайда багылат? Жай табылабы? Жай тапкан мезгилде да, ысыктын күнүнө көнө албаган мал, кийинки базарга чейин ачка калып, этин жоготуп арыктайт. Аларга жем-чөптү, сууну кайдан тапса болот?

Ат улоолоруна да жем-чөп, байлаганга жай керек? Ысыктын бир күнүнө араң чыдап, жадап турган тоолук, кийинки базарга чейинки түйшүктү эстеп, көңүл айланат. Эптеп ушул «кичи пейил» адамдын эрите сүйлөгөн «амекисинен» айрылгысы келбейт. Кустан эле бул да кетип калса, «ээн талаада» жалгыз калаарын ойлоп:

– Мейли, кийинки базар сатып бериңизге макулмун, – дейт.

– Ап баракелде! Убададан кайтмай жок. Кайткандын илабизи арам болот. Кийинки базар өтөбү да, өтпөйбү ким билет? Ага чейин жем-чөбүн кандай кылам? Мейли сиз үчүн күйсөм күйөөрмүн. Асти сизди, зарыктырбайын, – деп шыпылдайт.

– Бирөөлөргө табыштасам, карап, багып берер бекен? Бекер бакпайт. Ал да карап-бакканына акы сурайт. Эмне кылсам? – деп ойлонгон болуп:

– Кой, сизди заарыктырбай, кетирейин. Чай алып берейин, жүрүңүз? – деп боор ачыган болот.

– Жок. Ысыктын күнү жаман экен. Эртерээк эле кетип калайын.

– Тамак алып берип, кардыңызды тойгузайын?

– Мен ыраазымын деп, бирөө этектеп калчудай шашыла, тоолук мал базардан чыга берерде.

– Ырас гана жолум болду. Болбосо, малым өтпөй канчалаган азап-тозокту көрмөк экем. Ээ, Кудай ушундай нысаптуу, боорукер кишиге жолуктурганыңа ырахмат, – деп ыраазы болуп бара-тып, кайра ойлонот да, кайра чочуп:

– Ай, аттиң! Атын да сурабапмын. Кай жерге, ким деп сурап барам? – деп алдастап кайра артына чуркайт. Шашып-бушуп баягы жерге, жетсе, анысы алган малын башкага пулдап, кол кысып жаткан болот. Ага да көңүл бура бербеген сатарман:

– Тууган, атыңызды, кай жерде тураарыңызды сурабай кете беripмин?

– Аа, ысымым Немат, Топ-Талда турам.

– Ох! Эсиме келе калбаса, кете бермек болдум эле.

– Амаки коркпоң? Биз ата баласыбыз. Өмүр бою соодада жүрөбүз. Сизди алдабайбыз. Немат десеңиз, элдин баары тааныйт. Топ-Талга барсаңыз, мааладагылар эшигибизди айтып берет.

Мына, сиздин кызматыңызды аткарайын деп, арзан болсо да, малыңыздын жарымын насыяга бердим. Эмдиги базар, бул акеңиз, калган малдын пулун алып келип берет, – деп, ага көзүн кыса сүйлөсө, берки шериги да эпилдеп:

– Ха, ошондой, биз акабиз менен дайыма ака-үкөдөй мамиле кылабыз, – дейт.

Маал-маалы менен келип, базардын сырын аз болсо да көрүп-билген тоолуктар, анча-мынча базарга аралаша быша башташты. Айрымдары сооданын жолун үйрөнүп, өз алдынча тирилик өткөрүшүп, тааныш-билиш ашырып, соодагерлер менен алака кылуунун жолдорун үйрөнүштү.

Ат-Башылык Керималы да алгачкы жылдары тууган-уругу чогултуп, берген малдарын, базардагыдан кем сатпоого аракет кылды. Келээри менен өзүнүн малын башкалардыкына салыштырып, өз ойлогон, каалаган баага сатса болорун билди. Ушундай эле малды далдалдар арзан алып, каалаган баасына жеткирип, сатып жатпайбы. Алар алган акыны, тоолук алса болбойбу? – деген ойдо болду.

– Далдалга зарыкпай, өзүбүз эле сатабыз, – деп, айткан сөзүнөн кайтпай турду. Кеч кирип, кардар да келбеди. Алдындагы малын жайганга жайыт, коноргого короо таппады.

– Кап, аттиң! Далдал сураган баага, берип жиберсем болмок экен деп өзүн эчен тилдеди.

Кийинки базарга чейин, ысыктын күнүндө азап тартып жүдөдү. Түнкүсүн кантала, чиркей талап, уйку бербеди. Өзүн-өзү жемелеп, кардарды өзү издеп, насыя берүүгө аргасы калбады. Тоолуктардан кынык тапкан далдалдар, эптеп алардын көңүлүн алууга аркет кылышты.

Керималы да базарга алып келген койлорунбу, же жылкысынбы анча-мынча, тааныш болуп калган, кардарга эки-үч базарды болжоп, насыя таштап кетчү болду. Бир жолу сегиз ат алып келип:

– Үч базарга чыдасаң, пулун өз колум менен алып келип берем, – деген бирөөгө насыя таштап кете берген.

Эки базар өтүп, үчүнчү базарда келсе, баягы алган адамдын дареги жок. «Алданып калдымбы» деп ойлонду. Насыяга берген сегиз ат тең, аманат бирөөлөрдүкү эле.

– Базарга сатып, үч базардын ичинде пулун алып келип берем, – деген убадага келишишкен. Белгиленген мөөнөт бүттү. Эмне кылса болот?

– Сакалдуу башым менен «алдамчы» атка кономбу?

– Андай сөз анын абройуна туура келбейт. Бирөөлөрдү алдап, калп айтып көрбөгөн Керималынын шаштысы кетти. Аттарды насыяга алган адамын таппады. Ар кимден сураштырды. Дайынын билген киши жок. Салабаттуу кишилер меймандын абалын көрүшүп:

– Казыга кайрылып көргүн деп кеңеш беришти.

– Казыңар кандай неме? «Өзүң убадалашып алып, мага догурунуп, эмнеге келдиң?» – дебейби?

– Казы, андай эмес. Калыс адам.

– Калыстыгы жакшы экен. Ортодо болгон күбөсү жок кантип барам?

– Ал киши, ишти чала кылбайт. Ийне, жибине чейин, талдап карайт.

– Ал кишинин аты ким?

– Жаныбек казы. Элдин баары билет.

– Үйү кайсыл тарапта болду экен?

– Казынын үйү кайсыл? – десеңиз ким болсо да көрсөтүп коет.

– Деги, үйүндө болот бекен?

– Келген-кеткендерди дайыма үйүндө кабыл алат.

– Казыны, таппай калып жүрбөйүн?

– Кабатыр болбоңуз. Зарыккандарды, ал киши тынымсыз үйүндө кабыл алат.

Көпчүлүктүн айтуусу менен Керималы да казынын үйүн издеп жөнөдү.

– Мына бул казынын үйү, – деди ээрчитип келгендердин бирөөсү бак-даректуу кородоогу көркөмдөп салынган үйгө алып келип.

Кобурдан улам, короодон жаш жигит чыга келди:

– Ассалоому алейкум, казы үйдөбү?

– Валекум ассалоом, келиңиздер? Үйдө адамдар менен отурат, – деди жаш жигит.

Керималы жигитти ээрчий эшик алдына келди. Беш-алты адам сүйлөшүп отурганын көрүп, салам айтты.

– Келиңиз мейман? – дешти отургандар көңүл бөлө.

– Мейман Аркадан келиптир. Казыда бир аз жумушум бар эле, – дейт.

– Утурлап алган жигит меймандын дайынын айтты.

– Андай болсо, казыга алып кир, – дешти отургандар.

Шыпылдаган жигит дароо ички бөлмөгө кирип, кайра эле чыга, казынын кабыл аларын билдирди.

Мейман айланага саресеп салды. Короонун ичи иреттүү, таза, шыпырылган. Бардык буюмдар орду-ордунда жайгашканын байкады. Үй-бүлөдөгүлөр сарамжалдуу экенине баам салды.

– Жана адамдар айткандай калыс, адамгерчилиги бийик, тагдырды чече турган адамга туш келген окшоймун. Куда кааласа, аласам колго тиет окшойт деген үмүт пайда болгон Керималыга, ичкерки бөлмөдөн чыга келген жигит:

– Кире бериңиз ? Казы сизди күтүп турат, – деди.

Маңдайындагы эки-үч адам менен жай сүйлөшүп отурган казы, меймандын саламына баш көтөрө кылчайып:

– Кел мейман, төргө отур? – деп кол алышып, өзүнөн жогору тарапты көрсөттү.

– Казым, бизге уруксат? Мейман менен кеңири отуруңуз, – деп жанында отургандар сыртка бет алышты.

– Мейман, чоочун көрүнөсүз? Кайдан, эмне жумуш менен келдиңиз?

– Мен, Аркадагы Ат-Башы, Нарындан келдим.

– Ко-ош?

– Алып келген малымды пулдап, тиричиликке ылайык буюмтайым алып кетүүгө камындым эле. Бирок, бир аз илинчек болуп ошого кармалып турам.

– Ал кандай, илинчек болуп калды?

Мейман казыга кунт коё көңүл бөлсө, 40-45 жаштагыдай, өзүнүн он-он эки жашы улуудай экенин божомолдоду. Жазы маңдай, тегерек кара сакал, чымыр денесине жарашып, кең пейил экендиги байкалды. Мээримдүү жүзү менен ар бир сөздү кунт коё тыңшап, так сүйлөп, маңдайындагы адамдын сөзүн бөлбөй, ичинен ойлоно таразага салып, талдап, заматта баа берген, ак пейил экендиги сезилип тургандыктан, ал ичиндегини толук айтып, жашырбады.

– Казы аке, биз Өзгөн, Анжиянга мал айдап келип, соода кылып кетебиз. Кээде өтпөй калган малыбызды, кайра алып кетпей, анча-мынча мамиле кылгандарга эки-үч жумага насыяга калтырабыз. Аларды өзүбүздөй көрүп, калп айтып, же алдап кетээри оюбузда жок.

– Бардык адамды тең көрүп, ийирин жандырбайм дегениң чоң адамгерчилик. Ыймандуулуктун белгиси, – деди казы мыйыгынан күлүп жылмая. Алла таала бардык пендесин бир жараткан Адамдын көңүлү гүл. Бирөөнүн шагын сындырып, ийирин жандыруу күнөө-деп ал мейманды астайдил карап, анын кимдигин, адамгерчилик сапатынын кандайлыгын, акыл ою менен тараза-лагансып үн катпай турду.

– Өзгөндүк Алымбек аттуу жигитке, сегиз атты насыяга, эки жумалык убакытка бердим эле. Ал берген убадасы боюнча, бир жума мурда пулун бермек. Төрт жума болуп кетти. Дарегин билдирбеди. Үй-жайы кайда экенинин дагы билбейм. Айла куруганда, сизге айтып көрөйүн деп келдим. Адилеттик кылып, жардам бере аласызбы?

Казы башын ийкей, сыртка үн салды:

– Алымбек дегенди билесиңби?

– Алымбекти билем. Ал алып-сатар. Бирөөлөрдөн арзан, же насыя алып, Анжиан, Наманган, жада калса Самарканга чейин алып барып, эки-үч эсеге ашыра көбөйтүп саткан сүткор. – деди баягы жигит, сырттан кирип келе жатып, – ал көбүнөн насыя алып, өз убагында бербей, зарыктырып, убара кылып көнгөн. Алыстан келген адамдарды алдап, азгырган учурлары да көп, – деп болгонун айтты.

– Казынын жүзүнөн ачуулана, кейигени билинип турду.

– Ал насыякордун үйүн билесиңби? – деди жигитине.

– Билем. Бирок, ал үйүндө сейрек болот. Көбүн эсе базарларда, бир базардан, экинчи базарга каттап, сооданын артынан жүрөт. Табылаар, табылбасын билбейм.

– Азыр үйүнө барып, болсо мага алып кел. Болбосо, башкаларды жиберип, кайдан болсо да таптыр: – Ал дагы бир-эки жумага чоюп, күттүргүдөй, – деп кабагын чытыды. Ага ишенген, бул аркалык мейман, бир айдан бери, зарыга күтүп жүрүп, канча чыгымдар болду.

Жигити кеткен соң, казы мейманга ыклас коё:

– Ата-тегиң ким? Кайсыл уруудансың? Айылыңарда кандай эл адамдары бар? Алар качан өткөн? Тирүүсү кимдер? Сүйлөгөнчө отур? – деди.

– Уругум асык. Асыктардан эл коргогон баатырлар арбын чыккан. Кашкелең, Күрпүк, Абдырахман, Козукуна, Байкүчүк, Бычман, Бөрү, Агыш, Тейиш, Марка, Жалжабаш, Эсенгул, Той, Кызалак деген хан, бек, бийлерди уксаңыз керек. Асыктардын Сопу-Атасы кыргыздан чыккан эң акыркы олуя. Кийинкини айта билген, көз ачык болуптур. Ормон хандын казактарды жеңээрин, бийликтин өзгөрүп, Кокон хандыгы, Кытай, Индия, Ооган өлкөлөрүндөгү бийликтин алмашканын айткан экен. Сопу-Атанын олуя болорун, калмактардын ламасы билип, он эки жашында уурдатып кетиптир. Андан урук калбасын деп ылгатып койгонунан улам, андан урук жок.

– Алда кайран киши деп, казы өкүнгөнүн билдирди.

– Менин аталарым, бийлик кызматты аркалашыптыр. Бир кездеги бий, азыркы учурда казы аталып калбадыбы. Мурдагы бийлер, хандын милдетин аткарышкан. Бирок, бий менен казынын аткарган кызматы бирдей эле.

– Сен Келдибек дастанчыны жакшы билсең керек? – деп казы аңгемени угууга кызыктар экенин билдире кетти.

– Атактуу дастанчы Келдибек, хан Кошой, кырк чоро жөнүндө, алардын эрдиктери, эл багып, жоодон элди-жерди коргоону күн-түндөп дастан кылып айтканын эл жакшы билет. Ал Келдибек кырк чоронун ар бирин Манас дастанын көлөмүндөй айтып, бир айтканын экинчи кайталабастыгына укқандын баары таң калчу экен. Ошол дастанчы бизге тууган, атамын иниси болгон.

– Бали, азамат. Ар тараптан өнүккөн Алла таала сүйүп караган, үрөн бутагы өскөн жердин тукуму турбайсыңбы. Бар бол, азамат. Биз дагы басыз ууруусунан болобуз. Кыргыз баласы чоң-кичинесине карабай ата-бабалардын тарых, санжырасын билүүсү тийиш. Өткөн тарых кийинкилерге сабак. Аны билүү ар бирибизге милдет, – деп, мейман менен үй ээси чай үстүндө чечилишип сүйлөштү. Аңгыча болбой сырттан жигит кирип:

– Казым, сиз айткан адамды таап келдим.

– Кирсин, – деди казы.

Сырттан чаар топучан, төшү ачык чепкенин эки кабат жоолук менен курчанган 30-35 жаш курактуу жигит, колун бооруна ала, кирип келе салам берди.

– Отур, – деди казы ага, улага тарапты көрсөтө.

– Жигит чөгөлөй отуруп маңдайындагыларды карады.

– Бул адамды тааныйсыңбы?

– Тааныйм казым. Сегиз атты насыя алдым эле. Пулун бере элекмин деп, айыбын моюнуна ала, жооп берди.

– Эмнеге, малын алып, бир ай күттүрүп, чыгымга учуратып, пулун бербей, буйтактап, качып жүрөсүң? Өзүң айтчы? Убаданы арам кылыш, туурабы? – деп ачуулана кетти.

– Дообогер жигит, жерден башын көтөрө албай, кызарды.

– Казы аке, бул адамдан эки жума убакытты убада кылып, малын алганым ырас. Ал аттарды эки жума ичинде Самарканга алып барып, сатып келем деп ойлогом. Узак жолдо кыйналган аттар, өтпөй белгиленген мөөнөттөн кечигип калып, убада кар болду. Сиздин алдыңызда мейманга күнөөлүүмүн. Кечирим сурайм? – деп, эки колун бооруна ала бүгүлүп, жалооруду.

– Отур. Эми эмне кылайын дейсиң? Дагы канча күн мейманды чыгымдар кылып, күттүрөсүң?

– Жок. Казы аке, меймандын пулун бүгүн-эртеңден берип кутулам. Күткөн убактынын чыгымын, кошо төлөймүн.

– Жок. Аласамды алсам эле болду. Күткөн, кеткен күндөргө чыгым төлөбөй эле койсун, – деди мейман шашкалактап.

– Мейли анда. Мал ээси ыразы болуп, кечирим берип жаткандан улам, кеткен күндүн чыгымын, алган малдын пулун бүгүндөн калтырбай толук төлөп бер.

– Сиз айткандай, бүгүндөн калтырбайм.

– Казы аке, ылайым өркүнүңүз өссүн, – деди мейман ыразычылыгын билдирип.

– Бүгүнкүдөн калтырсаң айып тартып, меймандын чыгымын кошо төлөйсүң, – деди казы. Билесиңби, Кураны Каримда: Жакшылык амалдарын көп кылгыла, ошондо азаптан кутуласыңар, – деп белгилеген адамдарга жакшылык кылуу туурасында. Азирети Пайгамбарыбыз Мухаммед САВдын мындай деген хадиси

бар. Мусулман мусулманга тууган. Ошондуктан ал ага зулумдук да, чыккынчылык да кылбасын. Ким тууганына ал муктаж болуп турган кезде жардам берсе, ал өзү муктаж болгондо, ага Алла да жардам берет. Ким мусулманды кайгыдан куткарса, Алла да аны кыямат күнү бар кыйынчылыгынан куткарат. Ким мусулмандын айыбын жапса, Алла да анын айыбын жабат деген (Ал Бухари Муслим).

«Кимде ким бул дүйнөнүн бир кайгысынан мусулманды куткарса, Алла аны кыямат күндүн бир кайгысынан куткарат. Ким карыздуу мусулман адамдын абалын жеңилдетсе Алла анын бул дүйнөдөгү жана акыреттеги абалын жеңилдетет» деп айткан. Бул хадистерге түшүндүңбү? – деп насыякорго кайрылды.

– Түшүндүм таксыр. Сиздин алдыңызда уят болуп калдым. Кечирим сураймын? – деп Алымбек баш көтөрө албай шылкыйды.

Сыртка үн сала:

– Бул адамга берилген убаданын аткарылышы менен кабардар болуп, мага билгиз, – деди казы.

– Рахмат казы аке, сизге ыраазымын, – деди мейман ийиле.

– Мейман, айтууңа караганда тектүү жердин кулуну экенсиң. Жакшы адам, жакшылар менен байланыш болот. Келип-кеткениңде үйгө келип тур. Байланыш болуп жүрөлү, – деп, казы сыйлаганын билгизди.

Ошондон тартып, Керималы казы менен мамилеси, жылуу болуп кетти. Өзгөн, Анжиян аймагына келгенде, казы менен учурашмайын кетпейт. Ишине карап, жумалап жатып, кеп чечише кенен отуруп, сөз улашат. Келген-кеткенден бири-биринин абалын сурашып, кабар алышат. Көбүн эсе Ат-Башы, Нарындыктар кем-катыгын, зарыл буюмдарды алуу үчүн базарга келишип, Керималынын дайындоосу менен казынын үйүнө түшүшүп, сыйлуу коногу болуп кетишет. Бири-бири менен сырдана болушкан сайын зарыккан буюмдарын айттырышып, каттагандардан бердирип жиберишчү болушту. Тоолуктар да кур келбей, атайлаппы, же колдорунун келишинче эт, кымыз, сары май, курут ала келишчү. Аларга казы жер-жемиш тоолуктарга зарыл кездеме, кийимкече, кыз-келиндерге жоолук, жип-шуу эркектерге ылайыктап

бычак, орок, кетмен, чалгы жана башка буюмдарды белек кылып жиберчү. Кең пейил, март казынын буюмдары тоолуктарга таберик катары ардакталып:

– Казынын белеги, атайлап жөнөтүптүр. Бизге зарыл экенин билиптир дешип ыраазычылыктарын айтышчу.

Анжиан, Өзгөнгө базарлап келип жүрчү Мамыр менен Токтор Ат-Башыдан: «Сатып, пул кылып беребиз», – дешип ар кимдин малын алып, жандыктан миңден ашык, жылкыдан отуздайын топтошту.

– Салт барбай, жүк ала баралы, – дешип, сатылуучу аттарга илбесин, кайберендердин терилерин жүн, кийиздерин жүктөп жөнөштү.

Эттүү малды сүрүп айдабай, жаай-жайыттарга оттотуп, ысыктын күнүндө майын жедирбей, салкындатып баралы, – дешип көлөкөлүү, салкын, суу жээктерине түнөшүп, Кара-Шородон өтүп, Ак-Атан белин ашып, өзөндүн боюна келип жатып калышты.

Бейтааныш адамдар жабыратып койлорду жайып, кош-коштоп ат жетелеп, базарга баратышканын байкаган жергиликтүү уурулар, түн ичинде аттарды жүктөрү менен алып, из жашырышып кетишет. Түнөгөн койлордун эки тарабында жаткан Мамыр менен Токтор таң атканда турушса, жүктөлгөн аттары да, аң терилери да жок. Чогуу бир жайга түшүргөн жүктөрдү аттарга жүктөшүп, кимдир бирөөлөр алып кетишиптир. Экөө кайдан издээрин, кимден көрөөрүн билишпей, айлалары кетип, аңкайып отуруп калышты. Койлорун таштап, эч жакка чыга алышпайт. Экөөнүн тең баштары маң. Ар кимден карыздап алган аттардын, аң терилердин изин канткенде толукташат? Ойлоп көрүшсө, экөө тең колдорундагы малдарынын калтырбай сатышса да жеткидей эмес.

– Каракчыларга алдырдык деп, кайра кайтыша алышпайт. Кайткан учурда да, көтөрмөгө алган койлорду кайда алып барышат? Экөө эки жерде, шаабайлары сууп, эстери ооп отуруп калышты.

Бир маалда Мамырдын эсине өздөрүнүн тууганы Керималы жөнүндө бирөөлөрдүн айтканы эсине түштү. Өздөрү эле билген

Керималы бирөөлөрдүн аттарын «пулдап беремин» деп, тууган-дарынын аттарын алганын, базарга алып келип, ал аттар өтпөй калганда бирөөлөргө насыя бергенин, бейтааныш бирөөлөр, болжоп алып, маалында бербегенде, Өзгөндүн казысынын жардамы тийгенин элдерден угушкан эле. Оюна ошол окуя түшө калып, Токторго айтса, андан жакшы кеңеш чыкпады.

– Насыя бергендин го дареги бар. Изи чыкты. Биз кимдер алып кетти деп, айталабыз? Айткан учурда да казы: – Атын айткыла. Кай жерден болсо да жоголгон буюмуңарды өндүрүп берейин, – десе, кимди айтабыз? – Ошончо буюмду алган уурулар таптырып коёт беле? – деп шериги түңүлө жооп берди.

Эл арасында көргөн-билген болуп жүрбөсүн? Сураштырып көрөлү? – деди Мамыр.

Алдырдык, экөөбүздүн шорубуз куруганы ушул, – деди Токтор. Экөө эстери ооп көпкө отурушат.

– Баягында Керималы:

– Кимде ким Өзгөнгө барчу болсоңор, менден казыга салам айтып койгула, – дебеди беле? Токтор эстей калды:

– Эмне, салам айтты деп барайлыбы? – деп Мамыр үмүт үзө үшкүрдү.

– Кокустан кем-карчыңар, суроо-талабыңар болуп калса, казыга барсаңар ал киши аткарып берет дебеди беле Керималы.

– Ооба. Айткан болчу. Ал кишиге барганда, ушунча койду, кимге таштап кетебиз?

Ары-бери тартышып отуруп, акыры акысына кой берсек, ким болсо да, карап турууга макул болсо керек, – деди Мамыр, бүтүндөй бир арга табылып калаар, – деген үмүт менен.

Экөө койлорун бирөөлөргө дайындашып, казынын үйүнө келишти.

– Казы аке, колубуздагы улоолорубузду жүгү менен уурулар-га алдырдык. Бирок, алардын ким экенин билбейбиз, – дешти айлалары кетип, көңүлдөрү чөккөн экөө.

– Жакшы иш болбоптур. Мейли, мен издеттирип көрөйүн, – деп, казы жигиттерин чакыртты.

– Бул меймандар, аттарын жүктөрү менен белгисиз уурулар-га алдырышыптыр. Биздин аймакта мындай жоосунсуз жорукка алдырышыптыр. Биздин аймакта мындай жоосунсуз жорук-

тун болуусу уят иш. Кана, угуп билишиңерге караганда, кимдер алышы мүмкүн? Чоттоп көргүлө, – дейт көпчүлүккө.

Жигиттери бири-бирин тиктешип, жооп бере алышпайт.

– Бир-экөө ала албайт. Атайлап, алыстан алабыз деп, бирөөлөр келбейт. Күмөндүү кимдер болушу мүмкүн? Ойлонуп, сурашты-рып, из чалып, кабарлашып көргүлө, – дейт.

Жигиттери туш тарапка барышып, ар кимдерден сурашты-рышат. Көпчүлүк чогулган жайларга келишип;

– Кана, көпчүлүк эл, кимдер алышы мүмкүн? – дешип, су-рамжылоону күчөтүшөт.

– Болжолдуу көпчүлүктүн арасынан кээ бирөөлөрү чыгып, эскиден дасыккан уурулардын атын аташат. Бирок, аталгандар-дын алганын эч бир жан көрбөгөндүктөн, «алды» деп, эч кимди айта алышпайт. Болсо да, көпчүлүктөгүлөр кимдерди айтышты, атагыла, – дейт, казы жигиттерине.

Ошол аймактагы он чакты кишинин аты күмөндөлүп, айтыл-ганын билдиришет.

– Алган аттарды жүктөрү менен чып-чыргасын коротпой, алып келип менин колума тапшырышсын. Ошол эл күмөнгөн-дөргө барып айткыла! – дейт казы жигиттерине. Баары жабыла жөнөй, беришеринде:

– Эгер уруларды таап беришпесе ошол аты аталгандардын айыл башчылары, билермандары өздөрү келишсин. Алар ууру-ларды катып, жашырышып, Өзгөн, Ош, Жалал-Абад элин уятка калтырып, элдин намысын булгап, эл караган жүздөрүн жер ка-ратып, кепке кемтик, сөзгө сөлтүк кылышууда. Уруларды жа-шырышса, өздөрү чоң айыпка жыгылып, жалпы эл алдында жоп беришет. Ушунун баарын, барган жериңерде, эл бийлеген билер-мандардын алдында айткыла, – деп жигиттерине тапшырды.

Жабырланган экөөнү үйүнө түнөтүп, минип барган улоолo-рун кызматкерлерине бактырды. Кийинки күнү таң эрте менен казынын жигиттери уурдаган уруларды, жүктөрү жүктөлүү ат-тары менен алып келишти. Алардын артынан айыл башчылары, эл бийлеген бийлери кошо келишип, урууларды чөгөлөтө отур-гузушуп жабырлануучулардан кечирим суратышты.

– Биздин Өзгөн, Мырза-Аке, Ош, Жалал-Абад аймактарында уурулук деген болуш керек эмес. Жалпы эл, айрыкча сырттан

келгендер, элибиздин меймандос, ууру-кескиси жок, тынч турму-шун өткөргөн коймаарек эл экенин билишип, ыраазы боло келип кетип турушсун. Ушуга жетишкенибизде гана бири-бирибизге ишеним артылат, – деп казы эскерте сүйлөдү.

– Казы, бул тентектерди өзүбүз, айылдарыбызга алып берып, көптүн ортосуна салалы. Уяткарып, жазалап, тарбиялайлы. Мын-дай иш экинчи болбостугуна, биз кепил бололу, – дешкен айыл мыктылары, кадыр-колко кылышып, кечирим сурашты.

Казы менен Керималынын алака мамилеси көпкө созулду. Айрыкча казы Совет бийлиги орногондон кийин, Кытай-Союз аралык Внешторгдо ички соода байланышын өнүктүрүүдө ай-кын байкалды. Ал даярдоо кеңсесин башкарып, Кытайга Кыр-гызстандан аң терилерин, жүн, кийиз, эт жана башка буюмдарды ташып, кире башкарып, топ-тобу менен кербендерди жөнөтүп турду. Ал тараптан Кыргызстанда жок зарыл боюмдарды алып келип, Өзгөн, Ош аймактарынан сырткары таратып, айрыкча Ат-Башы Нарынга соода борборлорун, ачып базар уюштурду. Ал жактан Керималы өндүү эски байланышы барлар менен мал алып, аларды Кытайдан алынып келинген кездеме, идиш-аяк-тарга, чарба буюмдарына, кийим-кечелерге алмаштырууну уюш-турду. Эл да казыны соода базасынын башчысы деп билишти.

Керималы да кээде Жибек-Жолунун тоому болгон Ош-Өзгөн-дөн, Ат-Башы, Нарынга мал айдап, андан ары Ташкен, Олуя-Ата, Жети-Сууга казы менен бирге товар алып барып, кайра ал тарап-тан зарыл буюм-тайымдарды жүктөп, Кашкар, Кулжа, Турпан, Ооганга чейин кире тартып, эл зарыккан буюм-тайым, кийим-кечелер камсыздалып турду.

Тобокел бала кезинен жылкыга жакын өсүп, ат табын, күлүк сырын жакшы билчү. Кийин эр жеткенде күлүктөн күлүк тан-дап, табына келтире таптап, эчен бир жолу байгелерге чапты. Алыскы жайларда өткөн аш-тойлорго барып, таптаган аттарын күлүктөргө кошуп, эчен жолу табырка кылат. Бир жолу Ак-Талаа аймагындагы чоң тойдо, таптаган аты байгеде чыгаарына көзү жетип, көп атка кошот. Бирок, аты маарада чыкпай, аябай уба-йым тартат.

Атка ышкыбоз адам, анын түйшүгүнө кайыл эмеспи. Кийин-ки жылы байгеге даярдана баштайт. От, жемди бир калыпта үз-

бөй берип, өткөн жылдагы күмөндөгөн кемчилигин эске алат. Анда бийик жердин гөдөөсүн жеген аты, бир тойгондон кийин оттобой, аябай кыжалат кылган эле. Эки-үч күн күтүп, таштаган тезегин байкоого алган. Бийик жердин гөдөөсү күчтүүлүк кылып, көп эле аш болбой, тезеги кургак түшкөнүн көрүп: Кептин баары жеген отто экенин күмөндөйт. Көрсө, ысык жердин бедеси атка жугумдуу келип, иштейин ачарын, кубаттуу болорун билет.

Кийинки жылы алыскы жолдун бийик ашуусуна карабай, чоң канар каптарга бедени кургатып, ныгыра салып бир атына жүктөп барат. Бир да талаадан от алдырбай, как кургаган бедени берет. Беде гөдөөгө караганда жумшактык кылып, атынын ичтейин ачып, тез аш болоорун билет. Ченем менен от алдырып:

– Бар тобокел деп, атын чоң байгеге кошот.

Күлүгү аттардын алдында келип, баш байгени жеңип алат. Саяпкердин даңкы далайга кетет. Тобокелдин таптаган күлүктөрүнө суктана Бөрүбай, ага сук артып:

– Күлүктөрүңдү мага бер! – дейт

– Күлүктөрдү байге үчүн гана таптайм.

– Күлүктөрүңдү бергиң келбесе, өзүң келип, жигит бол! – деп, шарт коёт.

Жалаң тандаган күлүктөрүн жанындай көргөн Тобокел ары ойлонот, бери ойлонот.

Күлүктөрүн берсе, ары чапкылап, бери чапкылап жүрүп, табын билбей, бузат. Өзү жигит болсо, күлүктөрүн өзү карап, аярлап минип, дайыма табында кармайт. Өзүнүн оюн туура көргөн Тобокел Бөрүбайга жигит болууга макулдугун берди.

Кийин эчендеген күлүктөрдү таптап, байгелерге кошуп, даңкы артат. Ат сырын жакшы билген саяпкерди казы бир күнү өзүнө чакырып алып:

– Ашуулардагы тайгак таштарда, тоңгон муздарда, аттарды тайгалантпай кантип алып өтсө болот? – деп кызыга сурайт.

– Жылкынын төрт туягы жалаң болсо, тайгаланбай койбойт. Эгер төрт туягына кийиз кийгизип койсо, мөңгүдөн да таштан да, тайбай өтөт, – деди.

Бөрүбай өзүнө жакынкы Доңуз-Тоо, Ак-Кыя, Жээренчи, Кара-Дыйкан айылдарындагы ары шамдагай, балбан билек, эр жигиттерди тандаган эле. Ал жигиттердин бири жарчы, ары ырчы, атын таптаган саяпкери Анарбай эле. Ал оозунда сөзү, колунда мөөрү бар, көп өнөрдүн ээси болчу. Кээде жамактап ырга кошуп, тели-теңтуштарынын көңүлүн кушубак кылса, жай отурганда төгүп ырдап, көбүн өзүнүн өнөрүнө суктандырчу.

Бир учурда көөнүнө жаккан бир атты «алты чакса» буудай берип, (бир чакса-6 кг) сатып алат. Атынын өңү тору болгондуктан аны «буудай тору» атайт.

«Буудай тору» көңүлүндөй тапталып, үч жолу байгеге кошкондо, баш келип, намыс алып, ээсинин ишеничин актайт.

Бөрүбай Анарбайга атайлап жигитин жөнөтүп:

– Буудай торуну мага ыйгарсын. Болбосо өзү келип, мага жигит болсун. Эгер келсе, багы ачылат. Кеңири ырдап, чоордоп жигиттеримдин көңүлүн ачса болду, – дейт.

Айласы кеткен Анарбай, атынан айрыларын ойлойт. Эгер барбай койсо, жигиттерине зордотуп жүрүп алып кетээрине көзү жетип, айласыз макул болот.

Кызыл-Тоо айылынын кулуну Бөрүбай ары сөзгө чечен, айтканынан кайтпаган курч, намыскөй жигиттердин бири эле. Айылына жакын жайгашкан орустардын чакан кыштагындагы кызматтардын баарын кыргыздар бүткөрүп, көр тиричиликтин айынан жалданып иштешчү. Көбүн эле орустар менен көңүлү жакын Маматали деген жигит жумуш издегендерди ар тараптан таап келүүчү. Аз акы берип, көп иштерин бүтүргөн орустарга Бөрүбайдын аябай ачуусу келчү.

Бөрүбайдын чечкиндүүлүгү, орустар менен тартынбай талашып-тартышканы, карапайым кедейлердин сөзүн сүйлөгөнү, басмачыларга дайын болот. Аларга кесе сүйлөп чечкиндүү иш кылган, кайра тартпас Бөрүбайдай жигиттер керек эле. Алар өз топторуна жакындатып, биримдик түзүүгө аракет кыла башташты.

– Өзүнчө жигиттерди топтоп, башчы бол. Колуна курал ал. Кыргыздарды кыйнаган орустарды кетирели. Айылдагылар малын жайытка кеңири жая алышпайт. Орустар ары-бери өткөнгө жол, эгинге суу бербейт. Өз жерибизде келгиндерге кор болобуз-бу? – дешип, басмачысыбы, байыбы анын колтугуна суу бүркүп үгүттөштү.

Айтса, айтпаса дале айылдыктардын малы жайылып келип калса:

– Эгинге кирди. Короону тебеледи, – дешип, орустар издеп келген ээлерине «штраф»дешип, жөн беришпейт. Кары-картаң жаш балдар, алардын кыштагын аралап, эртели-кеч өтө алышпайт. Иттерин айдакташып, шылдыңга алышат. Каздары каркылдап, жаш балдарды кубалайт. Эртели-кеч өтүп калгандарды кур дүрмөттүү мылтыктарын атышып, шакаба кылышты.

Каргабек айылынын сай тарабында он беш, жыйырма үйлүү орус кыштак болгон. Дал ошолорго доңуз-тоолук Маматали ортомчулук кылып, кыргыздарды иштеткен. Бөрүбайга анын кылыгы жакпай, Маматалини басмачыларга аттырып салат. Анысы экинчи басмачылардын жетекчисине жетип, аны өз айланасына тарта баштайт. Жигит топтоп, «куралдан» деген үгүт жүрөт.

Жергиликтүүлөрдү теңсинбей, шылдыңдаган орус кыштактагылардан мылтык сурайт. Аны орус кыштагындагылар келе-келешип, бузук мылтык беришет. Ага кыжырданган Бөрүбай бир түнү мышыктарды туттуруп келип, куйруктарына пахта байлатырды. Аны керосинге салып, күкүрт чагып, күйгүзөт да, ал мышыктар жан алакетке түшүп, камыш менен жабылган үйлөргө тырмышты. Бир үйдөн экинчи үйгө өтүп, бир кыштак заматта өрткө айланды.

Орустар уйгу-туйгу болушуп, Жазы дарыяны жабыла чуркашат. Дарыядан эптеп өтүшүп Мырзакедеги орустарга келип кошулушат. Бүтүн кыштак өрттөлгөндөн чочулаган доңуз-тоолуктар Ак-Терек мазарына барышып түлөө өткөрүшөт. Сырттан аңдуу алган солдаттар, айылдагылардын көптүгүнөн айбыгышат. Түлөө бүтүп, кеч киргенде, айылдагылардын үйлөрүнө кайтышканын күтүшөт. Жөө жаландап Доңуз-Тоодон чыга бериште, куралдуу солдаттар кол салышат. Айылдыктардын кырылганын укkан Бөрүбай шашыла келип, ок аткандарга каршы чыгат. Күч тең болбогондуктан Бөрүбай тоо аралап качат. Солдаттардын кол салуусунан улам аман калган айылдагылар ар тарапка көчө качышат. Ошол окуя «Бөрүбайдын качканы» делип элдин эсинде калат.

Оор кырдаалдан улам, орустар менен беттешүүдөн айбыгып, элдин бекер кыргын болуп кетишинин алдын алып, айылдагы

аттуу-баштуу Айдарали уулунун акылман аксакалдары аталышкан Маматажим, Айдар баш болгон топ, атайлап Жаныбек казынын алдына барышып:

– Бөрүбай баш болгон топтогулар, туура эмес иш кылып коюшту. Арага түшүрүп бербесең, доңуз-тоолуктарды орустар тукум курут кылып, кырып салышпасын. Эртеңки күндүн камы деп алдыңа келдик, – дешип арыз-даттарын айтышты.

– Бөрүбай менен бирге, кимдер бар эле?

– Айылдагы эле өзүбүздүн балдарыбыз: Аскар, Алибай, Тобокел, Абдырайым, Жапаркул, Анарбай деп аттарын атай башташкан аксакалдарга, казы сөмөйүн оозуна такап, белги бере:

– Бул сөзүңөр, өз балдарыңарга айгак. Тополоңдо кимдердин бардыгын ким билмек эле. «Алардын дайыны бизге белгисиз», – дегиле деп кеңешин берет.

Орустар тынчыбагандыктан, Жаныбек казы өзүнүн уулу Белделбайды жана жан досу Бөрүбайды эл алдында аттырат. Мергендер атканда мылтык чакыбай калат. Өзүнүн өлөрүнө ишенген Бөрүбай:

– Элди, динди сактайм деп орустар менен күрөштүм эле. Мусулман боюнча өлөйүн. Убакыт болуп калыптыр, эки рекет намаз окуп алайын. Өзүмөн белги болгондо аткыла дейт. Ал колтугундагы тумарын жайнамаздын баш тарабына коюп белги берет. Ок тийгенде тумарын кучактап жан берет. Бөрүбайды жоктогон Анарбайдын кошогу:

– Белимдеги курумдай,
Бекем элең Бөрүбай.
Белдүү уруу бектерге,
Чечен элең Бөрүбай.
Жакшы менен жаманга,
Тегиз элең Бөрүбай.
Ак-каранын айрымын,
Айрыйт элең Бөрүбай.
Адилдигин адамдын,
Баалайт элең Бөрүбай.
Ок чыгарган оруска,
Кейийт элең Бөрүбай.

Туугандабас пендени,
Жерийт элең Бөрүбай.
Үзүлгөндүн учугун,
Улайт элең Бөрүбай.
Кер муруттуу мойлоңду,
Сылайт элең Бөрүбай.
Чачылганды бир кылып,
Жыйнайт элең Бөрүбай.
Табылгынын чогундай,
Оттуу элең Бөрүбай.
Бетегенин гүлүндөй,
Жайнайт элең Бөрүбай.
Таш казандын ашындай,
Кайнайт элең Бөрүбай.
Орус аткан октору,
Ташка тийчү Бөрүбай.
Өзүң аткан окторуң,
Башка тийчү Бөрүбай.
Кыя кетпес атканы,
Мерген элең Бөрүбай,
Айдаралы уруудан,
Чыктың эле Бөрүбай.
Арсыз айрым адамдан,
Мыкты элең Бөрүбай.
Белестеги чатырым,
Бек Бөрүбай баатырым.
Капталдагы чатырым,
Кан Бөрүбай баатырым.
Белестен ары таш кетти,
Бек Бөрүбай жаш кетти.
Капталдан ары таш кетти,
Кан Бөрүбай жаш кетти.

* * *

Ар тараптан келгендер тар көчөдө батпайт. Бири базарга кирип баратса, экинчиси базардан чыгып, тартышмай-түртүш-

мөйүнчө жол тийбейт. Базарчылардын көп басканынан улам, турпактуу жол чаңып, тар жолду эки тараптан кыса жайгашкан манты, самса, шишкебек саткандардан чыккан түтүн аралаша төнүнө, бышкан тамактын, тууралган пияз, калемпир, көк чөптөрдүн аралаш жыты мурун өрдөгөндөн улам, ачка адамдар шилекейин жута, жан-жака белди карабай койбойт.

Улам кардарларды чакырып:

– Ыс-сык манты!

– Гөштүү самса!

– Шербет суу!

– Катык!

– Нан, чай!.. – деген ашпоздордун кыйкырыгына кошула, ар жерде ашкабак тордо бөдөнөлөрдүн «быт-былдаган» үндөрү кошул-ташыл. Андан ары өткөндө түрлүү жашылча жемиштерди жайып алып:

– Келгиле! Ашыгы менен тартып берем, – дегендердин үндөрүн чака-чука така соккон, бычак, орок, кетмен курчуткан темир усталардын күүлдөгөн көөрүктөрү, чырылдаган чарыктар басып кетет.

Жайма базарда ар кыл кездеме, жип-шуу, тигилүү кийимдердин түрлөрү. Базардын этеги мал саткандар, төрт түлүк төөдөн баштап, канаттуу куштар толтура.

Зарыккандар, же кызыккандар бир сыйра кыдырып караганга, жарым күн кетет. Базардагылар айтмакчы:

– Базарда адамдын жанынан башкасынын баары бар.

Базарга келген бардык буюм-тайым, мал-калдин кардары бар. Темир-тезек, жада калса чөп, отун, ташка чейин алармаы даяр. Тиричилик ушундай, зарыккандын баары базардан табылат. Ошон үчүн ар ким колунан келген тапкан-тутканын, базарга алып келип, пулу жок болсо да ооштуруп кетет. Ажат ачкан базар ушундай. Эч кимди зарыктырбайт. «Пулуң болсо, чаңгалда шорпо» – демекчи, пулуң эле болсо, адамдын жанынан башкасынын баары базарда.

Калаадагыларга базар күнүмдүк иш. Ал эми тоолуктар, дыйкан-чарбадарлар буюмга зарыкканда, мал-келин сатканда гана

анда-санда бир келет. Ысыктын күнүндө тар, күжүлдөгөн көптүн арасында тердеп-булап, аябай эле жүдөйт. Колундагы буюмун, же жонундагы жүгүн коерго жер таппай, көп тыгындан өтө албай, ары-бери каттагандардан четтеп:

– Тобо, элдин баары эле келип алганбы? Баштары айланбай, же адашып кетпей кантип жүрүшөт? – деп көпкө маңыроо карап, таңыркап тиктейт.

Качан гана буту-колу талыганда:

– Кайда, эмнеге келгенин эстеп, агыла баскандарды аралай жөнөйт. Бирин-экин малын, колундагы буюмун сатканы келип, анысы канчага бааланарын билбей, ар кимдин оозун тиктеген тоолуктарды байкаган далдалдардын күнү туйит. Алыстан шыпылдай басып келип, эски таанышtай, же бир туугандай жумшак сүйлөп:

– Э, тууган, кел? Аман-эсен жүрөсүңбү? Тууган-урук тынчпы? Качан, эмнеге келдиң? – деп суроо бергенде, башы маң боло, маңыроо тиктеген тоолук сүйүнө, кол алыша учурашып:

– Базарга келдим эле. Баасын билбей... саталбай турабыз. Деги канча болор экен?

– Баасы болбос, буюм болбойт. Канчага сатып берейин?

Оюндагыны таап, сураганга, заматта көңүлү жибип, жадаганда кетип ийчүдөй болуп турган неме:

– Өзүңүз билиңиз. Бир буюмга зарыгып келдик эле, ошого жетсе болот.

– Кайсыл буюмга зарыктыңыз эле? Ал буюмду өзүм таап берем. Мунуңузду сатабыз, аныңызды да алабыз. Кана, малыңызды жетелеп (же буюмуңузду көтөрүп) алдыга басыңыз, – деп артынан түртүп, жаңы тааныштын көңүлүн алмакка:

– Пош, пош. Жол бергиле! Бизди өткөрүп жибергиле? – деп көпчүлүктү жиреп, алдыга жөнөйт.

– Эй, жол талашпа. Шашып кайда барасың? Көпчүлүктү көрдүңбү? – деген бирөөлөр.

– Көптү көрбөгөн көр барбы? Базар деген ушундай болот. Жол талашкың келбесе, үйүндө отур, – деп аркадагыны жетелей, андан ары жөнөйт.

Сыгылып-тыгылып, жетчү жерге барганда, ээн талаада жүргөндөй, аларман издеп, кыйкыра:

– Алгыла! Келип калгыла! Накта тоонун малы, – деп мактап кирет.

Заматта чогулган алармандар, саламга келбей баасын сурашат.

– Арзан берем. Сатам-кетем.

– Баасын айтыңыз? Канча дейсиз? – деп алармандын бири колун кармайт.

– Сизге мынча деп, манжаларынын учун жеткирбей колун берет.

– Башкаларга канча дейсиз? – десе, эки муундан капшыра, анын колун кармайт.

– Жок, мынчага бериң? – деп анысы бир манжасынын муунун карматат.

– Жок, буга болбойт.

– Мынчага болобу?

– Жок, болбойт.

Жең ичинен экөөнүн баалашып жатканын көргөн тоолуктун башы маң. Экөөнө түшүнбөйт. Дагы бир кардар келет.

– Канчага баалаштыңар?

– Мынчага деп, кардар анын колун кармайт.

– Жакшы баа. Бериң?

-Жок, өзүмкү болсо, берет элемин. Мына бул тааныштым келиптир. Арзан бердиң деп капа болот. Туурабы? – деп, беркиге башын ийкейт.

– Күндө көрүшүп турабыз. Сизден бизге. Бериң? – дейт дагы бири кыстай.

– Жанды койбодуңар. Болуптур, силерге буга берейин, – деп марттык кылып колун силкет.

Буюму, же малы канчага бааланып, канчага кеткенин ээси билбейт. Ага аркасын салган экөө пул санашып,

– Бар барака! – дешип колдорун силкишет.

– Кана, тууганым, сиз зарыккан буюм бар бекен? Сураштырып табалы, – деп, ары ээрчитип жөнөйт.

– Бул жагабы? Булчу? – деп барып, биринин ээсинин колун кармайт. Баягыдай кол силкишип, соодалашмай. Акыры келип, жанындагы алармандыкөрсөтүп:

– Мага эмес, бул тууганга бериң? Атайы тоодон зарыгып келиптир, – деп боор ачыган болуп, ээсине кармата элек пулду, жең ичинен санап берип:

– Жүрүң эми, экөөбүз эсептешип алалы? – деп четке ээрчитип чыгып, алган товарын мактап. Бышык бекитиңиз. Базардагы кисабирлар алып коет, – деп бел курчоосуна байлап берет. – Коош! Малың мынча болду. Мага адалдык үчүн ширинкана деп, бир бөлүгүн алат да, ширинкананы аз эле алайын, – деп бир бөлүгүн дагы алат. – Калган пулуң мына деп, болор болбос пулун берет да:

– Экөөбүз эсептештик. Бирибиздин акыбызды, бирибиз жеген жокпуз. Ыраспы? Ыраазы болдуңузбу? – деп колун силкип, дагы бирөөнө далдал болууга шашып, басып кетет.

Тоолук малын канчага сатканын, зарыккан буюмду канчага алганын түшүнбөй, болор болбос колундагы пулун кармап, оозун ачып туруп, үйүн эстеп:

-Үйдөгү малыма Кудай барака берсин. Базардагы кисабирларга кезикпейин, – деп шашкалактап, кошо келген шериктерин эми гана эстеп, артка жөнөйт.

Базардын тар көчөсү. Тыгылып, кысылган көпчүлүк аркы-терки сүрүлөт. Алдуулары анча-мынча чабал-алсыздарды, карылүккө «күйгөндөр»:

– Этияттагыла! Кисабирларга, чөнтөкчүлөргө пулуңарды алдырбагыла! Пулуңарды маккам бекитип, бышык кармагыла! – деген эскертүүнү укканлар жандарын, коюн-колтуктарын, белиндеги курларын кармашат.

Ага астейдил көңүл буруп, пайлап жүргөндөр, көпчүлүктүн арасында кысылган болуп, же ага жардам берген болуп, жакындап аны жандап жөнөйт. Түртүшкөн жерден өткөргөн болуп, алузап кетет.

Көпчүлүк суюла калган жерге келгенде, жанындагы пулу эсине түшкөндөр, коюн-кончун же чөнтөгүнө колун салып, өңдөрү бозоро, жандарын сыйпалап, алдырып жиберген акчаларын эстеп, өткөн-кеткендерди жалдырай тиктешет. Кимге даттанышат?

– Мына бул алып койду! – деп кимди көрсөтүшөт?

– Алдырарда, жаздырар! – деп өздөрүн жемелешип, кеткен мээнеттерине ичтери ачыша, бармактарын тиштешет.

Базар деген ушундай. Бириси тапкан пайдасына марышса, бириси жоготкон буюмуна ичтери ачышат. Күүлдөгөн базар, күүсүнөн жазбай, күн өтө берет. Бирок, базарды паанек тутуп, андан күн көрүп, арам оокатка туйтунган далдалчы, алып-сатар, сүткорлор, кисабир, чөнтөкчүлөр, алдап-жулган күрөздөр, көптүн ырыскысын кыйганга көнүшкөндөр бирин-бири колдошот. Күндө аш бастырып, шорпо салдырып, түрлөнтүп тамак жасаттырып, топ болуп алышып, базардагы чайканаларды ээлешкен. Алар бирин-бири жакшы таанышат. Эмне менен иш кылаарын, калаанын кай жеринен чуу чыкса, себебин, кимдер тарабынан болгонун айттырбай билишет.

Алардын баары бекер оокаттан кынык алган чөнтөкчүлөр, ууру-кески, каракчылар, ата-энелери бай, күрөз, жоон моюндар, чылым тартып, ичкилик ичип, бей-бечараларды карактап, чектен чыккан шылуундар.

Заманына жараша аларды «кой-ай» деген эч ким жок. Көпчүлүгү калаалыктар болсо, айрымдары жакынкы айылдардан келишип, өздөрүндөй достордун табышкан. Кээ-кээде малдуу, пулдуу адамдарды түнү тоноп, карактап да кетишет. Аларды тескеген, бирөө жарымдар болбогон соң, ээн жердин бөрүсүндөй ээн-эркин жүрүшөт. Анча-мынча ата-энеси, багар-көрөрү жок балдарды тартышып, аларга өз өнөрлөрүн үйрөтүшүп, уурулукка, көнүктүрүшүп, жалгыз-жарымды талап-тоноого жөнөтүшөт. Бирине-бирин салып, күүлөп, мушташтырышып көңүлдөрүн ачышат.

Дал ошондойлордун бири Ысакбай болду. Анын атасы Жалпак-Таштагы тазбаргылардан болчу. Күйөөсүнүн жакындары жок болгондуктан, апасы жаш бөбөгүн алып, Кашкар-Кыштактагы төркүндөрүнө келе берген. Атасы жок чоңойгон Ысакбай бала кезинен эле үйдөн качып келип, калаадан кынык табат. Теске салган эч ким жок. Бирөөлөрдүн буюмдарын жула качып, кээде майда уурулук жасап, өзүнөн кичинелерди коркутуп, күч колдонуп жүрүп, каалагандай жашап, күрөз болуп чоңоет. Тапкан ташыганын кеңири ичип-жеп, эртерээк эр жетет. Жигит дөөпарас

болгондуктан, баш кесер, ууру-каракчылар аны, өздөрүнө кошуп алышат. Бара-бара ал ноокаттык Мойдун менен таанышып, бирде Ошто, бирде Ноокат, Кызыл-Кыяда көрүнгөндү тоноп, уурулук кылып жүрүп, басмачылыкка биротоло ооп кетет.

– Кай жерлик болосуң? – деп сурагандарга:

– Жалпак-Таштан болом. Атам бала кезимде өлгөн экен. Апам алып келип, кодогочундагы тагаларымдын колунда чоңойдум, – деп жооп бергендиктен, Жалпак-Таштан Ошко келген аксакалдарды тааныгандар:

– Ысакбай палбан силердин тууганыңар болот экен, Мойдунга окшогон каракчыларга кошулуп калыптыр. Эртерээк андан бөлүп алгыла, – деп айтышат.

– Сагырыбыз эр жетип, чоңоюптур. Туугандын турпагы алтын. Тууганы жоктой кылбайлы. Ага да тууган керек болот. Өзүбүзгө тартып, ата конушуна алып келели, – дешип, жалпак-таштыктар Ысакбайды тааныштып, айылга алып кетишет.

Ысакбай да туугандарын тапканына сүйүнүп, атасынын орduна үй салып, үйлөнүп жайланат. Бөлөк-бөтөн чоңойгондуктан туугандарына көп эле жабыз боло бербейт. Баягы күрөздүгүнө салып, сурап алган буюмду кайтарбай, оюна келгенин кылат.

Бир күнү айылдагыларга абройлуу, Кожомкул аксакал келип:

– Ысакбай бекер экенсиң. Чабынды чөбүмдү чаап, байлап бер? Акыңы берейин, – дейт.

Ысакбай чөптү чаап, кургаганда боолап, байлап, аксакалга өткөрүп береринде:

– Ысакбай, убадалашкандай боону чоң кылбай, майда байлап коюпсуң.

– Убада десең, болгон боону санап ал, – деп ал тоң сүйлөдү.

Жаш эле туруп, каяша сүйлөгөн жигитке териккен Кожомкул аны колундагы камчы менен бир тартып, аңыздан айдап чыкты. Ысакбай ал күндөн аз эле убакыт өтпөй жигит баштап, «паңсат» атыгып, айылдагылардан союш алдырып, тегирменчилерге унун камдатат. Бир күнү жигитин жөнөтүп, Кожомкул аксакалды алдына чакырды.

– Баягында, камчы менен чапканыма кекенип калган экен. Мени баари бир соо койбойт. Кайра көрүшөбүзбү, көрүшпөйбүзбү, кошкула! – деп Кожомкул туугандары менен биротоло коштошуп, жолго чыгат.

– Эмне кылат, эмне жок. Барсам да, өлтүрөт, барбасам да өлтүрөт, – деп санаркап келип, анын үйүнө жетип барганын да билбей калды. Атын аярлап, байлагандан кийин:

– Бар тобокел деп үйүнө баш багып, салам берет.

– Келиңиз, отуруңуз? – деп Ысакбай төрдөн орун көрсөтө.

– Бул эмне кылганы? Мени сынап жатабы? – деп, Кожомкул өзүнө келгичекти эле:

– Кожомкул аба, сизде жакшы ат бар экен. Бизге керек болуп калды. Эп көрсөңүз, бизге бериңиз?

– Ат сизден айлансын. Туттум, бир атты деп, шашып жооп берди.

– Аба, сөзүмү жерге таштабадыңыз. Атыңыздын ордуна, сыртагы байлануу турган, менин атымды минип кетиңиз? – дейт.

Кожомкул сүйүнө, үн катпай, үйдөн чыгып, байлануу турган, паңсаттын атын минип, артын карабай үйүнө кайтты.

Топор туугандарыңын Чарык уулунун аксакалдары Ысакбайга келишип:

– Ысакбай, Орозали паңсатты, Сарибектен Жусупбай казыны, молдо Пиратты өлтүрүп, көзүн тазалабасаң, булар сага эл бийлетпейт, – дешет.

Бул сөз Култай уругунан аял алган Орозалиге жетет. Ал алдың камданып жүрөт.

Жабирдин тегирменине тартылган ундан Ысакбайдын үйүнө бир кап жеткиришсе:

– Тандырга токтобойт экен, – деп Ысакбай аны кайтарып берет.

– Көрсө, ошол жылы кыш эрте түшүп, буудайды кар басып, эл кар эригенде орушат. Нымда калган буудай сүмөлөккө айланып, сапаты бузулганын ошондо билишет.

Тегирменчилер бир өгүз токуп, Отуз-Адырдын буудайы эрте бышат. Ысакбайга таза ун алдыралы, – деп жөнөп жатышкан:

– Барган жери чуу. Бир чараны көрүү керек. Ысакбай Мойдун каракчыга кошулуп, элди-жерди жаманатты кылмак болду, – деген сөздү укkan Майра байбиче аларды токтотуп коет. Себе-

би, мурдагы айтылган кеп боюнча Ысакбайды жөн койбостугун Майра байбиче билген болот.

Баягы Орозалинин тобундагылар бир күнү келишип:

– Жан-Чукурга барып күрөшөбүз, – дешип, Ысакбайды ээрчитип барышат.

Молдо Пират менен Ысакбай көпкө алышып күрөшүшөт. Андан соң Ташполот күрөшөт. Оюнга алаксышып, чарчаган кезде, аны алаксытып атышат да, тапкан-ташкан буюмдарын талап алышат. Жан-Чукурдагы ал жер «Ысакбай өлгөн» аталып калат.

Ошол кезде Ташполот да баралына келип, өткүр чыккан кези болчу. Ал Ийри-Суу жайлоосундагылардын тынчын алат. Түн ичинде мылтык атып, коркуп качып кетишкендердин үйүндегү буюмдарын алып кетчү болот. Жабыр тарткандар, анын туугандарына келип, даттанышат. Намыстанган туугандарынын арасынан үч киши чыгып, Ташболотту Кара-Колотко алаксытып ээрчитип барышат.

Кара-Колотко буудай эккен Култай уулунан бирөө, буудайын оруп, жыйнап алганга көчүп барып, боз үйүн тиккен болот. Үч шерик Ташболот менен бирге эл тыйылган кезде, сыртка чыгышып, Ташболотту көптөп кармашып, буту-колун байлашып, жайлоодогу таштардын арасына сүйрөп барышат.

– Сен ат, мен ат менен бири-бирине мылтык сунушат. Экөө тең мылтыкты Ташболоттун башынан ашыра атканда ачуусу келген Молдоташ:

– Минтип эле атат – деп атып салат.

Ошол учурда Ташболоттун атасы Шайбек карып алыска жете албай турган кези экен. Бирөөлөрдөн:

– Ташболотту үчөө-төртөөлөп, алып кетти, – деген сөздү угуп, илкий басып, баягылар чай ичкен үйгө туш келет. Баласынын келген, келбегенин сурамжыласа:

– Караңгыда кайдан издемек элеңиз? Бая, жарыкта эле, белден ары ашып кетишкен. Эрте менен келип издеңиз? – дейт боз үйдөгүлөр.

Жамандыкты сезген абышка, эрте менен келип, Ташболоттун өлүгүн таштын арасынан таап, ыйлаган бойдон туугандарына кабар берип, сөөгүн алып кетишет.

Атылган менен аткандар жакын эле тууган, бир атанын балдары Эрмек уулу менен Култай уулунан тарагандар. Заманына жараша: бирөөнү кордогон-зордогонго жаза, каракчыга аео жок деген намыс менен экинчи болбогон буюм-тайымга ичи ачышып, адам өлтүрүп барк албагандыгы бир тарабы, түркөйлүк, экинчи тарабы, кыска ойлуулуктун кесепети эле.

– Кезинде алдуу-күчтүү, көпкө төбөсү көрүнгөн жигиттер эмнеге басмачылыкка барышкан?

– Эл-жерди коргоп чыгышты, – делгени менен алар, эл-жерди кимдерден коргошту? Чын-чынына келгенде алар, эл-жерге күйөрлүк, эмне иштерди аткарышты? Кайсыл жоонун куралына төшүн тосуп:

– Элге, жерге тийбе! Аларга жакын басып келбе! – деп жалтанбай барып, бетине тике карап, эскерте алды?

Басып, тебелеп, кордоп, мал-мүлкүн тоноп, кол кайруу кылгандарды өлтүрүп, кыйраткандардан эл өздөрү жек көрүп коргонушту.

Элди, динди коргойт. Жат душманды жерибизге жакындатпайт деп ишенгендер, элди чаап, тоношуп, өз элине ок атышты. Жетим-жесирге, кедей-кембагалдарды аяшпады. Эл арасындагылардын жакшы буюмун, тапкан дүнүйө-мүлкүн, кийим-кече, ат улоолорун зомбулук-зордук менен тартып алышып, кыз-кыркындарды зордошту. Каршылык кылгандарды атып, кылычтап чаап, өрттөштү. Тынч жашагандарды, эл сыйлаган акыл-эстүүлөрдү көрө алышпады.

– Бай-кедейге бөлүнбөй, тең бололу. Жакшы заман куруп, тынч, бардар болуп жашайлы. Ак эмгек кылып, ынтымак жашайлы дегендерди жактырышпады.

Дал ошондойлордун бири, ноокаттыктардын атын булгаган Мойдун корбашы болду. Ал башка жердегидей эле Жалпак-Таш жерине баш кесерлерин баштап барып, улам элдин мал-мүлкүн талап, атчусун атып, кайра-кайра, зордук-зомбулугун көрсөттү. Анын баскынчылыгынан улам Ак-Терек айылында элдин колундагы жайыт толгон төрт түлүк малдан бир өгүз, бир эчки гана калганын ак-теректиктер арман кылып айтышты. Андан соң Аралга келип, тигилүү турган боз үйлөрдү өрттөп, талап-тоноп

ээлерин атып, чапкандык кылды. Малынан ажырагандар көпкө чейин эт жебегендиктен, кеч күүгүмдө көздөрү көрбөй, карайлап калышкандыктан, аз да болсо да, дүнүйөсүн эптеп катып калгандар, базардан боор сатып келип, дарылыкка жешкендерден көздөрү кайра калыбына келгендигин эскеришет.

– Мойдун корбашы Жалпак-Таштагыларга эмне эле мынча өчүгүп, зордук-зомбулугун көрсөтүп, талоонго алды? – деп кордук тарткандар бири-бирине суроо салышат.

– Ал баш кесер бир эле Жалпак-Ташка эмес, барган жерлеринде салык салып, мал-мүлкүн талап, доо өндүрмөй сайын кетпестигин, элдин баары билет.

– Ошон үчүн өз ыктыяры менен мал-мүлкүн бербегендерди чаап, талап, канабайранын чыгарарын көрүп-угуп жүрбөйлүбү.

– Канкор кийинки келгенинде жүздөй басмачыларына чаптырып, жалпак-таштыктардын малын түгөл сүрүп айдатып кетти. Байкуштардын колунда эми, эмне малы калды дейсиңер?

– Аны корбашы оюна да албайт. Ал мыкаачы, өтө эле ач көз, дүнүйөпараз, – дешип, анын колундагы эле басмачылары өздөрү айтышат.

– Эки-үч жылдан берки, элден талап алган мал-мүлкүн кай жерге батырды экен?

– Колунда аз айтканда беш жүз, божомолдогондо үч-төрт миң баш кесерине тамак-аш, кийим-кече, курал-жарак керектелет. Элден зордоп алган малды, ошолорго сарптайт эмеспи.

– Жылтырак-жултурак кийим кечелерди эмне кылат?

– Сатса пул, катса дүнүйө – мүлк. Анын да тууган-уругу, кудa-сөөгү бар, катташкандарына берет. Канчалаган тегирмендери бар дейт. Элден алган буудайларды, ал тегирмендерге тартты-рып, басмачыларын багат. Арпа, жем-чөптөрдү минген аттарына бергизет.

Эл чапкан жерлердеги өндүү-түстүү кыз-келиндерди жыйнап барып, бир корооого кантип батырат?

– Баарын эле өзү ала берет беле? Жигиттерине, жан-жөөкөрлөрүнө, катын-балдарын таштап келип, өзү менен кошо жүргөндөргө алып берет имиш.

Ал тургай, колунда кошо жүргөн ак падышанын аскерлерин да катындуу кылган дешет.

– Койсоңчу, мусулман кыз-келиндерин кайирдин каапырларга кантип ыраа көрөт?

– Басмачы болгондон кийин, мусулмандыкты, динди таза тутмак беле?

– Өз динин ойлосо, башкаларга кордук көрсөтпөйт эле.

– Басмачылар динди, элди коргойбуз деп жүрүшпөйбү?

– Элди кордогону, динди кордогону ушул да.

– Демек, ушундай иштерди жасагандарды алар менен кошо жүргөн молдо, кожолорду кантип, «мусулман баласы», «элге күйөт» деп айта алабыз?

– Болду. Сөзүбүздү токтотолу. Бирөөнүн гүпүрүн көтөрүп, Кудайга күнөөкөр болбойлу. Кокустан басмачылардын бирөөсү укса, ушул ойду ойлогон башың, жерде жаткан таштай тоголонорун да ойлоп кой.

– Аның да ырас. Айла кеткендеги айтылган сөз да.

– Мойдун канкор Жалпак-Таштын элин кайра-кайра чаптырганынын себебин өзү айтыптыр дешет.

– Ии? Ага кандай себеп экен?

– Ысакбай менин тапканыбызды тең бөлүшкөн жандай досум эле. Силер аны өлтүрүп коюпсуңар, – деп өчөшүп, доо доолап, алым алып жаткан имиш.

– Тообо. Канкорго, мыкаачыга шылтоо табыла берет экен да.

– Билбейм. «Жакшынын шарапаты, жамандын кесепети» деген ушул. Тилимин азабын тартпайын. Калганын билбейм.

Мойдун корбашы басмачыларына Жалпак-Таштагы тазбаргылардын мал-мүлкүн талоонго алгызып, жайыттагы малын сүрүп айдатканда Жусупбай казы, аркасынан атын чаап жетип, алыстан эле атынан түшүп, мойнуна камчысын сала, тизелей барып, корбашыга:

– Таксыр! Элдин малы тукум курут болуп кетпесин? Эч болбосо беш-алты кара калтырыңыз, – дейт.

– Малыңар эңкейип кетти, белден аша элегин, үлгүрсөң кайтарып кет! – дейт.

Жусупбай казы атын чаап барып, аз гана бел аша элек, малды кайтарып, айдайт. Калган мал Болто уулу Төлөктүн тобундагылардыкы болуп чыгат. Ал эми Түз-Бел, Үч-Капчалда жайгашкан

тазбаргылардын малы басмачылардын айдоосу менен белден ары ашып кеткен эле.

Жолборс казы бийлигин жүргүзүп турган чакта Төөчү, Кара-Баткак аймактарын Куршабдагы орустун байларына сатып жиберет. Ал жерлерди орустар корукка алышып, жергиликтүүлөрдү ал тарапка бастырбай коюшат. Жайыттан мукураган жергиликтүүлөр Ош шаарындагы губернатордун өкүлүнө арыз жазып, кайрылышат.

-Элдин мүлкүн, өзүм билемдикке салып сатып жибергени үчүн казыны иштен алынуу суранышат. Бийлик ээси арыз менен таанышып, иштин чоо-жайын билип, териштирүүгө эки өкүлүн Куршабга жиберет.

Көпчүлүктүн ызы-чуусу оңойлук менен басылбасын билген казы, губернатордун өкүлүнө өзү барып жолугууну чечет да, жерди саткан акчасын түйүп алып Ошко келет.

Өкүлдүн кабыл алуусунда отуруп:

– Элге көп деле пайдасы тийбей, куурай, тикен басып жаткан талааны керек кылуучуларга сатып, анын акысын көпчүлүктүн керегине жаратайын дедим эле. Менин оюму түшүнбөгөндөр сизге арыз жазыптыр. Бул акча чуу көтөргөндөргө насип кылбай, сизге буйруган окшойт, – деп, казы түйүлгөн акчаны өкүлдүн алдына коет.

– Элиңиз сиздин аркаңыздан түшүп калыптыр. Ордуңузга казылыкка жарай турган, ишеничтүү адамыңыз болсо, сунуш кылыңыз, – дейт.

Бекер олжону көрүп, көп байлыкка туйтунарын билген өкүл анын талабын эсине аларын туйган Жолборс казы иштин жайын түшүнө:

– Казылыкка Жусупбай деген адам жарайт, – деп, өз тууганын айтат.

– Сизди кубаттайбыз. Экинчи маселе, миң башылыкка кимди ылайыктуу деп ойлойсуз?

– Сиз, макул тапсаңыз. Чүрөк деген адамды айтар элем, – дейт.

Чүрөк миң башылыкка дайындалган соң, кийин орус падышасынын Баку шаарында өткөргөн курултайына катышат.

Казы бул күнгө чейин Оштогу бийлик өкүлүн маал-маалы менен үйүнө чакырып, атайлап ага үй тиктирип, үй-бүлөсү менен эс

алып, көңүл ачып кетүүсүнө шарт түзүп берчү. Жайлоолорду кыдыртып, кайберен, илбесиндерди аттырып, сый көрсөтчү. Орус өкүлү да аны колдоп, айтканын эки кылчу эмес.

Ары момун, куулук-шумдук менен иши жок Чүрөк эл менен жакшы мамиледе болсо да, жогорку тараптагыларга тапканын ташыбагандыктан:

– Берилген мандатты жоготту деген шылтоо менен кызматынан алынат.

* * *

Кийин Мойдун корбашы басмачылары менен айылга келгенде алдынан утурлап чыгып, тосуп албаганына ачуусу келип:

– Мени тоготпой, керкейген Чүрөк миң башыны сой! – деп желдетине буйруйт.

Желдет эл ортосунда турган Чүрөктү кармап алып, алкымына бычак такайт. Чүрөк желдеттен коркуп, кор башыдан жан соогалап, сураныштын ордуна, каткырып күлөт. Эчен момундардын башын алган желдет, Чүрөктүн өлүмдөн коркуп да койбостон, мыскылдап күлгөнүнө таң калып, корбашынын кулагына келип:

– Таксыр, миң башы өлүмдөн коркмок тургай, тамагына канжар такасам, бейишке кете тургансып, каткырып күлүп жатат, – дейт.

– Анын бир керемети бар окшойт. Тек кой! – дейт Мойдун.

Күлкүсү менен Чүрөк өлүмдөн аман калат. Ошондон кийин Мойдун желдеттерине сойгузар адамды көрсөтүп: «Миң башы кылып кой!» – деп буйрук берүүгө өткөн экен.

– Миң башы камалыптыр, – деген сөз айылга тарап, көбүн сестендирди.

* * *

– Миң башыга алы жеткендер да барбы? – деп бирөөлөр шенеп сураган экен. Кабар угулгандан эки күн өтпөй, аны кутургинен караунун жолун издеп, Жусупбай казы Ошко келет.

Эки күн кечигип келүүсүнүн да себеби бар эле.

Оштогу орус өкүлү:

Жусупбай сенин үстүңөн арыз түштү. Мага келип жолугуп кет, – деп кабар жөнөткөн.

– Эмне кылсам? Барсамбы? Барбасамбы? – деп эки анжы болгон Жусупбай орус досуна келип жолукту. Ал да көңүлсүз кыска сүйлөп:

– Бир-эки ай көпчүлүктүн көзүнө урунбай, жашыруун жашап тур! – деп эскерте көңүлүн алган болду.

Жусупбай көпчүлүккө көрүнбөй турган адамбы? Анын кааның эмес, атын укканда чуркап келип учурашат. Бир жакка кетип эле калбаса, үйүндө жашырынып отура албайт. Өзүнүн сырын жакшы билгендиктен:

– Мага ким тиймек эле? – деген ишеним менен Ошко келип, баягы орус досун таппай калды. Же анын кабарын билген киши жок. Акыры келип, аны коштоп барып калчу адамга капилеттен кезиккенде:

– Ал башка жакка которулуп кетти, – деп, ал бүдөмүк сүйлөдү.

Жусупбай колго түшкөндүн эртеси эле, анын үйүнө ондой солдатты ээрчиткен бирөө келди. Ал аттан түшөөрү менен үйгө кирди. Сыртта мылтыктарын кезей кармап, атууга даяр он солдат үйдү тегерете курчап алышты. Казыга кошуна болгон Шерматка баш болгон топ казыны орустар колго түшүргөнүн айттырбай эле билишти.

Үйдү курчап турган солдаттардын бири Шерматка кат сунду. Арабча кат жазып, окуй билген Шермат эки солдатты үйгө баштап кирип, мурда:

– Басмачылардан коргонуу үчүн Кадырбек берген беш атар мылтыкты, эки маузерди, торбо толо ок-дарыны солдаттардын колуна карматты. Казы заматта колго түшүп, камакка алынды.

Толуштан үч уул Бообек, Кулубек, Ураим. Үч бир тууган Акалышат. Алардын ичинен Бообек чарбадар чыгып, бак тигет. Терекке келишип жер кыртышын жактырышып, отурукташып Шапаталуу салкын жайдагы бак кийин чытырман токойго айланат. Чарбадардын короосу малга толот. Көп малды кышкы тоют менен камсыз кылууга үлгүрбөй калат. Ойлонуп отуруп, Алдаяр тоосуна миң коюн кыштатмак болот. Ошол жылы кыш катаал болуп, күн ачылбай, тынбай кар жаайт. Улуу карда койлору менен койчулардан кабар алууга эч кандай мүмкүнчүлүк болбойт. Кар боройлоп, көз ачырбай көпкө жаап, токтобойт. Акыры туман

кетип, күндүн көзү көрүнөөрү менен Бообек балдары менен бутарына жаппак кийишип, Алдаяр тоосун көздөй жөнөшөт. Улуу жааган кардан улам, ой-кырдын баары теп-тегиз «как» эткен карга, «кук» эткен кузгун байкалбайт. Ээрчишкен топ, узак жолдо чарчап, чаалыгышып, тоого жакындап келишсе, ал жер жылан майсоп кеткендей жым-жырт.

– Баары эле кырылып калганбы? – дешип үрөйлөрү учуп, жабыла кыйкырып үн салышпайт.

Көп убакыттан кийин бир тараптан «авалап» үргөп иттердин үндөрү угулат. Баары жабыла, ошол жакты көздөй жөнөшөт. Кулактары араң көрүнгөн иттер үңкүрдүн оозунда секиришип, утурлап чыгышат. Койчулар менен ал-жай сурашып, учурашканда:

– Арбыта жааган карды көрүп, ээн талаада кар алдында калбайлы – деп ар бирибиз колго тийген койду жетелеп, кара жанды куткарып калалы деп үңкүргө келе бердик, – деген койчулардын сөзүн укkан Бообек баш болгон топ:

– Койчулардын аман калганына, шүгүр, – дешип, узак жол басып, кыйналып-кысталышкандарын эстен чыгарышат.

Ал жай сурашкан соң, айланага көз салышат. Тегеректин баары эле ак шейшеп жамынгансып ап-аппак. Алдаяр тоосунун чокусу гана карарып көрүнөт.

– Улуу кар баскан чар-тараптын ортосунда карарып көрүнөөр эч нерсе жок эле. Бул эмне болду экен? – дешип, таң кала, ээрчишип чыгып барышса, көп күнгө чейин от албай, ачка калышкандан улам биринин жүнүн бири жеп, жылаңач калган Бообектин койлору болуп чыгат.

Баргандар кар малтап, из салышып, кыйналып кысталып жүрүшүп, жүнү жок калган койлорду тоонун күңгөй тарабына эптеп сүрүп айдап келишет. Кары тайыз күңгөй беттеги баштары араң көрүнгөн караган, табылгы, карагат, четиндердин учтарындагы майда чырпыктарын койлор биринен-бири өтө талашып жешет. Биринин изи менен бирине жол ачылып, кар тапталгандыктан ач калган койлор жамырап, апсыга черлүү караган буталардын сөңгөгүнөн бери кемирип киришет. Өзөргөн койлордун өзөгүнө «от» түшүп, көз көрүнө, чекесинен кырылып, өлө баштайт. Бар-

гандар койчулар менен бирге көп койду сойгонго үлгүрүшпөйт. Койлор «от» алган жерлеринде томурайган бойдон жан беришет.

– Ушунча мал арам өлүп, кээ болбосун-дешип чуркап жүрүп, мууздаганга үлгүрүшпөйт. Заматта тоонун башы кызыл-жаян кан болуп, жору-кузгундардын «тою түшүп» бир жумага созулат.

– Мал аманат. Адамга байлык болуп бербейт. Бир алса жуттуку, бир алса жоонуку. Чыныгы байлык жерде экен. Аны тапкандан эч ким талаша албайт, – деп Бообек бай жердин түшүмүн баалаган экен.

Улуу кар кетип, жаз келет. Эл жайлоого көчөөр мезгил болгондо Бообек бай кыштоосунда көшөрүп, көчпөй отуруп алат. Жыл сайын бирге жазын-жаздап, жайын жайлап жүргөн колукоңшу, тели-теңтуш байлар ар тарабынан кысташып, жайлоого чыгууга көндүрүшөт. Бообек ары ойлонуп, бери ойлонуп отуруп:

– Тели-теңтуштардын шылдыңына калбайын деп келинде-рине Сөгөттүн булагынан кызыл кум алдырып, күнү-түнү тындырбай алтын чайкатып, базардан бир короо кой сатып алып, анан улоолоруна жүк арттырыптыр.

Бай жайлоого көчүп-конгондо бир атына ак куржун артып, өзү жетелеп жүрчү экен. Кыштоого келээринде эч ким барбаган ээн жылгага бурулуп барып, ак куржунун бекитип келээрин уултил-ооздон калат. Жан таслим болоорунда, маңдайында тизилип турган бала-чакаларына, байлыгынын кай жерде катылганын айтмакчы болуп, колун араң көтөрүп, «ово», «ово» деген бойдон көзүн сүзүп, үзүлүп кетет. Байдын тажиясын өткөрүшкөн соң, балдары

– «Ово» дегени эмнеси? дешип, аны чечмелей алышпай ар дайым, атасы бурулган ээн жылганы канчалык тытмалап карашып, таба албай коюшат.

Кожомкул бала кезинен ат тандап, аш-тойлордогу жарышка атын кошуп байге алып, элге таанылат. Ал өзү кастарлаган өнөрү менен намыс алып, Анжиан, Аксы, Алайга, ар жагы Арка, Ак-Талаа, Ат-Башыга чейин дайын болуп, эл бийлеген бийлер катары,

алдын боло турган аш-тойлорго чакырылгандыктан, айлап айылында болбой калчу. Так айтып, калыс сүйлөгөн Кожомкулдун атын уккандар алыстан кабар беришип, үйлөрүнө чакырып, кадырлап-сыйлап, минген атын, короосундагы күлүктөрүн сынатышканы көпчүлүккө дайын эле. Күлүккө ышкыбоз байлар:

– Үстүңө үй тиктирип, астыңа ат, корооңо мал берейин? Күлүктөрдөн күлүк тандап, таптап бер? – дешсе:

– Мен эркин жүргөн адаммын. Бир оокат деп бирөөлөргө көз каранды болууга көңүлүм келбейт. Сиз менен барыш-келиш кылып эле жүрөйүн, – деп, сылык гана жооп берчү.

Жаңы өкмөттөгүлөр анын кем-каржысыз жашаганын көрүшүп:

– Кулакка тартабыз, – дешип, «кара тизмеге» алаарда аны сезип, үйүнө түнөбөй качып, көпкө чейин жашырынып, Ийри-Суу менен Торпунун чер токоюн мекендеди.

* * *

Куршабдагы байлыгы мол орус көпөстөрү, жергиликтүүлөр айткандай «Ак-Санка», «Кара-Санка» тегеректеги кыргыздар пайдаланбаган жерлерди, жайыттарды сатып алып, жергиликтүү кыргыздарды жалдап иштетишет. Айланасын тостуруп, же белги коюп каздырып, темир кош менен дың жерин буздуруп, арпа, буудай, зыгыр, семичке эктиришет. Көп жылдар бою эгин эгилбей, бош жаткан жерлердин топурагы мол түшүм берет. Түшүмүн жыйноого да жергиликтүүлөрдөн:

– Боосуна, жанчканга мынча акы төлөйм, – деп орокчуларды жалдап, ооз эки келишишет.

Эгерде бышкан данды маалында оруп бүтүрбөсө, чала орсо, убадалашкандай боо байлабаса, жалчынын акысын бербей, аңыздан кууп чыгышкан.

Боолонгон боону кырманга ташып жыюу, аны бастырып, иргеп, тазалап, идишке салып берүүдө да чааракер жалдап, эмгек акысын эгинге, же буюмга макулдашып иштеткен.

Кайракы, ак топурак жерге эгилген дан, күнгөй бетте күндүн табына как бышат. Башка данга караганда түсүнөн да, көрүнүшүнөн да айырмаланган. Ак топурак жерде бышкан үрөн ирғелип,

тазалангандыктан, кара көсө, сойлок, жапайы ачуу чөптөрдүн уруктары кошулбай уну тескей тарапта эгилген эгинге караганда ак, даамдуу болгонун билгендер «ак санка ун» деп аташкан. (Ал сөз кийин сортко бөлүнүп, дүкөндөргө чыкканга чейин айтылып калган) колунда барлар дайыма базардан «ак санка» ундан алдырып жеген.

Жергиликтүүлөр келген орустардан чалгы, балта, күрөк, ара, темир буюм, идиштерди пайдаланууну, кош айдап, малалоону, кышка чөп үймөктөөнү, үйгө камыш жабууну, малды бадага бактырууну, тоок кармап, балык тутууну, дыйканчылык кылып, картошка, жашылча эгүүнү үйрөнүштү.

Таштанбек Жалпак-Таштагы Сарыбек уругундагы Жумаштын небереси.

Атасы Тыныбектен Эшмат, Ташмат, Сейитбек, Таштанбек – төрт уул. Бир туугандар катары менен бой жетип, атасы тарабынан бөлүнүп берилген жерлер ар тарапта болсо да, жаз-күз бирге иштешет. Жазында ага-инилер өз жерлерин бирге айдашса, күздө бирге орок орушуп, түшүмдү чогуу жыйнашат. Таштанбек ага-инилери менен иштешсе да, айдаган жеринен түшүмдү мол алып, өзгөчөлөнгөн жайы бар. Себеби ал иш кызыган учурда күндөп-түндөп тынбай иштеп, түшүм жыйналып бүткөнгө чейин үйүнө келбей, кырманды түнөк кылганын айылындагылардын баары билишет.

Ал Куршабдагы орустар менен мамиле түзүп, дыйканчылыкка зарыл буюмдарды баасынын кымбаттыгына карабай сатып алчу. Орустар менен ого эле жакын болгондуктан, туугандарынын баары аны «Таштанбек орус» деп аташчу. Жергиликтүү эл орустар келгенге чейин жер иштетсе, буурусун менен аңызды айдап, эгин себишчү. Буурусундун түзүлүшү өтө жөнөкөй, жыгачтын учуна көндөйлөнгөн чоюн капташып, тоонун жумшак жерин тилүүгө ыңгайлуу эле. Бирок жерди тилгени менен орус кошундай жерге терең кирбей, борпоң топуракты чийип кана кетчү. Ал эми орус кошу жалаң темирден болуп, жерге терең матырыла, аңыздагы топуракты аңтарып кеткендиктен, себилген үрөн топурактын тереңинен өнүп, нымдуулуктан улам тез кубаттанып, майса тегиз чыкчу. Жерге терең матырылган темир калактан

аңыздагы топурак аңтарыла серпилгендиктен, отоо чөптөрдүн тамырлары кесилип, жалаң гана аңызды каптаган майса тегиз көтөрүлөр эле. Бул ишке терең баа берип, байкоо салган чарбадар орус кошунун баасына чыдап сатып алды.

Кошко салган аттардын да күчүн туура пайдаланып, карылуу аттардын баасына чыдап алып, жазында кош айдап, малалоого, күзүндө темин бастырып, жүк жүктөөгө пайдаланды. Жыйнаган эгининин түшүмүн, кубаттуу аттарга жүктөп, Куршабга келип сатып, ага моюнча, ком, мала, тиричиликке зарыл темир буюмдарды алды. Күч аттарды жайы-кышы жемдеп, кубатынан жаздырбагандыктан жери тегиз айдалып, түшүмү мол болду. Кош, мала, темин бастырууга иштеткен аттарын кастарлап, таптап:

– Ээр токусам, тердегенде жоор болот, – деп, жалаң токум тартып пайдалангандыктан, улоолору жоор болбоду, арыктабады.

Чарбадар, өзүнө камдуу. Алган буюмдарын аздектеп, сурап келгендерге кармата бербеди.

– Бар. Тигине, турат. Бербейм. Себеби, сен анын кадырына жетпейсиң. Бекер пайдаланганга көнүгүп, аны сатып албайсың. Качан зарыгып, мукураганда гана ал буюмдун баасын, канча пул коротуп сатып алганын түшүнөсүң, – деп сурап келгендин жанын кашайтчу.

Жакынкы эле коңшулары андан отун, чөп жана башкаларды сурап келсе:

– Мейли, зарыгып келипсиң, ал. Бирок бир нерсени эсиңе тутуп кой. Мен терлеп-тепчип, кыйналып, отун алып, чөп оруп, ташып келип, жыйып жатканымда, сен көлөкөдө ныксырап, ордуңдан туруудан зеригип жаткансың. Ошону үчүн Кудай сага мал, пул берген эмес. Анысы аз келгенсип бассаң чалынып, отурсаң урунуп калчу чөптөн да, отундан да кур калганыңды оюна алаар бекенсиң? – деп жер каратып, ызалантчу.

Эмгекчил дыйкандын үй-бүлөсү жайы-кышы оокаттан өксү болбоду. Баары кеп-кенен. Тааныш-тунуш менен барыш-келишти көп кылып, көргөн жерлеринен үлгү алып, барган жерлеринен үйрөнүп, алгачкы жолу айылына үй, мал короо, жемкана салдырды. Ал иштерге да колу усулдуу усталарды сураштырып жүрүп таап, орустарга, өзбектер жашаган үйлөрдүн, короолордун үлгү-

сүндөгү кулач келерлик бийиктиктеги жер пайын түптөп, курулуштарды салдырды. Аларга иштелүүчү жыгачтарды Ийри-Суу, Торпу жайлоолорунан канчалаган арча, тал-теректерди тандатып, кыйдырып төө, өгүздөргө жүктөтүп келтирип, айылдаштарын аябай эле таң калтырды.

Ишке бүйрө, бардык тиричиликке көзү жеткен Таштанбек мал короосунун эки тарабына салган жемкананын бирине таза залаган арпа, бирине буудай толтурчу. Кышы менен жүктөп барып, базарга сатканынан артканын үрөнгө пайдалангандыктан ары таза, даны толо бышкан үрөн, сапаттуу айдалган аңызга тегиз чыгып, көргөн адамдын көңүлүн өзүнө тартпай койбойт эле. Мандай тер төгүп, ак эмгек кылып, өз тиричилигине тың дыйканды совет бийлигиндегилер жактырбады.

– Башкалар нан таппай ачка жүрүшсө, Куршаб, Өзгөндүн базарын ээлеп алып, дан сатып жүрөт, – дешип, НКВДга карматаар кезде, жанын калкалап Кашкарга качты. Иштерман, чарбадар ал тарапта бекер жүрө бергенден зеригип, көп өтпөй өзүнүн туулган жерине кайтып келди.

Мал-мүлкү тонолуп, там-ташын бирөөлөр ээлеп алганын көрүп, жаңы бийликке көңүлү сууду. Ааламдан өткөн аялын угузганда:

– Каалгалуу ак үйүм,
Каалгадан да сынарбы?
Каадалап алган жарымды,
Кара жер алып тынарбы?
Босоголуу боз үйүм,
Босогодон сынарбы?
Мен Кашкардан келгиче,
Чынарым менин куларбы?

-деп, өксүп-өксүп ыйлап, арманын ырга кошуп, көңүл айтканы келгендерди кошо кайгыртат.

Дүнүйө-мүлк, үй-жайынан ажырап, өмүрлүк жары оо дүйнөгө кеткен Таштанбек айылынын башка тарабына, элдей эле жупуну үй салып, короосуна толтура бак өстүрөт. Эккен багы кубат алып, түшүм бергиче болбой:

– Бир кезде бай эле, кулак болуп качкан, – деген чагым түшүп, камакка алынат.

* * *

Кара-Кулжа аймагындагы сарыбаргылардан Мамажунус, тазбаргылардан Азимбай казылыкка көрсөтүлөт. Бир эл, эки бир тууган журттун адамдары экөөнүн тең көңүлдөрүнөн кыялбай, казылык бир топ талашка түшөт.Уруунун жакшылары кеңешип:

– Кимде ким «алды-кетти» улакты, айылына ала качып жеткирсе, ошол айылдын адамы казы болсун дешет. Азимбайдын туугандары Өмүраалы менен Арзыбай чабандестер Паиздын, Кайыпкулдун күлүк аттарын минип, көпчүлүк талашып жаткан галадан улакты сууруп чыгып, «алды-качтыда» башкаларга жеткирбей ала качып кетишкенинен улам Азимбай казы аталып калат.

Чымбайлык теңизбайлардын намысын Баба чабандес эч кимге алдырбагандыктан, туугандары да анын сөзүн эки кылышпайт. Күндөрдүн биринде Кара-Кулжадагы теңизбайлардан бирөө чоң той берип, эл чакырат. Той-ашы желип, эңиш-күрөш оюндары өткөрүлүп, жеңүүчүлөр байге алган соң, баары жабыла улакка келишет. Баба чабандес улакты улам балбандардан жулуп алып, эч кимге бербегендиктен, тазбаргылардын ичи ачышып, чабыша кетишет. Ат салыша, биринен-бири өткөн чабышта атактуу чабандестердин көбүнө камчы тийип, биринин көзү чыгып, биринин башы айрылып аябай эле запкы жешет.

Аба-аксакалдар ортого түшүп, араң «бас-бас» кылышат. Колу-буту сынып, бети башы айрылгандарды чогуусу менен дарыгер, табыптарга алып келип дарылатышат. Чабандестер:

– Улакта боло берет деп, бирин-бири жаман көрбөй, жараттарынан айыгып үйлөрүнө кайтты.

* * *

Жаңы бийликтегилер Жаныбек казынын аркасынан сая түштү.

– Казы келсин. Элдешели деп, абройлуу ар кимди ортого салып жөнөтүштү. Жусупбай казы баш болгон ортомчулар да барып, өкмөттөгүлөрдүн «элдешебиз» деген убадасын айтышты.

– Жок. Алар жалган убада берип, мени колго түшүрө албай жатышат, – деп казы аларга да ынабады.

* * *

Сатыбалды калпа Жусупбай казынын жакын тууганы. Ал жол баратса Кайып Отуз-Адырда кармап алып, Ак-Терекке алып келип:

– Качырып жибербегин деп туугандарына дайындайт.

Күндө күйөө баласы тамак ташып, кирип-чыгып турат. Ак-Теректегилердин бир тобу Сатыбалды калпага арнап союштарын союп, сый көрсөтүшүп, кирип-чыгып турушат. Сатыбалды Кайыптын кое бербестигин билип:

– Казынада бекиткен ок бар эле. Жигит кошуп берсеңер, ошол октору алып келип берейин? – дейт.

– Кайып өлтүрсө, сөөгүм талаада калбасын. Туугандарым ким өлтүргөнүн билишсин деген максаты эле.

Кайып макул болуп, ага Суранбайды кошуп берди. Сатыбалды коштогон жигит менен айылына барса, Тайчы тууганынын карааны алыстан көрүндү.

– Тайчы, баягы ок кайда? – деп алыстан Сатыбалды ага үн салат.

Жамандыкты туйган Тайчы.

– Сен билбей калдың беле? Аны качан эле алып кетишкен, деп атына камчы басып, качып кетти.

Калпа Тайчыны көрүп:

– Эмне болсо да, мен кимге колго түшкөнүмдү, туугандарым билип калды – деп көңүлү тынчып, кайрыла жөнөдү. Кайып Суранбайга:

– Окту алдыңарбы? Силердин барганыңарды туугандары көрдүбү? – дейт.

– Ок жок экен. Тууганы алыстан көрүндү, – дейт Суранбай.

– Тууганы көргөн болсо, муну бир нерсе кылсак, ортодо кек калат. Экөөбүздүн түбүбүзгө туугандары жетет, – деп, Кайып эч нерсеге маани бербеген болуп, Сатыбалдыга баш тартып, сый көрсөтөт да, Ак-Теректен чыгаарда калпаны атка таңып жол тартышат.

Бир коктуга келишкенде өз ара масилат кылышып, Амандын ээн үйүнө келишип, түнөмөк болушат. Калпанын эки колун аркасына ала байлашып, түркүккө таңышып, эки жагына эки кароол жайгашат.

– Колума кыл чылбыр өтүп кетти. Соопчулук үчүн бир аз бошотуп койгулачы? – деп калпа кароолдордон суранат.

– Эки кароол бирин-бири тиктешип, жаңы эшилген жипти бир аз бошотуп коюшат. Долтойто байланган кыл чылбырдагы колун улам кыймылдатып жатып, байлоодон бошонуп, кароолдорду уктатмакка жаны калбай шыбырап, өзү билген дубасын окуп кирет. Түн жарымынан оогон чакта, аңдан күмөн албаган эки кароол мылтыктарын кучактаган бойдон уйкуга кирет. Калпа шыбыш билдирбей, эшикти акырын ачып качып чыгат. Шашылгандан таш секини жаза басып, эт-бетинен жыгылып түшөт. Анын «күп эте» жыгылганын туйган кароолдордун көздөрү умачтай ачылат. Калпа ооруган тизесин сыйпалап тургучакты болбой, алар жакындап келишет. Караңгылыкты пайдаланган туткун короого улай эгилген тарууну аралай качат. Уйкуга кеткендердин баары ойгонуп:

– Карма эле карма! – деп, кубалашканынан алардын көзүн жазгырып, аңыз четиндеги калың камышты көздөй бой урат.

– Бирде эңкейе чуркап, бирде сойлоп жашырынып, ал жерден алыстап кетет.

Күйүккөнүнө карабай эптеп Ак-Терекке жетип, Жусуп күйөө баласынын атын минип, түз эле Өзгөндөгү отряддагыларга кабар берет.

Отряддагылар жетип келгенде, басмачылар шек алдырбай Түз-Белдин Кара-Булагындагы Чукурга жашырынышат. Жоокерлер эки-үч топко бөлүнүп, бир тобу Кароол-Дөбөнүн чокусуна чыгып жайгашса, экинчи тобу Кара-Таштын үстү тарабы менен өтүп, Түз-Белдеги бейитке пулеметту орнотушат. Отряддын жетекчиси шериктеринин атуусуна уруксат бербейт. Себеби мылтыктын үнүнөн жашынган басмачылардын чак-челекейи түшүп, көбү айыл аралай качып жашынышы мүмкүн эле. Кээ бирөөлөрү тийген октун курманы болмок. Аларды тирүүлөй колго түшүрүү тапшырмасы берилген болчу.

– Отряддагылар аларга шек алдырбай алыстан дүрбү салып, кай тарапка жылаарына көз салып, бири-бирине кабарлап жатышты. Байкоого алынган басмачылар көпчүлүккө көрүнбөстүн аракетинде ууру жолдор менен узак жүрүшүп Ноокатка жетиш-

ти. Айыл четиндеги бир үйгө түшүп, артынан сая түшкөндөрдү көңүлгө албай «куугундагылар адашты» деген ойдо бейкам эс алып жатышты.

– Меймандарды сыйлаймын деген абышка союш издемек болду.

Абышканын меймандостугу, көптөн бери ач болуп, ысык тамак ичпеген «меймандардын» көңүлүнө жаккандыктан, ооз учунан ыраазычылыктарын билдирип жатышты.

Абышка үйүнөн узап кыраңга чыга берип, далбактаган этегин кымтыланды. Анын кыймылынан «шыпылдаган меймандостуктугунан» шектенген карт басмачы жамандыкты сезип, бул жерден орун которуп кетүүнү шериктерине эскертти. Бирок көптөн бери тыныкпай, узак жол басып чалыккан шериктери анын айткандарына көнбөй, отко койгон аттарынын ичмектерин жерге жая салышып, бүт кийимдерин чечип, көп күндөн бери жуулбаган чулгоолорун, үстүндөгү кийимдерин күнгө жая, талыкшыган денелерин жаза, күн чубактап, беймерал, эч нерседен шеги жок жатышты.

– Үйдү курчоого алган отряддагылар каршы-терши тараптан пулемоттерду тилге киргизишти. Алдастаган басмачылар коркоодогу жүгөрүнү аралай чуркады. Кайыпка ок жаңылды:

– Мен атышууга жарабай калдым. Сен каршылык көрсөт деп Кайып жандоочу Суранбайга маузерин берип, мөндүрдөй төгүлгөн окко карабай боюн дарыяга таштады.

Анын артынан Суранбай да калбады. Суунун агымы менен жүрүп, үчөө аман кутулду. Суранбай жөө-жалаңдап, бекинип жүрүп, эптеп Түз-Белге жеткени менен күтүп жүргөндөрдүн колуна түштү.

– Басмачыларды жаап-жашырып, аларга жардамдашкан делип, он жети адамдын тизмеси катталып, камакка алына баштады.

Бекташ, Молдоташ, Турдубайлар биригишип, даңазалуу улакчы күлүк атты Ташиге тартуулап, аман калышты. Капсалаңда Карабай, Бакыбайлар атылды. Ал эми актив болуп жүргөн Жумакан Кайыптарга каршы атылган октон улам каза болду.

– Катталгандардын баарын эле куткарып бербейсиңби? – деген жалпак-таштыктардын суроосуна Таши:

– Мурдараак айтсаңар болмок. Мен алардын басмачыларга жардам беришкенин ырастап койдум эле. Сөзүмү эки кылсам, ишеничтен кетип калам, деген болду.

Жаныбек казы ак саргылынан келген, жапалдаш бойлуу, толмоч, көзү тиктеген адамды качыра караган, ачык мүнөз адам болгон. Анын эр жетип калыптанышына ата-энесинин таасири зор эле.

Казы 1861-жылы Өзгөндүн Көлдүк айылында туулуп, 17 жашка келгенде Көлдүк айылына бий шайланат. 1878-жылы Түркстан крайынын Фергана облусунун Ош уездинин Ак-Жар волостугунун болуштук милдетине 23 жашында келди. Казы наамын Өзгөндү башкарып турганда алды. Мадаминбекке казы жети миңден ашык колу менен келип кошулуп, 1922-жылга чейин Совет өкмөтү менен кызматташты. Большевиктердин байманаптарга болгон мамилесинен улам Жаныбек казынын артынан тынымсыз аңдуулар күчөгөндөн өзүн четке тартты.

Казынын кыргыз аялынан Туржан, Гүлжан, Төрөбай, Беделбай аттуу балдары, кийин өңдүү-түстүү өзбек аялынан Каниет, Маматкасым, Маматибраим, Адалат, Алима аттуу уул-кыздуу болот.

* * *

Казы өткөн-кеткенди ойлоп, эчен толгонду. Бүгүнкү абалы менен эртеңки көрө турган күндөрүн талдоого алып, бир жаңсыл бүтүмгө келүүдө санаага батып, өткөндөгү урунтуктуу учурлар, сап-сап боло сабалап, биринин артынан экинчиси келип жатты.

1907-жылдагы окуя тууралуу таз баргы уругундагы Токтобай, өзүн элге болгон мамилеси жана генерал-губернатор Скобалевди кантип ынатканын айтып берген болчу.

Катаал замандагы калбанын капшабында Адигине, Тагайдын урпактары Оштун тегерегин байырлашкан. Баргы уругундагы элге таанымал Карга уулу Токтобай бий тазбаргы уругунун Калматай тобунун Кочкор уругунан. Бала кезинен тири карак, көргөнүн көңүлүнө түйүп, укканын кулагынан чыгарбаган куйма кулак. Кармаган кайсыл ишти болсун акыл калчап, ойлонуп тыянак чыгарат. Эл чогулган жерге барганда, көпчүлүктүн кетиянак чыгарат. Эл чогулган жерге барганда, көпчүлүктүн ке-

бине кулак төшөп, оюна туура келсе, пикирин айтып, тыянактуу сүйлөйт. Айылдагы молдолордон сабак алып, арабча кат таанып, жазганга көнүккөндүктөн улуу-кичүү кеңеш сурап кайрыла калышат. Калыс сүйлөп, туура пикир айтканы жактыбы, айылындагылар бий шайлап алышты. Жогорку тараптан ыйгарылган бийик даражасын тастыктаган колунда мөөрү бар. Эл камын ойлоп, Капчыгай өрөөнүндөгүлөрдүн алсызынын алын сурап, кембагалынын жайын билип, өкүмдарлардын зордугунан коргогону көпкө жакты.

Атадан калган малын сарамжалдуу сарптагандыктан төлүнө төл кошулуп, тандап жорго минген, тандап күлүк чаптырганы Кара-Кулжа гана аймагындагыларга эмес, андан алысыраак да дайын болду. Айрыкча Алайкулук Бердике байдын ашында күүлөнгөн күлүгү баш келип, көбүн суктандырды.

Азамат, ата баласы! Ооматы келген чагы экен. Заматта эле асмандан түшкөндөй короосу койго, желеси жылкыга, конушу малга толо түшкөнү жомоктогудай эле болду.

«Ити чөп жегендин, ташы жогору кулайт» – деген сөз бекеринен айтылбаса керек. Пай-пай! Болсун, болсун, – дешти укканбилген көпчүлүк.

Аңгыча кубанычтары койнуна толгон жигиттери шашкалактай келишип:

– Бий аке, сооганы чачылтпай айдап жөнөй берелиби? – дешип көпчүлүктүн ортосунда бети тамылжып турган Токтобай бийге кайрылышты.

– Ийе, баатырлар! Акылы бар да, ээси жоктой сүйлөйсүңөр да. Үч миңден ашкан коюм короомдо, жайытым толо бодолорум турганда, ушул байгеде тийген мал-жандыкты айдатып кетсем эле, бирим эки болмокпу. Күлүк биздики болгону менен байге элдики. Кең жайыкка тарткыла. Алыскыларга бододон, жакынкыларга жандыктарды таркатып бергиле! – деди колун серепчилей жигиттерине.

Жабыла карап турган жакшылар баш болуп, кедей-кембагалдарга бирден, жетпегенине теңден таркаттырып жиберди.

– Берешен бийдин белеги, – дешип алыскы жуктагыларга чейин бул аңыз айтылып кетти.

Кеч күз. Жакага жаңы түшкөн Токтобай бий, күзгү кымыздын күүсүнө денеси балкып, эгиздеги конушунда, тээ бет маңдайдагы баш-аякка созулуп кеткен жолду тиктеп, бейкапар отурган. Эңкүүдөгү алыскы тарап айкын көрүнүп, элдир-селдир караан байкалгансыйт. Узак жол басып, арыганбы, же бир жери ооруп дарманы кетип чаалыкканбы, теңселе басып, кыбыраган арыш менен жөө адам келе жатты. Улам мойнун созуп, кылчак-кылчак карап коюп, кайра алдыга жүрүп, токтогон жерде делбектеген этеги менен тердеген бети-мойнун сүртүп токтойт да, кайра жолун улайт. Айылындагыларга окшобогон карааңга бай таң калып көңүл бурду.

Качып келе жаткан бирөө дейин десе, жүрүшү жай. Мал издеген бирөөбү дейин десе, жолдон чыкпайт. Алыстан келгендер дейин десе, колунда кармаган буюму жок.

Мейли, келсе жайын айтаар, – деп бий ордунан козголбоду. Караан конушка жакындап келип, мойнун созо бийдин өргөөсүн умсуна тиктеп туруп калды. Бир топко арсарсып, жер карап туруп, башын жерге сала, аркасына кайрылды.

Ушунча келип мени көрүп, салам бербей кайткан, ким болду экен? – деген бий, арыта, желе тараптан келе жаткан жылкычы жигитине үн салды.

– Тиги чаки басып, арсарсыган жолоочу биз тарапты умсуна карап, кайра тартты. Барып билчи!

Шыпылдаган жигит жолоочунун алыстан эле караанын таанып.

– Ал Коңураттагы жээн болумуш Жээнбай эмеспи, бий аке, – деп жооп узатты.

– Чакыр бери! Тайсалдабай келе бербейби?

Жигит арыраак басып барып, кол булгалап, үн салды.

– Бий акем, «келсин» деп жатат.

– Атаңын оозуна урайын, жаман. Мени ортого салбай «келип кет» деп чакырбайсыңбы?

– Бий аке, менин чакыруум менен келсе, байбиче энемден уруксатсыз кантип үйгө кир? – дейм деп тайсалдады.

– Андай дебей жүр. Менин үйүм чоң-кичинеге, бай-кедейге карабай, эшиги ачык экенин билбейсиңби? Бар, ысыктын күнүн-

дө жол басып келип, көкүрөгү какшыгандыр. Ушул жерге кымыз келтир. Шапатада отуруп, анын жөн жайын билейин.

Аңгыча тартынчактай басып келген жолоочу, басмырт үн менен салам айтты.

– Ассалоомалейкум.

– Ва-алеки. Кел быякка! – деп бий этегирээк тарабына кол сермеди.

– Бийге кол берүүдөн тартынган жигит, жыртылган чапанынын этеги менен тердеген мойнун, бетин сүртүп, жер караган калыбында, көчүк басты.

– Кайдан ысыктын күнүндө жол басып?

– Аяк артар улоом жок, бийим. Турмуштун айынан... Ары-бери ойлонуп отуруп, тагаларым менен учурашып кетейин деп келип калдым.

– Эмнеге жалтактайсың? Кымырынып-кымсынбай, түз эле келе бербейсиңби?

– Ээ, бий тага, жокчулук деген адамды жалтаңдатып, корсунтат тура.

– Эмнеге корсунасың? Жокчулук уят эмес, – дейт элибиз.

– Аныңыз туура бийим. Атчандын алдында жөө, улуунун алдында кичүү, байдын алдында кедей тең ата боло албайт, -деген дей, үйүмдө канчалык шерденсем да, сиздин алдыңызда, жалтаңдап турганымды жашыра албайм, тага.

Жылкычы жигит бир колуна кара аякты, экинчи колуна кол чаначты кармай келип, бий алдына тизелей отуруп, кара аякта толтурулган кымызды бийге сунду.

– Чөлдөп келген мейманга сун. Кана мейман, тартынбай кымыздан ич.

– Жок бийим, алдын өзүңүз ооз тийиңиз.

– Ал дегенден кийин ала бер. Мен тундурмадан шыңгыта жутуп суусунду кандырганмын.

Жолоочу узун жолду басып, жумуру какшыганбы, мелт-калт куюлган кесени, колуна кармай, суусаганын билдирбеске, уурдагы шилекейин жута, өзүнөн өйдө отурган бийге жалтак карады. Жигиттин өзүнөн айбыгып турганын билген бий.

– Мейли менин кесеми да толтур. Тең шерик бололу, – деп, жылкычы жигиттин кош колдоп сунган өзүнүн кесесин колуна алып: – Ал, тең жуталы, – деди.

Бийдин ууртунун кесеге тийгенин көргөн жолоочу, колундагы кесени кош колдоп көтөрүп, жарымдата жутту. Жигиттин өзүнөн айбыгып турганын сезген бий:

– Тартынбай жут. Катар аягыңды түгөт. Андан соң мейман аягыңды дем албай тартасын.

– Тага катар аягыңыз эле капшытымды чыгара ынтыктырып койду. Мейман аягыңызды жуталбайм го, – деди арсарсый мейман жер караган бойдон.

– Өөндө жүрүп, курсагың өлчөнүп калган. Жайлоого келдиң, эми эки-үч күн жүрүп, кымызды кенен ичип, дене боюңду жазып кетээрсиң.

– Эки-үч күн жүрмөк кайдан...

– Ии? От алгансып, кайра кайтасыңбы? Эмне зарыл ишиң бар беле? Бий өзү сөз баштап калган учурду сая кетирбестин аракетинде, жээни шашмалактай, келген дитин билдире кетти.

– Орум-терим аяктап, темин бастырып, кырман жанчмай. Эгин сапырып, кызыл үймөй, кызуу башталды. Күнү-түнү тыным жок. Күзгү жаанга калтырбай үлгүрүп калалы деген жандар, өздөрү менен өздөрү алек. Кош колдууларга жеңил болгону менен чак баштуулар үлгүрө алышпай, өөндөгүлөр аябай эле жүдөгөн мезгил, бийим.

– Ооба, ошону үчүн «күз күрөш» делет эмеспи.

Сөз ыңгайы үзүлүп калбасын деген ойдо, ичкен кымыздан улам термелген денесин жеңилдете, белиндеги курун чечип, жакасын жакжайта ачкан жээни, башын көтөрө, келген жайын айта кетти.

– Бий тага, атайлап сизге, акыбалымды айтайын, – деп мукактана жер карап. – Анан алыстан карааныңызды көрүп уялып, кайра кайтмакка арсарсып, илең-салаң боло, тартынып тургам.

– Баатырдык менен жолго аттанып, анан жалтайлап, кайра кайтканың кандай? – деди бай, аны тамашага ала.

– Элде айтылган сөзгө ишенип, оюмда эчен жолу талдоого алдым. Бир барып көрөйүн, – деп, шарт жолго чыктым. Ылдамдай

басып, күү менен этекке жете келдим. Алыстан сиздин карааныңыз көрүнгөн соң, аягым алдыга шилтенбегени менен көкүрөгүм артка кайрылып:

– Сураганыма эле бермек беле деп көөнүм арсарсыды, – деп мукактанды. Бий алдында кымырынып-кысынган сайын бети башына чейин тердеп, аябай жүдөп, маңдай тарабын тик карай албады.

– Түзүк эле тобокелдик кылып келип, жарым жолдо «жалт» эте, арсарсыганың байкала калыптыр да жээним. Ии, элден эмне деп уктуң? – деди бий.

Аяк тарабында өзүнөн-өзү жүдөгөн менен сүйлөр сөзүн таап, оюн тартынбай айтып жаткан жигитке бий эми гана көңүл бөлгөндөй, обдула башын көтөрдү.

Арсарсыганымдын себеби деп, жер караган жигит акырын башын көтөрө көз тигип:

– Эл бийлеген билерман киши, мага окшогон жетимди теңине алмак беле? Ал тургай жээн экенимди эсинен чыгарып да койсо керек, – деген ой келди. Экинчиси эл:

– Колу ачык, барган кишини кур кетирбейт, – деп айтышканын угуп, жол жүрүп барсам, көңүлүмдү сындырбас деген ойго келгем.

– Ии, анан?

– Ушинтип, алдыңызда отурамын.

Жигит жөн көрүнбөйт. Эл арасында айтылгандарды көңүлүнө алып, маани бере, оюнда эчен талдап, үмүт менен: «Бар тобокел! – деп алдыма келди. Анысы кайра тартпастыгы. Жарым жолдо арсарсыганы ал жетимдиги. Жетимдик кемтик эмес. Ал бала кезинен ата-энесинен ажырап, өксүп калгандыгы. Көрүнгөндөн жакшы сөз укпай, кагуу жеп, жалтайлаганы. Эгер ата-энелүү болгондо, көңүлү көтөрүлүп, көөнүнчө өсмөк. Кепти таап айтып, көпкө көрүнмөк. Берген март эмес, алган март. Бул жетим да эр жетип, баралына келгенде көбүнө жакшылык кылып, көп иштин ажатын ачаар. Түстүүдөн түңүлбө. Өңү-башы, тулкусу жайында. Бир айыбы, үстүндөгү кийими. Кыйыта ток болуп, ысык-суукту көрүп торолуп калыптыр – деп бий өзүнөн төмөн отурган жигиттин аптисин талдап, карап, ыраң-түсүнө көңүл бөлдү. Адамдын кимдиги, биринчи эле көргөн кишиге турган-турпатынан, түзүлүшүнөн, бет маңдайы, кулагы, эрин, көз-каштарынан, желке-мүрүсүнөн билинет. Экинчиси, сүйлөй келгенде үнүнөн, сөзүнөн, кыймыл-аракетинен, баскан кадамынан, ойлогон оюнан айкындалат. Үчүнчүсү, кармаган ишинен, бүтүргөн кызматынан байкалат. Ага акылман, кыраакы адамдар астейдил, барган жайда көңүл бөлүшүп, баа беришет. Эл андай көсөмдөргө эртең бүлө боло турган кыз-келинди, башчы болоор жигитти сынатышып, алардын айтканы боюнча иш тутушат.

Андайды эчен элден угуп, башынан өткөргөн Токторбай бий эл аралап жүргөндө анын баарын эсине алат. Орду келгенде оюн айтып, кеңешин берет. Бүгүн да маңдайында өзүнөн сүрдөп, жүдөп отурган жигиттин дымагын байкап, билмексен боло сөз таштап отурду. Жээнтай жакынкы туугандарынын кыздары болбосо да, бир уруудагы туугандардын кызынан төрөлгөн жээндерден. Апасы айы-күнү жеткенде туугандарына келип, төрөгөндүктөн, балага Жээнтай деп ат берилгенин укканы бар. Кийин анын ата-энеси ааламдан өтүп, бир тууган абасынын колунда калганынан да кабардар эле. Замандын тейинен улам, колунда жок, үйлөнбөй жүргөнүн, үстүндөгү кийиминен бая эле жылкычы жигити – жээн деп айтканынан боолгологон.

– Жээним, сага бодо зарылбы, же жандыкпы?

– Бир жердин кызын суратсам «баш калыңы, кыл куйрук» – дептир.

– Жандык деле керектир?

– Кыл куйруктан башка жандыкты да айтып жатпайбы.

– Мейли, айтканын бер. «Карыз болсо да, катын ал. Карыздан кутуласың, катының өзүңдө калат», – деген элде сөз бар. Айткынын берип, ала бер.

– Бийим, ошо калыңын таппай...

– Тиги, маңдайдагы таштын көлөкөсүн пааналап турган сулардан экөөнү тандап алып кет.

Жээнбай уккан кулагына ишенип, ишенбей оозуна кеп кирбей, делдейе карады.

– Кантип? Бериңиз? – деп сурай электе эле экөөнү тандап ал, – деди. – Чынбы, жалганбы? Же сынап жатканыбы? Каңырыш

угуп албадымбы? Оозуна кеп кирбей, өзүнө маңыроо тиктеген жээнге карап:

– Менин сага кошумчам болсун, – деп жылкычы жигитке: «Тутуп бер!» – дегендей ымаа кылды.

Бийинин сөзүн эки кылбаган жылкычы, туурдук боого оролгон жипти келептеп алып, боз үйгө сүйөп койгон укурукту колго ала, аң-таң боло, эмне дешин билбей, аңырайып турган мейманга: «Жүр!» – дегендей башын булгады. Ал эми гана ишенгендей обдула калып, этегине чалына, калдактай тура бергенде.

– Алдагы, кесеге куюлган кымызды, калтырбай, шыпкап ич. Суусунуң эми кангандыр. Азырынча экөөнү пайдаланып тур. Жетпесе, дагынкысын дагы көрөрбүз.

– Ырахмат тага, мен сизге карыздармын.

– Мен сага, «карызсың» деп, айткан жокмун.

– Колуман эгин айдап, оруп-жыйыш келет. Буйруса, бала-чакаңыздын кыштык-аштыгы менин мойнумда, – деп жүгүндү.

Күндүн ысыгында, алыстап жол басып келип, чаңкагандан улам удаа-удаасы менен кеседеги кымызды, кантара ичкендиктен, нак кымызга башы кеңгиреп, боюн токтото албай, бий алдынан теңселе кетенчиктеди.

Мындай жакшылыкты Токтобай бий жек-жаат, кедей-кембагалдардан эч аянбады. Ылым санап барган жек жааты тууган, тууган эместер да кур кол, томсоруп кайткан жок. Алкап-жалкашып, ыразычылыктарын билдирип, кубанычтарын жолдо жолукандарга айта келишип, элден элге угулду. Бергенден бийдин малы кемибеди, дөөлөтү бөксөрбөдү аты алыска таанылды. Байлыгы да, кадыры да артып, аша берди.

* * *

Мурда Фергана облусунун башына (1886-жылдан) генерал М.Д.Скоблев дайындалгандан тартып:

– Падыша өкмөтүнүн «жергиликтүүлөрдөн аскерге алынсын» деген буйругу келгенин укkан Токтобай бий Оштогу губернатордун өкүлүнө өзү келди.

– Таксыр төрө, падышанын жарлыгына каршы чыгуу пенделер үчүн күнөө деп эсептейбиз. Биздин элди өзүңүз жакшы

билесиз. Алыскы элдин тилин билбей, куралдарды тааныбай, колдоно албай ушуну эске алсаңыздар? Кара жумуш болсо, токой кыйганга жөнөтсөңүз балдарды ынаталы. Канча күч кол болсо айтыңыз, жөнөтөлү. Бирок, кара жумушка гана пайдаланарынын кепилдигин алып, убада бериңиз? – деп өтүнөт.

Карга уулу Токтобой бийдин өтүнүчүн кубануу менен кабыл алган өкүл:

– Макул деп колун берип, оорукка кызмат кылганга жөнөтөт.

* * *

Бийдин айылынан баргандар, эч кандай кырсыкка кабылбай, аман-эсен үйлөрүнө кайтып келишкен болчу.

1906-жылы Ташкен шаарында жергиликтүү элдин өкүлдөрү катышкан мусулмандардын курултайы өткөрүлөт. Ага Түркстан крайындагы жалаң мусулмандардан аттуу-баштуу өкүлдөрү чакырылат. Эки-үч күнгө созулган жыйындагы өкүлдөрдүн жана алардын кызматкерлеринин жатакана, тамак-аш, улоолорунун жем-чөбүнүн акысын Жаныбек өзү билип, жалгыз төлөйт.

– Ии! Сен бала, баарыбыздын ыгым-чыгым акыбыз оңор эместигин билип туруп, жалгыз төлөгөнүң эмнең? Мойнубузга карыз кылбай, кайтарып ал! – дейт бейтааныш болуш, бий, казылардын арасынан бирөөсү.

– Жок, таксыр. Атам өлгөндөн кийин, бизден улуу Толкун деген эжем:

– Барган жериңдеги чогулган бийлердин батасын ал? – деп эскерткен эле.

– Кай жерден, ким дегендин баласы болосуң? – дейт ага чогуу турган болуш, бийлер.

– Өзгөн деген жерден болом. Атам Муса уулу Сагынбай байдын уулумун.

– Атаңа ыракмат. Ата уулу. Сен бизди сыйласаң, Кудай сени сыйласын! Азали кемибе. Толуп-ташып, эл башкарып жүр! – деп чогулгандар жабыла бата беришет.

* * *

Жаныбек болуш Өзгөнгө келери менен Өзгөндүн казысы Шергазыга найыб болуп бекитилип, иш кагазын кармайт.

– Губернатордон кат келиптир: «Жалаң бий, болуштар чогулуп, жыйын өткөргүлө!» – деп «буйрук берилиптир» деген кабардан улам бүтүндөй Өзгөн аймагынын билармандары жыйналып келишет.

Өзгөндүн казысы Шергазы:

– Менин кат-сабатым жок. Жыйынга келген элге, губернатордун катын сен окуп бер, – деп Жаныбек болушка айтат.

– Казым, көзүм ала-чакмактанып, ооруп жатат. Катты башкалар окусун? – дейт Жаныбек.

Кат тааныган бирөөсү, эл алдына чыгып келген катты жарыя окуйт.

– Сагынбай уулу Жаныбек Өзгөнгө казы болсун! – деген губернаторунун буйругу окулганда Шергазынын колундагы кармап турган камчысы ыргып кетет.

Өзгөндүктөр «чур» эте кыйкырышып, Жаныбекти ортого ала көтөрүшүп, сырты көздөй бет алышты.

* * *

Өзгөндө Жаныбек казыга чейин Жантөрө болуштук кылат. Ал шайлоо болгонго чейин элдин көңүлүн алмакка чоң жыйын өткөрөт. Ага келгендердин көбү:

– Болуш дале болсо кубаттуу, карылыкка моюн сунгудай эмес, – дешип, Жантөрөгө угуза мактап өтүшөт.

Жылуу сөзгө болуш да кубанып, кат сабаты бар Жаныбекти жалгыз алып калып:

– Менин сырымды эч кимге айтпа? Сен кат тааныйсың. Карысам да кайратым бар. Жарым паша менен жакшымын. Кайра шайлоого уруксат бер деп менин атыман кат жаз? – дейт.

Жантөрө болуштун сабатсыздыгынан пайдаланып, Жаныбек: «Шайлоодо Жаныбекке уруксат бер?» деп жазат да, болуштун мөөрүн отко кактап, ысытып басып, болуштун атайын чабарганчысына берет. Арадан эки-үч ай өтпөй эле жарым пашадан уруксат кагазы келет. Аны мечиттегилерге Жантөрө болуш алып барса «Өзгөн болушуна Жаныбек көрсөтүлсүн!» деген буйрук окулат.

Жарым пашанын буйругу эске алынып, Жаныбек шайлоодо добуш алып, болуш шайланат. Ал он жылдан ашык болуш болуп

иштеп, башка кызматка өтөт. Өзгөндүн казысы Кусанбайдын үстүнөн чагым түшөт. Ал жалаадан качып, Наманганга көчүп кетет. Анын ордуна Жаныбек казы шайланып, болуштукту иниси Калыбек Тыныбек уулуна өткөрүп берет. Ал да он жылдан ашык болуш болуп эл бийледи.

Жаныбектин атасы Сагынбай Муса уулу балдарынын келечегине кам көрүп, айылдагы молдолорго берип, кат таанытат. Аталарынын жолун жолдошуп, жашынан эле тың чыгышып, байлык карманышты. Алардын ата-теги айылында абройлуу эле. Өзгөндөгү басыз уруусунун билермандары аталышкан Жаныбек казы кийинкиге чейин эки тизгин бир чылбырды бекем кармап турду. Мына ушул «эки тизгин, бир чылбыр» колунан жылбышып чыгып кеткенин сезе калып, адеп эле 1918-жылы Түркстан аймагын өзүнчө мамлекет кылып, бийликти бекем кармай турган болгон Мадаминбектин алдына көп корбашылардын бириндей эле жигит курап келип, салам берген болчу.

* * *

«Анжиян козголоңунан» соң орустар көтөрүлүшкө катышкандарды жазалап, түрмөгө камай баштады.

Көк-Арттыктарды үндөп, көтөрүлүшкө чыккандар аныкталган соң, Чыйбыл бийди камакка алып кетүүгө куралчан орус солдаттары келишкенде:

Чыйбыл бийди орус төрөлөрү солдаттары менен келип, алып кетип жатыптыр, – деген кабар, Жаныбекке жетип, ал шашылыш аттанып жолго чыгат.

Ал атынын оозун тартпай шашыла келсе:

– Жолго чыга элегимде келгениңде үйдөн тосуп алат элем. Эми ат үстүндө болуп калдым. Кайыр кош. Сага он эки канат ак өргөнү тарттым, – деп бий казыга ыраазычылыгын билдирди.

– Бийим, буйруса сиздин келгениңизге ырымдап, он эки канат боз үйдү атайлап даярдап, тосуп алам. Жакшы барып, аман кайтыңыз дейт казы.

Экөө ат үстүнөн кучакташа коштошушат.

Айткандай Чыйбыл бий сүргүндө жүрүп өлгөнүн укkан туугандары элге угузуп, кара ашын беришкен учурда Жаныбек айт-

кан убадасындай он эки канат ак өргөнү, бийдикинен артык жасатып, ашка алып келип тиктирип, уяттуу меймандарды ошол үйгө түшүрүп, бийдин ашын өзү башкарган эле.

* * *

1907-жылы Орусиянын абалы аябагандай кыйындаган эле. Дыйкандардын көпчүлүгү башка жактарга көчүп кетишип, жумушчу күчтү түзгөн жаштардын саны кескин кыскарды. Орус өкмөтү аргасыздан Түркстан крайындагы мусулмандардан мандикерлике алууну баштады. Түркстан крайынын генерал-губернаторунун ар уруудан бирден адам алуу буйругу келди. Башкалардай эле Өзгөн аймагындагы басыз уруусунун атынан Молдокасым, Карабоз уулу Ормон хан, Нурум бий баш болгон топ алынып, Сибирге карагай кыркууга жөнөтүлдү.

Ак падышанын жарлыгы менен мусулман элдеринен орукта иштөөгө жумушчуларды алуу демилгеси көтөрүлүп чыкты. Бирок жергиликтүү элдин көпчүлүгү:

– Балдарыбызды уруштарга бербейбиз!

– Мендикердикке жөнөтпөйбүз деген нааразычылыктары күчөдү.

Канткенде да бай, бийлер өздөрүнүн балдарынын ордуна мал берип, акча төлөп башкаларды жалдап, жөнөтүп жатышты.

* * *

Согуш башталганда биз үй-бүлөбүз менен Ошто жашачубуз. Ал жылдары шаарда топурактан мамы сыяктуу кылып тургузулган бир канча казарма бар эле. Өтүп бараткан солдаттар ошол казармага бир аз убакытка токтошчу. Себеби, ал чек арадан Ташкенге карай, же Ташкенден Памирге карай өтүп бара жаткан солдаттар, орус казактары анча-мынча эс алууга токтошчу.

Жайында орус казактары эс алып турган казармага элден алынган аттарды айдап келе башташты. Алар жалаң тандалган аттар эле. Кийин билсек, ал аттар аскерлер үчүн элден топтолгондор болуп чыкты. Орус башкаруучусу Анжианга аттарды айдап барууга адамдарды жалдай баштады. Биз агам экөөбүз орус башчысына келсек:

– Кайра келгениңерде акысын берем, – деп он бештен атты тапшырды.

Биз башка жалданган кедейлер менен бирге беш жүз атты айдап жөнөдүк. Анжианга барып, чогуусу менен көрүнүктүү байларга өткөрүп бердик. Кайтканыбызга акча, же улоо беришкен жок.

Ош шаарында заводдорго иштей турган, окоп каза турган, жол сала турган жумушчуларды Орусияга жөнөтө башташты – деген сөз таркады. Жери ого эле арбын болгон Мадамин уулу Жумабай деген бай атама:

– Ат, уй, жер берейин. Балдарың менин балдарымдын ордуна барышсын, – деп мени менен агамды зордоп, орус башчысына өткөрүп берди.

Тизмедегилерди башка жакка чыгууга уруксат бербей солдаттарга кайтартышты. Мен Орусиянын Керменчук аттуу шаарына барып бомба жасоочу заводдо иштеп калдым. Көпчүлүк мени менен барган кыргыз, өзбек ошол жерде өлүп кетишти.

Аман калгандарыбыз туулган жерлерибизге кайттык, – деп Исматилла уулу Эргеш ошондогу окуяны айтып ырастаган болчу.

* * *

Биринчи дүйнөлүк согуштун башталышы менен Орусиянын батыш райондорунан качкындар келе башташкан. Кыска убакыт аралыгында эле Түркстан качкындарга толуп кеткен. Түркстанга аскер туткундарын жөнөтүү иши башталат. Алардын саны 1915-жылы 148 миң, 1916-жылы эки жүз миңге жеткен. Фергана облусу мынча сандагы келгиндерди кабыл алууга даяр эмес эле. Азык-оокаттын жетишсиздигинен өлүм-житим көбөйгөн. Согуштун кесепетинен жер салыгы эки эседен ашык жогорулаган. Өрөөн негизги пахта базасы болуп, жалпы сугат жерлердин 80-90 пайызы пахта аянтына айландырылган. Себеби АКШдан Орусия пахта ташууну азайтып, Түркстан пахта менен камсыздоочу районго айланган. Тамак-аш, өнөр-жай товарлары эки жүз, үч жүз пайызга кымбаттаган.

Турмуш-тиричилиги жылкы менен байланышкан Фергана облусунун Ош, Анжиян, Наманган уездеринде жергиликтүүлө-

рүнүн аттарынын согуш зарылдыгы үчүн тартылып алынышы, жергиликтүү бийлик өкүлдөрү тарабынан фронтко кеткен орустардын үй-бүлөсүн багуу үчүн акча топтоолор, же болбосо эгинин эгип, оруп-жыйып берүү милдеттеринин киргизилиши элдин нааразычылыгын күчөттү. Көп учурда элден топтолгон каражаттар белгиленген жерге жетпеди. Падыша бийлигинин өкүлдөрү бул каражаттарды «жең ичине» катышып, пайда табуу менен алек болушту.

Согуштук муктаждыктар үчүн жаңы чыгымдар пайда болуп, калктын жакырдынуусуна алып келди. Адам ресурстарынын жетишсиздигинен Коргоо министрлигинин токтому менен Орусиянын аймагындагы корей жана кытай букараларынын күчүн пайдалануу боюнча жыйын өткөрүлдү. 1916-жылдын 25-июнунда падыша Николай II империядагы орус улутунан башка элдердин эр бүлөсүн аракеттеги армия турган райондордогу коргонуу иштерине жана аскердик байланыш жолдорун куруу үчүн жүргүзүлүүчү иштерге, ошондой эле мамлекетти коргоо үчүн зарыл болгон ар кандай иштерге тартуу тууралуу жарлык чыгарды.

Мобилизациялоо жарыяланганга чейин Түркстандын түпкүлүктүү калкын ыктыярдуу тартуу аракеттери болуп, 1916-жылдын 25-июнундагы Жарлыкка ылайык эмгек милдеткорлугуна тартылгандардын акчалай акы алуулары жана мамлекеттик камсыздоосунда болуулары керек эле. Мобилизация 19-31 жаштагы эркектерге карата болгон. Түркстанда мобилизация 1916-жылдын 29-июнунда башталган. Край боюнча тыл жумуштарына 250 миң адам пландаштырылган. Түркстандын борбору Ташкендин башчысы бардык имамдарды жана элүү башчыларды Шейхантаур мечитине жыйнап, оорукка алууга жардам көрсөтүү боюнча жарлыкты жарыя кылды.

Фергана облусу анын ичинде кыргыз калкынын түндүк бөлүгү жашаган аймактар көтөрүлүп, нааразычылыктарын билдиришти. Биринчи болуп 8-июнда Кокон уездинин Катта Авган, андан кийин Араван болуштугунун Газыялык кыштагында нааразычылык чыгып, уруп-сабоолор күчөдү. Ушул эле күнү баш аламандыктар Анжиянда болуп, 9-июлда Анжиян шаарынын жана уездинин бардык болуштарында тополоң башталып, жергиликтүүлөрдүн каршылыгынан тополоң чыгып, адамдар сабалып, бийлик ээлеринин өкүлдөрү өлтүрүлдү. Каршылык көрсөткөндөрдүн башчылары кармалып, туткундалды.

Көтөрүлүштүн кезеги Ош аймагына да жетип, Сулайман тоосунун этегинде, Булак-Башы, Хожо-Абад жана башка, Наманган уездинин шаар, айыл-кыштактарында уланып, катталгандардын тизмесин талап кылуудан тополоң чыгып, алар куралдын күчү менен басылды. Түрк, араб тилдерин билген Фергана облусунун аскер-губернатору А.И. Гиппиус падышанын жарлыгын өзгөртүп, ыктыярдууларды гана оорук жумуштарына тартуу боюнча чакырыктарды тараттырды. Аскер-губернатор пахтачылыкты үзгүлтүккө учуратпоо үчүн түпкүлүктүү калктын темир жолдордогу кыймылына тыюу салууну алып таштоого жана талаа иштери аяктаганга чейин Фергананын калкын мобилизациялоо убактысын артка сүрүү жөнүндө 16-жылдын 23-июлунда телеграмма жиберген. Крайдын пахта тармагына өз капиталдарын салышкан орус буржуазиясынын өкүлдөрү да пахтаны жыйнап бүткөнгө чейин тыл жумуштарына алууну токтотуп турууну өтүнүшкөн. Мамлекеттик думанын мүчөлөрү согуш ишкерлеринин жана башкы кол башчынын штабына кат жолдошуп, жумушчуларды алууну токтотуп турууну билдиришкен.

Фергана облусунун аскер-губернатору А.И. Гиппиус бир топ билдирүү, телеграммаларында «Бардык болуп өткөн баш аламандыктар, туземдиктер орус өкүмдарлыгынын гумандуу башталмасын кабыл албагандыгын, биздин бийликтен да эшендер жогору тургандыктарын далилдеди»... согуштук абалды колдонуу менен туземдиктерди жумушчуларды берүү боюнча талаптарын тез арада аткарууга мажбурлоо керек, ал үчүн мен буларды зарыл деп билем:

– Түркстан крайынан бардык эшендерди биротоло тез арада айдап чыгуу.

– Согуштук абал учурунда элдик соттордун аракетин токтотуу, согуштук абал мезгилинде бардык медреселерди жана туземдик мектептерди жабуу, болуп өткөн баш аламандыктар боюнча иштерди чечүү жана бардык башка күнөөкөрлөрдү өлүм жазасына тартуу үчүн согуштук талаа сотторун тез арада дайындоо.

Элге кайсыл болуштан жана шаардан, кайсыл мөөнөткө, канча сандагы жумушчуларды коюулары тууралуу жарыялоо, элдерден кимдерди ишке жөнөтүү боюнча өкүлдөрүн талап кылуу.

Эгерде аталган мөөнөттөрдө зарыл болгон жумушчуларды бере албай калса, ал кыштактарды жер менен жексен кылуу жана козголоң көтөргөн топту атуу үчүн жазалоочу аскерди жиберүү.

Жумушчулар менен камсыздоону аткарбаган элдин жерлерин казынанын фондусуна конфискациялоо керек деп жазган.

Анжиян аскер гарнизонун жөө аскерлердин бир ротасы, артиллериянын бир взводу, 4 пулемет менен күчтөндүрүүнү участкалык приставдар ар бир кыштакка жөө аскерлердин жарым роталарын коюшу сунуштаган. 23-июлда толкундоолор кайра жанданды. Үч-Коргон кыштагынын эли көтөрүлүп, байларга таандык болгон бир нече дүкөндөрдү өрттөп салышкандыктан, Оштон келген жазалоочу аскерлер менен кагылышуулар болду. Ошол эле күнү Өзгөндө эл көтөрүлүп, айры, кетмен, союл менен чыгышып, жазалоочу аскерлерге бир топ сес көрсөтүштү. Ош уездинин Ак-Жар, Жазы, Гүлчө, Алай, Ноокат, Куршаб болуштуктарын каптап кирген көтөрүлүшчүлөрдүн капшабы тийбеген аймак калбады.

Көтөрүлүш Наманган, Аксы аймактарында да күч алды. Кедей-кембагалдардын аскер жашындагы балдары топтолушуп, тоо арасына качып кетишти. Наманган уездинин кыргыздар жашаган Кызыл-Жар, Ак-Жол, Тегене болуштуктарында букаралар оорук жумушуна алууга каршылык көрсөтүшүп, Сыны айылынын тургуну Таласбай Арыкбаев, Ак-Жол болуштугунан Сасыке Тыналиев, Найман болуштугунан Токтонаалы Бекболотовдор жолдоштору менен болуштарга жана бийлик башындагыларга кол салышты.

Көтөрүлүшчүлөрдү басууга жергиликтүү бийликтер болгон аракеттерин көрүшүп, тартипти орнотуу үчүн жазалоочу отряддар киргизилди. Полковник Бобровдун 6-Оренбург казактардын полку, 4-Уралдык казактар жүздүгү келтирилди. 1916-жылдын 18-июлунда Түркстан согуштук абалда деп жарыяланды.

Көтөрүлүш чыккан жагдайды эске алып, 1916-жылдын 30-июлунан 15-сентябрына чейин мандикерликке алууну токтотуп туруу боюнча падышанын жарлыгы чыкты. Башкаруу чөйрөсүндөгүлөр Түркстанда Кавказдагыдай эле аны биротоло алып салууну кеңешишип бирок, мындай кадам орус өкмөтүнүн чабалдыгын көрсөтүп коерун ойлошкон.

Петроградда жергиликтүү администрациянын күчтөндүрүү жана кадр маселесин караштырып Түркстан генерал-губернатору на Түндүк фронттун башчысы, Орусиянын мурдагы согуш министри генерал-адьютант А.Н.Кропаткинди коюшту.

* * *

Ферганаанын губернатору А.И. Гиппиус ыктыярдууларды чогултуу үчүн орус жана өзбек тилинде миңдеген баракчаларды таратып, өзү шаарларды кыдырып, жергиликтүүлөрдү ыктыярдуулардын катарына жазууга аракеттенди. Бирок ал молдолор, мударистер, муфтийлер:

Орус армиясынын муктаждыктарына жумушчуларды берүүгө тыюу салынган деп куранда белгиленгендигин маалымдашты.

– Куранда мындай тыюу салынган эрежелер жок. Куран бул согуш башталганга чейин миң жыл мурда жазылган

– Кана, ошондой жерин.

– Аскер губернаторунун андай талабына дин аалымдары жооп беришпей, көрсөткүлө деп талап кылды.

– Калкка куранды түшүндүрүп, же чечмелеп берүүгө мусулман мыйзамы тыюу салгандыгын, аны которууга мусулманчылык уруксат бербестигин айтышты.

Ал өзү араб тилин билген катары, молдолорсуз эле куранды жумушчулукка алууга каршы болгон жери жоктугун, бийликке баш ийүү жөнүндөгү жерин окуп берерин айтып, Наманганда эки күндөн кийин болуучу эл менен жолугушууга Куран китепти алып келүүгө буйрук берди. Жолугушууда китепти колуна алып, окууга белсенгенде, ага жергиликтүүлөр:

– Селдени башка чалып, чапан кийиңиз деп өтүнүшүп, Куранды буларсыз окууга болбостугун талап кылышканда, уездин начальниктери сот, башка чиновниктердин көзүнчө ал талаптан баш тарта алышпады.

Фергана аскер-губернатору, генерал-лейтенант Гиппиус артиллериялык армиянын жана чыгыш тилдер курсун бүтүрүп, Кичи Азияда штаттан сырткаркы консул, андан кийин Башкы штабдын начальнигинин карамагында болуп, он жыл мурда азыркы ээлеген кызматына дайындалган. Англис, түрк, перс тилдерин жана айрым жергиликтүү тилдерди билип, Куранды жана Англия цивилизациясынын тарыхын түп нускасында окуган болчу.

Өз билемдиги үчүн Гиппиус июлдун аягында кызматтан чакырылып, анын ордуна Жиззактагы кандуу көтөрүлүштү басууда таанылган П.П.Иванов аскер-губернатору болуп келди.

Көтөрүлүш күчөп турган мезгилде облустагы көчмөн кыргыздардын көбү жайлоолордо эле. Алар менен келгин дыйкандардын ортосундагы чыр-чатак уланып, аскердик муктаждыктар үчүн аттардын тартылып алынышы мал-жандыктарды күч менен тартып алуулары аларды дүрбөлөңгө салган.

Ош уездинин начальнигинин милдетин аткаруучу Мельниковдун, аскер губернатору П.П.Ивановго кыргыздардын Кытайга өтүп кетүү мүдөөлөрүнүн себептери жөнүндө жазган рапортунда «Алай болуштугунун Эркеч-Там айыл жамааты жыйналышып, өздөрүнүн айылында жашоого мүмкүн болбой калгандыгын эгерде Үч-Дөбө айыл жамааты кабыл алса, ал жакка көчөрүн, болбосо Кытайга көчүүгө туура келерин билдиришкен.

Анын негизги себептери Эркеч-Там гарнизонунун начальниги казактар менен бирге алардын айылдарын талап-тоношкондорун, эгер арызданышса согуштук абалга шылтоолоп тындым кыларын айтышкан. Ошондой эле гарнизонго арпа бербей жадыктарын даттанышкан.

Түркстан крайынын генерал-губернатору А.Н.Куропаткин кыргыздардын Кытайга өтө качуу боюнча мүдөөлөрүнө түшүнүрүү иштерин адилеттүүлүктү көрсөтүп, кармап калуу чараларын белгилеп, №399 бажы постун астейдил кароону милдеттендирген.

Баш аламандыкты басуу үчүн расмий маалымат боюнча Түркстан аскер округунун кошуундары 14 батальон, 33 жүздүк, 42 замбирек жана 68 пулемет менен күчтөндүрүлгөн болчу.

Кийинки жылдын башына карата Түркстанда 8 офицер жана 121 төмөнкү чиндегилер өлтүрүлгөн. 3 офицер жана 114 төмөнкү чиндегилер жарадар болушкан. Дайынсыз 78 киши жоголгон.

Сот процесстери февралдын аягына чейин созулуп, сотко көтөрүлүшчүлөрдөн үч миң адам тартылган. 1888 асылган, же абактарда өкүм кылынган башка маалыматта үч миңден ашууну камакка алынып, 35и өлүм жазасына тартылып, калганы сургунгө айдалган эле.

Ушундай эле абал Фергана аймагындагы башка жерлерде, айрыкча өзгөндө дале ушундай абал кайталанган болчу. Ыраймсыз эзүү өз башына ээ болбогон турмушка, жат абалга келүү, эзүүчүлөргө болгон карама каршылыкка алып келди. Элдин ачык эмес нааразылык билдирүүсү Николай экинин «19-43 жашагы ден соолугу чың, каруу-күчү бар эркектер башка жерлерге жумушка жиберилсин» деген буйругу көпчүлүктүн кыжырдануусун пайда кылды.

1916-жылы июндун аягында уезддик башкаруучу Алексеевдин буйругу боюнча Ош шаарындагы Сулайман тоосунун алдына Төлөйкөн, Ош, Ноокат аймактарынан он миңге жакын адам жыйналган эле. Көпчүлүк алдына орустун башчысы чыгып сүйлөп, сөз ортосунда:

– Германияны жеңип алууга кыргыздардын, өзбектердин катышы эң чоң сыймык. Аны түшүнгөндөр өз ыктыярлары менен Орусиянын борбордук бөлүктөрүнө ар кандай жумуштарга малкулдуктарын берип жөнөп жатышат, – деп кайрылды.

Орустун башчысынан кийин жергиликтүү бай Абиджан Хажы уулу жана молдолор биринин сөзүн бири кайталап:

– Согушка баруу керек. Кедейлер өздөрүнүн балдарын кара жумушка жиберүүлөрү керек – деп айтышты.

Оор кыйынчылыктарды баштарынан өткөрүп жатышкан көпчүлүк чыгып сүйлөгөндөрдүн сөздөрүнө кыжырданышып, күүлдөшүп:

– Биз согушпайбыз! Балдарыбызды бербейбиз! – деп биринин артынан экинчиси нааразылыктарын билдиришти.

Көпчүлүк арасынан тайманбаган бирөөсү, сүйлөп жаткандарга карай таш ыргытты. Маңдайдагы топтошкон төрөлөрдү

көздөй таштар ыргытылды. Төрөлөрдү коштоп келген соодагерлер майда чиновниктер жыйындан качып кете башташты. Уу-дуу болгон көпчүлүктү жүзгө жакын куралчан солдаттар, орус-казактары ортого алып, кармоого аракеттеништи. Кармалгандарды зордоп, Сибирге сүргүнгө айдатышты, эртеси күнү эл арасында:

– Башка жерге барып кара жумуш иштөөгө тизме түзүлүп жатат, – деген сөз таркады.

– Укканга караганда тизме болуш-болуш боюнча түзүлүп жатыптыр. Ар бир бөлүм белгилүү бир санда гана адам берип турушу керек экен. Миң башы, болуш башчысына, андан тышкары ар бир элүү түтүндөгүлөр сегиз-он адамды жөнөтүүсү керектигин тапшырыптыр.

Байлар, молдолор өздөрүнүн балдарын тизмеге киргизбептир. Кокустан катталып калган болсо, бир нерсе берип, же кедейлер менен алмаштырып, болбосо кедейлерди өздөрүн балдарынын ордуна жиберүүнү көздөшүптүр, – деген сөз таркады.

Байлар, молдолор көпчүлүк ортосунда «кара тизмеге» катталгандарды үгүткө алышты.

– Көпчүлүк элдин атынан барып келгиле.

– Бизге согуштун эмне кереги бар? Барып, ким үчүн өлүшүбүз керек?

– Эмне үчүн биз орус падышасын коргообуз керек?

– Байлар, кулактар, манап, молдолор бизди жакырлантышты. – Алар падышадан сыйлык, жогорку кызматтарды алган. Бай манаптардын өздөрү, же балдары барышып жер казышсын, – деп чогулгандар кыйкырышты.

– Өзгөн аймагындагы Ак-Жар, Жазы жергесиндеги жашоочулардын жерлери талоонго алынып, жаңыдан көчүп келген орустарга берилиши, жергиликтүү дыйкандарды ого эле жакырлантты. Болуштардагы Куршаб, Мырза-Аке, Кара-Дыйкан айылдарына жаңыдан көчүп келген орустар отурукташа башташты. Падышалык колонизаторлордун келиши жергиликтүү дыйкандардын мойнуна түшкөн оор жүк болду. Падышанын буйругу боюнча чоң жеңилдиктерди алып, жер которгондор элүү жылга чейин аскердик милдеттен куткарылып, сугат жерлерден 9-10 гектар, сугарылбай турган жерлерден 21 гектар жер алышып, көп жылдарга салыктан такыр куткарылышты. Айылдагы жерлери тартылып алынган Сагынбай, Баймырза, Төрөкелди, Байтемир деген дыйкандар орустардын байларынын жеринде иштеп, алакандай жерлерди убактылуу карызга алышып, акырында аларга көз каранды болуп калышты. Айласыз орустарга, жалданып тиричилик кылышты.

1916-жылдын жай ортосунда элдин көпчүлүгү жайлоого көчүп кетишкен. Жыйын-терин убагы келгенде Айт майрамы болуп, көпчүлүк чогулушту.

– Жергиликтүү элдин эркектерин аскерге алат экен, – деген сөз таркады.

Эртеси Өзгөндөн бирөө келип:

– Өзгөнгө, Куршабга, Кара-Дыйканга солдаттар келишти, – деп айтты.

– Кыргыздарды аскерге алат экен деген сөз анык болуп чыкты. Элдин толкуну башталды. Бирин-экин топтолгондор ачык эле кыжырдана башташты.

– Аскерге барбайбыз! – деген кыйкырык, сүрөөн ар тараптан угулуп, томояктар айры, токмок, таяк, эски мылтыктарын көтөрүп жүрүшчү болушту.

Тоодон түшүп келгендерди бул кабар, көпчүлүктүн көрүнүшү сестентти. Көпчүлүк жашынуунун аракетинде болушту. Элдин ичи бир топ убакыт тынчтангандай болду. Бир күнү болуш келип, элди жыйнап:

– Он тогуздан кырк үч жашка чейинки эркектер башка жакка жумушка жөнөтүлөт деген «Ак падышанын» жарлыгы келди деп кабарлады.

Тизме түзүлө баштады. Көпчүлүк ага тең:

– Сен кедейсиң. Эч нерсең жок. Бул жерде эмне кылмак элең? Андан көрө аскерге бар, – дешип бай-болуштар жалаң кедей-дыйкандарды каттап жатышты.

Заматта көпчүлүк кедей-бай болуп эки топко бөлүнө түштү. Кедейлер кыйкырып «тизмени жок кылабыз» дешкендерди заматта солдаттар келип кармап жатышты.

Өзгөндөгү башчылар көпчүлүк арасынан тополоң чыгып кетпесин дешип бардык айылдарга, алдын ала солдаттарды алып келтиришип, кайтартып коюшкан экен.

Кара-Дыйкан жериндеги алты чарбадан бирден киши даярдалды. Алдын ала эле тизме бекитилип коюптур. Көпчүлүк алдында «кагаз, кат ыргытуу» колдонулуп, аты чыккан кедейлер каттоого алынды. Көрсө кедейлерди кагазга каттап, элди ишендиришиптир. Өзгөн аймагынан миңден ашык адам тизмеге киришиптир. Катка алынгандарды күздө жөнөтө башташты. Нараазычылык күчөп кетти. Элди дайыма солдаттар көзөмөлгө алып турушту. Кыйкырык, сүрөөн күч алып, аялдардын, жаш балдардын ыйы менен коштолду. Ош шаарынан келген баштык эл алдына чыгып сүйлөп:

– Ак падышага кыргыз эли жардам бериш керек. Башка жердегилер өз ыктыярлары менен жөнөп жатышат, – деп айтты.

Анын сөзүн болуш-молдо, элге башы тааныл гандар кубатташтары. Жыйындын этегинде көптүн кыйкырыгынан сүйлөгөндөрдүн сөздөрү угулбай калды. Көпчүлүк кыйкырып, ыйлап жатса, Оштон келген орустун башчысы күлүп турду. Тизмеге алынгандарды куралдуу солдаттар ортого алып, айдап жөнөштү.

1916-жылы июлдун башында куралданган көтөрүлүш чыгып кетпесин деген максат менен согуштан туткунга түшкөн австралиялык, венгриялык солдаттарды алып келип, орус кыштактарын кайтартышты. Өзгөн шаарында орустардан жана жергиликтүү калктагы полициялардын, орус казактарынын полкунун штабы жайгашкан болчу. Андан сырткары Өзгөн, Ак-Жар, Куршаб, Жазы болуштарына взвод, взводго бөлүнүп солдаттар келтирилди. Уезддин башкаруучусунун буйругу менен чыгышка баскынчылык кылып келген орус ж.б улуттагылар курал менен жабдылды. Себеби падышалык бийлик орус дыйкандарын чыгышка жиберип, аларды өздөрүнө таяныч катары пайдаланган болчу.

Падышалык бийликтегилердин тапшырмаларын белгилүү байлар жана дин кызматкерлери казы Жаныбек Сагынбай уулу, Өзгөн болушунун башкаруучусу Ак-Жардын белгилүү байы Бектемир Төрөгелди уулу, казы Жусупбай Калмырза уулу, Куршабдын болушу К. Михаил Иванович так аткарып турушту.

– Ак падышанын буйругун «аткарбайм» дегендер жазаланат,– дешип, уезддин жана болуш башчылары баягындай өздөрүнүн ырайымсыз жазаларын беришти.

Буйрукка моюн толгоп, аны аткарууга каршы чыккан жүздөгөн карапайым адамдар камакка алынып, Сибирге айдалды.

Убактылуу бийлик өкүлдөрү сүргүнгө барган, мандикерликке жиберилгендерди үйлөрүнө кетирүүгө уруксат берди.

* * *

– Жаңы заман болду. Үйүңөргө кете бергиле деген уруксаты менен он жыл Сибирде карагай кыйып жүрдүк. Жаңы замандын өкүлдөрү болгон орустар бизге уруксат берди – деп Ормонхан кайрылып келип, айылдаштарына айтып берди.

* * *

– Жаныбек кызынын шылтоосу менен кызылдар келип Көлдүк айланасын чабат экен,– деген сөз элге тарады. Айылдагы көпчүлүк үркүп, ата конуштарын таштап качып кете баштады.

Абдыкадыр Орозбеков коркуп качкан көлдүктөгүлөр менен сүйлөшүүгө келгенде Молдокасым экөө жолугуп калышты. Көптөн бери бири-биринин кабарын билбей жүрүшкөн экөө, көпкө сүйлөшүштү.

– Туугандарыңа айтып түшүндүр. Кызыл аскерлер элди чапмак тургай, чапкын, кыргындан коргойт, – деди А.Орозбеков.

– Эл коркуп-үркүп, ата конуштарын таштап кетип жатат. Сен бизди кызылдардын кыргынынан сактап кал! – деди Молдокасым.

Молдокасым көлдүктөгүлөргө А.Орозбековдун сөзүн айтып түшүндүрүп, көпчүлүктү көчүп бараткан жолунан кайтарып келди.

– Орозбеков менен сен кандай себептен, кайсыл жерде жүрүп, кантип тааныш болуп калгансың? – дешкен туугандарына Молдокасым:

– Сибирде мандикерликте бирге жүргөндө дос болгонбуз, – деп жооп узаткан болчу.

* * *

– Кедей, кембагалдарды жумшап, акысын бербей, бай болгон деген шылтоо менен өкмөттүн өкүлдөрү милиция жөнөтүп Жа-

ныбектин иниси Калыбек болушту үйүнө барып кармашты. Аны менен кошо Калыбектин уулу Турдуну, жээни Калдарбекти, Турдунунун кайнагасы Жунушбайды баш кылып, айылдагы байлардын чогуусу менен айдап Өзгөнгө алып келишти.

Түнү менен аларды кайтарышып, ортого алыша Ошко алып жөнөштү. Калыбек болуш артында келаткан уулу Турдуну ымдап өзүнө чакырып:

– Түнү менен жүрүп, таң зааpда Ошко жакындаганда тактын (тоонун) карааны үлбүл көрүнөт. Ошондо мага жандай келип, жакын бастыр – деп эскертти.

Болуш жолду ката ичинен күңгүрөнө дуба окуп, таң атып, тоонун карааны үлбүл көрүнгөндө, аттан ооп жыгылып, жан берди. Кошо келе жаткандар «чур» этип, аттарынан түшүшүп, болуштун жансыз денесин тегеректеп туруп калышты. Аларды ортого алып, сак-сактап келе жаткан айдоочулар (милициялар) баш көтөртпөй, түрткүлөй зомбулукка салышып кайра айдап жөнөштү.

Болуштун он эки жашар баласы Алымбек айлана-тегеректегилерден суранып, ат улоо таап келип, атасынын жансыз денесин арабага салып айылына алып келди. Элге кабар берип, атасынын тажиясын өткөрүп, ак кепиндеп, аруу жууп, өзү туруп жаназасын окуп, атасынын сөөгүн мүрзөгө өзү аярлап койду. Кошо келишкен туугандары топурак салышып, куран окушту.

Эртеси эле өкмөттөн келген өкүлдөр Калыбек болуштун, анын бир тууган эжеси Толкун байбиченин малын сүрүп айдап барышып, Мырза-Акеде жаңыдан уюштурулган Буденный колхозуна өткөрүп беришти.

Кармышак Эсенбай уулу Жаныбек казынын бирден бир ишенимдүү жигиттеринин бири болчу. Казы соодага өткөндөн кийин аны менен кошо кербен башы болуп Кокон, Ташкен, Казакстан, Чыгыш Түркстанга чейин көп жолу барып-келип турган. Кийин кулакка тартылып, Куршаб түрмөсүнө камакка алынды. Бир жарым миң кишинин ичинен атууга өкүм болуп, конвойлор атууга алып баратканда Кара-Дарыяга боюн таштап, аркы жээкке сүзүп өтүп, аман калды.

* * *

Жаныбек казы кеңеш өкмөтүнүн жүргүзгөн иштерин жактырып, аны менен биргеликте жаңы заманды курууга белсене киришкен эле. Балдарын да борбордон окутуп, билим алууларын самаган болчу. Беделбай уулу Омск шаарында окуп, аскердик билим алды. Кийинки уулу Төрөбек Ташкендеги аскердик окуу жайындагы аткычтар мектебине окууга кабыл алынган болчу.

Казы шаарда окуп, аскердик билим алган Беделбай уулун көрүп, ичинен сыймыктанды. Аскердик тартип, айылдан барган уулун аябай эле өзгөртүптүр. Бою шыңга тартып, баскан-турганы чапсаң. Атка да үзөнгү теппей минет. Аскердик кийимдин жарашканын айт.

– Тфу! Көзүм тийбейсин. Көп карабайынчы – деген казы ичинен толгонуп, уулуна суроо бере кетти.

– Ишти кандай баштамак болдуң, уулум?

– Окууну жакшы бүтүп келипсиң, «Бир ай эс алып, анан ишти баштасын» деген катты жетекчиликке алабыз. Бир айдан кийин кел! – дешти жетекчилер.

– Жакшы болуптур, уулум. Көптөн бери окууда жүрүп, тууluп-өскөн айылыңды, тоо-талааларды сагынсаң керек. Кеңири аралап, ат бастыр. Аба-аксакалдар менен учурашып, тели-теңтуштарың менен көңүл ач.

– Аба-аксакалдар менен учурашсам болот. Теңтуштар менен ойногудай мен бала эмесмин да, ата!

– Сен канчага чыксаң да мага бала бойдонсуң, уулум. Эр жеттиң, өзүң бил. Атаңдын айтаары ушул, – деди казы тамашалай.

– Ата, менин жообума көңүлүңүз оорубадыбы?

– Өзүң айтмакчы, сен бала эмессиң. Кимге кандай сүйлөп, кантип жооп бериштө өзүң билесиң. Мен сенин ичиңде кириң жоктугун, ак-көңүл экендигиңди жакшы билем, уулум.

– Кечириңиз ата? Аскердик тартип, так сүйлөп, түз жооп бергенди талап кылат экен.

– Негизи адам баласы так сүйлөп, түз жооп бериши керек. Кээ бирөөлөр азил айтып, күлкү кылам деп кеп кадырын жоготуп аларын билбейт.

– Ата, мен сиздин алдыңызда «сөзүмдөн жаңылып калбайын» деп көп ойлоном.

– Ап-бали. Сүйлөгөнгө чейин сөз ээсинин кулу, сүйлөгөндөн кийин ээси сөздүн кулу. Ошондуктан эл «он ойлоп, бир сүйлө»- деп, бекер айтпайт.

– Ата, элдин сөзү өтө бай, өтө таамай, өтө курч экенине, көп дале маани бербей жүрдүм эле.

– Эмичи?

– Эми, ар бир сөздү сүйлөөр алдын, ойлончу болдум.

– «Ойчу ойлонгуча, тобокелчи тоо ашып кетет», – дейт эл. Биröөнүн сөзүн кунт коюп угуу, сыйлоо, чоң ызат. Сезимтал, зирек болууга аракеттенип, буйдалбай сүйлөө чебердик. Аңгемелешип жаткан адамга кунт коюп, жүзүнө тике карасаң, ичиндеги ою сага айкын болот. Ар нерсени айтырбай билүүгө, көнүк уулум.

– Алган кесибим да дал ушуну талап кылат. «Кыраакы бол», – дейт.

– Анда сен, окуудан адашпапсың, уулум. Жараткан пендесине «жаратылгандын баары сеники, напсиңе көз каранды болбо!» – деп эскертиптир. Ар нерсеге канаат кылганга үйрөн, уулум, – деп казы сөз арасында насаатын да айта кетти.

* * *

Ат бастырып, эл кыдырган, Беделбай, түш оой жээни Сакмамат экөө Өзгөндөн келатышкан. Капыстан жолдо Төлөнбайга жолугуп калышты. Ал учурда Төлөнбай Машырап уулу Ош округунун милициясынын начальниги болчу. Саламдашышып, ал жай сурашкан соң:

– Жүргүлө, бир жерден бозо ичип, суусундарды кандыра кетели! – деди Төлөнбай.

Ысыктын күнүндө, чаңкап келе жаткандарга, анын сөзү жага түштү.

Бозо салган үйдө көпкө отурушуп, кет-кетке келгенде, үй ээси аларды аттандырып жатып:

– Аттанаар аягыңарды ичип кеткиле,– деп ар бирине мелтекалт, бозо куюлган кеселерди сунду.

Ат үстүндө туруп «аттанар аякты» шыңгыта ичишкендер ыраазычылыктарын билдирише жолго чыгышты. Угуту күчтүү чыккан бозого кызыштыбы, аттарын чаап жөнөштү. Какырга

келгенде Беделбай аттан ооп жыгылып баратканда, Сакмамат аркадан жетип келип, тагасын жөлөдү.

– Айланайын жээним, бүгүнкү көргөн-билгениңди атама угузба. Бозого кошуп, эмне балээ беришкенин билбейм. Кокустан атам күмөндөсө таштыктарды кыргын кылып, эл ичинде доо кетип, кырылышып калышпасын. Оозуңдан сөз чыкпасын, – деп, Беделбай эскерте кетти.

Ошол кезде Какырда жаңыдан колхоз уюштурулуп Эшей башкарма болчу. Ал айылдагылардан айран чогулттуруп келип, таң аткыча Беделбайга айран ичирип, улам-улам кустурду. Беделбай оорусунан оңоло албай, эки ай төшөктө жатып, көз жумду.

Уулунун тажиясында кайгыга чыдабай казы, жерге жата кала, ат оонагандай оонап:

– Беделбайым өлдү. Оомадыт кетти. Өкмөт эми, мага ишенбейт, – деп айылындагылардан бөлүнө, тоого кетти.

Бир тууганынын өлүмүн укkан Төрөбай Ташкендеги окуусун таштап, үйүнө келди. Окуянын чоо-жайын укkандан соң, атасын жаман аттуу кылган басмачыларды издеп, тоо аралап жөнөп кетти. Уурулук кылып, бей-бечараларды талап-тоноп, адам өлтүрүп, зомбулуктары менен эл арасына батпай, качып жүргөн басмачыларга барып, ар биринин күнөөсүн угуп, билип, ошого жараша жазасын берген Төрөбай, бир түнү эч бир жанга билинбей Өзбекстанга кирип кетти.

Атасынын караланганын угуп-билип, туугандарынын жапа чегип, кордолгонун туйса да, туулган жерине, тууган-уругуна келе албады. Күн сайын оожалып, дүркүрөп өскөн кеңеш өкмөтүнүн саясатын кармап, барган жерин мекен кылып, тууган-урук, дос жар тапты. Үйлөнүп, бала-чакалуу болуп, кызмат даражасы көтөрүлдү. Элдин бири катары ак иштеп, атанын осуятын унутпаганы менен туулуп өскөн жери эсинен такыр кетпеди.

* * *

Көлдүктөгү айыл өкмөтүнүн башчысы Сакы уулу Ташбай казынын аркасынан барып:

– Казым, элиңизден бөлүнүп кетпеңиз? Биз сиздин кепилдигиңизди алып, каматтырбайбыз? Мындан кийин сизге өкмөт тийишпейт. Жогору тараптагылар сизди:

– Кооптонбой жашай берсин, – дешти.

– Эки күндөн кийин Назарали экөөң келгиле, жообун берейин, – деп союушун союп, ызаттап узатты.

Убада боюнча Ташбай менен Назарали эки күндөн соң казыга барышты.

– Атайлап силерге сыйымды тартууладым. Эми, коштошконубуз болсун. Мен жол тартам. Элди силерге, силерди Кудайга тапшырдым.

– Андай дебениз, казым? Сизден жакшы жоп укканы келдик эле.

– Ишенген Беделбайым жок. Мага өкмөт тарабынан эми ишеним болбойт. Кошкула! – деди казы бетине бата тартып.

* * *

Кара-Шородогу малын айдатып жай гана Ак-Талаага ашып кетти. Ал жакта жай отура албай, «качык» аталып жүрүп, Ат-Башыга жалаң арчадан мечит салдырды. Күндө беш убак намазын үзбөй окуйт. Шериктерине көп деле сүйлөбөй, анда– санда күңгүрөнүп коёт. Жайлоодо казы менен бирге Тыныбек бийдин баласы Коргонбай, Калыбек болуштун ортончу уулу Алымбек күнүтүнү бирге болушуп, алыстап кетишпеди.

Ташкулдуни балдары Алибай менен Салибай Коргонбай менен түрмөдөн качып чыгышып, издөөдө болушчу. Алар чек арапы талкалаган Омар кашка менен бирге жүрүшчү.

– Коргонбайды кармайбыз, – деп баргандар, эч кандай күнөөсү жок Алымбекти кошо атышты.

Ал учурда казы күпкүндүзү эч кандай тоскоолдуксуз эле, атын жай бастырып, чек арадан өтүп кеткен болчу.

* * *

Февраль революциясы Орусиянын аймагындагы жашаган элдердин тарыхындагы маанилүү окуя болду. Кыргызстандагы көпчүлүк жумушчулар иштеген жерлерде митинг, демонстрациялар болуп, падыша бийликтерин жоюу, сегиз сааттык жумуш күнүн киргизүү, болуп жаткан дүйнөлүк биринчи согушту токтотуу, саясий камактагыларды бошотуу өндүү талаптар коюлуп

жатты. Канткенде да революция болуп, төңкөрүш жасалды дегени менен аны жетектөө бийлик төбөлдөрүнүн колунда турду. Убактылуу өкмөттү баягы эле буржуазия, феодал жана байлар колдоп жатышты.

Жергиликтүү калктын өкүлдөрү колониячыл эзүүнү жоюу, улуттук теңчиликти орнотуу үчүн улуттук боштондук мүнөздөгү күчтөрдү бириктирген уюмдарга бириге башташты. Айрым билимдүү эл башкаргандардын таасири менен советтер түзүлө баштады. Ошто солдат депутаттарынын Советтери түзүлүп, андан соң Өзгөндө пайда болду. 1917-жылдын апрель айында Пишпекте кыргыз коомдук комитети, августа Ошто мусулман жумушчулары менен чайракерлер депутаттарынын совети түзүлдү. Бирок улуттук мүнөздөгү түзүлгөн уюмдар уюшулганы менен алсыз, олку-солку абалда болчу. Алардын башында мурда падышалыкка кызмат кылган бай манаптардын өкүлдөрү турушту.

Солдат депутаттары менен катарлаш аткаруу комитеттери жана коомдук коопсуздук комитеттери деген бийлик органдары түзүлгөнү менен мурдагы падышалык бийликтин саясатын улантышып, өзгөрүү анчейин билинбеди.

Борбордук Орусияда кош бийлик болсо, Кыргызстанда үч бийлик: жумушчулар менен солдаттар, депутаттар совети, убактылуу өкмөттүн комитеттери, кыргыз коомдук комитеттеринен турган бийликтер болду.

Убактылуу өкмөттүн жүргүзгөн саясатына каршы элдик толкундоолор уламдан-улам күчөп, жумушчулардын чакырыктар менен чыккан демонстрациялары коштоп турду. Себеби, алардын катышуучулары болгондор Москвадагы «Проводник» жана «Тушно» фабрикаларынан беш жүзгө жакын оштук кыргыздар жана башка жерлерде иштешкен жумушчулар убактылуу өкмөттүн уруксатысыз эле мекенине кайтып келишкен эле. Убактылуу өкмөт кыргыздарга улуттук-боштондук бермек тургай, көтөрүлүштүн катышуучуларын жазалоону жана куугунтуктоону улантты.

1917-жылдын жаз айларынан тартып, Кыргызстандын калкынын бардык катмарлары саясий турмушка активдүү тарты-

лып, жер-жерлерде социал-демократиялык топтор түзүлө баштаган болчу. Ал эми түштүктө өзбек жана кыргыз байлары жана мусулман дин кызматкерлери тарабынан «Шуро-и-Ислам» партиясы түзүлүп, иш баштаган эле. 1917-жылы 6-мартта Кызыл-Кыя кениндеги шахтерлор жумушчу депутаттарынын советин түзүштү. 16-мартта Сүлүктүдөгү шахтерлор өздөрүнүн Советин шайлашты. Жумушчулардын Советтери менен катар Кыргызстандын шаарларында жана аскердик бөлүктөрүндө солдат депутаттарынын Советтери түзүлдү. Ошто мусулман жумушчулары менен чайрыкерлер депутаттарынын Совети түзүлдү. Карапайым калк чыныгы эркиндикке жетише албады.

Көтөрүлүштүн натыйжасында кыргызстандыктардын чарбасы бүлгүнгө учурашы, жергиликтүү элдин мал-мүлкүнөн ажырашы чарбалык жана азык-түлүк кризисин күчөттү, жумушчулардын абалын кескин төмөндөттү.

Жазында Сүлүктүдө, Ошто жана Кызыл-Кыяда демократиялык топтор түзүлдү. Ал эми Пишпекте Абдыкерим Сыдыковдун жетекчилиги менен «Алаш» улуттук партиясынын жергиликтүү бөлүмү иштей баштады. Кыргызстандын түштүгүндө өзбек жана кыргыз байларынын жана мусулман дин кызматчыларынын өкүлдөрүн бириктирип, «Шуро-и-Ислам» партиясынын жергиликтүү уюму түзүлдү. Андан соң Социал-Туран партиясын түзүү аракеттери башталды. Ал эми күз айларынан баштап Орусияда большевиктер партиясынын аракети айкын билине баштады.

Түркстан аймагында өз алдынча, же Орусиянын тутумунда автономиялуу мамлекет түзүүнү көздөгөн партиялар жана топтор айрыкча февраль революциясынан кийин аракеттерин күчөтүштү. Казакстанда түзүлүп, Кыргызстанда да тамыр жайган «Алаш» улуттук партиясынын максаты казак жана кыргыз элдеринин өз алдынча мамлекетин түзүү болчу. Партияны көрүнүктүү коомдук ишмери, орусиянын мамлекеттик думасынын мүчөсү Кадет Ахмед Байтурсунов жетектеди. «Алаш» партиясы кыргыз-казак элин өз алдынча мамлекет болуу мүдөөсүн көздөгөн. Ага буржазиялык демократиялык багыттагы казак-кыргыз интеллигенциясынын улуттук буржазиялык өкүлдөрү, демократиялык маанайдагы бардарлар, дин кызматкерлеринин, дый-

кандардын айрым бир бөлүктөрү кирди. Кыргызстанда алгачкы болуп Абдыкерим Сыдыков 1917-жылдын жайында Бишкекте «Алаш» партиясынын бөлүмүн түзүп, Түндүк Кыргызстанда иш алып барды. Анын жер-жерлердеги уюмдарын уюштурууга кыргыз интеллигенциясынын алдыңкы өкүлдөрү болгон Ишеналы Арабаев, Касым Тыныстановдор аракеттеништи.

Партиянын катарында жогорку диний мектептерден келген көптөгөн окуучулар, дыйкандар, жумушчулар болушту. Кытайга качууга аргасыз болгон кыргыз-казак качкындарына жардамдарды көрсөтүшүп, эл алдында эркиндик, теңдик, демократия, элдердин бир туугандыгы, алардын эркин өнүгүшү деген ураандарды көтөрүп чыгышты. Калк арасында алар үчүн түшүнүктүү тилде үгүт жүргүзүлгөндүктөн, эл арасында чоң таасирге ээ болду.

1917-жылы «Туран» партиясы Ташкенде түзүлүп, тез эле Кыргызстандын түштүгүндө уюмдары пайда болуп, коомчулуктун айрым бир өкүлдөрүн тарта баштады. «Туран» партиясы өз катарына Түркстан аймагындагы окуучулардын, мугалимдердин, котормочулардын жана улуттук соода буржуазиясынын өкүлдөрүн бириктирип, «Туран» Түркстан аймагын Орусиядан бөлүп, бирдиктүү Түрк мамлекетин түзүү максатын көздөгөн эле.

* * *

1917-жылы 7-ноябрда Петроградда жумушчулар, солдаттар жана матростор тарабынан убактылуу өкмөттүн бийлиги кулатылды. Ошол эле күнү кечинде Смольныйда Советтердин Бүткүл Россиялык II сьезди ачылып, ага Түркстан крайынын делегаттары да катышты. Анда он үч элдик комиссариат түзүлүп, В.И.Ленин башында турган Ички иштер элдик комиссариаты уюштурулду. Улуу Октябрь революциясынын жеңишинин үчүнчү күнү (1917-жылдын 28-октябрында) 10-ноябрында Советтик өкмөттүн тапшырмасы менен Ички иштер эл комиссариаты (НКВД) жумушчу милициясы жөнүндө токтом чыгарды. Анда жумушчулардын милициясын түзүү жана Кызыл Армиянын куралдуу отряддарына таянуу менен иш жүргүзүүсү каралган эле.

Жылдын этегинде жергиликтүү Советтердин демилгеси менен коомдук тартипти чыңдоо боюнча Орто Азиянын жана

Казакстандын шаарларында «Кызыл гвардия жөнүндө жобо» бектилип, коомдук тартипти сактоо боюнча куралдуу отряддар жана дружиналар түзүлө баштады.

Жаңы өкмөттүн тапшырмасы менен ички иштер Эл комиссариатынын (ИИЭК) «Жумушчу милициясы жөнүндө» токтому кабыл алынды. Ошол учурда курч кырдаал жумушчулардын милициясын түзүү жана Кызыл Армиянын куралдуу отряддарына таянуу өтө зарыл эле. Жогорудагы токтомдун негизинде Түркстан Элдик комиссарлар Советинин (ЭКС) 1917-жылдын 18-ноябрында бардык жумушчу дыйкан Советтерде букаралардын жана алардын мүлктөрүнүн коопсуздугун камсыз кылуу милдетин аткаруу боюнча Кызыл Армияны түзүү ишине киришүү тапшырылды. Кыргызстандын түштүгүндө биринчи жолу 1917-жылы март айында коопсуздук комитети түзүлдү. Жогорудагы тапшырмалардын негизинде Түркстан крайынын Эл комиссарлар советинин «Запастагы кадрларды уюштуруу жана милицияны кайра түзүү» боюнча буйругу чыгарылды.

Жылдын этегинде Түркстан АССРинин БАК милиция органдарын уюштуруу түзүмүн аныктап, РСФСР Түркстан Республикасынын милициясынын Жобосун бекитти. Жобого ылайык советтик жумушчу-дыйкан милициясы борбордук бийликтин жер-жердеги аткаруу органы болуп, жергиликтүү советтерге жана ички иштер комиссариатына карады.

Республиканын түштүгүндө Кызыл милиция отряды басмачыларга каршы күрөштө чоң күчкө айланды. Күч жагынан теңдешсиз кармашууларда душманга оор сокку уруп, чоң жоготууларга учураткан учурлар көп болду. Кыска убакыт аралыгында эле жакынкы аймактардагы басмачыларды жок кылууда, аймакты контрреволюционерлерден тазалоодогу жетишкендиктер айкындалып жатты.

* * *

Ташкенде 1917-жылдын 31-октябрында (13-ноябрында) Совет бийлиги орноду деп табылып, жумушчу, солдат жана дыйкандар депутаттарынын 3-съезди 28-ноябрында Түркстандагы мамлекеттик бийликтин эл комиссарлар Советине өткөрүүнү

тааныды. Кыргызстандын аймагында биринчи болуп, Сүлүктү менен Кызыл-Кыяда Совет бийлиги жарыяланды. Совет бийлигинин орношун тездетүүдө Советтердин Фергана бөлүгүндөгү 6-съезди (6-декабрда) чоң таасир тийгизди. Декабрда Жалал-Абадда, 1918-жылы январда Ошто Совет бийлиги орноду.

* * *

Кылмыш издөө кызматы падышалык Орусиянын мезгилинде эле жүргүзүлүп келген эле. Петр биринчи тарабынан кылмыш издөө кызматын түзүү боюнча жарлыкка кол коюлуп, анын негизинде ууруларды кармоого ар тараптан аларга көмөк көрсөтүү губернаторлорго милдеттендирилген болчу. Екатерина экинчи да кылмышты иликтөө иши менен жакындан таанышып, ага астейдил көңүл буруп, кылмыш издөө бөлүмүн өз алдынча мекеме кылууга көрсөтмө берген. Ошондон улам 1782-жылдан баштап Орусиянын бардык шаарларында полиция башкармалыгы түзүлүп, тартипти көзөмөлдөө, жарандык кылмыш ишти текшерүү милдеттери ыйгарылган. Ал эми Александр экинчинин тушунда жасалган кылмыштарды жашыруун ыкмаларды колдонуу менен кылмышты ачуу жана алдын алуу боюнча полициянын издөө бөлүмү түзүлгөн.

Кеңеш өкмөтү Кыргызстанда орногон мезгилдин алгачкы жылдарында, же тагыраак айтканда 1918-жылдын 5-октябрь күнү революциялык тартиптик эрежелерди сактоо, бандитизм менен күрөшүү жана кылмыштуу мүнөздөгү кылмыштарды иликтөө максатында Орусия Советтик Федеративдик Социалистик Республиканын «Кылмышкерди иликтөө бөлүмүн уюштуруу жөнүндө» жобо кабыл алынып, кийинки күнү жумушчу-дыйкан милициясынын башкармалыгынын курамында Кылмышкерлерди иликтөө борбордук башкармалыгы түзүлдү.

* * *

Большевиктер жарыялаган «Улуттардын өз тагдырын өзү чечүү укугу» деген принципке таянышып «Түркстан автономиясы» деген урааны көтөрүп чыгышты. Анын башында мусулмандардын Түркстан крайлык кенешинин төрөгасы Мустафа Чокоев

турду. Бул демилгени «Шуро-и-Исламиядан» тышкары «Алаш», «Мусулман эмгекчилеринин бирдиги» сыяктуу уюмдары колдошту. Ошол жылдын декабрында Кокон шаарында Түркстан мусулмандарынын төртүнчү курултайы өтүп, анда Орусия Республикасынын курамында «Түркстан автономиясын» түзүү маселеси кубатталды. Автономияны башкаруучу өкмөттүн курамы шайланып, башына Мустафа Чокоев, «алашчы» Тынышбаев көрсөтүлдү. Курамына жергиликтүү элдердин өкүлдөрү менен бирге славян адамдары да киргизилди. Мусулмандардын Кокон курултайы жергиликтүү элдердин кызыкчылыктарын коргоо чечимин кабыл алды.

Мурдатан эле калыптанган Кокондо дини мусулман болуп, көптөгөн мечит медреселерде иштеп таалим-тарбия берген, талаба мударистер арбын болчу. Айрыкча Орусиядан окуп билим алгандар, Сибир баш болгон падышачылыктын түрмөлөрүндө отуруп келгендер, Казань, Уфа, Кашкар, Багдат, Ыстамбул, Бухара шаарларында окуп, англисче, орусча жана башка тилдерди билгендер көп эле. Алардан сырткары да Орусия, Кашкар аркылуу батыш, чыгыш өлкөлөрү менен алака кылган соодагерлер жана алардын кызматкерлери дүйнөдөгү саясат менен айрыкча Орусиядагы күндөн-күнгө күч алган өзгөрүүлөр боюнча жаңы маалыматтарды алып турушкан болчу. Уламдан-улам, тездик менен жылып келе жаткан жаңы саясат билимдарларды жана диний ислам адамдарын ойлонтпой койбоду.

Жаңы өкмөттүн кеңештеринин курамына жаңы эле сырттан келгендердин кириши, суулуу, тегиз жерлерди ээлеши, артыкча укуктарды пайдаланышып, ар дайым курал менен жүрүшү, жергиликтүүлөрдү кара жумушка пайдаланылышы көпчүлүк арасында уу-дуу сөз болчу. Мурдагы жылдагы падышанын жергиликтүүлөрдү зордоп мандикерликке алуу жарлыгы, ага жалпы элдин каршылыгы улуттук күрөшкө айланган эле. Аны басыш үчүн Борбордук Орусиядан жазалоочу аскерлер атайлап келтирилип, кубаттуу курал-жарак менен Борбордук Азиядан милионго жакын кишинин өлтүрүлүшү, эки жүз миңдейи Сибирге сүргүнгө айдалышы, үч жүз миңдейи баш калкалоого чет өлкөгө ооп кетиши, иши кылып жергиликтүүлөрдүн мал-мүлкү, байлыгы таланып, тууган-уруктарынын кырылышы падышалык орустардын атайлаган иши экендиги жергиликтүүлөргө айкын болду. Эл тозуп, журттун бузулушунанбы ошол он жетинчи жылдын кышы узакка созулуп, өтө эле оор болду. Өрөөндү жут каптап, мал-жан кырылды. Калк каржалып, өлүм көбөйдү. Аймакты бүтүндөй ачарчылык каптады.

Бир нече шаар, аймактардан келген эки жүздөн ашык өкүлдөр, айрыкча молдолор, имамдар, казы, сопулар кошулушуп, мусулмандардын чукул чыкырылган төртүнчү курултайын өткөзүшүп, бир добуштан «Орусия бийлигинен азат болобуз. Башка диндегилер менен бир дөөлөттү түзө албайбыз» деген бүтүмгө келишти. Түрк тилдүү элдин өкүлдөрүнөн Курултайды куттуктаган телеграммалар биринин артынан бири келип, эгемендүүлүккө болгон умтулууну колдоп жатышты. Курултайда Түркстан жумуриятынын аткаруу комитетинин өкмөтү түзүлүп, 32 кишиден турган уламалар кеңеши шайланды. Өкмөт башчылыгына казак Мухамеджан Тынышбай көрсөтүлүп, кийин анын ордуна тышкы иштерди тейлеген Мустафа Чокоев бекитилди.

Өкмөттүн ички иштерин, азык-оокат, билим берүү, өнөр жай курулуш ишканаларын тейлеген вазирлик орундарга билимдүү интеллигенциянын өкүлдөрү көрсөтүлүп, кызмат орундарына бекитилди. Бул болсо жергиликтүүлөрдөн чыккан интеллигенттердин жаңы демократиялык күчтөрдүн жетилип калганын айгинелеген көрүнүш болчу. Алардын негизги божомолунда Түркстан ислам жумуриятын түзүү, билим берүүнүн-жадидчилик (жаңы) жолун түзүү. Түркстан элдеринин бириктирүү, уруу урук-тардын башын кошуу, мыйзам чыгаруу органдарын түзүп, алардын милдеттерин бөлүштүрүү, чек ара кайтарууну колго алуу, ички тартипти чыңдоо, улуттук армия түзүү, дин эркиндигин берүү, бардык улуттарды бирдей кароо, өзүнчө акча чыгарууну колго алуу болчу.

Курултайдан кийин кокондук чоң Жаамы мечитинде, жарым миңдей адам чогулуп, жаңы Түркстан жумуриятынын туусун мечиттин купасына коелу деп чечишти. Ташкендеги мечитте Түркстан Мухтар (автоном) жумириятынын Шоро (Кеңеш) мүчөлөрү жана зобололуу кишилер эл алдына чыгышып, Түркстан

Мухтариятын тааануу маселесин жар салышты. Бул кабар калың элдин катмарында да колдоого алынып жатты. Бир катар шаарларда Кокон автономиясын колдогон жыйындар болду.

Ташкендеги большевиктик өкмөт Кокон автономиялуу өкмөтүн мыйзамсыз деп жарыялады. Орусия өз алдынча болгусу келгендерди жактырбады. Эл комиссарлар кеңеши «Жаңы чыкан Түркстан Мухтар жумуриятынын бул иши өлкөнү бөлүп-жарууга болгон аракет. Мыйзамга туура келбейт», – деп Ленинге жана аны кубаттагандарга шашылыш билдирүү беришти.

* * *

Жергиликтүү калктын өкүлдөрү колониячыл эзүүнү жоюу жана улуттук теңчиликти орнотуу үчүн улуттук боштондук мүнөзүндөгү күчтөрдү бириктирген уюмдарга топтоло башташты. 1917-жылдын апрель айында Пишпекте Кыргыз коомдук комитети түзүлсө, августта Ошто мусулман жумушчулары менен чайрекерлер депутаттарынын Совети, 1917-жылдын майында Пишпекте Абдыкерим Сыдыковдун жетекчилиги алдында «Алаш» улуттук партиясынын жергиликтүү бөлүмү түзүлдү. Ага чейин майда Казакстанда (Оренбург) түзүлүп, анын башчылыгына Алихан Букейханов менен Ахмед Байтурсынов өндүү буржазиялык-демократиялык багыттагы топтун өкүлдөрү келишти. Алар башында турган «Алаш» партиясынын негизги максаты казак жана кыргыз элинин өз алдынча мамлекетин түзүү болду. Ал эми Кыргызстандын түштүгүндө өзбек жана кыргыз байларын жана мусулман дин кызматчыларын, интеллигенция өкүлдөрүн бириктирген Шура-и-Ислам (Ислам кеңеши) партиясынын жергиликтүү уюму иштеди. Кыргызстандын аймагында Социал-Туран партиясынын жергиликтүү уюмдарын түзүү аракети башталды.

Буга жергиликтүү элдин айрым өкүлдөрүнүн улутчул көз карашта болгону, орус улутундагы кээ бир большевиктик лидерлердин шовинизм маанайындагы иш жүргүзгөнү негиз болду. Ушунун өзү большевиктер жергиликтүүлөргө колониялык саясатты улантаарын көрсөтүп койду. Эзилип келген улуттардын кызыкчылыктары эсепке алынбастыгы улам дайын боло берди. Курч турган улуттук маселелердин чечилишин күткөн жергиликтүү интеллигенциянын үмүтү акталбагандыктан алардын өкүлдөрү чукул маанайдагы аракеттерин башташты.

«Улуттарга жана элдерге укук берилет. Ким эмне кылса өзү билет» деген Лениндин сөзүн большевиктер эстеринен чыгарышты. Ошол кезде Ташкенде 1-2-Сибирь аткычтар полку жана армиянын элдик кошундары, армян дашнактар жайгашкан болчу. Аларга темир жол тармагында иштеген жалаң европалык кишилерди курал берип кошушту.

Большевиктердин жол бербегенине карабай Кокон автономчулары совет бийлигине каршы үгүт жүргүзө башташты. Коондук куралдуу күчтөрдүн командачылыгына полковник Чанышев дайындалып, Кокон милициясын Эргеш жетектеп турган эле.

Кокон автономиясы күн сайын чыңалып, бекемделе берди. Түркстан аймагындагы жергиликтүү улуттардын өз тагдырын өзү чечүү жана өз алдынча улуттук мамлекетин түзүү үчүн күрөшүп жаткан Мустафа Чокоев, Мухамеджан Тынышбаев баш болгон жетекчилердин кадыр-баркы жергиликтүүлөрдүн арасында өсө берди. Коконго Скоблевде (Ферганада) турган төрт замбирек, төрт пулемёту бар жүз кырк кишиден турган отряды келтирилди. Ташкендеги, Самаркандагы Кызыл Армиянын бөлүктөрү, ошондой эле Кызыл-Кыянын гвардиячылары келтирилди. Кондун өзүндө турган дашнактар жүз армян дружинниктери да бар эле.

Жаңыдан баш көтөрүп, эми гана көрүнө баштаган Түркстан мухтар жумуриятынын жетекчилерин жок кылуу үчүн большевиктердин жалаң славян улутунан түзүлгөн Кызыл армиячылары каптап кирип, Кокондо граждандык согуш башталды. Хан калаасы ок, дары, кан жыттанып, кара түтүн каптады. Автономго жардамга келчү жолдор тосулду. Ал эми Кызыл армиячыларга Анжиан, Наманган, Маргалаң өндүү жакынкы шаарлардан жардамдар берилип, биринин артынан, бири келип жатты. Өкмөт мүчөлөрү камакка алынып, асканын асып, атканын атып, качканы куугунтукка алынды. Эптеп аман калганы чет өлкөлөргө кетип, из жашырышты. Кокон жумириятын жок кылууга большевиктер эч аянышпады. Эл чогулган жайлар, мечит-медреселер өрттөлүп талкаланды. Бул окуя болшевиктерди, бутуна жаңы гана туруп

келе жаткан Совет өкмөтүн элге жаман көрсөтүп койду. Мындай мыкаачылык, зомбулукка мусулмандар чыдап тура алышпады. Адилетсиздикке кыжырданган эл колундагы кетмен-күрөгүн, орогун ташташып басмырлагандарга каршы курал алышты. Ушул кандуу тополоңдо большевиктин башчылары да, кызыл командирлер да, динчилер да, карапайым эл өкүлдөрү да бирибирине «басмачы» атала башташты.

Кызыл кыргын Фергана өрөөнүндөгү эки жүзгө жакын шаар-кыштак, айылдарды каптады. Маргалан, Анжиан, Наманганды кызылдар өрттөшүп, бейкүнөө адамдарды өлтүрүштү. Базар-Коргон, Сузак, Жалал-Абад, Ош жана башка кыштактарды да өрт каптап, зордук-зомбулук, өкүм сүрдү. Эл үркүп, тоо таянды. Бул абалды көрүп-билген, кулак түргөн башка аймактыгылар ар ар жердеги жаңыдан түзүлүп келе жаткан жаңы өкмөттүн мүчөлөрүнө ачыктан ачык каршылык көрсөтө башташты. Карапайым калк өзгөчө оор абалда калды. Эгин эгилбей, түшүм алынбай, ачарчылык каптады.

Автономчуларды жазалаган кызыл кыргындан Маргаланда жети миңдей, Анжианда алты миңдей, Наманганда эки миңдей, Базар-Коргон менен Кокон-Кыштакта беш миңдей киши өлтүрүлдү. Армия дружинниктери менен кызылдар Коконду бир ай өрттөштү. Сузак, Базар-Коргон, Кокон-Кыштакта адам аттуу калбай, тоо-токойлорго качып, жашырынышып, көчөлөр ээнсиреп калды. Кокондогу Мухтар жумириятын кулатуу үчүн большевиктер эч нерсени аябады. Кеңеш өкмөтү убадага турбагандары, тил алып баш ийбегенди тукум курут кылууга жөндөмдүү экендиги аныкталды. Өз өкүмүн басып, басмачылап, мажбурлап аткартаары билинди.

Түркстан эл комиссарлар кеңеши Ташкен шаар думасын тарkatып, буржуазиялык гезиттерди жаптыртты. Дин мамлекеттен бөлүндү. Бардык байлыктарды большевиктер тартып ала баштаты. Орусияга оңойлук менен кошула бербеген Орто азиялыктарды куралдын күчү, же алдоо жолу менен болсо да шашылыш Советтештирүү керек эле.

1918-жылдын жайында жаш Совет республикасынын согуштук саясий абалы оорлоду. Өлкөнүн түндүгүн англиялык-француздук жана американдык, Ыраакы Чыгышты япониялык жана англиялык империалисттер басып алышты. Германдык баскынчылар Прибалтиканы толугу менен ээлеп, Белорусияга, Украинага жана Донго кирип келишти. Баш-аягы капиталисттик он төрт мамлекет куралдуу интервенция уюштурду. Совет өлкөсүнүн аймагынын төрттөн үч бөлүгүндө интервенттер жана ак гвардиячылар кожоюндук кылып жатышты. Түркстан Автономдуу Республикасы аймагы жагынан РСФСРдин аймагынан бөлүнүп, Федерациянын борбордук органдары менен тыгыз байланыш болбоду. Маданий-экономикалык жактан артта калган Түркстанда Совет бийлигин орнотуу жана бекемдөө контрреволюция күчөгөн кыйын абалда калды.

Мусулмандардын кыймылын басууда орус кызыл аскерлери өзгөчө «каарданышты». Күнү-түнү мылтык үнү басылбай алолонгон от, уюлгуган көк түтүн шаарды тумчуктуруп турду. Кокон автономиясын талкалоо мыкаачылык менен жүргүзүлдү. Маргаландан Анжиан, Намангандан Базар-Коргон, Кокон-Кыштактан, Сузактан биринен-бирине уланган большевиктердин жазалоосу кыргынга айланды. Муну көрүп турган эл айласыз коргонууга өттү. Кеңеш өкмөтүнө болгон ишеним жоголду. Түркстан аймагы чоң кыйроого учурады. Дыйканчылык токтоп, эл талаага чыгуудан зааркanды. Пахта иштетүүчү заводдор, көмүр кендери, ири дыйканчылык жерлер ээлеринен тартылып алынды. Жерсиз калгандар, менчигинен ажырагандар большевиктерге каршы чыгышты. Орусиянын ири шаарларындагы ачарчылык андан бетер күчөп, азык-түлүк барбай калды. Түркстан аймагында өзгөчө кырдаалды көзөмөлдөө комиссиясы түзүлдү.

Түркстан аймагын колдон чыгарбоо, абалды жөнгө салуу боюнча шашылыш комиссия түзүлүп, тажрыйбалуу большевиктердин тобу жиберилди. Алардын негизги максаты диндик, тилдик, салттык жактан орусиялыктарга кошула бербеген, орто азиялыктарды кандай жол менен болсо да, советтештирүү керек болду. Алардын ар түрдүү аракеттери менен Ташкенде жумушчу жана мусулман депутаттарынын кеңештеринин бүткүл түркстандык 5-съезди чакыртылып, Түркстан аймагын РСФСРдин карамагындагы Автономиялуу Республика деп жарыялады.

Бирок, орус кызыл аскерлери калкты кыйноону токтотушкан жок. Айыл-кыштактарды, шаарды эркин аралап жүрүштү. Бир аз эле каршылык көрсөтүлсө, алардын талаптары аткарылбай калса эркек-аялына, бала-бакырага карабай жазалоого алып, атып, кылычтап өлтүрө башташты. Туугандарын, жакындарын жоготкон адамдар, баягы менчигинен ажырагандар биригип алышып, кек алуу үчүн аракет кылып, колдоруна курал алышты. Ошентип «басмачы» деген сөз эки тарапка тең тиешелүү болуп калды. Жергиликтүүлөрдүн арасынан элди коргоого үндөгөн эр азаматтар чыгып, өз топторун түзүп, күрөшкөнү менен большевиктер курал жана күч жагынан өктөмдүк кылышты. Орусиядан, татарлардан түзүлүп, аскердик даярдыктан өткөн кызыл аскерлерди алып келишип, жергиликтүү баш көтөргөндөрдү мыкаачылык менен жазалашты. Башкаларга сабак болсун дештиби, кээ бир айылдардын калкын талап-тоношуп, өздөрүн талаага айдап алып барышып атып жатышты.

Түркстандагы ички контрреволюция негизинен чет өлкөлүк капитал колдогон басмачылардын кыймылына таянды. Контрреволюциянын Кыргызстандагы негизги базасы болуп, бир кездерде Орусиянын борбордук райондорунан көчүп келип, жергиликтүү элдин жерин басып алуу, орус, кыргыз кембегалдарын аёосуз эзүү, эгин, мал сатуу жолу менен байыгандар эсептелген буржазиялык улутчулдарга, байларга, ири көпөстөргө, молдолорго, ак гвардиячыларга таянган басмачылар чет өлкөлүк капиталисттердин колдоосу менен Совет бийлигин кулатып, феодалдык түзүлүштү орнотууну максат кылышты.

Фергана облусу граждандык согуш жылдары басмачылыктын борбору болуп калды. 1917-жылы 26-27-ноябрда Кокондо өткөн мусулмандардын атайын чакырылган крайлык IV *съезд*инде «Кокон автономиясы» – деп аталган Түркстандагы буржуазиялык улутчул өкмөт түзүлгөн эле. Анын түпкү максаты Түркстанда Совет бийлигин жоюп, Кокон хандыгын кайра түзүү, Түркстанды Советтик Орусиянын курамынан чыгарып, анда жашаган мусулмандарды түркиялыктар менен бириктирүү болгон. «Кокон автономиясынын» башкаруучу төбөлдөрүнүн бири Эргеш баштаган топ 1918-жылдын январынан тартып куралдуу

күрөшкө чыгышты. Бирок, бир айга жетпей, Кызыл Армия бөлүктөрү аларды талкалады. Эргеш тоого качып барып, күч топтоп беш жүз адам менен Фергана өрөөнүнө кайтып келди. Аларды курал-жарак, ок-дары менен Ооган жана Бухара эмиратынын реакциячыл күчтөрү камсыз кылды. Ферганада Эргешке Калкожо сыяктуу уурулук, каракчылык кылып соттолгон жети корбашы топтору менен кошулду. Эргеш корбашынын колу ыктыярдуу жана милиция отряддарынан бир нече жолу катуу сокку жеди.

Уламалардын колдоосунда өзүн хан деп жарыялаган кичи Эргеш 200 миң аскеринен калган 200 жигити менен Бачкир кыштагына (Кокондон 18 чакырым аралыкта жайгашкан) чегинген. Ал жерде 27-февраль күнү Кызыл Аскерлер дашнактардын дружинасынын бириккен күчтөрү менен болгон кагылышууда кичи Эргешке ок жаңылды. Анын ордуна чоң Эргеш шашылыш дайындалып, Бачкир кыштагында анын буйругу боюнча курулган чеп май айына чейин басмачылардын негизги таяныч пунктуна айланды. Ошол учурда чоң молдо Эргештин кол астында 18 миңден 24 миңге чейинки аскер топтолгон. Фергана өрөөнүндөгү басмачылардын башын бириктирүү максатында мурда келише албаган «Шура-Улама» менен «Шура-и-Ислам» саясий уюмдардын өкүлдөрүнүн демилгеси менен 1918-жылдын март айында Бачкир кыштагында корбашылардын биринчи курултайы чакырылды. Ага кырктан ашык корбашылар катышты. Мусулмандар кошунунун башкы командири болуп бекитилген. чоң Эргешке «Амир-ал-мусулман» наамы ыйгарылды. Мадамин бек менен Шермухаммед (Көршермат) чоң Эргештин орун басарлыгына дайындалышты.

* * *

Англиялык интервенттерге, ак гвардиячыларга жана контрреволюциялык басмачыларга каршы күрөшүндө Түркстандын жумушчулар менен дыйкандары өлкөнүн бардык элдеринин дайыма колдосуна таянышты. Жаш республиканы жанчып ташоого аракеттенгендерге каршы, тезинен жаңы армияны түзүү, аны куралдандыруу жана машыктыруу талап кылынды. Шашылыш дал ошондой армия түзүлдү. Волгада ак чектерге каршы кү-

рөш жаңыдан эле бүткөн кезде, «Россиянын жаңы бошотуучусу» Колчактын армиясы пайда болду. Душман техника жагынан артыкчылыгы жана аскер санынын көптүгүнөн пайдаланып, 1919-жылы март жана апрель айларында көптөгөн аймактарды басып алып, токтобостон Волганы сүзүп өтүп, Москвага барууга камына баштады.

Совет республикасына чоң коркунуч пайда болду. Ленин «Баардыгы Колчакка каршы күрөшкө» – деген ураан таштап, Чыгыш фронтуна жардам берүү үчүн бардык күчтөрдү мобилизациялоого үндөдү. Чыгыш фронтундагы абалга байланыштуу партиянын Борбордук Комитети Тезис жарыялады. Партиянын чакырыгына жооп кылып, миңдеген коммунисттер менен комсомолдор аскер бөлүктөрүнө өз ыктыярлары менен катталышты.

Кызыл Армиянын катарларында жалпы аскер бөлүктөрү менен катар улуттук бөлүктөр татар, башкыр жана башка түрк элдеринин кызыл армиялык бөлүктөрү түзүлдү. 1919-жылдын күз айларынан Түркстан фронтунун М. В. Фрунзе командалык кылган советтик аскерлери Түркстан тосмосунан бузуп өткөн мезгилден тартып, айрыкча күч алды. Эн негизги уюштуруу жагындагы толгон-токой түйшүк кедергисин тийгизип жатты. Бригадада артилеристтердин өтө жетишсиздиги, баарыдан мурда жоокерлерди кийим-кече, курал-жарак жана башкалардан камсыз кылуу түйшүгү турду. Эң эле зарыл мылтык, пулемёттор, жарак-жабдык, ок-дары жетишсиз болду. Саясий бөлүм ишенимдүү саясий кызматкерлерден тобун уюштурууда жоокерлерди тамак-аш, улоо, зарыл керектелүүчү азык-түлүк, медициналык тейлөө согуштук курал, ок-дары өтө зарыл эле. Жокчулуктун кесепетинен жоокерлер массалык түрдө ооруп, мектептер чоң-чоң имараттар, оорулууларга медицина кызматкерлери жетишпей, дары-дармектердин тартыштыгы көпчүлүктү мукуратты. Темгилдүү келте бүтүндөй аймакты каптады.

Чыгыш фронтундагы Тухачевский командалык кылган армиянын составындагы 59-аткычтар дивизиясынын Төбөлдүк 524-полку Тула шаарынын жумушчуларынан түзүлдү. Адмирал Колчак менен генерал Дутовдун ак гвардиялык армиясы талкаланып, Верный шаарындагы козголоң басылгандан кийин, ал

Түркстандык 22-аткычтар полку болуп аталды. Полк Верныйда эки айга туруп, Жети-Суудагы жана шаардын чет жакаларындагы Совет бийлигинин тарабында турган казактардын, орустардын эсебинен толукталды. Командалык состав мурда падышалык армияга кызмат кылган, бирок кийин ак гвардиялык контрреволюциячылар менен болгон согушта сынактан өткөн офицерлер жана унтер-офицерлер эле.

Верныйда турган полк согуш тактикасын үйрөнүү, аскердик тартипти чыңдоо боюнча машыгуудан өттү. Кийимдер, куралдар Колчактын жана Дутовдун армиясы менен болгон согушта колго түшүрүлгөн олжолор болду. Полк үч батальондон, андан тышкары пулеметтон аттуу жана жөө чалгынчылар командаларынан, кенже командирлерди даярдоочу командадан түзүлдү. Күз айынын башталышында басмачыларга каршы күрөшүү үчүн полк Ташкен шаарына жөнөтүлдү.

Аскердик даярдыгы жагынан полк жакшы баага арзыганы менен кийим-кече жагынан жупуну, курал-жарактан жетишсиз эле. Аны байкаган Фрунзенин көрсөтмөсү менен полктун өздүк составы бирдей түстөгү кийимдер менен жабдылды. Чет элдик согуш куралдары алмаштырылып, кем-карч болушунча толукталып, полк Англиянын, Түркиянын колдоосунан пайдаланып элге катуу кыянатчылык менен барган жерлеринде зордук-зомбулугун, талап-тоноочулугун жүргүзүп жатышкан басмачылар менен күрөшүүгө Наманганга келди. Айыгышкан бир нече салгылашуудан соң басмачылар Төрө-Коргон менен Чусту таштап кетүүгө аргасыз болушту. Күйүк-Мазардан, Гавадан, Варзыктан түндүк тарапка чегиништи. Ушул салгылаштарда басмачылар көп жоготууга учурашты. Көп сандаган аттар, англиялык, немецтик, орустун курал-жарактары колго түшүрүлдү. Хожентти, Кокон ду, Наманганды, Касанды, андан кийин Урсатьевскиден Наманганга чейинки темир жол станцияларын ээлешти. Бирок, ага карабай басмачылар Анжиандан Наманганга чейинки темир жолду бузушту.

* * *

Фергана өрөөнүндө ири корбашылар Эргеш Кокон, Анжиан уездин, Мадамин бек Скобелев менен Кокондун аралыгын,

ошондой эле Маргалан уездинин Шааркан, Асакеге чейин жана Анжиан уездин, Мойдунбек Ноокат болуштугунан тартып, Намангандын түндүк бөлүгүндөгү Таш-Көмүр станциясына чейин, Жалал-Абаддын түндүк бөлүгүнөн тартып Чаткалга чейин Рахманкул, Баястан, Арзымат, Аманкул корбашылар көзөмөлдөп турушту. Мындан сырткары жогорудагы корбашыларга баш ийүү менен уездик чөйрөдө, маселен Оштун тегерегинде Калкожо, Өзгөн тарапта Жаныбек, Маргаландын тегерегинде бир туугандар Шермухаммед менен Нурмухамбет, Намангандын тегерегинде Аман палван, Кабыл, Сатыбалды казы, Анжиандын тегерегинде Акунжан, Парпи корбашылар аракеттеништи. Чоң Эргештин колдунда 18, Мадаминбекте 5, Шермухаммедде 6, Калкожодо 3, Аман палбанда 2.5, Парпиде 3.6, Мойдунбекте 4.5, Жаныбек казыда 5.7 миң кол топтолду. Фергана өрөөнүндө күз мезгилинде 9 ири корбашынын карамагында 52 миңдей басмачы совет бийлигине каршы согуш жүргүзүштү.

* * *

Мадамин бек Наргинскиге он төрт жылга сүргүнгө айдалып, 1917-жылы мунапыс боюнча бошонуп келгенден кийин, Маргалаң милициясынын начальниги болуп дайындалган болчу. 1918-жылы жайында бүткүл отряды менен басмачылар тарабына өтүп кетти. Басмачылар чет тараптан колдоого алынып, 1919-жылдын февралында Англиялык консул, мурдагы падышалык консулга жүз миң рубль, Кашкарга качып барган орус көпөстөрү жүз элүү миң рубль жардам берди. Мадамин бекти колдошкон Колчактын эки генералы англичандардын эки офицери келишип, ага полковник чинин ыйгарышты.

Ошол эле жылдын октябрь айында ири басмачылар топторунун корбашылары Айым кыштакта чогулушуп, курултай өткөрүштү. Ага Англиянын, Бухара эмираты, Түркстандагы улуттук буржуазиялык топтордун өкүлдөрү келип катышышты. Фергана аймагындагы Мадаминдин, Эргештин, Шермухаммед (Көршермат) жана Калкожонун башчылыгында басмачылардын жүз элүүдөн ашык өкүлдөрү келишти. Анда биргелешкен топтор, Ош жана Жалал-Абаддагы кыштактарга, орустар жашаган аймактарга басып кирип, талкалоону макулдашышты.

Ноябрь айынын башында Мадамин бекке Фергана облусунун Кара-Дөбө айылында жашыруун англо-афгандык делегация, афгандык байлардын англиялык чалгынчылары кошулуп келишип, бир топ басмачылардын топторунда болушуп, акчалай колдоо көргөзүштү. Айдын этегинде Казан полкунун отряды, кызыл аскерлер менен биригип, болгону 122 кызыл аскерлер басмачыларга каршы аттанышты. Беш миңден ашкан басмачылар көптүк кылып, кызыл аскерлерди камоого алышып, колго түшүрүшүп, жырткычтык менен кыйнап өлтүрүшүп, денелерин Кара-Дарыяга ыргытышты.

Мадамин бектин отрядында англиялык шпион Неисберг, бир тууган Ситковскийлер, Фаринский, генерал Муханов сыяктуу аскер кеңешчилери жана инструкторлор болгон эле. Мадамин өзүн «Ферганандын башкаруучусу» жана мусулмандардын куралдуу күчтөрүнүн башкы командачысы – «Амир аль Муслимин» деп атаган болчу. Ал эми Бухара менен Фергана аймагынын мусулмандары «исламдын таламын жактоочулары» жана «кедей-кембагалдардын коргоочулары» – деп аташты. Мадамин бекке эң ири сегиз банда кошулду.

Англис агенттеринин үгүтү менен падышанын качкын ак гвардиячыл офицерлеринин азгырыгына ишенип, «Жаңы ляшкар башы» болууну самап, мансапкордук сезим менен Көршермат, Калкожо эшен, Аман Палбан корбашылар бөлүнүп чыгып кетишти. Ошол кездеги даңкы, кадыры өткүр Мадаминбек бөлүнүп кеткендерди эсине келтирип коюу максатында арага киши салып, кепке келишүүгө чакырды. Алар кепке келмек тургай, Мадаминбекке кайра душман болору чекисттер тарабынан бир нече жолу эскертилди. Ал кезде Көршермат англисттерден чин алып, өзүн «амин ляшкар башы»– деп атап алса, Калкожо динге өтө берилген адам эле. Аман Палбан эч кандай максаты жок, түн катткан талоончу болчу.

Басмачылар тынчыбады. Арадан бир ай өтпөй эле, контрреволюциячыл күчтөрдү бириктирүү максатында убактылуу Фергана өкмөтүн түзүү колго алынып, Мадамин бек башчы болуп дайындалды. Монстров башкы командачы, падышалык генерал Муханов анын орун басары болду. Арадан бир жума өткөндөн

кийин Айым кыштагында корбашылардын курултайы болуп, Фергана өрөөнүндөгү 120дан ашкан басмачылар тобу, төрткө бөлүнүп, аларга Мадамин бек, Эргеш, Калкожо жана Көршермат башчылыкка көрсөтүлдү.

Басмачылар жергиликтүү калктын өкүлдөрүн: жумушчу-дыйкандарды жана коммунисттерди массалык түрдө өлтүрүп, шаар жана айылдыктарды талап-тоношту. Тынч жаткан калктын эгиндеринен, малдарынан салык алып, келин-кесек, кыздарды зордук менен алып кетип жатышты. Темир жолдорду, сугат тармактарын буздуруп, айдоо аянттарын аттарга тебелетишип, өрттөшүп, керектен чыгарып турушту.

Советтик, партиялык жана аскер жетекчилеринин биргелешкен кеңешмесинде Фергана фронтунун жаңы штабын түзүү чечими кабыл алынды. Фронттун башкы командачысы болуп, М.В.Софонов дайындалды. Революциялык Аскер Совети ал чечимди бекитип, Ош-Анжиян жана Кокон-Наманган аталган фронттун оперативдүү эки тобун түздү.

Түркстандагы комиссиянын иш-аракеттери жемишин бере баштады. Фергана өрөөнүндө боштондук кыймылын начарлатып, андан ары толук талкалоого мүмкүнчүлүк түзүлдү. Көтөрүлүшчүлөр өз базаларын толуктоо, ок-дары, аттарына жем-чөптү камдоо кыйындагандыктан, бийик тоолуу Алайга, Памирге орун которууга аргасыз болушту. Согуштан, ар кандай жыйындардан жана талап-тоноолордон тажап бүткөн жергиликтүү калктын айрым бөлүктөрү аргасыздан большевиктер тарабына өтүп, көтөрүлүшчүлөргө каршы чыга башташты. Большевиктердин демилгеси менен жергиликтүү калктан көтөрүлүшчүлөргө каршы күрөшүү үчүн ыктыярдуу негизде өзүн-өзү коргоо отряддары, милиция жана улуттук аскер бөлүктөрү түзүлө башталды.

* * *

Революциялык комитет-ревком-совет бийлигинин (граждандык согуш мезгилинде(чет элдик интервенция убагында 1918-1920-жж) атайын убактылуу органдары Октябрь революциясынын мезгилиндеги аскердик революциялык комитеттин тажрыйбасы колдонулган. Алар граждандык, аскердик бийликке толук ээ болушуп, революциянын атынан тыянак чыгарышкан.

Биринчи рволюциянын аскер совети (РАС), андан соң комитет аталып, 3-5 мүчөдөн туруп, совет бийлигин жергиликтүү органдар менен биргеликте иш алып барылган. Кыргызстанда жер, улут жана башка маселелерди чечүүдө, басмачыларды жоюуда жана контрреволюциялык күчтөр менен күрөшүүдө негизги милдеттерди алып барган.

СРКнын мүчөлөрү революциялык тартипти көзөмөлдөгөн. Согуштук революциялык комитеттердин административдик бөлүмдөрү ошол учурдагы бардык иштерди көзөмөлдөө менен иш алып барган.

* * *

Миңдеген куралдуу бандиттер айыл-кыштактарды талап-тоношуп, бейкүнөө адамдарды өлтүрүп, Анжиан, Маргалаң, Ош, Наманган шаарларына кол салып турушту. Анжиан, Жалал-Абад шаарларынын ортосундагы бирден бир темир жолу күн сайын бузулуп, Советтик жооптуу кызматкерлер, азык-түлүк топторунда, милицияда жана ЧКда иштеген активисттер, үйөздүк жана болуштук комитеттердин алдындагы аялдар кеңешине барып турган аялдарды басмачылар кескилеп, өлтүрүп жатышты. Өз топтору менен Калкожо Ош жана Анжиан аймактарында, Мойдунбек эски жана жаңы Ноокатта, Көршермат Кокон районунда, Мадамин бек Ферганандын жанында, Аман палбан Наманган районунда аябай жаалданып турушту. Ар бир түндө жергиликүү адамдардын бакырыктары угулуп жатты. Басмачылар Совет бийлигине тилектеш адамдарды жана добуш берген «төртүнчүлөр» деп аталган адамдары өлтүрүштү.

Жергиликтүү бийликтегилер көпчүлүк жашаган көчөлөрдө, кыштактарда жыйын уюштурушуп, аларга коммунисттер, большевиктер Совет өкмөтүнүн саясатынын идеяларын түшүндүрүп жатышты. Элди баш кошууга үндөштү. Басмачыларга каршы күрөшкө чакырышты.

Күрөш мурда бир жактуу жүргүзүлчү. Бандиттер кыштактарга келип, кескилеп, өлтүрүп, чан-тополоң сала, элди тоноп, кетишкенден кийин, ал кабарды укkан милициянын, кызыл аскерлердин чакан отряддары дароо жетип келишчү. Ал отряддын

мүчөлөрү жабыр тарткандар арасында аман калгандарды сурakka алып, басмачылардын капыстан кол салышканын, аларга жергиликтүүлөрдөн кимдер жардам бергендигин аныкташчу. Көп учурда андай маалыматтарды бергендер, кийинки эле күнү кызыл канга бөлөнүп, өлтүрүлгөн. Аларды коргой турган эч ким жок эле. Ошондон улам жергиликтүүлөр билген маалыматтарын да айтуудан айбыгышкан. Басмачылар зомбулуктарын уланта беришти. Ар бир кыштакты, ар бир элдүү жайларды басмачыларга каршы күрөштүн таянычына айландыруу колго алынып, элди дайыма кайтарып туруучу кызыл аскерлердин чакан топтору түзүлдү. Бирок, басмачылардын ири сандагы топторуна алар эч кандай туруштук бере алышпады.

Большевиктердин жер-жерлердеги уюмдары жергиликтүү калктын адат-салттарын этибарга албай, анын талаптары туура кармалбай элге зордук-зомбулук көрсөтүлдү. Айылдарды талап-тоноо, мал-мүлктү конфискациялоо катардагы көрүнүшкө айланды. Басмачылар келген, токтогон айылдын калкы күнөөсүз жазаланып турду. Басмачылардан бошотулган айылдарда кызылдай жазалоо жүргүзүлүп, «басмачыларга көмөктөшкөн сүңөр» деп көптөгөн эч бир күнөөсүз тургундарды кырып, атып ташташкан. Мындай жосунсуз иштер калктын кыжырданууусун туудуруп, өч алуу сезимин ойготуп, кызылдарга каршы жергиликтүүлөр көтөрүлдү. Эшен, молдолордун үгүт иштери да калктын большевиктерге каршы көтөрүлүүсүнө чоң түрткү берди. Зордукчул саясатты колдонуп, дыйкандардын, чарбадарлардын малын, эгинин тартып алуусу алардын басмачылар тарапка өтүүсүнө себеп болду.

Совет бийлигинин Орто Азиянын тоолуу аймактарына келүүсү «Алаш Ордо» же «Шураи Ислам» сыяктуу улуттук жана коомдук саясий бирикмелердин каршылашына катар басмачылар кыймылынын пайда болушу менен коштолду. Түрк тилинде басмачы – (кол салуу, басып алуучу, баскынчы) – басып кирген тарапты билдирет.

Басмачылар кыймылы Октябрь революциясынан кийинки большевиктердин жапырыгына жана совет бийлигин орнотууга каршы турган эң кубаттуу күчтөргө айланды.

Басмачылыктын жаралышына Түркстандын аймагында большевиктик жаңы саясатты зомбулук менен киргизүү себеп болду. Өзгөрүүгө башкаруунун саясий органдары гана эмес, мусулман коомунун бардык катмарлары мажбурланды. Кыймылдын башында жергиликтүү бай, бийлер, уруулардын башчылары, же өкүлдөрү, ири жана майда жер ээлери, динаятчылар, соодагерлер, дыйкандар түздү. Большевиктердин келиши менен жүздөгөн жылдардан бери келаткан каада-салттар жана баалуулуктар жок кылынды, же бузулду. Большевиктер революциясы саясий экономикалык жана социалдык жашоону камтыды. Коммунисттик идеология биринчи орунда «советтик адамды» тарбиялоону максат кылып койду.

Басмачыларды мурда большевикти колдогон реформачылар, мусулман жадидчилер, пантүркчүлдөр, түркстандык улуттчулдар колдошуп, таяныч болду.

Советтик адам үчүн дин деп аталган нерсе коммунисттик коомдун идеяларынан жогору турушуна жол берилген эмес.

Дин менен болгон салгылаш жеке эле экономикалык багытта эмес, эң негизгиси идеологиялык жагдайда жүрдү. Коммунисттик революциянын идеялары адегенде абдан көп мусулмандарды өзүнө тарткан. Ал турсун 1918-жылы кээ жерлерде мусулмандардын коммунисттик партиясы түзүлгөн, андан кийинчерээк мусулман коммунисттеринин Борбордук Комитети да пайда болгон. Бирок, тез арада эле курч идеологиялык кагылыштар келип чыккан 1918-жылы Орусияда жана Түркстанда кабыл алынган диндин мамлекеттен ажыратылышы жалпы мусулман элинин каршылыгын күчөттү.

Түркстандын айрыкча Фергананын өз алдынча бөлүнүү аракети пайда болгон. «Басмачылар» өрөөндүн басымдуу бөлүгүн көзөмөлдөп турушкан. Жакшы чалгындоонун, жер сырын мыкты билгендиктин, калктын көмөгүнүн аркасында кызылдарга кайдан болсун күтүлбөгөн жерден кол салышып, буктурма уюштурушуп, аларга салыштырганда канчалык начар куралданышпасын аларды чоң жоготууга учуратып турушту.

Кырдаал өтө олуттуу түргө келгенин көргөн борбордук бийлик тез арада орчундуу чара көрүү чечимине келди. Мындай че-

чимдин кабыл алынышына Түркстан Республикасынын Убактылуу Революциялык Кеңешинин борбордук бийликке аймактагы кырдаалды мүнөздөп, тезинен жардам сурап 1919-жылы 19-февралдагы өтүнүч кайрылуусу түрткү берди. Кайрылууда Фергана өрөөнүндө абал өтө курчуганын, көмөккө тезинен армия жиберилбесе, Фергана колдон чыгып, советтик бийлик бүтүндөй Түркстанда жоюлары билдирилген эле.

Советтик бийликти сактап калуу максатында 1919-жылы 14-августта Түркстан фронту уюштурулуп, анын башкы командачылыгына М.В. Фрунзе, революциялык аскер кеңешинин мүчөлүгүнө В.В. Куйбышев дайындалды. Экинчиден аймакта большевиктик башкаруунун катачылыктарын жоюп, калктын каршылыгын жумшартуу, советтик бийлик тарапка тартуу максатында Түркстан иштери боюнча өкмөттүк комиссия (Түрккомиссия) уюштурулуп, ал Москвадан Түркстанга жөнөтүлдү.

Түрк комиссия Түркстандагы абал менен жакындан таанышып, жакшылап билгенден кийин, иш алып барууну түп-тамырынан бери өзгөртүү жыйынтыгына келди. Жергиликтүү Советтик мекемелерге тартип орнотулуп, алардын калк менен иштөөдөгү, айрыкча улуттук маселедеги катачылыктарын мекемелер да жаңы негизде түзүлүп, бекем тартип киргизилди. Командачы М.В.Фрунзе кызыл аскерлер жергиликтүү калкка жакшы мамиле жасашын талап кылды. Алар ар бир бошотулган айылдын калкына бардык жардамын, көмөгүн көрсөтүп, алардын Кызыл Армияга ишенимин арттырууга көрсөтмө берди.

* * *

М.В. Фрунзе жаңы тактиканы сунуш кылды. Ири элдүү топтордо кыштактарды кыдырып карап чыгуу, аларды бандалардан тазалоодо кызыл аскерлердин жеңил атчандар топтору түзүлүп, алар негизги бир-бири менен тез-тез байланышуулары белгиленди. Басмачылар кыштактарга капыстан кол салганда, гарнизон коргонуу согушун жүргүзөт. Ал эми ушул аймакта аракет кылып жаткан оперативдүү кавалериялык топ душманды тылынан курчап, аны талкалап турду.

Паравоздон, бир нече вагондордон жана замбирек менен пулеметтор үчүн ачык эле платформадан турган талаа тибин-

деги бронепоезддер Анжиан – Кокон, Анжиан – Жалал-Абад аймактарында темир жол линиясын күчөтүп, басмачылардын ири топторуна каршы күрөш колго алынды. М.В. Фрунзенин көрсөтмөсү боюнча бронепоезддер менен бронеотряддар маал-маалы менен келип турду. Бир тарабынан каардуу, ары амалдуу жана бир орундан экинчи орунга тез-тез жылып турган душмандарды бөлүп талкалоого кам көрүлө баштады. Бригада алгач Акбарали менен Маккамкожонун олку-солку болгон басмачылар топторуна бир нече жолу сокку урду. Бир туугандар Акбарали менен Маккамкожо элчи жиберишип, согуштук аракеттерди токтотууну өтүнүштү. Экөө тең Совет бийлиги тарабына өтүүгө даяр экендиктерин билдиришти. Алар эки айлык машыгуудан жана текшерүүдөн өтүп, Түрк кавалериялык бригадасынын төртүнчү полкуна кошулуп Колкожо менен Мадамин бекке каршы урушка катышышты.

Мадамин кызыл аскерлерге өтүп кетишкен Акбарали менен Маккамкожодон өч алуу үчүн Пайтак кыштагына үч миңден ашык кол топтоду. Алар жакын жерде бригаданын комендантык ротасы жана эки бир туугандын отряддары турушкан болчу. 3-февралда Эргеш менен Мадамин бек Пайтактан сегиз чакырым жердеги Око-Обериде өз күчтөрүн топтоштурду. Арасында орус офицерлери бар, душмандын үч миңге жакын адамдары, эртеменки саат алтыда Пайтакка ок ата баштады. Пайтак кыштагы бардык тарабынан курчоого алынды. Гарнизон жардамга өтө муктаж болуп, ротанын командири Гафировдун билдирүүсү келди.

Тревога белгиси боюнча Анжиандан бригаданын командири Ю. Ибраимов башчылык кылган жеңил атчандар отряды тезинен Гафировго жардамга аттанды. Кызылдардын чабуулуна турушпак бере албай Мадаминбек түштүк-батышты карай, Кара-Кол кыштагына чегинди. Басмачыларды куугунтуктап, Кара-Колду, Избаскентти, Кокон-Кыштакты басып алууга өтө күчтүү отряд уюштурулду. Анда экинчи полктун аткычтар батальону, жөө чалгынчылар командасы, бригада тарабынан комендanttык командасы, жеңил атчандар отрядынын жүз атчаны, он алтынчы кавалердик полктун эскадрону жана Акбарали менен Маккамдын

жоокерлери катышты. Эки күндүк уруштан соң кыштакты ээлеп, Мадамин бекке толук талкалануу коркунучу туулду. Басмачылар көнүмүш адаттарынча майда топторго бөлүнүшүп, алыскы кыштактарга качышты.

Душман тынчып жатпастыгын ар бири жакшы түшүнүштү. Айткандай эле февралдын башында Горбуа жана Тода кыштактарынын аймактарында Мадамин бектин жан-жөөкөрлөрүнө Колкожо менен Эргеш өз кошуундары менен кошулуп, анда төрт миңге жакын атчан басмачылардын бардыгы чалгындоо аркылуу билинди. Экинчи Түркстан дивизиясынын командирининбуйругуна ылайык Гарбуа, Тода аймагындагы Мадамин менен Калкожого каршы барууга эки топ түзүлдү.

Кужелонун кавалердик бригадасы менен Ибрагимовдун командалыгы астында «он» аталган топ Горбуага тынымсыз, тез жылып, «сол» топ менен кошулуп, душманды талкалоо планы иштелип чыгылды. Жолдо баратып аскер бөлүктөр Шарихан жана Азиван кыштактарын ээлеп, ошондой эле Айым кыштагынын аймагын кошо тазалоого тийиш болчу, Скобелев аталган «сол» топко кошулууга мүмкүнчүлүк болбоду. Горбуанын жанындагы басмачылардын катуу каршылыгына кабылып, кысымда калышты. Аргалары кетип Владкино станциясын көздөй чегинүүгө мажбур болушту. Ал жерде жоокерлерди тыныктырып, кайрадан душманга каршы согушка аттанышты. Беттешүү кыска убакытта болгону менен салгылаш өтө катуу жүрдү.

Душман Горбуанын жанында талкаланып, чегинди. Аскердик чалгындоонун натыйжасында Мадаминбек Балыкчы аймагында Үч-Дөбө жана Жар-Коргонго өтүп бара жатып, Кужелонун кавалердик бригадасынын бөлүктөрүнө туш келди. Кужело негизги күчтөр жеткенче, душмандын кысымын токтотуп турду. Көршермат менен Калкожо Атава аймагында Пармановдун отрядына каршы согушуп жатты. Кызылдардын максаты жана милдети: Нарын жана Кара-Дарыя сууларынын оң жээгине бектин шайкаларынын өтүп кетишине мүмкүнчүлүк бербей, катуу чабуул коюу менен талкалап жок кылуу Көршермат менен Калкожону Атвай аймагында топтолгон шайкаларынын калдыктарын биротоло тазалоо болчу. Бригаданын бөлүктөрүнө тезинен чабуулга

өтүп душманга качып кетүүгө мүмкүнчүлүк бербей Нарын жана Кара-Дарыянын кошулган Балыкчы кыштагынын жанында камап талкалоо боюнча буйрук берилди.

«Атвай кыштагынын жанындагы операциялар үчүн он бешинчи кавалериялык полктун 2-жүздүк аскер бөлүгү, 16-Түрк полктун эскадрону жана 2-кавалериялык полктун жүз атчан аскери Федченкодон чыгып, Парманов менен кошулууга Русское селосуна келишти.

«Пайтак, Хаккул-Абад горнизондору аркылуу телефон, ошондой эле «тез жүрмө» почта боюнча бригада штабы менен байланыш болуп турсун. Операциянын жүрүшү жөнүндө кабарлар ар бир эки саатта бригада штабына берилсин!»-деген буйрук берилгенэле.

Басмачылардын негизги күчтөрү флангалык соккулардан кутулуп, качып кетүүгө үлгүрүшкөндүктөн буйрук жарым-жартылай гана аткарылды. Бирок, кийинки бир катар кармашылуулардын натыйжасында советтик аскерлердин колуна түштү.

* * *

Жылдын башында фронттун революциялык аскер Совети менен Түркстан Борбордук аскер комитети көп кан төгүүлөрдү болтурбоо максатында басмачыларга өкүлдөрдү жөнөтүп, жарашууга чакырды. Анткени басмачылардын катарында үйлөрүнө кайтып келүүнү каалап жүргөн, алданган дыйкандар бар эле. Сүйлөшүүлөргө бардык эле басмачылар макул боло бербеди. Алардын басымдуу бөлүгү буржуазиялык улутчулардын тукуруусуна берилип, англиялык интервенттердин колдоосуна таянып, кызыл аскерлерге каршы катаал күрөштү улантып жатты.

Басмачылар менен күрөшүүдө Фергана өрөөнүндө фронттун чеги, кайсы жерден өтөөрүн билүү да кыйын эле. Бардык жерде күчөтүлгөн сакчылар коюлбай, гарнизондун жоокерлери да, бейкут калк да, өрөөндүн эч бир жеринде тынч уктап, коопсуз тиричилик өткөрө алышпай калышты. Кызыл армиянын Генштабынын кызматкери Ф.Ф. Невицкий «Фронт кайда? Чек кайда? Деги, алар канча?» деп, көп ирет суроо койчу. Басмачылардын түн ичинде, кээде күпкүндүзү эле тынч тиричилик өткөрүп жат-

кан элге капыстан кол салышып, жолукканын кылычтап, бычактап, атып өлтүрүшүп, чаң-тополоң салыша, кайда кеткендерин билгизбей, көздөн кайым болушчу.

Мындай абалга жергиликтүү шарттарды жакшы билген коммунисттер, Совет бийлигинин органдарынын кызматкерлери, айыл активисттери менен тыгыз байланышта аракет кылууда жергиликтүү акылман, аң-сезимдүү, абройдун ээлери болгон аксакалдар, жаштар тартылды. Алар басмачыларга каршы урушка катышышып тим болушпастан, алардын ири шайкаларын эл тарабына өткөрүү боюнча коркунучтуу операцияларга катышып жүрүштү. Кээде алардын өмүрүнө чоң коркунуч кымбатка түшчү. Көбүн кармап алып, өлтүрүп да жатышты. Айрым активисттерди атайылып издеп келишип, көздөрүн тазалашты. Бригада комиссары, баатыр солдат Бакир Белоусов корбашы Жиноятханды кызыл аскерлер тарабына тартууга барган учурда, аны басмачылар кыянаттык менен кыйнап өлтүрүштү.

* * *

Карапайым дыйкан көбүн эсе талаада болот. Керээлден кечке кетмен чаап, суу жетелеп, эгин суугарат. Түбүн түптөп, кесегин талкалап, мака-жүгөрүсүн карайт. Ысыктын күнүндө чекесинде-ги терин аарчып коюп, эси-дарты аңыздагы эгинде. Отоо чөбүн жулуп, баш көтөрбөй иштейт. Кечке иш менен болуп, чаалыгып-чарчаган кезинде, жол четиндеги бактын көлөкөсүнө келип эс алганы отурат.

Капыстан жол тараптан атчандар өтүп баратып, эс алып отурган жигитти көрүп, ат тизгинин тарта ага жакын келип үн катышты.

– Ассалому алейкум!

– Ваалейкума ассалоом.

-Эмне кылып отурасың?

– Бир аз эс алганы отурдум эле.

– Ысыктын күнүндө кыйналбай, жүр биз менен тоого барып салкындап кел?

– Жо-ок. Ишими таштап кете албайм. Эгинимди эртерээк сугарбасам, ысыктын күнүндө күйүп кетет.

– Кудайдын күнү көп. Бүгүн сугарбасаң, эртең сугарасың.

– Эгин маалында суу ичпесе, кем түшүм болуп калат.

– Кел, биздин сөздү таштабай, атка учкаш?

– Жо-ок. Акелер ишим зарыл. Чакырганыңарга рахмат!

– Ызатты билбеген. Аттан дегенден кийин аттанбайсыңбы?

– Койгула акелер?

– Карма! Ийилип суранып отурабызбы. Сыйга чакырганды билбеген акмакты.

Жашыраак көрүнгөн экөө аттан шап түшө кала, дыйканды баса кала кармашып:

– Сенин жаның биздикинен артык эмес. Биз эмне болсок, сен да ошосуң. Биз менен кошо барбасаң, мойнуңду кыя чабабыз, – деп кылычтарын карманышты.

Каршылык кылайын десе, көптөп өлтүрүп салчудай. Айласыз аттарына учкашып баратты. Тоого барганда алардын айткасынын аргасыздан аткарды. Аларга кошулуп аттуунун атын тартып минди, тондуунун тонун тартып кийди. Тапса кыздын, таппаса жубандын койнунда болуп, кылмышка аралашты. Айылына жакын бара албай, качып калды. Кылмышка аралашып, өзүн күнөөкөр сезген соң, андан аркысын баары бир, – деп тартынбады. Баскан мачылардан баш тартса өлтүрүшөт. Айылына келип, кызылдарга жолукса, алар «басмачы» дешет. Айла таппай арсарсып жүрүп, көп күнөөлөргө аралашып, башы тумандап, корбашынын шилтеген жагына басып калды. Качып келип, элге кошулууну эңсейт. Дал ошондой башы тумандагандар баш кесер, ууру, жаны жок, куйтулардын тобу болгон басмачылардын арасында көп эле.

* * *

Аскерлердин саясий бөлүмдөрү жана совет бийлигинин жергиликтүү мекемелери жүргүзгөн иштерге Фергана аймагынын калкы улам кошулуп жатышты. Басмачылардын тамыры бироголо жок кылынбады. Көп узабай алар кызыл армияга каршы согуш аракеттерин кайра башташты. Өрөөндүн чет тарабына, тоолуу аймактарга топ-топ болушуп кетип жатышты. Айрым караңгы адамдарды үгүттөшүп, кээ бирлерине жалган байлыкты убада кылышып, кээлерин коркутуп, мажбурлап алып кетип жаткандыгы билинди.

Түркстан фронтунун революциялык аскер кеңешинин буйругу боюнча бир катар жерлерде «жеңил атчандар» отряддары түзүлүп, ага жергиликтүү эр жүрөк жигиттер тартылды. Мындай топтор Коргон-Төбө, Кара-Суу, Хаккул-Абад, Жалал-Абад, Пайтак, Базар-Коргон, Эски-Ноокат, Жаңы-Ноокат, Гүлчө, Ляңгар, Избаскент, Аман-Чура, Ош, Анжиан горнизондорунда уюштурулду. Жумушчулардын командалыгы алдында темир жолчулардын жана кыш заводунун кызматчыларынан бир нече роталар түзүлдү. Анжиан-Ош согуш району участкаларга бөлүнүп, анын ар биринин жетекчилиги айыл-кыштактардагы бардык майда горнизондорду бириктирүүгө макулдашылды.

Кызылдардын күчтөрүн топтоштуруу чараларын билген басмачылар, өздөрүнүн майда топторун бириктирип, ар бири эки, үч миңге жеткен кошундарды түзүп жатышты. Корбашылар чечкиндүү аракеттерге өтүштү. Кырк, элүү градуска жеткен ысыкта кызыл аскерлерди, элди суусуз калтырышып, жапа чектиришти. Дарыялардан бөлүнүп айыл аралаган арыктагы сууларды бөгөштү. Айрым жерлерде, сууларды арык, каналдарга көп бурушуп, айыл-кыштактарды селге каптатышты.

Басмачылардын кара санатай айла-амалдары аябай чектен ашты. Кызыл армиядагы жоокерлердин эркин майышпады. Бардык кыйынчылыктарга чыдашып, эр жүрөктүүлүгүн жана кайратмандуулугун көрсөтүштү. Көпчүлүгү безгек менен оорушса дагы, шайды кетирген чаңкоолорун басууга тамчы суу таппай жатышты. Сыркоо менен чаңкоого туруштук беришип, душман менен жан аяшпай салгылашып жатышты. Басмачылардын ири тайпаларынын чабуулдарынын мизин кайтарып турушту. Кужело, Ушаков, Парамановдун аз сандуу кавалердик бригадалары, жана андан тышкары жеңил атчандар топтору душмандардын чабуулуна туруштук беришип, кайра аларды куугунтукка алып турушту. Камоодо калган горнизондорго жардам көрсөтүшүп, чагылгандай чамынышып, тийип-качып, алагды кыла, кармаша беришти. Басмачылар кызылдардын жеңил атчан топторуна бет келүүдөн качышып, тайсалдашты.

Көршермат Горбуанын жанында талкаланган соң, бир азга из жашырган Анжиандын түштүк тарабындагы жыйырма чакырым

аралыктагы Жаңы-Чек, Булак-Башы кыштактарында бир жарым минден ашуун атчандар топтолгону билинди.

Татар бригадасы менен Кужелонун кавалеристтерин кошогон он бешинчи кавалеристтик полк Нияз Баатыр кыштагы тарабынан аракет кылууга тапшырма берилди. Анда Көршерматты тоого качып кетүүгө мүмкүндүк бербей, турган жеринде талкалоо белгиленди. Бир нече кагылышуудан кийин Жаңы-Чек кыштагы душмандан бошотулду. Бирок, басмачылар жан алакетке түшө коргонушуп, Татар бригадасынын Коновалов командалык кылган төртүнчү ротасынан турган гарнизонду Булак-Башы кыштагында камоого алууга үлгүрүштү. Жердин шартын толук өздөштүрө албаган кызыл аскерлер ыңгайсыз абалда калышып, ок-дарылары түгөнө баштаган болчу. Ок дарыларды жүктөгөн араба жакын жерде болгону менен анын айланасын душмандар ээлеп алган эле. Пулеметчу курман болуп, анын ордун Коновалов өзү ээлейт. Бирок тынымсыз атышуудан улам, сызмасында ондон ашпаган патрон калган. Жоокерлерде да төрт-бештен ашпаган гана патрондору бар болчу. Окко жетүүгө аракет кылган жоокерлерди алар үлгүртпөй атып жатышты.

Ок атуунун басаңдай түшкөнүн байкаган басмачылар, улам курчоого алып, жакындай башташты. Айласы кеткен жоокерлер курчоону жарып чыгып кетүүгө канчалык аракет кылышса да, душмандар алды-аркаларынан кысышып, шакектей ороп кетишти. Коновалов оор жарадар болуп, ордун Бочаров ээледи. Октору такыр түгөнгөн жоокерлер найзалашууга өтүштү. Басмачылардын кысымына тирүү калган жоокерлер баатырлыкты көрсөтүшүп, башка бөлүктөр жардамга келгенче салгылашып жатышты. Жөө аскерлер кыштактан чыгуучу жолдун баарын ээлешип, улам илгерилей беришти. Аңгыча аттуу эскадрондор кирип келишип, басмачылар менен көчөмө-көчө чабышып, ары сүр, бери сүр болуп жатышты. Бир нече саатка созулган кармаш, кызыл аскерлердин пайдасына чечилип, тирүү калган басмачылар багынып беришти. Бирок, Көршерматтын караанын эч жерден жолуктура алышпады. Көрсө ал, милиционердин кийимин кие коюп, жашырына качып, курчоодон чыгып кетиптир.

Ак-Босого станциясын басып алуу үчүн басмачылар катуу чабуул уюштурушту. Жоокерлер жайгашкан үйдү такыр жок кы-

лууга аракеттенишип, тынбай ок жаадырышып, жакын келип от коюшту. Кызыл аскерлер атышып жатып өрттү өчүрүүгө үлгүрүштү. Болгону анда он кызыл аскер, үч телеграфист аялдан турган гарнизон бар эле. Уламдан улам чамына ат коюшкан, душмандарга багынып берүү өлүм. Басмачылар аларды тирүү калтырышпай, кыйноонун ар түрүн колдонушуп, өлтүрөрү анык болчу. Аны жакшы билген станциядагылар басмачылардын чабуулдарына туруштук беришип, кызыл атчандар келгенге чейин коргонуп турушканы, жоокерлерге чоң таасир калтырды.

Граждандык согуш аяктап, эл чарбасын калыбына келтирүү колго алынды. РКП(б)нын X сьездинде (1921-жылдын март айы) кабыл алган экономикалык саясат НЭП Совет мамлекетинин экономикасынын жогорулашына шарт түздү. Ошол жылдарда капиталисттик элементтердин жандана калгандыгына байланыштуу милиция өзүнүн ишин жаңы шартка жараша уюштуруп, алып-сатарлар, паракорлор, мамлекеттик жана коомдук мүлккө суук колун салгандар менен күрөштү күчөтүп, социалисттик законduулуктун бекемделишине көңүл бурулду.

Түркстандагы алгачкы советтик бийликтин жетекчилери кетирген кемчиликтердин бараандуусу диний куугунтуктоону жоюп, казы соту, вакып (вакуф) калыбына келтирилип, бул дагы мусулмандардын жаңы бийликке дурусураак көз карашын жаратты. Ошентип Түрк комиссия аймакта чечкиндүү аскерий операцияларды ишке ашыруу менен катар жергиликтүү калк арасында түшүндүрүү, үгүт иштерин кеңири жүргүзүп, ар бир иши менен кызылдар эл тарабында экенин далилдөөгө киришти.

Улуттук теңсиздиктен, кемсинтүүдөн, колониялык эзүүдөн кутулсак деген элдин ой-тилегин ишке ашырууга бир канча жолу бел байласа да, каны суудай агып, азап-тозокко, ачарчылыкка малынды. Кичинекей кыргыз эли өзүн ныгыра басып турган тарап канчалык кубаттуу болбосун, улуттук эзүүдөн жылчык издеп көтөрүлдү. Жыйынтыгында элдин катары кыйла суюлду. Аз сандагы эл зор күчү бар чоң элге саясий жактан көз каранды болду. Чоң эл алсызга карата билгенин жасады. Баш көтөрсө, кыргынга учурарын тарых айгинеледи. Кыргыздардын ал кыргындарын советтик идеология бурмалап, алар жөнүндө маалыматтарды ачыкка чыгарбай, тыюу колдонгону бизге белгисиз болуп келди.

Абалды талдоого алуу, ал жердеги партиялык жана советтик мекемелердин ишин жөнгө салуу үчүн борбордон жиберилген комиссия аймактагы терс иштери менен өзүн булгаган кадрларды бийлик орундарынан кууп-таратып, башкарууга жергиликтүү калктын өкүлдөрүн тарта баштады. Кызыл Армияга катуу тартип киргизилип, дыйкандарды, айрыкча жергиликтүү калкты талап-тоноп, кысымга алгандар үчүн атуу жазасы киргизилди. Исламдык укуктук нормаларды, вакуфтарды жана мечиттерди калыбына келтирди. Мындай саясат жергиликтүү калктын большевиктерге болгон ишенимин бир кыйла жакшыртып, алардан аскердик бөлүктөрдү түзүүгө жардам берди.

Большевиктик күчтөрдү кайра топтоо боштондук кыймыл басаңдап калган мезгилде болду. Дыйкандар согуштан жадап бүткөн эле. Тынымсыз уланып жаткан согуш аракеттери алардын чарбачылыгына тоскоолдук кылып, бүлүнткөн болчу. Эми алар көтөрүлүшчүлөрдү багууга кудуреттери жетпей калган. Оордоп бара жаткан кырдаалда көтөрүлүшчүлөрдүн арасында ички ыйкы-тыйкы, чыр-чатактар күч алды. Аны аймактагы большевиктик жетекчилик билгичтик менен пайдаланды. Өз ыктыяры менен колго түшүп берген көтөрүлүшчүлөр мурдагыдай атылып салбастан, өзүнүн кетирген күнөөлөрүн актоо үчүн мурунку куралдаш жолдошторуна каршы күрөшүүгө аргасыз кылды.

Жергиликтүү советтердин демилгеси менен коомдук тартипти чыңдоо боюнча Түркстан Республикасынын шаарларында «Кызыл гвардия жөнүндө Жобо» бекитилип, коомдук тартипти сактоо боюнча куралдуу отряддар түзүлө баштады. 1918-жылдын башында Кызыл-Кыя, Сүлүктү шаарларында жумушчулар дружинасы, Жалал-Абад жана Өзгөндө өзүн-өзү коргоо отряддары уюштурулду. Ал бара-бара Кызыл Гвардиянын отряддары Кызыл Армиянын бөлүктөрү болуп кайра түзүлдү. Кыргызстандын милициясы чет өлкөлүк интервенция жана граждандык согуш жылдары ВЧКнын органдары менен тыгыз байланышта иштей баштады.

1918-жылдын 20-январь айында Пишпек вокзалында иштешкен жумушчулардан турган дружина уюштурулуп, алардын ар бир мүчөсүнө бирден мылтык, ондон патрон бөлүнүп берил-

ди. Ош шаарында элдик милицияны түзүү демилгеси 29-январда шаардын коомдук уюмдары тарабынан каралып, эски шаарда элдик милицияны түзүү жөнүндө чечим кабыл алынды. Чет өлкөлүк интервенциянын жана граждандык согуштун жылдары милицияга кээде ак-караны ылгабаган туруксуз адамдар да өтүп кетишип, элдин кызыкчылыгына кыянат мамиле жасашты. Ошондуктан милиция органдарын саясат жактан даярдыгы жок, колунан иш келбеген адамдардан тазалоого да туура келди. Жүрүш-турушу начар, жумушка көңүлсүз мамиле кылган социалистик законду улукту бузган адамдар милициянын катарынан чыгарылды. Милицияны жараксыз элементтерден тазалоо үчүн облустук административдик бөлүмүнүн «Кошчу» союзунун, ГПУнун жана башка уюмдардын өкүлдөрүнүн атайын комиссия түзүлдү.

1918-жылдын башталышында Түркстан АССРинин эл комиссарлар совети «Шаардын жана уездин милициялар үчүн кадрлардын запасын даярдоо жөнүндө» чечим кабыл алды. Ага мүчө болуп өткөндөрдүн милдети граждандардын өмүрүн жана мүлкүн коргоо болуп саналат. Милициянын кадрына 21ден 45 жашка чейинки кат тааныган, жүрүм-туруму мыкты адамдар кабыл алынып, 2 айлык даярдоо курстары уюштурулду.

Фергана аймагындагы жаш Совет Республикасынын бийлигине каршы Кокон автономиясындагылар менен гвардиячылардын бириккен таптарына каршы Түркстан Борбордук аткаруу комитети Кызыл Армиядагы орус солдаттары менен биргеликте үч жүз адамдан турган милициянын тобун түзүп аларды курал-жарак менен камсыздоого шашылыш көрсөтмө берген болчу. Ошол кезде Памирдеги чек ара аскер отрядынын командиринен «Памир-Алай чек аралары өзгөчө стратегиялык жана саясий маанидеги чек аралар эле. Алай өрөөнүндөгү мерчемдүү жайлар да басмачылардын жолун тосууга жана кошумча посторду уюштурууга Гүлчөдөгү негизги өтмөктө көзөмөлдү күчөтүүгө, чек ара аскерлеринин санын төрт жүзгө жеткирүү өтүнүчү менен Түркстан аскер комиссариатына атайын кат келди.

Абалды чыңдоо жана чек араны катуу көзөмөлдүккө алуу чаралары иштелип чыгылып, тиешелүү жетекчилерге милдеттендирилди. Чындыгында эң алгачкы түзүлгөн жаш Совет Республикасынын абалы, айрыкча чек араларды кайтаруу маселелери өтө оор эле. Чек араларда мурунку падышалык мезгилдеги келишимдин негизинде көзөмөлдүккө алынып, аскердин шарты-на көңүл бурулбагандыктан чет өлкөлүк интервенттер кайсыл мезгилдерде болбосун тосколдуксуз ары-бери өтүшүп, өздөрүн эркин сезип жүрүшкөн.

Жакында эле ак гвардиячылардын полковниги Тимофеев Бухара аркылуу Ташкентке келип, Кытай аркылуу Индияга өтүү максатында отряддагылар менен оюна келгенин жасап, жергиликтүү элдерди талап-тоноп, мыкаачылык иштерди жасаган-дыгы кабарланган. Ал жетектеген отряддын катарында бандит, баш кесер, ууру, адисинен ашкан канкорлор бар эле. Алар Ляңгар өтмөгүнөн ээн-эркин, тоскоолдуксуз өтүшүп, оогандык төрт мадиярды жолдо өлтүрүшөт. Ага удаа эле Алайдагы чек арада кызмат кылып жүргөн фельдшер Носовдун жана Памир өтмөгүнүн начальниги Чудиновдун өлтүрүлүшү да алардан күмөндөлүп жаткан.

Тимофеевдин баш кесерлери социал-демократ партиясынын мүчөсү чех улутундагы доктор Вичичти жана отряддын начальниги Павел Воловикти туткундашып өздөрү менен ала кетишти. Жолду ката отряддагылар жергиликтүүлөргө азап көрсөтүшүп, мал-мүлктөрүн талап, жабыр тарттырышты. Эркеч-Там чек арасына жете беришкенде доктор Вичич менен Воловик биргелешип, азык-оокаттары, жылуу кийимдери жок алардын тобунан качып чыгышты. Аябай кыйналышкан туткундар тоо аралап качышып, жашынып жүрүшүп, жайлоодогу айылдарга барышат. Жергиликтүүлөр мусапыр болгон экөөнү тойгузушуп, жылуу кийим беришип, улам бир айылдан экинчи айылга узатышат. Туткундар Тимофеевдин отрядындагыларга жолугуп калуудан коркушуп, көпкө чейин эл аралашып, ээн талаа, эгиз тоолорду басышып, акырында Сопу-Коргонго келип, чек арачыларга кабылышат. Ал жердегилер Ташкентке жиберишет. Барган жерде өз абалдарын толук баяндашты.

Түркстан Борбордук Аткаруу Комитети мамлекеттик чек араны кайтарууну жана Совет бийлигин Памир аймагында чың-

доо максатында кошумча топту жөнөтүүнү чечти. Бул топ тарыхта «Жаңы бийликти Памирге орнотуу саясатында «аскердик экспедиция» деп аталып калды. Борбордук Аткаруу Комитети ал топко бийликтин бардык күчүн пайдалануу укугун берди. Ал топтун башчысы болуп Таричан Михайлович Дьяков дайындалды. Памир отрядын өзгөчө бөлүмүнүн жетекчисинин карамагында жыйырмадай адам бар эле. Кызыл армиячылардын көпчүлүгү басмачылар менен күрөшүүнүн бай тажрыйбасына ээ болушкан эле.

Отряд Оштон 1921-жылы август айынын башталышында чыкты. Гүлчөгө чейин тынч, бейкапар келди. Гүлчөдөн өтүп Сопу-Коргон айылына жете бергенде басмачылар менен кармашууга туура келди. Бир топ атышуудан соң душмандар алыстап кетишти. Отряддын сапары токтогон жок. Сүрдүү тоону аралаган топ жолго түнөп, бир нече күндөн соң Хорогго жетти. Жыйырма төрт жаштагы Дьяков тартипти катуу кармап, чек аранын эски имараттарын оңдоп-түзөп, шартты оңдоого киришти. Бир тууганы Таричан менен Памирге бирге келди. Жаш аскер врач бардык күчүн, окуу жайынан алган билимин жоокерлерди жана тоолуктарды дарылоого жумшады.

* * *

Дыйкандар армиясынын командири К. Монстров Мадамин корбашы менен «автономдуу өкмөт» түзүүгө күрөш жүргүзүүгө биригишти. Алардын бириккен күчтөрү 8-сентябрда Ош шаарын ээлеп, 18-сентябрда Анжианды курчоого алышты. Жардамга келген Кызыл Аскерлердин отряддары алардын күчтөрүн сентябрдын аягында талкалады. Аман калгандар Гүлчөгө чогулушуп, Ферганын Убактылуу өкмөтүн түзүшкөн. 1919-жылы октябрда Мадаминбек Айым– Кыштагындагы корбашылардын Кеңешинде хан деп жарыяланган эле. Басмачылар Ош жана Наманганды басып алышты. Алар эски шаарды ээлеп талкалашты. Сентябрь айында Мадамин бектин бандалары жана «жумушчулар-армиясы» аталган полковник К.И. Монстровдун армиясы Анжианды басып кирди.

Жалал-Абад аймагындагы Көк-Арт өрөөнүндө, Өзгөн аймагынын Мырза-Аке айылдарына басмачылардан коргонуу максатында түзүлгөн майда отряддар бирикмелеринин өздүк жана жетекчи топторунда ак гвардиячылар, жети-суулук казак-орустар кирип алышты. Акыр аягында алар контрреволюциячыл «дыйкандар армиясына» айланды. Совет бийлигине каршы күчтөрдү бириктирүү максатында 1919-жылы 1-сентябрда «армиянын жетекчиси» кулак Монстров жана корбашы Мадамин бек Ош менен Жалал-Абаддагы Совет бийлигин кулатууга келишим түзүштү. Басмачыларды, байларды, дин өкүлдөрүн, орус кулактарын жана ак гвардиячыларды топтошуп, күчтөрүн бириктиришип, Ош, Жалал-Абад, Анжианды басып алмак болушту.

Анжианды бошотуп алууга А.И. Соколов баштаган Казань полку, М.В. Софроновдун отряды жана улуту боюнча чех, Австриянын Кунта Гора шаарчасында туулган, коммунист Эрнест Францеевич Кужало командирлик кылган III Интернационал атчандар полку жардамга келди. Басмачылардын каршылыгы көпкө созулбай, үчүнчү күн дегенде алар бет келди качып беришти. 24-сентябрда Ош, 30-сентябрда Жалал-Абад бошотулуп Мадамин бек менен Монстров Алай тоолоруна жашырынышты.

Басмачылар тобу Гүлчө сепилин ээлегендиги дайын болду. Памир жана Кытай чек арачыларына өтүүчү жолдор жабылды. Гүлчө жана ашуулар басмачылардын күчтүү тобу менен тосулду. Дивизиянын начальниги Веревкин-Рохальский басмачылар бандасын аёосуз талкалоого Гүлчө сепилин алууга басмачылардын кардондон аман чыгып кетүүсүнө жол бербөөгө буйрук кылды.

Ташкентке РВС Түрк фронтуна. 27.02.1920-жыл.

«Мен бүгүн Гүлчөгө келдим. Төмөндөгүлөрдү силерге кабарлоо менин милдетим. Бул операцияга катышкандар өздөрүнүн кол жеткис кайраткерлиги, өзүнө ишенген тайманбастыгы менен катыша алышты. Суворовдун жүрүштөгү катаалдыгы менен тапшырма аткарылды.

Көршерматтын бандасынын калдыктары баш-аламан Кызыл-Коргон аркылуу Алай өрөөнүн көздөй качышты. Жолуна туш болгондорду талкалашты, өрттөштү. Жергиликтүү кыргыздар ызы-чуу болуп, алардан качууда Көршермат Мухановду көздөй жөнөдү жана анын 12 орус адамы коркунучта турушат. Маалыматка караганда Мухановдун тобу Эркеч-Тамга багыт алды.

Гүлчөдөн Эркеч-Тамга жөнөгөн Мухановго «Өзүңдүн билимиңди жана кызматыңды Кызыл Армиянын катарына келип, кызмат кылсаң, күнөөң жуулат» деп сунуш билдирдим. Ал кат Мухановго жетсе, бардык орустар бизге келет деп эсептеймин. Кызыл Армиячылар басмачыларга кайрымдуулук мамиле жасашып, Совет бийлиги адашкандарга кечирим кыларын айкындашты».

* * *

Командирдин билдирүүсү.

Мухановго кабарды жеткирүүнү дивизиянын штабынын чалгынчысы Хамракул Турсункулов менен келиштик. Бул тапшырма өтө коркунучтуу. Кокустан басмачылар билсе, бул документ колдоруна түшсө, аны алып барган Турсункулов жазаланат. Хамракул Мухановго катты берип, тапшырманы аткарды. Муханов Түрк фронтунун штабына жолугууга Ташкентке келди. А.В. Мухановдун Түрк фронтунун штабы тарабынан 2-Түркстан аткычтар дивизиясынын начальнигинин жардамчысы болуп бекитилди. Жолугушуу күтүүсүздөн болду. Алар эмнеден баштоону билбей турушту. Бир убакта алардын биринчи жолугушуусу дүйнөлүк согуш мезгилинде Маханов Генштабдын полковниги, Веревкин-Рохальский анын кол алдындагы поручиктин жардамчысы кезде болгон эле. Мадаминбектин сүйлөшүүгө болгон аракети, анын полкундагы отряддардын толук жок кылынышы кийин улантылды.

1920-жылдын 2-мартында 2-Түркстан аткычтар дивизиясынын штабына «Биргеликте тынчтык келишимин түзүүгө жооп берүүңүздөрдү өтүнөмүн» деген каты келди.

Фронттун команда башчысы М.В. Фрунзе сүйлөшүүлөрдү баштоого санкция берди. Мадамин бектин өз отряддары менен Совет өкмөтүнө өтүшү өзгөчө чоң саясий мааниге ээ экендигин М.В. Фрунзе белгиледи. 4-мартта Мадаминбектин парламенттери келишти.

РВС Түрк фронту тарабынан келишимдин шарттарын даярдоо Веревкин-Рохальскийге тапшырылды.

Мадаминбек менен сүйлөшүү жүргүзүүгө РВС фронтунун атынан В.В. Куйбышев телеграф аркылуу ишеним берди. Ал бекке «Толук түрдө, талкуулоосуз, тезинен өз катаңызды моюнга алып, Совет бийлигине баш ийүүдө эч кандай шарттарды койбойсуз, аймак тууралуу сөз козгобойсуз» деп белгиледи.

* * *

Кар эрип, ашуулар ачылып, качып кетүүсүнө жол бербөө үчүн убакытты созбостон, кыска убакыттын ичинде 5-мартта эски Маргаланда эки тараптын делегацияларынын жолугушуулары өткөрүлдү. Советтик делегацияны Веревкин–Рохальский жетектеди.

Мусулман армиясынын команда башчысы Мадамин тынчтык келишимге кол коюп, кол алдындагы 4 пулеметтон турган отряддын толугу менен Совет бийлигине өткөрүп берилерине макулдугун билгизди. Түркстандагы Совет өкмөтүнүн жана РВСнын сунушу менен Ташкентке барып, Ферганага кайтып келди.

* * *

Басмачылар тоолорго жашынышып, Мойдун бектин топторуна келип кошула башташты. Мойдун «Ислам аскерлеринин» жогорку жетекчиси болууга ынтызар эле. Ал Кызыл Армияга туруштук бере ала турган «Мусулман армиясын» түзүүнү көздөгөн болчу. Ал өзүн «каапырларга каршы ыйык согушка башчылык кылуу үчүн жерге жиберилген пайгамбар» деп жар салуудан да тартынган жок.

Ал Маргалаң уездине караштуу Эски-Ноокат болушундагы Көк-Жар кыштагында туулган. Убагында бай болуп, колдо болгон байлыгына алымсынбай, бала кезинен тарта уруулук кылган. Бой жеткенден баштап, уурулукту туруктуу кесип кылып, кылмыш күнөөлөрү үчүн бир нече ирет соттолгон болчу. Февраль революциясынан кийин ал Убактылуу Өкмөттүн айрым өкүлдөрү менен жакын болуп, алардын колдоосу менен баш кесерлердин тобун уюштурат да, ким көп акы төлөгөндөрдүн кызматын кылып, бир нече убакыттын ичинде үч жүзгө жакын баш кесерлерди бириктирген. Мадамин бекке караштуу басмачылардын топ-

тору, баш кесерлер, контрреволюциячыл кулактар Анненковдун, Семеновдун балдары менен кошулушту. Ак гвардиячылар менен басмачылардын топторун, бири-биринен бөлүп талкалоо керек эле.

Большевиктер Түркстандын жергиликтүү калкынын бир бөлүгүнүн колдоосуна ээ болуп, улуттук боштондук согушун граждандык согушка айландырышты. Карапайым элден ажырай баштаган көтөрүлүшчүлөрдүн отряддары улам жеңиле беришти. Кызыл Армиянын бөлүктөрү менен чоң кагылышуудан чочулашып, алар жаңы согуштук ыкманы колдонушуп, күтүлбөгөн жерден чыга калышып, узакка урушуудан тайсалдап жүрүштү. Жыйырманчы жылдардын аягында улуттук-боштондук кыймылы негизинен жок кылынды.

Совет өкмөтүнүн талабы боюнча жергиликтүү бийлик органдары басмачылардын корбашылары менен тынчтык сүйлөшүүлөрдү жүргүзүшүп, бир нече жолу кайрылышты. Алардын айрымдары кепке көнүп, курал-жарактарын тапшырышып, басмачылары менен өтүштү. Айрым жан кечтилери куулук кылышып, чыккынчылыкка барышты. Мойдун, Акунжан, Парпи сыяктуулар бирде Советтер тарабына өтүп, бирде каршылыгын көрсөтүп жатышты. Калкожо Ош жана Асаке шаарларын каратап, карапайым элден салык ала баштады. Өзү бир кезде «пир» туткан Мадамин бек менен оту күйүшпөдү.1920-жылдын башында Кызыл Армия жана ыктыярдуу отряддагылар негизги күчтөрүн Эргештин бандаларына каршы аттандырды. Ал өзүнүн Бачкырдагы сепилине жашынып калганына карабай Кызыл Армиячылар сепилди эрдик менен талкалашты. Эргеш менен кошо Көршермат да талкаланып, алардын тогуз жүздөй адамы күнөөлөрүн моюндарына алышып, багынып беришти.

* * *

Жашынан сабаты ачылып, Казандагы гимназияда окуп, көптү билип, көзү ачылган Кадырбекке, жаңы өкмөткө каршы басмачылардын зордук-зомбулугу, карапайым элди талап-тоноодогу бейбаштыгы, кийинки учурлардагы падышалык ак гвардиячылар жеңилүүгө учурап, Орто Азияга андан Фергана аймагына сүрүлүшү, бул жерден да орун таппай, жергиликтүү элге тополоң салып, талап-тоношу, акыры келип, эл душманы болуп калары ага айкын көрүндү. Мал-мүлкүн, жандарын аман алып калыш үчүн падыша бийлигинин ээлери, бай-манаптарга жан тарткан каракчы, ууру-кескилердин чек араны көздөй багытталышы тоолук элдин арасында тополоңду пайда кылды. Тынч тиричилик өткөрүп жаткандарга чоң коога болду. Күнөөсүз эл таланып-тоналуп, жабырланды. Анын баарын Кадырбек көрүп, билип туруп аларга каршы чара колдонуунун түрдүү жолун ойлоду. Алай аймагындагы айылдагы намыскөй жигиттерди уюштуруп каракчылардан калкалагысы келген. Анан эле Ошо кызыл армиячылар ыктыярдуу топтор, түзүлүп жатышы Кадырбектин көңүлүнө аябай эле төп келди. Ал шар эле эл айтып жүргөн Сулайманды издеп таап, «Машыккандардын катарына өзүн да кошуп алуусун» өтүндү. Бир топ ой-бөлүшүп сүйлөшүп, пикир алышуудан соң, экөө бири-бирин түшүнүштү. Камчыбек жаңыдан көңүгүп, колуна курал алган жоокерлердин катарына келип кошулду. Ишенимдүү жердештерин чакырды.

Кадырбек өз жеринин шартын, элдин кулк-мүнөзүн жакшы билгендиктен, бир нече жолку басмачылар менен болгон кагылышууларда ийгиликке жетише алды. Андан кийинки кармаштарда кызыл жоокерлер көп чыгым тартышкан жок. Барган жерлерде Кадырбекти тааныгандар жол көргөзүшүп, маанилүү маалыматтарды жардам берип жатышты. Карапайым элдин абалына байкоо салып, айкын аракеттердин талдоого алып жүргөн аскер жетекчиликтери, өздөрүнчө кеңешишип, Кадырбекти Кокондогу фронттун башкы штабына жөнөтүштү. Экинчи Түркстан фронттун башкы штабына командачысы А. Наумов жана штабдын начальниги В. Соколовский баскан турганы, чапчаң, ары чечкиндүү шар сүйлөгөн тоолук жигитти экөө кабыл алышып, оюн угушту. Ал өзү жөнүндө, ата-теги, чоң ата, чоң энесинин кимдигин, даткалардын үй-бүлөсүндө тарбияланганын, ал тургай атасы Камчыбектин падышалык бийликтер тарабынан жазыксыз өлтүрүлгөнүн, атасынын бир туугандарынын Сибирге сүргүнгө айдалганын жашырган жок. Башкы штабдагылар аның сөзүн бузбастан, аягына чейин угуп, кээде суроолорду бере калышып, эски тааныштардай кеңири аңгеме курушту.

Кадырбектин орус тилинде шар сүйлөгөнү, көп окуп, көптү билгени, ал тургай большевиктик революциянын тарых таржымалын так, даана кылып айтып бериши, аскер жетекчилерин таң калтыргандай эле болду. Чындыгында эле борбордук алыс тоолордун тээ түпкүрүндөгү жашоочулардын көпчүлүгүнүн дээрлик кат сабаты жок, дүйнөлүк маалыматтардан эч кандай кабарсыз тоолук элдин бир өкүлү болуп, дүйнөлүк биринчи согуштун чыгыш себептери, бөлүнгөн дүйнөлүк кайра бөлүүгө кызыктар болгон мамлекеттердин катышуулары, деги эле ал мамлекеттердин кызыкчылыктары, экономикалык-саясий абалдары тууралуу, большевиктер кыймылынын өсүп-өнүгүшү революциянын жетекчилеринин ишмердиги жөнүндө айкын маалыматтары бар жигитке штабдагылар ары кызыгып, ары суктанып турушту. Ары жөнөкөй сылык, ары маданияттуу, уккулуктуу сүйлөгөн, ой чабыты кенен, учурдагы кырдаалды өз алдынча талдап, тыянак чыгарууга болгон саясий билими терең тоолук жигит алардын көңүлдөрүнө төп келип турду. Эл келечегин ойлоп, жаңы өкмөттү курууга баш оту менен киришип өмүрлөрүн тобокелге салып жүргөн мамлекеттик жетекчилерге, Кадырбектей жаштардын болушу өтө зарыл болчу. Аны борборго жөнөткөн фронттогу жетекчилердин сунушу, башкы штабдагылар тарабынан колдоого алынды.

1921-жылы Кадырбекке Алайдагы жана Памирдеги жергиликтүү элдин арасынан ак ниет, тайманбас, эл кызыкчылыгын ойлогон ыктыярдуу жигиттерден топ түзүү тапшырмасы берилди. Ошону менен бирге чек арадагы абалга өзгөчө көзөмөлдүктү күчөттү. Фергана өрөөнү аркылуу чет элдиктердин каттоосу, контрабандалык жол менен дары-дармек, курал-жарактардын ташылып өтүлүшү, элди бүлүккө салган, айрыкча басмачылардан, кыймылдардын иш жүргүзүүгө бөгөт коюу жалпы эле уурукески бандалардын кең аймактарда жүрүүсүнө тыюу салуу милдетин өтөө ыйгарылды.

Кадырбек Алайга келген соң, өзү ишенген жоро-жолдош, эски тааныштарына кабар жөнөтүп, келип-кетүүлөрүн суранды. Кең жайыттагы жайлоолордо күндөлүк тиричилик менен алектенип жүргөн кадырлуу аксакалдар, айыл башчылары, мыкты

чыкма жигиттер бириндеп-экиндеп, же топтошуп саламга келип жатышты.

– Учурдагы шарт кооптуу. Ууру-кески, каракчы, эл бузарлар көбөйдү. Эл ынтымагына бүлүк салган бузукулар, бирөөлөрдүн буюмдарын, мал-мүлктөрүн зордоп тартып алган зөөкүрлөр, баш кесер, басмачылар, курал сатып байыган сүткорлор деги эле зомбулук кылып, калкты сыздаткандар көбөйдү. Аларга каршы биргеликте күрөш жүргүзөлү. Элдин ынтымагын жана тынчтыгын коргоп калууга эр азаматтар баш бириктирели. Бул шартка оюңар кандай? – деген талаптарын койду.

Кадырбектин ата-тегинен бери жакшы билген аба-аксакал, эл башчылары айтылган сунушту жактырышып, ар уруулардагы, айылдардагы эр азаматтардын аттарын аташып, эл кызматына тартууга ишенимдүү экендиктерин айтышып, үйлөрүнө кайтышты. Аз убакытка жетпей Кадырбектин айланасына алгачкылардан болуп Корул, Жошолу айылдарындагы эл ишенимдеги азаматтар өздөрүнүн ат тондору менен келип, топтолуп жатышты. Алардын көпчүлүгү жергиликтүү Памир, Алайда туулуп өскөн жаш жигиттер эле. Бир гана пулеметчу Кадырбектин бала кезинен берки эски тааныш Данияр деп аташкан (Д.В. Кордуб) оштук орус улутундагы жигит болду. Алардын дайыма чогулчу жайы Жошолунун этегиндеги Каргаша айылы эле. Көпчүлүгү жакынкы жайларда, өз үйлөрүндө жашашканы менен кабар берилгенде жарым саатка жетпей топтолуп келип калышчу. Кадырбек баштаган топтун жигиттери Оштон баштап, Эркеч-Тамга чейинки аймактарда басмачылар менен ак гвардиячылардын байырлашына мүмкүндүк беришпеди. Жергиликтүү калктын арасында алардын кадыр-баркы күндөн күнгө өсө берди.

Кадырбек баш болгон ыктыярдуу топтун атчандарынын чабуулуна өзүн касиетүү көрсөткөн Шерматхан баштаган басмачылар туруштук бере алышпады. Аз эле убакыт аралыгында Кадырбектин тобу эки жүздөн ашык бандиттерди жок кылып, Түркстан фронтунун башкы командачысынын алкышына ээ болду. Мусулман дининдеги реакциялык кыймылдын жетекчиси чет элдик интервенттердин агенти, эски кылмышкер Калкожонун тобун эки жолу куугунга алып, чек арага жакындап келишине мүмкүн-

дүк бербеди. Басмачыларга согуштук өнөрдү үйрөтүүгө атайын чет элден жиберилген бандаларды максаттарына жеткирбей жолдон кармап колго түшүрүштү. Өрөөндүн коён жатагына чейин жакшы билген жергиликтүү жигиттерден түзүлгөн ыктыярдуу топтогулар чет элден келген курал-жарак, ок-дары, кийимкечектерди басмачыларга жеткирбей бөгөп турушту.

* * *

Жырткычтыгы менен калкка даңаза болгон, канкор Мойдунду канча бир жолу чек арага жакындоосуна мүмкүндүк бербей, курал менен тосуп алып баш көтөртпөдү.

Карапайым элдин басмачыларды колдобой калгандыгы улам айкындала берди. Адашып жүргөндөрдүн, байлардын кызматчыларын жана британиялык империалисттердин кызыкчылыктары үчүн согушуудан баш тартып, тынчтык түзүлүшүнө чечкиндүүлүк менен умтулушуна жардам болду. Баары бир басмачылардын арасында коркунучтуу жана айлакер бандиттер али да бар эле. Алар жаңыдан бутуна туруп келе жаткан совет өкмөтүнүн түзүлүшүнө зыян келтирүүгө ыңгайлуу учурларды пайдаланып калууну көздөп жатышкан. Басмачыларга каршы күрөштү тынчтык жолу менен бүтүрүү ишенимине алданып калбай, багынып бербеген корбашыларга каршы кармаш уланып жатты.

Аскерлердин саясий бөлүмдөрү жана совет бийлигинин жергиликтүү мекемелери Түрк комиссиясы жана Түркстан компартиясынын борбордук комитети жүргүзгөн коомдук саясий жана маданий иштерге Фергана аймагынын калкы улам кошулуп жатты. Басмачылардын тамыры биротоло жок кылынбады. Көп узабай алар кызыл армияга каршы согуш аракеттерин кайра башташты. Өрөөндүн чет тарабына, тоолуу аймактарга топ-топ болушуп кетип жатышты. Айрым караңгы адамдарды үгүттөшүп, кээ бирлерине жалган байлыкты убада кылышып, кээлерин коркутуп, мажбурлап алып кетип жаткандыгы билинди.

1921-жылы 13-майда Куршаб-Ош жолунда бир миң жети жүз пуд буудай, алты миң кез кездеме ж.б буюмдар жүктөлгөн унааларда орус, кыргыз улутундагы аялдар, балдар бар эле. Аларды кыркка жакын кызыл аскерлер узатып келе жатышкан. Мойдун

өзүнүн баш кесерлери менен аларга кол салды. Кызыл аскерлер кыйноого алынып, отко күйгүзүлүп өлтүрүлдү. Балдарды кылыч менен кыя чаап, арабанын дөңгөлөктөрүнө жанчышты. Айрымдарынын санын сан, колун кол кылып, улак тарткандай чапка басышып, чаттарын айрышты. Аялдарды кылычтап, көкүрөктөрүн оюп, боюнда барлардын ичтерин жарып союп, мууздашты. Анын басмачылары кай жерге барбасын, күнөөсүз адамдарды кыйнап, жазалашты. Ар бир айылга салык салып, жигиттери үймө-үй кыдырышты. 1922-жылы 3-июлда Мойдун Ош шаарына басып кирип, ооруканада жаткан оорулууларды, медициналык кызматкерлерди кыйнап өлтүрттү.

Ош-Жалал-Абад аймактарына барып, негизинен Эски-Ноокат, Жаңы-Ноокат, Базар-Коргон, Өзгөн, Лянгар, Гүлчө айылдарын, Кытайдын Эркеч-Там жана Оогандын Хорог чек араларына чейинки аймактарды тазалоо үчүн штаб Ош шаарында түзүлдү. Ыктыярдуу отряд Мойдун бекке каршы куралдын күчтөрүн гана колдонбостон, тынчтык жолу менен келишүүлүккө бармак болду. Калктын колдоосунан ажырап калган басмачылар жан үрөп, элге каршы аракеттерди жүргүзүп жатты.

Мойдун өз топторун толуктоо мүмкүнчүлүгүнөн ажырап, эч кандай айла-амалдарды жасай албай, кайтадан сүйлөшүүлөргө келди. Аскерлердин ферганалык тобунун командованиеси басмачыларды кан төгүүсүз жоюуга үмүттөнүп, аны менен үч ай бою сүйлөшүүлөрдү жүргүздү. Мынчалык убакыт Мойдунга тыным алуу жана курал-жарак каржысын толуктоо үчүн керек эле. Июнь айында ал тоо арасын аралап кетип, Кызыл Армиянын гарнизондоруна кол сала баштады.

* * *

Совет өкмөтү, партиялык уюмдар басмачылардын кыймылына каршы күрөшүүдө түшүндүрүү иштерин жүргүзүштү. Жергиликтүүлөр «Кызыл союлчандар» деп аталган топторду түзүп, найза, кылыч, таяк, түтөтмө мылтык, союл менен куралданышып, басмачыларга каршы чыгышты. Кызыл милицияга басмачылардын түнөгүнө барчу жолдорду көрсөтүшүп, тыңчыларын ашкерелешти. Шарттуу белгилер боюнча басмачыларды бир-

бирден куралсыздандырып, мылтык, аттарын тартып алышты. Эл тарабынан катуу каршылыкка учурагандарына алдастай түшүштү.

Кызыл Армия тарабына өткөн басмачылардын бардык бөлүктөрү М.В. Фрунзенин буйругуна ылайык өздүк составын текшерүү, кайрадан түзүү жана машыктыруу үчүн Ташкенттеги лагерге жөнөтүлүүгө тийиш эле. Бирок, бул бөлүктөрдүн көбү алжакка баруудан баш тартышып, ыңгайлуу учурларда Көршермат менен Мойдун бекке өтүп кетип жатышты.

– Колго түшкөн жигиттердин бардыгы, мыйзамдын коргоосуна алынат. Эч кандай репрессияга кабылбайт. Ак ниеттери менен элге кызмат кылышсын. Айткыла аларга, – деп Фрунзе тургандарга эскертти.

Арасында алданып жүргөн дыйкандар топ-тобу менен Совет бийлигине өтүшүп, ыктыярдуулар отряддарын толукташты. Басмачылыктын келечеги жоктугуна көзү жеткен ири корбашылар, белдүү адамдар да келип жатышты. Алардын арасында «Большевиктердин бардыгы Кужелодой болсо, анын партиясынын катарында боло албагандыгыма өкүнөм», «Англиянын кол чатырына калкалагандан көрө, большевиктердин огунан өлгөнүм жакшы» деген падышалык генерал А.А. Муханов, «Карышкырлар жүздүгүнүн» командири И.Ф. Фарынский, орус армиясынын мурдагы полковниги Сулайман Күчүков, мурда Мадамин бектин ишенимдүү кишиси Марк Ильич Паньковский, Кызыл Армия менен милициядан сокку жеп, аргасы түгөнгөн Мадамин бек багынып берүүнү туура табышты. Советтердин жергиликтүү бийлик органдары бөөдө кан төгүүнү каалабай, тынчтык сүйлөшүүлөрдү баштоо жөнүндө басмачылардын корбашыларына алда канча ирет кайрылышты. Алардын айрымдары айтканга көнүшүп, курал-жарак, басмачылары менен өтүп келишти.

Мадамин бектин максаты Түркстанды өз алдынча мамлекет кылуу болчу. Падышалык Орусия менен Советтик Оруссиянын айрымасы ал үчүн бүдөмүк эле. Ал башта эле падыша акимчилигине нааразы болуп, күрөштү колго алмак болгон. Бирок, динчил, улутчул ой-пикир кошулуп, ал түгүл качкын ак гвардиячыл офицерлер келип, Бухара эмирлиги аркылуу Орто Азияга өтө

кызыкдар болгон англис агенттери аралашып, кыймыл контрреволюциячыл мүнөзгө ооп кеткен. Кийин гана Түркстан элдери кай тарапка умтулганын көрүп, билип англис агенттери менен качкын ак гвардиячыл офицерлерден бөлүнүп, 1920-жылы М.В. Фрунзе менен сөзгө келишип, большевиктик революциянын тандап алган жолуна максатташ болду. Өзүнүн жыйырма миңден ашуун колун «кызыл аскер» деп Маргалаңда турду.

* * *

Мадамин бектин Совет бийлиги тарапка өтүшү, көптөгөн корбашылардын, паңсаттардын баштарын маң кылды. Ишенген жетекчинин Кызыл Армиядагылар менен биригип кетиши көбүнүн колдорунан куралдарын түшүрдү. Мадамин бектин баскан кадамын аңдууга алып турган органдагылар аны менен байланыш түзгөндөрдү суракка ала башташты.

1923-жылы Кызыл Армиянын чагылгандай чабуулунан талкаланган басмачылардын калдыктарын толугу менен тазалоо максатында Алай өрөөнүнө аскердик экспедиция жөнөтүлөт. Экспедицияны Түркстан АССРинин ички иштер эл комиссарынын орун басары Абдулла Ярмухаммедов жетектеди. Топту Ош уездик административдик бөлүмүнүн жана ыктыярдуу милиция отрядынын башчысы Жамшитбек Карабеков жетектеди. Кадырбек Камчыбековго өзүнүн ыктыярдуу отрядынын тандалма жигиттери жана Түркстан дивизиясынын 2-аткычтар полкунун курамынан түзүлгөн 300 адамдан турган отряды кошулду. Алай өрөөнүн байырлаган Токтомат жана Нурмат корбашылардын басмачы топтору менен салгылашып, ал топторду толугу менен талкалап, Токтомат менен Нурмат корбашыны тирүүлөй колго түшүрүп келишти. Абдулла Ярмухаммедов жетектеген аскердик отрядда Оштун өзгөчө бөлүмүнүн кызматкерлери Хамид Шамсудинов, Кудайберген Ниязов, Данил Кордуб, Василий Тугаев жана Умарали Юнусовдор катышышты.

Көп убакыт өтпөй Кадырбектин эр жүрөк азаматтары чек арадан жашыруун өтүп, Мойдун менен байланышууга келе жаткан банданы колго түшүрүштү. Ал Түрк султанынын жандоочторуу сыяктуу англичандардын куурчагына айланган Анвар жана

Оогандагы өкүлү баш болгон топ эле. Фергана фронтунун башкы командалыгынын тапшырмасынын аткарылышына Кызыл армиянын жоокерлери да жардамдашышты.

Андан соң Кадырбек жигиттери менен Токтомат жана Манас корбашы баш болгон басмачыларды колго түшүрүштү. Басмачылар менен күрөшүүдөгү аракеттери бааланып, Кадырбек алгачкы жолу Калининдин колунан алтын саат алды. Андан соң эң жогорку сыйлыкка сунушталды. Кыргыздар арасында эң алгачкы болуп Кызыл Туу орденинин ээси болду.

* * *

1923-жылдын аягында Түркстан Республикасында басмачылар элге жана өкмөткө экинчи каршылык кылбайт, – деген чоң ишеним болду.

РКП (б) БК 1923-жылы 6-ноябрда «Басмачылар менен күрөшүүнүн жаңы тактикасы жөнүндө» токтом кабыл алды. Анда Ферганада басмачылар негизинен жоюлду. Облустун калкы басмачыларга өтө кастык менен мамиле жасайт. Совет бийлиги Ферганада чыңдалып, элдин жүрөгүнөн терең уялады.Эми ага эч кандай бандитизм коркунучтуу эмес» деп белгиленди.

Элдин колдоосунан такыр ажырап, чет жактан керектүү жардам ала албай калгандыктан, ошондой эле Кызыл Армиянын, милициянын соккуларына туруштук бере албастан басмачылар 1922-жылдын акырында келип багына башташты.

1922-жылы Түркстан автономиялуу облусунун Эл Комиссарлар Кеңешинин төрагасы Атабаев Фергана облусунун аскерлеринин командачысы Врачев, Фергана облустук аткаруу комитетинин төрагасы Бурташевдер менен Жаныбек казы, Молдоажы, Исламбеков, Абдуллабек, Жусуп Кожоев, (Юсупали Ходжаев), Кайып паңсат (500 башы) Абдырасуловдор өкмөткө каршы күрөштү токтотуп, курал-жарактарын милиция түзүүгө өткөрүп берүүгө келишим түзүштү. Сакчылыкка Жаныбекке 25, Молдоажыга 15, Абдуллабекке 10 мылтык калтырылды.

Катарында 5800 адам болгон ыктыярдуу отряддардын күчү менен басмачылардын жүз отуздан ашык тобу жок кылынып, 4500 желдети өлтүрүлгөн. Алардын ар кайсы түрдөгү 1554 мылтыгы, 6900 патрону, 318 тапанчасы, 120 кылычы колго түшүрүлдү.

Андан көп өтпөй эле «1922-жылдын 1-ноябрынан 1923-жылдын 20-апрелине чейин гана милициянын ыктыярдуу отряддарынын түздөн-түз катышуусу менен Фергана облусунда (ал кезде Ош облусу да Фергана облусуна караган) 99 корбашы, 3170 басмачы туткунга алынып, 13 пулемет, 931 мылтык, 118 тапанча, 34710 патрон жана башкалар колго түштү».(Ош облустук мамлекеттик архиви 305-фонд, 1-опись, 33-барак).

* * *

Калкожо айлакер, куу жана каардуу корбашы эле. Ал Мадаминбек, Мойдунбек баш болгон басмачылар тобу менен тыгыз байланышта болуп, эртеңки кыла турган иштерин да биргеликте кеңешип турушкан. Ага барып, тил табышуу оңойго турбайт эле. Өлүм менен ойногонго барабар болчу. Ошентсе да сүйлөшүү жолу менен ынатууга бел байлашып, караңгы түндүн биринде Анжиан ревкомунун председатели Р. Рахимбаев, Ташкенттен келген активист Абдрахман Калыков жана татар бригадасынын аскер комиссары, дивизиондун командири Якуб Жангарачович Чанышев болуп, Калкожонун кошунуна жөнөштү. Аларды ордынарецтер гана узатып чыгышты. Ал эми кызыл аскерлердин жакынкы отряды Бажанов менен Хусанбаевдин атчан аскерлери душман жайгашкан жерден он чакырым алыстыкта эле. Басмачылардын бөлүктөрү менен сакчыларынан айланып өтүшүп, кырсыксыз Араван кыштагына келишти. Калкожо андагы пахта заводунун ээсинин үйүн ээлеп, өзүнүн штабы кылып алган эле.

* * *

Кыргызстандын түштүгүндө милицияны түзүүчүлөрдүн жана басмачылар менен күрөшүүчүлөрдүн бири большевик Балтыкожо Султановду большевиктер тарабына өтүп кеткендиги үчүн тууган-туушкандары да жек көрүштү. Жергиликтүү молдолор аны «динсиз», «каапыр» дешип элге жек көрсөтүүгө айла-амалдарын аяшкан эмес. Ошол кездеги Фергана өрөөнүндөгү басмачылардын ири жетекчилеринин бири болуп Көршермат

эсептелчү. Анын бандасында ар кандай курал-жарактан, пулеметко чейин бар эле. 1917-18-жылдар аралыгында Б.Султанов Ош шаардык милициянын начальниги болуп иштеп, басмачылардын сазайын берет.

Калкожо уккандын үрөйүн учурган жырткычтыгы, ырайымсыздыгы жөнүндө жергиликтүү калк Б.Султановго билдирип турушкан. «Калкожо биздин айылдын бир нече дыйканын большевиктерге жардам бергенсиңер деп, керосин куюп, тирүүлөй өрттөп жиберди», дагы биринде «Сен басмачыларга акаарат келтирип, сөз тийгизгенсиң деп, тилин, кулак-мурдун кесип салды». «Бир айылдан башына чалма салынбаган намазга турат. Аны кармап алышып, үйүндө камыр кылып жаткан аялынын камырын дыйкандын башына ороп, шылдыңдашып, дак болуп жаткан майды үстүнө куюп жиберди». «Айылдан шаарга качкан сенсиңби деп, бир дыйканды бутунан талга асып, кылыч менен кыя чаап өлтүрдү».

Бул маалыматтарды алган Балтыкожо Сыдыков корбашы, Калкожонун желдеттеринин аркасынан сая түшүп, жеткен жеринде аларды талкалайт. Калкожо корбашы «коммунист Б. Султановду ким өлтүрсө, дүнүйөгө карк кылам» деп жарыялайт. Шаардын эли аны кармап бермек тургай, ар кыл кырсыктан сактап калышып, колкабыш кылышат.

Кайсы бир салгылашууда Калкожо корбашынын зөөкүрлөрү эр жүрөк коммунистти колго түшүрүп алышып, аттын куйругуна байлап, сүйрөтүп өлтүрүштү.

Элдешүүнү шылтоо кылып, убактылуу болсо да Араванда ээн-эркин сайрандап жүргөн Калкожо басмачылары менен бирде Ошту, бирде Асакени улам талап-тоноосун уланта берди.

– Ош менен Асаке шаарларын дайыма каратай беребиз. Анткени, анда жашагандар Калкожонун бийлигин таанығылары келишкен эмес. Ага моюн сунуп, салык төлөбөй коюшкан, – деп басмачылар бирде Ошко, бирде Асакеге тополоңун токтотушпады. Милиция менен кызыл аскерлер күнү-түнү кароол коюшуп, Калкожо элдешүүгө келет дешип, күзөттө туруп суй жыгылышты. Эки шаардын калкы өкүл жиберип Калкожого таазим кылып, ага алым төлөп, сый тартуулап, кечирим суроого камына башташты.

Калкожо совет өкмөтүнүн элчилерин алдап, убакыттан утканы менен кийинки катуу соккуга туруштук бере албады. Үч-Коргонду карай чегинүүгө аргасыз болду.

Совет өкмөтүнүн талабы боюнча жергиликтүү бийлик органдары басмачылардын корбашылары менен тынчтык сүйлөшүүлөрдү жүргүзүшүп, бир нече жолу кайрылышты. Алардын айрымдары кепке көнүп, курал-жарактарын тапшырышып, басмачылары менен өтүштү. Айрым жан кечтилери куулук кылышып, чыккынчылыкка барышты. Мойдун, Акунжан, Парпи сыяктуулар бирде Советтер тарабына өтүп, бирде каршылыгын көрсөтүп жатышты. Калкожо Ош жана Асаке шаарларын каратап, карапайым элден салык ала баштады. Өзү бир кезде «пир» туткан Мадамин бек менен оту күйүшпөдү.

1920-жылы 14-майда Көршермат корбашы Калкожо менен биргелешип сүйлөшүүгө келген Мадаминбекти көргүсү келбеди. Көршермат корбашы басмачылары менен Кадамжай, Үч-Коргон аймактарындагы элди талап, каалагандай зордук-зомбулугун жүргүздү. Ага каршы аттанган ыктыярдуу отряддын мүчөлөрү же кызыл аскерлер келген чакта тар капчыгай, тайгак жол менен тоо аралап качып кетет.

Күзөтчүлөрдү катуу дайындап, Тамаша айылында күндөгүдөй чардап жаткан:

– Бир кезде мени эл көзүнө көрүнөйүн деп, жайдак атка мингизип мазактагансың. Төрт ай бою камакка отургузгансың, – деп кыжынып турду.Өз убагында Мадамин бектин оң колу болгон Шермухаммед бир кезде мал уурдап тутулуп калган соң, дыйкандар аны жазалашып, бир көзүн челейте чабышкан. Ошондон тарта Шермухаммед аты оозго алынбай, Көршермат аталып кеткен эле. Калкожо Совет өкмөтүнө өтүүгө үгүттөп келген Мадаминбекке ачуусу келип, өзүн кармана албай калды. Эски «достор» бирме бир отурушкан. Ал белиндеги курч кылычын алып, тынчтык жолун сунуш кылып жаткан Мадаминбектин башын кыя чаап, өзүн «амир лашкер башы» – мусулман армиясынын башкы командачысы, – деп жарыялады.

Көршермат Мадамин бектин келерин угуп, алдыртадан эле жолуна буктурма коюп, бекти курчап, колго түшүрмөк болгон.

Орус, кыргыз, тажик, өзбектерден жыйырма беш гана жигитин ээрчитип барган Мадамин катуу каршылык көрсөттү. Күч аз болгондуктан, жыйырма беш жигиттин бирөө да тирүү калбады. Саясий жетекчи, коммунист Сухов да кармашып жатып набыт болду. Элге каршы кыймыл – басмачылык күч алды. Калкожо: «Мына чыккынчынын башы! Көрдүңөрбү, кайран бекти орустар алдап өлтүрүп салышты!» – деп карапайым элге жарыялап жүрдү.

* * *

1922-жылдын башында Фергана фронтунун аскер Кеңеши тарабынан Камчыбеков Кадырбекке жана Карабеков Жамшитбекке бийик тоолордо жашырынып, Кыргызстанды батыш Кытай жана Памир менен бириктирген жолдорду бөгөп алышып, каракчылык, мыкаачылык менен адамдардын канын төгүшкөн 1200ге жакын куралдуу желдеттери бар Жаныбек казы, Жусупбай казы, Маты миңбашы, Абдыкалык паңсат өңдүү басмачылардын топтору менен сүйлөшүүлөрдү жүргүзүүгө тапшырма берилет. Анда кыска убакыт аралыгында куралдарын тапшыртып, совет бийлигин таанып, өз ыктыярлары менен багынып берүүгө макулдашуу талабы коюлат. Бир нече жолку сүйлөшүүлөр менен Жаныбек казынын ыктыярдуу түрдө куралдарын тапшырып, желдеттерин үйлөрүнө таркатууга макулдугун алууга жетишилет.

Жаныбек казынын убада берген учурун көзөмөлдөө үчүн атайын түзүлгөн мамлекеттик комиссиянын курамында: Түркстан коммунисттик партиясынын Борбордук Комитетинин жана Фергана облустук коммунисттик партиясынын жооптуу кызматкерлери: Фурманов Виктор Ионович, Арсланов-Сайфулин Мухамед Каниевич. Камчыбеков Кадырбек жана анын жеке ишенимдүү адамы, ошондой эле комсомолдор: Кудайберген Ниязов, Жоро Зайнебидинов жана Кадырбек Камчыбековдун отрядындагы пулёметчу Данил Кордуб бирге болушкан.

– Азиз, момун мусулман балдары! Болуш-бийлер, миң башы старчылар! Мен силерге дин исламдын улук вакили табыштаган аманатты сиздерге эшиттирмекмин! Үстүбүздөгү жылдын, тагыраак айтканда, өткөн ишамбада тээ чоң Түркиядан азирети Рустам эшен Парганага келип түштү. Бүгүн сиздерге азирети эшендин ыйык аманатын тапшыруу милдети менин мойнумда. Мусулман баласынын башына түшкөн алаамат акыр заманды тигил тараптан эшиткен дин ислам вакилдери: баягы Ибрагим бек, Жунаин-хан, өзүбүздүн Жаныбек казы ошо тиги жагы Кашкар, Үрүмчү, Кулжадан бул жагы – Еран, Оогандан чыгышып, биз тарапка өтүп келишке даярданып жатышат.

Мына алар Анжиан менен Маргаланды, Кокон менен Ташкенди, Бухара менен Самарканды, Ош менен Жалал-Абадды басып кирип, жаамы Паргана өрөөнүн кайыр диндегилерден тазалабадды кайра өткөрүшкө келатышкан дин ислам вакилдерине биз мак. Баягы бизден тартып алган амалыбызды кафыр балчебектерден алып бермек. Ана ошо дин исламды сактап, мусулманатирек болушка даяр туралы. Жаамы мусулман үчүн кафирларга каказат ачып, келаткандарга азык-оокат, ат-тон, курал-жарак жаатын алдыртадан даярдап турушубуз зарыл. Өзүңөр күнбү-түнбү аттанышка алдыртадан даярдыкты көрө бергиле. Тиги жактан буйрук-кабар келери менен кайырдиндерге казават баштайбыз.

Мына бүгүн улутчул-динчилдер: ар аймактан чыккан эшен, имамдар амалынан айрылып, тизгинин колдон алдырган бийболуштар, айласыздан куралын өткөрүп багынган миң башы, корбашылар, булардын буйругун аткарып, эл арасын аңдып жүрүшкөн эмчи-домчу, көзү ачык, дубана-календер кейпиндеги жансыз тыңчылар жашырын мажилис өткөрүп жатышты.

– Калкожо казынын айлын чапканы келе жатыптыр – деген суук кабар, айылдагыларга заматта таркады. Эси чыккан көпчүлүк, бекинерге жай таппай, алдаташса, акылын токтоткон айрымдары:

– Кой, казыга барып, аныгын билели, – десе, айрымдары:

– Калкожо келип, айылды чапкыдай, казы ага эмне жамандык кылды эле?

– Канкор, эшен качан эле, кай жерге барганда тынч болчу эле?

– Орустун сөзүн сүйлөп, ортого түшкөн казы канчалаган корбашыларды, эл талаган басмачыларды аман алып калбады беле?

– Койгула, жаңы бийликти тааныгыла деп, көпчүлүккө ортого түшкөнүн кектеп жүрөт, – деп укканбыз.

– Калкожону да, жаңы өкмөткө кармап берем дегенин угуп калса керек да?

– Калкожо менен Мойдун деген балээ эле. Кай жакка барбасын бей-бечараларды канга боёп, талап-булаганын койбой чаап, союп кеткенин угабыз.

– Кылгылыкты кылып коюп, кызылдардан качып жүрбөйбү?

– Казы эми, буга кандай айла кылаар экен? – дешкен көпчүлүк жабыла казыга келишти.

– Көп камтама түшпөй, тирилигиңерди кадимкидей өткөрө бергиле, – деди, казы сабырдуу.

– Таң ай! Калкожо элге, мусулман баласы кылбаган кылыкты, кылат деп укчу элек. Эмне болсо да, бир чарасын ойлоно көр, казым! – дешти.

– Кожону биз сый менен тосуп алалы. Отун-суу камдап, жылкыны союп, этин бышыра бергиле! – деди казы, айылындагыларга дайындап.

Аксакалдар менен Көлдүктүн оозунан өтүп, Какырдын баш тарабына келип жол тосту. Калкожо баш болгон жоон топ, чубалжыган аскерлерин ээрчите келе жатканы, алыстап көрүндү. Топ жакындай келгенде, казы аларды утурлай бастырды.

– Ассаламу алейкум!

– Келиң-келиң Кожом. Сиздин келе турганыңызды элден угуп, атайлап, алдыңыздан утурлай чыктым эле. Кана, бизден кандай кызмат? – деди казы бажаңдай, ал-жай сурашкан соң.

– Алтын уябыздай болгон, өзүбүздүн Парганабызга батпай калдык, казым деп, Кожо өзүнүн оюн жашырбай эле айтып салды.

– Паргана илгертеден эле, эч кимди өгөйлөгөн эмес. Кимибизге болбосун, кеңири кучагын жайып турат кожом.

– Мен да, ошондой деп ойлочу элем. Бу каапырлар келип, суу ченеп, жер өлчөп, бейиштей болгон жайыбызды тартып алды. Алардын убактылуу саясатына көбү алданып жатпайбы?

– Кожом, ушунча келип калыпсыздар, эшик-төрдү көрүп, сыйыбызды татыңыздар!

– Таклибиңизге ырахмат, казым. Жолдош менен Али аркабыздан жете келишмек эле, сапарыбыздан калбайлы.

– Бул эмне дегениңиз, кожом? Насип кайып, ырыскыны таштабаң. Сиздерге атайлап арналган даамга түшпөй, кантип кетесиз? Сиз деп дасторкон жайып отурабыз. Жылкынын эти бышып калды. Жолдош менен Алини күтүп алганга Омар молдону калтырабыз. Алар жетип келгичекти, кеңири үлгүрөбүз дегенче, казы кожонун тобун ээрчите Көлдүк тарапка бет алды.

Казынын айылы майрамдагыдай эл көп. Казан-казан эт бышып, этек тарапта жаш жигиттер улак тартып жүрүшөт.

– Кожом, сиздин келишиңизге күтүнүп улак чыгардык эле. Уруксат берсеңиз жигиттериңиз чай кайнам улак тартышып, кычышкан такымдарын жазып алышсын?

– Жок казым. Шашылыш, сапар тартып баратабыз. Берер даамыңызды тездетиңиз!

– Ап бали! Кожом, атайлап арнаган ырыскы дапдаяр. Кана балдар, шапа-шупа ат алып, колго суу куюп, меймандарды үйгө киргизгиле! – деп казы үй алдындагы кызмат кылгандарды шаштырды .

Кол жуугандар бөлүнгөн үйлөргө кирип, жай алганча, дасторкондор жайылып, даамдар келтириле баштады. Ал учурда айылдагы жаш балдар, келгендердин каңтара байланган аттарын минишип, улак чапкандарга аралаша кетишти.

– Карма эле, карма!

Тарт эле, тарт!

Жулуп ал! Кууп жет! Ашыр! – дешип бирин-бири сүрөгөн үндөр көбөйдү.

Калкожонун жана-жан жигиттери, эң бир ишенимдүү сакчылары аталган Жолдош менен Али Какырага жете келишип, арыбери карашса, көп аттын изи Көлдүк тарапка кеткенин көрүштү. Алар шашылыш кырга чыга көз тигишсе, айылда улак тартыш кызуу жүрүп, бирин-бири сүрөгөн үндөр чыгып, бөтөн бирөөлөрдүн келгени сезилбеди. Ар үйгө түшкөн Калкожо баштаган топтун жана аларды ээрчиген жигиттердин улоолорунун карааны айыл арасынан байкалбады.

Казы дайындап кеткен Омор молдо, Жолдош менен Алини утурлай келип:

– Мен сиздерди күтүп жаттым эле. Кожом тобундагы аскерлери менен сыйга киришти. Жүргүлө, мени менен чогуу баралы?

– деп чакыргыча болбой Ормон баштаган ыктыярдуу топтун жоокерлеринин караандары кокту-колоттон көрүнө калды. Аларды көрө калган Али, ээр каштын үстүндөгү пулеметту колуна алгычакты кимдир бирөөсү ок чыгарды. Ок тийген Али ат үстүнөн ооп баратканда аны көргөн Жолдош шамдагайлык менен жете келип, шеригинин жарадар денесин өңөрө, атына камчы басты. Ыктыярдуу отряддын жигиттеринин аткан огу качып бараткан Жолдошту ат үстүнөн кулатты. Жете келишкен жигиттердин бири да ээр кашындагы пулемет байланган аттын аркасынан кууп, жетпей калды.

Кокустан чыккан мылтык үнүн уккан, сый үстүндө отургандар алдастай, кулак түрүштү. Удаама-удаа атылган мылтык үндөрү тоону жаңыртты. Эми гана тартылган этти алып, ооз тийгенге камданып жаткандардын, колдорунан эттер ыргыды. Чаң-тополоңдошо тура калышып, босого тарапка умтулушту. Сүрүлө түртүшкөндөр боз үйдүн эшигине капталышып, бири-бирине карабай шыкала, түрткүлөшүп жатышты. Майлуу этти колуна кармап, ооз тийгенге үлгүрбөгөн Кожонун алдына заматта аты тартылды.

– Жолдош менен Али бул тарапка бурулууга үлгүрбөй, шашыла аттарын чаап кетишкенин аларды күтүп отурган Омор молдо айттырыптыр. Ыктыярдуулардан коргоп барганга, сиздин алдыңызга адамдарды салдым. Аркаңыздан жигиттерим менен өзүм жетип барып, Алайкуугa ашырамын, – деди Жаныбек.

«Буйрубаган ашка, тиш тийбейт», – демекчи, алдыга койгон ырыскыны ооз тийгизбеген куугунга кыжырданган Кожо заарын чача:

– Кош деп айтуу оозуна кирбей, аттарын таппай жүргөн аскерлерине карабай, алдындагы атына камчы басты.

– Алайкуунун чубама жолунан өтүп барып, Кожонун колун утурлайсыңар. Аркадан калган биз ыктыярдуулар менен жетип барып, ортодо калгандарды карышкырдай кылып, камоого алалы, – деп казы жан жигиттерин жөнөтүүгө үлгүргөн эле.

Алдастап, качкандар Капчыгайдан өтүп, тар кыяга келишкенде, баягы адатынча Калкожо артына кылчая берип:

– Жолдош менен Алиден кабар барбы? – деп сурады.

– Каттуу жүрүш менен узап кетишкенби? Кабар жок, таксыр, – деди жан жигиттеринин бири.

– Жол тосуп, акмалашкан төртүнчүлөргө эле кабылып калышпаса, келип калышаар, – деди жигит башы, күмөндөй жооп узатып.

– Капыстан ок чыгаргандарга жаны жок казы белги берип койбодубу? – деди жүз башы шектене, шериктерине шыбырап.

– Союшун союп бышырып, атайлап улак чыгарып отурганга караганда, казынын ою түздөй эле көрүнөт.

– Биздин жол алганыбыз, чамасы пайлап жүргөн кызылдарга билинип калган өңдөнөт? – деди жүз башынын жардамчысы.

– Кызылдар билбесе, арттан куугун түшпөйт эле.

– Мылтыктын үнү сейрек чыгышына караганда, казынын эле жигиттеринен окшойт.

– Казынын жигиттери эт тартуу менен алек болуп жүрбөдүбү? Эгер анын жаман ою болгондо, атайлап, камданып, союшун сойгузуп тосуп алмак эмес!

– Ырас айттың. Казы өзү:

– Мен силердин коопсуздугуңарга кам көрүп, алдыга жигиттеримди жөнөттүм, калган жигиттеримди өзүм баштап барам дебедиби?

– Ким билет. Андан деле, дайын жоктой.

– Мүмкүн казы жана ок чыгаргандар менен алек болуп калдыбы?

Көлдүктөн бери аркадан түшкөндөрдүн бар жогу узак жолдо билинбеди.

– Биз аттардын жүрүшүнө салып, катуурааk келдик окшойт, – дешип, жүз башылар өздөрүнүн күмөнүн айтып, Жаман-Кыяга жете беришкенде, маңдай тараптан эңкүүлөй, ат бастырган жол чалгычтардын башчысынын тааныш карааны көрүндү.

– Паңсат, алды тарапта кандай кабар бар? – деп алыстан жүз башы үн салды.

– Шектүү караандар көрүнбөйт. Бир гана ээрчише бастырган айылдык атчандардын караандары илгерилеп, кетип баратат.

– Болду болбоду, алар казынын жол чалдырган адамдары? – деди шектене жүз башынын бири. Амалдуу казынын баягы сөзү туура көрүнөт.

– Алдыга жол чалганы жигиттеримди жөнөттүм деген сөзү туурадай.

– Казыдан шек санабай эле койгонубуз оң.

– Таксыр, эртелеп, жыла берели? Тар кыядан өтүп барып, бир аз абайлайлы. Ага чейин узатып чыккан казы да, жигиттери менен келип калса, кандай кабар бардыгын толук билебиз, – деди эшендин жанындагы паңсат, атын темине.

Калкожо адатынча ак да, көк да дебей, ээгин илгери карай экчеп койду.

Корбашысынын сырын жакшы билген паңсат өздөрүн суроолуу тиктеп турган жигиттерине:

– Кана алга бастыргыла! – деп атынын башын бура, белги берди.

Топтун алды, жалгыз аттын туягы араң баткан чубама кыянын жарымына барганда «тарс» эткен мылтыктын үнү чыгып, «дүңк» эте капчыгай ичин жаңыртты. Жаман-Кыядагылар «селт» эте чочушуп, «дүңк» эткен жаңырык улам алды тараптанбы, же арттан чыкканын аңдашпай, элеңдеше токтой калышты. Аңгыча болбой «дүңк-дүңк» эте тоо ичинде жаңырган үндөр уланып кетти.

– Ээ, Кудай сакта? – деп «чур» эткендер алды-аркага жылууга арга табышпай, аттарын темине качууга мүмкүнчүлүктөрү жок титиреп турушту.

Кээ бирөөлөрү аттарынан «топ-топ» оп түшүшүп, жашынарга паана таппай, алдасташты. Себеби, Жаман-Кыянын үстү да, асты да зымылдаган зоо. Караган кишинин башы айлана тургандай, этек тарабы «күү-шаа» эте, күрпүлдөп аккан дарыянын үнү аска-зоону жаңыртат. Улам тарсылдактар көбөйүп, ок тийген адамдардын «аа» деген ачуу чыңырыгына, тар кыядагы кулаган аттардын капчыгайды жаңырта ачуу кишинегени кошул-ташыл боло, Жаман-Кыянын ичи, чууга толуп, коркунуч каптады.

Жан ширин го чиркин! Кимдин эле өлгүсү келсин. Эптеп, ушул тоонун капчыгайынын ичиндеги тар кыялуу жайдан чыгып кетүүнүн камында баары далбас урушту. Ар кыл учурда, ар кимден, талап-тоноп, зордоп алган буюмдары салынган бөктөрүнчөктөрү, куржундары, кармаган куралдары эстен чыкты. Аман

калуунун аракети менен ат аяктарын пааналап, үлгүрөйүн дегендерди тарсылдактан коргонууга, үркөн, коркон аттар тыбырчылап, «кошкуруп» жөн турбай, Жаман-Кыядан кулашты. Алды аркага качып, кете албагандар сүрүлгөн шагылга карабай, өргө умтулушту. Алардын салмагынан ширелип, тырмалагандарынан колу-буттарынан суюлган шагыл, ат туягы араң баткан тар кыяга толуп-ташып, андан ашканы төмөн көздөй сапырыла, сүрүлдү. Бир боюна оор көрүнгөн, үстүндөгү, бутундагы кийимдерин чече салып, эптеп эле, ажал тооруган жалама жайдан, таканчык таап, качып-кутулуунун аракетиндегилер, бири бирине карашпай, өздөрүнүн жалгыз баштарынын камын көрүшүп, ширеле кулаган шагылдарды тырмалашты.

Коркунучтун көбү куугунда экенин туйгандар, бет алдыны көздөй чамынышканы менен алдыда бараткандар жол тосуп ок чыгаргандардан жалтаңдашып, ат башын тар кыяда бура алышпай, бири-бирине каптала шыкалышты.

Тээ төмөндө көбүгүн көккө серпкен дарыянын албуут күчү, өзүнө кулап түшкөн аттарды да, адамдарды да, алардын буюмтайым, куралдарын да иргебестен, муздак кучагына оп тартып, бирде серпип, бирде булкуп, бирде өркөчтөнгөн ташка чаап, өзү гана каалаган ыкка салып, көбүрө-жабыра эңкейишти көздөй, алып кетип жатты.

Көбү ач, жылаңач айрымдары курал-жарак улоолору жок, аябай ачынып, таланып бүлүнгөн топ, каардана келип, түк баскан бетинен заары тамчылаган касиеттүү, ыйык эшенди ээрчип, Алайкуу аймагындагы айылдарды аралай келип токтолушту.

Ары мыкаачы, эч бир жанды аяп көрбөгөн канкор Калкожонун баштаган колу менен кармашып, аларды аябай бүлүккө салган казынын ыктыярдуу отрядынын кабары өкмөт башчыларына заматта жетти.

– Колдоого аларлык иш. Эгерде уюшулган ыктыярдуу отряддардын ар биринде ушундай аракеттер ишке ашырыла турган болсо, басмачыларды бүт тамырынан бери тазалоого кеңири жол ачылат, – деген сунуштан соң, башкы командачынын буйругу менен казыга алтын жалатылган кылыч сыйлык иретинде ыйгарылды.

* * *

Совет бийлигинин алгачкы күндөрүнөн тартып, большевиктер партиясы, айыл чарбасындагы агрардык маселени чечүүгө катуу кириште. «Жер жөнүндө декрет» кабыл алынып, бардык жерлер мамлекеттин менчиги деп жарыяланды. Декрет боюнча совет бийлигинин агрардык саясатынын негизги багыттарыжерге болгон жеке менчикти жоюу, ири жер ээлеринин жерлерин алуу, «Жер – аны иштеткендердики» деген эреже боюнча чарбаларга теңдеп бөлүп берүү, дыйкандарга өз чарбасын түзүү үчүн жардам берүүнү колго алуу жүргүзүлүп жатты.

Жалпы Түркстандык Советтердин «1920-жылы 19-25-сентябрдагы I съездинин» «Жер маселеси боюнча» резолюциясында: Басып алуучулук маанайларды ооздуктоо максатында колонизациялоо учурунда түзүлгөн бардык орус кыштактарынын жерди жана сууну пайдалануу укугун жергиликтүү калк ишин теңештирүүгө көңүл бурулду. Экинчи келгиндерди эмгек нормасы боюнча жерлерди калтыруу менен бардык ашыкча жерлер алынат жана биринчи кезекте, жергиликтүү калк үчүн орноштурууга берилери белгиленди. Түркстандын аймагында ар кандай көчүрүп келүүлөргө, ошондой эле, республиканын жерлерин өз алдынча ээлеп алууларына жол берилбестигине басым жасалды. Кыргызстанда жерге болгон мамиле түп-тамырынан өзгөрүп, бардык жерлер мамлекеттин менчигинде болуп, жергиликтүү бийликтин көзөмөлүнө өттү. Кедейлер жана орто дыйкандар натуралай жана накталай төлөнүүчү салыктардан бошотулду.

Өлкөдө экономикалык жаңы саясат жүргүзүлө баштады. Бирок, билимдүү жана ишенимдүү кадрлар жетишсиз. Башка тармактардагыдай эле, милицияда юридикалык билимге ээ адамдар жок. Бул маселеге өзгөчө көңүл бөлгөн партиялык жана Советтик органдар кадрларды даярдоону колго ала баштады. Эски калдыктар менен күрөштү жандандырып, революциялык тартипти чыңдоо жана социалисттик мыйзамды күчөтүү чаралары негизги максат болуп калды.

Милиция, сот жана прокуратура органдары бардык маселелерге терең кийлигишүүнү колго ала баштады. Айрыкча жайлоолордо жасалып жаткан кылмыштар менен күрөшүүдө жана

мыйзамдуулукту сактоо боюнча чечкиндүү аркеттер жүргүзүлдү. Кылмыш иштердин көпчүлүгү кыздарды калыңга сатуу, мал уурулук, мыйзамсыз төлөмдөрдү жыйноо боюнча иштерге көңүл бурулду. Айрыкча жалданма жумушчу күчүн пайдаланган байлардын чарбаларын текшерүүдө кедей-кембагалдарды жалчылыкка иштеткен көрүнүштөр айгинеленди. Жайлоо кеңешинин милиция орган тарабынан өз убагында кулакка тартылбай калган байлардын дагы да болсо бар экендиги аныкталды. Ошол учурдагы кеңештин токтому менен беш миңден ашкан кой-эчкиси, төрт жүздөн ашкан жылкысы, эки жүзгө жакын төөсү жана үч жүзгө жакын ири мүйүздүү малы бар, эки жүздөн ашуун кедей-кембагалдарды пайдалангандардын мал-мүлктөрү ортолукка алынды.

Аны менен катар өлкөдө кедей-кембагалдарга жер бөлүштүрүү колго алынды. Майда басмачылык кыянаттык кылууну токтотушпады. Жер алгандардын үйлөрүн өрттөп, коркутушуп, а түгүл атып да кетип жатышты. Колхоздун мүлкүн кайтаруу, көз жазгырып жүрүшкөн басмачылардын башчыларын жана катылган куралдарды, ок-дарыларды табууда коомчулуктун өкүлдөрү да сыртта калышпады. Пахтачыларды жана механизаторлорду басмачылардын кол салуусунан коргоодо ар айылдардагы партиялык жана комсомолдук уюмдун мүчөлөрү, советтик кызматкерлер көмөктөшүштү.

Жаңы өкмөттүн бийликке келишин жан-дили менен кабыл алып, ага кол кабыш кылган жаштарды, айрыкча комсомол, коммунисттерди эл душмандары аталган басмачылар түнкүсүн келишип өлтүрүп кетип жатышты. Комсомолдун мүчөсү Токтайым байлардын мал-мүлкүн ортолукка алууга көмөктөшүп, эл алдына чыгып сүйлөгөн эле. Анын кабарын укkан басмачылар түн ичинде жашырынып келишип, алар жашаган үйдү ороп, тинтүүгө алышты.

Басмачылардын түн жамынып келээрин туйган Токтайым менен күйөөсү тамдын үстүндө чыгып жатышкан эле. Атайлап келген басмачылар аларды издеп таап, күйөөсүн кармап калышканда, Токтайым морунун ичине секирип кирип, эптеп жашынат. Басмачылар күйөөсүн союп, өзүн издей баштаганда, ал качып чыгып, калың камыштардын арасына келип жашынды.

– Кармагыла! Качыра көрбөгүлө, – дешип, түнкү карангылыкта, басмачылар айлананы аңтара издешип таппай калышты.

Токтайым корккунунан камыштуу суунун ичин пааналады. Караңгылыкты пайдаланып, көпкө чейин суу ичинде бекинип жатты. Басмачылар аны таба алышпай түңүлүп жадашканда, ал жаткан жерди бир топко чейин, окко тосушту. Алар кеткенге чейин суу ичинде жатып, акыры суунун агымы менен жүрүп отуруп, Кара-Дыйкандагы сайга жакын, бир короого кирип барып, койлордун арасында жашынды. Сууга чыланган денеси аябай үшүгөндүктөн, айласыз короонун ээсинин эшигин каккылады. Үй ээси анын акыбалын билип, аялынын кийимин кийгизип, эртеси таң эртең менен Өзгөндөгү НКВДга алып келди.

Милиция кызматкерлери Токтайымды коштоп, күйөөсүнүн тажиясын өткөрүп жаткан үйүнө алып барышты. Ал жерде өз колдору менен өлтүргөндөрдү Токтайым тааныды. Күйөөсүнүн сөөгүн жайга коюп келишкенден соң, өзүн коштоп барган өкүлдөргө күйөөсүн кимдер өлтүргөнүн айтып берди. Колго түшкөн мыкаачылар суракка алынып, алардын маалыматы аркылуу, басмачылардын калган мүчөлөрү да колго түшүрүлдү.

Благовещенко жана Спасск кыштактарындагылар өз ыктыярлары менен 26 кыргыз, өзбек, 16 орус улутундагылар биригишип, көчөлөрдү, үйлөрдү кайтарышты. Ал эми Майлы-Сай кыштагындагы курал-жарактары жок дыйкандар басып келгендерди үй-үйлөрүнө бөлүп чакырышып, шарттуу белги менен аларды куралсыздандырышып, 37 мылтык-кылычтарын чогултушуп, 37синин аттарын бекитип, тартып алышты.

Өзгөндөгү Кара-Дыйкан кыштагындагы Чолпонкул молдонун короосуна айыл адамдары чогулушту. Аларды эки жүз басмачынын корбашысы жазган кат тынчсыздандырган эле. Арадан сабаттуу бирөө чыгып, келген катты чогулгандарга жарыя окуп берди.

– Молдо Чолпонкул, айыл-тоону кыдырып, дин мусулман үчүн кызмат кылып, баш ийбегендерди багынтып жаткан менин аскерлерим үчүн алтымыш чейрек күрүч, алтымыш тон даярдап, ушул барган жигитимден бир жума ичи кечиктирбей берип жибер! Эгерде бул айткандарымды аткарбасаң, өзүңдү баш кылып,

үй-бүлөңдү койдой мууздап, айылыңдагы элиңди түгөл чаап кетем» – деп Исмайыл корбашы кат жазып, аягына бармагын басыптыр.

– Корбашынын айтканын эки кылбайлы. Айтканын чогултуп берели, – деген байлар, айылдагыларга салык сала башташты.

– Берсеңер, силер бергиле. Биз эмнебизди беребиз? Тонубуз болсо өзүбүз кийбейлиби? Ошончо күрүчтү балдарыбыз менен бирге жесек болбойбу? – дешкен куу чокой кедейлер дароо бириги шип, коргоо тобун түзүшүп, Исмайылды баш кылып, баш кесерлерди колго түшүрүштү.

Айылдагы ички жана тышкы душмандарга каршы күрөштү түзгөн топту Абдрасул уулу Жоробек баштап, көп коркунучтан айылдыктарды аман алып калышты. Алардын демилгесин жакынкы айылдагылар да кубатташып, ыктыярдуу коргонуу топторун түзгөндүгү, көпчүлүккө маалым болду.

* * *

«Бул кат Жаныбек казыга! Экинчиси бир туугандарым Ташмат менен Орозматка.

Мен жакында Паргана өрөөнүнө жүрүш кылам. Мени Памир, Мургаптагы тажик Максым Пазыл корбашы кошуундары менен тосуп алары макулдашылды. Силер да, өз күчүңөрдү топтоп, катуу даярдыкты көрө бергиле. Ага чейин ишенимдүү жана дадил адамды Пазыл Максумга жөнөтүп, бири-бириңдин абалыңарды жана муктаждыктарыңарды билдиргиле. Ок-дары, курал-жарактарды өткөрүүнүн жашыруун жолдорун сүйлөшкүлө!» деген Ооганстанга качып өткөн Көршерматтын эки каты ОГПУнун Орто Азиядагы Полномочиелүү өкүлчүлүгүндө талкууланды.

– Кат кандайча Жаныбек казы менен Көршерматтын бир туугандарынын колуна тийди? – деген суроо туулду. Көрсө, Ооганстандан Кашкар аркылуу өткөн Акматали аттуу кыргыз, экинчиси Якып деген өзбек эки жолоочу аркылуу кат Жанибекке жана Көршерматтын бир туугандары Ташмат менен Орозматка жеткирилиптир.

«Өтө жашыруун»

ОГПУнун Ош округу боюнча уполномочени жол Ерохинге. ОГПУнун Орто Азиядагы Полномочиелүү Өкүлдүгүнүн билдирүүсү боюнча, бул жерден Афганистанга өтө качып кеткен басмачы Көршермат ушул жылдын 15-январь күнү Жаныбектин, ошондой эле Ташматтын, Орозматтын (Көршерматтын бир туугандары, Баба-Маргалан уездинде жашап турушкан) ысмына эки кат жиберилгени аныкталды. Ал каттарда Көршермат апрелдин аягына жетпей кайрадан Фергана өрөөнүнө жүрүш кыларын айтып, ага дейре катты алары менен тигилер өз күчтөрүн Памир, Мургап аймагына топтоштуруп, катуу даярдык көрүп турушарын эскерткен.

Бул эки кат агент аркылуу Афгандан апкелинген. Бири Акматали деген кыргыз 32 жашта, экинчиси Якуб деген өзбек 33 жашта. ОГПУнун КИРОБЛОТДЕЛИ сиздин керт башыңыздын жоопкерчилигинде аткарууну сунуш кылат. Өтө кылдаттык менен төмөндөгүлөрдү тактоо зарыл:

Кат Жаныбек, Ташмат, Орозматтын колуна тийдиби?

Каттар жөнүндө бирөөлөрдүн арасында сөз болуп жатабы? Эгер сөз болуп жатса, эмне деген тыянак болууда?

Жаныбек, Көршерматтын бир туугандары катты алышкан болсо, эмне ойго келип, эмне камылга көрүп жатышат?

Кандай гана болбосун Акматали менен Якубдун ушул учурда турган жери аныкталсын. Эч токтоосуз экөө тең кармалсын. Эмне иш жүргүзүлгөнү, натыйжасы дароо кабарлансын!

«ОГПУнун КИРОБЛОТДЕЛИ.12-03-1927-жыл».

* * *

Жаныбектин Көршермат менен болгон байланышы аныкталды. Көршерматтын каты бир туугандарга тийген. Орозмат тымызын Өзгөнгө келип, андан Көлдүккө барып, Жаныбек менен жолугушту. Катты, ага кошуп мылтыгын Жаныбекке тартуу кылды. Жаныбек ага миң сом акча бергендиги билинди.

Бир тууганынын каты аркылуу Орозмат Баба-Маргаландагы үйүнөн кире кылган арабакеч катары Өзгөнгө өтүп, ал жерден Жаныбекти сураштырып, Көлдүккө келет. Катып жүргөн мылтыгын казыга тартуулап, андан акчалай жардам алат. Андан көп өтпөй эле, Мургаптан Турдугул уулу Камил, Кадырбай уулу Абдылар жашыруун келишип, Жанибек менен сүйлөшүп кетишет. Алардын аркасынан казы өзүнүн ишенимдүү адамы молдо Ырыскулду жөнөттү. Анын айтуусу боюнча Көршерматтын мургдагы жигиттери тажик корбашы Максым Пазылдын басмачылары менен биригип, жаздын келишин, ашуулардын ачылышын күтүп жатышыптыр. Ага чейин курал-жарактары жеткирүүгө, кайсыл жол ыңгайлуулугун билдирүүнү өтүнүшүптүр. Кабарды уккан казы молдо Ырыскулду кайрадан Мургапка жиберди.

ОГПУ тарабынан Көршерматтын эки бир тууганы кармалып, суракка алынды. Көршерматтын кабарынан соң басмачы аскерин көбөйтүп, даярдыкты күч алышты. Чекисттердин 1927-жылдагы алган маалыматы боюнча казынын жигиттеринин саны 170ке жетти.

Жаныбектин өзүн кайтарган, күзөтчү болгон 18 жигит. Өмүр кашка 20-30 жигити менен казынын кол алдында Кара-Шородо жайгашкан. Төрөбайдын карамагында 20-25 киши, корбашысы Шайыбек уулу Төлөнбай. Турук-Көлдүк кыштоосу. Корбашы Кошбай 17 киши менен Салам-Аликте. Айылында 800 түтүн болгон. Жаныбектин эң жакын жөкөрү Абдылдабек 20-30 киши кураган. Байбичедеги 600 түтүн айылы менен турган. Алибай менен Салибай (Ташкулдун балдары) 20-25 киши топтоп, Кара-Кулжада жайгашышкан. Сырттан караган кишиге өз алдынча болушканы менен Жаныбектин буйругун так аткара турган куралдуу күч болуп эсептелген. Кылыч, бардеңке, беш атар, көбүнчө он эки атар англис мылтыгын асынып, корбашылар наган асынып жүрүштү.

Кашкарда таңкыс, баалуу, дүйнө-мүлк жүктөтүп Абдылдабекти Кашкарга өткөрдү. Ал белгиленген күнгө жетип-жетпей кайрылып келди. Өзү менен кошо орус, япон тибиндеги мылтыктарды, он эки атар англис мылтыктарын огу менен эч ким билбес көмүскө жайга түшүрдү. Эми ачык эле Кара-Кулжа, Тар, Жазы, Көлдүк тегерегиндеги, жакынкы Көк-Арт, Жалал-Абаддагы жоролоруна кабар жөнөтүп, «көтөрүлүүнү» эскертип жатты.

Мындан беш-алты жылдар мурун, ар кайсыл шартта, жаш өкмөткө моюн сунуп, куралын тапшырган басмачы, корбашылар эл ичинде көп эле. Алардын жүрүм-туруму эсепке алынып, тынчтирилик кылгандарга тийилген эмес. Жаныбек да алардын катарында байкоого алынып жүргөн эле. Жакын арада өкмөт кандай аракеттерди жүргүзөрүн эскиртпей ага жеткизип тура турган эл ичинде да, өкмөт мекемелеринде да узун кулактар бар болчу. Айрыкча жергиликтүү өкмөт-мекемелеринде жашыруун кирип алган бай-манаптардын балдары, урук-туугандар көмөктөшүп турушту.

Казы басмачылардын санын көбөйтүп, аларды чет элдик мыкты куралдар менен камсыз кылды. Казынын өзүн кайтарган он сегиз жигиттен башка, Өмүркашкада, Шайбек уулу Төлөнбайда, Кошбай корбашыда, казынын эң жакын жөкөрү Абдылдабекте, Алибай менен Салибайда жыйырма-отуздан жигит болуп, басмачынын саны эки жүзгө жакын эле. Дал ошол чакта ОГПУ тарабынан иш козголуп, молдо Ырыскул Өзгөндө, Көршерматтын эки бир тууганы Баба-Маргалан үйөзүндө кармалып, сурак жүргүзүлө баштаганын туйган казы, ачык эле Көлдүк, Жазы, Тар, Кара-Кулжа аймагына, Көк-Арт, Жалал-Абад тегерегиндеги басыз уругуна, Өзбекстандагы Булак-Башы, Айым, Чимион, Анжияндагы ичкилик кыргыздарына чейин кабар берип, аттануурга үндөдү.

Жаныбек 1922-жылы совет бийлигине кайрадан баш ийип берүүгө мажбур болду. Өзбек Исраил, Юлдаш палбан, Турду Максым, кыргыз молдо Доорон, түрк Молдокожо сыяктуу майда корбашылар өз ара жоолашып, эки ортодо күнөөсүз эл талады. Жаныбек казы аларды эпке келтирип, куралдарын өкмөткө тапшырууга көндүрдү. Исраил корбашы гана «Мен ушу Жаныбекке баш иет бекемин?» деп кетип калды. Басмачыларды жок кылуудагы эмгеги бааланып Жаныбек башкы командачынын буйругу боюнча алтын кылыч менен сыйланды. Ошону менен катар «Ош районундагы топту кайтаруучулардын начальниги» деп эсептелинип, карамагына жыйырма беш мылтык калтырылды.

Орто Азиянын ППО ГПУнун Чыгыш бөлүмүндөгү материалда «Жаныбек Сагынбай уулу 1869-жылы Фергана облусундагы Ак-Жар волосунда туулган. Басыз уруусунун кашка уругунан чыккан бай-манап. Шарияттык сот (казы) милдетин аткарат»... деп белгиленген. 1922-жылы Түркстандагы алтынчы чалгынчылар Жаныбек казыны «Чыгыш» («Восток») деп аталган шарттуу белги менен агентуралык ППО ГПУнун Чыгыш бөлүмүнө өткөрүп бериштi. Эң акыры 1923-жылдын 4-сентябрында ГПУнун Фергана облусунун бөлүмүнө өткөрүлдү.

1924-жылы Ташкендеги Внешторг мекемесине барып, Өзгөн боюнча увакил болуп бекитилип, соода ишин колуна алышы казынын мурдатан кыла жүргөн аткезчилик ишине ого бетер жол ачылды. Бүткүл Ош округуна аткезчилердин жашыруун башчысы болсо, эми ачыктан-ачык эле кашкарлык валюта сатып алуучу соодагерлер менен тыкыс алака түздү. Алтын алып, алтын сатууга өттү. Элге мал жана мата, килем-килче менен соода-сатык жүргүзгөндөй туюлду. Кандай болсо да карапайым элге «Жаныбек Кашкарды колуна алганы турат. Ооматы келген чак» болуп, кадыры арткан сайын, байлыгына байлык кошула берди.

* * *

Оштун коменданты жана облустук ОГПУнун уполномочени Александр Гаврилович Ерохин, Молдо Кубакты жөнөттү. Жаныбек казы катка өз оюн билдирди.

«Бийликтегилерден эч кандай документи жок келген силердин өкүлгө мен эч качан ишенбеймин. Муну силер камалып жаткан тууган-уругуңарды бошотуп алып, аман сактап калуу максатында жасап жатасыздар. Силердин адамдар мага колдо болгон бардык курал-жарактарды тапшырууну сунуш кылышты. Бирок, мен куралдарды өкмөттүк бийликтин өкүлдөрү менен сүйлөшмөйүнчө, алар менен жеке өзүмдүн коопсуздугумду сактоого ишендирмейинче тапшырбаймын. Азыркы кезде мен бир дагы кеңешчисиз калдым. Бирок, мен чыныгы мусулманмын жана бардык мусулмандар менин бир туугандарым жана туугандарым. Ооба, мен азыр карып калдым, ошентсе да акыл-эсимди азырынча жогото элекмин, мээм калыбында. Менин эмнелерди ойлогонума макулсуздар го?»

* * *

Фергана облустук милициянын начальниги Бех Ивановдун жана Ош уездинин шаардык милициясынын кызматкери К.Кара-

бековдун жогорку тараптарга билдирген рапортторунда корбашылар Мадаминбек, Калкожо, Көршерматтардын жана Жаныбек казынын жергиликтүү элдерге жасаган кылмыштары айкын чагылдырылып, тизмеленген эле.

Өткөн 1916-жылы зомбулук менен падышалык аскерге алынган Өзгөн аймагындагы карабагыш уруусунун кулуну Молдокулов Жуманазар дүйнөлүк биринчи согушка, экинчи Батыш Фронтунда катышып, революциянын шарапаты менен туулуп өскөн айылына аман-эсен кайтып келди. Өзү менен кошо чоң саясат, чоң өзгөрүүлөрдү кошо ала келди. Согушта жүргөндө большевиктер партиясына мүчө болуп, Петроградда жумушчу-солдат, большевиктердин мүчөлүгүнө көрсөтүлдү. Полктоштору менен бирге, падышалык бийликке каршы күрөштү. Кышкы Сарай штурумуна катышты. Акылы тунук жаш жигит, тез эле революциялык кыймылдарга катышып, большевиктердин катарында коммунисттик партияга мүчөлүккө өттү, такшалды. Акырында Врангел, Колчактар менен болгон күрөшкө катышып, өз айылына келген эле. Ага чейин Орусиядагы жүргүзүлгөн агрардык саясаттан улам жер-суу реформасынын жүргүзүлүшүндө бир топ тажрыйба алган болчу.

Орусияда дан эгиндерин даярдоонун кескин кыскарышынан улам, өлкөдө ачарчылык күч алды. Ушундан улам пролетардык диктатура менен дыйкандардын кеңири катмарынын ортосунда курч карама-каршылык күчөп кетти. Ачарчылыктын шартында кулактар, бай-манаптар, эгинин, мал-мүлкүн жашырышып, каршылык көрсөтүштү. Большевиктик жетекчилер айыл-кыштактарда эгин жыйноо үчүн шаардагы жумушчулардан атайын азык-түлүк камдоочу отряддарды түзүштү. Большевиктердин бул саясаты дыйкандардын нааразылыгын пайда кылды. Козголоң Кызыл Армиянын аскерлеринин өзүн-өзү коргоо отряддарынын күчү менен бастырылды. Жуманазар дал ошол Кызыл Армиянын аскерлеринин өзүн-өзү коргоо отрядында кызмат кылып жүрүп, большевиктер партиясынын атайын тапшырмасы менен Петроградын ач калган элине, эгин жөнөтүүгө Түркстанга жөнөтүлгөн болчу.

Жуманазардын атасы карабагыш Молдокул Мырзак уулу ак мээнети менен жан бакчу. 16-жылдагы падыша Николайдын

жардыгы менен жарды-жалчылардын катарында уулу Жуманазарды «жумушчу-поталиянга» (батальон) жөнөтүүгө аргасыз болду. Падышанын нанын жеген болуш, старчындар зомбулук менен тизмеге катташып, тез эле алып кетишкен. Ата 17 жаштагы уулун колунан алдырып кала берген. Молдокул айылындыгыларга «уста», «бай тешечи» атыгып, таанымал эле. Кийин өлөр өлгүчөктү, бай теше чаап, тирилигин өткөрүп, 106 га киргенде да бай теше чаап жүрдү.

Ошол 1919-жылдарда Ош округуна Ак-Жар (Мырза-Аке) Капчыгай, Куршаб, Кызыл-Суу, Гүлчө, Отуз-Адыр, Жазы, Ачы, Ийри-Суу, Көк-Арт волостору карачу. 1914-жылы Кара-Сууга чейин темир жол келип, элден жыйналган алык-салык, мал-мата ж.б вагонго жүктөлүп, батышка кетчү. Жуманазар Мырза-Акеге азык-түлүк камдоонун жетекчиси болуп келди. Керээлден кечке кулактардан, дыйкандардан алынып, жыйналган эгин Канабадга араба менен жеткирилип, станцияга төктүрүлөт. Чарбадарлар эгин-тегиндерин бекитишип, ар кандай айла-амалдарды колдонушту. Кээлери ороо казып көмүшсө, кээлери ороонун үстүнөн суу агызышып, жашырышты. Кээлери казган оронун үстүндө таш бастырышып, малдын кургак кыгын чачып бекитишти. Жуманазар өзү баштаган тобун жетектеп, кулактардын ашыкча эгиндерин алып, ач калган Петроградга жөнөтүп турган. Ошол кезде кат тааныган Кулакмат писер (катчы) болуп, Ак-Жар волосундагылар, анын көзүн карачу.

Жергиликтүү бай-кулактар, жаңы гана басмачы атала баштаган Жаныбек казы, Кошбайлар баш болушкан жүз элүү киши биригишип, «эгинди зордоп алып жатат» дешип, кол койдуруп, мактарын боеп, Түркстан өкмөтүнө кат жазышып арызданышты. Арыз текшерүүгө алына электе эле Жаныбек казы менен Кошбай Жуманазардын тобундагыларды Шайтан-Колотко жашырынып алышып, башкаларды жумшап, Матраим Каракенеевдин үйүнө мейманчылыкка чакырышты. Элдеги «Чакыргандан калба, өзүң басып барба» деген ой менен атайын чакырылган, революциялык ыктыярдуу өкмөттүн мүчөлөрү Жуманазар Молдокул уулу, Төлөнбай Машырап уулу жана Молдобайлар келгенде, шыпылдаган жигиттер, чуркап келип ат алышты.

Ага чейин Жаныбек казы, эл чогулган жерде айтып калчу:

– Касым старчындын алты баласындай сулуу балдарды, ушул күнгө чейин көрө элекмин. Молдокулдун баласы Жуманазар да, кебетеси келишкен, ары чечен, ары өткүр жигит экен. Петербургда жүрүп командир болуп, партияга өтүптүр. Бу мырзакелик орустун баары эле, анын оозун карайт. Осташков менен Царенко баш болгон бир тобун большевиктердин партиясына мүчөлүккө кабыл алды. Орустардын мужуктары менин атымын куйругун кыркып турса да, баш көтөрө алчу эмес элем. Бу Жуманазарды көргөн орустар честь беришип, ийилип келип, эки колдоп жердеги буюмун алып беришет. Ооматы келип турган чак экен. Акыры кандай болор экен?

(Касым демекчи, ал старчындык кызматты кармап жүргөндө Өзгөнгө жыйынга келгенде жүрөгү опколжуп, өзүнчө эле коопсунуп отура албайт. Абалын айтып, жыйындан уруксат сурап, Токсон-Кемпир жайлоосун көздөй атын чаап жөнөйт. Старчындын эр жеткен алты уулу бар. Баары акыл-эстүү. Ыраң баштуу. Күйүп турган шам чырактай, сымбаты келишкен жигиттер болчу. Эң кичүүсү Абдылда он жети жашта болчу. Токсон-Кемпир жайлоосунда китеп окуп отуруп Рам китеп ачып:

– Ичер суу, көрөр күнүбүз түгөнүптүр. Эми кандай болор экен? Бул жерден эртерээк журт которуп, көчөлү, – дейт.

– Ой, баарың эле олуясынбагыла! Кудайдын буйруганын көрөрбүз, – дейт анын жанындагы аркалык Сарыкалча.

Түш оогон мезгилде күн бүркөлүп, заматта асмандагы ала булут коюуланып, улам карарып түнөрөт. Акырын тамчылаган жаан, бир аздан соң катуулап жаап, жогортон күргүштөгөн сел келет. Заматта окторулган кыян Акбайбиче баш болгон алты уулу, келин-кыздары, неберелери биригип отуз эки жанды, короо толгон жандык, төө баштаган, желедеги үйүр жылкы, кара малдары менен шыпырып алып кетет. Жайлоодогу конуш жылан сыйпагандай бош калып, агындынын гана изи калат.

Шашкан Касым старчын муну көрүп, журтун сыйпалап, окуяга ишенээр ишенбесин билбей, дапдаарып, оор үшкүрүнө, аттан ооп түшүп, жер таянат.

Ал эрте менен таң агарганда журт этегинде, бир колу менен баласын кучактап, бир колу менен арча тамырын кармап, асылып турган Сарыкалчаны тааныйт. Эт-бетинен түшө, чуркап барса, анын колу тамырды кармаган бойдон карышып калган эле. Жан-алекетке түшүп, колун ушалап, эптеп бошотуп алды. Анын айтуусу менен төмөндү караса, ылай чайкаган келини бешик кучактап уйпаланып жатса, андан ары ар-ар жерде томпойгон кой-эчкилердин селге аралашып, кыян алган адам денелерин Канабаддан табышты. Кайгыга чыдабай Касым старчын эс-учун жоготуп ооруп калды. Айыккандан кийин туугандары төркүнү төөлөс уруусунан болгон Ташкүл кызды алып беришти. Андан Аптап аттуу кыздуу болду. Баягы Сарыкалчанын уулу Абдыраймын Аптапка баш кошуп, Марал, Шарапат аттуу кыздуу болушту.

Каракененин уулу Матураимдин үйүнө түшкөн меймандарга дасторкон кенен жайылды. Кеч күздөгү сууктан улам, ортодогу очокко от улуу жагылды. Ысылыкка куурдак келип, аяктагы улам сунулган күчтүү бозо тим эле чертилет. Отургандар күчтүү чыккан бозону ичишип, бир аз кызыган соң, арак куюлуп, ыр ырдалып, комуз чертилди. Боз үйдүн эшиги туура серпилип, комуз черткен Матураим эми бийлеп кирди. Толгон айдын шооласында анын ар бир кыймылы, отургандарга айкын көрүнүп, каткырык, тамаша үйгө толду. Ырчы андан бетер үн кубултуп, «Аксаткын менен Мырза уулду» ырдап, Аксаткын болуп Мырза уулду чакырат.

«...– Күптанда келдиң, жылгалап досум,
Күндүздөн бөркүң булгалап досум.
Кыраңга келдиң, жылгалап досум,
Кара бир бөркүң булгалап досум.
Асмандагы ай толду досум,
Үйдөгүлөр жай болду досум...»

Шайтан-Колотто жашынып турган, саны элүүдөн ашкан басмачылар ырчынын чакырган үнү менен бая убадалашкан белги боюнча, заматта жетип келишти. Аттарынан шапа-шап түшүшүп, жабыла үйгө кириштиш. Жуманазар Молдокул уулун, Төлөнбай Машырап уулун жана Молдобайларды ордуларынан тургузбай басып калышты. Заматта буту-колдорун байлашты да, Төлөнбай менен Молдобайды атка учкаштырып, Жуманазарды жалгыз мингизишип, тоону көздөй алып жөнөштү. Жырык-Кыяга бар-

ганда Молдобайды учкаштырган басмачы даарат ушатканы эң аркада калганда, Молдобай аттан түшө калып, караңгыдан көрүнбөй, качып кетти. Жуманазар менен Төлөнбайды улам какшыкка алымыш болушуп, тамашага батыша каткырып жатышты.

– Актиптердин көчүгү аяр болот дечү эле.

Атка учкашканы жоорубас бекен?

Айткандар аткартылып, салт ат жүргөн немелерге өөн болуп жатабы?

– Булар, кызыл көчүк. Көчүктөрү оорубайт.

– Ооруса оорусун. О дүйнөгө барганда көчүктүн эмне кереги бар!

– Ха-ха-ха! – дешип, түнкү капчыгайды жаңырта каткырышты.

Капчыгайдын ичиндеги түнкү караңгыдан, жолдун тоому, араң көрүнөт. Ат туягынын ташка тийип такылдаганы, анда-санда темир такадан чыккан учкунга аралаш, көп басмачынын кобуру, кабышкан капчыгайга толот.

Бөрү уруусундагы Маматбай Төлөнбайды жакшы таануучу. Эми гана эл бийлеп, актиптерге аралашып жүргөн жигитке боор ачыдыбы, айдын нуру тийбеген караңгы жерге келгенде, ат үстүндө учкаштырып бараткан Төлөнбайга кайрыла калып, колундагы чырмалган жипти чечип жиберип, акырын кулагына шыбырады.

– Жарга келгенде боюңду ур! Эптеп тирүү каларсың. Мен түзгө түшкөнүңдө кыйкырайын, – дейт.

– Бар тобокел! – деп Төлөнбай караңгыда тар кыяда барат-канда, көрүнбөгөн жарга келгенде төмөндү карай боюн таштады.

– Кетти мунусу дагы! Карма, ат! – деп кыйкырды Маматбай.

Кыйкырык, чуудан, тарсылдаган мылтык үнүнөн капчыгай ичи ого бетер жаңырды.

Казы баш болгон басмачылар капчыгайды өрдөп барышып, Жуманазардын күнөөсүн мойнуна коюп, соттошмок болушту. Кара-Кулжадагы Аманбайдын Дөбөсүнө алып барышты. Аттан оодара тартышып, тепкиге ала, камчыга бөлөштү.

– Мусулман баласы болуп туруп, каапырларга өтүп кеттиң. Большевиктин кийимин кийип, тамагын ичип, орустардай жүрөсүң!

– Партияга мүчө бол,–деп орустарды көтөрмөлөдүң. Өз ыктыяры жок, дыйкандардын эгинин, мал-мүлкүн тартып алдың. Биздин тапкан-ташыганыбызды кайдагы бир, бетин жуубагандарга берип жатасың. Сени өлтүрөбүз, – дешти басмачылар жабыла.

– Өлтүрөбүз дегениңерден коркпойм. Согушка катышып, Орусияны бүт кыдырып келип, өз жеримде өлгөнүмө арман кылбайм. Силер мени өлтүрсөңөр, эртең өзүңөр ажал табасыңар. Силердин күнүңөр бүттү. Совет бийлиги баары бир, силерди тынч койбойт, – деди Жуманазар тепкиден, камчыдан айрылган жүзүн көгөртүп, беркилердин опузасынан жалтанбай.

– Акетай эй! Өлүмдөн жалтанбаганын көр. Оруска биротоло берилген экен. Эч болбосо, айыбымды мойнума алайын, өлтүрбөгүлө? – дебейби.

– Мунуң, жалтанбаган көк жал экен. Же, бизди тамашалап жатат, – деп ойлойбу?

– Болчевиктерге ишенгени чын экен. Мусулман экендигин унутуптур, – деп басмачылар чурулдаша, биринен-бири өтүп:

– Эй, силер адам эмес, жырткычсыңар! Силерден ырайым күтпөйм!

– Тек! Тантырабагыла жамандар! Айтышып отурасыңарбы? – деди Жаныбек ачуусу келе, чаңыра.

Тепкиге алынып, камчыга бөлөнгөн Жуманазардын үстүндөгү кийимдери тытылса да, жүзү ыраңдуу эле. Чачы, каштары көмүрдөй кара, эми гана кар кетип, жаз алдындагы бирин-серин бажырайган байчечекейдей болгон, ууртундагы балапан түгү, акак таштай кашкайган тиштери, комуздай боло каш ортосунан ак-карасы айкын көрүнгөн, ары туптунук, ары курч көздөрү, куюлуп түшкөн кырдач мурду, кызылдуу бетине төп келип, койкойгон мойну ылдый, булчуңдары буруюп, көйнөк ичинде айкын көрүнөт. Кылая тиктеген кыз-келинди гана эмес, бир караган кишини да, суктандырган төгөрөгү төп келген келбетине сук арткан Жаныбек, шериктерине «өлтүргүлө» деп айтууга оозу барбай турду.

Буйрук күтүп, тым-тырс туруп калган басмачылардын көөнү өзүнө гана бурулганын туйган казы, тегерегиндегилерди суроолуу тиктей кетти да, бул жигитти жамандыка кыйбай турганын ачык билдирди.

– Аттиң ай! Мындай жигит, туулса жүз жылда бир туулат. Келбетинин келишкенин айт. Жалтанбаган көк жалдыгын айт. Мунун, өлүшкө акысы жок. Көп күнөөнү башына үйдүңөр. Деги, адал жагы бар бекен?

«Жан ачуу, мал ачуу» – дегендей, баладан кийинки эле мал демекчи, короодогу малын, ороодогу данын алдырып, ичтери туз куйгандай ачышкан бай, болуш, старчын, эл бийлегендердин арасынан бирөөсү да чук этпеди.

– Эй мусулмандар! Араңардан, күнөөкөр пенденин өмүрүн тилеп каларың барбы? Жан күйгүзгөн жакын туугандары тиякта калды. Деги, оңдон өмүрүн тилеп калар кимиң бар?

Тургандардын баары тымтырс.

– Бу какшаал казынын ойноп айтканыбы, же чыныбы? Өлтүргүсү келбесе, муну эмнеге бизге карматат? Кызылдардын балээсине калтырбай, анда тийбей эле койбойбу? Бир күнчүлүк жерге алып келип, бизди сынап жатканыбы? – дешип басмачылар алдыртадан казыга тигилишти.

– Болбосо, солдон мен тилеймин – деди Жаныбек казы, ат үстүнөн алдыга обдулуп.

Ошол чакта маңдайда турган Кулакматты көрө кала, какшыктай кетти. Себеби, Кулакмат Жуманазарга писер болуп жүргөндө, бир нече жолу кулактардан алынган эгиндин салмагын азайтып жазып, өзүнө ашырып алганын байкаган Жуманазар, эл арасында аны уяткарып, «эл душманы» атаганын, ага Кулакмат теригип жүрүп, аны карматууга себепкер болгонун, казы жакшы билет болчу.

– Тилесе, Кулакмат абам тилээр? – басмачылардын баары, аны жабыла тиктешти.

Баятан бери ат үстүндө койкоё, үзөңгүнү чирене тээп турган Кулакмат, тургандардын көңүлү өзүнө бурулганын билип, ат жалына өбөктөй калып,

– «Чаба бер, чаба бер» – дегендей колун жаңсап, ымдады.

Жуманазар өзүнүн өлүмгө кетээрин этибар албай, чөк түшүрө отургузуп, эки колун аркасына таңып, ороп турган басмачылардын башынан ашыра тиктеп, туптунук көк асманды, андан төмөн чокуларын ак кар басып, кылымдар бою козголбой, сырын катып, тунжурап турган тоолорду суктана тиктеп, ичиндеги толгоосун сыртка чыгарбай, өзүн өлүмгө буйруп жаткан тууган-дарынын, көр дүнүйөгө кор болуп, кызганычтан улам, эс-акыл-дарына эртеңки жашоо элес келбей, мурдунан алыс эч нерсени көрмөк тургай, сезе албаган түркөйлүгүнө арман кылып турду.

– Аттиң ай! Ушулар адам баласынын кадырын, туулган жер, жашоонун баркын түшүнө алабы? Бир дилде үчүн бири-бирин сатып, бир аз эле коркунуч болсо эли-жерин таштап качаары аныk. Кана, ата-бабалардан калган нарк, абийир, улуу дөөлөт? Бир күндүк өмүрүн бийик көрүп, бөтөндүн малын талап, буюмун алып, байышты көздөгөн байкуштардын деги максаты барбы? Аны өздөрү да билбейт. Күндөлүк жеп-ичкендерин эркиндик, өлүү буюм чогултканын байлык дешет. Байлык дегендери, өмүрлөрүнө огожо боло алабы?

Эх, түркөйлүк. Дүйнө кандай кенен. Ошол кенендикти пенде неге сезбейт? «Алсам, жулсам, жесем» дешет. Ач көздүк, сараңдык, кызганыч адам баласынын аң-сезимин имерип алган. Болбосо, канчалаган адамдар ач калып, ажал таап, тамакка зар болуп турат. Жокчулук алааматы, ачкалыктын казабы, согуштун азабы канчалардын өмүрүн кыйды. Карып-арыгандар, жетим-жесир калгандар канча? Сан жетпейт. Ошолорду көрүп, ошолордун азабын сезип, элге «эркиндик, теңдик тийсин» деп, канчалаган адамдардын өмүрлөрү сарпталып отурат. Мына, өзү да Ала-Тоого эркиндик, теңдик орнотууга, түркөйлүктөн кутулууга умтулуп, большевиктердин акылын угуп, окуусун окуп, саясатын туу кылып, туулган жерге көтөрүп келбеди беле? Эми минтип кандаш, жандаш туугандарынын колунан, чөө бөрүлөрдүн азуусунан ажал тапканы турат. Мейли, мен түркөйлүктүн курманы болоюн. Бирок, мага окшогон эркиндик, теңдикти самаган миллиондогон большевиктер бар экенин булар билбейт. Бүгүнкү менин өлүмүм, эртеңки булардын ажалы. Өз ажалдарын өздөрү тездетип жатышат. Муну айткан менен түшүнүшпөйт, – деп баатыр туулган жердин тунук абасынан кере жутуп, көкүрөгүн кергенде:

Чак деген добуш чыгып, Жуманазардын сол мүрүсү ачыша, жылуу кандын жыты «бур» дей түштү. Жаныбек казынын желдети Өмүр көккөз баатырдын артынан курч кылычын шилтеп калган эле.

Чак эткен экинчи добуш угулду.Жуманазардын оң мүрүсү да ысый түшүп, кан атып кеткени билинип турду.

– Акмактар! Араңарда эркегиңер жок беле, – деген анын сөзүнө, басмачылар уу-дуу боло түшүштү.

– Өлтүрсөңөр катынга окшоп кыймалабай, эркекче өлтүрбөйсүңөрбү?

Өмүр көккөз эки мүрүсү шылый чабылып, ийиндери билинбеген, шоңшоюп калган денеенин сүйлөп жатканынан чочуй, кетенчиктей калды. Жабыла карап тургандар да, бири-бирин кароодон айбыккандай жер тиктешти. Маңдайда тайтая күлүп турган ак гвардиячы Сашко жанындагы солдаттын мылтыгын шап колунан жулуп ала коюп, шоңшоюп турган денеенин жүрөгүнө күү менен штыкты матырды. Басмачылар ителгиден качкан таранчылардай дүрдүгө, бирине-бири карабай дөбөдөн чаап түшүп кетишти. Кара-Кулжанын эли келишип, Аманбайдын Дөбөсүндөгү баатыр денесин аяр алышып, ошол жерге көмүштү.

Кабар заматта Ташкенге жетти.

Эртеси эле Казань полку аксаамай полковник Соколовдун жетекчилиги менен Мырза-Акени ээледи.

Полковник Мырза-Акени эки саат атууга буйрук берди. Ар түрдүү куралдардын тарсылдагынан кулак тунат. Жергиликтүү эл жашынарга жай таппай калды. Дагы эле болсо мырза-акелик орустар ортого түшүштү.

– Бул иште, карапайым эл күнөөлүү эмес. Басмачыларда күнөө, – дешти.

«Аксаамай» Соколов баш болгон Казань полкунун жетекчилери Жуманазардын апасы сары катын Анаркүлдүн үйүнө келишти. Ал бозону кыйын салчу. Ар дайым бозосу жакшы чыгып, кесеге куйганда чертилип турчу. Сыртка кийиз салдырып, меймандарды кабыл алышты. Меймандар Жуманазардын апасы Анаркүлгө көңүл айтышып, мыкаачыларды таап, жазалай тургандыктарын билдиришти. Кандабада турган Боронбай бийди, Кулакматты Мазгуновдун багына алдырып келтиришти. Калмамат менен Нурматты даректарга байлашып, тирүүлөй эл көзүнчө өрттөтүштү. Алардын кесепетинен ондогон мырза-акеликтер чабылды. Жаныбек казы, Кошбай баш болгон бир нече басмачылар тоо аралай качып, таптырбай кетишти.

Жазаланган байлардын балдары бир чети аман калган Жаныбекке өчөшүп, экинчиси Казань полкундагылардан өч алмакка:

– Жаныбекти кармап беребиз,– дешип убадаларын беришти.

Полктогулар аларга ишенишип, аркаларынан жөнөштү. Байлардын балдары Көлдүктөгү Капчыгайга алып барышып,

– Ушул жердин ичинде, – дешип, өздөрү кокту-колотко жашынышты.

Куралдуу жоокерлер Капчыгайдын ичине барып, издеп жөнөштү. Кыр-кырда аңдыган басмачылар тээ төмөндө келе жатышкан топ жоокерлерди ар тарабынан аткылашып, кырып жиберишти. Кайда качарын билбей, бекинерге жай таппаган Кызыл Армиянын аскерлеринин бири да Капчыгайдан аман чыкпады. Басмачылар алардын куралдарын алып, тоо арасына сиңип кетишти.

Казань полку Мырза-Акеге келгенде Жаныбек казынын кеңеши менен Басыз, Мырза-Аке, Көлдүктөн чыккан басмачылар биригип кетишти, басыздын Бөлөкбайынан Абдылдабек, Айдаралисинен Бөрүбай, Кылыч тамгадан Чекир, Кашкадан Жаныбек казы өз алдыларынча топторду курашкан болчу.

* * *

Басмачылардын аракетине жардам берүү үчүн Батыш Кытайда жашырынып жүрүшкөн ак гвардиячылардын отряддары келээри кабарланды. Советтик түзүлүшкө каршы чыгышкан бандалардын ой-максаттары облустук жана уездик милиция кызматкерлерине билинип калды. Ал кат Калкожо, Көршермат, Жаныбек казыга даректелген эле. Бул маалымат алынары менен Ош уездинин комитетинин жетекчилиги менен сырттан келүүчү отряддын жолдору тосулду. ГПУнун Фергана облусунун бөлүмүндөгү маалыматтарда Жаныбек казыга «Чыгыш» жана «Старик» деп аталган иш формулярдык коду менен атайын иш кагаздары ачылды. Ал маалымат «П.Д. Личман, М.Л. Донец, М.А. Лихобабиндин күндөлүктөрүндө чагылдырылган эле».

1918-жылы октябрь айында жумушчу-дыйкан милициясынын Башкы башкармалыгынын алдында кылмыштуу кишилерди издөө жана кармоо боюнча Борбордук башкарма (Центр ро-

зыска) уюшулду. Анын бөлүмдөрү калктын саны кырк миңден ашкан жерде түзүлөт. Ош уездиндеги бөлүмчөдө эки адам гана иш алып барды. Милициянын катары ар тараптан текшерилди. Жүрүш-турушу начар, кызмат абалынан, өз көмөчүнө күл тарткан милиция кызматкерлерин катардан чыгаруу колго алынды. Түркстан БАКнын 1919-жылдын 6-майдагы декрети менен атайын тергөө комиссиясы (Түрк ЧК) болуп кайра түзүлдү.

1926-жылы май айында ОГПУнун Орто Азиядагы Полномочиелүү өкүлдүгүнүн сунушу менен ВКП(Б) БК Средазбюросу Өзгөн кантонундагы абал жөнүндө атайын маселе карап, Жаныбек казыны келтирүүнү кантондун жетекчилерине тапшырды. Себеби малай күтүп, чайрекер жалдап иштеткен байлар, кирешелүү соодада иштеп байыган соодагерлер, совет өкмөтүнүн жүргүзүп жаткан саясатына көнгүсү келбеген бектер, манап сымак атка минерлер, казынын айланасына топтошо башташкан эле. Бул маселени калың элге кабарсыз, чууга айлантпай бүтүрүү көңүлгө алынган эле. Жакшы ниеттеги чакырууга Жаныбек кулак какпады. Аны менен көзмө-көз жолугуп, максатын билип келүүгө атайын өкүл жөнөтүлдү.

Өкүлдөр Өзгөндөн чыгып, тоо аралай келе жатышты. Улам капчыгай ичи кууштап, эки тарабын тоо тосуп, асман гана көрүнгөн жолдо жүрүү коркунучтуу эле.

Илгерилеген сайын мерчемдүү жерлерге байкоочу мергендерди койдуруп, мээлетип отурабы. Кокустан эле машага таамай тийип кетсе, «чып» эте чакый түшүп, «тарс» эткен үнгө капчыгай жаңырып, келаткандар ат үстүнөн учуп түшөрү элестеп, жаныноозго тиштеген эки караан, өр тартып баратышты. Көпкө жүрүшкөн соң капчыгайдын төрүнө жетишип, жапсар тектирге келишкенде, алдыларынан куралчан адамдар утурлай чыгышты. Алар келгендердин кимдигин билип турушса да, саламга келбей тергей башташты.

– Эмнеге келдиңер? Кайда, кимге барасыңар?

– Жаныбекке келдик.

– Эмне иш менен? Ким болосуңар?

– ОГПУнун тапшырмасы менен келдик. Казыга жолугушубуз керек.

– Казыны билбейбиз.

– Анда эмнеге курал алып жүрөсүңөр?

– Мергенчибиз.

– Мергенчи болсоңор эмне бизди суракка алып, тескеп жатасыңар! Алдыга түшүп Жаныбекке алып баргыла!

– Ал бул жерде болбосо керек. Бир жакка кетти бекен?

Бир топ кайым айтышуудан соң, алардын чаргыткан сөздөрүнө өкүлдөр ынашкан жок. Жолуктырууну талап кылышып, опузалаганга чейин барышты. Акыры ынашып, аларды Байбиче жайлоосуна ээрчитип келишти.

Эки тарап тең, өз максаттарын билүүгө кызыгышып, сыроожооптор, биринин артынан, бири айтылды. Ишеним ачык болуп, келишим түзүштү. Жаныбектин милдети. Совет бийлигине каршы сөз болсо, басмачылык аракет байкалса, чек арадан өткөн контрабанда учураса, токтоосуз ОГПУ органдарына «Байбиче» деген ат менен жашыруун билдирүү. Мунун баарын Жаныбек өз мойнуна алды.

Күбөлүк

Ушул күбөлүк КАО Ош округунун гражданы Жаныбек Сагынбаевге, анткени бул адам ОГПУнин Орто Азиядагы Полномочиелүү Өкүлүнөн бир кабарсыз жана макулдугусуз камакка алынбайт.

ОГПУнин Орто Азиядагы Полномочиелүү өкүлүнүн уважили
(мөөрү) Н.Г.Орлов (кол тамгасы)
6-июль 1926-жыл. Байбиче жайлоосу.

* * *

Ушул күндөн баштап басыз уруусунун «мыкты чыкмасы» Жаныбектин карааны айлана-тегерегиндегилерге айкын көрүнө баштады. Башка уруулар арасындагы төбөсү көрүнгөндөр эми Жаныбекке ийилип кол беришчү болду. Казы да ого бетер даңкын көтөрүш үчүн Жазы, Кара-Кулжа, Тар тегерегиндеги элди жумшап, жол оңдотуп, сел тостуруп, көпүрө салдырып көптүн көөнүн алды.

Өзгөндөгү моңолдор уруулары бир кезде күч алып, тегерегиндеги уруулларга үстөмдүк кылып турганда эл арасындагы бирөө:

– Жаңгакты басыз терчү эле,
Жегенди моңол билчү эле.
Ээрди басыз чапчу эле,
Мингенди моңол билчү эле.
Жакшы чыгып Жаныбек,
Басыздар элге теңелди.
Мактанган моңол жоголду

– деп ырдаган эле.

Жаныбек казынын иши оңолуп, «ити чөп жеп калганда» Кара-Кулжа аймагындагы Кара-Кочкор айылындагы моңолдор уруусунан чыккан Ысмайыл казыга салыштырып, моңолдордон чыккан ырчы:

– Жакшы чыгып Жаныбек,
Жаңгакчы басыз оңолду.
Жаман чыгып Ысмайыл,
Жалпы моңол жоголду.

* * *

Эстүү чыгып Жаныбек,
Ээрчи басыз оңолду.
Эси жок чыгып Ысмайыл,
Элинде баркы жоголду,

– деп ырдады.

Ишеним, мөөр басылган күбөлүктөн майнап чыкпады. Жаныбек эски корбашылар менен тымызын байланыш түзүүнү уланта берди. Алайкуулук Салибай Ташкулов уурулугу жана контрабандисттиги үчүн ОГПУ тарабынан бир жылга Оштогу түзөтүү үйүнө камалган болчу. Ал качып чыгып, бир тууганы Алибайды ээрчитип, Жаныбекке келип корголоду. Өзүнө окшогон качкын-бозгун адамдарды чогултуп, басмачы тобун түзгөн эле. Аны Жаныбек жакшы билчү. Ага эле удаалаш Ташкендеги аскер мектебинин пулеметчу бөлүгүндө окуп жаткан өз уулу Төрөбай да качып келип, топтогуларга аскер өнөрүн үйрөтө баштады. Жан-жөкөрү Абдылдабек Өзгөн аркылуу Ат-Башы, Нарынга товар жүктөп бараткан мамлекеттик кербенди талап алды. Мына ушулардын баарын алдыртадан билип-байкап турган ОГПУнун

Ош округу боюнча бөлүмү жогорудагы окуяларды сурап, такташ үчүн Жаныбекти чакырганда ал барбады. Өзүнө өтө жакын Абдылдабек, Бөкөй, Бекбай, Кошбай баш болгон корбашыларды чогултуп, маслат өткөрдү.

– Кана, мындан ары эмне кылабыз? – деген суроону ортого таштады.

Күн өткөн сайын Совет өкмөтүнүн бедели артып, жер-жерлерде бекемделип, кедей-кембагалдарга амал берилип, мурда бийлик орундарды ээлеп алган бай-бийлердин балдары четтетилди. Жергиликтүү партиялык, советтик, комсомол, кошчу орундары жогортон берилген тапшырмаларды аткарып, кедейлерге жер, мал-мүлк берилип, укуктары түшүндүрүлүп, эзилген элдин аң-сезими көтөрүлдү. Ким мандикер жумшайт, ким жалданып иштейт, жарды-жалчынын карааны айкын көрүнгөн сайын колунда бар байлар жалгыздаган сайын өкмөт күчөп, мал-мүлк ортого алына баштады. Кечээ эле өкмөттө «өз» болуп, учурунда «бай» деген мансапты алмаштырып «казы» атыккан Жаныбек үчүн бул өзгөрүш өтө эле шектүү сезилди.

Жаныбек үчүн Кашкар багыты өтө эле ыңгайлуудай көрүндү. Аңгыча болбой Оштогу уйгур соодагер досторунан кабар келди. Айтымда, Совет бийлигине каршы түрк элдери биригип жатыптыр. Аларды ар түркүн ак гвардиячыл, бай-соодагерлер баягы кызылдар талкалаган «Алаш», «Шуро-и-Ислам» партияларын тикелеп өзүнчө мамлекет курууга киришип жатышыптыр. Аларды англис консулу Эсертон, Кулжадагы кытай генерал-губернатору Дао Инь, Ооган, Түркия колдошоору маалымдалды.

* * *

Жаныбек Өзгөнгө кол салып, орус кыштактарын өрттөйт имиш, – деген сөз апрелдин этегинде эл арасында айтылып, уудуу болуп кетти. Орус дыйкандары жазгы эгиндерин экпей, тирилигин ташташып, Өзгөндү көздөй сүрүлүштү.

* * *

«Ташкен, Клевцовго.

Өзгөн кантонунда абал оорлошууда. Ушул жылдын 21-апрель күнү Капчыгай болушунун Сары-Бээ участкасында Салибай,

Алибай Ташкуловдор чек ара заставасынын чек арачыларына капыстан кол салышып, алты чек арачыны, аларга кошо жергиликтүү эки активди, эки милиционерди кармап, Ошко партиялык чогулушка келе жаткан делегат волисполкомдун орун басарын өлтүрүп кетишкен.

23-апрелде №5-заставанын Ой-Тал аймагын кыдырып, абалды тактоого дозор жиберилген. Бирок, ал кайрылып келген жок. Алынган кабарга караганда дозор Сары-Бээ чегинде басмачыларга кабылып, кармашкан. Үч чек арачы набыт болуп, дозор толугу менен аттарынан ажыраган. Өлгөндөн калганы тоодо жашынууга мажбур болушкан.

Дозор менен уруштан соң басмачылар Ой-Талга бет алып №3-заставаны басып алган. Эми №4-Эшек-Арт деген заставага кол салууга камданып жатышкандай.

Басмачы Өзгөнгө бет алат деген сөз тарап кетти.

Эл арасы дүрбөлөң болуп, өзгөчө орус айылдары катуу кооптонуп жатат.

Биз тараптан керектүү даярдык көрүлүп жатат. Гүлчөгө, ошондой эле ар бир заставага күч жөнөтүлүүдө. №5-заставага орун басарым Левинсонду жибердим. Силер жактан буйрук болушун күтүп жатабыз. Азырынча коргонуу абалындабыз. Көрсөтмөнү күтөм...

Оштон Ерохин 26.04.1927-ж.»

«Ош, Ерохинге

Кабар кайдан алынды? Канчалык деңгээлде анык? Кайра текшердиңерби? Участкаларда күчтөр канча, кандайча жайгашкан? Ош, Анжиан шаарларындагы гарнизон, талаа бөлүктөрүнүн саны, сапаты кандай? Ташкенден отряд жиберилсе, Ошкобу, Жалал-Абадгабы?

Жаныбек ушул мезгилде кайда турат?

Ташкен, Клевцов.»

«Ташкен, Клевцовго.

Капчыгай волисполкому билдирди. Чек ара заставасына кол салынганы анык. Жиберилген дозордон ушул убакка чейин маалымат жок. Демек окуя чын.

Эркеч-Тамда-15, Сопу-Коргондо-10, Гүлчөдө-15 атчан, бир «Томсон» пулемету, Өзгөн заставасында-15, Ой-Талда-21, Эшек-Артта-25 атчан бар.

Ошто 6 аткыч полктун 2 пехота батальону коюлган. Анжианда полктун штабы жайгашкан. Окуу мектеби менен бир батальон.

Ташкенден жардамга отряд жиберилсе, Өзгөнгө жакын Канабад станциясы ылайык.

Жаныбек ушул кезде Кара-Шородо. Ташкуловдордун кол салуусу Жаныбектин буйругу менен болгону тактала элек.

Ош, Ерохин.»

«Ош, Ерохинге.

Шайканын кайда экенин, саны, куралы канча экени такталсын! 23-апрель күнү жиберилген Ой-Тал, Эшек-Арттагы дозордун тагдыры ачык билинсин. Агентуралык жана аскердик чалгындоону жөнгө келтиргиле. Күн сайын саат 12де кабар билдиргиле.

Күчүңөр аз. Урушка чыга албайсыңар. Эртеңки поезддде 40 кылыччан отряд жөнөтүлөт. Жаныбекке, Ташкуловдорго аскер жиберилет. Калыстыкка түш деп Жаныбекке чабарман жиберүүгө болобу?

Клевцов.»

«Ташкен, Клевцовго.

Чабарман жиберүүгө болот. Эртең заставалардагы абал такталат. Ким жиберилери, аты, жөнү кабарланат. Силер менен байланышканымы, буйрук жөнүндө КИРОБЛОТДЕЛге айтууга болобу?

Ерохин.»

* * *

Жаз эрте келди. Тоо этектери жашыл кымкап жамынып, даректардын жалбырактарын кадимкидей жазгы жел делбирете баштаган.

Өрүктөр жапырт гүлдөп, алма бутактарында бирин-серин гүл ачып, уя салган келгин куштардын жандары тынбайт. Эртели-кеч тоодон сокчу ызгаар да бошошуп, күн аптабына кактанган

адырлар түркүн гүлгө оронуп, көркү көз тайгылтат. Тазаланган арыктарга суу байланып, дыйкандар кетмендерин көтөрүп талаада. Жаз түйшүгү колду байлап, эл жабыла жарышка түшкөн.

Ар ким өз түйшүгү менен алек.

Шаардагы ГПУга жаңы билдирүү түштү.

«Белгисиз адамдар келип, жашыруун сүйлөшүүлөр жүрүп жатыптыр» деген Ташкенттеги ПП ОГПУнун тапшырмасы боюнча жаңы план иштелип чыгылды. Операциянын жетекчилигине Ош чек ара комендатурасынын начальниги Александр Гаврилович Ерохин бекитилди. Ал негизги күч менен Өзгөн аркылуу Кара-Шорого Маргайтис Лобкиндин эскадрону менен Кокондон жана Култай Ысабаев башкарган Көк-Жаңгактагы ыктыярдуу отрядга кошулуп Жалал-Абад аркылуу жол алышты. Алар Көк-Арт, Тогуз-Торо ашууларын басып, Нарын аркылуу Чытты ашуусун торомок. Шашылыш жүрүшкө буйрук берилди.

В. Маргайтис менен Култай Ысабаев убакытты үнөмдөө максатында кыска багытты тандап алышты. Чынында жол алыс. Аны кыска убакытта басып өтүү өтө татаал эле. Себеби, өрөөнгө жаз эрте келгени менен тоолордогу сууктан улам мөңгүлөр эрий элек. Көчкүнүн жүрүшүнөн улам капчыгайлар менен жүрүү өтө опурталдуу болчу. 1927-жылдын 11-майдын таңында эскадрон Жалал-Абаддан чыкты. Үчүнчү күн дегенде Тогуз-Торонун ашуусуна келип, өр тартып баратышты. Көп өтпөй эле ызгаардуу шамал болуп, бороон көз ачырбады. Аттардын жал-куйругун жулмалап, ат үстүндө бараткандардын коюн-колтуктарына кирип, этектерин желпилдеткен жааган кар менен кошо эски кардын тозоңун учуруп, алга бастырбайт. Тик өйдөдө кыйналып, улам туяктарын каткан карга матырган аттар алка-шалка терге малынышса да, ашуудагы ызылдаган бороонго чыдабай буюга кетенчиктешет. Улоолордун денесинен тамчылаган тер муз болуп суукка катып, эгелерин араң көтөрүшүп, илелей жылган болушат. Бардыгын ак бубак басып, ашуунун ызгаары өз өкүмдүгүн жүргүзүп жатты.

Жоокерлердин тизгин кармаган колдору кымтууга келбей, жапырт мөгдөп, бүжүрөгөн аттардан түшүшүп, жөө илкишти. Көздү ачырбаган шамалдуу бороон аларды бура бастырбай, тең-

селте-теңселте коет. Боздогон бороон айлаларын кетирди. Түтөктөн улам дем алуу да кыйындап, айрымдарынын мурундарынан кан кетти. Аттар канчалык тайгалангандарына карабай өргө умтулуп жатышты. Кокустан эле бир жарымы жаза басып, тайыса барбы каткан тоңголок муздан сыйгаланып тээ төмөнгө аткан октой учуп кетмек. Адам эмес, мал жаныбар да ал коркунучту туюуп, кээде тизелей калышса да, калтырай, аяр жер таянууга аракеттенишет. Ар бир мүнөт сайын «Алда Кудай» аргасыздан ооздорун келип, араң-араң ашуунун белине чыгып келишкени менен айланада эч нерсе көрүнбөйт. Боз түшкөн туман, бороон логон бороондун бети-башка чапкылаган шамалы, улам «ыз-ыз» эте келип, чымчыгандай бети-колду тызылдатат.

Бая эрте менен Култай Ысабаевдин айтуусу менен жергиликтүүлөрдөн ишенимдүү мерген жигиттерди алышканы жакшы болгон экен. Кыраакы тоолук жигиттер көз ачырбаган бороондо гана эмес, эч нерсе көрүнбөгөн кара түндө да жол нугунан адашпагыдай. Эскадрондун алдына түшүп алышып, аркан бою узап кетишип, барган жайларда токтошуп, шериктерин күтүшөт. Өмүр бою тоодо өсүп, торолгон мерген жигиттер беркилерге окшоп үшүбөстөн терлешип, ооздору куругандан улам, муз болуп тоңгон карды жалашса, моюн-баштарынан буу көтөрүлөт. Үшүп, титиреп, түтөккөн шериктери аларды көрүшүп, намыстан чымырканышат.

Уйгу-туйгу соккон бороон ашууда алардын баштарын айлантты. Турган жайларында кайдан келип, кай жакка басышарын билбей калышты. Тумандуу бороондон бири-бирине тийген караандар гана байкалбаса бир-эки кадам алыстыктагы шериктерин табыш кыйын эле. Дагы да болсо жергиликтүү жигиттер ишке жарашты. Шамалдын жүрүшүнө карай жолдун багытынан адашышпады. Ашууга келгенге чейин шамалдуу бороон жогортон төмөн карай уйгу-туйгу соксо, эми төмөндөн жогору карай жүрүп жолду бөгөп жатты. Ар бир баскан кадамды санап, бүжүңдөгөн топ, ашууга токтобой жол арбытуунун аракетинде болушту. Ашууга чейин улам өбөктөп өр таянышса, эми улам такантуу чыктаганына карабай, жылмыша, сыйгаланып, «Алда Кудайлап» кадамдашты. Аттар сыйгаланып, очорула түшүп, кайра оңолушуп, бая өргө келе жаткандай улам демигишет.

Бороондуу боз тумандан улам жакынкы аска-зоолор көрүнбөйт. Бардыгы аяр тиктешип, таш баканын жүрүшү менен араң дегенде бир жайпаңга келишип, жол четине токтошту. Мергенчилердин айтуусунда болжогон жайга келишиптир. Эскадрондогулар аттарын бири-бирине байлашып, өздөрү да чогула, бири-бирине калкаланышып, эптеп өзөк жалгашты. Жүктөрдү түшүрүшүп, арыган, ачка, аттарга өлчөм менен жем илишти. Аңгыча болбой кара туман суюлуп, бороондун ызгаары да сыныккандай, айлана көрүнө баштады. Маңдайдагы тоолор төмөндөн көрүнүп, эскадрондогулар тээ бийикте турушканын айкындагансыйт. Жайпактагы таштар айкын көрүнүп, командирдин тапшыруусу менен жоокерлер улоолорун шамалдан далдоо жерлерине алып барып байлашты.

Чарчап-чаалыккан жоокерлер далдоо жайларды табышып, топ-топ болуп бөлүнө эс алганы таштарга кынтайышты. Аңгыча кеч кирип, асмандан булут сүрүлдү. Көк асмандын бетинде дыйкан чачкан үрөөндөй болгон жылдыздар жымыңдаша, улам коюуланып баратты. Жапжакын. Кол созсо жеткидей. Үшүгөнүн да, чарчаганын да унутуп койгондой жоокерлер тоонун түнкү көркүнө суктаныша тамшанышты. Байкоочулардын айтуусу боюнча эч кандай шектүү караан, белги жок. Демек, болжогон жайга эрте жетип келишкен экен.

Түн коогасыз тынч өттү. Эрте менен ойгонгон жигиттер, түнү менен үшүгөндөрүнө карабай, белине чейин чечинип алышып, кар менен жышыныша, каткырышканы командирлерди кубандырып, ашуунун таңы шаңга бөлөндү. Күн кокту-колотко тегиз тийген мезгилде тээ төмөнкү коктуларда бөлүнө топ-топ болгон караандар үзүл-кесил көрүндү. Андан бир аз убакыт өтпөй алыстап, «дүп-дүп» эте атылган мылтыктын үнү угулду. Ылдамдаган топ-топ караан ашууну көздөй салып-уруп келе жатканынан улам, жол тоскондор Ерохиндин кызыл аскерлери душмандын артынан куып келе жатканы деп болжолдошту.

Маргайтис Лобкин менен Исабаевге кызыл аскерлер менен ыктыярдуу кошундун жоокерлерин мезгилдүү жайларга жайгаштыруруну тапшырды. Эскадрон жайгашкан жайпаңдагы жолдун төбөсүнө пулеметчулар жайгашып, жогорку ашууга чейинки

аска беттериндеги далдаа жайларды жоокерлер биринден ээлешти. Басмачылар куугундан качып сүрдүгө, жол талашышып, ылдамдап келе жатышты. Ашуунун тосулганын күмөн санашканбы, үч салт атчан оңор эмес алыста аттарын камчылай, улам арка тараптарын карап коюшуп, ашууну түбүнө жете келишти.

Далдаага бекинген жоокерлер куралдарын тазалашып, октторду камдашып, жайма-жай отурушту. Жалал-Абаддан чыккандан бери аттарга аябай салмак болуп, айрыкча ашууларда жүткүнгөн улоолордо улам ооп, жоокерлерди кошо кыйнаган пулеметтор эми ишке жарашына ишенген пулеметчулар, шериктерине мактанышкандай пулеметторун ары-бери булгап коюшат.

Үч атчан чокуну көздөй өр таяна келе жатышып, улам дүрбүлөрүн колго алыша, кунт кое карап, аркаларындагыларга эч кандай шек жок экендигин билгизишип колдорун булгашып, белги беришти. Жайпаңга эки-үч аркан аралыкка келишкенде, энтикекен аттарынан түшүшүп, жөө жетелей басышты. Өрдө катуу келип, өпкөлөрү көпкөн аттар улам энтиге жөткүрүшүп токтой калышат. Үч жолоочу ага карабай тизгиндерди чойгулай, энтигише өргө умтулушат. Тоодогу катуу шамал кар учуруп, кыя белди тазалаганданбы, же кечки шашыла жааган кардын из басты кылганынанбы, тик өйдөлөгөн жолдун бетинде эч кандай шек билинбеди. Ошентсе да үч атчан ээр каштагы мылтыктарын алышып, оң колдоруна оңтойлуу кармашып, өрүштү көздөй өбөктөшө шашылып келе жатышты.

Бая Лобкиндин талабы боюнча жоокерлер душмандын чалгынчыларын эч кандай тоскоолсуз шек санатпай өткөрүп жибергишмек. Үч басмачы булоолоно тердешип, чарчап-чаалыгышканына карабай, өпкөлөрү көөп, кышылдап-пышылдап, кейкейе тисерилген аттарынын мүргүгөнүн этибар алышпай зордук менен алга шашышат. Алар ашууга жакындап, кыянын учу бир имериле арка тарапка кыялай берген борчукта, үңүрөйгөн мылтыктын оозун көрө кала астыдагысы ишене бербей, көзүн пардап, ачып-жуумп карай калды. Мээленген мылтыгын кармап таштын далдоосунда турган кызыл аскердин төбөсү шоңшоюп, кызыл жылдызы жарк эткен баш кийимин көрө кала, чочуп кетти. Аркасындагыга белги берип, -А– аа – дешке үлгүрбөй калды. «Тарс»

– эткен мылтыктын үнүнөн аркаңкы келе жаткан басмачы чочуп кетип, кыянын кырын жаза басып, шашыла тура калганда, экинчи мылтык тарс этти. Аңгыча үчүнчү мылтыктын үнү чыгып, жетеги жок аттар чарчагандан титиреп туруп калышты. Ашуудагы удаама-удаа атылган мылтыктын үнү, коктудагы жол талаша күтүрөп келе жаткандарга угулбады.

Ашууга таяна берген биринчи топтогу атчандардын караандары жапсарда жайгашкандарга айкын көрүндү. Ар кыл кийимчен, кээлери сууктан улам шапкелери ат үстүндө учуп кетпесин дегенби, же кулактары үшүгөндөн уламбы, жылуу жоолуктар менен кулактарын бекитип, арчындап байлап алышкан ыраңдары сары адамдарды көргөн Шабаев:

– А шордуулар, дагы да болсо жергиликтүүлөрдү куугунчулардын огуна тосуп, баштарын аман алып калуу аракетинде, ак гвардиячылар алга түшүшкөн экен да, – деп ойлой кетти.

Кайра «ак гвардиячылар эчак эле кум-жам болбоду беле? Булар кайдан чыга калышты? – деп таңдана түштү да, айылда айтылган ушак эсине түшө калды. Анын үстүнө алдыртан барып байкаган жылмаларга:

– Кара-Шородо Жаныбек казыга бай-манаптар, соодагерлер, молдолор чогулуп келип жатышат. Алардын арасында орустар, англистер ал тургай оогандарча, кашкарлыкча кийим кийинишкен уйгур, өзбек, түрктөр да бар. Англис аскер кийимин кийгендер улам көбөйүп баратат. Төрөбайдын жана англис, орус офицерлеринин жетекчилери менен күн сайын жүз башылар жигиттерин машыктырып жатышат. Орустун үч сайлуу мылтыгы кем, көбүн эсе англиялык мылтыктар, пулеметтору да бар» деген маалыматтар келген эле.

Байлар баш болуп, дин кызматкерлери барган жерлеринде үгүт жүргүзүшүп:

– «Кимде-ким балчебектер тарабына өтсө өлтүрүлөт. Алар ислам дининен чыгып, Алла Тааланын каар-казабына калат. Ошондой эле башта түрмөгө түшүп мунапыз болгондорду Совет өкмөтү кайрадан камакка алууну баштаптыр», – деген уу-дуу кепти таркатышат. Айтылган каңшаардын чын-төгүнүн билбей турушуп, күнөөсүнүн бар-жогуна карабай эле өз жанынан

чочугандар Жаныбек казыны калка тутушуп, Кара-Шорого келип жатышкан болчу. Басмачылардын карапайым элге кордук көрсөтүүсүнүн алдын алып Ош жана Жалал-Абад ГПУсунун кызматкерлери абалды Ташкенге билдиришкен эле. Ташкендеги Жаныбек казынын аракетин токтотуп, жигиттери менен колго түшүрүү тапшырмасын бергенден улам Маргайтис, Ерохин, Лобкин, Исабаевдер шашылыш Кызыл Аскерлердин бөлүктөрүнөн жоокерлерди тандашып, ыктыярдуу кошундун мүчөлөрү менен аттанышкан болчу.

Басмачылардын алды жайпаңга жетип өтө бергенде, пулеметтор тилге кирди. Бейкам келе жаткандар боо түшүп калышты. Ошол кезде аркадан куугун да жете келип, ашуунун алкымына таянып калган. Тирүү калгандарга:

– Колуңарды көтөргүлө! Ордуңардан жылбагыла! – деген өктөм үндөн тоо жаңырды.

– Каршылык көрсөтүү пайдасыз. Куралыңарды таштагыла!

Капылеттен чыккан октон көбү эстерин жыя албай, колдоруна курал алууга үлгүрүшпөдү. Буйрукту шашыла аткарышып, колдору калтырап ээр кашка илинген куралдарын эптеп алып ыргытууга үлгүрүп жатышты. Курчоодо калган басмачылар аттан түшүрүлүп, бир тарапка топтолду.

– Ыктыярдуу түрдө куралын таштагандар жазаланбайт. Түрмөгө камалбайт, – деген кызылдардын убадасын уккандардын айрымдары бышаңдап ыйлап, күнөөлөрүн моюндарына алгандай болушту.

Жаныбек казы үй-бүлөсү жана жакын адамдары менен ал топтогуларга кошулбай, бөлүнүп калгандыгы билинди. Атайын тапшырма менен барган ГПУнун кызматкерлери Кызыл Аскерлерге, ыктыярдуу кошуундун мүчөлөрүнө алкыш жарыялашты.

Басмачыларга каршы күрөшүүдө, мурда Жуманазарды ээрчип жүрүп ыктыярдуулардын отрядына кошулган Төлөнбай Машырап уулу мырзакелик орустардай эле коммунисттердин катарына өткөн. Ыктыярдуу отряддын командири Осташков Мырза-Акеде төрөлүп, ошол жерде эр жеткен эле. Экөөнө мырзакелик жаштардын көбү келип кошулушуп, караандары да, сандары да арбыды.

Ошол жерде Куршабдагы орустардын арасынан ак Санка, кара Санкага окшогондор ак гвардиячыларга кошулушуп, элди талап-тоношуп, зомбулук көрсөтө башташкан. Осташков менен Төлөнбайлар ошолор менен күрөшүштү. Күнү-түнү, же чак түштө эле колдорунан куралдарын түшүрүшпөй дыйкандардын кырмандагы эгиндерин алып, жакшы аты, же малы болсо, күрөздүк менен тартып алып, бербесе күч колдонуп ак Санка менен кара Санкалар элди ого бетер жабыр тарттырышты. Түнкү кырманда иштегендердин эгиндерин тартып алып, ал тургай тегирмендеги арпа-буудайды көз көрүнө жүктөп кетүүнү адатка айландырышты. Куралсыз жүргөн көпчүлүктүн арасына барышып, «тарс» эттире мылтыктарын асманга атышып, коркуп, башын каткан элдин мал-мүлкүн, эгин-тегиндерин каалашынча алып, тоноп кетишчү.

Осташков менен Төлөнбай Машраповдун ыктыярдуу отряддары эл көзүнө көрүнүп, оозго алына баштады. Куршаб, Өзгөн айылмагындагы басмачылардын майда топтору менен кармашышып, улам алардын жолуна тосмо боло беришти. Бирок, Жаныбек казынын айланасына басмачылар улам келип кошулуп жатышты. Чакан ыктыярдуу отряддагылар басмачылардын чоң топтору менен кармашууда күчтөрү жетишпей, курал жагынан таңсык эле. Басмачылар күн өткөн сайын чет элдик куралдар, айрыкча Англиядан чыккан мылтыктарды пайдалана башташты.

Күндөрдүн биринде Төлөнбай Семиз-Көлдүн башынан Көлдүккө түшкөн жерге чакан отряды менен келди. Ага Жаныбектин келгени кабарланган болчу. Жанында өзү ишенген жакын абасы Мамыркан «чоң тапан» кошо жүргөн. Эл ичинде «чоң тапан» аталган Мамыркандын эр жүрөк, коркпостугу, эч нерседен жалтанбаган баатырдыгы бар эле. Анын балбандыгы элге дайын болчу. Мурда Анжианда Акматжан төрөнүн адамдары менен эчен жолу суу талашкан. Алар көптүк кылышып:

– Мамырканды сууга басып, эси көөнүнөн кеткис кыла сабайбыз, – дешип, алыштын башында суу буруп жүрсө, ортого алышат. Сарттардын тейин туйган Мамыркан жабыла асылгандарды бирден апчып ыргытып, жанына жакын жолотпойт. Улам келгени жерге чабылып, буту-колдору кайрылып, чай кайнам убакыт

ичинде кырк бир сарты тең качып чыгышат. Ошондон баштап аны менен азилдешмек тургай, жакын бара алышпай калган.

Төлөнбай Мамыркан «чоң тапанга» Молдобайды кошуп, ак желекти колдоруна карматып Көлдүккө түшүрдү.

– Бекер кан төгүлбөсүн. Жаныбек өз эрки менен куралын тапшырып, багынып берсин. Анын жигиттеринин тагдырына мен кепил болом, – деген анын тапшырмасы менен ал экөө Жаныбектин боз үйүнө жакындап барышты.

Алыстан эле Мамыркан үн салды:

– Сагынбай чоң тапандын уулу Жаныбек, чык бери! Мен Мамыркан «чоң тапан» келдим – деп, зоңк-зоңк этти.

Жаныбек казынын жигиттери жабыла кеп-сөзгө келишпей эле экөөнү камчылап жибериштн. Төлөнбай жондо туруп, дүрбү менен алардын ар бир кыймылын жаза кетирбей карап отурган.

– Эй Жаныбек, мына бу иттериңди тый. Менин ачуума тийишпесин. Мен сага элчи болуп келдим. Колумда байрагым бар, – деди ал.

Ичкеридеги Жаныбек казы жөтөлгөндө жабалактаган жигиттери, кетенчиктеше жол беришти. Мамыркан шериги менен салам берип, боз үйгө кирди.

– Жаныбек, артында атаңдан калган зоот-пабрикаң жок. Орустун артынын калыңдыгын өзүң жакшы билесиң. Мени чоң Төлөнбай жөнөттү. Сенин кепилдигиңди алат экен. Жарашсын дейт. Буга эмне дейсиң? – деп тикелей суроо берди.

– Балбаным, алдын даам тат. Мен ойлонуп, жооп берейин, – деди ал.

Аңгыча дасторкон жайылып, даам келтирилди. Тамак ичилип, бетке бата тартылган соң:

– Эртең жообун берейин, – деди Жаныбек казы.

Элчиликке барган экөө кайра тартышты.

Жаныбек казы түнү менен көчүп кетти.

* * *

Сары-Бээдеги № 5-заставадан Иван Гнатюк 6 чек арачысы менен Ошко жыйналышка баратышкан Капчыгай болушунун үч активи, партячейканын секретары, волисполкомдун орун

басарына жолугуп калышты. Ошол кезде илгертен мал уурулук кылып, чек арадан жашыруун өтүп, аткезчилик кылган Барбыш туурасында: «Үйүнө келди. Жанында бейтааныш кишилер бар» деген маалымат Ош ГПУсуна түшкөн.

«Жергиликтүү өкмөттүн өкүлдөрүнүн катышуусу менен тезинен кармалсын!» деген заставага буйрук келген эле.

Барбыш дайыма жалгыз үйгө кончу. Иван Гнатюк аны кантип кармоо жөнүндө шериктери менен кыскача кеңешти. Төрт чек арачы эки милиционер кошулуп, мерчемдүү жерди өңүт алышып, жай жүргөн катары, мал санакка келген болуп бармак болушту. Кыраңга чыгышып, аттарын буйгага ташташып, өңүт ала отурушту. Жалгыз үй, эшигинде адам көрүнбөйт. Активдер ат бастырып жөнөштү. Үйгө жакындаганда ит абалап, үйдөн бир киши чыкты. Барбыш экен. Ал келе жаткандарды көрүп, бейшеп кылган болуп, бел курчоосундагы ычкырын кармалап, капталдай басты.

– Эй, Барбыш! Итиңи тос! – деди активдердин бири.

Барбыш укпаган киши болуп, кадамын тездетти да, карагай бетти көздөй чуркап жөнөдү. Иван Гнатюк жанындагы чек арачы менен алдын тосууга чуркап жөнөдү.

– Стой! деген Гнатюктун добушуна аралаш «тарс» эткен добуш чыгып, «зуу» этип учкан октун доошу угулду. Токто! деген сайын Барбыш кайрыла кала, аткылап, даректан-даракка жашынып качып баратты. Артынан калбай чуркап бараткан чек арачы, узап кетпесин деп, отура калып мээлегенде:

– Бутка – деп эскертти Гнатюк.

– «Тарс!»

Барбыш кулап кетти. Алар жеткенде Барбыш тырышып, томолонуп жаткан экен. Колундагы наган ыргып кетиптир. Ок балтырына тийип, кан агып турат. Ал эсине келе калып, ары жакта жаткан наганын көздөй кулады. Чек арачы ага жеткирбей, анын колун наганы менен тебеледи.

– Жаратын таңгыла! – деген Гнатюктун буйругу менен чек арачылар тигинин чарык чокоюн тилип, чечишип, жаратына йод сүйкөшүп, канын токтотушкан соң, бинт менен таңышты. Чек арачылар улам биринен-бири ооштура көтөрүшүп, араң деген өйдөлөй басып, кышылдап-күшүлдөшө боз үйдүн эшигине келишти. Баягыдай каңгырап турган боз үйдөн чыгып, эч ким утурлаган жок. Барбышты жерге аяр жаткырышып, баштарын көтөрүшө бергенде, үйдөн бир топ караан чууруп чыгып, чек арачыларга жабылышты. Шарт-шарт куралдарын алышып, чек арачыларды, милицияларды колу-буттарын кыл аркан менен кошоктой байлашты. Куралсыз активдерди капкачан эле улагага байлаганга үлгүрүшкөн эле.

Салибай колу-буттары таңылып жаткандарга мыскылдуу карап:

– Ии, Барбышты таанып аттыңарбы? Же тааныбай эле ок чыгардыңарбы? Бутка атыпсыңар, биз силерди башка атабыз. Барбыш, айтчы! Сени кимиси атты? – деп буту таңылуу, кынтая жамбаштап турган Барбышка кайрылды.

– Салибай, тапанчаңды берчи. Мени бутка атканды өзүм жайлайын. Ии-ик. Бутум ооруп, жанымы чыдатпай баратат. Муну атсам, сеп ала түшөр бекен?

– Барбыш сенин бутуңа булардын башы садага кетсин. Ар бирибиз бирден аталы? – деди басмачылардын ортосунда турган чепилдеген бирөөсү.

– Жаныбыздан ок коротпой, өздөрүнүн огун өздөрүнө жумшайлы, – деди экинчиси.

– Эй, буларды атып отурабызбы? Отун кеңири, тирүүлөй өрттөп көрбөйлүбү, – деди дагы бири.

– Койгула тамашаңарды. Чечкиле бизди. Чогулушка баратпыз эле. Кеч калбайлы? – деди активдердин арасынан бири.

– А жалаң активдерсиңерби? Чогулушкабы? Шашып баратасыңарбы? Бизди элге душман көрсөткөн силер. Силерди аяшка болбойт.

– Эй, буларды аңкылдатып, кайым айтышып, отурасыңарбы!? Өчүргүлө үндөрүн! – деди бетиндеги калың түктөн көзү араң көрүнгөн, үңүрөйгөн кара немеси.

– Эй эсиңерге келгиле! Ушу эки уурунун тилине кирип, күнөөкөр болбогула! Эртең эле өкмөт алдында жооп берип каласыңар! Андан көрө, бошоткула бизди. Коркпогула, силер үчүн мен ортого түшөйүн, – деди волисполкомдун төрагасынын орун басары.

– Эй, актип, эмне деп келжиреп жатасың. Ким ууру? «Койкпогула, мен ойтого түшөм» деп коет. Сага ортого түшө турган барбы? Карап ушулардын арасында! – деп ызырынган Салибай, шериктерин көрсөтүп.

– Мына сага! Ирең бузулган Салибай сары чийкил жүзү кан тээп, колундагы нагандын машасын басты. Ок төраганын орун басарынын мүрүсүн чырпып кетти.

– Эй атаңын оозун урайын, канкор. Сени адам экен, кеп жейт экен деп, ишенбей калайын. Мыкаачы. Мени атпай атаңы атып кал! Тарп аңдыган, ууру, – деди ачууга уугуп.

– Силер канкорсуңар. Бетиңер кара болгон. Элди эми кайсыл бетиңер менен карайсыңар. Көркоолор!

– Быдылдатпай, өчүр үнүн! Ары жактан зоң эткен басмачы колундагы мылтыгын көтөрүп, бети-башын тырыштыра онтоп жаткан төраганын орун басарына кезей, тарс эттире атып салды.

Буту-колу таңылуу жаткандар жандарынан түңүлүп калышты. Бошонушка эч арга жок. Басмачылардын эч кандай жакшылык кылбасын туйган активдердин бири, шарт оонап барып, чекеде тайтая турган басмачынын как тизесине тепти. Басмачы ооруган тизесин сыйпалай аны колундагы мылтыгынын кундагы менен бет талаштыра удаа-удаа ура баштады. Каршылык көрсөткөн шеригине жаны ачынган активдер, жаткан жерлеринен турууга аракеттенишип, булкунушту. Басмачылар колго түшкөндөрдү тепкиге алышып, мылтыктын күндагы менен урушту. Заматта активдердин бети-баштарын көк-ала кан жалатышкан сайын, алар сөгүнүшүп, заар сөздөрдү айтып жатышты.

– Буларды аео жок. Баары бир тирүү-калышса, бизге айгак болушат. Тындым кылгыла! – деген Салибайдын сөзү менен аябай келтек жеп, денелери жанчылган активдерди, чек арачыларды катары менен атышып, денелерин өрттөштү.

Бул окуя 1927-жылдын апрель айынын этегинде болду.

* * *

– Бүгүн Сары-Бээ айылына чоочун адамдар келишип, айылдагы бай, билерман адамдарга орустардын мылтыгына окшобогон куралдарды, октору менен таратып беришти. Маңгытбаев менен

Жаныбек казынын келишин күтүп жатышыптыр. Алар келээри менен чек араны көздөй аттанышат экен, – деген маалыматты постун старшинасы Андрей Сидоровго ишенимдүү адамдар жеткиришти.

Басмачылардын жакындап келе жатканы боюнча Кашка-Суу постуна алгачкы жолу чалгындап келе жаткан Иван Ватник да кабардар болуп,

«Капчыгай менен басмачылар келе жатат» – деп Андрей Сидоровго маалымдады.

– Сен Эшек-Арт заставасына коркунучтан сактануууну эскерт! Тез жөнө! – деп Иван Ватникти жиберип, өзү Ой-Тал заставасындагыларга көздөй атын бурду.

Мингенин ак көбүк кылган старшина, тоонун чокусуна чыкты. Тээ төмөндөгү капчыгайлуу кокту-колот айкын көрүндү. Чамына ак көбүк чачып, буркан-шаркан түшкөн дарыя, энтеңдеген боюнча этектеп барат. Теребелге бир саамга көз чаптырган жоокер, кайра ашыга тизгин какты. Мына, тоодогу алгачкы жаздын жашыл тулаңы дүркүрөп, кокту-колотту каптап келет. Суу боюндагы көк, кадимкидей ат оозуна илешип калган. Кечүүгө келгенде, күйүккөн ат ооздугун шылдырата сууга жүткүндү. Тизгинди тарта берген Андрей кечүүдөгү ным жерди ныгыра батырылган издерди, болгондо да жаңы такаланган аттардын туягы тебелеп, жапырган баткакты, анан жанчылган көк чөптү көрө койду. Ылайга терең кирген из, жүгү оор, же алыстан жол жүрүп келген, чарчаган аттардын изи экенин айгинелеп турду.

– Басмачылар бул жерден да өткөн экен, – деп, Сидоров жаланың кайберендер жүргөн өрдөшкө салды.

Ой-Тал чек арасынын башчысы Воробьев качантан бери уктай элегин эстей албады. Мына бүгүн да, кирпик какпай басып жүрүп, жаңы гана бөлмөгө кирген. Чек ара иши ушундай, өтө жооптуу. Көз ирмебей сак болуп, чекти кайтаруу. Мындай түйшүктү эчен жолу башынан өткөргөн начальник, ат дүбүртү жакын келип токтогонун туюп, шашыла сыртка чыкты. Начальникти көргөн Сидоров атынан ыргып түшүп, какайып тура кала, жаңылыкты маалымдады.

– Төрт жоокер менен силерди толуктоого Куприндн жөнөттүм эле. Кезиге албапсың да?

– Сары-Бээде, Капчыгайда, ал тургай жолду ката душмандар. Мен жашырынып, кайберендер жүрчү аска-зоону аралап келдим, жолдош начальник.

– Азаматсың Сидоров. Чек арага жакын тоолордун арасында басмачылардын пайда болгондугу тууралуу, эки күндөн бери билдиришүүдө. Биз алардын жолун тосуп кармаша албайбыз. Бирок, чек араны бузуп өтүүгө аларга жол бербейбиз.

– Так ошондой, жолдош начальник .

– Сен өз убагында алардын чукул келип калганын кабарладың. Басмачылар тууралуу комендатурада эч кандай маалымат жок. Телефон болгондо иш башкача болмок, – деди, начальник кабагын бүркөп.

Кар көчкүлөрдөн улам телефон зымдары үзүлгөнүнө көп болгон эле. Аны оңдоо көчкүлөр эрип, жол ачылганда, тээ жондун этегине барганда колго алынмак. Ага чейин байланышууга эч кандай мүмкүнчүлүк жок. Аны экөө тең жакшы түшүнүшөт. Заставада болгону он беш чек арачы бар. Аларды тоодогу постторго бөлүштүрүүгө болбойт.

– Кетүүгө уруксат сурайм, жолдош начальник?

– Токто. Эгер Купринге жолуга албасаң, ал жактагы бардык документтерди өрттөп, жок кылгыла да, бул жакка келгиле. Түшүнүктүүбү?

– Түшүнүктүү, жолдош начальник.

– Дагы эсиңе салам, документтер толук өрттөлсүн! Алтооң ал жайда туруштук бере албайсыңар. Тез кайткыла. А мен кандай болсо да, Алай-Гүлчө менен байланышууга, кабарды жеткирүүгө аракеттенемин.

Бөлүктүн командири Кашка-Суу постун бекемдөөгө Купринге кошуп, чек арачылар: Гребешков, Охапкин, Сомов, Бадировдорду жиберген эле. Алар таң атпай Сары-Бээге жетип барууга ашыгып, баратышкан. Капыстан буктурмада бекинип жатышкан басмачылар заматта курчоого алышты. Кармашуу кыска убакытта болду. Басмачылар жабыла ок чыгарышып Багиров, Сомов, Куприндин миңгичтерин атып, чек арачыларды туруугa үлгүртпөй басып жыгышып, мылтыктын кундагы менен койгулашып, эстерин оодарышты. Гребешков кылычын сууруп алып,

топтошкон душманды аралай чаап барып, ары-бери кылыч шилтеди. Көпчүлүк аны талап, ээрден сүйрөп түшүрүштү. Ошентсе да ал тайманбай, колундагы кылычы менен тургандарды жакын жолотпой коргонуп жатты. Аркасынан бирөөсү байкатпай дал ортого штыгын катуу матырды. Чек арачы жыгылып, кансырап жатканына карабай, басмачылар тепкилеп, мылтыктын кундагы менен жанчып жатышты.

* * *

Ууру жол менен Кашка-Суу постуна келген Сидоров, Эшек-Арт заставасына барып басмачыларга кармалбай келген Иван Ватникти гана кезиктирди. Алар алдын заставадагы документтерди күйгүзүштү да, андан соң төшөнчү-жууркандарды, китептерди бир жерге үйүшүп, керосин чачып, өрт коюшту. Бардыгын өрттөшкөн соң, болгон патрон, пулеметторду, азык-оокаттарды алышып, Ой-Талга барып-келчүү жолго салмак болушту. Бирок, Иван жолдо келе жатып, тоонун башында түтүн чыгып жаткан көргөнүн айтканынан улам, Сидоров алыскы, айланма жолго салууну туура тапты.

Шашыла келе жаткан жоокерлер, эптеп салынган солкулдак көпүрөдөн өтүшүп, бир топ узап бараткан чакта, маңдай тарапта ар кыл кийинип, баштарына чалма оронгон куралдуу басмачылар, аларды мурда эле көрүп, жакын келишин күтүп турушканын билишти. Арка тараптарын карашса кылыч, карабин кармаган атчандар тоо бетинен чыңк ылдый түшүп келатышкан экен.

– Артка! Жарып өтөбүз, – деди старшина шериктерине угуза.

Эңкүүлөп келаткандарга илгиртпей артка кайткан топ, солкулдак көпүрөгө жетпей, суу бойлото аттарын чаап жөнөштү. Ат туяктары ташка тийип тарсылдаганына кошул-ташыл, «баң-баң» эткен мылтык үнү жаңырып, «шуулдаган» октордун үнүнө капчыгай ичи толо түштү.

– Курчоого алынган чек арачылар айласыз кол көтөрөт деген басмачылар, солдаттардын аттарын шарт буруп, суу жээктей чаап жөнөшкөнүн көрүп, алдастап калышты. Мээлебей эле ок чыгарып кыйкырып жатышты:

– Тос эле, тос!

– Жет эле, жет!

– Алыс кетирбегиле! – деген ызы-чуу кыйкырыкка кошул-ташыл боло, эңкүүлөп түшүп келе жаткан атчандар, биринен-бири өтүп, куугунга түшүштү. Аралык улам жакындап баратты.

Алардын оюнда чек арачыларды тирүүлөй, колго түшүрүп, мазактап, кыйнооого алыш окшойт. Курч, күлүк аттарынын деми менен улам жакындай башташты. Постко жетпей, үч-төрт чакырым аралыкта мергенчилер менен жолоочулар баш-паанек кылган эски жер үйдү көздөгөн чек арачылар, жан-алдары калбай аттарын теминишти. Алардын максаты эптеп эле жер үйгө жетип, каптап келе жаткан басмачылардан коргонуш болчу. Жер үй ар биринин көзүнөн учуп турду. Бул эски тамга чалгынчылар, аймакка көз салып кыдырып жүргөн чек арачылар, бороон-чапкында, аяздуу кышта, малма-малма болуп, кийимден өткөн жаанчачында бул жайга кирип, от жагышып, жылынып, кийим-кечелерин кургатышып, байырлашчу. Жоон устундардан тургузулган там, жол боюндагы жапсарга жабыштыра салынгандыктан бир тарабы жар болуп, жалгыз атчан ары– бери араң өтчү.

Жер тамга жетип-жетпей, чек арачылар, аттарынан секирип түшүшүп, чуркаган бойдон эшиктен киришип, кайра шап эте каалганы жабышып, таканчык кое, энтиге терезесин таштар менен тосуп, бүтөп жатышты. Таштардын арасындагы тешиктер мылтык атууга ыңгайлуу болуп, сырткы тарап айкын көрүнүп турду.

Жер тамга жеткирбей солдаттарды куып жете албаган басмачылар өкүнүп, кыжырдана ат тизгиндерин тартып, токтоп калышты. Ок жетпес аралыкка туруп алышып, өздөрүнчө бир нерселерди талашып жатышты. Аттарынан түшүшүп, жайгашып, аттарынын белдерин бошотушуп, каңтара байлашты. Алар жакын келишпей, түндү күтүшкөнү билинип турду. Айлана караңгылап барып, бийик тоолордон шыкалаган ай, жай жылып, айлананы жарыкка бөлөдү. Чек арачылар айдын жарыгынан пайдаланышып басмачылардын ар бир кыймылын көз жаздымдарынан кетиришкен жок. Алар да сойлоп, олчойгон таштарды пааналап, алга жылып келе жатышканы айкын көрүнүп турду.

Көп басмачы менен жер үйдүн ичинде жатып атышууга мүмкүнчүлүк жок эле. Сидоров шериктерин сыртка чыгууну, ташка

далдааланып, жакын келгендерди кароолго алууну тапшырды. Иван Ватник, Яков Бердинов старшинанын артынан чыгышып, чоң ташка калкаланышты. Ошол кезде жакын келген басмачылар баш аламан ок чыгарышты. Жоокерлер айдын жарыгында көрүнгөн караандарды, «дүрт» эте жалын чыккан жайларга ок узатышты. Алдыңкы катарда келген басмачылар, «шалак» эте таш сүзө, сулк жыгылышты. Солдаттардын сыртка чыгып атып жатышканын билген басмачылар, асканы айланып келишип, арткы тараптан ок чыгарышты. Жоокерлер ага да жооп кылышып, бирин-бири коргоп, бири алдыңкыларды мээлесе, бири арткыларды кароолго алышты. Душмандын түнү менен үч жолу далалат кылып, курчоого алуу аракеттери майнап бербеди.

Чек араны бузуп өтүп, Кытайга жол ачууга аракеттенген үч жүздөй топту баштап келген Жаныбек казынын жакын тууган-дары Коргонбай менен Төлөнбай жана Алайкуулук Алибай менен Салибай Ташкулдун балдары эле. Төлөнбайдын атасы Шайбек, Жаныбектин атасы Сагынбай менен бир тууган Мусанын балдары. Ал эми Коргонбайдын атасы Тыныбек Жаныбектин бир тууганы Сагынбайдын балдары эле. Ал эми Алибай менен Салибай Алайкуулук болушуп, аймактын коен жатагына чейин билишчү. Жакында эле түрмөдөн качып чыгышып, Жаныбек казынын тобуна келип кошулушкан. Алардын максаты басмачыларды ээрчитип келишип, чек араны орустардан тазалап, мал-мүлктөрү менен Кытайга качып кетүү аракети эле.

Сидоров тобу менен эки күн бою кармашышты. Басмачылардын тынбай аткылоосунан жер тамда коргонушту. Душмандын чек арадан өтүшүнө бөгөт болушту. Күн сайын тынбай удаамачы удаа басмачылардын чабуулунун мизин кайтарышып, бирөөсүн да жакындатышпады. Жер тамдын дубалдарын ок тытмалап, кепе араң эле бузулбай турду. Курчоодон куткарууга Воробьевдун келбестиги айкын болду. Ошко, Алай-Гүлчө комендатурасына эч кандай маалымат жетпегени айкын билинди. Жоокерлердин азык-оокаттары түгөнүп, ачкалыктан дармандары бошоп, алдары куруду. Сегизинчи күн дегенде Владимир Охопкин менен Яков Бердников орундарынан тура албай, калышты. Ачкалыктан кубаты кеткен Валерий Свиневский, Иосиф Шаган, Николай Жу-

ков шалдырап, бойлорун көтөрүп тура алышпай, кулап түшүштү. Андрей Сидоров менен Иван Ватник көз жаздымга калтырбай үңкүрдөгү тешикти алмак– салмак көзөмөлгө алып турушту.

Мылтык тарсылдап атылып, тытыраган пулемет коштоду. Басмачылардын алдыңкылары окко учту. Калганы дуу эте жер боортоктоп жата калышып, таштарга жашынышты. Бир аздан соң, кайрадан каптап киришип, каршы атылган октон жазганыша, кайра чегиништи. Аларды аркадан шыкактап айдагандары билинип турду. Улам жакын келгендер октон кырылып, аман калганы кайтууга мажбур болушту. Кеч кирип, ире-шире болгон чакта, басмачылар кетүүнү ойлоп да коюшпай, от жагышып отуруп алышты. Кээ-кээде бирөөлөрү тура калып, ок атып, кыйкырып, муштумдарын кезей, сес көрсөткөн болушат. Кечки жымжырттыкта алыстан атылган мылтык үнүнөн тоо жаңырганы угула калып жатты. Демек, Эшек-Артта да уруш болуп жатат. Аны баары туйду.

– Көмөк келбеди. Колго түшөбүзбү? Чек арачылардын оюнда ушул суроо турду. Аны туйган Сидоров шериктерине кайрат берип:

– Тирүү турсак колго түшпөйбүз, – деп кобурап койду.

Басмачылардын эрте мененки капташында да, чек арачылардын огу аларды кайра кайтууга мажбурлады. Эч кими куралын колунан түшүргөн жок. Үчүнчү күнү суу түгөнүп, октору азайды. Ачкачылык, чаңкоо аларды кыйнап турду. Басмачылардын кайра-кайра чабуул коюп, жакындап келүүсүнө, алар жапырт ок жаадырбастан, биринде көрүнгөнүн мээлеп, ок чыгарып жатышты. Чек арачылардын октору азайганын билген басмачылар жабыла каптап киришти. Жер тамдан кайрып ок чыгарган эч ким жок. Чек арачылар Сидоровдун гана командасын күтүп «былк» этпей турушту.

– Шашпагыла... Жакын келишсин... деп шыбырады Сидоров.

– Башта! «Тамсон» тытырап, удаа-удаа мылтыктар тарсылдады, коюулана алдыда келген басмачылар боо түшүп кырылды. Бул чабуул да кайтарылды. Эң акыркы күнү таң эрте менен дуулдап, туш-туштан ороп, камалай башташты. Кай бири сойлоп, жөрмөлөп, ок чыккан тешиктерден жазгана илгерилешти.

Жакын келишип, ок чыккан тешиктерди көздөй ок атышты. Чек арачылар ачкалыктан жана чаңкагандыктан шайлары ооп калган эле. Ошентсе да, болгон кубаттарын жыйнап, акыркы окторун душманды көздөй узатышты.

Коргонбай менен Төлөнбай башчылык кылган топ, Алибай менен Салибайды кысмакка алышты.

– Кана, жергиликтүү болгонуңар ушубу? Бир ууч орустарга, ушул, үч жүздөн ашуун мусулман балдарынын алы жетпейби? Орустардын огунан өлгөн мусулмандардын канына забын бол-дуңар. Бир жолун тапкыла! Болбосо, орустарга тикелей өзүңөр барасыңар! – дешип куралдарын кезеп жатышты. Жанга баткан катуу талаптан улам, чек арачылардын ордунан тура алышпагаднынан пайдаланышып, Алибай менен Салибай жер кепенин арнынан пайдаланышып, Алибай менен Салибай жер кепенин арнынан пайдаланышып, Алибай менен Салибай жер кепенин арн

«Ош, Ерохинге.

Жаныбекке чабарман жибергиле. Ал аскердин Жаныбекке каршы эмес, чек арачыларды набыт кылган Ташкуловдорго жиберилгенин, Жаныбек өкмөткө көмөк көрсөтүүсүн айтсын.

КИРОБЛОТДЕЛге биз айтабыз. КИРОБЛОТДЕЛ менен да кабарлашып тургула.

Клевцов».

«Ташкен, Клевцовго.

Гүлчөдөн шашылыш жиберилген отряд ашуудан аша албай кайтууга мажбур болду. Алтымыш атчандан турган ГПУнун эскадронунун изи менен илгериледи. Өзгөндүн гарнизонун күчөтүү максатында Оштон 5-аткычтар полкунун 1-батальону жол алды. 30-апрелде Гүлчө гарнизонун бекемдөөгө дагы бир 6-аткычтар полкунун 2-батальону чыкты.

Ерохин Салибайга көмөккө кырк басмачыга Кошбай корбашыны баш кылып, Жаныбекке жөнөттү. Кошбай буктурмадан тосуп, жети атчан дозорго кол салды. Салибай экөө бир нече чек арачынын колго түшүрүлгөнүн, куралдардын алынганын Кара-Шорого киши чаптырып, Жаныбектин өзү келип, №4-заставага, Кашка-Суу кароол постун алууга башчылык кылуусун сураныштты.

Казы аларга жооп кылып Өмүр Кашканы жөнөттү. Кошбай корбашы, Алибай, Салибай, Барбыш ууру баш болгон сексендей басмачы үч топко бөлүнүштү. Ой-Тал, Кашка-Суу кароол постуна, Эшек-Арт заставасына кол салышып, камалап киришти.

Басмачылардын уламдан-улам чабуул коюсунан №4-заставанын абалы кыйындап баратты. Заставанын начальниги Ларченко ага карабай, Ой-Тал заставасына алты чек арачыны жардамга жөнөттү! Эми өзүнө кыйын боло баштады. Заставага караштуу Кашка-Суу кароол постуна көмөктөшмөк болду. Жол кесилип калды. Ким кабар кылат? Ларченко ошол жердик Исмаил уулу Козумат менен сүйлөшүп, Кашка-Суу кароол постуна жөнөттү. Ал чаап кеткен соң Козумат үйүнө келип:

– Тез Кашка-Суудагы аскер быякка алынмай болгонун билдир! – деп өзүнүн жакын тууганын басмачыларга жиберди.

Жер тамды өрттөшкөн соң басмачылардын үч тобу кошулуп, Ой-Талды курчоого алышты. Кара-Таш айланасын, Сары-Бээни, Шайтан-Көпүрө аймактарын ээлешип, жолдун баарына буктурма коюшту. Эң керектүү өткөөл болгон чоң суунун үстүнө салынган шайтан көпүрөнүн устунун керек учурда жаткырып, керек болгондо өздөрү тарапка жыйнап алып турушту.

«Өтө жашыруун.

ОГПУнун КИРОБЛОТДЕЛинин начальниги жол. Кекинге.

Ош чек ара участкасындагы түзүлгөн абалга байланыштуу, сиз жүргүзө турган иштер:

Ошол жердеги абалды тактоо.

Ташкуловдордун бул ишке баруусуна эмне түрткү болду? Басмачылардын элге таасири канчалык?

Жаңжалга Жаныбектин катышы кандай?

Советтик аскерлердин калктын жакшы турмушу үчүн кам көрүшүүдө түшүндүрүп, басмачылар, каракчылар менен күрөшүүдө аскерге жардам көрсөтүү зарыл экендиги ачык айтылсын.

Бул саясий иш элди дүүлүктүрбөй жүзөгө ашырылсын. Чек ара коргоочулар тарабынан жергиликтүү элге туура эмес мамилелери, же кылган иштери тыкандык менен текшерилсин; Боллгон абалдын натыйжасы баяндалсын.

ОГПУнун Орто Азиядагы полномочиелүү өкүлү. 2-май, 1927-жыл. Ташкен»

Тапшырманы аткарууну ОГПУнун КИРОБЛОТДЕЛИ колго алды.

* * *

Бул кандуу жаңжалга Жаныбектин канчалык тиешеси барын аныктоодо Кекин Жаныбек менен байланышууга аракеттенди. Бирок, Жаныбек бул ишке тиешеси бардыгын түк мойнуна албады. Мындай жооп болорун алдын-ала билген Кекин Жаныбекке «Салибай менен Алибайды кармап берүүнү» талап кылды. Бул Жаныбек үчүн чоң сыноо эле. Ал жооп бере албады.

Майдын он бешинде Жаныбек жан-жөкөрлөрү менен кеңеште:

– Кана, өкмөттүн аскери менен кандай уруш кылабыз?

– Жолду тособуз.

– Жер шартын билбеген орустар Кара-Шорого кире алышпайт.

– Туш-тараптан жол тосулган. Асмандан эле түшүп келбесе.

– Эгер коргонууну бузуп, Кара-Шорого келип калышсачы?

– Ушул жерде катуу уруш кылабыз.

– Болбосо колду сактап, Турук-Шурукка чыгып кетебиз.

– Кокустан ал жерге жетишсечи?

– Терек ашуусу менен Сөөккө барып, андан ары Кашкарга өтөбүз.

Бүтүм жактырылды.

* * *

ОГПУнун Орто Азиядагы полномочиелүү өкүлдүгүнө ОГПУнун КИРОБЛОТДЕЛИ жогорудагы берилген тапшырманы бардык жактан талдап, Жаныбекти сөз менен эмес, курал менен жоюунун зарылдыгын билдирди.

Бул маселе ОГПУнун Орто Азиядагы Полномочиелүү Өкүлдүгүнүн билдирүүсү ВКП (б) Средазбюросунда каралды.

Казы келишүүчүлүккө барабы, же каршылык көрсөтүп, орун которууну көздөйбү? – деген маселе талкууланып, үч түрдөгү иш чаранын планы түзүлүп ОГПУнун Орто Азиядагы Полномочиелүү Өкүлдүгүнө жана ОГПУнун КИРОБЛОТДЕЛине тапшырмалар берилди.

* * *

Кара-Шорого суу бойлогон бир гана жол бар. Калган тарабын тоо курчап турат. Казынын турагынын төмөн жагын Абдылдабек, жогорку тарабын Салибай менен Алибай күзөтүшөт. Башка тараптан ашып барууга жол жок. Канаттуу куш гана учуп өтпөсө, жөн адам кандай айла кылса да өтө албайт. Аны жергилүктүү мергенчилер жакшы билишет. Бирок, адам барбас аска-зоо, адам баспас ашуу болбойт. Кайберен чыккан аска-зоого адам буту жетет.

Кара-Шоро бекем жай. Туш тарабы тоо менен курчалган. Этекте суу бойлогон бир гана жол бар. Жогорку тарапты Кара-

Кулжа, Сур-Ташты Салибай менен Алибай, төмөнкү Жазы менен Чыты жакты Абдылдабек кайтарат. Ортодогу негизги күч жүз сексен куралдуу күч бар.

«Өтө жашыруун.

САВО штабынын начальнигине.

19-май күнү Чытты айланасында корбашы Абдылдабек, Кошбайдын, Өмүр Кашканын шайкалары менен 6-полктун атчандар взводу беттешти. Жүздөй душман Көл-Сайдын баш жагында бир аз жоготууга учурап, андан ары чегинип кетишти. Бизден чыгаша жок.

Жаныбек алтымыштай басмачы менен Арка өрөөнү жакка ооду.

Алтынчы полктун эскадрону куугунтуктап баратат.

КОМВОЕНКОМДИВ 22.05.27»

ГПУчулар Өзгөн волисполкомунун мүчөсү, коммунист Төрөбаев Бектемирге Ж.Сагынбаевдин көзүн тазалоо тапшырмасы менен жөнөтүштү. Андан көп өтпөй Акмат менен Байгулду жибериштн. Эч кандай тыянак чыкпады.

Үчүнчү жолку 1929-жылдын акыры, 30-жылдын башында да жасалды. Бу сапар Ош ГПУнун бөлүмү чек ара комендатурасы Жаныбекти колго түшүрүүнүн иш-чараларын түзүшүп, Өзгөн райондук ГПУнун уполномочени Лапин башында турган ыктыярдуу отрядды даярдады. Отряд февралдын 13үнөн 14үнө оогон түнү заставага барганы менен отряддын курамындагы Кошмат Бостонкулов, Курманали Момунов, Маша Оргалчаев, Чодон, Гүпүр Сатиевдер курал-жарактары менен Жаныбек казы тарапка өтүп кетишти.

Чытты ашуусун ашып, Арпа суусунун башына эки жүздөй куралдуу кошунун Жаныбек баштап барды. Кара-Шородо чечүүгө үлгүрбөй үйү, үч жүздөй кара малы, үч миңдей жандыгы калып кетти. Казынын үй-бүлөсү жана Салибай менен Алибайдын атасы Ташкул кызылдардын колуна түштү.

* * *

«Ош Погран 1-комендатуранын начальниги Фаддей Федорович Кекинге жана Кыргыз Республикасынын кадырлуу башчыларына!

Катыңарды алып кубандым. Коюлган шартка макулмун. Силер Салибай, Алибайды кармоону айтыпсыңар. Мен мурда эле силердин катыңарды ала электе эле ал экөөнү, Барбышты кармап, силерге айдап жөнөтсөмбү деп жаткам. Салибай менен Алибайды кармоого Сары-Бээге Кошбайды жиберип, артынан Өмүр кашканы жөнөткөм. Кошбайым аларга кошулуп, Өмүр кашкадан мага таандык беш мылтыкты тартып алган.

Уккан кабарга караганда, мен али граждандык укугумдан ажырай элек экемин. Эгер өкмөт Алайдан, же Кетмен-Төбөдөн турук жай бере турган болсо, мейли, мен барып жашайын, жок, эч жерден баш калкалар жер бербесе, анда да мейли, өзүмө эптеп бурчек табам.

Дагы сурарым: эгер Салибай, Алибай, Барбыш, Кошбайды кармап тапшырсам, мага караштуу кишилерге өкмөт тийбейби? Убада кандай болот?

Жаныбек.26-май.1927-жыл»

* * *

Сая түшкөн аскер ашууларды тосуп, курчоого алды. Катуу уруш болуп, басмачылар туруштук кыла алышпады. Жоготууга учурап, бет келди качты. Жаныбек өзүнө караштуу жыйырмадай басмачыны ээрчитип, Сөөк ашуусун карай бет алды. Абдылдабек бир тууганы, уулу, корбашы Барбышка кошулуп Каргаша-Сууга бекинди. Корбашы Төлөнбай Көлдүк суусунун башына кетти. Салибай менен Алибай Сары-Бел ашуусун көздөй качты. Өмүр кашка он чакты кишини баштап келип 30-май күнү аскер тарапка өттү.

Басмачылардын майда топторун, жеке-жарым жүргөнүн, бекитилген куралдарын көрсөтүшкөн эл өкүлдөрү жергиликтүү дыйкан Павел Осташков башчылык кылган кыргыз, орус, кедейлерден түзүлгөн отряд ОГПУнун эскадрону менен биргеликте ийгиликке жетише алышты.

Май айынын ичиндеги Өзгөн, Кара-Кулжа аймактарындагы окуяларга саясий баа берүү максатында ВКП (б) БКнын Средазбюросу атайын тапшырма менен өкмөттүк комиссиянын курамын бекитти. Өкмөттүк комиссия, аскер командачылыгы, ГПУ болуп, партиянын тапшырмасын аткарууга эл аралап чыгышты.

Өкмөттүк комиссия эл аралап чыгып, ишендирүү иштерин жүргүзүштү. Жалпы чогулуштарды өткөрүштү. «Адашкан басмачылар келсин, ыктыярдуу куралдарын тапшырса күнөөлөнбөйт» деп жарыялашты. Андан көп өтпөй эле «Адашып, жаңылып, жаздык, алдандык» дешкен басмачылар топ-тобу, жалгыз да келишип, куралдарын тапшырышты.

* * *

«ОГПУ аскеринин өзгөчө Ош погранучасткасынын коменданты жол. Ерохинге 18.01.1928-ж.

Жаныбектин каракчыларын жок кылууга жергиликтүү элден кошумча отряд түзүү жөнүндөгү маселени, шартка ылайыксыз деп эсептейм. Буга окшогон отряддар ашыкча түзүлсө, өз алдынча аракет кыла турган болсо, эч кандай пайда алып келбейт. Тескерисинче зыяны тиет. Курал бөөдө таркалып кетет.

Ыктыярдуу отряд түзөбүз деген Байбатча, Бектемир, Бекташ уруулук, жааттык кегин Жаныбектен алууну көздөп отурушат.

Иштин жүрүшүн, өз убагында, тез кабарлап тургула!

Кыргыз АССР Погранучастканын начальниги Кекин».

* * *

Катта айтылгандай уруулук, жааттык бөлүнүү, ынтымактык биригүүгө ар дайым кедерги болуп келди. Жергиликтүү шартты кыргыздардын арасына келген башка калктын өкүлдөрү, айрыкча чекисттер жакшы билишкен. Илгертен бери өз алдынча мамлекет болуп биригүүдө да уруулук, жаатташуу күч алып, эч кимди алдыга чыгаргысы келишпеген «Кортук да болсо, кочкорду өзүбүздүн короодон коелу» деген макалдай сөөккө сиңген кемтик айгине болчу.

Жаныбек казы Кытайга өтүп, басмачылардын аягы тыйылып бараткан учурда болуш болуп, эл бийлешкен Төрөкелди уулу

Бектемир, Алимжан уулу Байбатча, Кыдырша уулу Бекташ үчөө тең, отрядга мүчөлүккө кабыл алууну өтүнүп келишти. Алардын оюнда «өкмөткө кызмат көрсөткөн» болуп, совет бийлиги менен жакындан алака түзүү, өкмөттөн алынган курал менен кек алуу эле.

Уруяттын кабары тоо ичин аралап келгенден баштап Жаныбек менен катар Алымжан уулу Байбатчанын бир тууганы Бөрү да аскер курап, Жаныбекти теңсинбей жүргөн. Мырзакеликтердин айтуусуна караганда мышыктын куйругуна майга чыланган эски түйдөктөлгөн жүндү байлап от коет. Ошол кезде камыш менен жабылган Мырзакедеги орустардын тамдарына жан талпас кылган мышык качып барып жармашат. Туташ салынган тамдар бир түндө, бири калбай өрттөнүп кетет. Анын жаман аттысы, кайрадан келип эле Жаныбекке тийет. Өзүн теңсинбей жүргөн Бөрүгө казы кекенип:

– Менден жол талашып, кыйын көрүнгүң келеби! – деп Бөрүнү Бекбайга аттырат.

Бир тууганынын канын кууган Алимжан уулу Байбатча ичинен кекенип, -«Качан учуру келээр экен?» деп күтүп жүргөнүнүн бир себеби ошол эле.

Бийлиги жагынан да, байлыгы жагынан да атаандашып, чоң аш-той мааракелерде өктөмдүктү самаган Кыдырша бай мурда ыңкылап келген кезде ага каршы чыгып, алдап, жаңы өкмөттүн камчысын чаап, бирде болуш, бирде казы аталып, анан калса совет-кытай соодасын жүргүзүп, улам зоболосу көтөрүлгөн Жаныбекке баласы Бекташты үзөңгүлөш кылып, ымала түздүргөн. Ошол Бекташ Жаныбектин иниси менен уулу Ташкулдун балдары Салибай, Алибай баштап келген Сары-Бээдеги жаңжалды Ойтолга оодуруп, тынч элди дүргүттү. Анысына карабай Жаныбек Бекташты куугунтукка алып, бир тууганы Акматты аттырып кеткенин Бекташ унуткан эмес.

Байлардын короодогу койлорун, жайыттагы малдарын ортого тартып:

– Бай-кедейи жок тегиз жашайбыз деген шартта, жаңы өкмөттүн көзүнө көрүнүп «басмачыларды жоюуга», «ыктыярдуу аттануусу» жөн жеринен эмес эле. Ушунун баары кылдат кара-

лып, «отряд куроочулар» жердин уусун билген киши катары пайдаланылды. Бирок, бай-манаптар, бий-болуш, старчындарга чейин өкмөттүн тизмесине илинген эле.

* * *

Киреше табууга аракеттенгендер жаңы бийликке жакпады. Ар кандай күнөөлөр жабылып:

– Башкалардын күчү пайдаланылат. Кызматкер жумшайт. Бай, манап, кедей-кембагалдарды жерине иштетет. Малын бактырат. Мүлкүн ортолукка алуу керек. Жеке чарбанын ээси детишип, мал-мүлкүн, жерин тартып алууга шылтоолорду издешти. Атайын укугун чектеп, жеке чарбагерлиги үчүн салык салып, олчойто талаптарды коюп, эгин, эт, мал, чөп тапшырууга план берди. Аны аткарууга алы келбегендерди куугунтукка алышты. Мындай талаптардан жана ойлоп табылган жалаалардан улам, өз титиричилигине тың, мээнеткеч, ар кандай ишке шымаланып киришип, иштин көзүн таап, элге үлгү болгондорду «өзүмчүл» аташып, ак эмгегинен жаралган мал-мүлктөрүн ортолукка алышты.

Казы жаңы замандын, теңчиликтин келишин, уруятты кубануу менен кабыл алган эле. Элдик адам, сабырдуу инсан катары, совет өкмөтүнө чын дилинен кызмат кылды. Милицияда иштегенде, андан соң соода байланышын өнүктүрүүдө, жогортодон берилген тапшырмаларды так, ашыгы менен аткарууга аракеттенди. Анын элдик адам экенин билген жогорку жетекчилер, совет бийлигин таанууга, жаңы элдик өкмөткө өтүүгө, басмачы аталгандар менен сүйлөшүүлөрдү жүргүзүүгө пайдаланышты. Корбашылар, басмачы аталгандар деги эле карапайым адамдар менен мурдатан тааныш болуп, кээ бирлери менен үзөнгү каалгыштыра, аш-тойлордо болуп жүргөн адамдарды үгүттөп, алып, келүүгө көптөгөн тапшырмаларды беришти. Аларды казы, чын көңүлүндө аткарды.

– Келгиле, эл катарында бирге бололу? Элден чыкпай, жаңы бийликке баш ийели деген элге кадыры сиңген, калыс, калпыс-тыкты жактырбаган казынын сөзүнө көбү ишенди. Бирок, бертен убададан тайып алдоодон, оокаттуу кишилерди кармап, көбүн жазалап, туулган жерлеринен чет жактарга айдоолор менен

байланышы бардыгын текшерип, шек санап, аңдууга алынышы, бирине бирин тукуруп, алардын ортосундагы ишеничти кетириши, кээ бирине өлүм жазасын колдонулушу түшүнүгү кең, баарын көрүп-билип турган казыга жакпады. Убагында эки жүздүүлөрдү адал деп санабай бирөөлөрдү алдап, тил эмизген жалганчыларга жаза колдонуп жүргөн казыга өөн көрүндү.

Көрсө, бул өкмөттөгүлөр дале көр пенделигине барат окшойт. Абайлап жүрбөсө, сактанып, мамиле кылбаса жаман ишке кириптер кылат деген ойдон улам, өзүн алардан оолактануунун аракетинде болду.

– Мен сүйлөшүүгө барып, ынаткан Мойдундун, Кайыптын, Осмон ажынын, Кошбай менен Мойттун тагдыры эмне болду? – деп капаланды.

Айрыкча Шермат менен сүйлөшүүлөргө барганы да ал:

– Кеңеш өкмөтүн канчалык, мактасаң да ал убадага турбайт. Бизге окшогондордун көбүн, сага окшогон эл адамдарын жиберип, ынатып кел! Биз аларга тийбейбиз. Кызмат беребиз, деп колго түшүргөндөн кийин, өлтүрүп салып жатышпайбы. Сага ишенсек, сен дайыма бизди калкалап жүрөсүңбү? Өзүң да этият бол! Заматта тагдырыңды чечип коюшат, – дегенден кийин, өзүн тартып, кетенчиктей баштаган.

Жаңы өкмөт өзүнө да шек санай баштаганын сезе баштады. Ар кандай жактан аңдууга алынды. Ал канчалык кыраакы, билгич болсо да күнүмдүк жүрүш-турушу, бирөөлөр менен болгон байланышы, артынан аңдып жүргөндөр аркылуу, жогоркуларга жетип жатты.

Өзүнө жакын адамдарга, тууган-тушкандарына, ишенимдүү жигиттерине, ал тургай аскердик билимди Ташкенден алып, окуп келген балдарына:

– Дайыма сергек, сак болгула, элге өкмөткө каршы иш жасабагыла, – деп эскертти.

Өзүнүн ишенимдүү, тың, баамчыл билимдүү жигиттерин ыктыярдуу кошундарга, чек арачыларга кызмат кылууга кошту. Аларды көрөгөч, уганаак, сезгич, билгич болууга, байкагандарын өзүнө билдирип турууну дайындады. Бири-бирине билдирбей, жекече сүйлөшүп, берген тапшырмаларын талап кылды. Өзү да

бир жерге туруктуу болбой, улам орун которуп көпкө көрүнбөй, бой жашырып жүрчү.

Айрым учурда өзүнүн жасаган иштерин, айрым шектүү аракеттерди «өзүңөрдүн сөзүңөр кылып, жетекчиңерге билдирип койгула» – деп да дайындоочу. «Бул аракет, кеңеш өкмөтүнүн, чек-ара аскерлеринин командирлеринин силерге ишенимин арттырат» – деп эскертти. Жаңы өкмөт өзүнө кечирим бербестигин билип, мал-мүлкүн саттырып, колдо болгон каржысына соода палатасындагы баага ылайыктап, керектүү азык-оокаттарды: күрүч, май, чай, кездемелерди акырын алдырып чыгарып, башкалар билбес жайларга, үңкүрлөргө каттырды.

Кеңеш өкмөтүнөн запкы тартып, колдорундагы мал-мүлктөрүнөн кол жууган, куугун-сүргүнгө алууга, алдын ала тизмеге алынган бий, бай, болуштардын тукумдарын жаңы өкмөткө баш ийгиси келбегендер да казы менен байланыштарын үзүшпөдү. Тың, ишенимдүү жигиттер, анын айланасына билинбей топтолуп жатышты.

Жибек жолунун түйүнү аталган аймактар аркылуу Кытайдан Фергана өрөөнүнө, андан сырткары, Нарын, Чүй аймактарындагы кадырман адамдар менен байланыш чың эле. Эркин жашаган элдин көпчүлүгү кеңеш өкмөтүнө баш ийгилери келишпеди. Нааразылыктарын өздөрүнө окшогон эл бийлеген болуш, бай манаптарга, молдо, казыларга алдыртадан кабар беришип, биригүүгө баш кошуп жатышты. Алардын катарындагы Тогузтородон, Ак-Талаадан, Чолук, Касымбек жана алардын балдары, Ат-Башыдан Сүйүндүк, Турсун моңолдордон Абдылда, Кулчун, (черик) Жанболот, Казыбек (черик), Абдыямат, Максүт, Аманкул (азык) өңдүүлөр салам дубай айттырып, кабарлашып турушту. Казы Ат-Башынын күн батыш тарабындагы Арпа, ага жанаша Кара-Шорону байырлап, алдыртадан айланадагы ал-абалды байкоого алып жүрдү.

– Казынын тобунунун күндөн-күнгө саны артып, келип машыккан жигиттери эки жүздөн ашыптыр. Ар бирине аскердик борма (форма) тиктирип, курал менен жабдып жатыптыр. Келип, кошулчуулар дагы да арбын экен, – деген кабарлар жаңы өкмөт жетекчилеринин тынчын алды.

Бийик жайда, тоонун катаал шарттында даярданып келип, казынын тобун басып алуу өтө эле опурталдуу болчу. Анын үстүнө бийик тоолордон, алыстан кимдер, кайсыл жол менен канча келатканы айкын көрүнөт. Аны жакшы белген ОГПУнун адамдары казынын өзү менен байланыш түзүүнү колго ала башташты. Түрдүү адамдарды жиберип, жоопторду күтүштү.

Казынын акылмандыгы, айлакерлиги ар дайым элдин колдоосуна ээ болуп, көпчүлүк анын сөзүнөн чыкпастыгын, ал тургай чет тараптагылар менен тыкыс байланышып, кабарлашып турганын жакшы билген өкмөттөгүлөр, Кыргыз АССРинин Аткаруу Комитетинин атайын буйругу менен комсоставдын начальниги Вахалов Павел Василевич башында турган 24-куралданган аскер эскадронунун жоокерлерин жөнөтүштү. Алар Ат-Башы аркылуу Өзгөнгө келишип, жаштардан ыктыярдуу отряддарды түзүштү. Казынын ал-абалын, турган жайын иликтей баштаганы билинди. Аларга кошумча күч катары Токмоктогу атчандар отряды жиберилди. Казыны колдогон жергиликтү эл кеңеш өкмөтүнүн уюштуруу иштерине көп эле ынана беришпей, коллективдүү чарбаны уюштурууда баш аламандыкка жол берилди. Көпчүлүктү бириктирүү оңойго турбады. НКВД элди кысымга алып, сурак үстүнө сурак жүргүзүшүп, шек саноолор, кыйноолор көпчүлүктүн үрөйүн учурду. Канткенде да көпчүлүктүн жакшылыкка умтулуусу жаңы саясаттын үгүтү өз таасирин тийгизип, аз болсо да, жемишин бере баштаган эле.

Казынын ишенимдүү адамдары бир эле өз жеринде гана эмес, Кашкар, Кулжа, Кытайда, Ооганда да арбын болуп, алар чек арачылар байкос албаган жолдор менен ары-бери катташып, кабар ташып турушкандыктан Кашкар, Артыш, Кызыл-Суу аймактарындагы абал да опурталдуу болуп, кырдаал курчуп бараткандыгын билчү.

– Өзүм кай жакта болсун үй-бүлөмдү, ишенимдүү 10-15тей жигиттеримди багып кете алам. Мен деген 100-150дөй өзүмө берилген адамдарды бөтөн жерге кантип алып кетем? Кантип ал жакка батырам?

Мейли, мени менен барышсын дейли, көбү үй-бүлөсү, ата-энеси, тууган-уруктарынан тирүүлөй ажырашабы? Баштагыдай

абал болгондо го чек арадан өтүү коопсуз эле. Совет өкмөтү чек арага катуу көзөмөлдүк жүргүзгөндүктөн, саналуу гана кишилер өтөт. «Эки жүз адам өттү» – деген кабар билинсе, жаңы өкмөт кантет? Анын үстүнө кытай-союз биримдиги күчөгөндөн башкантап, партизан отряддары ал тараптан тымызын иш жүргүзүп, кадимки согуш абалындагыдай болсо, бай-манап, басмачылардын топтору, ууру-кески баш кесер кылмышкерлер менен куугунга алгандар ортосунда да кармаш күчөп жатканда, көпчүлүктүн тагдырын тобокелдикке саламбы? Үй-бүлөсүнөн көпчүлүк бөлүнүп калат? Кой, бир өзүм деп, канчалардын убалына калбайын. Жамандык келсе, бир өзүм тартайын деген бүтүмгө келип, көп толгонду.

Казы ансыз да, бул күнгө чейин жигиттерине:

– Тынч жаткан элди кыйноого салбагыла. Зордук кылып, өз элиңердин мал-мүлкүн, оокатын тартып албагыла.

Элге зомбулук көрсөтсөңөр ишенимден ажырайсыңар. Ишенбеген адамды эч ким ээрчибейт. Акыл айтсаңар укпайт. Колдоодон ажырабас үчүн өтө сак, акыл-эстүү болгула. Чек арада, опурталдуу жайда турабыз. Бизди аңдууга алгандар, кокустан алдыдан байкалса, чыр чыгарбастан, буйтап жашырынып кетүүнү эсиңерге алгыла. Кокус атышып кармашсаңар адам жаны кыйылат. Алардан да, бизден да, бей ажал адамдар өлүп, чыгым болот. Артыбыздан аңдуу, куугун күчөйт, – деп эскертет.

* * *

Жаңы өкмөт менен канчалык бир болуп, жаңы демилгелерине канчалык кол кабыш кылууга аракеттенгенине алар көп көңүл бура бербеди. Керектүү жерге пайдаланып, калган учурда аны катарга алууну эстен чыгарышты.

– Бай, казы, – деп элге душман көрсөткүсү келгендерден көңүлү калып, биротоло күдөрүн үздү. Зордук-зомбулукка салып, колунда бардын мал-мүлкүн тартып алып, жерлерин бирөөлөргө бөлүп берип, ал тургай жерге иштеткен шаймандарынан бери ортолукка тартып алышына нааразы болду. Өкмөттөгүлөр өздөрү атайлап чакырып, сүйлөшүп, ынатып кел, – деген корбашыларга, айрым терс жүргөн топторго барып:

– Жаңы өкмөт элге тегиз бийлик орнотобуз, баары тегиз болсун деп саясат жүргүзүп жатат. Эл деген адам эч убакта четте калбайт. Жаңы өкмөттүн бийлигин тааны. Саясатына ынан деп, өзүн, адамгерчилик аброюн ортого салып, алып келсе ырайымсыздык менен кайра аларды жазалап, үй-бүлөсүн, ага-ини, туугандарын куугунтукка алып, ортодогу ак ишенимди, адамгерчиликти жоготушуна өтө эле нааразы болду.

– Аттиң, тилимди алып мени сыйлап, ишеним менен келгендердин убалына калдым. Э, Алла Таала өзүңдөн кечирим сурайм? Алардын арбактары мени кечирээр бекен?– деп эртели-кеч куран окуп, анын сообун алардын арбактарына багыштап:

– Э, жараткан, адамдыкты бийик көрүп, акыл-эстен агылып чыккан, сөзгө ынанып, ак дилдерин арнаган ал пенделердин акыретин берип, жаннаттан жай алдыр, – деп суранып, эртеңки жашоосунан үмүт этип, көрөр күнүнө ушул адам себепкер болот, – деп мен деп келген жандардын тагдырлары таштай талкаланбадыбы? Жаңы өкмөт элди кыйнап эл каймактары болгон, жашкарыларды мажбурлап, каада-салтка, дин ишенимине тыюу салышы эмнеси?

Адамдар ортосундагы ишеним, ынтымакты бузуп, бири-бирин: Бай-кедей, жегич-эзгич деп анын мал-мүлкүн ортолукка ал, сүргүнгө айда, сотко бер деп, тукурушу, ар түрдүү күнөөлөрдү таап, каралатуунун эмне кереги бар? Элге түрдүү салыктарды салып, короосундагы малын, талаадагы эгинин, жада калса, план деп:

– Эгин төк, эт, чөп камдап тапшыр дегени туура келеби? Чыгаан инсандарды: акылман, сабырдуу молдолорду, акыл-кеңеш берген аксакалдарга жалаа жаап, жазалоонун зарылдыгы кайсы? Эл ичиндеги оокаттууларды элге баш-көз болгон башчыларды куугунтукка алып, жер котортуп, айдатуудан эмне чыгат? Ортодогу ишенимди кетирип, такай аңдууга алып, тынчы коюп, каралатып, түрлүү жалааларды жаап, жазалатуу адамгерчиликке ылайык келеби?

Жашаган үйүмдү, миңген атымды, кийген тонумду тартып алып, ортолуктуку десе кантип күйбөй коёсуң? Каада-салт, ыйманыбыз болбосо, динибизден ажыратса, сизиң-бизиң, улуу-кичүү деген сый болбосо, элдигибиз кайсы?

Ички-тышкы жагдайларды, болгон окуяларды, учурдагы шарттардын баарын талдап, эчен эсепке алып, элдин эртеңин, өзү ойлогондой акыйкат жашоону көрө албады.

Ата-бабалардан бери калыптанып келген каада-салт, үрп-адат, адеп-ахлак, сый-урмат, ыймандан ажыраган элдин тагдыры кантет? – деген миңдеген суроо уктаса уйкусун бузду, көзүн ачса тынчын алды. Ойлой-ойлой, ой түбүнө таптакыр жетпеди.

Кимге кандай ой келет? Бир өзүн ойлогондорго жеке кызыкчылыгын көздөгөн ой келет демекчи, эл-журт тагдырын ойлогон казыга чексиз ой келди. Көп ойдун бирөөсүн аткарууга бел байлап таң эрте менен жигиттерин ортого топтотту.

– Кана эр-азаматтар. Тоонун эркин бүркүттөрү. Мен силер менен ийри олтуруп, түз кеңешким келди:

– Адаттагыдай казы сүйлөп жатканда, эч бири, «чук» этип, үн чыгарышпады.

– Баарың элден, үйдөн алыс тоодо жүрүп эл-журтту, ата-эне, ага-тууганды, үй-бүлөңөрдү эстеп, аябай сагынсаңар керек? Бизден бирге жүрүп, бирге турганыбызга, алдыңарга анча, аркадагыларга эки-үч жылдын жүзү болду. Ырахмат! Менин сөзүмдү жерге таштабай, жакшылыкта көңүлдөш, жамандыкта моюндаш болгонуңарга ыраазылыгымды билдирейин дедим. Бириң да менин көңүлүмдү улап, «Үй жайым калды эле, эл-журтка барайын» деп айтпадыңар. Эми убакыт келип турат. Кимиң «кетемин» десең жол ачык. Каалоочулар болсо алдыга чыгып келгилечи?

Эч бири үн дебеди. Казы тегерегин кыдырата карады. Баары дымып, үн катышпады.

– Мен кетем дегендерди жазалабайм. Каалоочуларга уруксат.

Бирөөсү да отурган ордунан козголуп, туруп койбоду. Казы өзү билген беш-алты үй-бүлөлүү жигиттеринин атын атап:

– Силер үй-бүлөлүүсүңөр. Барып, бала-бакыраңарды карап, тынч жашоонун камын көргүлө. Башыңар азат. Силерден аласам жок. Мага бересе да, эмессиңер. Силерге ыраазымын. Мындан кийинки жашооңорго ийгилик каалайм десе да эч бири козголбоду. Сынап жатат, – деп ойлобогула. Ишендире айтайын. Мен силерден ыраазылык алып, коштошоюн деп жатам. Силер мага ыраазы болгула. Баарыңар ойлонуп, үйүңөргө кетүүгө даярдангыла. Ар

бириң минген атыңарга ээсиңер. Кийим-кече, тамак-аштан каалаганча бөлүп, жете турган болсо бүтүн алгыла. Кездемелерди, жаңы кийим-кечени керек дешиңерче алсаңар да, колдонгон курал-жарак, ок дарыларды таштагыла, өзүңөргө айгак болот, – деп кейигендей үн ката, алардын төбөсүнөн ашыра аркайган чокуларга көз салды.

– Казым, сиздин оюңузга оюубузду, жолуңузга жолубузду кошконбуз. Сизден бөлүнүп эч жакка кетпейбиз, – деп Жусуп көбүнүн атынан сүйлөп, тегерегиндегилерди карады.

– Ыракмат, – деп казы ыраазылыгын билгизе сөзүн улады. Бизге ишенгендер кыйналууда. Биз тарасак, алар кыйноодон кутулушат. Мен силерге, элиме ыраазымын. Силерди да, элими да Кудайга тапшырдым. Баарыңарды коргоп алууга күчүм жетпеди. Баарыңарды алып жүрүүгө шарт туура келбейт. Жоо жакадан, бөрү этектеп булкуп, ар бир кадам эсепке алынып турган чак. Ата-Журт мага насип эткидей эмес. Мен Кытайга кетем. А силерди Ата-Журттан айрыбайын. Жаныма он гана адам баткыдай. Бөтөн эл, бөтөн жерде кандай тагдыр күтүп тураары белгисиз. Баарыбыз бирге болсок түрдүү кырсыктарга кириптер болобуз. Убал-сообуңар менин мойнумда болбосун. Баарыңар бириндеп, бейтааныш жактарга тарап кетүүнү ойлогула. Жеке болсоңор тынч, сыр ичиңерде, жаныңар сак калат, – деп ордунан шарт туруп кылчайбай, ары басып кетти.

Көптөн бери сыркер, өзүнө ишенимүү делген жан жигиттери Дыйканбай уулу Жусупту, Кубугул уулу Эсенгулду Мырзали менен Каражиндини күндө машыккан жигиттерди карап турчу жайга чакыртып алып:

– Жүз башыларга дайындагыла, алар элүү башы, он башылардын талап кылышсын. Жигиттердин биринде да курал калбасын. Кылыч, найза, мылтыктарды түгөл санап алышсын. Ал эми силер, жигит башчылардан ал куралдардан сырткары, маузер, винтовкалардан бери топтоп, эсептеп алып, Жунуска өткөрүп бергиле, – деди.

Жигит башчыларын өзүнө чакырып, үстү баштарын карап:

– Жигиттериңердин ар биринин куржундарына азык-оокаттан, кездеме кийимдерден толтуруп, аттандыргыла, – деп казы көптөн четтей бөлүнө басты.

Калың элге таанымал тааныш-билиш жакындарга камкор, мээримдүү мамиле кылган, улуу-кичүүнү тең көрүп катуу айтып көңүлдөрүн сындырбаган, анча-мынча кагып-силкпеген, элди талабын дайыма талашып, намыс-ариетти терең баалаган башчысына көпчүлүктүн ичтери тартылды.

Баары түшүнүп турушту. Мындан башка жол жок эле. Кантмине эч бири ынанбай коюуга, жокко чыгарууга болбойт. Ушул кенде да, казынын адилет, акылмандык менен кабыл алган чечимдүү күнгө чейин казы кошуундагыларды:

– Эл талагыла. Тигини өлтүрүп, тигини айдап кел, – деп айтпады. Бирөөлөрдүн мал-мүлкүн, дүнүйөсүн алдырбады.

– Эл базар, элден чыккан азар. Эл көңүлүнө ыза кетпесин. Жаман аттуу болуудан качкыла. Бирөөнүн буюмуна кызыкпагыла. Ниетиңерди таза кармап, балиттике, арамдыкка аралашпагыла, – деп ар биринен адептүү жүрүүнү, таза болууну, бирин-бирин сыйлоону талап кылды.

Казынын айткандарынан жүрүш-турушунан айбыккан жигиттер, башчысындай беш убак намаздарын каза кылышпады. Бирөөлөрдүн буюмдарына тийишишпегендиктен, эч бир жанга тополоң салышпагандыктан, эл аларды басмачы аташкан жок. Айыл аралап, ары-бери өтүшкөндө:

– Казынын жигиттери келиптир. Ак таттырып, даам ооз тийгизели дешип, коркуп-качпай, ал-жайларын сурап турушту. Кокустан тааныш-билиштердин, же жакын жек-жааттардын арасында болсоңор, жашоодо жаман-жакшылык, ачуу-таттуу күндөр болбой койбойт, башыңарга иш түшкөндө силерди билгендер айгак болбойт деп кимдер айталат.

Жаңы өкмөттөн жабыр тартып, бирде болбосо, дагы бирде башкаларга окшоп, баары бир кармалаарын туйган бий, бай, малдуулардын заманы күндөн күнгө тарый берди.

– Колго курал алып, ачыктан ачык каршылык көрсөтөлү дешкендердин айлалары убакыт өткөн сайын замандары тарыды. Жабыла басып келген кызыл аскерлерден сактаналы,– дешип, жергиликтүү элден ыктыярдуу топторду түзүшүп, үстүлөрүнө кийим, колдоруна курал беришип:

– Күрөш. Сени эзип, баш көтөртпөгөн ушул бай, бийлер. Жерин айдап, малын бактың. Кана сенин жыргап кеткениң. Сенин

эмгегиң менен ушулар байып сага окшогондордун канын соруп, жыргап келишти. Эми көзүңү ачаар убакыт келди. Акыңы ал. Жаңы өкмөт сага жер, мал, эркиндикти алып берди. Сен аны корго, – деп, айылыңдагы бай, бийлердин, мал-мүлктүүлөрдүн артынан салып аңдытты, көзөмөлүнө алдырды.

Кана эми, бул эзүүчү топтун өкүлдөрүнө кандай чара көрөсүңөр? Аттыралыбы, соттотолубу, же алыскы аймакка айдаттыралыбы?

– Антпей койсок эмне болот?

– Булардын эмне кылаарын түшүнбөйсүңбү? Эркиндик алганыңы көрө албай, шылдыңдап жатпайбы. Бул томаяктын колунан эмне келмек эле деп, сени тоготпой, адам катары көрбөй, сага баш ийгиси келбей, сени колдогон жаңы өкмөттүн саясатына каршы буруп жатпайбы. Эми буга, кандай чара көрөсүң?

– Эмне кылышым керек?

– Аттырасыңбы, каматасыңбы, же башка жакка итаб кылдырасыңбы?

– Мейли өкмөт айткандай болсун.

– Өкмөт өзүңсүң. Жазала. Кат чийип, кол кой! – деген тукуруу.

Ынанган эки-үчөө, токтом жазышып, кол коюшуп, жазалоону колго алышты.

Азали, оозу ашка тойбогон томаяк, кедей, байдын, бийдин, деги эле мал-мүлктүүнүн абалына, эл ичиндеги аброюна карабады. Ушинтсе эле жыртыгы бүтөлүп, кемтиги толуп калгансып, ойлонбой токтомго кол койду. Кечээ эле өзүн сөгүп, сөздөн, иштин бүтүшүн талап кылып, мукураткан неменин, бүгүн өзүнүн алдында, айтаар сөзү оозунан түшүп, кечирим берээр бекен, же калка болуп ырайым кылаар бекен? – деп аргасы куруп турганын көрүп:

– Сен эсирдиң эле. Ушуну көрмөксүң. Акы жеген кандай болот экен? – деп табалаганга, өзүнө ушунча укук берген, колдогон кеңеш өкмөткө ыраазы болуп, кандай гана иш болсун аткарууга белсенип турду. Аны көрүп билип турган ары кыраакы, ары куу бий, байлар:

– Сага гана күн түшүргөн өкмөтүңдү да, анын саясатын да, жада калса өзүңдү да урдум! Менде да, бир мүмкүнчүлүк болуп

калса, азабыңды гана колуңа бербесем. Бир сен үчүн сен аркылуу өкмөтүң үчүн каршылыгымды көрсөтүп, өчүмдү алам! – деп коluна түкүрүп, кекенип тургандар үчүн басмачылардын чыгышы ого эле чоң ишенич болду.

– Меним таламымды талашып, жаңы бийликти таанығысы келбегендерди алымын жетишинче колдоюн деп, алардан ат-тонун, азык-оокатын аябады. Бирок, анча убакыт өтпөй, ишенген басмачылары:

– Сен үчүн күрөшүп жатабыз. Бизге согушканга курал, минге улоо, кийгенге тон керек. Бер! Бербесең тоноп, талап алабыз! – дешип, короосундагы малын, үйүндөгү мүлкүн алып кетишти. Жаңы бийликке баш паанек кылайын десе, басмачылардан, аларга кошулайын десе жаңы бийликтен жалтанып, ара жолдо калышкандар, эптеп бир арга табуунун жолун издешти.

Андайлар Анжиян, Ош аймактарында гана эмес, Арпанын Ат-Башы, Нарын, Тогуз-Торо, Ак-Талаа, Кочкор, Ысык-Көл, Жумгал ж.б аймактарында да бар эле. Көбү элге өтүмдүү, ары калыс, акылман казынын тамырын тартканы өкүлдөрүн жибериштиАндайлардын бири Ат-Башы аймагынын Кошой айылынан келген болчу. Көптөн бери катташып, алыш-бериш кылып жүргөн Керималынын бир тууган кайниси Дыйканбай уулу Жунус эле.

Сынчы казы жигитти бир көргөндө жактырып калды. Ары кичи пейил, адамга жугумдуу, бир сырдуу жигит көрүндү. Көп адам менен көрүшүп, көбүнүн сырын тартып, сыноого алган казыга Жунустун калп айтууга көнбөгөн, сырды ичине ката билген, сурамай сайын ашыкча сөз сүйлөбөгөн, ары салмактуу, колго алган ишин так аткарган мүнөзү жакты. Көп сындан өткөрүп, ишеничи артканда гана жан жигит кылып жанына тартты. Ал да казынын ар кандай татаал тапшырмаларын так аткарып, кыйын кезек, тар жол, тайгак кечүүлөрдө сыналды. Кайра тартпаган тайманбас мүнөздөгү Жунуска жумшак пейилдүү казы ыраазы боло, ички сырын жашырбады.

Бир жерден, экинчи жайга барганда казы ыңгайлашып отурарга, же жайлашып жатарга өзүнө ыңгайлуу жерди тандабады. Баягы байлыгына салып, «жумшак орун болсун» дебеди.

– Казым, жалаң жерде суук тийбесин. Алдыңызга сыз өтпөсүн, – деген Жунуска:

– Казабатка баш койгон соң, жанымдын тынчын ойломок белем. Суук тийет, сыз өтөт, – деген киши казабатка аттанбайт. Бул ишке жандан кечкен адам гана барат.

Казы жигиттерине:

– Талаа-түздө жүргөн бизге жерибиз төшөнчү, асманыбыз жамынчы. Ден соолукту чың алып, ар кандай шартка көнүгүшүбүз керек, – дечү.

– Ысык жан. Сыз өткөрбөскө, суу тийгизбеске өзүбүз кам көрбөсөк, талаа-түздө ким камкордук көрөт, – деген Жунус казыны түнү уктабай, күндүзү жанынан чыкпай, дайыма кайтарууга алды.

Алыстагы Тогуз-Тородогу саяктардан Чолук, ак-талаалык Касымбек, Ат-башылык Абдылда, чериктерден Кулгун, моңолдордон Турсун, Сүйүндүк, азыктардан Абдыямат, Эсенкул, Амангул, Максут, Жанболот, Ногойбай, Ыбрай, Базаркан, Казыбек казалчы, жумгалдык саяктардан Көкүмбай менен Курмандык тукумдары, Сары-Өзөн Чүйдөн Жангарач менен Байтиктин балдары кабар жолдошуп:

– Айтсын, жардам берели. Тамак-аш, курал-жарактан жардам берели. Колдоо көрсөтөлү. Болбосо, бир күндү болжоп, баарыбыз жаңы өкмөткө каршы чыгалы, – дешсе:

– Элди козутуп, бүлгүнгө салбагыла. Биз жардамга муктаж эмеспиз. Бир үйдүн жарыгы экинчи үйгө тийбейт. Байланышабыз бардыгы билинсе, балээге кабыласыңар, силерге ыраазыбыз, – деп жооп берди казы.

Ыксыз шектенип, көзөмөлдөөгө көп көңүл бөлгөн өкмөткө бул аракеттердин баары, түгөлү менен жетип турду. Келген-кеткендер кимдер экендигин айкындашып аларды колго түшүрүүнүн аракети атайлап уюштурулду. Аңдууга астейдил киришкендерди сезген казы колун Кара-Шоро, Кептеш, Арпа, Сөөк ашуулары тарапка алып кетти. Убакытты узартпай, кошууну менен колго түшүрүү чаралары изделип жатты.

Ат-Башылык чериктер аңдуунун азабына чыдашпады. Токо, Шеке деген адамдарды өздөрүнө жетекчи шайлашып, Ат-Башыга карай жүрүшкө чыгышты.

Нааразылык көрсөткөндөрдү экинчи баш көтөргүс кылалы деген жаңы бийлик, аларды курал-жарак, ок менен тосушту. Жазага кабылган качкындар үй-жайына, өрүштөгү малына карашпай, эптеп аман калуунун камында казандагы кайнаган этине, сабадагы кымызына, үй-бүлө, бала-чакаларына кылчая алышпады. Атадан-бала, агадан-ини, эжеден-синди адашты. Пулеметтун жамгырдай жааган огуна кабылган топ, алапайларын таппай Торугарт ашуусун ашып, Кашкар тарапка карай качышты.

Үркөн элди Ат-Башы, Бурана, Чот, Торугарт, Ак-Бейиттен бөлөк, Арпа, Ак-Сай аймактарындагы чек арачылар тосууга үлгүрө алышпады. Айласы кеткен Ат-Башынын жетекчилери, НКВДнын башчылары борборго кабарлоого араң жетишишти. Борбор Алайкуу, Алай аймактарындагы чек ара тосмолоруна шашылыш кабар беришип:

Чукул тоо жолдору менен кыска убакыт аралыгында үркөн элди Кашкарга өткөрбөй тосуп, токтотууну уюштурууга буйрук беришти .

Буйрук токтоосуз ишке ашырылды. Узак жол басып, ары качка, кезерген чарчап-чаалыккан элге ырайым кылбастан мыкаачылык менен пулеметтун огуна бөлөштү. Аман калгандарды кыркалекей тизишип, чоң-кичинесине, аял-эркегине карабай, жапырт атып, кырып жок кылышты. Арасында өлгөндөрдүн алдына басылып калган ажалы жок, балдар гана тирүү калышты. Аны укkан казынын ишеничи андан бетер төгүндөлдү.

Казынын тобун биротоло жок кылууга, командалык топтун жетекчиси Павел Васильевич Вахалов баш болгон эки пулемету бар, мылтык, гранаталарды алган курамында 23 курсант аскер эскадрону Ак-Сай, Арпа аймагына келишти. Кыргыз кавалериялык атчандар дивизиясы Ак-Бейитке жетип, андан Кашка-Суу чек ара заставасы тараптан өтүп, Ак-Сай, Арпа өрөөнүндөгү казынын тобуна каршы ок чыгарышты.

Күтүүсүз каршылыкка кабылган топ, ала жүргөн мүлктөрүн жана окко учкан бир топ шериктерин таштай качууга аргасыз болушту. Кармашта кызыл аскерлер тарабынан бир чек арачы каза болду.

Казы аман-эсен бир аз тобу менен чек арага билинбей, ар жакка өтүп кетти.

* * *

– Эски Кашкар аймагындагы чоң аброй меники. Сырттан качып-бозуп, басмачы аталып келген бай, бийлер, ууру-кескилер менден өтүп каякка бармак? Убактылуу болсо да, бийлик тизгинин колго алып, катуурааак кармап, көп эле буларга сырымы алдырбайын, – деген тариздеги казыны көргөндөр анын кимдигин билүүгө кызыктар. Эртели-кеч сынын бузбай, ак селде чалынып, ак тондун көкүрөгүн кенен ачып, этектерин делбектете, атырылган боз жоргонун тизгинин тартпай ыгына коюп, тар көчөнү өзү гана ээлеп өтүп бара аткан адамды маңдайдан чыга калгандар ордунда токтоп, ал узап кеткенче ары суктана, ары таңдана карашат.

– Келбети келишкен, сынына чыккан бул адам жөн адам эмес. Мазар-машайык, олуялардын назарына илинип, колдогону бардай. Ылайыгы келсе, батасын алсак. Карманган ишибиздин жолу ачылгыдай, – дешип, айрымдары таазим кыла ийилишкени казыга да жага берип, башын ийкеген болуп «зуу» эте өтө берет.

Жакынкы колу-коңшулары жолуга калганда ары сыпаа, ары жайдары, жумшак ал-абал сурашып, бирдей мамиле кылышы анын кичи пейил, жөнөкөйлүгүн айгинелечү. Коңшулардын ага болгон «баасы», биринен-бирине өтүп, казы ошол аймактагыларга ыйыктай сезилип калган эле.

* * *

Адинин Кашкарга келип жайгашканынан көп өтпөй, элдин көңүлү эми ага бурулганы улам билине баштады. Аз эле убакыт болбой Осмонали пашаа баш болгон топтогулар, Адинин сөзүн сүйлөп, заматта аны жетекчи кылып көтөрүп алышты. Буга чейин Кашкардагы жергиликтүү уйгур, дунгандардын өктөмдүгү бир топ бааланат эле. Ади келгенден тартып өкүмдарликти ал өзүнө ыйгарып алгандай болуп, эч кимге сыр бербейт эле. Анын айтканы-дегени заматта аткарылышынан улам, сырттан келгендер да ага жан тарта дарт-сырларын айтчу.

Туулган жеринен качып, Кашкардан баш паанек издегендерди жаңы өкмөт эч бир кечирбейт эле. Алардын көпчүлүгү, элди эзип, акысын бербей байыгандар. Карапайым калкты зордук-зомбулук кылып талап-тоногондор. Улуу-кичүүнү өлтүрүп, өрттөп, жасаган кылмыш күнөөлөрү ого эле ашкан көз боёмочу, ууру-кески, элге жек көрүндү чыныгы күнөөкөрлөр болчу. Алардын арасында Ташбай, Гиди, Жусупжан, Көлөң корбашылар топтоп болушуп, көпчүлүктөн сырттап жүрүшчү.

Аларга окшогондорду эл алдына алып келип, айыптарын моюндарына коюшуп, күнөөлөрүнүн бетин ачыш керек эле. Кордукту көрүп, азапты тартып, кайгыга баткандарды кыйнагандар жашай бериши керек беле?

Жо-ок. Жакшылык да, жамандык да, баасын алышы керек. Жашоо мыйзамы ушундай. Андан эч ким кутулган эмес, кутула да албайт.

Жаңы өкмөт, жаш саясатты колдоп, элге ак кызмат кылгысы келгендерди тандап, ыктыярдуу отряддарды түзүүнү колго алды. Аларга качып, барган басмачыларды тазалап жоюу тапшырмасы берилди. Жалаң эле ууру, баш кесерлерден, башка басмачылардын, бийлердин кур убадасына алданган, карапайым калктын өкүлдөрүнө өз жерине, тууган-урук, үй-жайларына кайтаруу иштерин аткаруу көрсөтмөлөрү берилди.

Арыган аттарды минген, эски-куску кийимчен, начар куралдарды алган ыктыярдуу топтор (партизандар) чек аралардын «эч кимге билинбей», бөлүнүп-бөлүнүп өтүштү. Жаңы топ мурдагы качып барган басмачылардын калдыгындай болушуп, тоо-тоонун, ээн-талаа, токойлордун ичин байырлашты. Качкындардай тоо-ташты мекендешип, тоо тараптагы кыргыз айылдарынын эсебинен күн өткөрүштү. «Басмачылар өңдөнүшүп», мурда баргандардын топторуна аралашып, күнөөсү жок ээрчип баргандар арасында үгүт жүргүзүшүп, туулган жерлерине кайтууга жардам беришти. Кылмышкер аталган «кара тизмедегилердин» көздөрүн тазалашты. Ал эми уруу-кескилерге кошулбай, өздөрүн таза кармап, сүрмө топ менен барып калган адамдарды өздөрүнө коштуруп алышып, күнөөсүн жашырып жүргөндөрдүн бетин ачышты.

Ууру-кески, каракчы, адам өлтүргөн күнөөкөрлөрдүн артынан сая түшүшүп, биротоло жок кылуу канчалык колго алынганы менен Кытай, Ооганстандагы басмачылардын калдыктарынын биригишип Англия өндүү империалисттик бийликтердин

колдоосуна таянышты. Жаш Совет өкмөтү аларды жактырбады. Өлкө коопсуздугуна коркунуч келтирүүчүлөрдү жакындатпоого карата Чыгыш чек араны чыңдоого өзгөчө көңүл бурулду.

Так ошол мезгилде Кытайда граждандык согуш күч алып, баш-аламан кагылышуулар өкүм сүрүп турган. Борбордук бийлик өлкөнүн бардык аймактарын башкармак тургай, көзөмөлдүк жүргүзүүгө жетише албаган чагы болчу. Чет өлкөлөрдүн таасири аябай күчөп, Кытай, Англия, Америка, Япония сыяктуу ири капиталисттик мамлекеттер менен Совет өкмөтүнүн Кашкар аймагы, өз ара тирешүү майданына айланды. Жаатташкандар түрк мусулман калктары мекендеген, ары аймагы кенен, табигый байлыктарга бай, стратегиялык мааниси өзгөчө орунда турган чыгыш Түркстанга өздөрүнүн таасирин орнотууга шашылыш, болгон күчтөрүн үрөп жатышкан. Атаандаштар үчүн айрыкча бул аймакты ээлеп жаңыдан түптөлүп келе жаткан болшевиктердин тандап алган багытынан тайдырууга болгон аракет, Совет өкмөтүнүн жүрөгүнө кол салганга барабар эле.

* * *

Совет өкмөтүнөн көңүлү калган казы Кашкарды биротоло мекен кылууну көздөп, үй-бүлөсүн, кийинки аялын балдары менен алдырган болчу. Жергиликтүүлөр арасында үй бүлөсү айкын таанылып калган кезде, Адинин адинен ашканы эл арасында ууду болуп кетти. Бир күнү Адини көргөн аялы казыга:

– Баягыда сиз бул тарапка өткөн кезде, ушул киши барып, бизге кордук көрсөткөн болчу деп, казы билбеген окуяларды айтып берди. Казынын Адиге болгон жек көрүүсү андан бетер артып, анын көзүн тазалоонун жолун издей баштады.

Казыда баягыдай сөөлөт болгону менен ичи уйгу-туйгу. Партизан аталгандар келип билинтпей бирөөлөрдүн көзүн тазалап, бирөөлөрдүн эч кандай коопсуз эле, чек арадан өткөрүп жатышын ичинен сезип, бирөөлөрдүн сөзүнөн туюп жатты. Канткенде да эси-дарты туулуп өскөн жеринде. Аны ойлогон сайын жүрөгү сайгылашып, санаасы санга бөлүнөт. Канткенде өзүнүн тынч конушунан кууп чыккандар менен бир таймашып, кетпес кегин, өчпөс өчүн, алгысы келет. Кайра сабыр келтирип:

– Кекчилдин мусулманчылыкка жатпайт деп өзүн сооротот. Бирок, туулган эл жерден ажыроого, бөтөн жердеги саат сайын боло калчу коркунуч, анын жанын кыйнап, жөн отургузбады.

Дөөлөттүү учурун ойлоп, ичи туз куйгандай ачышып, жаны жай албады. Өрттөнгөн өзөк канткенде басылат?

Кайрылып, бир баруу бүтүмүнө келди.

Жаңы бийлик келип, жаңы жетекчи жаңыча иш жүргүзө баштады. Ал баягындай эски Кашкар, жаңы Кашкар шаарында-гы бийликтегилерди теңине албады. Өзү билемдиги менен өзүнүн саясатын жүргүздү. Кыргыз, уйгур, дунган, деп бөлүнүү жок. Жалаң кытайлар баш көтөргөндөрдүн жазасын берип, сураксыз атып жоготуу башталып, бирин-бири акмалоо, оозунган утчу учур келди.

– Жамандык ушунун гана колунан келет, – деп күмөн санагандардын ойлору бириге калды

– Казым, Ади адинен ашып, күнөөсү өз боюна чак келбей калды.

– Эмне деп күнөөлөп, эмне деген жазаны коймоксуңар?

– Күндөн-күнгө аралыгында улам төшөк жаңыртып, никелүү да, никесиз да катын алып, мусулманчылыкка сыйбаган күнөөгө батты.

– Паша болуп турган убагынан берки кылыгы адинен ашты.

– Учурунда эмнеге айтпадыңар?

– Учурунда айтканга биз эмес, сиз да даабай жүрбөдүңүзбү?

– Анын күнөөсүн моюнга коюп, аныктай тургандар барбы?

– Бар, таксыр! Мына мен, аркы дүйнө, берки дүйнөдөгү досу катары күнөөсүн мойнуна коюп берем.

– Аны Ади дейт. Сен экөөбүзгө моюн бербейт.

– Таксыр учуру дал келип турат. Мындан кийин кармай албай бармак тиштеп калабыз.

– Баякы убада боюнча, бизге Райимжанды кошуп бериңиз? Калганын көрөбүз?

* * *

Басмачылардын чек арадан өткөнүн Кытай акимдери көрмөксөн болуп жүрүштү. Анын себеби «оңой олжо, ободой тартуу» алардын көзүн тосуп, оозун бүтөп жаткан.

«Жаныбекти жок кылуу үчүн чек арадан советтик отряды өткөрүү жөнүндө» советтиктердин Кашкардагы консулдугу аркылуу Синьцзян Кытай акимдерине берилген сунуш келди. Ага жооп болбогон соң, мамилелеш өлкө катары өздөрү колго түшүрүп берүүсү, же биргелешип кармоо маселеси коюлду. Кытай акимдери ага макулдуктарын билдиримиш болуп, ар кандай шылтоолорду айтышып, күн өткөрүп жатты.

Аңгыча 1929-жылы 9-августта Сопу-Коргондон чыгып, Эркеч-Там аркылуу Кашкарга өтүп келген советтик соода кербени чек арадан алысыраак жайда таланып, экинчи кербенге кол салуу болду.

Кашкардагы Союздун консулунун нааразылыгын Кашкар губернатору Ма-Шао-У өзү кабыл алып, чара көрүлөөрүн билдиргени менен Жаныбекти сактап калууга, тилмечи менен Жаныбекке өзү келди. Ал кезде казы убактылуу Улуу-Чатта турган.

– Совет өкмөтү катуу талап коюп жатат. Таланып алынган мүлктү кайтаруу керек, – деди Ма-Шао.

– Көпчүлүк талаган мүлктү кантип изине кое алабыз, таксыр? Жолун өзүңүз табарсыз? – деди, алтын салынган баштыкты анын алдына акырын жылдырган Жаныбек.

– Андай болсо куралды тапшырып, Кытай адамы болуп өтүп алыңыз! Эгер мындай болбосо, акыбалыңыз өтө эле жаман болуп калат.

Бул сунуш Жаныбекке оор тийди. Кулагы тунжурап, көздөрү караңгылады. Андай болгондо, мурунтан берки сөөлөтүнөн да, дөөлөтүнөн да ажырайбы? Өзүнүн жообун күтүп турган кытай доотайынын талабына макул болбоско арга жок эле.

– Мейли, чыгымды кайтартып бергизейин.

– Куралды таштап, кытай адамы болууга эмне дейсиз?

– Жигиттер менен кеңешип көрөйүн, – деп Жаныбек ээрдин тиштене убада берген болду.

– Жообун тез билдириңиз! – деген доотай тилмечин калтырып, өзү кайра тартты.

Жаныбектин жигиттери кытай адамы болуп өтүүгө, куралдарды тапшырууга бир добуштан ынашкан жок. Тилмеч доотайга сөздү жеткиргени менен ал эч кандай чара көргөн жок.

* * *

Башынан шаан-шөкөт менен жүрүүгө көнүп калган Жаныбек ары-бери бастырганда да Кашкардагы басыздардан топтолгон бир топ жан-жөкөрлөрүн ээрчитип, сөөлөтүн бузган жок. Ат кошчулары бир чети анын жан сакчылары болсо, экинчи тарабынан жакын кеңешчилери. Дүйнөнү дүңгүрөткөн англис мамлекетинин укугу чоң өкүлү ага көңүл бөлүп, чакырып, же өзү аттанып келип кол бериши көргөн, укандарды таң калтырды.

– Жаныбек казынын жөлөмөлөрү бары чын окшойт. Бир кездеде орустар аны ого эле көтөрмөлөдү эле. Эми англичандар кастарлап калышы жөн жерден эмес. Дагы эле болсо бийликтин төбөсүндөгү казы, жерге түшө элек тура? – деген шыбыр-күбүрдү байкаган казы, көп эл турган жайды аралай, ээр үстүндө этегин жайып, бой сымбаты келишкен боз жоргонун үстүндө чалкалай отуруп, анда-санда маңдайдан чыга калгандарга баш ийкемиш болуп, ары-бери өтөт.

Динчил элге «касиеттүү», «колдоочусу бар» деген аңыз катуу таасир эткенден улам, аны тааныган-тааныбаган адамдар да колдорун көкүрөккө ала, ийиле калуулары башкалардын гана эмес, Жаныбектин өзүнө жагымдуу сезилчү.

Жаныбектин мурдагы «кытай-совет» соодасын жүргүзүп жүргөндө тапкан достору англис консулундагыларды колго алышты. «Жаныбекти кармап, совет өкмөтүнө өткөрүп берүүнү жокко чыгарууну» суранышты. Ал кытай акимдери менен «убакытты созууну» макулдашты.

Жаныбектин ыктыярдуу түрдө багынып беришин Ош округу боюнча погранзаставасынын коменданты Ерохин ортого киши салып, кат жөнөттү. Келген кабар анын тынчын алды. Дал ошол мезгилде англис консулу Жаныбекти Кашкарга чакырды.

Жаныбекти биргелешип кармоо, чек арадан отряд өткөрүү маселеси коюлгандан кийин Синьцзянь провинциясынын башкаруучусу Кашкар доотайына шифр менен берген жашыруун маалыматты совет чалгынчылары кармап алышты.

«Өтө жашыруун.

Телеграмма

Телеграмманы алтысында алдым. Союз бандиттерди жок кылуу үчүн кытай аймагына отряд жиберүүнү сунуш кылды. Бул Кытайдын суверенитетин бузуу менен чек арада тополоң чыгарарынан улам четке кагылат.

Жаныбекти жок кылмайынча иш тынбагыдай. Бул маселе ырбап, чоң кагылышууга айланып, аны жөнгө салыш кыйын болуп калышы мүмкүн экендиги эске алынып, Синь Чжен-чжан бир жагынан биз тараптан басмачыны жок кылууга отряд жиберилгенин айтып совконсулдун сунушун сыпаа кайтарып коюуну сизге сунуш кылам.

Жаныбекти биргелешкен совет-кытай отрядына кармалып калбасы үчүн тез арада кытай аймагынан чыгып, бир жакка кетип калуусун ишенимдүү кыргыз таап оозеки айттырыңыз. Кеңешке кулак какпаса, аны жок кылууга бизди мажбур кылаарын, ал өлүмдөн качып кутула албасын эскертсин!

Тапшырма кагаз бетине түшпөсүн, тымызын жүзөгө ашырылышына олуттуу көңүл буруңуз! Кокустан кагазга жазылып, документ катары совет тарабынан колуна тийип калса, аягы жаңжалга айланат.

Баары ойлонулуп, так аткарылсын. Цзинь Шу-Жень.11.01.1930-ж.»

Жаныбекти сактап, совет өкмөтүнүн колуна түшпөөсүнө шарт түзүшкөн кытай акимдеринин эки жүздүүлүгү билинди.

* * *

«Синь Чжень-Чжан мырза!

Кытай акимдеринин Жаныбекти кармоого эч аракет кылбай, кайра түздөн-түз көмөк берип жаткандыгы жөнүндө менин бир нече жолку протестиме карабай, ушул күндө да Жаныбек Кашкар аймагында сый көрүп, жашап жүрөт.

Дагы бир мертебе өтө кескин мүнөздө Сизге билдирүү жасап отурам. Кытай акимдеринин күнөөсү боюнча пайда болгон чек арадагы абал мындан ары да улантыла берүүгө болбойт. Ал СССР менен Синьцзян ортосундагы боло келген алакага залакасы тийет. Ошондуктан совет өкмөтүн Кытай территориясында Жаныбекти жашырып жүрө берүүгө жол койбоо үчүн айрыкча чечкиндүү кадам жасоого мажбурлайт.

СССРдин Кашкардагы Генконсулу Постников 4.02.1930»

«Постников Мырза!

Биз тараптан Жаныбекти жок кылыш үчүн аскер жиберилген. Бирок чек аранын узундугунан жана кайтаруу кыйынчылыгынан шайканын жолун тосо алышпай жатат. Совет тарабы дале алардын совет чегине өтүп баруусун тыйып кое албаган сыяктуу. Биздин аскер бандиттердин турган жерин аныктаган кабар алаары замат жүрүш кылат. Бирок, бандиттер өтө ыкчамдыгы менен дароо көздөн далдоолонушуп, тескерисинче аскер артка кайтары менен пайда болуп калышат. Ошондуктан Кытай тарабы толук жеңишти убада кыла албайт.

Ма Шао-У 27.2.1930-ж»

Жаныбекти жок кылуудан Кытай акимдери баш тартышты. Бирок, НКИД ВОСТОЧНЫЙ ОТДЕЛ консул аркылуу катуу талап койду. Жаныбекти кармоого Синьцзянь провинциясынын башкаруучусу кантсе да аргасыз болду. Совет өкмөтүнө өткөрүп берүү маселесине келгенде англис консулу кийлигишип, Жаныбекти атайын бир взвод аскерге кайтартып, Котон шаарына ар түркүн шылтоолор менен 1930-жылдын этегинде жылдырышты.

* * *

Тээ замандан бери «Улуу жибек жолу», «Кытайдын кербен жолу» аталып келген атактуу соода жолу ушул Кытайдан-Синьцзян, анан Орто Азияга, андан Орусиянын ички шаарларына өтүп кетчү узун жол. Ал кан тамырдай болуп Чыгыштан-батышка, түндүктөн-түштүккө агып турат. Илгертен нукка түшүп калган соода баягы калыбынан танган жок. Аска-зоолорду аралап, чөлдөрдү кезип, тынымсыз аккан суудай токтоболу. Берки эле Кашкар менен Кулжадан, Үрүмчү менен Турпандан алган жүк Орто Азияга-Ферганага, анан кайра эле Синьцзянга айланып агылып турду.

Миңдеген ат-төөнүн жүгү кербен башылардын көзөмөлүндө мелжеген жайга барат. Алтын акчага, же асыл буюмга алмашты-

рылып эсебин тапкандарга эчендеген пайда алып келет. Кербендин шылтоосу менен не деген гана буюм-тайымдар өткөрүлүп, кара башыл адамдан тартып, ийне көзүндөй иймейген буюмга дейре издеген нерсе табыла берет. Эң негизгиси эле кардар. Кардар кааласа кар, зар болсо, зер да келтирилет. Болгону убакыт керек. Кербенге керек-жарак, ат-төөгө токулга, жип-аркан сатып алуу шылтоосун бетке туткан соодагерлер эл арасынан өтө керек дүнүйөнү ичмектеп билишип, айрым жерде катылган алтын менен гаухарды, а тиги Синьцзянь тарапка, алтындан кем турбас марал мүйүзүн жең ичинен жашырып алып келишет.

Орусия менен Улуу Британия Орто Азиядагы ээлик кылууга мурдатан эле атаандашкан саясатынан улам согуш оту бир топко чейин алоолоп келди. Бирок Орусия чапчаңдык кылып, бүтүндөй аймакты ээлеп, колонияга айландырган чакта да, Англия жутунганын койбоду. Ар тараптан тыңчыларын жөнөтүп дүйнө жүзүнө Орусияны жаман аттуу кылуудан тартынган жок. Акырында Октябрь революциясы жеңген чакта да, граждандык согуштун пайда болушуна Англия активдүү аракеттерди жүргүзүп, Түркияны, Ооганды шыкактап, Орусиянын кубатын кетирип, алсыздандырууга күч үрөдү. Совет өкмөтүнүн алгачкы жылдардагы Орто Азияга большевиктердин басмачылык аракети кийин жергиликтүүлөрдүн каршылык көрсөтүү кыймылына айланып, «мыкаачы, каракчы, басмачы» аталды. Алардын арасындагы эл-жерди, динди, каада-салттарды астейдил сактоого, аны коргоого берилген мекенчилдер – эл душманы, эркиндикти, биримдикти көрө албастар катары сүрөттөлдү.

Кашкардагы Англиянын консулу катуу аракеттенип жатты. Анын ар бир жасаган иши Улуу Британиянын көзөмөлүндө болду.

– Кытайга жанаша турган Түркстанга колубуз жетип турат. Алар ислам динин ыйык туткан мусулмандар, биздин айтканыбызды так аткарууга дайым даяр. Кытай тараптагы да, Совет өкмөтү тараптагы да мусулмандарды колго алып, биздин королдук бийликке карап бере турган кадимки мусулман халифатын түзүү тапшырмасы башкы планга коюлуу керек! Мына ушул милдетти аткарганда гана Совет бийлигине каршы түзүлгөн аракетиби аткарылат. Ал үчүн өтө кылдаттык менен терең ойлонуп иш алып баруу зарыл. Анын жолдорун издегиле, изденгиле! – деген Лондондун тапшырмасы консулдагылардын күнү-түнү тынчын алды.

Кытайдагы коогалуу окуялар да алоолоп бараткан. Япония Манчжурияны басып кирип, Кытайдын төрүн карай умтулуп жаткан чакта Кытай коммунисттеринин таасири да күч алып, Кытайдын провинциялары биринин артынан бири кызылдардын таасирине өтүп баратты. Улам өрттөй алоолонуп бараткан абалдан гомендандык бийлик да, Чан Кайшинин өзү да сактанып, үрөйү учуп турду. Алапайын таппай гомендан армиясы коммунисттерге каршылыгын көрсөтүп, чабуулга чыкты.

Түркстандагы бийлик ээлеринин өкмөткө каршы көтөрүлүшүн япондуктар пайдаланып, мусулмандар жердеген Синьцзянь провинциясын каратып алуу максатында Япониянын агенти генерал Маджуин Гансю провинциясындагы калың колун Синьцзянга киргизди. Синьцзянь Англияга түмөндөгөн байлыгы жагынан гана эмес, Советтик Орусияны алсыратуунун эң сонун буктурмасы болгондуктан, аны колдон чыгарбоого өтө катуу киришти. Эгер Синьцзянды колдон алдыра турган болсо Улуу Британия сызга отуруп калмак. Аны айкын түшүнгөн Англия өзүнүн кызыкчылыгына кызмат кылдырууга Синьцзяндагы феодалдарды анда турган Маджуинге каршы кайрап жатты.

Буга чейин Англия Советтик Түркстанды чалгындоого өзгөчө көңүл бурган болчу. Бирок алардын чалгынчыларынын жолу болбой не бир кыйын деген агенттеринен кол жууду. Советтик чалгынчылар алардын көбүн колго түшүргөндүктөн, жашыруун аракеттеринин бети ачылып калды. Калпыстык кадамынан сабак алган Англия башкача багытты тандап алды. Себеби, большевиктик бийлик жер-суу реформасын Советтик Түркстандын түндүк тарабында 1922-23-жылдары жүргүзүп, жер-сууну ортолоштурган. Эми түштүк тарабындагылардын жерин 1927-28-жылдары колго алып, жалпы элди колхоздоштурууну жүргүзө баштады.

Совет аталган өлкөдөгү күнүмдүк өзгөрүүлөрдү кылдат байкап турган чет өлкөлүк чалгынчылардын билдирүүлөрүнөн жер-суу реформасына, айрыкча колхоздоштурууга каршы чыгышкан

кишилердин көтөрүлүшүнөн улам, советтик Түркстанда абал күн сайын курчуп, айрым жерлерде кадимкидей кандуу кагылышуулардын болушу бир эле Англияны эмес, Совет бийлигин көрө албаган башка дагы чет өлкөлүктөрдү кубандырды. Алар байлыгы мол Түркстанды колдон чыгарбоого бардык күчтөрүн жумшап жатышты.

Түркстан калкынын көбү мусулмандар. Большевиктердин саясаты исламдын саясаты менен келишпейт. Динге берилген эл. Исламды большевиктерге сунулган кылыч катары пайдалангысы келген Англия өз максатына жалаң эшен, кожо, молдолор аркылуу жетүүнү көздөдү. Кашкарга вице-консул болуп дайындалган күндөн баштап майор Кэйплтон мындан мурда Кашкарга келип, мына ушул ишти жөнгө сала албай шылдың өлүмгө кабылган подполковник Эсертондун кемчилигин кайталабаска аракеттенип, жаңы иштелип чыгылган план боюнча Синьцзяндагы мусулмандар арасында пайгамбардай ардакталып, ыйык аталып келген, куранды, шариятты жатка билген адамдарды өзүнө тарта баштады.

Мурдатан эле тизмеге илинип, эчен тапшырмаларды аткарып жүргөн агенттер аймакта саналуу гана болчу. Алар менен биргелешип иштөөнүн максаты мусулмандарды орустарга каршы тукуруп, эл арасына өрт коюу. Совет тарабынан качып келип, кайра өтүп турган ислам жамааты, дал ошол тапшырманы ишке ашырмак. Ал үчүн чектен өтүп, Синьцзянь тарабына келген мусулмандарды, жакын тартып, пайдалануу. Алар Совет бийлигине тишин кайраган большевиктердин элдешкис душманы. Советтик Түркстанды Советтик Орусиядан тез арада бөлүү үчүн болушунча каражат: курал-жарак, ок-дары, уу заттарды, дагы-дагы толгон-токой керек-жарактарды аябады.

Лондондон жөнөтүлгөн курал-жарактар Индиядагы Англиянын ишенимдүү адамдары тарабынан кабыл алынып, жашыруун Индостандын түндүк-чыгыш чек арасынан ары Кытайды карай жөнөп, калың кербен кара түн жамынган Кашкарга келди. Андан көп өтпөй эле ишти колго алган майор Кэйплтон Кашкар шаарынын имамы Шейхул-ислам дамулла баш болгон анын ишенимдүү муруттарын өзүнүн кабинетине чогултту.

– Мырзалар! Ушул күнгө чейин жүргүзүлгөн иштин майнабы чыкпай келди. Эми мындан ары, ал маселеге өзгөчө көңүл буруу зарыл. Ар бир иштин жыйынтыгын чыгарууга милдеттүүсүздөр. Акы да ошого жараша төлөнөт. Эгерде иш майнапсыз болсо, ар бириң керт башыңар менен жооп бересиңер! Ар бир аракет Англия королевствосунун көзөмөлүндө турат.

Биргелешкен максатты аткарыш үчүн шашылыш аракетке өтүү керек. Ушул убакыттан баштап, эң бир ишенимдүү мусулмандарга кабар берип, келе турган жумада аларды баш коштурып, мажилис өткөрөсүңөр. Таасирдүү корбашылар баштаган колду Ферганага өткөрүү кечеңдебеш керек. Ушул тапта Ферганын мусулмандары эң кыйын абалда экенин угуп да, көрүп да турасыңар. Жер-суусунан, мал-мүлкүнөн ажыраган мусулмандар тебелендиде калып, кордолуп турат.

Шашуу керек! Советтик орустар тукурган эркектер, ал тургай аялдар да дин исламды, каада-наркты кор кылышты. Аларды жазалап, орустарды өрөөндөн жок кылыш милдетин силерге жүктөймүн. Исламга азаттык алып берүүгө жапа тырмак кириШели! – деп маңдайында отургандарды карады.

– Таксыр! – деди имам, Собол берсек, туура болобу?

– Айтыңыз. Ачык айтыңыз.

– Кулдугум бар, таксыр. Айтканыңызда калет жок. Куда алдында жамы мусулманга, ислам динине, сиздердин паша тирек. Аны биз көрүп-билип турабыз. Илаайим, Алла Таала силерге мээрим төгүп, ырайым этсин. Омийин! – деп, имам жүзүнө бата тартты да, – таксырым, амириңизге кулдук уруп, өзүңүзгө мына бу жагдайды билдириш, биздин милдет. Бирок, Орусия тарабына барган адамдарыбыздын көбү кайтпай калды, курал-жарактан, каржыдан колдоо...

Майор имамдын сөзүн бүтүрбөй жатып, жооп узатты.

– Ишти башташыңарга курал-жарак, каражат канчалык керектелет? Мылтык, пулемет... Анын санын, суммасын айткыла! Тапшырма тыянактуу болсо, ошончо сыймык! Эч токтоосуз баштаңыздар!

* * *

Биринчи дүйнөлүк согуштун катышуучусу болгон Орусия ар тараптан, чабылып чачылды, тукулжурады. Төрт жылдан ашык созулган ал согушта империянын экономикасы болуп көрбөгөндөй бүлүндү. Бардык жайда чарба жүргүзүү өтө төмөндөдү. Согуштук чыгымдардын талаптарын канааттандыруу максатында алык-салыктын түрү жана өлчөмү улам көбөйтүлдү. Натыйжада калкты жокчулук, өлүм-житим каптады. Империянын башкаруудагы чабалдыгынан улам өз калкынын бөлүнүп турганы мурдагыдан да арбын болуп, жөндөмсүздүгү дааналанды. Өлкө курч социалдык-экономикалык жана мамлекеттик-саясий кризиске малынды. Анын натыйжасында падышалык бийлик кулап, бийликке А.Ф.Керенский башында турган буржуазиялык өкмөт келди. Бирок, ал өкмөт калктын турмушун оңдоого, жаңыча жана туруктуу коомдук түзүлүштү орнотууга алсыз экенин көрсөттү.

Калктын азап-тозогу, ачарчылык коркунучу күчөгөндөн күчөдү. Убактылуу өкмөт империяны саясий кризистен алып чыгууда чабал болуп чыкты. Падышалык мезгилде жер-жерлерде бийлик кылышкан төбөлдөр өз орундарында кала беришти. Чет жакадагы улуттарга жүргүзүлүп келген колониялык саясат өзгөрүүсүз калды. Падышалык жеке бийлик кулатылгандан кийин пайда болгон чоң үмүт жакшыртылууга артылган ишеним таш капты. Элде үмүтсүздүк пайда кылды. Калктын бөлүнүп-жарылуусу болуп көрбөгөндөй тереңдеди. Кырдаалды большевиктер билгичтик менен пайдаланып, калктын кыялындагы үмүттү ишке ашырууга багытталган программаларын, ураандарды көтөрүп чыгышты. «Жер дыйкандарга!», «Элге тынчтык!» деген ураандары калың массанын үмүтүн арттырып өзүнө тартып алды.

* * *

Октябрь революциясын ишке ашырган большевиктик саясат жака-белдеги империалисттик мамлекеттерди сестендирди. Ага удаалаш эле жарандык согуштун күч алышы, империяга атаандаш өлкөлөр үчүн Түркстанды бөлүп кетүү, же ал аймакка өз таасирин орнотууга өтө ыңгайлуу шартты түздү. Орто Азия-

га чектеш аймактардагы Кытай, Ооган, Индияны өз өкүмдүгүнө имерип алып, өзүн дүйнө кожоюну сезген Англия болгон аракеттерин жумшап, Орусиянын аракетин бүлүндүрүүгө жан үрөй баштады. Ага жараша Америка да ыңгайлуу учурду колдон чыгаргысы келбей турган чакта, түрк дүйнөсүнүн «эркеси» болгусу келген Түркия бир тараптан аңдып, «улуттук бөштондук, дин эркиндиги» деген демилгечилерди сүрөөнгө алуу шылтоосун бетине тута, колдомуш болуп, өз таасирлерин орнотууга шымалана, шашылыш кирише баштады.

Орто Азия басмачыларынын большевиктик түзүмгө олуттуу кооп туудурган күчкө айланышына дал ошол сырткы күчтөрдүн салымы чоң болду. Адеп чыккандагы антибольшевиктик кыймыл Түркстанда жанданбай, куралдуу күчтөрдүн талкаланышы, аны жетектегендердин чачырай качышынан улам, ойлогон-тилектер орундалбай калды. Бирок, революциянын жеңишинин, большевиктик саясаттын кеңири жайылышын карапайым эл туура түшүнүп колдошу ири империалисттердин ойлорун таш каптырды.

Совет бийлиги «кылгылыкты кылып, кыл жип менен бууп», өз элин талап-тоноп, анча-мынча баш көтөрүп, жаңы бийликке жан тарткандарды өлтүрүп, колу кандуу болгон басмачыларды эч качан кечирбейт эле. Кылмышкерлердин артынан сая түшүп, кылган жазасын мойнуна коюп, биротоло жок кылууга атайын күч курамы жөнөтүлдү. Ага элге аброю бар, ак-караны ажырата билген, тирикарак, ак жүрөк адамдарды тандап, атайлап эки ай окутуп, кандай тапшырмаларды аткара тургандыктарын дайындап, даярдыктан өткөрүштү. Учуру келген чакта, алдын ала сүйлөшкөндөй жашыруун чек арадан өткөрүшүп, иш-аракеттерди кандай аткарып жаткандыктарын байкоого алышты. Бирок, аркадан түшкөн куугунтукка карабай ошол Ооганстандан паанек издеген басмачылардын калдыктары, ууру-кески, эл бузарлар Англия, Түркия өңдүү империалисттердин колдоосуна таянып, чек араны бузуп өтүп, жер-суу, малга ээ болуп, кат-сабатын жоюп, элдик бийликти түптөөгө умтулуп жаткандарга тополоң салууну токтоткон жок. Өлкө коопсуздугуна коркунуч келтирүүчү күчтөрдү жакындатпоо максатында чыгыш чек араны чыңдоого өзгөчө көңүл бурулду.

Ал эми Кытайда граждандык согуш күч алып, баш-аламан кагылышуулар өкүм сүрүп, борбордук бийлик өлкөнүн аймагын түгөл башкармак тургай, көзөмөл жүргүзө албаган абалда болду. Чет мамлекеттердин таасири күч алып, Кытай, Англия, Америка, Япония сыяктуу капиталисттик тараптар менен жаңыдан телчигип келе жаткан социалисттик совет өкмөтү үчүн Кашкар аймагы өз ара тирешүү майданына айланган болчу. Жаатташкандар асыресе түрк мусулман калкы мекендеген ары жери кенен, табигый ресурстарга бай, географиялык стратегиялык мааниси терең, чыгыш Түркстанга өз таасирин орнотууга, же болбосо биротоло ээлеп алууга ач көздүк менен киришип жаткан империалисттик атаандаштардын ээлеп алышы, большевиктик революциянын жеңишинин оожалып өнүгүүгө жаңыдан кадам таштап жаткан жаш бийликтин жүрөгүнө кол салганга барабар болчу.

Жыйырманчы жылдардан баштап Кашкар Фергана аймагынан барган басмачы топторунун уурулук, баш кесерлик кылгандардын баш паанегине айланды. Ал учуда чек ара эки тараптан тең көзөмөлдөнбөй, шарттуу гана чек ара аталган болчу. Мындай шарт Түркстандагы баш кесер уурулар, эл тоногон талоончулар үчүн ыңгайлуу болгон. 1925-жылы гана Кашкардагы жергиликтүү Кытай бийлиги чек арага жакын жайгашкан кыргыздар менен өздөрүнө чек араны көзөмөлдөөгө, күч топтоого макулдашкан. Улуу-Чатта куралган чек арачы отрядка Чыпак казынын уулу Шабдан жетекчи болуп дайындалган. Кийинчерээк Ысакбек Монуев түзгөн топ алардын жолун улап, талап-тоноочуларга каршы иш алып барышкан. Чыпак казы Осмоналы паша, Осмон пашалар чек арадан өтүп келген басмачылар менен ынак, табылгаларына ортоктош эле. Жергиликтүү бийлөөчүлөр өкүмдүктөрүн басмачылардын күчүнө таянып жүргүзгөндүктөн, четтен ооп келген баш кесер, ууру-кески, талоончулар тоскоолдуксуз, ээн-эркин, каалагандай чардап жүрүшкөн. Куралдуу басмачылар Улуу-Чаттын тоолорун турак кылышып, ал тараптагы жергиликтүүлөргө тополоң салып, мал-мүлктөрүн талап-тоношкон.

Эл арасында күнөөлүү саналып, сот жообуна тартылып камалаар алдында башка жактардан өзүнө паана издеген баш кесерлер барган жерлеринде да жөн жүрүшкөн жок. Баягы адатынча карапайым элди тоноп, антибольшевиктик кыймылдын колдоосуна таянып, өзүнүн бир тууган эли-жерине кол салып, бүлүнтүүнүн аракетин самап жүрүштү. Тынч жаткан элге каршы күчтөрдү жок кылууга карата совет өкмөтү тарабынан ыктыярдуу отряддарды же кызыл партизандарды түзүүгө көрсөтмө берилди. Ар айылдагы алдуу-күчтүү активисттер, жетекчилер чакырылып, алдыдагы зор милдеттерди биргеликте аткаруунун жолдору сунуш кылынды. Эл душмандары менен болгон күрөштү биротоло аяктоонун тапшырмалары берилди. Кыска мөөнөттөгү окуулар уюштурулуп, эски-уску кийим берип, начар куралдандырылып, Эркеч-Тамды көздөй жөнөтүлдү. Мурдагы макулдашуулардан улам чек арадан түнү өткөрүштү.

Качып барган басмачылар топтору кайберендин калдыгындай болуп тоо-ташты паанек кылышып, жергиликтүүлөрдүн малын «бөрүдөй талаган болушуп» качып барган басмачылардын көбүн жазалашты. Таанымал басмачылардын көбүнүн көзүн таңалашты. Аларды ээрчип барган бей-бечараларды өздөрүнө кошуп алып, эл-жерине кетүүгө үгүттөштү.

* * *

Фергана аймагында граждандык согуш аяктап, баштагы төңкөрүш калдыктары чет тарапка башпаанек издеп кача баштаган мезгилде Кашкар аймагындагы калктын жашоо-турмушу өтө начар абалда болгон эле. Себеби, коомдук саясий абал туруксуз болуп, татаал окуя улам кайталанып, өлкөгө баш аламандык өкүм сүргөн болчу. Жергиликтүү калкты күндөн-күнгө алсыратып, мүңкүрөткөн абалга жеткирген Шинжанг (Жаңы гоминьдан) Жаңы-чек өкмөтү (1928-жылдар аралыгы) тарабынан Изинь Шужень генерал-губернатор болуп дайындалган эле. Ал бийликти колго алгандан баштап Чыгыш Түркистанда эркиндик, адилеттикти талап кылган улуттук-боштондук кыймылын мууntуп, антисоветтик маанайдагы иштерди күчөтүүгө аракет кыла баштаган. Кашкардагы кыргыздар бир тарабынан гоминьдандык бийликтин кысымында калса, экинчи жагынан басмачы топтордун Фергана аймагынан качып барган калдыктары талоон-

го алып ого эле кыйынчылыкка дуушар болушкан. Ага кошумча туруктуу саясий бийликтин алсыздыгынан тоолук кыргыздар Кашкар шаарынын жарымын басып алышып, өзүнчө мамлекет түзүүгө камдана башташкан. Тагыраак айтканда жергиликтүү элдин арасындагы чоң багыш уруусунун өкүлү Осмоналы басмачылардын жардамы менен Кашкар шаарынын бир бөлүгү болгон эски Кашкарды басып алып, өзүн пааша (падыша) жарыялап, бийликти колго алган болчу.

Дал ошол учурда чек арадан өтүп барган Жаныбек казы кеңешчи, Ади-аскер башы, Чыпак казы-казына башчылык милдетти колго алып, кездемеден акча чыгарып, аз убакытка болсо да, соода жүргүзүүгө колдонушкан. Он беш миңдей кожолуктагы эски Кашкар шаарындагы бийлик ээлери, ошондой эле кожолуктагы жаңы Кашкар шаарындагылар менен атаандаша иш алып барышкан. Эски шаардын калкынын жарымы кыргыз, жарымы уйгур, дунган жана башка уруудагылар болсо, жаңы шаарлардын дээрлик бардыгын дунгандар түзүп, бир шаар экиге бөлүнүп, эки башка бийлик, эки башка өкүмдүгүн жүргүзүшкөн. Эки Кашкардагылар атаандашып, өз алдыларынча аскер түзүшүп, бири-бирине өктөмдүгүн көргөзүшүп, кээде кагылышуудан улам кармашка, таймашууга айланган учурлар да болду.

Бийлик башы Осмон, казына кармаган Чыпак казы делгени менен Ади алардын бийлигин тартып алып, өз өкүмчүлүгүн жүргүзүп турган. Ошол отузунчу жылдарда Чыгыш Түркстанда улуттук-боштондук кыймылы күч алып, генерал губернатор Цзин Шужень кызматтан кетүүгө аргасыз болот. Натыйжада жалпы Үрүмчү, Чыгыш Түркстанда эки өкмөт түзүлүп, Кашкарды англиялыктардын ишенимдүү адамы Сабит дамылда Абдулбакиев Чыгыш Түркстандагы басмачылардын ишин тескеп калат.

* * *

Ади оңой кишилерден эмес. Көрүнүшү бир сырдуу, эч бир жанга моюн сунгусу келбейт. Өзүнүн гана оюн таңуулап, аны аткаруунун артынан түшөт. Бардык ишке көзү жетип турат. Тымпыйышына караганда, анда дагы көп иш бар. Кээде жайдаңдап калат. Анысы куулугубу, же адам сырын билүүгө болгон жасалмалуулугубу, билип болбойт. Бирөөлөрдүн сырын тартып билбеген, укпаган болуп суроо берип, аны унуткарып, кайра башка сөзгө чаргытып тургандыгына караганда, атайын аркадан түшүп, аңдып жүргөндөй. Эмне болсо да, котур ташы койнунда – кой терисин жамынган көк жал.

Анын кызылдарда бир нече жолу туткунда болуп чыккандыгын айтышчу эле. Кызылдардын капканынын жаагы катуу. Бир чапса эч бир жанды бошотпойт делчү эле. Кантип эле алардды жазгырып жүрөт? Кийинкиде катуу жазага кириптер болду. Ошол үчүн Сибирге айдалды.

– Эми келгис болду. Орустун колунан кутула албайт, – дешкен эле.

Кантип аз эле убакытта эсен-соо кайтып калды? Кошо кеткендердин арасынан жалгыз эле Адини кантип бошотуп жибериштиби? Деги кандай болсо да Ади жөн адам эмес. Муну менен абайлап мамиле кылыш керек. Ал кандай эле жердин жети түбүндөгү сүргүндөн Оштун түрмөсүнө которулуп калат? Ошто да аны түрмөдөгүлөргө кошпой, жалгыз камап, кош-коштоп күзөткө алышса, эч жанга билинбей качып чыгат. Кантип, аларды жазгырып кетти экен? Анда да жөн кетпей бир дүкөндү карактап тоноп кетиши атайланган ишпи? Түрмөдөн күзөтчүнү өлтүрүп, куралды кубалап, кантип кармай албай калышты? Макул, карматпай дуу чыкканы кандай? Ага курал кантип тийип калды? Качкынды бекинип качып келди. Бекилген чек арадан кантип өтүп келди? Мейли, ууру жолдор менен өтүп келди дейин. Ушунча күн болду. Кытай менен жакындан алака кылып жаткан Союздагылар ага «издөө салып», «кармап бергиле», – деп эмнеге талап кылбайт?

Бул жерде бир мандем бар. Болгондо да сыр. Уккандын бакшын айландырган, көргөндү таң калдырган бир сыр жатат. Аны эч ким билбейт. Билсе да айтпайт. Болду болбоду чет тарапка ооп кеткен басмачыларды гана эмес мамлекеттик чыккынчыларды, ууру, баш кесер, алдамчыларды кошо жоюу, аны басмачылардын өздөрү аркылуу жасоодо колго түшкөн корбашылардын өздөрүн даярдамак болушкан. Ары тарт, бери тарт болуп, акыры Адини ылайык көрүштү. Сүргүнгө барып сунуш кылышса, ал ойлонбой

макулдугун берди. Аны дароо Оштун түрмөсүнө которушту. Түрмөдөгүлөргө кошпой, жалгыз даярдашты. Акыры даярдык аяктап, Ади бөштондук алды. Ал жөн эле кете бербей күзөтчүнү өлтүрүп, курал-жарагын тоноп, бир дүкөнгө кол салып, шаарга бир күн түнөбөй, эртеси күн кеч киргенде эч кимге билинбей, эч бир жанга көрүнбөй үйүнө келди. Андан чек арадагы өзүнөн башка жан билбеген жол менен өтүп келди. Жалгыз келген жок. Шериктери менен келди. Мунун мойнунда атайын тапшырма бар. Ошону үчүн өзүнө өзү ишенет. Тартыныш оюнда жок. Коркунучту эсине да алып койбойт. Башканы билбейм. Акыры келип менин түбүмө ушул жетип жүрбөсүн!

Чын эле, менин аркама түшүп жүрөбү? Каерге барсам ошол жерден жолуктурам. Дагы эле айбыкпай келип, учурашкан болуп, ал-жайымды сурап коет. Көз айрыбай артымдан тиктегенин далымдан сезем. Кой, муну менен азыртадан эсептешпесем, кийин кеч болуп калбасын! – деп ойлоп тээ бир мезгилдеги окуя эсине келе калды.

Кашкардан Өзгөндөгү үйүнө баратып, Бүлөлүгө келгенде жолдогу жолуккан баланын боюна жарашкан ичигин көрүп, сынамакка сурай кетти. Көңүлүндө кири жок ал, улуу кишинин сөзүн жерге калтырбай, үстүндөгү ичигин чечип бере салган.

Пешим намаз убагы болуп калгандыктан, даарат алууга ыңгайлуу жерге чейин, билмексен болуп бара берейин, – деп, артына карабай атын бастыра берген. Качан Кызыл-Кыргонго келгенде, даарат алып, намазга жыгылды. Аркадан келген Ади өзүн тенсинбей ушунча узак жерге убара кылган казыга ачуусу келип, ичигине казынын сырткы желегин кошо алып, аркасына кайтты.

Азилдин түбү арам, – деп, ачууланган казы желеги үчүн кайрылып жөнөдү.

Кеч күз. Тоо ичи эртели-кеч ызгаар тартып, эл чепкен-чапанын кийип калган. Айыл Сары-Конушка жаңы көчүп келишкен Бопо жалгыз уулунун кийимине астейдил карачу. Анын үстүнө Ади шаардан окуп келип, мезгилге ылайык кийинип, боюна чаң жугузбайт. Кандай кийим кийсе да жарашып, алдыда жолуга калган кыз-келиндерди гана эмес, эркек адамды да суктандырып бир каратат. Ал жаштайынан эле апасы тигип берген кийимдерин этияттап кийип, кастарлап илет. Ары таза, бырыш кирбеген ичигин кийип, коңшу айылга жөө бараткан. Арт тараптан жорголой баскан, жалгыз аттын дүбүртү угулду. Ади кылчая бергенде салт атынын үзөңгүсүн чирене тээп, эликтин шыйрагына кадалган бүлдүркөн камчысын бүктөй кармап, оң санына жөлөй, сол колу менен тизгинди бош кармап, улоосунун кой жорго жүрүшү менен келе жаткан, олбурлуу сакалчан адамды көрүп, жол четине чыга бере токтой калды. Арттан жете келген атчан анын жанына келгенде тизгинди тартпай, жандап өтө береринде улуу кишиден ыйбаа кыла, оң колун көкүрөгүнө ала, башын ийип салам айтты.

Салт атчан жаш немени тоготпогондой, үндөбөй өтүп баратып, анан анын саламын баш ийкей алик ала, үн катпай оозун бүлк эттирип койду да, сынай тиктеди. Ичилигинин этеги делдейип, көкүрөгү ачылган жигитти бир карап:

– И, сагыр? – деди.

– Сагыр эмесмин аба. Атам бар, – деди жигит жай гана.

– Байдын баласысыңбы?

– Атам чарбадар киши.

– Алдагы ичикти кайдан алдың? – деп, жигиттин боюна чак келип, жарашып турган, ары кооз, ары бычымы келишкен ичикке ээк какты.

Өзүн адам катары көрбөй, жогортон атчан келе жатып ичикке көз артып турган жолоочуга жигит таңыркай карап:

– Кайдан алмак элем. Апам тиккен.

– Апаңын колу усулдуу экен. Аты ким? Ким дегендин зайыбы болот?

– Атамдын аты Кожо. Апам Бопо.

– Аткезчи – ууру Кожобу?

Жигит анын сөзүнө териксе да, анысын билдирбей:

– Сиз ким болосуз? – деди.

– Мени билбейсиңби? Жаныбек казы деген мен.

– Уккам. Сизди да аткезчи дешет го? – деди жигит, элдин айтканы эсине түшүп.

– Аткезчиликти атаңа бердим. Менин дүнүйөм өзүмө жетет. Чеч, алдагы ичикти!

Өктөм сүйлөгөн улуу кишиге каяша кылбай жигит үстүндөгү ичикти чече баштаганда, ичиктин жакасы толук кайрылып, ички өңүрү атчанга толук көрүндү.

– Кана, бери бер! – деп жолоочу атын алдыга темине колун сунду.

Жигиттин оюнда арамдыгы жок, айкарасынан аңтарылган ичикти ага узатты. Жолоочу ары жеңил, жумшак ичикти колуна алып, ар тарабынан аткый кармап, ээр каштын үстүнө тура таштай, ат тизгинин бурду.

Тамашалап жатабы – деген таризде жигит аңкая тиктеди. Жолоочу атын теминген боюнча, шарт жүрүп берди.

– Ай, ай! Абаке? – деген жигитке атчан көңүл буруп да койбоду. Жигит анын кылыгына таңдана, ордунда туруп калды. Атын жорголоткон жолоочу заматта маңдайдагы тумшуктан имерилип, карааны көрүнбөй калды. Ошондо гана жигит шыпылдай басып, артынан ээрчий жөнөдү. Адинин кийген ичиги кимди болбосун кызыктырбай койбойт эле. Кожо атып келген карышкырлардын шыйрак, чандырдагы бучкактарын, кулактарын чогултуп, Бопо бокчосуна катып жүргөн. Качан гана уулу чоңойгондо бучкактарды ашатып, күнгө кактап, сүткө жумшартып, бырышкан жерлерин аябай ушалап, кайра-кайра малдын майы менен майлап, бышырып, жумшарткан соң курап, тигип, Кашкардан алынып келинген кара кыжым менен каптап, ичик тиккен. Керегеге илип койсо ичи тышы сеңселип, кыздын кара чачындай сүлкүлдөп, көз жоосун алат. Көргөндүн баары таңыркап, Бопонун чебердигине тамшанып, биринен-бири өтүп, сөз кылышкан.

– Жеңе бул ичикте канча карышкырдын кулагы, бучкактары кураштырылды – деп кыз-келиндер кызыгып сурашса:

– Санын этибарга албай, эптеп кураштырдым, – деп жооп берген Бопо.

– Эптегениңиз ушул болсо, атайлаганыңыз кандай болот, жеңе? – дейт экинчи келин таңдана.

Улам санап, улам жаңылган үчүнчү келин :

– Эки өңүрү менен аркасы эле жүз карышкырдын бучкагына жетип барды, эки колтук, жеңи менен жүз элүүдөй карышкырдыкы бейм?

– Ой-ой. «Мерген акем» ошончону ата калдыбы? – дейт дагы бири.

– Анда карышкырларды үйүр-үйүрү менен эле ата берген окшойт, – дешип, кыз-келиндер ичиктеги бучкактарды зерикпей санашып, ар бирин кынаптап тигип, каршы-терши кылбай тээсин бузбай ийне өткөргөн узга эчени тамшанышкан.

Бопо уулу шаарга барып, окуп келгенге чейин эчен желкесин талытып, көз майын коротуп, ичикти тигип, кара кыжым менен каптаган эле. Окуусун бүтүп келгенде, ырым кылып уулунун мүрүсүнө арткан.

– Карышкырды жырткычтардын сырттаны дешет эл. Эч нерседен жалтанбайт. Күйүп турган чычаланы жакын алып барсаң көзүн ирмебейт. Эч кимге, эч нерсеге боор ачыбаган мыкаачы. Алганына эмес, чалганына кубанган, алты айлык жолго жүрсө да арыбаган, чарчап чаалыгууну билбеген, дилин эч кимге бербеген көк жал аташат. Жортуп жолунан кайтпаган, кайрыла аркага баспаган карышкырдын касиети бар дейт. Көк жалдын касиети сени да колдосун. Ичигиң күзгө жетсин, өзүң жүзгө жет. Бирөөгө мүңкүрөбө, дайым өктөмдүгүңдөн жазба! – деп энеси ырым кылып кийгизген эле.

Анын баарын эсине алган Ади кадамын тездетип, карааңды акмалай келе берди. Ичигин кантип аларын ойлогон да жок. Жолоочу артын кылчая да тиктебеди. Жоргологон атынын ыгына коюп, тизгин какпай, камчы шилтебей, күмүш үзөңгүнү чирене тээп келе жатты. Күн тоолорго кыңкая берип, капчыгайдагы көлөкө күңгөй тарапка жыла берип, бешим убакка жакындап барат-ты. Күң-Электен өтө бергенде жолоочу асманды тиктеп, күндүн нурун болжоду. Кызыл-Коргондогу Аттокурдун тегирменинен өтө бербей атынан түшүп, ат тизгинди ээр кашка ороп, үстүнө үзөңгүнү каңтара илип, чылбырын чоң ташка орой байлады. Өңөрө келген ичке баш кийимин кошо коюп, сууга колун жууп жүзүнө тартып, даарат ала намазга турду. Баятан бери акмалап келген Ади учурду бош кетирбей, шып жетип барып, өз ичигин алып, кайра тартты. Бая адатынча жорто басып, эми маңдайы нымдаша баштаган чакта, үйүнө кирип келди. Бирөөлөр артынан кубалагандай болуп, шашыла келген баласын алыстан көрүп, көңжыйып жаткан Кожо утурлай басты.

– Шашып калыпсың уулум. Тынчылыкпы?

– Тынчылык ата, – деп жооп берип жатып, болгон окуяны атасынан жашырган жок. – Бая жолдо баратсам, Жаныбек казы өтүп баратыптыр. «Ичигиңди бер!» – дегенинен бере койсом, ээр кашына коюп, артына кайрылбай кетти.

– Сурабай-этпей элеби?

– Үндөбөй жолго түштү. Артынан акмалап бардым. Кызыл-Коргонго жеткенде, бешим болуп калып, намазга турганда шап жетип, ичигимди алып, кайта бердим.

– Казы ичигиңе кызыгып калган экен. Кайрылып келип жүрбөсүн?

– Ким билет. Казынын күнү ичикке түшүп калдыбы?

– Ал ырымдап деле ала берет. Ага эч бир жан каяша кылган эмес. Сенин алганыңды билди. Өчөшүп болсо да кайра келет. Бир жайга жашынбасаң болбой калыптыр.

– Ошончолук элеби?

– Угушубузга караганда ал эч кимди аяган эмес. Сага бир жамандык кылып жүрбөсүн.

Ата-баланын сөзүн угуп турган Бопо кабатыр боло, күйөөсүнүн сөзүн кубаттады.

– Балам, атаң туура айтат. Анын көзүнө чалдыкпа. Кайрылып келе турган болсо сени эмес, бизди да аябайт. Эми, эмне кылсак? – деп эне байкуш алапайын таппай калды.

– Сен болушка кабар берип, иштин жөн-жайын айт. Мен муну бекитиштин аракетин кылайын, – деген күйөөсүнүн сөзүнөн соң Бопо коңшу турган Рысмамат болуштун үйүн көздөй чуркап жөнөдү. Адинин боюнан ичигин сыйрып алган атасы чаркап кылып жаткан көңдүн ортосуна уулун отургузуп, ар тарабын тосуп, көң жыя баштаган чакта, алыстан атын теминген казынын карааны көрүндү. Берки тараптан шашкалактаган Рысмамат болуш утурлай чыкты.

– Ассолоомалейкум, казым. Келиңиз, келиңиз? – деген болуш, ат үстүндөгү казыга колун сунду.

Казы анын сунган колуна көңүл буруп да койбостон, чаркап көңдүн үстүндө турган ичикти көрө, Кожого бурк этти.

– Алып кел, тигини!

– Казым, аттан түшүп, даам ооз тийиңиз? – деди болуш илбериңки, анын атынын жылоосунан кармай.

– Бала, балалыгына барып, туура эмес иш кылыптыр, казым. Кечиргейсиз, айыбыбыз мойнубузда? – деди Кожо ичикти сунуп жатып.

– Мм – деди казы түнөрө. – Айыбыңарды кантип тартасыңар?

– Аттан түшүп, конуп кетиңиз? – дешти Рысмамат болуш менен Кожо жарыша

– Убара кылып... Жолдон калтырып... Жаныбек казы ызырынды.

– Аз айып, көп күнөөбүз болсо кечиргейсиз, казым? Сизге арнаган, – деп Рысмамат болуш аркасында турган Кожого суроолуу тиктеди.

Болуштун оюн түшүнгөн Кожо шашкалактай, арча дүмүрдүн үстүндө таңылуу, дайыма аш-тойдо, сыйга барганда гана атына токуй турган, жалаң таза күмүштөн жасалгаланган ат жабдыгын илбериңки ала коюп, үзөңгү боосуна байлай койду. Кожонун кыймылына саресеп салбай, Рысмаматтын башына кийген жаңы суусар тебетейин тиктеген казынын оюна түшүнө калган болуш, төбөсүндөгү тебетейин алып, кош колдоп суна кала:

– Баш улук, казым? Сунган моюнду кылыч кеспейт. Сизден аянбай калалы? – деп таазим этти.

– А мейли, – деди казы жазыла.

– Келиңиз, ак татыңыз? – деди артта турган Бопо сыр аякка мелт-калт куюлган кымызды алга суна.

– Кур ооз кетпей, аттан түшүп, мында конгонуңуз биз үчүн сыймык эле казым, – деп Бопонун колундагы сыр аякты алып, болуш өзү узатты.

– Болуптур. Насип улук, – деди казы сыр аякты колуна алып:

– Биссимила-рахмани-ррайим, – деп коюп, ичинен шыбырай калып, кесени ат жалына тийгизе так көтөрдү да, жүзүн кош колдоп сылап, ат башын бурду.

– Кош, – деп да айтпай, ыраазылыгын да билдирбей кетип бараткан казыга үчөө аңкая тиктешип, узатып калышты.

* * *

Сырт кийимин чечинип, үйүндө жылаңбаш отурган Рысмамат болушка: «Жаныбек казы, кайрылып келатыптыр» -деген кабар угулду. Шашыла чыгып бараткан күйөөсүн Абабү токтото калды.

– Болуш, соксоюп, жылаңбаш чыкканыңыз уят. Мына бу тебетейиңизди кийип алыңыз? – деп, болушка арналып атайлап тигилген жаңы суусар тебетейди керегеде илинүү турган жеринен алып, силкилдете күүп, башына кийгизген эле. Эми башын соксойто, баш кийими жок үйгө кирип келген Рысмаматты көргөн Абабү таң кала:

– Болуш, баш кийимиңиз кайда калды? – деп сурады.

– Газыга тартуу кылып жибердим.

– Ок! Ырым кылып тикпедим беле. Баш кийимиңизден башка табылбай калдыбы?

– Шарт ошондой болуп калды, байбиче.

– Ооматтыңызды алдырыпсыз.

– Анчалыкка барбас, – деди Рысмамат аялына тикирейе карап.

– Ботом, бир-эки жолу кийсе да мейли эле. Шайтан кыстап кайдан да бере калдым. Эл эгеси болуп жүргөн неме, бөтөн журттун бийине сыны менен көрүнсүн дебедим беле? Кан кусуп өлгүр казы да «кой ай» дебей шарт илип кеткенин карасаң. Көрөсүз, ал ырымдап алды. Мени бир айтты дээрсиз. Иши эми оожалат. Пайпай, пай. «Амалдуу жигитке, ажалдуу кийик жоолугат» демекчи жөндөн-жөн тартуулап... Же эл сурабасаңыз, же кун сурабасаңыз,– деди болуштун ичигин алып, керегеге илип жатып.

– Тейт! Какылыктап кулактын кужурун алып... Кетсе кеткендер бир суусар...

– Болуш, бир суусар дейсиз. Суусардын да, суусары бар. Бу кой суусар эмес, суу суусар эмес...

– Болду. Кызга бергис, жубан бар дегиң келеби? Алып кел кымыздан! – деп болуш төргө барып, куш жастыкка кынтая кетти.

Ашкана тарапка өткөн Абабүнүн үнү тып басылып, керегеге байланган кол чаначты чечип силкилдете баштады. Анын сүйлөбөй калуусунун да себеби бар эле. Абабү ары акылдуу, ары сулуу

жубандардын алды. Атасы тектүү жерден чыккан, барындардын чоң байы Өмүрзактын кызы. Анын бир туугандары Рысмамат, Жунус, Шерали аттуу алты баласы ар топту бийлешип, элге төбөсү көрүнгөн эргулдар болчу.

Рысмамат көз ачып көргөн, биринчи аялынан көпкө чейин бала көрбөдү. Молдо, бакшыларга да түштү. Ага-тууганы ага «төшөк жаңырт» деп кеңеш беришип, ар айылдан «Паланча байдын кызын ал, паланча бийдин кызын ал», – дешип ар кимди чоттошту.

– Катын алсам тууп-түшкөн эле жубан алам деген болуштун сөзү эки болбой, эл жакшылары ортого түшүшүп, ары кайыны тектүү дешип, барындардын байы Өмүрзак байдын Согондуга түшүп, эки кыздуу болгондон кийин, кокустуктан күйөөсү өлгөн Абабүнү табышкан.

Күйөөсүнүн карасын али чече элек, «кара ашын берип, жылдыгын эми чыгарабыз», – деп турушкан согондулуктарга Байдын балдары барышып, «калыңы болбосо да, каадасыз базардын болбойт, маркумдун жылдыгынын ыгым-чыгымын биз көтөрөлү, жок, болбойт десеңер кыздын калыңындай кылып берели», – дешип, «карасын» ошол жерде чечтиришип, өрттөтүшүп, ырымы дешип, ак жоолук салышып, ак кийгизишип, ак боз атка миндирип, көчүрүп келишкен эле. Болуштун жана «кызга бергис жубан бар» деп айтып жиберишинин себебин Абабү өзүнчө ойлогон. «Сени кыз албасам. Үйдө баш байбиче болуп, баарын тескеп, билем дей бербегин», – деп болуштун кыйыта айтканы катары түшүндү.

Жаныбек казынын кайрылып келээрин билип, алактап калган Кожонун аялы Бопону Рысмамат болушка шашыла кабар беришинин себеби – казы көптөн бери Совет-Кытай соода ишин кармачу.

Кышындасы кар улуу жаап, ашуу бекилген чактан, жаз келип, жайга жете барып, мөңгүлөр эрип, жол ачылганга чейин убактылуу жол бекиген. Кербен кокустук болуп гана бара-келди токтоп калбаса, калган мезгилде, чиркешкен кербен менен салт атчан түнү-күнгө карабай тынбай каттап турат. Жүргүнчүлөр улоо белин талытпай «Ош-Кашкар, Кашкар-Ош» жолунун аралы-

гынын каалаган жайына токтоп, каалаган жеринде ат чалдырышат. Илгертен келген эреже боюнча соодагерлерди жана алардын кербендерин «палан жерге токто, палан жерден өт» деп, эч ким тескей албайт. Кербен жолдун ыңгайына карап кете берген. Бирок, жаз-күз мезгилдери эске алынып жол боюна бекет, баттар коюлган. Жергиликтүүлөр кербендерди тосуп алышып, узатышып, улоолоруна жем-чөп, кашектерин, өздөрүнө азык-оокаттарын камдашып, жаткырышып, акыларын алып турушкан. Мындай бекет, рабаттар Бүлөлүдө, Сопу-Коргон, Теректе атайлап курулган эле.

Жаныбек казы Ош-Кашкар жолун эчен каттап, коен жатагына чейин билчү. Жол боюнда кайсы уруу, кайсы топ, кайсы бай да, кайсы бий турары ага беш колундай белгилүү эле. Каалаган жайга токтоп, каалагандай өргүү алчу. Кокустан бир буюму жоголуп, улоодон кемип кала турган болсо, жергиликтүү бий-болуштарды чакыртып алып, ашыгы менен төлөтүп алчу. Же үйөздөгүлөргө билдирип, жазана салдырып, түрмөгө каматтырчу.Ошондон улам анын айтканы айткандай, дегени дегендей аткарылар эле. Анын сырын жакшы билген Кожо, Рысмаматтын алдасташынын да жөнү бар. Башта Кожо Кашкарга элдин малын айдап барып, базарга сатып соода кылса, кээде анча-мынча зарыл буюмга башма-баш алмашып кем-карчты алып келип берчү.

Уулу Ади жаштайынан тың чыгып, элдин соода-сатык ишин түгөл мойнуна алып калган. Рысмамат болуш да Адиге ишеним бергенден бери үйүнө ар кыл мата толуп, короосундагы малы эки эсе көбөйдү. Жана казы казабына алса бир эле Ади эмес, атасы Кожо, эл башкарган Рысмамат болуш да, көп айыпка жыгылып, көп чыгым тартары да бышык болчу.

Рысмамат болуш курулай дооматтан оңой кутулганы менен кеч, күн отурган чакта төбөсү локулдап, жанына жай бербеди. Улам үшкүрүнө, ооналактап, ордунан тура кала, кайра жата кала чабалактап тынчтана албады. Көпөлөктөй айланчыктаган Абабү бирде колу-башын укаласа, бирде желкесин сүрдү. Жаны жай таппаган болуш төбөсүнө колун басат. Абабү да анын төбөсүн кармаса оттой тап чыгып, болуштун бетинен алка-шалка тер кетти. Жубайы болуштун бел куру менен улам жүзүн ааарчыган сайын, анысы да малма-малма суу болду. Эмне кыларын билбей,

такыр арга таппаган Абабү күйөөсүнүн төбөсүнө, бети-башына муздак чүпүрөктү басып, үйдөн чыга албай, жакынкы бирөөлөрдүн караанына зар болуп турду. Желкеси тырышып, уламдын чалкалай калган болуш Кожонун үйү тарапты колу менен көрсөтүп, кайра имере чакыр дегендей ымаа кылды. Абабү шашып-бушуп чуркап чыгып, Кожого жетип барып кайра келди. Кожо эшиктен баш бага болуштун ал-абалын сурагыча болбой Рысмамат окшуп-окшуп, Абабү тосо койгон чылапчынга кочкул кара кан кусуп, сеп алгандай чалкалай түштү. Жубайы анын оозукарын, мурдун аарчып жатканда болуштун өңү бозоруп, көзү сүзүлүп баратты. Кожо шап жетип барып, анын жастыгын оңдой бергенде, болуштан «кор эте» үн чыгып, узап кетти.

* * *

Баягы күндөгү Адинин тамашалаганы да эсине түштү.

– Абаке, өзүңүздүн бааңыз канча экенин билесизби?

– Жо-ок иним. Өзүмө өзүм баа берүү оюма да келбептир.

– Эл сизди «казы, казы», – деп жүгүнүп тосуп, жүгүрүп узатышат го? Бул да болсо, чоң баа да?

– Мен аларга «анткиле, минткиле», – деп айтышым туура келбес.

– Мен сизди баалап койдум. Ага эмне дейсиз?

– Баам канча?

– Беш жүз беш атаар, – дедим.

– Ате, анда сен баамды келтире албапсың? Кымбатыраак сатсаң, өзүңдүн да кадыр-баркың көтөрүлмөк экен.

– Тамашалайм абаке. Кантип эле сизди куралга сатып калайын.

– Мени менен азилдешчүлөр али туула элек, – деп ойлойм, иним.

– Кантээр экен деп азилдеп койдум.

– Азилдин түбү арам. Ниетти да, ойду да жакшы жакка буруп жүр. Муну дайыма эсиңе тут! – деп казы кабагын чытый басып кетти.

Казынын аскерлерин куралсыздандырып койду.

– Казыга эмнеге эле тийиштик кылып жатасың, балам? Ал сага жаман сөз айттыбы?

– Жок, апа. Кантээр экен деп, тамашалап эле койгом.

– Эмнеге ага азил айтасың? Ал сенин тамашалай турган тең-тушуң эмес, балам. Этиятта. Атпай журтка алымдуу, али билимдар, али казы адам. Анча-мынчалар тең келе албайт.

– Качан көрсөм мени жактырбагандай чыртыят. Оюн билейин деп кээде тамашалап коем.

– Чыртыйганы – бир сырдуулугу. Сен жактырган, жактырбаганына карабай салам берип жүрө бер.

– Ошол саламыма алик албай, менден шектенип жүргөнү жакпайт.

– Этиятта! Ал көп жерди басып, көп дабанды жойлогон карышкыр. Жок жерден жан бербейт. Көптү көрүп, көп жердин сынынан өткөн, көк жал «Жаныбек казы» дешет. Анын изин баспай жүр, балам.

– Казы, жашын жашап, ашын ашады. Эми баягыдай ай чапчып атаандаша албайт. Андан бейкам болуңуз.

– «Карышкыр карыса да, бир койлук алы бар», – демекчи, Ади адинен аша элегинде камынайын. Учуру келип турат. Кеч боло элегинде ишти бир жаңсыл кылайын, – деген казы шаар төбөлдөрү чогулган кезде:

– Ади ай сайын төшөк жаңыртып, катын алып, шариятты бузду. Мусулман баласы кылбаган ишти кылып жатат. Азыртан аны тизгиндебесек, жакында ал сиздердин катындарды койнуңардан тартып алат. Кийин кеч болуп, өкүнүп каласыңар, – деп кайрылды.

– Казым, аны канткенде тыя алабыз?

– Кичине жазаламыш болуп, опузалап койсоңор, жолунан кайтаар.

– Жазаламыш болгонго ал ынайбы?

– Анча-мынча жазаны ал тоготпойт.

– Ал сезе турган кандай жаза колдонсо болот?

– Динге такаса, ал андан өтүп кете албайт.

– Динге такаганда эмне деп күнөөлөйбүз?

– Көптөп колго түшүрүп, «жазаң» деп, жайдак атка мингизип барып: – жолуңдан кайт! Көп катын алуу күнөө. Шарият ага жол бербейт. Шарият жолунда жүрбөсөң көптөп өлтүрөбүз, – дейли.

* * *

Жылдын күз айынын ортолугунда чоочун адамды коштогон төрт корбашы басмачылары менен кызыл аскер бөлүктөрү менен кагылышып, орун которуп кетишти. Бул кабар Фрунзеге жетти. Республикадагы ГПУнун начальниги Севергин шашылыш түрдө Ош шаарына келди. Ош ОГПУнун орун басары Кулинчиевдин маалыматын угуп, чоочун адам – Жаныбек казы жөнөткөн Ахмед Палбан, Насыркан төрө менен төрт корбашы Нурулла Максым, Мадумар миңбашы, молдо Стамбек, Каримхан төрөлөр экени билинди. Басмачылары менен Анжиандагы милиция бөлүмүн басып, андагы алтымыш адамды байлап, алардын курал-жарактарын тоноп алышыптыр. Куралдан тукулжураган басмачылар эми күчтөнүп, тынч жаткан айылдарды тоноп, өрттөп жатышыптыр.

Басмачыларга каршы шашылыш план түзүлүп Кыргызстан ГПУсунун начальниги Севергин Кулинчиевдин жетекчилигиндеги эң тез жүрүүчү кошунду алып, Анжианга келди. Басмачылардын артынан түшкөн куугун аз эле убакыттын ичинде корбашыларды кармап, басмачыларды чилдей таратышты. Митайым Насыркан төрө менен Каримкан төрө из жашырышып Нарын дарыясынан өтүп, шаарга кирип кеткени билинди.

Батальондорду, роталарды, взводдорду баштаган кызыл командирлер менен басмачыларга каршы аракет жасоонун ар түрдүү жолу иштелип чыгылды. Негизгиси жергиликтүү калк арасында үгүт-насаат жумуштарын күчөтүү, өз ыктыяры менен куралын таштаган басмачыларды жазалабоо, жоопко тартпоо, ошондой эле аларга «Советтик граждандык укугун берүү жөнүндөгү» Түркстан Борбордук Аткаруу Комитетинин чечимин айрыкча кеңири түшүндүрүү болду. Кылдаттык менен басмачыларды чалгындап, бардык жерде чалгынчылар тармагын түзүүгө көңүл бурулду. Эскадрондо жана дивизиондо эң тез жүрүүчү коштундар түзүлүп, басмачыларга каршы ар кандай айла менен аракеттенишке даярдык жүргүзүлүп жатты.

Бирок ага карабай басмачылар уламдан улам күчөй берди. Сан жагынан алганда басмачылар кызылдарга салыштырмалуу төрт, беш эсе көптүк кылышты. Алардын колунда түркүн курал-

жаратар: түтөтмө мылтыктардан тартып, чет элдик куралдар, анан да кылыч менен канжар, союлга чейин алып жүрүштү. Мингендери жакшы аттар. Кийимдери жалпы жергиликтүүлөрдөн айрымасы жок. Кызыл аскерлер аларды жергиликтүүлөрдөн эч айрымалай алышпады. Басмачылар атайын аскердик түзүлүштү, тартипти билишпей көбүн эсе күтүүсүздөн, капыстан качырып, тобу менен «дуу» этип чабуул жасашчу.

1927-жылдын 4-июлунда ВЦИК менен РСФСР Эл Комиссарлар Совети «Кыргызстандын түштүгүндө жер-суу реформасын өткөрүү жөнүндө» токтом кабыл алды. Анын негизги милдети: жерге адам күчүн жалдап пайдалануу жоюу, жерсиз жана жери аз дыйкандарга жер менен шаймандарды бөлүп берүү болчу. Жер-сууну ата-бабаларынан бери менчигине басып алышып, кедей-кембагалдарды иштетип, эзип келишкен бай менен болуш, старчын, эшен менен кожолорго бул окуя жакпады. Мусулман баласынын ой-санаасына дүрбөлөң түшүргөн динчилер эл арасын жойлоп, тескери үгүт жүргүзүшүп, арбап жүрүштү.

Республиканын түштүгүндө жер-суу реформасын жүргүзүү учурунда ВКП(б) Кыргыз облустук комитети бай-манаптар, кулактар ээлеп келген жердин эсебинен дыйкандардын короо-жай күтүшүн камсыз кылууда совет органдарынын жана милициянын ишмердигин күчөтүү боюнча иш чаралар жүргүзүлө баштады. Бай-манаптардын зордук-зомбулугу менен жетиштүү күрөш жүргүзүү үчүн революциячыл тартипти орнотуп, социалисттик закондуулукту күчөтүү максатында Жайлоо советтери уюштурулду.

Жайлоо советтери бийик тоолуу жайлоолордо өз саясатын жүргүзүп, байлардын бийлигин жокко чыгарып, бир нече мүлктү кеңири жайлоолорду, токой-сууларды ээлеп алып, кулакка тартылуудан баш тартып жүргөн адамдарды каттай баштады. Жылкы, ийри мүйүздүү мал, төө мамлекеттин пайдасына алынды.

1924-жылы 16-сентябрь күнү Түркстан АССРинин Борбордук аткаруу комитетинин кезексиз сессиясында Кара-Кыргыз автономиялуу облусу Түркстан АССРинин курамынан чыгарылып, РСФСРдин курамындагы Кара-Кыргыз автономиялуу облусу катары кайрадан түзүлдү. Көп өтпөй эле 1925-жылдын май айында

Кара-Кыргыз автономиялуу облусу Кыргыз автономиялуу облус аталат да, анын аймагында төрт округ Пишпек (21 болуш), Караколь-Нарын (16 болуш), Ош (20 болуш), Жалал-Абад (19 болуш) болуп түзүлөт.

Болуш (орус тилинде волость, власть – бийлик) Совет бийлигине чейин Кыргызстанда падышалык орусиядагы административдик аймактык бирдик 1865-жылы августта чыккан «убактылуу Жобонун» негизинде аймактар уезддерге, уезддер болуштукка бөлүнгөн. Болуштукка миңден эки миңге чейинки түтүн кирген.

Жер которуп келгендер өз алдынча жамааттар (общиналар) түзүлүп, алар «кыштак болуштуктары» деп аталган. Калкты айбир административдик бирдикке биригишин эске алышып, жермакташтырып бөлүштүрүү, кыргыздардын ар кыл уруу топторун гиликтүү отурукташкан жана көчмөн калктын арасында чыр-чатактардын, кагылыштардын, барымталардын азайышына шарт түзгөн. Болуштук бөлүнүү 1917-жылга чейин сакталган. Совет бийлиги орногондон кийин Кыргызстан 1926-жылдары төрт округга каратылып, 72 болуштукка бөлүнгөн. 1930-жылы жаңы административдик бөлүү колго алынып, райондор түзүлгөн.

Болуштук шайлоо эки баскычтан турган. Болуштукту шайлоого чейин он башы, элүү башы, старчындар бекитилип, 50 түтүн шайлоочу бир элүү башыга баш ийген. Болуштукка жайлоо жашыруун добуш берүү менен түзүлүп, үч жылдык мөөнөттө шайланып, аскер губернатору тарабынан бекитилген.

Болуштук кызматка колунда бар адамдар көрсөтүлгөн. Алар жогорку бийликтердин жана соттордун (казы) өкүмдөрүнүн аткарылышын жер чатагы, салык жыйноо, алым алуу жана башкаларды аткарышкан. Болуштун талапкери (болуш үчүн) анын ордун шайлоого чейин катчы (писарь) аткарган. Болуштун ишин көбүн эсе писарлар (катчылар-сабаттуу адамдар) жүргүзүшкөн.

Куралын таштап Совет бийлигине каршы кол көтөрбөскө ант беришип, карамагындагы басмачылар менен багынып беришкен айрым кор башылар, андан беш-алты жыл өткөрүшүп, чөлдөн чыккан уулуу жыландай кайрадан баш көтөрө башташты. Зили, түбү, санаасы бузук баш кесерлер кылган күнөөлөрүн унутушту.

Өкмөттөн кечирим болуп, жазадан кутулуп, санааларынан арылышкан менен жамандыгын унутпай, элдин таламына, өкмөттүн саясатына алдыртадан каршы чыга башташты.

Жер-суу реформасынан улам Мархамат аймагындагы Кайып паңсат Сузак тараптан Нурулла максым, Өзгөндөн Жаныбек казы, Чаткалдагы Аман Палбандын тагасы Мадумар миңбашы баш болгон паңсаттар баш көтөрүшүп, кайрадан кол курай башташты.

Наманган Түркстан фронтунун Аскер Кеңешинин көрсөтмөсү боюнча басмачылар менен күрөшүүгө карата түзүлгөн райондун борбору. Анын аймагында Фергана өрөөнүнүн Сыр-Дарыя, Нарын дарыяларынын түндүк, түндүк-батыш жагындагы бүт аймагы Чаткал менен Ангрен дарыяларынын өрөөндөрү камтылат. Түркстандык 4-аткычтар полку, жергиликтүү элден түзүлгөн ыктыярдуу аскердик жана милиция бөлүктөрү аракеттенет. Аскердик бөлүктүн начальниги, мындагы полктун командири – Дмитрий Тимофеевич Козлов. Ал отрядды курал-жарак менен камсыз кылып аларга түздөн-түз көрсөтмөлөрдү, кеңештерди берип турду.

Жаныбек казы миңдей басмачылары менен Кытайдан өтүп келип, чек арага чектеш айылдарды каптап, мектепти, сельсоветтин имаратын өрттөп, үч магазинди талап алышып, он тогуз адамды өлтүрүштү. Милиция кызматкерлери ГПУнун, ички аскерлердин бөлүктөрү менен бирге бир далайын колго түшүрүп, көпчүлүгү орун которуп кетишти. Андан көп өтпөй 18-августта Ош түрмөсүндө камалып, сурактагы басмачылар түшкү дем алуу убагында кароолдорго кол салышып, жетөөнүн куралдарын тартып алышты.

Алардын качышына мүмкүндүк берилбей, заматта коркунуч боюнча кабар берилди. Чогула калган издөө бөлүмүнүн, милициянын ГПУнун кызматкерлери, кызыл аскерлер бандиттер менен атыша башташты. Кылмышкерлердин айрымдары түзөтүү үйүнүн кеңсесине, камераларга бир тобу короодогу арыкка жатып жашырынышты. Атышуу он сааттан ашты. Кырк жети басмачы өлүп, көпчүлүгү жарадар болуп, колго түштү.

* * *

Казынын байлыгы түмөндөп, өкчөгөн сакасы алчы турган чакта, Совет бийлиги орун-очок алып, кедейлер байлардан өз энчилерин бөлүп алып, байлардын укугу чектеле баштаган кез келди. «Өкмөттүн нак кишисимин» деп өзүн сезген Жаныбек жерсууну, байлыкты эл менен бөлүшүүнү ойлобой, өйдөкү мансапка кол сунуп, болуштук орунду талашып калды. Эл аны шайлабады. Шайлабагандарга кекенип турган чакта, өкмөт анын өз менчигиндеги тиешелеген жерин, мал-мүлкүн эсепке алып, калыс бөлүштүрө баштады. Өзүнө чакан гана жер тийди. Бий болуп, казылык даражаны, бийлик менен байлыкты өз менчигиндей сезген казы бир топ шалдая түштү. Жүрөгүндөгү кararган так күн өткөн сайын уйкусун бузду.

Жанажан жигиттерин ээрчитип алып, алыскы Кара-Шорого жетип ары ойлонду, бери ойлонду. Караса ооматы кетип бараткандай. Эсине баягы корбашылар түштү. Аярлап алар менен кабарлашса, алар да казынын абалында экен. Аны нак туюп, колтуктарына суу бүркө баштады.

– Мусулмандык ар-намысыбызды томаяктарга тебелеттирбейбиз. Жатып өлгүчө, атып өлөлү. Кантип эле, бармактайдан жыйнаган байлыгыбызды, «балп» эттире ортого төгүп салалы. Кедейлер өкмөткө таянса, бизди жөлөп алар акимдер турбайбы. Кашкарда караандуу төрөлөр, Түркияда бараандуу пашалар жамы түрк тукумун бириктирип, Түркстанды Орусиядан бөлүп алганы отурушат, – деп баягы корбашылардын колтугуна чок салып, үйлөй баштады.

Жаныбек казы менен Осмон эшендин кийинки күндөрү ымаласы жакын. Бири-биринен тез-тез кабар алышып, болгон ишти маслатташып турушат. Оштун Куршабынан чыккан эшендин уруусу кара тейит. Бухарадан диний окуну бүтүп, өзүнчө мечиттин имамы болуп келди. Ал бир мезгилде Бухарадан чыккан Ибраим бекке жигит болуп жүргөн эле. Жаңы замандын алгачкы күнүндө шарият жолун айтып, элди бийлеп, байлыкты кошкармады. Басмачыларга да алдыртадан көмөк көрсөтүп, колтук ачып, не бир ак ниет кишилерди күйгүзүп, канчалардын канына завундук кылды. Анын ар бир кыймылына саресеп салган Му-

хаммед эшен, анын ар бир аракетин колдоп, «ислам динин кафирлардан сактоочу, чыныгы мусулман» атап, «эшен» наамын ыйгарган.

Осмон эшен аталган молдо өзүнүн ишеничтүү муруттарын айланасына чогултуп, казынын ар бир жүрүшүнө көмөктөш болокалып жүрдү. Кезинде Өзгөн менен Гүлчөнү бирге талап, чек ара бузуп Кашкар, Кулжа тарапка бирге өтүп келишет. Жердеши Абдыкалык паңсат менен да аябай ысык. Абдыкалык паңсат да жөн адам эмес. Куршабдан өзүнчө басмачы курап, көп жерди талады. Жанажан досу Мойдунбек менен биригип, беш жүз басмачыга корбашы аталып, кийин Көршерматка кошулуп, Ооган тараптан колдоо таап, корбашылар арасында аябай эле төбөсү көрүнүп калды. Анын шилтеген жагынан баш тартпаган Мамажунус баш кесер Куршабдан кармалып, атууга өкүм болгон жеринен качып чыгып, калың элге аты дайын Айтмерек корбашыдан алдын чек арачылар менен бирге иштешип, аларга кызматы өткөн. Кийин эле Жаныбек казынын жанга өлчөлчү жигити болуп, казы менен кошо, анын да айтканы айткан болуп жүрүп, эки жүз басмачы курады. Азыр алардын баары курал-жарактуу. Кызылдар менен катуу кармашып, катуу сокку жегенден соң, колу бытырап калды. Айтмаректин оң колу Топчубай корбашы ушул күнгө чейин экөө аябай эле ысык болушканы менен кызылдардан сокку жегенден тартып, Айтмарекке ичи оорусу бардыгын билдирбей жүрөт.

Айтмарек жакыр үй бүлөдө төрөлүп, эр жетти. Чек аранын жанында жашап жүрүп, көп жылдар бою күчтүү, тайманбас, жөндөмдүү жигит катары чек арачыларга таанылды. Контрабандачыларды,чек араны бузуп өткөндөрдү кармоодо чек арачыларга көмөк көрсөтүп жүрдү. Жаныбек казы менен тууганчылык байланышта болуп, казы чек арадан сырткары жакта жүргөндө да жашыруун байланышып турушканын эч жанга билдерген эмес.

Жаныбек казы жүз жигити менен чек арадан өтүп жатканда Айтмарек аларды күтүп алып, төрт күн бою заставаны курчоого алышты. Эки тараптын салгылашуусунда имараттар өрттөлдү. Жыйырма жоокер аздыгына карабай, баатырларча күрөшүшүп, багынышпады. Коркунуч тууралуу чек ара башчысынын аялы Мария Горькавая жалгыз жоокер экөө курчоодон өтүшүп, жакын

жайгашкан чек арачыларга жана ГПУга кабар беришти. Жардамга жетип келген отряд казынын желдеттерин кубалашып, заставаны ээлешти.

1930-жылы 1-майда Айтмарек, Ади корбашылардын жетекчилиги менен үч жүзгө жакын басмачылар Синьцзяндын аймагынан чек араны бузуп, советтик Кыргызстанга өтүп, Алай-Гүлчө районунун борборуна кол салышты. Тап күрөшү мезгилинде партиялык жана советтик жетекчилердин өмүрүнө кол салуу тез-тез болуп туруучу көрүнүш эле. Милиция кызматкерлери өз жандарын тобокелдикке салып аларды коргошту. Бандиттик топ бир түндө аткаруу комитетинин төрагасын, партиянын райкомунун катчысын, мугалимдерди, дарыгерлерди, милиция кызматкерлери баш болгон 32 адамды өлтүрүштү. Гүлчөдөгү милиция кызматкерлери туруктуулукту жана эрдикти көрсөтүп, Оштон кызыл армиячылардын отряды жетип келгиче, душмандын мизин кайтарып турушту. Милиция бөлүмүнүн начальнигинин орун басары Тажик Исмаилов жана анын бир тууган Абдрасүлдөр баш болгон Жунус, Амат, Иса, Султан аттуу жигиттердин эрдиктери сыйлыкка арзыган.

1932-жылдын июль айынын башында Айтмарек уюшкан тобу менен Кыргызстандын аймагына өтүүнү көздөгөн эле. Совет бийлиги Кытай бийлигиндегилер менен биргелешип, Айтмаректин бандасын жок кылууну макулдашышат.Кытай бийлиги Айтмарекке кавалериялык эскадронун жөнөтүп, куралдарын тапшырууну талап кылат. Ал эскадрондун командирин атып, Совет бийлигинин аймагына качып өтүп Бор-Дөбөнү көздөй багыт алат.Айтмаректин чек арадан өткөндүгү тууралуу кабардар болушкан Гүлчөдө «ман» группасы согуштук аракетке келтирилет. Ошто кавалериялык взвод, жергиликтүүлөрдөн куралган отряд даяр болушат.

Айтмарек заставадан алыс эмес жерди бузуп өтүп, Бор-Дөбөгө Тоң-Мурун ашуусу аркылуу баратышып өрөөндө Сары-Ташты көздөй бара жаткандардын тобуна жолугуп калышат. Алардын арасындагы эки аял, Кашкардагы консулдук кызматкерлердин жубайлары болчу. Бандиттер аялдарды зордуктап, жырткычтык менен өлтүрүшүп, Арча-Даван ашуусунан Ак-Босого келишет да,

эки геологду өлтүрүп, Кичи-Алай өрөөнүнө кирип кетишет. Аларды жок кылууга 3 орус улутундагы, кыргыз, өзбек, татарлардан 28 жоокер жөнөтүлгөн эле. Отряд менен кошо чалгынчы-котормочу, тажрыйбалуу Усман миңбашы жана Садыков Юсупжандар, изкубар-чалгынчылар «Максим» пулемету менен бирге болушкан. Алардын милдети уюшкан топту борбордук зонага киргизбей жок кылуу болчу.

Ошол эле күнү саат 17-00дө уюшкан топ менен Чөгөм аймагында беттешүү болуп, салгылашуу башталды. Түн ичинде басмачылар Лаглан тарапка качып жөнөштү, отряддагылар алардын артынан кубалап барып, ошол түнү Кайыңды мөңгүсүндө курчоого алышты. Түнкү караңгылыкта өз аскерлерин атып албас үчүн бандага ок атуу токтотулат. Бардык көрүлгөн чаралар боюнча, алардын качууга мүмкүнчүлүгү жок болчу. Таң атканда, каракчылар тобу мөңгүдөн табылбады. Басмачылар аттарын мөңгүдөн кийиз жана ат жабдыктарга ороп, сүйрөшүп караңгылыкта Лагландын адырларына түшүп кетишет.

* * *

Таңкы саат алтыда отряддагылар өрөөнгө түшүп келгенче, бандиттер жайлоодогулардын аттарын тартып алышып, Лангар тарапты көздөй жөнөп кетишет. Ал жакта түрмөдөгү эки жүз киши Памир трактысынын курулушунда иштеп жатышкан. Айтмаректин желдеттери конвойду куралсыздандырыш, түрмөдөгүлөрдү бошотуп жиберүүлөрүнөн коопсузданышып, отряддагылар аттарды аябастан ылдам жетүүгө шашылышты. Айтмарек куугундагы отряддын жетип келе жатканын көрүп, бандасын кавалериялык жүрүштүн тартибинде тизип, конвойдун жанынан ырдап, аскерлерче саламдашып өткөрөт. Отряд шашылыш жолго жетип келгенде, банда маңдайдагы адырдын белине жетип, эки чакырымдай алыстыкта болчу. Кубалоодогу чалыккан аттарды эс алдыруу максатында, куугун токтотулуп, бандиттерге пулемет жана мылтык менен октор атылды. Бирок алардан каршы ок атуу болгон жок. Отряддагылар аттарды жана адамдарды жакшылап тыныктырып, тамактандыруу үчүн Куршаб жергесине барышат. Түнкү саат экиде Айтмарек Өзгөндөгү буудай даярдоочу пунктуна кол салгандыгы жөнүндө кабар келди. Куугунчулар таңкы саат төрттө Өзгөнгө келип, Жазы дарыясы аркылуу Салам-Алик тарапка бара жаткан банданы кууп жөнөдү. Эки тараптын ортосунда узак убакытка созулган салгышашуу башталды.

Банда Беш-Терек тарапка качып, Байбиче жайлоосуна келгенде, куугундагы отряд алардын издерин жоготуп алышты.

Эки күндөн кийин Айтмаректин тобу, тоонун башында он адамдан турган Жуковдун отрядын курчоого алгандыгы жөнүндө чалгынчылардан кабар келди. Таң атканга чейин душман Жуковдун отрядын талкаларында шек жок болчу. Айылдык советтен эки жол көрсөтүүчү адамды, даярдалган тамак-ашты, кайнатылган жумурткаңы алып, шашылыш жолго чыгышты. Божомолдонгон эсеп менен таң атканда барчу жерге жетиш керек эле. Бирок, жол көрсөтүүчүлөр тоонун аркы жагындагы жолду билбестигин айтышып, бирөөсү арчалардын арасына пааналап, ылдый көздөй качып жөнөдү. Ал арттагы отряддагы аскер тарабынан атып өлтүрүлдү. Катуу сурakta, жол көрсөтүп келе жаткан экинчиси «экөө тең Айтмаректин тобунан экендигин, отрядагылардын жүрүшүнө тоскоол болуп, аларды тоодо адаштырып карлардын моону каалагандыктарын айтып» мойнуна алды. Айыбы үчүн отрядды Айтмарек жайгашкан аймакка алып барарын, ал үчүн аны отрядга кабыл алуусун суранды. Чындыкты айтып жардам көрсөткөндүгү үчүн аны кийинчерээк отрядга кабыл алышты.

Айтмаректин бандасы Өзгөндөн Кара-Кулжага кире беришеги капчыгайдын оозунда Д.Н.Романов башында турган ГПУнун, Өзгөн райондук ыктыярдуу отрядын кызматкерлери, экинчи тараптан чек ара отрядындагылар тарабынан курчоого алынып, Жаныбек казынын иниси Кошматтан башкасын толугу менен жок кылышты. Ал эми Кошмат чек арадан качып өтүүгө лгүрдү. Андан башка да качууга үлгүргөн беш адамды Газыбай Козубаев баш болгон милиция кызматкерлери, Кызыл Армиянын бөлүгү менен биргеликте Сары-Бээ аймагында атып жок кылышты. Басмачылардын арасына жүргөн тыңчылардын бири молдо Исмат Айтмаректи атып өлтүрүп, денесинин кайда жатканын көрсөтүп, документтерин ГПУга тапшырды.

Көк жал карышкырдай албуут, баскан изин куйругу менен жоруптаган түлкүдөй амалдуу Кайып пансат кырктын кырынан

ашып, көптүн көөнүнө төп келип турган чагы. Бир нече жолу капканга түшөөрүндө, нечен жолу куугундун жарына капталганда, амалы менен култ берип, кутулуп келет. Сөөгү түрк болуп, колундагы басмачылардын көбүн түрктөрдөн кураган. Корбашы деп аталгандардын көбү жыйырма-отуздан, же кырк-элүүдөн курап келсе, мунун басмачыларынын саны алты жүзгө чаап жетти. Башка корбашылардан анын өзгөчөлүгү укмуштай айла-амалкерлиги, кайтпас-каардуулугу, каалаган адамын сөзгө бат уютуп, арбап өзүнүн максатын аткартуудагы сөзмөрдүгү. Кайып атындай эле заматта көздөн далдоо болуп, заматта жолугаар адамга жетип баргандыгынан улам, аны билгендер «Кайыптан бүткөн. Чын эле кайып» дешет.

Катуу жер титирөөдөн улам Өзгөндөгү мунаранын үстүңкү бөлүгүндөгү кумпасы кулап түшкөн болчу. Келбети келишкен мунаранын жогорку тарабынын бүлгүнгө учурашы көргөндөрдү да, укканларды да ойго салды. Кээлери мунаранын көркүнүн бузулушуна кейисе, кээлери эчен тарыхты өзүнө камтыган эстеликтин урап калышына ичтери ачышты.

– Мунараны кайрадан калыбына келтирүү кимдин колунан келет? Ким ага жардам берет?

Бир чети мусулмандар үчүн мунара ыйык аталса, экинчиси шаардын көркү эле. Өзгөндүктөр келген-кеткендерге көрсөтүшүп, ошол мунара менен сыймыктанышчу.

– Элдин байлыгына астейдил көңүл бөлүп, соопчулук кылчу азаматтар барбы? – дешти көпчүлүк.

– Кимде-ким, мунараны калыбына келтирсе, эл ага бата берет. Эл аны элан кылып, ыраазычылык айтат, – деп көпчүлүк биринен бири сурап, кулак кагышты.

Бул кеп өрөөндө жашаган жергиликтүү кыргыз, уйгур, өзбек, түрк байларына чейин угулду. Байлык кармаган байбатчалар, бай балдары даңкталып, атак алыш үчүн биринен өтүп бири «мен бүтүрөм» дешип, көпчүлүк ортосунда мактанышты. Бирок, эч кимиси, чыгымын төлөп, ишти аткаруудагы убадасын аткара албады.

Бир күнү мечитте жума намазы окулган соң, көпчүлүк ортосунда мунара туурасында, кайрадан сөз болуп, аксакалдардын бирөөсү:

– Эй, бай балдары, байбатчалар, деги эле мусулман пенделери! Ушунча эл туруп, бир мунараны калыбына келтире албасак, баарыбыз үчүн уят. Көрүп-уккан, келип-кеткендердин кимиси болбосун, эли-жерибиздин дарегине сөз тийгизиши мүмкүн. Өзгөндүн эли ынтымакка келише албайбы? Жаамы биригип, бир мунараны бүтүрүп коюшса болбойбу? Аба-аксакал, эл бийлегендер, эмне кылып жүрөт дебейби? – деп суроо койду.

Көпчүлүктөн сөз чыкпады. Ортодо отурган Кайып:

– Калайык калк! Бул милдетти мен мойнума алайын. Мунараны жалгыз өзүм бүтүрөйүн, – деди.

Угуп-тургандардын кээлери баш ийкешип, макулдугун билгизишсе, кээлери ага ишенбей, дөөлөтүнө мас боло, алдыртадан шылдыңдашып:

– Ата-теги, эл-жери жок тентиген түркkө, мындай ыйык мунараны оңдоону ким коюптур, – дешип кемсинтишкен байлардын шылдыңына намыстанган Кайып, тууган-уругуна барып кеңешти. Алар:

– Эли-жерибиз Фергана. Ата-тегибиз ушул жерде түптөлгөн. Аны элге далилдейбиз, – дешип, баштатан угуп, билип жүргөн аалымдарга барууну туура табышты.

Булак-Башыдагы Ысак молдого барышты. Ысак молдо аларга илгертен бери эле түрктөрдүн териге жазылган санжырасын таап берди. Кайып молдо ага ыраазы болуп, бир ат ыйгарды. Санжыраны Өзгөнгө алып келип, баягы эле мечитте жума намазга келген байларга тааныштырды. Намаздагы көпчүлүк бир добуштан:

– Мунарадагы жооптуу ишти Кайып бүтүрсүн! – деп бүтүм чыгарышты.

Кайып баштатан даңазасын угуп жүргөн Оштук сынаакы уста Тешебайды алдыртып келип, мунараны оңдоого убадалашышты. Бир топ убакыттан соң Тешебай устанын чеберчилиги жана талыкпаган эмгеги менен мунара оңдолуп, өз калыбына келтирилди. Шаарда керней-сурнай тартылып, чоң салтанат уюштурулду. Көпчүлүк эл келип, Кайыпка жана Тешебай устаbaш болгон өнөрпоздорго бата беришип, ыраазылыктарын айтышты. Кайып көпчүлүктүн көзүнчө чебер уста Тешебайга жана

анын жардамчыларына кылган мээнеттеринин акысын ашыра берип, бардыгын ыраазы кылды.

Орто Азия республикаларында колхоздоштуруунун башталыш жылдарындагы кыйынчылыктарды пайдаланып, басмачылар кайрадан баш көтөрө башташты. Чет өлкөлөр совет бийлигине каршы үгүт-насаат иштерин ого бетер күчөтүштү. Жыйырманчы жылдардын башында элдин каарынан жашынаарга жер таппай Кытайга, Иранга, Афганистанга кире качышкан басмачылар кайрадан совет мамлекетине кол салып киришти. Өзгөн, Ноокат, Алай, Гүлчө райондорунда мурдагы байлар тарабынан куралдуу баш кесерлер топтору уюштурулуп, аларга Кайып паңсат, Жармат Максым сыяктуулар жетекчилик кылышты.

1923-жылдын аягында Түркстан Республикасында басмачылар куралдарын тапшырышып, моюн сунуп келишкен эле. Бирок, айрым корбашылар элдик түзүлүшкө кастарын тигип, душмандык иштерин күчөтүштү. Бийликке нааразы болгондорду тегерегине топтоп алган Кайып паңсат Өзгөн районунун калкына көп жапа чектирди. Элдин эгинин тартып алып, аракет кылган адамдардын башын кесип салуудан кайра тартпады. Мылтыктын огу, кылычтын мизи менен карапайым элдин жүрөгүнүн үшүн алды. Колхоз түзүлүшүн жокко чыгаргысы келди. Кан төгүүнү токтотуш максатында Кайып паңсат менен жалпы тил табышууга аракет кылып, нечен курдай ортого киши салып, атайын кайрылуулар жөнөтүлдү. Ош округунун отрядынын начальниги Ломанов 1930-жылы 30-июлда Өзгөндөн Кайыпка кат жөнөттү:

«Кайып! Дегинкиси сен анча эле аңкоо адамдардан эмессиң. Шартты түшүнөсүң. Ошондуктан сага кат жазып, кайрылууну туура көрдүм. Сен эң жаман оюнду баштап алдың. Эгерде азыр эле акылыңа келбесең, оюндун акыры сен үчүн жаман бүтөөрүнө ишенип кой.

Совет өкмөтүн кулатууга чамаң келбесин сен жакшы түшүнүшүң керек. Ал жөнүндө жазыштын да, айтыштын да кажети жок. Совет мамлекети Англиянын өзү менен да бекем келишим түзүп, соода-сатык жүргүзүп жатканын газеталардан окуп билерсиң дейм. Сен муну жакшылап ойлон да, өзүңдүн абалыңды

ар тараптан баалап көр. Жигиттериңди таратып, өзүң колго түшүп бер деп айтайын деп Ташкенден атайы келдим. Менин кеңешиме көнөөрүңө ишенем. Эгерде менин айткандарыма көнбөй дыйкандарды тоноп, басмачылык кыла берсең, мен отряддарым менен сага туш тараптан сокку урам. Эгерде өз ыктыярың менен багынып берсең, жигиттериң менен аман-соо каласың, – деп катуу убада берем. Тез жооп бер!»

Паңсат Ломановдун катына кулак салмак түгүл, жооп жазууну ойлоп да койгон жок. Көнгөн адатынча, тынч жаткан элди каратап, кордоп, өлтүрүп жүрө берди. 1932-жылы 15-августта Ноокаттын капчыгайында Кызыл Аскерлер менен ыктыярдуу отряддын мүчөлөрүнө кабылып, катуу салгылашуудан кийин, Кайып паңсаттын оң колу болгон Тажыбай окко учту. Басмачылардын көбү өлтүрүлүп, банда биротоло жоюлду. Элдик түзүлүшкө каршы чыккандар аз эмес болчу. Жыйырманчы жылдары далай күнөөсүз калктын өмүрүнө кыянат кылган басмачылардын кол башчыларынын бири Жармат Максым колу менен кылганын мойну менен тартып, элдик соттун чечими менен түрмөгө камалган эле. Бирок, ал камактан чыгып келгенден кийин да баягы адатындагыдай элди талап-тоноп, каратап, уурулугун уланта берди. Иниси Кожо паңсат Кудайбергенов менен бирдикте Совет бийлигине каршы иштерди улантты. Куралдуу топту уюштуруп алып, Шахимардандагы Сох мамлекеттик банкын каратады.

Жармат Максымды колго түшүрүүгө барган кызыл аскерлердин бөлүгүн, алар коргонуп жаткан мечитти орду-түбү менен өрттөп жиберди. Элдин ак мээнети аны алыска узаткан жок. 1929-жылы милиционерлер жана ыктыярдуу отряддын жоокерлерине каршы кагылышууда Жармат Максым өлтүрүлдү. Анын кара чечекей бир тууган иниси Кожо паңсат Кудайбергенов качып туткурбай кетти. Бирок, издөө – иликтөө менен Өзбекстанга качып кеткендиги билинди. Бир нече убакыттан соң Кожо паңсат Өзбекстандын Жизак районунда жашап жаткандыгы айкындала баштады.

Көрсө, ал атын, фамилиясын өзгөртүп Өзбекстандын Жизак районуна караштуу «Комсомол» колхозуна эсепчи болуп орношот. Ал жерде да жөн жүрбөстөн, зыянкечтик ишин уланта бе-

рет. Канчалык айла-амалдарды колдонсо да, Кожо паңсат элдин жазасынан кутулуп кете албады. Издөө бөлүмүнүн кызматкерлери анын ким экендигин аныкташты. Соттун чечими менен атууга өкүм кылынды.

Кайып паңсат Абдурасулов 1893-жылы Өзгөндөгү Баш-Дөбө айылында орто дыйкандын үй-бүлөсүндө туулган. Улуту түрк. 1921-жылы басмачылардын кыймылына карата паңсат болуп катышкан. 1922-жылдын 17-апрелинде Жаныбек казы менен бирге өкмөткө баш ийди. Мойдунбектин бандасын талкалоого катышып, милициянын командири болду. Ыктыярдуу отряд менен Жалал-Абаддагы Юлдаш палванды жок кылууга катышты. 1929-жылы кызматтан бошоп, айыл чарбасында иштеп, мал сатып соодагерчилик кылды. Ош кантонундагы Өзгөн, Араван, Анжиан округундагы жана Мархаматтагы түрктөрдү бириктирди. Кызыл Туу ордени менен сыйлоого көрсөтүлдү. Сыйлык ордуна кысымчылык көрсөтүлдү. Бул тууралуу Москва, Ташкенге арыз-данды. Жооп берилбеди. Ушундан кийин өкмөттүн алдамчылыгына нааразы болуп, басмачыларга кошулду.

Жер-суу реформасында жерин, малын алып, шайлоо укугунан ажыратышты. Башталгыч класста окуган уулун мектептен чыгарышты.

Башта тоготпой жүргөн ГПУдагылар Нарынга жер которуп кеткен Кайыптын артынан Удиловду сүйлөшүүгө жиберишти. Сүйлөшүүдө Кайып паңсат «баштагы кызмат ордун берүүнү, шайлоого катышууга укук берүүнү, налогду кайра кароону, укуксуз түрктөрдүн абалына көз салып, балдарын мектепке окутууну, мектептен чыгарылган уулун кайра алууну, түрктөрдү колхоздорго башкалар менен тең укукта мүчөлүккө алууну, алардан да жетекчи, төрага шайлоону талап кылды. ПП ОГПУ менен Кыргыз Борбордук Аткаруу Комитетинин тийиштүү документ берилсе куралын тапшырып, элди талап-тоноочуларга каршы, өзү чек арачылар менен бирге коргоого катышарын айтты.

Удилов анын сөзүнө ишенбеди. Кайып экинчи жолу да берген убадасын айтып кайрылды. Удилов ага оңдуу жооп бербеди. Кайыптын артынан аңдуу салды. Аны алдап колго түшүрүүгө аракеттенген Удилов баш болгон чекисттер менен 1930-жылы

10-апрелде кармаша кетип, Удиловду атып салып, биротоло басмачыларга кошулууга аттанды.

Кайып чарбалык иштер менен алектенип жүрүп, бир аз убакыт Өзгөн райондук милициясында иштеген. 1930-жылы Совет бийлиги тарабынан жүргүзгөн саясатка нааразы болуп, совет бийлигине каршы басмачылык топторду уюштурган. Кол топтоп, күчтөнүү максатында, бир нече ирет чет өлкөгө чыгып-кирип турган. Ош, Жалал-Абад, Өзгөн райондорунун аймагында өз иштерин эркин жүргүзүп, калкты совет бийлигине каршы үгүттөгөн. Анын аз сандагы куралчан тобу болгону менен артынан куугунтук түшкөн кезде айлакерлик менен колго түшпөстөн, улам изин жашырып кетип турган. 1932-жылы Тогуз-Тородо Ош уездик ОГПУнун башчысы С.Э. Гаевскийдин жетекчилиги астында болгон салгылашууда Кайып өзү уюштурган 25 куралчан желдеттер тобу менен Чоң-Алай тарапка өтүп кетүүгө мажбур болгон.

Чоң-Алайда Кайып тажикстандык басмачы, мурдагы милициянын башчысы Адыев Агзам паңсатка жолугуп кызматташууну макулдашат. Адыев Агзам кол алдында иштеген 30-40ка жеткен милиция кызматкерлерин өзүнө желдет кылып алган болчу. Кайып Чоң-Алайда Агзам паңсатты калтырып, желдеттери менен Ошту көздөй бет алды.

Ош аймагынын күжүрмөн отрядынын начальниги Ломанов 1930-жылдын 30-июлунда Кайып паңсатка атайын кат менен кайрылат:

Бирок, Кайып паңсаттан жооп болбоду. Элдин тынчын алып, талап-тоноону жана өлтүрүүнү уланта берди.

1932-жылы 16-август күнү Кайып бандасынын арасындагы тыңчылар тарабынан Жаңы-Ноокатагы өзөндөрдүн биринде жайгашканы тууралуу маалымат алынып, 10 коштоп жүрүүчү полкунун жана ички аскерлердин жоокерлери аларды жок кылуу операциясын жүргүзүү үчүн бет алышат. Көк-Жар айылынын аймагында кармашуу болуп, Кайып Төө-Моюнду көздөй качып жөнөйт. Артынан кууган коштоп жүрүүчү полкунун 10 жоокери жана ички аскердин бир жоокери курман болот. Артынан кууп жеткен Колесник Кайыпты атат. Кайып да аны атканга үлгүрөт.

* * *

Кашкарды уюктаган, жалаң гана Фергана аймагынан барган корбашы, паңсаттардын бири-бири менен бет келишип отурушунан улам, маанилүү жаңылык бардыгын ар ким өз ичтеринен боолголоп отурушту. Айрымдары кандай жаңылык экенин тез эле угууну самап, ичтеринен тынчсызданышып, кыбыла тараптагы эшикти улам-улам карай коюшат. Бир маалда башында аппак селде, үстүндө боз ала кымкап, ээгинде бөдөнөнүн куйругундай учтанган сакалы бар, сары чийкил, орто бойлуу киши эшиктен баш бакканча, ортолукка салам таштады:

– Ассалоому алейкум.

Салам менен кошо мындагыларды кыдырата караган анын ойноктогон көзү жырткычтыкындай заардуу эле. Беймарал отургандар үн чыккан тарапты кылчая карагыча болбой, кыбыла тараптагы эшиктин каршысында отургандар жабыла тура калышып:

– Алейкума ассалоом, – дешип жабыла алик алышты.

– Козголбогула? Козголбогула, азиз меймандарым, – деп, эки колун бир аз көтөрүп, манжаларын ирмегиледи да, үнүн кыраттуу чыгарып:

– Оо, дин исламдын айбаттуу арстандары!

– Бисимиллахи-ар-рахманир-рахи-им!...

Отурган орундарында катып, «тук» эткен дабыш чыгарбай тымтырс тыңшаган кишилер, моюндарын созушту.

«Оо, момун мусулман балдары! Мухаммед пайгамбарыбыздын азиз үммөттөрү! Учурда Орто Азия мусулмандарынын абалы өтө оор бойдон калууда. Дин ислам, ошол дин исламдын ыйык мыйзамы-акыйкат шарият жолу булганып жатат. Кафир балчебектер мусулман балдарына кысым көрсөтүп, зордук-зомбулук менен өз билгендерин жасашып, пенделерге забыр кылышууда. Элди динден чыгарып, аялдарды кордоп, балдарды тирүүлөй өрттөшүүдө. Ыза-кордукка чыдабаган момун мусулмандар көтөрүлүшкө аттанышты. Абал оор болгондуктан, бир боор мусулман биригип, кафир-балчебекке каршы газават ачуу керек! Шашылыш түрдө мусулман баласын кафирдан куткарып алуу, ар биримиздин ыйык милдетибиз.

Ооган тараптан миңдеген кол курап, атактуу казы Ибрагим бек менен Фузаил Максум, Түркстандын баатыры Жунаид хан кызыл аскер менен катуу салгылашышты. Кашкар тарабындагы жарак көтөрүүгө жарактуу бүткүл мусулман баласы, Кашкардан чыгып, бүткүл Фергана өрөөнүн каптап кирип, кафир-балчебектерден бийликти тартып алып, Орто Азияга ислам халифатын орнотууга шашуу керек!

Газават! Кафирларга газават! Кафир-балчабектерге газават ачышка даярдангыла! Ыйык дин исламды коргоп калууда бир колго курал кармап, бир колго Кудай ыйгарган ыйык Куранды кармап аттанып, кайырдиндегилерди талкалоодо Мухаммед алейсаламдын жашыл туусун көтөрөлү!»

Отургандардын ар кимиси ичинен уйгу-туйгу болушуп, өзүнчө дүрбөлөңгө түшүп:

– Я, Алла-а!

– О, Жараткан өзүң жалга?

Корбашылардын уу-дуусу дамылланы ого бетер эрдемситти. Жүзү жаркып, көздөрү күлүмсүрөп, улам сакалын сылап:

– Инша Алла, Инша Алла, – деп сөзүн улады. – Кафирлардан өч алаар убакыт-саат келип турат. Туурабы дин исламдын айбаттуу арстандары?

– Туура, туура!

– Касиеттүү каттын маанисине, бардыгыңардын баамыңар жетти көрүнөт. Жамы мусулман баласынын ырыс-ыйманын исламдын кафирлардан сактап калышта сиздер жана мына шу, өзүңүздөр кең Ферганада курулчу мусулман калифатынын аки-ми-өзүңүздөр болоруңарды эстен чыгарбагыла.

Андыктан күн кечиктирбей кол курап, мына шу алты шаардан чыгып, ата-конушубуз-асыл Ферганага жабыла кирүү ладзим,– деп, ар бирине милдет тага сүйлөп келип:

– Оо ата конушубуз асыл Фаргана! Асыл Фаргананы кафирбалчебектердин арам жытынан аласташка даярсыздарбы, дин исламдын айбаттуу арстандары?

Дамбылданын муңканган добушунан улам меймандар тыннымга дым боло калышты. Жым-жырттыктан пайдаланган дамбылда, тигилердин жүзүнө көз чаптырып, кайра кырааттуу үнүн көтөрдү:

– Биз кафирлардан кетпес кегибизди алып, киндик кан тамган ата конушубузда жеңишке жетишип, мүрөктөй тойбогон суусунан татып, гүл жыттанган абасынан дем алып, бейиштин төрүндөй болгон жерибизде кенен басып жүрүүгө насип эткейсиң! Тууган-уругубуздун жүзүн көрүп, бала-чакабыз менен аман-эсен жүз көрүшүбүзгө жол ачкайсың Алла! Ээ Алла, өзүң бизге жар боло көр? Пенделериңдин ниетин бер? Биздин ар бирибиздин чапкан кылычыбыз, аткан огубуз кафир-балчебектерге ажал болсун, жолубузду ача көр о, Алла!

Дамбылданын көкүрөктү жашыткан муңайым добушу, баягтан бери, анын ар бир сөзүнө муюп отургандардын сезимине жетип, көбүнүн көзүн жаштаса, көбүнүн мүрүлөрү титиреп, туулган жер, тууган-урук, үй-бүлөлөрүн кайра эске салды. Ал ушул абалды күтүп турганбы, өзүн колго алып, үшкүрүнө:

– Биссимиллаир-рахманир-рахим!... Кана, энди, таксырлар, ушул ыйык катка жооп кылгайбыз? – деп ак жибектеги катты өөп, отургандарга узатты.

– Оо, касиеттүү шейхул-ислам! Сиздин бизге айтканыңыз пайгамбардын айтканындай эле угулду. Мына ушул каттагы сөздөрдү ыйык курандагы бир Алланын сөзү деп билебиз. Биз бир тууган мусулман балдары, бир жеңден кол, бир жакадан баш чыгарып, кафир-балчебектерге каршы ыйык газабатка аттанабыз. Дин исламды сакташка казат жолуна аттанышыбызга Алла өзү жар болсун. Оомийин!

Ортодо турган олбурлуу Жаныбек кат жазылган ак жибекти алып, бир четинен аяр кармап, тооп кылганча, алаканын алга суна, тилегин айтканда, отургандар жабыла кубатташты.

– Оомийин!

Катты отургандар элпек эңиле колдоруна алып, биринен-бири өтө тооп кылып жатышты. Ар биринин көз алдына Ферганага баштаган газават көрүнүп, кыялдары кең Ферганага алып учту.

– Э, Алла, ушул бет келишип, чогулуп отурган момун мусулмандардын, бөтөн жайда карып болгон туугандарымдын алдында ант оозанам! Мен көптөн бери дин ислам туусун бийик көтөрүшүп, мусулман ураанын чакырып, кафир-балчабектерге каршы аттангамын. Асыл Фарганамдан кафирларды жоготмоюн бел

чечпей күрөшөм. Ыйык газават жолу бизди бириктирип турат. Дин ислам салтанаты үчүн күрөшкө аттанган жамы мусулман балдарына Алла кубат бергейсиң? Дин ислам үчүн ыйык газават жолунда курман болууга биз даяр! – деп Осмон эшен ордунан элпек туруп, өңүн сурдантып көптүн алдында убадасын берди.

Ак жибектеги кат отургандарды бир айланып келип, Жаныбектин колуна тийгенде, ал обдулуп ортодогу дамбылдага кайрылды.

– Оо, таксыр! Дин исламдын айбаттуу арстандарына улук жортуул жолунда, ыйык газават жолунда ак батаңызды бергейсиз?

– Оо, мусулмандар! Казат жолунда, көз жумгандар шейит, кафирди кыргандар казы. Алдыда ар бириңди сыймык күтөт. Дин ислам үчүн аттанган ыйык газаватта эч кимиң, эч качан жүрөксүбөгүлө. Ыйык газават жолунда кайырдин балчабектерди эч аео болбосун. Кайырдиндегилерди канчалык көп кырсаңар, ошончолук күнөөңөр сап болуп, жетимиш жети бейиштин эшиги силерге ачылат.

Бир Алланын амири бизди газаватка аткарып жатат. Алла досу Мухаммед пайгамбардын касиети колдосун! Жамы мусулмандардын тилегин кабыл кылгайсың Жараткан Алла! Оомийин!

– Оомийин.

Корбашылардын алакандары жапырт көтөрүлүп, коштогон үндөр жамырай чыкты.

– Алла, мусулман жолун ачкайсың.

– О, Кудай биздин тилегибизди бер?

* * *

Жылдын кеч күзү. Бу маалда сырт эбак кар жамынып, суук күчүнө кирип калган. Чарбадарлар эңкүүлөп кетишип, бийиктеги жайлоолор ээн. Ушул шартты пайдаланып, Осмон эшен баш болгон Төрөбай менен Айтмарек жетектеген топ чек арадан билинбей союз тарапка өтмөк болушту. Бирок, алардын оюнда «Кантип билинбей өтүүгө болот?» деген күдүктөнүү бар эле. Себеби, тоолордун бетин эбак кар басты. Жылга жыбыттарда ат эмес, арс чычкандын изи айкын көрүнөт. Күн бүркөлүп, кардын

жаашын күтүү керек. Жаңы кар өткөн изди басып калып гана чек арачылар азгырылбаса, эски кардын бетинен бир аттын эмес, көп аттардын баскан кадамдары саналаары айкын.

Тоо ичинде шамал үйлөгөн бороон али баштала элек. Көбү аны ойлоп, бушайман боло, тоң май жегендей кыжалат эле.

Канчалык кыйынчылык, кандай кырдаал болсо да, аракеттенип, ойлонгон кишиге жол табылат тура. Аны Жаныбек жакшы билет. Ары кексе, ары куу, башынан көптү өткөрүп, эчен жолу из жашырып, жети күн жаан жааса да, желбегей жамынган тонуна тамчы тийгизбеген казы жолун тапты.

Аттардын туяктарына таканы тескери кадоого кеңеш берди.

– Аттардын канаты жок, учуп өтө албайт. Канткен менен ак карда из билинбей койбойт. Андып, арттан түшүп, из куугандарга атчандар кытай тарапка өткөн болот. Чек арачылар из менен алектенип жатышканда, ичкери тарапка шуңгуп кирип, алыстап кетпей жан жокпу? Дагы бир көңүл бура турган маселе ат туягына кийиз орогула, аттардын чоң баскан арымын шилей жүрүп, мал, же көп толозду айдап келиптир, – деп ойлошот.

Эчен жолу атайлап салынган капканды астейдил сактанып, байкабай калган учурларда да, ар бир басар кадамынан шек санап көнгөн ары сак, ары куу түлкүдөн да амалдуу болгон басмачылар издерин итке искетпей, аяр жакындап жылма басып, жылып келе бериштп. Эч кандай шек билинбейт. Чек арачылар тургай, түнкү караңгылыкта караган-бутаны, таш-коңулду паанектеген канаттуу куштар, илбээсиндер алардан чочуп, уча качышкан жок. Тоо ичинде бейпилдик өкүм сүрүп турду. «Кийиз байпак» кийген улоолорун илкий бастырышып, аярлана ийри жыландай ээрчише, дабыш чыгарбай келе жаткан топко шектүү караандар байкалбады. Чек ара аталган кыр жонго жете берээрде, демдерин ичке катып, кээлери «Алда Кудайлашып» улоолорун теминүүдөн жазганышты. Алар күткөндөй аңдып жаткан солдаттар, жермежер боло жабышып, бугуп жатпай эле ташка, кокту-колоттогу кар күрткүгө айланышып, көп караан жакын келгенде капылетген «тарс» дегизе асманга ок чыгарышып, анан аны коштогон ар-ар жердеги, кокту-колоттогу томпойгон дөбө, таш кыймылга келе мылтыктарын сундуруп ок чачып, алардын үнүнөн тоо жаңырбады. Кулак-мурун кескендей жымжырттык, аларды андан бетер кооптондурду. Кай жерден ак карга айланып, аңдып жаткан солдаттар шоп эте тура калып, курал кезерин күткөн топ, жүрөктөрү алкымдарына келе, куйругун чатына кыскан карышкырдай ары жак, бери жактарын шектене, акмалай карашып, ат жалына өбөктөшө, караандарын жашырышкан болушат.

Жөө туман баштанып, акырын сүрүлө кыр жондон ашып, эңкүүлөй беришип, баятан бери ичтерине каткан демдерин чыгарыша, ичтеринен жаратканга жалбарып жатышты.

– Кудай өзүң сакта?

– Айланайын Алла, өзүң жар боло көр?

– Балакеттен сакта? – дешип, буттарынын учтары менен жумшак теминишип, тизгиндерин кага алга шашылышты.

– «Старик чек арадан өтүүгө камданып жатат», «Жолго чыгышты» деген маалыматтардан улам чек ара заставасынын жетекчилери, алдын-ала ыңгайлуу жайларга жоокерлерди бөлүштүп, жайгаштырышкан. Алар басмачылардын ар бир кадамын, ат үстүндөгү кыймылын эсепке алып турушкан эле.

Баятан бери өр тарткан жолоочулардын аттары, аяр бастырышкандан улам биринде, кадам шилтеп келген болсо, эми эңкүүлөй жүрүп, кээ жерлерде тайып, басыктарын ылдамдатышты. Кара-Белдин ашуусунан куюлуп түшкөн топ, Көк-Суунун боюндагы колотко келишкенде «топ-топ» эте аттарынан түшүшүп, аттардын туяктарына оролгон кийиздерди чечип алышты. Түнкү караңгылыкта Курбунун зоолору үлбүл көрүнөт. Бу тараптагы Кулжа-Башыны ашкан жол Терек дабанынан, аңдан түшүп, Үч-Чат, Сары-Күчүк аркылуу, Терек айылына алып барат. Бул тараптагы жол Кара-Бел аркылуу Дүңгүрөмөгө жетип, Ой-Балага оойт. Андан Кызыл-Агын аркылуу Көк-Сууга келип, Эркечке жетет. Эркеч аркылуу Бүлөлүгө түшүү ыңгайлуу.

Бүлөлүнүн тоолору тик, капчыгайлары кууш болгону менен ашууларды ашып, бир тарабы Алайкууга, экинчи тарабы Кара-Кулжа, Өзгөнгө сырттан жетүүгө болот. Бул жолдордон эч ким шек санабайт. Көзөмөлдөгөн да эч ким жок. Кашкарга ашып, Кытайга кетчүлөрдүн көбү Бүлөлүгө келишет. Бүлөлү аркылуу өткөн жол татаал болгону менен аралыгы жакын. Бүлөлү аркылуу

Алайкууга баруучулар капчыгайды өрдөшөт. Эдилбекке келип, Демөөргө өтүп, Чептен Алдакулга, андан Алайкууга кетет. Кайра кайрылган жүргүнчү Чоң-Бүлөлүгө, андан Абышка-Оозуна, Чеп-Чатына барат. Чеп-Чатынан Эркеч Ашуусунан ашып, Көк-Сууга келет. Көк-Суунун башы Кызыл-Агын, Ой-Бала, Дүңгүрөмө, Кара-Бел Кытайдын тоолоруна туташып турат.

Түн баккандар Көк-Сууну кечип өткөн соң, аркы өйүздөн Көк-Суунун ичи аркылуу жүрүшүп, бирин-серин кыштоолордон кыя өтүп, тоолуктардын айылдарынан четтеп, элдүү айылдарга барганда бириндеп, ар-ар жылгадан түшкөн болуп, Ош тарапка сапар алмак болушту. Алар бир азга тынык алышып, шектүү кийиздерди күбүрлөргө тээп, кар менен көмүшкөн соң, жолго аттанышты. Ашууну ашкандан кийин, эт бышым убакыт өткөндө чек ара тараптан «дүңк» эткен катуу үн чыгып, асман бети жарый түштү. Басмачылар моюндарын созо, жапырт ошол тарапка көңүл бөлүштү.

– Сактанам дегенди, кудай өзү сактайт. Чек арачылар эч нерсени туйбай, уктап калышкан экен. Текшерип келишкендери өткөн издерди көрүп:

– Изди өткөрүп жибериппиз дешип, бирин-бири тескеше беришсин! – деди табалай күлүп, топ башы. – Эми жазганбай жүрүп, таң менен эл аралап кирип кетели. Катуу-катуу бастыргыла, аттарды! – деп өзү темине алдыга түштү.

Көк-Суу жайлоосу өзгөчө жер го чиркин. Бир караган-бутагы жок жылаңач көрүнгөнү менен гөдөөсү тушарга чыгып, эрте жаздан кеч күзгө чейин, тулаңы килем сындуу түрлөнүп турат. Эртекеч соккон желден улам тоо-ташты жыш каптаган бетеге тарамтарам болуп, көл бетиндеги толкундай көлкүп турат. Аймакты жара аккан Көк-Суу дарыясы коондун тилигиндей болуп, баш аягына көз жетпейт. Тээ башаты Эшей-Зоо, Шоро, Кара-Талаа, Ак-Сороң, Бекмырзанын Кара-Ташы, Дүңгүрөмө, Суук-Төр, Ой-Бала, Кашка-Суу, Кызыл-Агындан башталып, ар жылгадагы мөңгүлөрдөн ийиген булактар бири-бирине кошула берип, кайберендер мекендеген зоолордун этегине келгенде, ат өтө алгыс дарыяга айланат. Андан бери да ар жылгадан тик ылдый энтеңдеген көк кашка булактар кан тамырдай болуп Көк-Сууга кошула берет.

Эзелтен ылайланбаган суунун тунуктугу көкмөк болуп, канчалык сүрдүү, улуу болсо да, ичиндеги ар кыл таштар айкын көрүнөт. «Күү-шау» этип, шашыла аккан дарыя, жайлоого шооку мун чачып, оштонуп, бирде өйдө, бирде төмөн соккон мустактын желинен улам жон-жондордо, те чокуларда жүргөн адамдарга угулуп, угулбай көңүлүн өзүнө буруп, чаңкоосун кандыргансыйт. Ууртаган сайын тамшандырган даамы, тиш какшаткан муздактыгы, таптаза, асмандай көкмөк болуп көрүнгөн тунуктугу көргөн адамдын көңүлүн эргитип, өзүнө тартып турат. Жайлоонун бышкан мезгиличи? Көрктүүлүгүн айт. Көргөн адамдын көз кумарын алган, суктанган адамдын сугун арттырган ажайып кооз көрүнүш, салкын төр, таза аба, жапжашыл тоо-талаа бейиштин өзүндөй эле болуп сезилет. Жайлоонун керемет көркү адам баласын гана тартпастан, айдап барган малды да өзүнө тартып, арбагы чыгып, арып барган жандык эки-үч күндүн ичинде эле жем жеп бордолгондой ойноп кетет. Жайытынын кенендиги, чымынчиркейдин жоктугунан улам, жылкылар илелеп, шыйпануудан зеригип, секирип ойноп, же көк тулаңдын үстүндө төрт бутун кенен сунуп, магдырап жата берет.

Жайлоонун касиети улукпу, же келгенди өзүнө тартабы, бир көргөн адам, кайра-кайра барууну адатка айландырат. Жайлоонун жайы ушундай жагымдуу болгону менен кышы өтө эле татаал. Мөңкүп аккан дарыя жоошуп, уктагансып, тизеден калың кар чүмкөп, жалтыраган музга айланса, керилип жаткан кең аймак ак чүмкөнүп, агарган кардан башка жан жоктой. Ызылдап кар учурган бороон улуп, булут чүмкөп, күндүн бети көрүнбөйт.

1927-жылы июнь айында Өзгөндө Жаныбек казынын тобу менен кармаш болду. Ал өзү Кытай тарапка кетип, чек арадан өтүп келип, кол салып турган. Жаныбек корбашынын адамдары бир түндө мектепти, айылдык кеңештин имаратын өрттөшүп, дүкөндөрдү талашты. Алардын колунан 19 адам, 4 мугалим, партиялык уюмдун катчысы, комсомолдор, активист дыйкандар каза тапкан. Банданы жок кылууда ГПУнун кызматкерлери, ички аскерлер менен биргеликте Төлөнбайдын жетекчилигинде милиция кызматкерлери катышты.

* * *

Кыргызстанда ислам диний мектеп, медреселердин саны кыйла көбөйгөн эле. Заман талабына ылайыкташкан жаңыча усулдагы «Усили жадид» мектептери калыптанып, анда диний мүнөздөгү сабактардан тышкары жалпы билим берүүчү эсеп (арифметка), жаропия (география) окутулуп, үбаска (карта) такта, үстөлдөр колдонула баштаган болчу. Жаңы усулдук мектептер кыргыз балдарынын билим алуусуна салым кошуп, ал мектепти бүтүргөн балдар кыргыз интеллигенциясын түзгөн. Кыргыз элин Чыгыштын кээ бир диний, адабий, санжыра-тарыхый мүнөздөгү чыгармаларын сабатын ачып, билим алган адамдар элге окуп, же айтып берип алардын мазмуну менен тааныштырышкан. Санжыра биринен-бирине көчүргөн кол жазма түрүндө тараган.

Кыргыз автономиялуу облусунда 1925-жылдан баштап сабатсыздыкты жоюу боюнча атайын комиссия иштей баштап, ликбез (ликвидации без грамотности) деп аталган мектептер ачылды. Сабатсыздыкты жоюуда каражаттын тартыштыгы кедергисин тийгизип жатты. Калкты окутуу кыйла жанданса да, бир нукка түшкөн жок. Улам убакыт өткөн сайын ликбез мектептери, кызыл үй, кызыл бурч, кызыл чайкана, кызыл кырман, аялдарды окутуунун көптөгөн түрлөрү колдонулуп, окуп, жаза билгендердин саны көбөйө берди.

Жаңы экономикалык саясат бурулуш жасап, ага удаа коллективдештирүү компаниясы башталды. Борбордук бийлик агрардык секторду өзү көзөмөлдөп, колхоз чарбасын уюштурууну тармушка ашыра баштады.

Колхозго киргизилген жеке менчиги жок адамдар өз эркиндигинен кол жуун, «жетекчилерге» көз каранды абалда калды. Колхозчулар өз эмгегинин жыйынтыгына кызыкпастан эч демилгесиз, көрсөтмө менен гана иштеген жандар болуп калышты. Жеке эле колхозчулар эмес, жалпы советтик массаны иштетүү да, буйрукчул жолдун калыптанышына жол ачып, администрациячыл буйрукчул система орноду. Бийлик менен байлыктан ажырагысы келбеген буржуазияны күч менен кулатуу жана аны жоюу жөнүндөгү Жобону жетекчиликке алган большевиктер

бийликти тартып алаар замат, кандуу репрессияны колдонуп кирди. Ачык айрым, көрүнүктүү тап душмандары жоюлса деле, алардын куйруктарын, сырткы душмандардын өлкө ичиндеги агенттигин, колдоочуларын ж.б социализмге тымызын кастарын тиккендердин тамырын кыркуу күн тартибине коюлуп жатты.

Буржуазиялык адистердин «зыянкечтери» деген компания башталып, ал партиянын үгүт иштерине кеңири жайылтылды. Өндүрүшкө «катуу зыян келтирген зыянкеч» деген ири уюмдардын бети ачыла баштады. «Контрреволюциячыл уюм» делип, көптөгөн жергиликтүү адамдар соттолду. «Кулакка тартуу», «Эл душманы» деген жүрөк түшүргөн жардык пайда болду. Андай аталгандарды эч соттоосуз эле «үчтүктүн» (ар бир администрациялык бирдиктин райондук, облустук партиялык жана советтик жетекчилик менен НКБ (КГБ)нын ошол жердин башчысынын чечими менен атып, же түрмөгө кесип жиберип жатышты. Айрыкча большевиктердин казабына дин кызматкерлери, сабатуу интеллигенциянын айрым өкүлдөрү туш келди. Алар эч аеосуз атылды, камалды, сүргүнгө айдалды. Болбоду дегенде малмүлкү тартып алынды. Диний уюмдар, мекемелер, сыйынуучу жайлар талкаланды.

* * *

Кыргыз АССРинин Аткаруу кеңешинин 1928-жылдагы №38-протоколунун негизинде Өзгөн өзүнчө район болуп түзүлүп, борбору Өзгөн шаары аталды. Жалпы аянты 3,4 миң чарчы км түзүп, калктын саны 206037 деп тактaлды.

1927-жылы 27-декабрда Сталин «Кулактарды тап катары жоюу» ураанын жарыялагандан баштап өлкөдө дыйкандардын бир бөлүгүнө массалык репрессиялоо башталды. Коллективдештирүү жүргүзгөн райондордо кулакка тартуу күч алды. Социалисттик чарба жүргүзүүдө кыйынчылыктарды «бүлдүрүүчүлөр», «эл душмандары» зыян келтирип жатат деген шылтоолор менен жалган жалааларды таңуулашып, элдин көңүлүн башка жакка буруу саясаты башталды. «Буржуазиялык идеологияга каршы күрөш» деген шылтоо менен жаңы бийликке жакпаган элементтерди жок кылууга, репрессияны улантууга ыңгайлуу

шарт түзүлдү. Бул саясат Кыргызстанда күч алып, буржуазиянын идеологиясына берилгендерди издөө жана табуу иши күчөп, бор-бордогу саясатка ылайык «Троцкийчил», «Алаш», «Туран» оңчул жана солчул опортунисттерди советтик, партиялык жетекчилердин, интеллгенциянын арасынан таап, катуу чара көрүү колго алына баштады.

Республиканын түштүгүндө жер, суу реформасын жүргүзүү учурунда ВКП (б) Кыргыз облустук комитети бай-манаптар, кулактар ээлеп келген жердин эсебинен дыйкандардын каражат күтүүсүн камсыз кылууда совет органдарынын жана милициянын ишмердигин күчөтүү боюнча чараларды көрдү. Бай-манаптардын зордук-зомбулугуна каршы күрөш жүргүзүүдө революциячыл тартипти орнотуп, социалисттик закондуулукту күчөтүү колго алынды.

Бай-манаптар, кулактар мурда таш-талканы чыккан басмачылардын шайкаларынын калдыктары коллективдүү чарбаларга каршы алынын жетишинче күрөшүүгө, айыл активдерин, коммунисттерди өлтүрүүнү тымызын жүргүзүп жатышты. Колхоздук түзүлүшкө көбүрөөк зыян келтириш максатында тап душмандары малды өздөрү гана жок кылбастан, башкаларды колхозго өтөөр алдында колдо болгон малын союп, жок кылууга үндөштү.

Өлкөдө кедей-дыйкандарга жер бөлүштүрүү башталганда, майда басмачылык топтор компанияга каршы кыянаттык кылууну күчөтүштү. Жер алгандардын үйлөрүн өрттөшүп, коркутушуп, а түгүл атып да кетип жатышты. Милиция кызматкерлери Т. Машраповдун жетекчилигинде колхоздун мүлкүн кайтаруу, көз жазгырып жүргөн басмачылардын башчыларын жана катылган куралдарды, ок-дарыларды табууда чоң иштерди жүргүзүштү. Ошону менен бирге пахтачыларды, механизаторлорду басмачылардын кол салуусунан коргошту. Бул иште Өзгөндөн Т. Машраповдун Байымбет Эшиев, Момун Сатыбаев, Повел Осошков (ак желке) сыяктуулар эл менен бирге болушту.

1927-жылы 18-августа кечки саат беште Ош түрмөсүндө Жаныбек казынын камактагы шайкалары кароолчуларга капыстан кол салып, куралдарды тарттырып алышат. Кабар боюнча ыкчам жетип келишкен ГПУнун, милициянын, партиянын уюмдун жетекчилери жана кызыл аскер менен бандиттерди кармоо операциясын жүргүзүштү.

Басмачылардын бир бөлүгү түрмөнүн кеңсесинде калгандар казармаларга, арыктарга бекинишет. Атышуу түнү бою улантылып, эртең мененки саат 06да гана аяктайт. 46 басмачы өлтүрүлүп, калгандары колго түшөт. Милиция кызматкерлеринин үчөө каза таап, алтоо жарадар болушат. Кармашта Ош шаардык милициясынын начальниги Атажан Сулайманов баатырларча курман болот.

Мал уурулук жана зөөкүрлүк фактылары боюнча 7 көрсөтмө сот өткөрүлүп, адилет чечим чыгат. Ноокат, Өзгөн, Алай, Гүлчө райондорунда мурдагы корбашылар Гайып пансат, Ярмат максум баш болгон куралдуу топтор пайда болду. Ярмат максум 1929-жылы кенже иниси Хожо пансат Кудайбергенов сүргүндөн кайтып келээри менен антисоветтик иштерди жүргүзө баштайт. Куралданган кылмыштуу тобу Шахимардандагы банкка кол салып, Кызыл армиянын бөлүмчөсү коргонушкан мечитти өрттөп жиберишет. Ярмат максумга атышууда ок тийип өлөт. Бир туугандан иниси жат ысымга жамынып алып, Өзбекистандын Жизак районундагы «Комсомол» колхозунда эсепчи болуп иштөө менен чыккынчылык иштерди уланткан.

1927-жылы Сузак волосунда мурда Жаныбектин жүз башчысы болуп келген Мырза Ахмедов ууру-кескилерден банда топтойт. Элге жасаган кыямат кылмыштары үчүн ал көп жылга кесилген болчу. Бирок, качып чыгып, өзүнүн эски жан-жөкөрлөрү менен элдин мал-мүлкүн каректай башташат. Өзүн «эшен» деп жарыялап, өз шайкасын ырым-жырымчыл туруксуз адамдар менен толуктайт. 1929-жылы 13-январда Жалал-Абаддан алыс эмес, Сартлар деген жердеги кыштакты талап алып жаткан жеринен уголовный розысканын кызматкери Ш Рамазанов жана милиционер Козляков көрүп калышат. Көп сандаган бандалар менен таймашып, Рамазанов курман болот. Козляков оор жарадар эле. Кылмышкерлерди Ноокатта кууп жетишип жок кылып, Мырза Ахмедов колго түштү.

Кулактар совет бийлигине каршы ушак таратышты. Эл арасында билинбей жүргөн ак гвардиячыларды, буржазиялык улутчул уюмдарды колдошту. Бандиттик топторго кошулушту.

Салык төлөөдөн баш тартышты. Кара санатайлык кылышып, эгинди чала чабышты, машак терүүнү атайлап уюштурушпады. Совет өкмөтү колхоздук түзүлүштүн бекемделишине колунан келишинче тоскоолдук кылып, бут тоскон кулактарга карата чечкиндүү жана чукул чара көрүүгө мажбур болду. Кулактардын эксплуататордук аракеттерин чектөө максатында аларды тап катары жоюу колго алынды. СССР Эл Комиссарлар Совети 1930-жылы 1-февралда «Айыл чарбасын социалдык кайра куруунү бекемдөө жана туташ коллективдештирүү райондорундагы кулактар менен күрөшүү чаралары жөнүндө» токтом кабыл алды.

1928-1932-жылдар аралыгындагы Совет өкмөтүнүн колхоздоштуруу саясатынан улам бай, бий, болуш, ал тургай чарбадар дыйкандардын мал-мүлкүн, жерин ортолукка алып, өздөрүн ар тарапка сүргүнгө айдоо тоолуктарга өтө эле өөн көрүнүп, аман калуу аракети менен чектеш жайгашкан өлкөлөргө качууга аргасыз болушту. «Мал ачыгы, жан ачыгына» кабылып, өзүн эл-жеринен кубалаган Совет өкмөтүнүн өкүлдөрүнө большевиктерге нааразылык күчөп, аларга каршы курал көтөргөн абал пайда болду. Ортолуктун ишин бүлүндүрүп, активдерди жазалоодон кайра тартпаган бирин-экин майда топтор, улам ирелешип отуруп «динди, эркиндикти коргоо» деген жарлыкты бетке тутканкыймыл көтөрүлүшкө айланды. Жеке адамдардын өз байлыгын, кызыкчылыгын, укугун коргоо аракеттери барып-барып улуттук күрөштүн жаралышына себеп болду.

1929-жылы Сталин «туташ колективдештирүү» саясатына удаа эле «кулактарды тап катары жоюу» ураанын жарыялады. Кулактарды тап катары жоюунун маңызы, аларды негизги өндүрүш каражаттарынан ажыратуу болуп саналган. Кулактар менен бай-манаптар үч топко бөлүнүп, биринчи топко «контрреволюциячыл бай-кулак элементи» кирген. Экинчи топко чоң байлар, бай дыйкандар, уруу аксакалдары, таасирдүү дин кызматкерлери, үчүнчү топко калган бай-манап, кулак чарбалары кирген. Алар Кыргызстандын аймагынан тышкары жерлерге, өз айылкыштактарынан башка жактарга көчүрүлгөн.

Айылдагы бай-манаптар бардык дыйкандарга карама-каршы коюлган. Бул алардын аябай кыжырданууусун келтирип, курмандыктарга алып келген. Айыгышкан, ачык куралдуу чыгууларга

чейинки каршылык көрсөтүүлөргө алып келген. Дыйкандардын нааразылыктары куралдуу көтөрүлүшкө чейин жетти. Чек ара райондорунда байлар малын чет өлкөгө айдап көчүп качышкан. Өзгөн, Алай, Гүлчө районунда көтөрүшчүлөрдүн катарында 50дөн ашык адам кетишкен.

Большевиктердин дыйкандарга карата зордуктоо саясатына нааразылык билдирилип мал-мүлкүн, эмгек шаймандарын жок кылуу, өрттөп жиберүү болду. Репресиялар күчөдү. Украина менен Түндүк Кавказга көчүрүлдү.

* * *

Коллективдештирүү башталган жылдары Орто Азияда совет бийлигине каршы козголуп, элди тукурган контрреволюциячыл күчтөр кайрадан баш көтөрө башташты.

Сүйлөшүүлөрдү жүргүзүүдө Совет бийлигин таанып, өз ыктыяры менен багынып берген басмачылар мурда жашырып койгон курал-жарактарды кайрадан колдоруна алып, кан төгүүлөрдү улантышты. Айылдарды өрт каптай баштады.Алардын катарында Жаныбек казынын жолдоштери кайрадан пайда болду. Ага кошулуп Төрөбек (Жаныбек казынын уулу), Баатырбек, Айтмарек корбашылар, Кайып пансат, Рустам Эшен жана башкалар совет бийлигине каршы чыгышып, алгачкы курмандыктар пайда боло баштады. Ош шаарындагы чекисттер Хохлов Тимофей Феодорович, Удилов Николай жана Араван-Бура райондук аткаруу комитетинин терагасы Мамеджанов мыкаачылык менен өлтүрүлдү.

Дайыма эл керегине жараган Камчыбеков Кадырбек менен Карабеков Жамшитбек Совет бийлигинин чакыруусу менен күжүрмөн ыктыярдуу отряддагыларды чукул арада айылдардан чакырып, кайрадан куралдарды колго алышты. Бирок, басмачылык кыймыл элдин колдоосуна ээ боло албай, тез эле ыдырап, талкаланды.

Фергана горнизонунун башчысы Софонов Исфайрам дарыясынын жээгинде жашаган жергиликтүү элди «Жети жашынан жетимиш жашка чейинкилерин кырып салууга» буйрук берди.

Бул кабар жергиликтүү элдин үрөйүн учурду. Исфайрам тегерегиндегилер не кылаар айлаларын таппай, кимден жардам күтөөрүн билишпей, алдастап калышты.

Бул кабар жөн жеринен чыкпаган эле. Кызыл аскерлер менен кармашып, качып-бозгон басмачылардын бандалары Фергана өрөөнүндөгү тоолорго барып жашынышкан болчу. Алыскы тоолорго атайлап жумушу барлар, тууган-уругун издегендер гана барбаса, жөн адамдар, ал жакка барып, эмне кылмак. Ээн кокту-колот. Бийик аска-зоолор арасы ээн-эркин. Аз гана тоолуктар арасында кимдин ким менен иши бар. Тоо башына чыккан адамга ээн сай, кокту-колотту өрлөп келе жаткандар алаканга салгандай көрүнүп турат. Ал ким, мал издеген чарбадарбы, же мал уурдап бараткан ууру-кескиби, улоочонбу, куралы бар-жогу айкын байкалат. Куугун келсе, тоо ичинде кармашып, атышуу өтө ыңгайлуу. Эгизде жайгашкандарга тээ төмөндө, же туурадан келе жаткандар заматта жете алышпайт. Жатып алып, камырабай, бирден терип, атса да болот.

Исфайрам менен Шахимардан дарыяларынын аралыгындагы тоолордун коңулдарында, аска-зоолордун далдоолорунда ар топтон барган басмачылар орун алышып, ойлоруна келгенди кылып, ээн-эркин сайрандап жатышкан эле. Кечки күүгүмдө түшүп келишип, түнү менен этектеги айыл– кыштактардын калкын каалагандай талап-тоношуп, таң сүрө өрдөп кетишет. Куугундар келсе буктурма коюу, коргонуу, ого эле катуу чабуул болсо, чегинүүгө өтө ыңгайлуу болчу. Андайды бир нече жолу баштарынан өткөргөн басмачылар, кызылдардын отряддарынын колдорунан эч нерсе келбөөчүдөй көрүшүп, мыскылдап жүрүштү. Тоо ичи аларга биротоло турак болбошун билишип, канчалык эртеңки орун которуп кетээр жактарына кам көрүшүп, баш-аяктарын жыйганга чейин, убактылуу болсо да тоо арасы паана эле. Качан гана күч топтоп, өздөрүнө келип, жер-сууну байлыктарын тартып алган жаңы өкмөттүн адамдарынан өч алышкан соң, жаңы конуштан жай издешип Ооган, Кытай тарапка ат тизгинин бурушмак.

Тынч жаткан тоолуктарга тие-качып, активдерди уйпалап, кыйнап, кедей-кембагалдарды баш көтөртпөй талап-тоноп, алардын көңүлдөрүнө көк таштай тийип, биринен бири өтүп, басмырлап жатышты. Бай, бийлер баш болгон басмачылар толгон-токой үмүт менен өз бийликтерин кайтарып алмакка, күнүтүнү тынбай жан үрөштү. Бирде бүдөмүк, бирде жарк эте көрүнө калган «баягы бактылуу күндөрүнөн» күдөрлөрүн үзө алышкан жок.

Кантип эле, ата-бабаларынан бери ээлеген жер-суулары, тапкан байлыктары, чиренген бийликтери колдон кетип калат? Кучактары толо бактыларын жөндөн-жөн эле, томаяктарга тартырып ийишеби? Бул иш ойго келгис, түшкө киргис окуя. Зилзала болуп, тоо урап, сел жүрүп ташкын ташыбай туруп, көз көрүнө бактыны колдон жулдуруп ийиш качан болду эле? Эч качан болгон эмес. Эгер болсо бирөөлөр айтаар эле, – деген ойдо болушуп, бар балээни жаңы өкмөттөн көрүштү.

Кеңеш өкмөтү эле заманды тегеретип, тескери кылып жибереби? Качан эле, томаяк эл башкарган? Дүнүйө-мүлк кармап, каада-салтты тескеген жалчыны, ата-бабалары азали көрмөк тургай, укkан эмес.

Биргелешет, уюмдашат. Баары ортолукка иштеп «тапкан-ташыганын ортолукка жыйнайт» деген сөз болбогон нерсе. Заманды тескери болгону ушул. Заманына жараша, адамдары да тескери. Бай-кедейи менен бирге отуруп бир казандан аш ичеби? Анткенде, кудайдын буйругу, насип эткен бакыт кайда барат? Күнү-түнү ойлонгон ишенбөөчүлүк, мал-мүлкүн колдон тартты-рып ийген кызганыч байларды баш көтөрүп, курал алууга түртү. Алар өздөрү гана эле эмес, өз жандарына ишеничтүү жигиттерди курап, жаңы заманды жерип турду.

– Жаңы өкмөттүн түптөлүшүнө жол бербейбиз деген байманаптар баш кошушуп, басмачылык кыла башташты. Күндөнкүнгө алардын шойкомдуу жоруктары көпчүлүккө билинип, жек көрүндү болуп, минтип, тоо-талаалап, элден бөлүнүшүп, четтеп жүрүшөт. Аларды үмүттөндүрүп, кубат берген «миш-миштер» бар.

– Бүтүн «ислам халифаты» колдоого алат экен. «Капырларга, динсиздерге каршы» халифат башталыптыр. Бул күрөштү англичандар колдоп жатышыптыр деген каңшаардан улам бай-болуш, бийлер туугандарын, билермандарын баштап келишип Фергана, Маргалаң аймагындагылар топтолуп жатышты. Исфайрам менен Шахимардан тоолорунун арты Алай тоолоруна уланып кетет. Ан-

дан Тоолуу Бадахшан, Түштүк Тажикстан аркылуу Ооганга өтүп, Кашкарга жетүүдөгү жолдун учу Үч-Коргонго келет.

Мурда талкаланган басмачылардын ири топторунан колго түшпөй, качып кутулгандары эл көзүнө көрүнбөй, жашырынып Үч-Коргонго байырлашкан. Учурдагы басмачылардын ишенимдүү күчтөрү болгон Мадамин бек менен Көршерматтын топторунун саны улам арта берди. Көршермат Кароол айылына ачык эле базар уюштурду. Басмачылар айыл-кыштактардан талап-тоноп алган буюмдарын ушул жерде соодалашат. Анда эмне гана дебеген буюмдардын түрлөрү бар. Күндө базар кызуу башталып, эл тиричиликке зарыл буюмдарын ушул жерден сатып алышат. Жергиликтүү буюмдардан сырткары Орусиядан, Англия, Кытай, Япондордон чыккан темир-тезек, чарбага, тиричиликке зарыл товарлар келет. Кийим-кече, ат жабдыктар толтура. Ал тургай курал-жарактын түрлөрү да кардарын таап, көбүн эсе алтынга алмаштырылат. Базар түшкө чейин кызуу жүрүп, түштөн кийин тоноп-уурдап, зордоп ала качуу, талаш-тартыш, мушташка айланат. Акыры адам өлтүрүү көбөйүп, улам чырга айлана баштады. Ачык эле талап-тоноодон улам, карапайым эл аябай эле каржалды. Жардамга келген кызыл аскерге кол салышып, коркунуч күчөй берди.

* * *

Басмачылардын акыркы топтору Кайып паңсаттын жетекчилигинде Ноокат менен Үч-Коргондун тоо тараптарына жайгашып, бирде айыл-кыштактарды таласа, бирде Алайга ашып келишип улам-улам жер которуп турушту. Эртели-кеч ээн жердеги жолдорду акмалашып, бирин-экиндеп калгандарды тоноп, каректап алышып, элге коркунуч туудурушту. Уу-дуу кабар облустан ашып, республикага дайын болду. Аларды жок кылуу Кызыл-Кыя ГПУсуна тапшырылды.

Үч-Коргондук Абдулла Сабиров менен Пүлгөндөгү ыктыярдуулар отрядынын командири Зиябидин Бегалиев экөө макулдашышты. А. Сабиров Кызыл-Кыя тараптан, З. Бегалиев Үч-Коргон тараптан басмачылар жашырынып жаткан тоолорду көздөй аттанышты. З. Бегалиев жетектеген бөлүктүн жоокерлеринин кийген кийимдери эч кандай кызыл аскерлердин кийимдерине окшошпойт эле. Ар кыл кийинип, кээлеринин тондору жыртылып, баш кийимдеринин төбөсүндөгү терилери айрылган. Кээлери жамачылуу кийишсе, кээлеринин бут кийимдеринен чулгоолору булайып, чыгып турат. Бирок, баарынын колдорунда беш атар мылтык, белдеринде кылычтар салбырайт. Бардыгынын сол карууларындагы кызыл чүпүрөк, алардын ыктыярдуу жоокерлер экенин айгинелейт. Үстү-баштары жүдөө болсо да, өздөрү шайдоот кабактары ачык эле.

З. Бегалиев Үч-Коргонго келип, кыштактын ортосундагы чайканада эл менен жолугушту. Ыктыярдуулар отрядынын келгенин укkан эл өздөрү эле келе башташты. Саламдашкан соң отряддын командири:

– Абдыкадыр Орозбеков мага бир иш тапшырды. Ал эмне дейсиңерби?

– Зиябидин аке, басмачылар менин тажиктеримди аябай кыйнап коюшуптур. Сен алардын ал-абалдарын билип, кабар алып кел деди. – Мына, мен келдим. Кабатыр болбогула! Кайып паңсаттын энесин Үч-Коргондон көрсөтмөйүнчө кетпеймин, – деди.

Чайканадагылардын баары уу-дуу болуша аны кубатташты. Ал киши дөө сыяктуу, алп эле. Үзөнгүгө бут коюп, аягын артарда кандай гана ат болбосун ордунан теңселе түшчү. Ал айткан сөзүн аткарды. Абдулла Сабиров экөө ыктыярдуу отряддарын баштап барышып, күн-түнү тынышкан жок. Жергиликтүү жигиттер өз туулган жерлеринин коен жатагына чейин билишчү. Басмачылардын байыр алган мерчемдүү жерлерин болжоп барышып, алды-аркасынан курчоого алышып, колго түшүрүшүп, азын-оолагын башка жактарга, жер которууга аргасыз кылышты.

А.Орозбеков кыргыздар менен жашаган тажик, өзбек, уйгур, калктарынын өкүлдөрүнө өзгөчө камкордук көрдү.

– Силер кыргыз туугандарыңардын арасында эч качан бөлүнбөгүлө. Биз силерге дайыма жакшылык каалайбыз, – дечү.

Ал балалык чагынан жетимдиктин азабын тартып, өзбек, тажик, туугандардын жакшылыгын, камкордугун көргөндүгүнөн уламбы, же аларды өз элиндей көргөнүнөнбү, эч убакта

бөлүнүүнү ойлобогон. Өзбекти көрсө өзбекче, тажикти көрсө тажикче, орусту көрсө орусча таза сүйлөп, накта тамаша айтып, макал-лакапты кошуп бакылдап, ичи-коюнга кирип кетчү. Анын Сражидин Зыябидинов, Молдо Машарип, Абдулахад Абдурахманов, Абдулхамид Ныязматов, Теше миң башы, Атахан Максым, Абдукарим Ныязматов аттуу достору аны менен жамандыкта да, жакшылыкта да бирге болушуп, бири-бирин колдоп жүрүшчү.

Совет бийлиги Фергана өрөөнүнө орногондон баштап, аймактарды бөлүштүрүү жүргүзүлө баштады. Үч-Коргондун түзөң тарабы, же жарымы Фергана үйөзүнө, тоо тарабындагы жарымы Ош үйөзүнө карады. Жергиликтүү эл ал саясатка анчейин маани бербесе да, документ алып, катталууда экиге бөлүнүп калгандыгы билинди. Үч-Коргонду Кыргызстанга кошуу жөнүндө сөз боло баштады. Ага да бир себеп, 1927-жылы Өзбекстанда «Чабуул» компаниясы аябай күчөп, кыз-келиндердин паранжы, чачбактарын отко өрттөшүп, азаттыкка жетүүнү айкындашкан. Кыргыз аялдары паранжы жамынып, жүзүн жашырышпагандыктан аялдарга андай зордук-зомбулук компаниясы жок эле. Ошол себептен коңшу аймактардагы көп адамдар Кыргызстанда калууну самашкан. Андан да, бир кыштактын тургундарын экиге бөлүү калктын экономикалык, маданий турмушуна туура келбейт эле.

Ушул маселени чечүү үчүн Үч-Коргонго Кыргызстандын Эл Комиссарлар Советинин төрагасы Абдыкадыр Орозбеков жана Фергана дубанынын аткаруу комитетинин төрагасы Исраил кожо Аликожоевдер келип жолугушту. Үч-Коргон менен Кызыл-Кыянын ортосундагы Сайбексары жалаңында, чоң элдик жыйын өткөрүлдү. Жыйынга Үч-Коргон, Кызыл-Кыя, Караван, Марказ, Тактек ж.б айылдарынын тургундары келишти. Ошол кезде Үч-Коргон, Кызыл-Кыя, Караван Фергана үйөзүнө карап калган эле. Үч кыштактын эли Ош үйөзүнө өтүүнү жактап чыгышты. Эки тараптын элин жактаган А. Орозбеков менен И. Аликожоев жаңжалдашып, жакалашып кетишти. Орозбеков Аликожоевге Сталинден алып келген кагазын көрсөтүп.

– Сен Сталинге да моюн сунбайсыңбы? – дегенде, анын кайраты кайта түштү.

Көрсө А. Орозбеков Сталин менен макулдашып келген экен. Андан көп өтпөй Үч-Коргондо Юлдаш Ахунбабаев менен Абдыкадыр Орозбеков жолугушушту. Алар элдин ой-пикирлерин сабырдуулук менен угушуп, элдин каалоосуна жараша чечүүнү туура табышып, Кызыл-Кыя, Караван, Үч-Коргон Ош үйөзүнүн тутумунда калтырылды.

– Үч-Коргонду туруктаган кыргыздар, тажиктер, өзбектер байыртан эле чогуу аралашып жашап келишкен. Бир арыкты чаап, ошол арыкты тазалап, суу ичишип, бирге эгин эгишип, бир базардан соода кылышат. Мечитке чогуу барышып, намазды бирге окушат. Кыз алып, кыз беришип, илгертен куда-сөөк. Кыргыз өрөөнгө түшсө, өзбек тажиктикине келет. Тажик, өзбек тоого барышса, кыргыздыкына конот. Кана, бири-биринен ким ажырата алат? – деди А.Орозбеков.

– Өзбекстанда жашасаң эмне? Кыргызстанда жашасаң эмне? Экөө тең бир мамлекет. Чек ара, бөлүнүү деген жок. Акчабыз бир. Үч улутту бири-биринен ажыратууга болбойт. Мыйзамыбыз, максатыбыз бир. Мен ким да, Абдыкадыр ким? Экөөбүздүн айрымабыз кайсы? – деди Ю.Ахунбабаев.

Экөө кучакташышып:

– Достугубуз бир, ынтымактыгыбыз түбөлүк, – дешти.

Тургандар жапырт кубана кубатташып, кыйкырышты.

* * *

Большевиктер өлкөдөгү саясий партияларды мыйзамсыз деп жарыялап, алардын ишмердигине тыюу салып, бир партиялуу системаны, большевиктик жеке бийликти тандап алды. Большевиктердеги башкы идея – жеке менчикти жоюу, өндүрүш каражаттарын мамлекеттин карамагына топтоо, ал маселелерди эч создуктурбай революциядан удаа эле ишке ашырууга киришти. Өлкөдө «капиталга чабуул» башталып, өлкөдө кеңири масштабдагы конфискация, контрибуция жүргүзүүгө кириштир. Зордук иш бийликтин башкы куралына айланды. Большевиктер олку-солкусуз турмушка ашырууга киришкен мамлекеттештирүү саясаты албетте, айыгышкан каршылык көрсөтүүнү туудурбай койгон жок.

Кокон автономиясы элдердин өз тагдырын өзү чечүү жана улуттук мамлекет түзүү багытындагы алгачкы кадам болду.

Ошону менен бирге колониялык саясатты уланткан Совет бийлигине каршылык көрсөтүү ишарасы да турду. Кокон өкмөтүнүн ишмердик кадамдары жергиликтүү калктын колдоосуна ээ болуп, барган сайын кадыр-баркы өсүп баратты. Мындай жагдай советтик бийликти өтө тынчсыздандырды. Автономиялуу өкмөттү мыйзамсыз деп жарыялап, аны жоюу максатында алдыртадан аскерий камылга көрүлө баштады. Аны менен катар, калк арасында ага каршы үгүт жүргүзүлүп, Түркстан советтик бийликтин Коконго каршы саясатына, автономиячылар кызылдардын сан жана курал жагынан кыйла артыкчылык колуна катуу каршылык көрсөтсө да жеңилүүгө дуушар болду. Аман калган өкмөт мүчөлөрү жана жоокерлери тоо тарапка чегинип кетүүгө аргасыз болушту. Ал эми Коконду басып алган кызылдар шаарда массалык кыргын жана талап-тоноо уюштурушту. Улуттук автономияны куралдын күчү менен талкалап жоюу Фергана өрөөнүндө, анын ичинде кыргыздар арасында, Советтерге каршы күрөшкө жол ачты. Аймактын мусулман калкы Кокондук бийликти талкалоону Орусиянын колонизатордук саясатынын көрүнүшү катары баалап, ага каршы биримдикте чыгышты. Ошентип «басмачылык» аталган кыймылдын тескери жактары гана айтылып, ал калктын негизги массасына каршы багытталган деген аныктама чыгарылган. Басмачылардын айрым каталыктары, соңку баскычындагы карапайым элге жасаган зордук-зомбулугу көбүртүп-жабыртылып айтылып келди. Натыйжада басмачылык советтик калктын аң-сезимине чылкый кара түскө боелгон түрдө сиңирилди.

Басмачылыктын чыгышына саясий себептен тышкары дагы бир далай көмөкчү нерселер бар эле. Аймакты жапырт ачарчылык каптап, өрөөндөгү эгин чарбасы бүлгүнгө учурады, чарба ээлери жакырланды. Жалданып иштеген дыйкандардын жумушсуздугуна алып келип, алардын күн көрүүсүн өтө оорлотту. Большевиктик бийликтин жаңылыш саясатынын бараандуусунун бири динге каршы жүргүзгөн саясаты болду. Дин кызматчыларын куугунтуктоо, шарият мыйзамдарына тыюу салуу, диний ишеними күчтүү калктын кыжырын келтирди. Советтик тарыхнаамада жырткычтык, мыкаачылык басмачыларга гана таандыкталып, өтө эле бир жактуу айтылды. Чындыгында аеосуз жазалоону биринчи болуп большевиктер баштады. Түркстанда большевиктер партиясы Октябрь революциясынан кийин уюшулуп, партияга авантюристтер, мансапты гана көздөгөндөр, далай кылмыштарды жасап, түрмөгө кесилгендер да кирип алышкан эле. Түркстанда бирин-серин өнөр-жай ишканаларында негизинен орус улутунун өкүлдөрү иштешип, сабатсыз күчтүн колуна бийлик тийген эле. Ушундай жол менен түзүлгөн большевиктер партиясы жетектеген куралдуу кошундагы кызылдар жергиликтүү калкка аеосуз бүлүк салып кирген.

Большевиктердин жер-жерлердеги уюмдары жергиликтүү калктын адат-салттарын этибарга албай, тебелеп-тепсеп, мыйзамдуулук эрежелери туура кармалбай элге зордук-зомбулук көрсөтүлдү. Айылдарды талап-тоноо, мал-мүлктү конфискация-лоо катардагы көрүнүшкө айланды. Басмачылар келип токтогон айылдын калкы күнөөсүз болсо да жазаланып турду. Басмачылардан бошотулган айылдарда кызылдай жазалоо жүргүзүлүп, «басмачыларга көмөктөшкөнсүңөр» деп көптөгөн эч бир күнөөсүз тургундарды кырып, ар бир жүзүнчү кишисин атып таштаканын. Мына ушундай жоосунсуз иштери калктын кыжырданууусун туудуруп, өч алуу сезимин ойготуп, кызылдарга каршы улам кеңири масса көтөрүлдү. Эшен, молдолордун үгүт иштери да калктын большевиктерге каршы көтөрүлүүсүнө чоң түрткү берди. Зордукчул саясатты колдонуп, дыйкандардын, чарбадарлардын малын, эгинин тартып алуусу алардын басмачылар тарапка өтүүсүнө себеп болду.

Жергиликтүү партиялык жетекчилерге жакпай калган айрым интеллигенция өкүлдөрү, орто жана кедей-дыйкан чарбалары бай-манап жана кулак деген жардык менен туулган жерлеринен айдалды. Большевиктердин айыл-кыштактардагы саясатынан улам оор экономикалык кырдаалдардын орун алышы оппозициялык идеялардын пайда болушуна себеп болду. Оппозициячылар жашыруун даярдалып жаткан «Кайрылуусунда» уюштуруу иштерин жүргүзүп, Социалисттик Туран партиясын (СТК) түзүүнү белгилешти. Анын негизги программалык максаттарында социализмди бүткүл дүйнөлүк масштабда куруруга

болот. СССРдеги социализмди куруу аракеттери калктын, өзгөчө экономикалык жана маданий жактан артта калган, мурдагы падышалык Орусиянын колониялык ээликтериндеги жашаган калктын жакырданышына алып келди.

Кыргызстандагы бай-манаптарга карата Совет бийлиги тарабынан жүргүзүлүп жаткан саясий жана экономикалык мүнөздөгү иш-чаралары өлкөдө чарбалык кыйроону пайда кылды. Мамлекеттик кызматтарга техникалык билимдери жетишсиз жана мамлекеттик башкаруу үчүн даярдыгы жок жумушчулар-ды, дыйкандарды көтөрүү башкаруунун бузулушуна, башалакмандыктын күчөшүнө алып келет. Бүгүнкү күндө жеткиликтүү кадрлар болбогондуктан, кедейлерден көтөрүү принцибинен баш тартуу керек.

Лениндик улут саясаты негизинен туура болгону менен Кыргызстанда бурмалануу да деген сунуштар киргизилди.

Партиянын түпкү максаты, бардык түрк элдери курамына кирген Туран Федеративдүү Республикасын түзүү эле. Анда Туран Республикасында тапсыз демократия болуп, жогорку бийлик курултайга, курултайлардын аралыгында аткаруу комитетине таандык болууга тийиш.

Бардык түрк тилдери жалпы бир тилге биригет. Коомдо аскердик-монархиялык түзүлүш үстөмдүк кылып, аны райкомдун, БКнын катчылары башкарууда. Туранда индустриялаштыруу Орусиянын кызыкчылыгында жүргүзүлүүдө. Большевиктер «басмачылар» мурдагы ГПУ (Башкы Саясий Башкарма) падышалык жандармерия сыяктуу орган, – деп ачык белгиленди.

Туранчылардын алдында эки милдет: улуттук боштондукка чыгаруу принциби жана социализм принциби. Биринчиси: өлкөнү партиялык жол башчылар башкарууга тийиш эмес. Экинчиси: бир дагы тап артыкчылыкка ээ болбогон социализмди тез арада куруу. Фермердик чарбаларды түзгөн дыйкандар СТПнын таянычы болот. Өнөр жайында жана айыл чарбасынын ири ишканаларында мамлекеттик капитализм киргизилет. Алар жеке менчикте боло албайт. Туран Республикасынын аткаруу бийлигинин башында эл тарабынан шайланган президент турат. Анын алдында аксакалдар комитети түзүлөт. Ал президенттин чечимин жокко чыгаруу күчүнө ээ.

СТПнын айланасында, өз элинин тагдыры жөнүндө ойлогон патриоттор чогулуп, уюмдун жетекчилеринин катарына Абдыкерим Сыдыков башкы орунда турган болчу.

Борбордук Азия Британиянын да, Орусиянын да кызыкчылыгында турган. Түркия да өтө кызыкдар эле. Басмачылыкка панисламизм, пантүркизм идеяларын берип, Борбор Азиядагы бардык түрк жана мусулман элдерин Түркиянын жетегинде Орусиядан бөлүп кетүү көздөлүп, басмачыларга көп болбосо да курал-жарак жана финансылык көмөк көрсөтүлүп «капырларга» каршы күрөшкө шыктандыруу болуп турган сырттын көмөгү менен идеялары жергиликтүү элдердин күрөшүндө чечүүчү орунда болгон эмес. Ал көтөрүлүүнүн кыймылдаткыч күчү – улуттук басмырлоодон, эзүүдөн кутулуп, өз алдынча эркин жашоону көздөө болчу. Ал күрөштү большевиктердин алгачкы жылдардагы катачылыктары, зордук-зомбулугу ого бетер дүркүрөтө тутандырып, дээрлик жалпы элдик кыймылга алып келди.

«Алаш» ордосун уюштуруучуларынын бири казак Турар Рыскулов 16 жыл Меркеде Аккөз баатырга жол көрсөтүп жүрдү. Аккөз элдин сесин алмакка Меркеден Бишкекке чейинки жүздөгөн чакырым жолдун боюндагы телефон мамысына ар бир айылдагы күнөөсүз эле адамдарды астырып өлтүрдү. Андай мыкаачылыка кыжыры келген Турар Рыскулов, Аккөздү өлтүрдү. Артынан куугун түштү. Акыры колго түшүп ондогон жылдар бою түрмөдө жатып 1917-жылы чыгат. Ак жүрөк, кең пейил адам, Ташкенге барып окуп, саламаттыкты сактоо министри болду.

Ал түрмөдө элди күрөшкө үндөгөн адамдар менен бирге жатып, элдик боштондук кыймылын уюштурууну ойлойт. «Алаш ордосун» уюштурат. Анын аракети большевиктер тарабынан колдоого алынбай, жазыксыз атылып кетти.

«Тоолуу облус түзүү» долбоору улуттук мамлекеттик бөлүштүрүү жөнүндөгү иш-чара 1920-жылдын Жети-Суу, Сыр-Дарыя облустарында жашаган кыргыздардын өз алдынча мамлекеттүүлүгүн орнотуу үчүн аракеттер күчөйт. Рахманкул Кудайкулов башында турган топ бул аймактарда жашаган кыргыздардын Казакстандын курамындагы автономияга биригүүсүн жокко

чыгарышат. Ал эми Абдыкерим Сыдыков, Жусуп Абдырахманов башында турган кыргыздын алдыңкы интеллигенттери Кыргыз мамлекетин, башка 224 автономиялык түзүлүштөрдөн бөлүшүп, өз алдынча автономиялык негизде калыбына келтирүү демилгесин көтөрүп чыгышат. РСФСРдин курамына түз кошулуу 1922-жылдын жазында Тоолуу Кыргыз автономия облусун түзүп, алгач анын борбору катары Кочкор кыштагын тандоо сунуштарын айтышат. Мындай демилге менен көбүн эле европалыктар ээлеп алган Бишкектен обочо болушу жана автономиянын борбору кыргыздар жердин чордонунан орун алышын билдиришкен.

Алгач РКП(б) БК демилгени колдоого алып, уруксат берген. Тоолуу кыргыз облусун түзүү боюнча уюштуруу курултайы 1922-жылы 1-июнунда башталып, 3-июнунда Тоолуу Кыргыз облусу мыйзамдуу түрдө түзүлгөн. Бул күн Кыргыз мамлекеттүүлүгүн Совет доорунда калыбына келтирилген алгачкы иш-чаранын күнү катары тарыхта орун алды. Бирок, Р. Кудайкулов баштаган топ И. Сталинге кат жазышып, тоолуу кыргыз облусу «буржуазиячыл улутчул түзүлүш» катары көрсөтүлөт. Жети-Суу облусу боюнча большевиктик өкүл Зобировдун 1922-жылы 1-июнда борборго жиберген кабарында: «Экономикалык жаңы саясаттын шарттарында манаптын уулу болгон жана падышанын маалында алтын пагон тагынып жүргөн Абдыкерим Сыдыков деген неме Ташкенде өзү түзүп алган «Кара Кыргыздын өзүнчө Тоолуу облусу» дегендин долбоорун алып келди. Бул долбоордун айынан калайыктын ышкысы кайнап, бейкут турмуш бузулду», – деген айгак сөздөр айтылган. Оппозициячыл тараптын саясий каралоолорунун негизинде расмий Москва чукул чараларды көрүүгө ашыккан. Натыйжада өз алдынчалыгы автономиялык деңгээлде калыбына келтирилген алгачкы Кыргыз совет мамлекеттүүлүк – Тоолуу кыргыз облусу И. Сталиндин жиберген шашылыш телеграммасынын негизинде кайра жоюлган. Анын жетекчилери жана демилгечилери А. Сыдыков, К. Тыныстанов, И. Арабаев, И. Айдарбеков жана башка адамдар «улутчул», «панисламисттер» деп айыпталган.

«Социал туран» партиясы XX кылымдын 30-жылдарында Орто Азиядагы бир катар жергиликтүү саясий жана маданият ишмерлерине (партиялык, советтик кызматкерлер, интеллигенция өкүлдөрү) «пантүркистик буржуазиялык улутчул максатты көздөгөн» деген жалган жалаа коюп, жазалоо үчүн чыгарылган уюм.

Тарыхый даректерде «алаш» термини элдин (уруулардын) аты катары он үчүнчү кылымдан тартып белгилүү. Чыңгызхан өзүнө багынган элдерди уулдарына бөлүштүргөндө улуу уулу Жучуга тийген улуттун ичинде «алты сан алаш» да болот деп белгиленет. Жучунун баласы Ордо Алтын Ордодон бөлүнүп, Ак-Ордо мамлекетин түзгөндө, алаштар анын составына кирген. Ошондон тартып Алаш коомун «Алаш улусу» деген термин кеңири тарап, кийин он алтынчы кылымдан тартып казак деген эноним менен алмашууга өткөн. Жалпылап айтканда түрк тилдүү уруулардын биримдигинин аты болгон.

Жыйырманчы кылымдын биринчи чейрегинде алаш саясий термин катары кайрадан колдонула баштайт. Өз элинин улуттук таламдарын талашкан казактын интеллигенциясы «Алаш» партиясынын тегерегине баш кошуп, 1917-жылдын 18-26-декабрында Оренбургда өткөн бүткүл кыргыздык (бүткүл казактык) 3-2-съездинде «Алаш» партиясы түзүлүп, программасы тактылып бекитилген. Кийин Советтик түзүлүш учурунда бул партия буржуазиялык партиянын уюшулушунда Ишеналы Арабаев активдүү катышкан. Абдыкерим Сыдыков, Касым Тыныстанов ж.б «Алаш» партиясынын мүчөлөрү болушкан.

«Басмачы» аталгандар ислам динин, түрки тилдеги элдердин каада-салтын дини буруу келгиндерге тебелетип тепсетпес үчүн күрөшүү Түркстанга баскынчылык кылып киргендерге ыңкылап мезгилинде адилетсиздикке каршы чыккандарга жасалма сөз менен аталып калды. 1920-жылдары Фергана аскерлеринин командири Д.Е. Коновалов «автономиячыларды» кызылдардын басып алганы деп белгилегени «басмачы» деген сөзгө негиз болду.

Басмачылар өрөөндүн басымдуу бөлүгүн көзөмөлдөп турушту. Жакшы чалгындоонун, жер сырын мыкты билгендиктин,

калктын көмөгүнүн аркасында кызылдарга кайдан болсун күтүлбөгөн жерден кол салышып, буктурма уюштурушуп, аларга салыштырганда канчалык начар куралданышпасын аларды чоң жоготууга учуратып турушту. Кырдаал өтө олуттуу түргө келгенин көргөн борбордук бийлик тез арада орчундуу чара көрүү чечимине келди. Мындай чечимдин кабыл алынышына Түркстан Республикасынын Убактылуу Революциялык Кеңешинин борбордук бийликке аймактагы кырдаалды мүнөздөп, тезинен жардам сурап 1919-жылдын 19-февралындагы өтүнүч кайрылуусу түрткү берди. Кайрылууда Фергана өрөөнүндө абал өтө курчуганын, көмөккө тезинен армия жиберилбесе, Фергана колдон чыгып, советтик бийлик бүтүндөй Түркстанда жоюлары билдирилген. Советтик бийликти сактап калуу максатында 1919-жылы 14-августта Түркстан фронту уюштурулуп, анын башкы командачылыгына М.В. Фрунзе, революциялык аскер кеңешинин мүчөлүгүнө В.В. Куйбышев дайындалды. Экинчиден, аймакта большевиктик башкаруунун катачылыктарын жоюп, калктын каршылыгын жумшартуу, советтик бийлик тарапка тартуу максатында Түркстан иштери боюнча өкмөттүк комиссия (Түрккомиссия) уюштурулуп ал Түркстанга жөнөтүлдү.

Түрк комиссия Түркстандагы абал менен жакындан таанышып, жакшылап билгенден кийин, иш алып барууну түп-тамырынан бери өзгөртүү жыйынтыгына келди. Жергиликтүү Советтик мекемелерге тартип орнотулуп, алардын калк менен иштөөдөгү, айрыкча улуттук маселедеги катачылыктарын мекемелер да жаңы негизде түзүлүп, бекем тартип киргизилди. Командачы М.В. Фрунзе кызыл аскерлер жергиликтүү калкка жакшы мамиле жасашын талап кылды. Алар ар бир бошотулган айылдын калкына бардык жардамын, көмөгүн көрсөтүп, алардын Кызыл Армияга ишенимин арттырууга көрсөтмө берди.

* * *

1920-жылдары Кытайдагы бийликти гоминьданчылар башкарып калышкан эле. Гоминьдан (улуттук партия) 1912-жылы белгилүү кытай саясий ишмери Сунь Ятсен тарабынан революциялык күчтөрдүн арасында түзүлүп, башталышында жумушчу-дыйкандар менен майда буржуазия топторунун кызыкчылыгын коргоп, коммунисттер менен өнөктөш болот. Андан беш-он жыл өтпөй, 1921-жылы Кытайда Гусаньдан (Кытай коммунисттик партиясы) партиясы түзүлгөнү жарыяланып, өлкөдө бийлик үчүн атаандашкан дагы бир саясий күч пайда болуп, анын I съезди өткөрүлөт. Канткен менен жаңы партиянын келечектеги максаттары коомчулукка кеңири жете элек эле. Андыктан коммунисттер гоминьдандык кыймыл менен бирге аракеттенүүгө аргасыз болушкан. Гоминьдандык партиянын ишмердиги тескери жакка бурулуп баратканын аңдаган гуаньдан (коммунисттик) партиясы өз алдынча жолду тандап алды. Сунь Ятсен өлгөндөн кийин партияны генерал Чан-Кай-Ши башкарып, оңчул күчтөрдүн таасири күчөдү. Ал Америка менен Англиянын өкүлдөрүнө таянып, биротоло мамлекетке бийлигин орнотуп, 1927-жылы 12-апрелде Нанкинь шаарында Улуттук өкмөт түзүлгөнүн жарыялайт. 1928-жылдын аягында капиталисттик өлкөлөрдүн көбү, Чан-Кай-Шинин өкмөтүн тааныйт. Чан-Кай-Ши өтө катаал бийликти жүргүзөт. 1928-29-жылдар аралыгында эле үч жүз миңдей прогрессивдүү интеллигенция өкүлдөрүн, революционерлерди өлтүрөт. Гоминьданчылардын тескери саясатынын таасири айрыкча Чыгыш Түркстан аймагында күч алып, Кытай эмес элдерди басынтып, кордоо, кысымга алуу жүргүзүлө баштаган болчу.

Кытайдагы эки партия карама-каршы саясатты жүргүзүшүнөн улам тирешүүлөр, камакка алып, куугунтуктоолор өкүм сүрдү. Дал ошол чакта Япония Кытайдын түндүк-чыгыш бөлүгүн басып алып, мамлекеттин ички абалы өзгөчө жабырланат. Айрыкча Синьцзянь аймагындагы элдердин жашоосу кескин төмөндөп, туруксуздук абал өкүм сүрөт. 1928-жылы Синьцзянь провинциясына гоминьданчылар тарабынан У Чжунь Синь генерал-губернатор болуп дайындалды. Жаңы генерал губернатор Чыгыш Түркстандагы эркиндикти, теңдикти самаган калк өкүлдөрүн куугунтукка алып, катуу режимди киргизди. Чет элдик соодагерлерге жол ачып, англис, немец, япон, швед, америкалык

миссионерлерди тарта баштап кирешелер бийлик ээлерине түшүп, мамлекет өзгөчө болуп көрбөгөндөй жардыланды. Гоминдандык администрация жергиликтүүлөргө салыктардын түрүн жана көлөмүн көбөйтүп, зордоп тартып алуу, кытай эмес улуттагыларды кордоо, ассимляциялоо-кытайлаштыруу саясатын колго алышты. Адилетсиздик улуттук араздашууну пайда кылып, улуттар ортосунда тез-тез кандуу кагылышуулар пайда болду.

Синьцзяндагы (Жергиликтүүлөрдүн айтымында Шинжаң) калктын жашоосу оор, турмуштары начар эле. Туруксуз абалдан улам курч окуялар пайда болуп, жергиликтүү калк басмырланып, күндөн-күнгө абалдары кыйындап бараткан. 1928-жылы Шинжаңга гоминьдан өкмөтү тарабынан Цзинь Шу Жень генерал-губернатор болуп дайындалган соң, боштондукка аракет кылган жетекчилер жок кылынып, баш-аламандык андан бетер күчөдү. Жарым феодалдык түзүлүш өкүм сүрүп, чет элдик соодагерлерге кеңири жол ачылды. Гоминьдандык аскерлер, чиновниктер кытай эмес улуттагыларды тоноп, басынтып салыктардын түрүн көбөйттү. Административдик талаптарды аткарбагандарга жазалар салынып, кордоо көнүмүш адатка айланды. Адилетсиз саясатка каршы улуттук араздашуу пайда болуп, шаар ичиндеги уйгур, дунган улутундагылар кытай улутундагыларга көрүнбөй качып, жашынууга аргасыз болушту. Ал эми тоо арасындагы кыргыздардын абалы андан да жаман эле. Бир тарабынан гоминьдандык бийликтин кысымына кабылып, экинчи жагынан басмачылардын талоонуна учурап, кыйноодо калган болчу. Туруктуу саясий бийликтин жана өкмөттүн көзөмөлүнө алынбаган Шинжаң аймагына качып барган басмачылар англо-американдык кызматтардын колдоосуна таянып, советтерге кайра чабуул уюштуруучу база катары пайдаланууну көздөшкөн.

* * *

Карт Кашкар дүйнөнүн көп өлкөлөрү менен карым-катыштуу шаар. Түштүк Чыгыш Азиянын, Индостандын, Сауд Арабиянын шаарларынан көптөгөн соодагерлер келип, башка өлкөлөрдөн келгендер менен мамиле кылышат. Бай соодагерлерден

тартып, майда ишкерликке кызыккандар, өз өлкөсүнөн куулуп, ушул жерди баш паанек кылган саясий ишмерлерден бери түрдүү улуттагылар жашайт. Байышты көздөп баш оту менен соодага кирген фирмалар, ишканалар иштерин жүргүзүшөт. Көп өлкөлөрдүн консулдугу менен элчилери жайгашкан. Кытайдын баш калаасынан тартып, Сары деңизден бери карай келген Ооганы менен Индустандан чыккан кербендер кызыткан базарларда апийим саткан көпөстөр, түркүн-түрлүү буюмдарын жайып, кардар чакырган кызыл кулактардын караандары арбын. Ар түрдүү, ар кыл максаттагы адамдар быкпырдай кайнайт.

Чет өлкөлөрдөн келгендердин ар биринин чалгындоо кызматтары бар. Айрыкча англиялык чалгынчылардын жашыруун сыры, табышмактуу аракеттери көпчүлүккө маалым эмес эле. Бүт дүйнөгө өз таасирин орнотуп, кожоюндук кылууну көздөгөн Улуу Британия Орто Азияга ээлик кылууга мурдатан эле кызыкдар болуп, Орусияга тарттырып жибергенине ичи өрттөнгөн Англия Түркстанды бөлүп кетүүгө, эч болбоду дегенде өз таасирин орнотууга ыңгайлуу учурду күтүп жүргөн.

Февраль революциясынан кийин англиялык империалисттер Түркстанда Британиянын аскер миссиясын түзүүгө катуу киришти. Орто Азиядагы буржуазиялык улутчулдардын башчылары, динчилердин өкүлдөрү, Бухара эмираты, Хива хандыгы менен байланышып, күзүндө Оренбургдагы казак-орус аскерлеринин атаманын шайлашты. Ал эми жылдын аягында Антанта менен Американын империалисттери «Түркстан аскер уюмун»-шпиондук диверсиялык борбор түзүштү. «Кокон автономиясын» Британиянын аскер миссиясы колдоп көп өтпөй эле Советтик Түркстан менен Бухара Эмиратын кагыштырып, Каспий жакта өрт тутантып, не бир чыгаан советтик ишмерлер далай совет бийлигин жактагандар кыргын тапты.

Чет жактардан колдоо тапкан ак гвардиячылар Чарджоунун жанында кыргын салып, каптап баратып, капыстан катуу сокку жеди. Заматта Англия аскерлери жардамга жетип барышып, Каспий аймагын басып алышып, генерал губернаторлукту түзө коюшту. Ал эми Жети-Суу менен Фергана аймагындагы Совет

бийлигинин душмандарын Кытайдагы англиялык консульство жетектеди. Консул Макартеней өз милдетин ишенимдүү аткарып, көбүн шыкактап, колдоп жатты. Дал ошол мезгилде ага кошумча болуп, Ташкендеги америкалык консул Тредуэлл англиялыктар менен бирдикте Совет бийлигине каршы чоң көтөрүлүштү көтөрүүгө катуу даярдык көрө баштады. Согуш туткундарынын арасында үгүт жүргүзүшүп, Түркстанга чогулган Германиянын, Австриянын туткундарын алып чыгышканда дал ошол 1918-жылдын күз айында Душак станциясынын жанында Кызыл Армия баш көтөргүс кылып талкалап салды. Кийинки жылдын башында ак гвардиячыл эсерлердин козголоңу жалп өчтү. Совет бийлигинин душмандарына таянып, Орто Азия элдеринин ички душмандарын бириктирип чоң күчкө айландырууда талап-тоноочулук, зордук-зомбулукту колдонгондорго жалпы эл жапырт каршы чыгышты. Англиялык аскерлер аргаларын таппай, кыйын абалда калышып 1919-жылдын жаз айынын башталышында Иранга кире качып кутулушту.

Кызыл Армиянын Түркстан аскерлерине кошулушу Англиянын ой-максатын ойрондоду. Жабыла катуу иштеген план бузулуп, бири-бирине болгон таянычтар талкаланды. Андан кийин ооматы Ашхабадда тайыды. Түркстан фронту түзүлгөндөн кийин чет элдик интервенциянын биринин артынан бири ойрону чыкты.

Орто Азияга чектеш аймак Кытай, Ооганды өз өкүмүнө имерип, активдүү аракетке өтө баштаган болчу. Аны байкаган АКШ бул мерчемдүү мезгилди колдон чыгаргысы келбей, түрк дүйнөсүн өзү башкаргысы келген Түркия бир тараптан чыгып, басмачылык кыймылга кол кабыш кыла башташкан. Бардыгы бириги большевиктик түзүмгө олуттуу кооп туудурган аракеттерде дал ошол сырткы күчтөрдүн салымы күч эле. Антибольшевиктик кыймылдын Түркстандагы ташкыны көп өтпөй эле солгун тартып, аскер бөлүктөрүнүн талкалангандан калганы элден бөлүнүп, минтип баш-паанек издеп Кашкарга келип отурат. Бул жайда да жөн жүрбөстөн жергиликтүүлөргө зомбулугун көрсөтө башташты.

* * *

Жаш совет өкмөтү менен Кытай мамлекетинин ортосундагы чек араны көзөмөлдөө анчейин колго алына элек чакта Шиңжандын Кыргызстан менен чектеш тарабы басмачы топторунун баш паанегине айланды. Тоо тарабындагы негизинен кыргыздар жашаган аймакты Чыпак казы жана анын уулу Шабдан, чоң багыш уруусунан чыккан Осмоналы башкарып, качып барган басмачылар менен ортоктош ынак болушту. Алар өз ой-мүдөөлөрүн аткарууда басмачыларга таянышты.

Англия империясынын тукуруусуна таянган куралдуу басмачылардын таасири улам күчөдү. Отузунчу жылдардын башында чоң багыш уруусунан чыккан Осмоналы, советтер тарабынан өтүп барган басмачылар арасында чоң аброй алып, башчылыкка тизгин талашып жүргөн Ади корбашыны аскер башы, Жаныбек казыны кеңешчи кылып өзүнө тартты. Аймактын Жыгын, Көөнө, Улуу-Чат тоолорунда ээн-эркин жүргөн басмачылар топтору эки көк жалдын сөздөрүнөн чыга алышпайт эле. Кашкар шаарын алууну масилат кылышып, Эски Кашкарды басып алышты да, өзүнчө Чыгыш Түркстан мамлекети түзүлгөнүн жарыялашты. Осмонали өзүн падыша атап, бийликти колуна алды. Кездемеден акча чыгарышып, соода алакасын жүргүзүштү. Осмонали падыша аталганы менен негизги бийлик Адинин колунда болуп, айтканы-айткандай, дегени дегендей аткарылып турду.

Совет өкмөтү орногонго чейинки падыша өкмөтүнүн агрардык саясатындагы Кыргызстандын түштүк аймагындагы дыйканчылыкка ыңгайлуу мыкты жерлерге орус дыйкандарын ордоштуруу маселеси, орус дыйкандары менен жеринен ажыраган кыргыздардын ортосунда карама-каршылыкты күчөткөн эле. Совет бийлигинин орношу менен, солчул-эсерлердин алгачкы улуттук саясатындагы кетирген кемчиликтери, орус дыйкандар армиясынын жергиликтүү калкка жасаган кандуу окуялары, зордук-зомбулуктары, динге каршы жаңылыш саясаты, дин кызматкерлеринин куугунтукталышы жана көйгөйлүү агрардык маселе жергиликтүү элдин кыжырданууусун пайда кылды. Карапайым

калктын улуттук эркиндик, өзүнүн диний ишенимдерин коргоо, өз жерине ээ болуу үчүн күрөшүн, дин кызматкерлери билгичтик менен пайдаланышты.

Басмачылар кыймылынын жанданууусунда диний мүнөздөгү уюмдар Орусиянын курамынан биротоло бөлүнүп, өз алдынча мусулмандардын мамлекетин куруу саясатын бетке тутушкан. Совет бийлигинин жүзүн каралаган солчул-эсерлердин, улут саясатындагы маанилүү демилгелерди бурмалоосу, большевиктердин айкын максаттарынын маани-маңызын, жергиликтүү калкка жеткирүүдөгү саясий сабатсыздык басмачылар кыймылынын жайылышына шарт түздү. Ислам мамлекетин түзүү демилгесин көтөрүп чыккандар «исламды каапырлардан коргоп калуу, ар бир мусулмандын милдети» деген жарыяны беттерине тутушту. Басмачылардын жана кызылдардын кызыл кыргынынан набыт болгондордун күбөлөрүнүн бир тобу жеке өмүрүнүн коопсуздугу үчүн Кытай-Кашкарга баш паанектеп кетүүгө мажбур болушту.

* * *

Чыпак казы эки миңден ашык өзүнүн туугандарына гана эмес, Кашкар аймагындагы кыргыздар арасында, чоң абройлуу эле. Коңшулаш уйгур-дунган бийлери менен да алакалаш болуп, айткан сөзү жерде калбаган ары акылман, көрөгөч адам болчу. Адинин өткүрлүгү, ар бир ишти колго алардагы токтоолугу ага жакчу.

Оош-кыйыштуу чакта, ушундай эр азамат, иш билги, элге күйгөн адам зарыл эле. Керектигин билгендей, өзү келгенин кара, – деп көөнү толуп жүрдү.

Буга чейин Ади көп келди. Келген сайын казыга жолугуп, элдин ал-абалын сурады. Экөө ээрчишип жалаң кыргыз айылдары жайгашкан жерлерди кыдырышты. Анда уруу башчылары, бийлер менен сүйлөшүшүп, Совет менен Кытайдагы жаңылыктар туурасында маектешишти. Учурдагы кооптуулук эске алынып, элдин тынчтыгы, биримдиги туурасында ой бөлүшүштү. Уйгурлар менен дунгандар түзөң аймактардагы сууга мол, эгинчиликке ыңгайлуу жерлерди турукташа, кыргыздар тоо тарапты

байырлашып, малга ыңгайлуу, көчүп-конуучу шартты пайдаланышып, казактар менен алакалаш жашашчу. Кытай өкмөтүндөгү бөлүнүп-жарылуу, бийлик талашуу, улам бири кетип, экинчиси келген алмашуулар Кытай элдерине гана эмес, коңшулаш калктарга да салакасын тийгизип, элдин турмуштары улам начарлап жаткан эле.

Жергиликтүү эл көбүн эсе тиричиликти өткөрүүдө базарга муктаж болчу. Ар түрдүү өлкөлөрдөн келген товарлар дүңүнөн алмашуу жолу менен жүргүзүлүп, тоолуктардын буюмдары арзыбаган баага бааланчу. Аймакка англичандар мурдараак келишип, завод, фабрикаларды куруп, базарды ээлешсе, аларга атаандашкан орустар да жергиликтүү элдин чийки товарларын алып, кайра иштетишип пайда көрө башташкан болчу.

Аймакты башкарууга болгон кытайлардын, андан калса уйгур менен дунгандардын аракеттери көбүн эсе зордук-зомбулук менен чечилгендиктен, кыргыз жакшылары аз добуш менен чектелип калгандыгы айкын билинди. Тоолуктар кат сабатты жоюуда, документтүү иш алып барууда башкаларга теңеле албаган. Бийликти ээлегендер башка улуттардан эле. Алар менен тең кытайлашып, кармашканга өзүнүн байлыгына ишенген Осмоналинин жөндөмдүүлүгү чектелүү болчу. Анысын ал өзү да билип, Чыпак казыдан сырын жашырбай айтканы бар.

– Казым, талаш-тартыш болот. Анын аягы кээде чырга айланып, курал алышууга чейин барат. Элибизди башкалар басып алабы, – деп да корком. Биз шартка ылайыктап жашап жүрүп, бир жактуу болгонубузду байкайм. Кат сабат менен базарды колго алсак, элдин турмушу да башкараак болоор беле. Болорман бирөөлөр башчылыкка керектей?

– Эл камында болгонуң эсиңдин бардыгы. Элди артынан ээрчитип, баш болоор көрүнгөндүн эле колунан келе бербейт. Бирок эл ичинен андайлар чыкпай да койбойт. Мен сага бирөөнү табыштайын деп жүрдүм эле.

– Айтканыңызды түшүндүм. Каршылыгым жок.

Кашкар аймагындагы мусулмандар менен кытайлардын ортосундагы келишпестик уламдан-улам күчөй берди. Акыры

барып ал чырга айланды. Ар бир аймакта – мусулман балдарын кытайларга каршы күрөшүүгө биримдик түзүүгө үндөгөн үгүттөр күч алды. Кытайларды шаар, кыштактардан айдап чыгууга убадалашып, уйгурлар, дунгандар, кыргыздар бири-бирине өкүл жөнөтүштү. Мусулмандар жашаган ар бир аймакта курал кармап, сөз бекиткен жыйындар уюштурулду. Доотай (аскер губернатору) алардын аракетине тыюу салып, «куралдарды өз ыктыярлары менен тапшырууну» талап кылды. Шамансур баштаган топ доотайдын талабына моюн сунушуп, курал-жарактарын тапшырышты.

Бирок Жаркенттеги миңге жетпеген кытай аскерлери менен мусулмандар ортосунда келишпөөчүлүк жаңжалга айланды. Бул ишке да доотай киришип, чырды токтотту. Мусулмандардагы сегиз жүз беш атар, он эки атар, пулеметторду өткөрүп жатышканда Кашкардагы мусулмандарга жардам берүүгө Кожонияз баштаган топ Үрүмчүдөн келишти. Ага Котон, Жаркенттен төрт жүзгө жакын адамдар кошулушту. Алар Кашкар чапанын кийген эки жүз элүүгө жеткен кытай аскерлерин сыртка чыгарбай, камалоону макулдашышты. Кытайлар шаардын ичинде, мусулмандар сыртта, бирин-бири акмалап турушту. Тамак-ашсыз кытайлар ачка калышып, куралдарын тапшырууга аргасыз болушту. Аңгыча кашкарлыктарча кийинген кытай аскерлери жардамга келе жаткандыгы билинди.

– Жаркенттин жанындагы жаңы шаардын алдын, аскер менен тоскула. Ортого албасак Кашкарга өтүп, биригип кетет! – деген кат Кашкарга да, Жаркентке да жетип келди. Кашкарда Ади башчылык кылган өзбек Юсупжандын сегиз жүз, кыргыз Абдыкалыктын миң эки жүз аскери бириккенин туйган кытайлар жарашууга элчи жиберишти. Кожонияз кытайлардын «элдешебиз» дегенине карабай аскерлери менен кол салгандыктан, эки тараптын ортосунда атышуу башталып, тополоң күч алып кетти. Мусулмандар өктөмдүк кылып, көп күчкө ээ болуп, Кашкарды кытайлардан тазалашты.

Бирок кытайлар Чыгыш Түркстандын ар бир шаарына жапырып басып киришип, өз бийликтерин чыңдоонун аракетинде бо-

лушту. Жергиликтүү элден алым алууну көбөйтүшүп, салыктын ар кандай түрлөрүн киргизишти. Көөнө Турпан, Комулдагылар кытай өкмөтүнө нааразылык билдиришип, көтөрүлө башташты. Кожонияз ажынын жетекчилигиндеги топтор элди көтөрүлүшкө чакырып, биригүүгө үндөп жатышты. Көтөрүлгөндөрдү Му-Сул бай колдоп ат, тон, курал-жарак таркатып жүрдү. Ар тараптан чыккан нааразылык улам күч алып, көтөрүлүшкө айланды. Үч айдын ичинде Синьцзяндын борбору Үрүмчү ээленди. Бийликтеги кытайлар качууга аргасыз болушту. Колго түшкөндөрдү «мусулман болууга», «ыйман айтууга» мажбурлашты. Макул болбогондор атылды. Үрүмчүдөн соң Кучар, Ак-Суу, Кашкар, Жаркент, Котон аймагындагы мусулмандар да көтөрүлүшүп, бийликтеги кытайларды кубалашып, шаарларды колго алышты. Жаңы шаардагы кытайлар көптүк кылышып, коргонууну чыңдашып, шаарды колдорунан чыгарышпады.

Кытай өкмөтү ар бир аймакка доотайды шайлоого көрсөтмө берди. Кашкар, Үрүмчү, Кулжа, Ак-Суу, Котон, Марал-Башы, Жаңы шаар, Жаркент, Чарчын, Чаркарык аймактарынан келген өкүлдөр доотайлык кызмат орунга талапкерди көрсөтүүгө чогулушту. Ар бир улуттагылар өз өкүлдөрүн көрсөтүп жатышты. Кыргыздар Осмоналини, дунгандар Зу Хэйди жана кытайлар Темир-Ши-Жаңды, уйгурлар Кожониязды көрсөтүштү. Жалпы добуш берүү менен Зу Хэй доотай шайланып, Кашкарга Осмонали, Котонго Шамансур көрсөтүлүп, кеч кирип кеткендиктен өкүлдөр таркап жатышты. Таң атпай чаң тополоң башталды. Кытайлар тарабынан көрсөтүлгөн Темир-Ши-жаң доотайлыкка көрсөтүлбөй калганына ызаланып, Зу Хэйден бийликти тартып алмак болду. Кожониязга «Бийликти алып берем» деп убада берип, анын аскерлери менен өзүнүн аскерлерин бириктирип, Зу Хэйге каршы жөнөттү.

Зу Хэй Темир-Ши-Жаңдын арам оюн туюп, анын чабуулуна каршы алдын ала даярдык көрдү. Темир-Ши-Жаң аскерлерин баштап келе жатканда, анын аскерлерине каршы ок чыгарбай, өзүн атууга адамдарына көрсөтмө берди. Темир-Ши-Жаң өлтүрүлгөндөн кийин орус консулу Кытай аскерлерин колдосо, анг-

лия консулу Зу Хэйдин аскерлерин колдоп ортодо кармаш баштады.

Эки тараптын ортосундагы карама-каршылык күч алып согушка айланып баратканда аларга каршы самолет бомба таштап таркатты. Жаңы орунга Кожонияз көрсөтүлдү. Кытайларга кошулуп кеткен Кожониязды мусулмандар жактырышпай ага баш ийүүдөн баш тартышты. Орус консулу менен англис консулдугу мусулмандарды өз кызыкчылыгы үчүн пайдалануу көздөшкөнүн туюп, дунгандар, уйгурлар, өз алдыларынча бөлүнүшүп таркап кетишти. Адинин күчү менен Осмонали Кашкарды ээлеп калды. Кытайлар менен болгон кармашууда жергиликтүү кыргыздарды жетектеген, Адинин аброю көтөрүлүп, чоң ишеним ыйгарылды.

Осмон өзү чоң багыш уруусунан эле. Аны бийликке же пашалык даражага Советтен барган басмачылар жеткирди. Аскер жетекчиси Ади, кеңешчиси Жаныбек казы, казына башчысы Чыпак казы. Бирин-бири колдоого алышып, кеңири бийликтин доорун сүрүштү. Оокаттуулар менен соодагерлер пул чогултушуп, Осмонду паша аташып, чылк алтындан таажы кебетесиндеги баш кийим ыйгарышты. Ал бийлик кылган эски Кашкар шаарынын элинин жарымы кыргыз, жарымы дунгандар. Осмон паша аталган менен бийлик Адинин колунда. Андан баары сестенишип, алдынан кыя өтүшпөйт.

Пашанын кошуну Кашкардын астындагы Опол деген жерде эле. Адинин даңазасы укканларга өз таасирин тийгизбей койгон жок. Жыйнаган колу улам көбөйө берди. Бирок, алардын көпчүлүгү чаап алганга, талоончулукка маш, нашакорлору да бар болчу. Ади алар менен бирме-бир иштеп, жоокерчилик өнөргө үйрөтө баштады. Көпчүлүгү уруш өнөрү менен тааныш эмес, куралды пайдалануу билишпей, жаздым атышчу. Ал эми Совет тараптан ооп келгендердин арасында кызыл аскерлер менен далай жолу беттешип, бөрүдөй кыйды болгондор да бар болчу. Осмон паша чет элдик чалгындоолор менен байланыш түзүп, Синьцзяндын губернатору Шень-Ши-Цай менен да жакындан мамиле түзүүнү көздөп жүргөн.

Кашкардын жанындагы Тоюн деген жерде Осмон пашанын кошуну бейкам жаткан. Ади тууганларынан кабар алмакка Алайга кеткен болчу. Капыстан кол салуу болуп, мылтыктардын тарсылдагы туш тараптан чыга баштады. Капылеттен жасалган чабуул Осмон пашанын жигиттерин абдаарытып койду. Биринчи эки бетешүүгө катышпай, алдастаган кошундагылар чегине Осмон паша жаткан коргонго пааналашты. Ишенимдүү мергендери мерчемдүү жайларга жайгашып, курчап келе жаткандардын алдыңкыларына каршы ок чыгарышты. Атышуу бир топко созулуп, эки тараптан тең чыгымга учурады. Чабуулга чыга алышпай курчоого алгандар аркаларына кайтышты. Көрсө алар, жергиликтүү элден чыккан ыктыярдуу отряддын жигиттеринин аракеттери экен.

Тегирментиде Осмон паша, Токтобек, Жаныбек казы, Мамасали казы, Шермат паңсаттардын жүз боз үйдө жашаган жигиттери бар. Алар бириксе миңге жакын кол болот. Басмачылардын топтору ыктыярдуу отряд менен да, Кашкар менен да элдешишпеди. Улуу-Чат менен Тегирментинин аралыгы алты күндүк жол. Жылдын сентябрь айында Улуу-Чаттан беш жүз ыктыярдуу отряддын жоокерлери жыйырма төөгө курал-жарак, азык-оокат жүктөшүп, Тегирментиге карай жолго чыгышты. Куш-Уйкуга келип бир түнөп, Кызыл-Ойго экинчи күнү, үчүнчү күнү Тополукка аярлашып, улам Тегирментиге жакындай бериштери. Алардын максаты билдирбей басмачылардын колун талкалоо эле.

Тегирментиге он чакырым калганда түн кирип, караңгыда жол көрүнбөй калды. Кошун үчкө бөлүнүп, биринчи бөлүк шаарга баруучу жолдон, экинчи бөлүк шаардын түндүгүнөн, үчүнчү бөлүк чыгыш тарабынан кол салмак болушту. Чабуул качан самолет учуп келип, басмачылар жайгашкан ортолукка бомба ташталганда башталмак. Үч бөлүк тең белгиленген чекке жетип, толук жайгашкан соң, таң эрте менен бомба ташталды. Ок атуу башталып кетти. Бомбалоодон качышып, шаарга баруучу жолдо беш жүзгө жакын аялдар, басмачылар атылган окко карабай каптап кирип келишти. Көбү окко учуп, калганы колго түшүп беришти. Башчылары колго түшпөй, качууга үлгүрүштү. Кантсе

да басмачылардын изи сууп, жергиликтүү элди талап-тоноо токтолгондой болду.

Ади буга чейин Чыпак казы менен эчен курдай жолугушкан. Адинин өжөрдүгү, сөзүнөн кайтпаган көктүгү, кайра тартпас мүнөзү казыга жаккан эле. Аскер өнөрүн өздөштүрүп, эчендеген орус генералдарынан, аскер жетекчилерден таалим алган Ади баскан-турганы тың, кыска, так сүйлөшү, ар бир ишке астейдил көңүл бөлүшү, нак аскер адамы экенин айгинелечү.

– Атаңын көрү. Эл башкара турган мырза экен. Бийликти алыш, элдин башын бириктириш ушунун гана колунан келет. Аскердик кийимдин жарашканын айт. Атка да, үзөңгү теппей шарт минип, дайыма алдыда бөлүнүп жүрүшү кимдигин аныктап турат, – деген казы көптөн бери ага баа берип, сындан өткөрүп жүргөн.

Ади жоокерлерди тындырбады. Дем алыш бербеди, улам машыктырып, суй жыкты. Түнү болсо түнү, күнү болсо күнү жигиттерди так, даана сүйлөп, жооп берүүгө шай кылды. Жигиттерди ат үстүндө алыштырды, жерде жарыштырды. Кылыч чаптырды, чуркап баратып, же ат үстүндө мылтык атууга, шап менен чабууга, деги эле түрлүү түмөн эрежелерди көрсөтүп даярдыктан өткөрдү.

Эки мамлекеттин өкүлдөрүнүн тирешүүсүнөн улам улуттар аралык мамиле курчуй берди. Уйгурлар менен кыргыздардын ортосундагы карама-каршылыкта кыргыздар көбүрөөк жабыр тарта баштады. Кыргыздар көбүн эсе сырт тарапта жайгашкандыктан күндөлүк тиричиликте, соода-сатык ишинде кемкарчы көбөйө баштады. Кожонияз уйгур болгону менен эки элдин ортосунда аралжы болууга кызыкпады. Анын негизги максаты бийлик менен гана чектелип калды.

Осмонали Кашкардагы ички тартипти колго ала албады. Эки элди ынтымакка келтирүүдө алсыз болуп чыкты. Кыргыздар колундагы мал-мүлкүн соодалоодо, күндөлүк тиричиликке зарыл буюмдарды алууда, базарга баруудан айбыгып, четке сүрүлө башташты. Көз көрүнө буюмдарын тарттырышып, арыз-даттануулар көбөйө баштады. Осмоналынын алсыздыгы элге дайын

болду. Элден бөлүнүп калганын өзү да туйду. Анын колунда бийликтин аты гана болгону менен элди башкарууга келгенде өзүнүн чабалдыгын мойнуна алды.

Эл бийлеп, турмуштан көптү көрүп, кексесине айланган Чыпак казы Осмоналыга өзүнүн оюн ачык айтты.

– Паша Адинин колунан көп иш келээрине көзүң жеткендир. Тизгинди ага берип, ат үстүндө болгонуң оң. Бийликти алдырам, – деп санаа тартпа. Анын оюна кой. Бийлик орун, сеники. Ал кам чыңы гана чабат. Ишеним кылсаң бийлигиңди жүргүзүп берет. Мезгил оор болуп турат. Элдин тагдырына аралжы болор Ади. Эл башкарууну ага тапшыр?

Осмоналы башын жерге салып, бийлик колдон чыгып баратканына ич тызылдап ызаасын билдирмексен болуп турду.

– Таксыр, бийлик өзүңүздө калсын. Мен сиздин жардамчыңыз эле болоюн? – деди Ади.

– Жок. Сенин мээнетиң ак. Эл бөтөндөргө кор болуп калбасын. Паша да ушундай бүтүм чыгарды, – деди казы.

Осмоналынын тизгин кармаган эки колу калтырап, муундары бошошуп турду. Бийлик ээсинин көрүнүшү аянычтуу эле. Көпчүлүк «Ади! Ади!» – деп кыйкырып жатты.

* * *

Кашкардагы жергиликтүү Кытай бийлиги кыргыздардын өздөрүнөн чек араны көзөмөлдөөчү аскер топторун түзүүгө киришти. Улуу-Чаттагы чек ара тобуна ошол аймактагы абройлуу Чыпак казынын уулу Шабданбек топтун командирлигине, орун басарлыгына Ысакбек көрсөтүлдү. Союздан өткөн басмачылар Жыгын, Көөнө, Улуу-Чат тоолоруна байырлашкан эле. Тынч жаткан элге бүлүк салышып, мал-мүлктөрүн тоношкондорго каршы күрөшкө жергиликтүү жигиттер ыктыяры менен келип кошула башташты.

Синьцзянь аймагы татаалдаша берди. Жер ооп келген басмачылар тобун талкалоого жергиликтүү ыктыярдуу жигиттердин тобу күндөн күнгө күч алышты. Кытайлар менен мусулмандардын ортосундагы бийлик талашуу дагы да күчөдү. Аймактагы

уйгур, дунган, казак, кыргыз, тажик элдеринин топтору куран кармап биригүүнү көздөштү. Кимисине болбосун курал-жарак, ок-дары зарыл керек болчу.

Гоминьдандык бийликке Синьцзянь аймагындагы уйгур, дунган, кыргыз өңдүү калктардын өкүлдөрү нааразы эле. Ар бир калк аларга каршы өздөрүнчө аскер куроону макулдаша башташты. Алардын максаты мусулмандардын шаарларын кытайлардан тазалап, бийликти биротоло алуу болчу. Аны уйгур, дунган, кыргыз билармандары кубаттай башташты. Мусулмандардын бүтүмү Үрүмчүдөгү доотайга билинип, куралдарды казнага тапшырууну талап кылды. Ар бир калктын өкүлдөрү өздөрүнчө маслат кылып, куралдарды тапшыруудан баш тартышты.

* * *

Ади бийликти колго алган соң, Алайга кабар жиберип, туугандарын алдырды. Бүлөлүлүктөр жапырт көчүп келишип, Зымкананын жанындагы Чоң-Токойго отурушту. Ысамамат бий көрсөтүлүп, жаңы көчүп келгендерге кийим-кече, азык-оокатын камдап бере баштады.

– Кызыл-Ойго Ади паша келет экен, – деген кабардан улам Ысамамат кошундагылар кийим-кечелерин дыкаттык менен бир сыйра карап чыкты. Чоң-Токойдогуларга келип, элдин азыгына көңүл бөлдү. Бардыгы эле ойдогудай кемтиги жоктой туюлду. Ошентсе да анын ичи уйгу-туйгу. Көпчүлүктүн баары эле телегейи тегиз эмес. Кемтиктери арбын болчу. Аларды билсе Ади аябайт. Ар иштин орду менен так аткарылышын каалайт. Эгер тапшырылган иш өз убагында, так аткарылбаса эч кимди аябайт. Аны бул жердегилердин бары жакшы билишет. Адинин жана жандосу Абдыкалыктын окуясы бардыгына сабак болду.

– Абдыкалык сен дасыккан адамсың. Элүү эр азаматты тандап ал. Улоо турманынан баштап, кийим-кече, жаткан-турганы ал тургай көчөдө жүргөнүнөн бери, жетекчисине кантип кайрылышты, берилген тапшырманын аткарылышын маалымдоону үйрөтүүгө мөөнөттү канча күнгө келишели, – деди Ади Абдыкалык досуна, кошундагылардын арасында кайрылып.

– Он күндүк мөөнөт жетет, таксыр жетекчи деди Абдыкалык.

Арадан он күн өтүп, Абдыкалыктын жоопкерчилиги каралды. Биринчи эле караганда унаа турмандан айыптар чыга келди. Ат жабуу, токумдар бир кылка эмес. Кийим-кечелерге, жаткан-тургандарына көзөмөлдүк жок. Көчөдө жүрүүнүн, кайрылуу, жооп берүү эрежелери сакталбайт. Курал-жарак толук камсыздалбаган.

– Убада боюнча Абдыкалыкка, Раимжанга жүздөн балак урулду. Айткандай, экөө тең он беш күн отура алышпай туруп, тамак ичип жүрүштү. Кошунду башкарып жүрүшүп, таксырдын буйругу менен кол алдындагылардан балак жешти. Бул иш бардыгына сабак болду. Ошол күндөн баштап кошундагылар арасында тартипке, бирдей эрежеге көңүл бөлүндү. Жусупжандын аброю көтөрүлө баштады.

– Жигиттерге бир кылка аскердик кийимдерди даярдоодо Матосмон, Матазим, Аманаттардын аракеттеринин пайнабы натыйжалуу болду.

Адинин ар бир аракетин пайлап отурган Жаныбек Абдыкалык менен Раимжандын «жабырланган дилдерин» туйду. Казы экөөнүн тең таржымалын жакшы билчү. Абдыкалык «Куршаптык болом» дегени менен көп жердин даамын татып, кексесине айланган карышкырлардын бири боло турган. Бир мезгилде Бухарада Ибрагим бекке жигит болуп жүрүп, анын колу талканланган соң Ферганага из жашырып келген. Дээринен бийликке жакындыгынанбы Мадаминбек менен бир жүрүп, кийин ал кызыл аскерлерге кошулуп кеткен соң Ади менен жан кыйышпас дос болушуп, Алай тоолорунун бир үңкүрүндө бычак жалашып касам ичишет.

– Жүрсөк багытыбыз, бассак кадамыбыз бир. Акыреттик досуп. Антыбыздан тансак агарып жаткан тоо урсун, көгөрүп турган көк урсун! – дешип, кучакташышып төш тийгизишкен.

– Эки көк жалды кандай тагдыр бириктирип калды? – деген суроону бир чети ичи тарып, экинчиси таң калып казы өзүнө-өзү суроону ушул күнгө чейин берип келет.

«Эки кочкордун башы бир казанда кайнабайт эле», качан сүзүшө кетээр экен? – деп алдыртадан аңдып жүргөн. Караса экөө тең бири-бирине алдырбас, азуулуу жырткыч. Ади бир сырдуу, сүрдүү кабагын түйүп, көңүлү келген адамга сүйлөбөсө, Абдыкалык жайдары, кабак-кашы жазылып, көргөн адамы менен бажаңдап ачылып сүйлөшө кетет. Алдыртадан ал ага суроо салат.

– Экөө кандай биригип кетишкен?

– Казым буларды бириктирген дүнүйө.

– Дүнүйө!

– Ооба, ооба. Абдыкалык Бухарадагы эмирдин казынасын жүктөп, Ферганага келет. Аны узаткан генерал жетектеген орус офицерлери келишимдин негизинде Алай аркылуу Ооганга жеткиришмек. Алардын акылары жарымы төлөнгөн. Жарымы Ооганга жеткенде берилмек.

– Ии? Уланта бер.

– Калганын билбейм.

– Калганын ким билет?

– Менин да башым маң.

Оор үшкүрүнүп, эмирдин дүнүйөсүнүн дарегин билүүгө суроо салды. Мен-менмин деген, эл арасындагы башы көрүнгөндөрдү кепке тартты. Көбү аңдабады. Аңдаса да «каяктагы эмирдин дүнүйөсүн айтат», – дегендей жер карашты. Казы өзүнүн суроосун, сөз арасында Осмон эшенге кыйытты.

– Бухарадан Ферганага келгени ырас экен. Бирок, кимдер алып келгени белгисиз дешет. Осмон эшен казыга суроолуу тигилди.

– Бир билсе Жусупжан билиши мүмкүн, чекмелеп көрүңүзчү деди эшен.

Жусупжандын таржымалы казыга, бир топ белгилүү болчу. Баягында Анжианда жүргөндө Жусупжан өзүнө жан жигит эле. Кийин кызыл аскерлер менен байланыш кылгандан кийин Жусупжан да эстен чыгып кетти. Адиге кантип биригип калды?

– Адиге жалаң тандамал эргулдардын биригип калышынын себеби эмнеде? Казы Жусупжан менен сүйлөшүп отуруп эмирдин казынасы жөнүндө сөз козгой кетти.

– Бухарадан чыккан казына Фергана аймагында Ошко жетип, андан ары жиги билинбейт, – дешет. Ырас пы?

– Орус офицерлеринин бир-экөө Гүлчөгө келгенде кармалып, туткундалыптыр деп уктум. Казына алып жүргөндөр кайда экенин билбейт экенмин, – деп Жусупжан сөзүн токтотту.

Казы Абдыкалыкта көп сырдын бардыгын туйду. Алдын Раимжанды өзүнө тартмак болду да жигиттерин жумшап өзүнө чакыртты. Раимжан келип, кучакташа көрүшүшүп, ал жай сурашуудан соң, атайын мейманга арналган дасторкон жайылды.

– Бөлөм, өз үй болгондо өзгөчө болмок. Бөтөн жер болсо да, дасторкон өзүбүздүкү. Кенен отуруп, ал-жай сурашып, сырдашканга чакырдым, – деди казы.

Жаныбек казы Раимжандын атасы Турганбай бай менен каарын бөлө боло турган. Өзгөндө экенинде жаман-жакшылыкта Алайга келип, алайлыктар Өзгөнгө барышып, каада менен катташып турушчу. Өзгөндөн Алайга түзөндөп барам десе да, белес ашып, ашуу менен барам десе да жол арбын. Кышын-жайын каттоо үзүлчү эмес. Чоң аш-той, мааракелерде Алай, Кара-Кулжа, Өзгөн, Жалал-Абад, Ош аймагындагы билермандар бири-бирине кат, же атайын чабарман жөнөтүшүп тамашалар бирге өткөрүлчү. Атактуу балбан, саяпкер, өнөрпоз деги эле уруунун атын чыгарган өнөр ээлери калың элге кабардар болушчу. Билермандга кат-кабар жөнөтүлгөндө да этегинде «палан ырчы, комузчу, саяпкер, балбан, улакчы» ж.б ала келүүлөрүн өтүнүп, белгилей кетүү адат эле.

– Атанын аты да, даңкы да, намысы да балага милдет. Атанын жолунан бала чыга албайт. Ата деген улук. Ошон үчүн ата арбагына сыйынабыз. Ар жагын өзүң жакшы билген, ата тарбиясын көргөн, ата уулусуң! Атаң Турганбай бий деп мага кошуласыңбы, же тууганым деп Адиге кошуласыңбы? Карт казы сөздүн ток этээр жерин карманып, суроо салды.

– Сизге да, Адиге да кошула берем, – деди Раимжан тайсалдай сегиз көчүгү ачышканынан чекесин тырыштырып. – Ади менен казынын эрегишкенин жакшы билген Раимжан сөздөн илинип калбайын деген таризде.

Эки өйүздөгү күңгөй-тескейдей болуп, бирин-бири көрүп турганы менен бириге алышпаган экөөнүн мамилесин угуп билгендер.

– Экөөнө эмне жетпейт. Бөтөн жерде бирин-бири колдоп, ынтымакта болушпайбы? Же ортодо боло албаган бийлик, же байлык барбы? Эмнеге эле экөө далыларын салышат?

– Ээ, бири эски Никелейдин, бири жаңы Советтин адамы. Эзээли бириге алышпайт.

– Казы дале жаңы өкмөттүн саясатын кылып, совет-кытай соода байланышын жүргүзүп келбеди беле?

– Анын колун булгап, жолун бузган туугандары менен уулдары болду деп жүрүшпөйбү.

– Анысы да бар. Бирок, «мал ачыгы, жан ачыгы» делип, жаңы өкмөт казынын мүлкүн ортолукка алышынын ызаасынан казы, жүзүн буруптур.

– Адичи? Ал кандай эле казыга каршыгып калат?

– Ал атайын тапшырма менен казыны кармамакка келиптир деп угабыз.

– Андай эмес. Казыны кармаса, канчалаган кызыл партизандар келип-кетип жүрүшөт. Ади алардан өзгөчөбү?

– Адинин максаты эмне экен?

– Ади Чыгыш Түркстанды Кытайдан бөлүп алам деген максат менен жүрөт, – деп угам.

– Огоо. Оңор эмес милдетти моюнга алыптыр. Эми кантип жатат?

– Келгенине аз эле болбой Шиңжаңдагы жалаң кыргыздарга гана эмес, уйгур, дунган, тажик, казактарга, жамы мусулман элдерине чоң аброю бар Чыпак казыны колго алды. Ал аркылуу Осмон пашанын аскер башчысы эле. Эми Кашкар пашасы. Өзүнүн атынан пул чыгарып, Чыгыш Түркстан өлкөсүн таануурга чет өлкөлөргө кат жолдоп жатат, – дешти.

– Кат жолдогону эмнеси?

– Чыгыш Түркстан мамлекетин тааныгыла дегени.

– Өкмөт баштыгы Ади болду дештиби?

– Ади болгону болду.

– Вазирликке кимдерди коер экен?

– Вазирликке Жаныбек казыны, Раимжан менен Абдыкалык досторун, катчылыкка Жусупжан досун бекитмек болгон экен.

– Анан?

– Анан алардын билими жок. Үй-бүлөлөрү жок деген шылтоо болуп жатыптыр деген кеп бар.

– Кимиси эмне иш аткарат? Же пашанын айтканы менен болуп жүрө беришеби? Үй-бүлөлөрү жок болсо, бул жерден үйлөнүшөт да?

– Жо-ок. Бирисин ички иштерди башкарат десе, экинчисин азык-оокатты карайт. Үчүнчүсүн билим берүүгө тартат деп атаптыр. Үй-бүлөсү жокту бийликке отурууга шарият уруксат бербейт имиш.

– Анда кат сабаты барлар керек экен. Достору Абдыкалык менен Раимжанды тил албагандыгы үчүн катуу жазалаган экен. Экөө эми ага каршы туруп жатат деп уктук.

– Жаныбек казы Казнаны берсе барам деп жатыптыр.

– Жаңы паша өзүнө душман көбөйтүп жатыптыр, этеги кантээр экен?

– Эсен болсок, аны да көрөбүз.

– Казы баш болгон достору биригип кетсе, пашаны аңтарып салышат го дейм.

– «Жатып өлгүчөктү, атып өл» дейт. Карт карышкыр жөндөнжөн колго түшүп бербейт.

«Калк айтса, калп айтпайт» демекчи, «Имиш» да жөн жеринен чыкпайт. Казынын Раимжанды жарга такашынын этеги Адинин тагдырынын ташын бир тарапка оодуруу эле. Раимжандын тилин байлап, тамырын тартып жатты.

– Атаң бир сүйлөгөн адам. Так айт. Элибизде макал бар «Бөлөм, бөлөм, бөлөм үчүн өлөм», – дейт. Менин да салмагым бар. Башым таанылган адаммын. Сени Адиден ашык кылып, куштап алышка тилим да келет. Колум да жетет. Жаш баладан бетер шымалап, абийиратыңды көп көзүнө ачып, балдак урушу жаныма батып кетти. Шариятта абийирди башкага көргөзүш күнөө. Жада келгенде койнуңдагы аялыңа да көрсөтүүгө болбойт. Мусулман

мындай ишке барбайт. Каапырдын ишин кылыптыр. *Сен эмес,* мен намыстандым. Намыс деген башка. Атанын уулусуң, айт! *Сен* аны колума эле тийгизип кой. Калганын өзүм бүтүрөм!

– Сиз айткандай болсун!

– Ап-бали. Ал менин башымы «беш жүз мылтыкка саттым», – дейт. Мен анын башына бир куржун алтын коем. Абдыкалык досуңду ынат?!

– Казым, аны ынатыш сизден болсун. Мен ага жардам берейин.

– Мен убададан тайбаган адаммын. Эки сүйлөгөн жан эмесмин. Бир куржун алтынды азыр жүктөп кет.

– Ишти бүтүрөлү казым?

– Ата баласы. Келе колуңду. Колун байлап, үйдөн чыгарып бер. Эси-көөнүнөн кеткис кылып, жанын ачыштырып, коеюн. Кимди-ким жазалаарын билип алсын.

– Кана эмесе бөлө ак дасторконго бата кылып коелу?

– Оомийин! Экөөбүздүн жүзүбүз бири-бирибизге жарык.

Казы ордунан шайдоот турду. Бир паста тилинен адашып, эмне балакет болуп кеткенин эми гана туйган Раимжандын башы кеңгиреп, чекесиндеги лукулдаган кан тамыры жарылчудай болуп өзүнө билинип турду. Уюган буттарын араң козгоп, бир-эки обдулуп барып, чалыштап эшикти көздөй жөнөдү.

– Абдыкалык мырза, жаш туруп көпчүлүккө башсың. Талаа-түздө өзүңө окшогон көрөрман жигиттер көпкө караан болот. Бу жергиликтүүлөр ыктыярдуу атрият түзүп жатат деп угам, деги максаттары кандай? – деди казы намаздан кийин Абдыкалыкка капылеттен жолуга калып.

– Айылдарды басмачылардан коргойбуз дешип топ түзүп жатышат, – деп уктум.

– Бир тарабынан гоминьданчылар тытмалап, бир тарабынан ыктыярдуулар тобу тынчыбызды алып, бизди да жүдөтүшөт окшойт.

– Казым, кабатыр болбоң келишебиз. Кудайдын жери кең эмеспи.

– Кашкардын чайын ичип, чаңкоону кандырганча, өткөн-кеткенден кеп салалы, кандай дейсиң?

– Жүрүңүз? Мен да сиздин насаатыңызды угууга кумармын, казым.

Экөө чайканада чай чайпап, бет маңдай кеп келебин созуп отурушту. Чайкана атарабында адамдардын карааны көп болгону менен ар кими өзүнчө. Уйгуру өзү менен өзү. Дунгандары ары четте. Кыргыздар да оор кийимдерин чечине, жеңилдешип, аңгеме-дүкөн менен алек.

Абдыкалык чай куюлган пияланы казыга ары кылдат, ары чебердик менен эки колдоп узатып, улам чайнектин буусун чыгарбай, чарчысы менен жаап отурду. Чыгыш элинде чай узатуу да чоң өнөр. Чакан чай пияланын түбүнөн бир аз ашыра шаркыратпай, акырын куюлган чайды жанына отурган кишиге оң колдоп сунуп, кайра узатканда да оң колдоп алыш, кичи пейилдиктин белгиси.

Ушундай жайда жакшы сөз чыгып, жагымдуу маанай түзүлөт. Казы чекесиндеги нымшыган терин белиндеги чарчысы менен акырын сылай суроо салып отурду.

– Мырзам, те баштагы жылдары кызылдардан качкан жүктүү кербен Фергана аймагын аралай келип, Гүлчөгө жеткенден соң жиги билинбей калды деп бир уктум эле. Деги ал сөздүн чын-төгүнүн биле албадыңбы?

– Ошондой сөз айтылган.

– Чек ара тосулуп калып, тоо аралай кетиптир деп бирөөлөр кеп кылышканын уккам. Бирок, кийинки маалыматтан кабарым жок.

– Кызылдардын колуна түшсө эмдигиче билинмек. Тоо арасында кандай ың-жыңы жок сиңип, кетет? Же кербен тарткандар алайлыктар бекен?

– Жергиликтүүлөрдөн да болушу мүмкүн.

– Дүнүйө дегендин бир мезгилде кадыры бар эле. Азыр баркы да кетип баратабы дейм? Канчалаган байлар куугунтукка алынып, тапкан-ташыгандарын жүктөй келишип, гоминьданчылар күнүн көрүп жатабы дейм?

– «Көбүнө зар да, кээсине кор», – деген ушундай тура. Тапкан ташыганы насип этпей, талаада калгандар да бар.

– Ади досуңдун алтыны көбөйсө көбөйүп, азали кемибесе керек?

– Ар ким өзү билет, даткам. Биз дүнүйөгө келгенде бири-бирибизге сыйбыз.

– Кеп укканда болдум. Аскер башыларын жазалаптыр деп да айтып калышат.

– Ар кимдин пейили өзүнө жараша. Башкаларга сабак болсун деп жатып, кээ бирөөлөрдүн көңүлүн кирдетип алды.

– Аскер башы сен элең. Көңүлүңө доо кетпедиби?

– Кетпей коебу. Башкаларга жаза колдонсо да, башчыларга тил тийгизбесе болмок. Жүзүбүздү жер каратып койду.

– Туура эмес иш кылыптыр.

– Туура эмес эле. Ичибиз муздады. Башка жайда болгондо кетип калмакпыз.

– Эмне, ал башыңарды байлап алганбы? Мага кел? Кызматыңа каалашынча акы төлөйүн.

Абдыкалык аны сынай тиктеди.

– Чын айтам. Кызматың канча? Баасын айт?

– Бир сөз менен илешип калгам. Болбосо, кетип да калат элем.

– Эмне тилда берем дедиби? Канча? Нак төлөйбү?

– Экөөбүздү бириктирген... ойлоно түшкөн Абдыкалык өзүнүн сөзүнө өзү чочуй, кайра оңдой. -Убададан таялбай турам.

– Канчага убадалашкансыңар? Мен төлөйүн келесиңби?

– Канча төлөйсүз?

– Бир шарт менен.

– Айтыңыз.

– Адини мага алып келип бересиңер? Бир куржун тилда силердики.

– Ого! Ал кыйын иш. Жалгыз колуман келбейт.

– Көптөйсүңөр.

– Кимдер бар?

– Раимжан сага жардам берет.

– Ал Адинин адамы.

– Мендик!

– Жалгыз экөөбүздүн колубуздан келбейт.

– Ишеничтүү жигиттериңер бар. Кааласаңар ордуна отургула. Бирибизге-бирибиз көмөктөшөлү. Ойлочу. Аттуу-баштуу адам болсок. Карамагындагы адамдардын алдында, жылаңачтатып, шылдыңга калтырып, аялуу жериңди чапкылатып жатса жакшы иш болдубу? Менин колума эле тийгизип койгула. Калганын өзүм билем. Экинчи кол көтөргүс кылам.

– Тилимден байланып калдым эле. Болбосо өзүнө жараша иш кылмакмын.

– Кеч эмес. Жигиттериңерге аскердик кийимди качан кийгизесиңер?

– Базардан кийинки күнү.

– Базар күнү

– Баарын жуунуп, базарга барып кел дейсиңер, туурабы?

– Ооба.

– Бир куржун тилда дапдаяр. Кааласаңар экөөң бөлүп алгыла.

– Казым иш бүтүрөлү.

– Убада, убада. Куралсыз. Буту-колун байлап, алып келгиле. Ак куржун силердики.

– Казым...Үйүндөгү аялы жанынан чыкпайт.

– Анын жайын мага койгула. Каршылык кылбайт!

– Ойчу ойлонгуча, тобокелчи тоо ашыптыр дейт. Кана, ичкен чайыбызга бата кылалы.

– Э Куда, ал кулум десең ишибизди оңдо? Бей саат кырсыктан сакта? Олооу акбар!

* * *

Кызыл-Ойдогулардын ал-абалынан кабар алганы барган Ади кечке эл кыдырып жүрүп, салт атчан жүргөн жан жигиттерин ээрчитип, кеч болсо да Кашкарга кайра кайтты. Түнү менен жол жүрүшүп, таң каракчысы болгондо лузанга (сепилге) жете келишти. Жигиттерине уруксат берип, өзү үйгө кирди да, кече күндөн бери ат үстүндө жүрүп, талыкшыган денесин жаза керилип-чоюла бир топко кыймылдап келип чечинди. Жастыкка башы тиери менен терең уйкуга кетти.

Раимжан эрте менен кошуунду көтөрдү. Бардыгын катарга тизип, кулактандыруу жарыялады.

– Жигиттер! Бүгүнкү күн базар. Эртең баарыбыз үчүн ары кубанычтуу, ары жооптуу күн. Ар бириңер үчүн ченелип, бычылып тигилген аскердик кийим бүттү. Жалпыбыз кийинип, жоокердик салтанат өткөрөбүз. Баарыңар базарга барып, сакал-мурутуңарды тегиздетип, чач алдырып жуунуп келгиле. Куралыңарды чарба башчысына тапшыргыла.

Жигиттер топураган боюнча сүрүлүп, көчөгө чыгып кетишти. Сепилдин бир жак тарабында Ади жаткан үйдүн эшигинде ары-бери баскан Балтабайдын карааны жалгыз. Арытан келген Раимжан аны көрө кала, алыстан кыйкырды.

– Балтабай боюңду түздөп, тыкан турбайсыңбы? Көрчү, бүчүлөрү кадалбаган кийимиң, басканың сайын желпилдеп, жарашпай калыптыр. Бар, сен да барып, бүчүлөрүңдү кадатып кел!

Араң турган Балтабай, шашкалактаган боюнча, шериктеринин аркасынан чуркады.

Сепилдин ичиндеги Ади жашаган үйдүн ичиндеги кире бериште чоң бөлмө. Анын ичинде үч бөлмөгө кирүүчү эшик. Ортоңку эшик Ади тамактануучу бөлмөнүкү. Анын төрүндө уктоочу бөлмө бар. Ал эми ортоңку эшиктин эки тарабындагы оң эшикте күзөтчүлөр жашайт. Сол эшикте аялынын, апасынын буюм-тайымдары. Тамактануучу жайга эки тараптан тең кирүүчү тууралсында эшиктер бар.

Раимжан менен Абдыкалык ээрчише киришип, күзөтчүлөрдүн турган жайына баш багышты.

Раимжан сыртка чыгып, сепилдин бир тарабын көздөй кол булгалады. Шаптай болгон шамдагай беш-алты жигиттер лыпылдай басып, жете келишти. Раимжан сыртта турган боюнча башын бир тарапка серпип койду. «Шоп-шоп» эткен жигиттер Ади жаткан бөлмөгө атырыла кирип барышты. Төрдөгү секиде жумшак төшөк үстүндө жаткан Адинин көзү, ойлонуп бир жайды теше тиктегендей болуп ачык эле. Удаама-удаа кирип баргандар, сүрдүгө токтоп калышты.

– Эмне болду? Эмнеге кайттыңар? – деди, алардын ар бир кадамын жаземдебей пайлап турган Раимжан шыбырап.

– Көзү ачык. Уктабаптыр.

Жанаша бөлмөдөн баш баккан жаш жубан үстүндөгү чылк жибек кийимин сүлкүлдөтүп, алардын шыбышын угуп, мыскылдуу жылмайганча, үнүн угулар-угулбас чыгарып:

– Ал ошондой. Катуу чарчаганда, көзүн ачып уктайт. Кире бергиле! Ушунчаңар туруп, бир бөрүнүн дөбөтүндөй болгон немеден коркосуңарбы? – деп алардын намысына тие, көздөрүн кыбындата, мыскылдуу сүйлөдү.

– Киргиле! Атаңдын оозун урайын ашкебилер! Шымыңар булганып калган жокпу? – деп Абдыкалык аларды демите шырай жекирип, өзү кошо кирип, уйкудагы Адинин баш жагына жетип барып, кош жастыктын алдына коюлган маузерди шарт алган Абдыкалык, үнсүз беркилерге «кармагыла» дегендей белги берди.

Шаптай болгон жигиттердин бириси колдон, экинчиси буттан алып, үчүнчүсү баса жыгып, заматта колу-буттарына кишен сала коюшту.

– Эй, мунуңар, тамашаңарбы, чыныңарбы? – деди Ади уйкусурап.

Адинин оозун тургандардын бирөөсү, жаба койду.

Белинен жогору жарым жылаңач Адини колу-бутун байлап, жайдак атка мингизишип, буттарын ат белине тартылган жипке орой таңышып, ортого ала Кашкардын көчөлөрүнө шаң салышып, улам барабанды какгырып баратышты.

Алдыда бараткан эки жарчы, барабандын дүңкүлдөгүнө кошул-ташыл алмак-салмак кыйкырышты.

– Азиз мусулмандар! Көргүлө, көрүп алгыла!

– Уккула, билип алгыла!

– Кашкардын пашасымын деген Ади колго түштү!

– Кашкарды сураган Ади жазаланат!

– Ордого келгиле! Падыша сарайына чогулгула!

Күн сайын эмес, саат сайын эчен өзгөрүүлөргө күбө болуп жүргөн Кашкар шаарынын калкы, үн чыккан жакты элеңдей, узата карашып,топ атчандар өтүп кеткичекти, бирин-бири суроолуу тиктеп турушту. Ар короонун эшигинен шыкаалашкан шаардыктар окуяга түшүнбөй аңкайышты.

Жарым-жылаңач денеси күнгө чагылышкан, өткүр көздүү адам башын бийик көтөрүп, жайдак аттын үстүндө колу аркасына байланган Ади башын чалкалатып туш тарабын карап баратты.

Кашкардын эски сепилинин короосунда топ атчандардын келиши күтүп турушкан, Жаныбек казы баш болгон калың топ, дүрдүгө тосуп алышты. Элге элан болгон кабардан уламбы, шаардыктардын карааны уламдан-улам сепил ичинде көбөйө берди.

Ак сакалдуу, селдечен Жаныбек казынын айланасындагы селдечен молдолор да, илелеген жылкыдай болушуп, улам баштарын ийип макулдуктарын билдирип жатышты.

Сепилдин ичинин бир тарабында, дайыма шаар башчыларынын жан-жөөкөрлөрү баш болгон молдо-казылар, алардын бир тарабында комоктошкон шаардын калкы, бир тарабында күнөөкөрлөрдү өлүмгө буйруган өкүмдүн аткарууга даяр тургандар.

Анда көзгө суук көрүнүп, эчендеген «күнөөлүү» делгендердин башын жуткан сыйыртмак.

Дар алдындагы секиде Ади сымбаттуу денесин түз тутуп, кыжалат болуп кабатырланганы, же өлүмдү ойлоп корккону билинбеген жүзү менен ары өткүр, ары сүрдүү көздөрүн бир ирмеп койбой, жарданган дарды кыдырата тиктеп турду.

Баятан бери маслатташып, баш ийкешкен молдо-казылардын өкүмүн көпчүлүккө билдирмекке шаардын казысынын катчысы топтон бөлүнө алдыга чыкты да, каргылданган үнү менен көпчүлүккө элан кыла, чыйылдаган жагымсыз үнү менен угуза кыйкырды:

-Ассалоомалейкум, момун мусулмандар!

Биссимилларахманиррайым, шаарыбыздын уламалары биригип, шаар казияты, калың калкка элан кылуу вазипасын мага тапшырды. Ал жарыяны сиздерге билдирип коюну өзүм милдатгарман, – деп, жабыла карап тургандарга көз жүгүртө:

– Кожо уулу Адини дарга асуу жазасы өзгөртүлүп, атууга өкүм кылынды!

– Кайсы күнөөсү үчүн?

– Эмне себеп?

– Күнөөсү мойнуна коюлдубу? – деп, комоктошкон көпчүлүк арасынан кыйкыра уу-дуу суроолор берилди.

– Бул мусулман баласы жасабаган күнөөлөрдү жасаган! – деди Жаныбек казы бийик секиде аралаш турган тобунан бөлүнө чыгып уу-дууну баса катуу кыйкырып. – Шарияттан чыгып, сегиз катын алган. Мындай катынпоздорго мусулмандардын ортосунда орун жок! – деп Адини көздөй колун серепчиледи.

Сепил үстүндөгү жарданышкан шаардыктар уу-дуу боло, биринин сөзүн бири укпай, баш-аламан кобурай кыйкыра башташты. Казы жака-белин кылчая карап:

– Жана-жан досторуна жана кол алдындагы кызматкерлерине мусулманчылыкка сыйбаган, шарияттын эрежесине туура келбеген жок жазаны колдонуп, көпчүлүктүн көзүнчө абиратын көргөзүп, аялуу жерлерине, көчүктөрүнө балдак ургузган. Мусулманчылыкты, өз динин сатып, балчебектердин кызматын кылган, советтин тыңчысы. Ко-ош! – деп, дагы күнөөлөрдү санаганча, сепил үстүндө турган көпчүлүктүн арасынан кыраан-каткылкүлкү угулду.Көпчүлүккө сөзү жетпей калган казы, жанаша турган Раимжан менен Абдыкалыкка кайрылды:

-Адинин жолун жолдобогонуңарды, андан бөлүнгөндөрүңөрдү сөзүңөр менен эмес ишиңер менен көрсөткүлө. Алгыла мылтыкты! – деп тургандарга жарыя буйрук берди.

– Адинин күнөөсүн эл алдында жарыялап, анын моюнга алуусуна мен кепилдик берем, – деген казынын сөзү менен шаар казыятындагы Жанибектин адамдары «Ади өз күнөөсүн өз мойнуна алганы үчүн» дарга асууну чечишкен.

– Болору болду. Адинин көзүнүн тирүүсүндө кетпес кегимди, өчпөс өчүмдү өз колум менен алайын, – деген ой менен шаардын уламалар тобуна Жаныбек казынын сөзүн кубаттай Абдыкалык кайрылган:

– Ади менин досум. Ишенген аскер башчысы да мен. Бирок ал менин достугума, кызматыма карабай, көп алдында шылдыңга калтырып, куйругума камчы салдырды. Аны аспагыла? Өчүмү алыш үчүн өз колум менен атып өлтүрөйүн? – деп иштин өтөсүнөн чыгууну биротоло колго алып, милдетти өз мойнуна алган.

«Күнөөкөр» жазасын моюнга алган соң, аны атууга жети мерген жигит даярдалган эле. Алар дардын каршысында октолуу мылтыктарын камдап, даяр турушту.

– Ади, «күнөөлөрдү» моюнга алганыңды элге элан кыл. О дүйнөгө таза кеткениңди билели, – деди казы маашырлана.

– Күнөөлүү адамды, о дүйнө кабыл албай коет беле. Канчалык күнөөм бардыгын бир Кудай өзү билет. А сен казы божомолдоп, күнөө коюп жатасың. Колу-буттарымдагы чырмаган жиптерди чечтир. Сен, менден коркпой эле кой. Эч жакка качып кетпейм.

Жаныбек жанындагы жигитти ымдап, кулагына бир нерселерди шыбырады. Ал чуркап келип, Адинин чырмалган денесиндеги жипти бошото салды. Ал солк этпестен, казыны карап:

– Казым, чындыкты айта албай турасың. Оозундум деп ойлобогун. Эгер жамандыгым болсо, башта эле аттырып, же туткундап коет элем. Өз Мекенинен кетип, бөтөн жерде мусаапыр болуп жүрөт. Ал да болсо жашоонун кызыкчылыгы, – деп колум барбады. Элибиз күнкорсуз болсун дегем. Ал оюм ишке ашаарында, жолуму кесип отурасың. Максатташ бололу деп эчен жолу чакырдым. Дилиң эл дебей калган экен. Бир айтаарым, качкын болуп калдың, өмүр бою мусаапыр болуп өтөсүң. Өзүңдүн керт башыңды ойлогон боз чымчыксың. Чымчыкка барган жери паана. Мекениңи жоготконуң өзүңү жоготконуң. Сен чыныгы эр болсоң, мына бу жети жигитиңе аттырба. Өз колуң менен көзүмө тике карап туруп, ат. Мен сага ыраазы болоюн.

Каршысында катар тизилген куралчан жигиттердин арасынан бирөөсү суурула чыгып, беш атар мылтык менен өзүн мээлеген адамды көрүп, Ади ага кайрыла кетти:

– Эй мырза, мылтыгыңды жүзүңдөн ал. Дидарыңды көрөйүн?!

– Көрсөң менмин. Абдыкалык мээлеген мылтыкты төмөн түшүрдү.

– Сен белең! Экөөбүз кыяматтык дос элек. Башкаларга бер?!

– Жок. Өз колум менен жайлайын деген ниетим бар. Башкага ыраа көрбөйм.

– Ач көздүгүңө барыпсың да. Бүгүн шашканың менен эртеңки ниетиңе жетпей калдың, досум!

Андан аркы сөздөрдү уккусу келбеген Абдыкалык шашыла машааны басты. Ок чакыбады. Ал мылтыкты кайра октоп, мээлегиче:

– Баарың биригип, бир Ади боло албайсыңар! Бир сааттан соң, баарың артымдан барасыңар! – деди Ади камырабай күлүп.

Абдыкалык мылтыктын машаасын басты. Ствол жарылып кетти.

– Тумарды алгыла! Касиеттүү курандын сүрөөсүнө мусулман мылтык кезебейт! Шарияттан жол издеген казы-молдолордун башына, бул ой кирбедиби? – деди Ади өктөм

Жаныбектин ымдоосу менен жанагы жигит чуркап барып, Адинин колтугуна асылган тумарды шыпырып алды.

– Тумарды, апамын колуна тапшыргыла! Эми атсаңар болот.

Мөрөйдү тарттырып ийгенсиген Абдыкалык шашкалактап, жанаша турган жигиттин тогуз атарын колунан жулуп ала, атып жиберди. Ок тийгенин сездирбеген Ади камырабай турду. Алактаган Абдыкалык машааны удаа-удаа, басып-басып алды. Адинин денеси солк этпеди. Маңдайда тургандар алдастап калышты.

Казы алдыга бөлүнө чыгып, катарда турган мергендердин ароктолуу мылтыгын алып, удаа-удаа атып жиберди. Адинин денеси кынтая барып, кулап түштү.

Жаныбек даяр турган атын көздөй шашыла басты. Анын артынан жан-жөкөрлөрү калбай, «дуу» ээрчиди. Казы атына аяк арта бергенде, сепилдин бир тарабынан тарсылдаган мылтык үндөрү угула баштады. Казы боз жоргонун тизгинин бир силкип, сепилдин экинчи тарабына карай бурулуп, катуу темине берээринде;

– Как баш, дагы кандай балээ баштаганы калды?! – деген топ ичиндеги бирөөнүн үнү казынын кулагына шак дей түштү.

– Сөз, кимдин оозунан чыкты?!

Жаныбектин адамдары элтең эте, жарыла бериштн. Ортодо жашы отузга жете берген, шыңга бойлуу сулуу жигит, жалгыз турду. Казы белиндеги маузерин шарт ала коюп, жигитти көздөй басып калды да, аттын оозун катуу силкти. Анын артынан ээрчиген топ карааңда, аттарына камчы басышып, чаап жөнөштү.

Сырттагы тарсылдак улам жакындап, күтүрөгөн көп аттын туяктарынын үнү даана угулуп, көп мылтыктын тарсылдагы аба жарды.

– Айланайындар! Атпагыла? Токтогула?! Уулумдун жүзүн бир көрүп алайын? Бир сөзүн угайын? Айланайындар! Ата көрбөгүлө?!

Сепилдин кире беришиндеги ачуу кыйкырган аялдын үнү аба жарды. Каргылдана, боздогон доошу чыгып, башындагы жоолугу мүрүсүнө шыпырылып, аппак чачы бетин жаап, күйүккөндөн буулугуп араң дем ала, буттары чалыштаган караан көрүндү.

Көкүрөгү жакжая ачылып, аябай тердеп-булап, жалаң көйнөкчөн эне чуркап келип, уулунун сулк жаткан денесин кучактай, солкулдап, боздоп, кыйкырып жатты.

– Кайран жигиттин өмүрү шейит кетти. Алла акыретин берсин! – деп Кожо Нияз ажы тажиясын күтпөй, аскерин алып жөнөп кетти.

Баш-паанек издеп Кашкар аймагына барган басмачылардын аркасынан ыктыярдуу топтун мүчөлөрү сая түштү. Кызыл партизандар аларга кол кабыш кылышып, Чыгыш Түркстандагы саясат улам өзгөрүп, Кашкар шаарында бийлик улам алмашып жатты.

Суранчы ЖЕТИМИШОВ

Кыргыз Республикасынын маданиятына эмгек сиңирген ишмери, Ж.Мамытов атындагы сыйлыктын ээси, жазуучу-драматург.

Окурмандарга «Албуут дарек издери», «Будуңдуу буурул түндөр», «Тоолор таңды күтүшөт», «Калбалуу кылым алабы» аттуу тарыхый романдарды тартуулаган.

Адабий-көркөм басылма

Жетимишов Суранчы

ЖАРАКА

Роман

Редактору *Ж. Кадыров*
Корректору *А. Базарбаева*
Мукабасын көркөмдөгөн дизайнер *М. Кадыров*
Компьютерде калыпка салган *М. Кадыров*

Басууга 05.02.2021-ж. кол коюлду.
Кагаздын форматы 60x84 1/16.
Көлөмү 24,0 б. т. Нускасы 1000.

«Улуу Тоолор» басмасы
Бишкек ш., Ж. Абдрахманов көчөсү, 170а.
тел.: 0772347028; 0705347028 – Кенжебек.